Кырг
09
К97

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ

VIII

www.bizdin.kg

09
Р 97

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН
УЛУТТУК БОРБОРУ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА
АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

Кыргыз Республикасынын
Мамлекеттик сыйлыгына
татыган

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ

VIII том

КРУИАнын академиги, филология илимдеринин доктору,
профессор А. АКМАТАЛИЕВдин жалпы редакциясы астында

«ПОЛИГРАФБУМРЕСУРСЫ»
БИШКЕК – 2012

www.bizdin.kg

УДК 82/821.0
ББК 83.3Ки
А 35

Басмага Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган.

Рецензиялагандар: филология илимдеринин кандидаттары К. Абакиров, А. Жантаев

Китептин демөөрчүсү «Полиграфбумресурсы» басмасынын жетекчиси Көчкөнбай Төрөкулов.

А 35 Кыргыз адабиятынын тарыхы. VIII том. А. Акматалиевдин жалпы ред. астында. — Б., 2012. — 512 б.

ISBN 9967-22-995-0

Бул китепте кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы жана акындар поэзиясы жөнүндө илимий эмгектерди жазган окумуштуулардын чыгармачылык портреттери камтылды.

Эмгек мугалимдерге жана студенттерге окуу куралы катары арналат.

Редколлегия: Акматалиев А. (башкы редактор)
Жумабаев И.
Жумаев М.
Кадырмамбетова А.
Муратов А.
Садыров М.

К 4603000000-05

4825
НАЦИОНАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА Кыргызской Республики 2013

ISBN 9967-22-995-0

УДК 82/821.0
ББК 863.3Ки

© Манастаануу, 2005
© Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2012
© «Полиграфбумресурсы», 2012

www.bizdin.kg

РЕДКОЛЛЕГИЯДАН

Тээ, илгерки замандардан бери тарта, күнү бүгүнгө чейинки өтө узак убакыттын аралыгында, өткөндөгү жараткандарын унутта калтырбоо менен бирге, жаңыларын жаратып, улам толуктап, кеңитип келген кыргыз эли, элдик оозеки чыгармачылыктын дүйнөдөгү эң бир бай казынасына ээ экендиги талашсыз чындык. Фольклордук чыгармаларыбыз канчалык бай болсо, аларды изилдөө иштери да ошончолук ар тараптуу, арымдуу болушу кажет.

XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз жергесине ар кандай максаттар менен келе баштаган чет элдик саякатчылардын көңүлүнө илинип, алар тарабынан кагазга түшүрүлүп, алгачкы пикирлер айтылган күндөрдөн бери эчендеген суулар акты... XX кылымдын 20-жылдарында элдик чыгармаларыбызды системалуу түрдө жыйноо, жарыялоо, изилдөө иштеринин ийкемдүү жүрүшү үчүн ыңгайлуу шарттарды советтик түзүлүш түзүп бергендигин жашырууга болбойт. Мына ошондой камкордуктун натыйжасында, улуттук фольклористокумуштуулардын тобу өсүп чыгып, алар, «Манас» эпосу башында турган элдик мурастарыбызды ар тараптан: теориялык, текстологиялык, типологиялык ж.б. жактарынан изилдөө иштерин жүргүзүшүп, бир катар салмактуу эмгектерди жаратышты. Алсак, өткөн кылымдын орто чениндеги Б. М. Юнусалиев, М. Ауэзов, В. М. Жирмунский, А. Н. Бернштам, С.М. Абрамзон, М. И. Богданова сыяктуу чоң окумуштуулардын салтын улашып, кыргыз фольклористика илимин өргө тарткан: Ж. Суванбеков, С. Мусаев, Р.З. Кыдырбаева, Ж. Таштемиров, С. Байходжоев, Б. Кебекова, Э. Абдылдаев, С. Закиров, М. Мамыров, Т. Абдракунов, С. Бегалиев, А. Жайнакова, Р. Сарыпбеков сыяктуу окумуштуулардын катары өсүп чыкты. Алардын кыргыз фольклористика илими үчүн кошкон салымдарын көрсөтүү максатын көздөгөн бул эмгек — элдик мураска ынтаа коёгон бардык окурмандарды, өзгөчө, ЖОЖдун окутуучуларын, студенттерди кайдыгер калтырбайт деп

www.bizdin.kg

Бул китептен — мына ушу сыяктуу кыргыз адабияты, маданияты үчүн зор мааниси болгон эмгектерди жаратышкан, борбордук басмаларда китептери жарык көрүп, адабий процесске активдүү катышкан окумуштуулар тууралуу сөз болот. Ал эми фольклористика илимине 90—2000-жылдарда келишкен изилдөөчүлөр жөнүндөгү эмгектер ***«Азыркы кыргыз адабияты»*** *деген аталышта жарык көрүүчү эмгектин бир бөлүмүндө камтылат.*

Бул эмгек биринчи жолу басылып жаткандыктан көлөм жагынан айырмачылыктар болду. Эмгек А. Акматалиевдин демилгеси жана жетекчилиги менен жүзөгө ашырылды.

Эмгек төмөндөгү авторлор тарабынан жазылды:

КРУИАсынын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор **Акматалиев А.А.** — «Мусаев С.» (илимий кызматкер **М. Мамытов** менен бирдикте); «Кебекова Б.» (ф.и.к. **А. Обозканов** менен бирдикте); «90-жылдардан бери жакталган диссертациялар жөнүндө кыскача обзор»; КРУИАсынын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор **Кыдырбаева Р.З.** — «Жирмунский В.М.», «Реми Дор»; филология илимдеринин кандидаттары: **Мусаев С.** – «Манастаануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү», «Валиханов Ч.», «Радлов В.В.», «Алмаши Д.», «Ауэзов М», «Юнусалиев Б. М.»; **Кебекова Б.** — «Акындар поэзиясы илиминин калыптанышы жана өнүгүшү», «Таштемиров Ж.», «Байходжоев С.»; **Токомбаева А.** — «Мифтаков К.»; **Жайнакова А.** — «Рахматуллин К.»,«Маргулан А.Х.»; **Сарыпбеков Р.** — «Фольклор таануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү» (*1-макала*), «Берков П.Н.», «Абрамзон С. М.», «Бернштам А. Н.», «Мукасов М.»; **Ибраимов К.** — «Абдырахманов Ы»; **Мукасов М.** — «Кырбашев К.», «Абдылдаев Э.», «Жайнакова А.», «Сарыпбеков Р.»; **Муратов А.** — «Ирисов П.»; **Орозова Г.** — «Закиров С.»; «Сыдыков А»; **Обозканов А.** — «Байжиев Т.», «Мамытбеков З.Ч.», «Токомбаева А.», «Суванбеков Ж.»; **Орозобекова Ж.** — «Мамыров М.», «Бегалиев С.», «Хатто А.»; **Садыров М.** — «Кыргыз адабият таануусунун илим катары пайда болушу жана калыптанышы»; **Жантаев А.** — «Ибраимов К.»; ага илимий кызматкерлер: **Сооронов О.** — «Поливанов Е. Д.», «Богданова М.И.» (**Кожомбердиева Ж.** менен бирдикте), «Бектенов З.»; **Егембердиева С.** — «Сооронов О.»; илимий кызматкер: **Нарынбаева Н.** — «Кыдырбаева Р.З.» окутуучу **Y. Берикбаев** — «Ботояров К.»; **Ж. Исмаилов** — «Танаев Т.».

www.bizdin.kg

КЫРГЫЗ АДАБИЯТ ТААНУУСУНУН ИЛИМ КАТАРЫ ПАЙДА БОЛУШУ ЖАНА КАЛЫПТАНЫШЫ

Ар бир элде улуттук илимдин пайда болуп анын методологиялык жактан калыптанышы өтө татаал процесс экендигин танууга болбойт. Албетте, кайсы гана тармактык илим болбосун бир эл экинчисинен үйрөнүү, өздөштүрүү аркылуу өнүгүүгө ээ болгондугу анык. Анын ичинде филология (гр. phileo, logos — сөздү сүйөм) бүтүндөй адамзат турмушунун тарыхын өзүнө камтыган гуманитардык илим тармагынын бир бөлүгү болуп саналат. Алсак, филология илими адеп көркөм ой жүгүртүп жазуунун жол жобосун үйрөтүүчү чакан кеңешме катары түптөлүп, жакшы жазуунун эрежеси катары жашап келген. Ошол эле учурда көркөм чыгармачылык тууралу пикир айтуунун баштапкы тажрыйбалары адабий ой жүгүртүүнүн түздөн-түз таасири аркасында калыптангандыгын айтып кетүү керек. Маселен, көркөм таасир этүү (адабият) тууралуу Сократ, Платон менен катар алгачкылардан болуп илимий негизде ой жүгүртүүгө жетишкен грек акылманы Аристотелдин пикирине таяна турган болсок, ал тарыхчы менен акынды салыштырып, «биринчиси болгон нерсе жөнүндө айтса, экинчиси боло турган нерсе жөнүндө да айталат» — деп бул өнөрдүн чыгармачылык (көбүнесе ойдон чыгаруучулук) касиетин алгачкылардан болуп таанып билүүгө жетишкендигин байкайбыз.

Байыркы доордон тартып азыркы мезгилге чейинки узак доорду кучагына алган адабий чыгармачылык менен ал тууралуу илимий ой жүгүртүүнүн эволюциялык өтө зор алкагына бирдиктүү ой жүгүртүп чыгуу мүмкүн эмес. Анткени, адам жашоосунун бардык доорлорун камтып, үзгүлтүксүз өнүгүп келген бир дагы улуттук адабиятты кездештирүү мүмкүн эмес. Бирок, ошондой болсо да дүйнөдөгү

www.bizdin.kg

бардык улуттук адабияттарга бирдей тиешелүү болгон чыгармачылык жалпылыктар бар десек жаңылышпайбыз. Мындайча айтканда, ар бир улуттук адабиятта өздөрүнүн жашоо-турмушун, салт-санаасын, үрп-адаттарына мүнөздөлгөн ар кыл чыгармачылык өнөрлөрү калыптанат. Ошондон улам кайсы гана элде болбосун адегенде оозеки адабияты пайда болуп, өнүгүү алып, ал аркылуу гана жазма адабияты калыптанат. Ошол эле учурда көркөм чыгармачылыктын кайсы бир түрүнө (оозеки же жазма) артыкчылык берилип, кеңири колдонулушу ал элдин жашоо мүнөзүнө да жараша болот. Дегеле улуттук жазма тилдин гүлдөп өнүгүшү, биринчи кезекте адабий тил аркылуу ишке ашат. Ошондуктан, байыркы түрк жазмасынын өлүү тилге айланышы, анын жандуу адабияттын негизги предметине (объектисине) өтө албай калгандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Ошону менен катар эле кыргыз элинин оозеки адабиятка көбүрөөк артыкчылык бериши, аларды жазма адабияттын мыкты үлгүлөрүн жаратуучулардын катарынан сүрүп таштай албайт. Демек, көркөм ой жүгүртүүнүн бир түрүндө (мисалы оозеки) мыкты чыгармаларды жаратууга жетишкен эл, ошого тете үлгүдөгү кол жазма адабиятын да жаратууга жөндөмдүү келет. Буга байыркы жазма адабиятынын көптөгөн үлгүлөрү мисал болуп бере алат. Ал көркөм эстеликтер түрк тилинде кандай ойлорду жазууга боло тургандыгы жөнүндөгү алгачкы билим берүүчү кол жазма чыгармалардан десек аша чапкандык эмес. Жалпылап айтканда, сөздү сүйүү (филология) жеке эле оозеки адабият менен чектелбейт, ал ошондой эле өзүнө жазма адабиятты да бирге камтып жүрөт. Мындан улам ар бир адабий чыгармачылыктын (оозеки жана жазма) тилине негизделген адабий изилдөө илимий багыттары пайда болот.

Бүтүндөй сөз өнөрүн иликтеп, изилдөөдөн анын илимий тармактары бөлүнүп чыгат. Эгерде адабий илимдин пайда болушу тарыхына кайрыла турган болсок, жалпы эле адабияттан анын көркөм (кооз сөздүүлүк бөлүгүн ажыратып алууга жетишүүнүн өзү келип XIX к. аягы жагында адабияттаануу илими пайда болгондугуна күбө болобуз. Ушул эле XIX к. орто ченинде оозеки адабиятты объект катары тутуп аны изилдеген илим катары фольклористика (фольклортаануу) түптөлгөндүгү белгилүү. Ошентип, филологияда оозеки адабиятты жана жазма адабиятты

www.bizdin.kg

изилдей турган эки илимий тармак бар. Алардын көркөм чыгармачылык маселелерин изилдөөдө бири-биринен өзгөчөлөнгөн методологиялык айырмачылыктары көп.

Мына ушул жагдайлардан улам кыргыз фольклортаануу жана адабияттаануу илимдеринин пайда болуп, калыптанышына кайрыла турган болсок, алар дээрлик бир учурда калыптангандыгына күбө болобуз. Белек Солтоноевдин «Тамсилдер», Тазабек Саманчиндин «Молдо Кылыч-жазгыч акын» кээ бир эмгектерин эске алуу менен 1943-жылы жарык көргөн «Кыргыз адабиятынын очерктери» мунун түздөн-түз далили болуп бере алат. Бул эмгекте алгач кыргыз адабиятынын эволюциялык тарыхын изилдеп, аларды бирдиктүү карап чыгуу аракети жасаган. Албетте, адабияттын оозеки жана жазма түрдөгү чыгармаларынын изилдениши, кезегинде алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, жанрдык негизги белгилери сыяктуу маселелерге токтолуу, булардын кээ бир кемчиликтерине, ийгиликтерине илимий аныктама берүү, сын көз караштарды айтуу жалпы эле адабияттаануунун негизги объектилерин бөлүп чыккан эле. Ошондон улам көркөм сөз өнөрүн илимий негизде изилдөөнүн бири-бирине байланыштуу, бирок, өз алдынча багыттагы предметтери түптөлөт. Адабий чыгармачылыктын түрдүү маселелерине мамиле этүү биринчи кезекте адабият тарыхынын, адабият сынынын жана адабият теориясынын негизги принциптеринин пайда болуп калыптанышына өбөлгө түзөт. Адабияттаануунун үч предметин түзгөн илимий изилдөөлөрдүн, кыргыз адабиятынын алкагында пайда болушу, калыптанып андан ары өнүктүрүлүшү теориялык жактан бир кылкалуулукту түзбөйт. Дүйнөлүк мисалдардан көрүнгөндөй, булардын пайда болушу жана калыптанышы негизинен бирдиктүү процесс аркылуу ишке ашырылгандыгын көрөбүз. Тагыраак айтканда, адабиятты илимий жактан таанып билүүгө киришүү алгач мезгилдерде өзүнүн өз алдынчалыктарына караганда, жалпылыктарын көбүрөөк алып жүрөт. Анткени, адабият тарыхын изилдөө үчүн биринчи кезекте теориялык принциптерге таянуу менен ага жараша сын көз карашты жүргүзүүгө болот. Ошентип, адабий чыгармачылыктын түрдүү объектилерин бөлүп албай туруп, алардын өз алдынчалык маселелерин чечмелеп берүү мүмкүн эмес. Атап айтканда, адабий чыгармаларды анализдебей туруп, адабияттаануунун

www.bizdin.kg

бир да объектисин ачып берүү мүмкүн эмес. Бирок бул жерден айтып кете турган нерсе, кыргыз адабияттаануусунун адабият тарыхы, адабият сыны, адабият теориясы сыяктуу предметтерин бирдиктүү процесс катары изилдөө менен катар эле алардын өз алдынчалыктарын аныктап берүүнүн түрдүүчө принциптери бар. Алсак, хронологиялык, мейкиндик, аналитикалык, синкреттик, салыштарма ж. б. принциптер. Албетте, бул өндүү принциптерди адабияттаануунун бардык объектилерине бирдей мүнөздө колдонуу мүмкүн эмес. Мисалы, хронологиялык принципти адабият тарыхынын, адабият сынынын, адабият теориясынын пайда болуп, өнүгүүсүнүн ырааттуулугун ачып берүү үчүн колдонууга болсо, ал эми мейкиндик принцибин адабияттаануунун ар бир объектисинин мезгилдик мүнөзүн аныктап берүүгө ынгайлуу шарт түзөт. Ошентип, адабий принциптер бардыгына жалпы колдонула берүү менен ошол эле учурда адабияттаануунун ар бир предметинин объектилерин ачып берүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Жогоруда белгилеп өткөндөй, кыргыз адабияттаануусунун илимий предметтери негизинен бирдиктүү процесс катары пайда болуп, көбүнесе адабият тарыхынын объектиси аркылуу негизделген эле. Мунун далили катары «Кыргыз адабиятынын очерктери» деген 4 бөлүмдөн турган эмгекти көрсөтүүгө болот. М. И. Богданова «Кыргыз фольклору», Ө. Жакишев «Эпостук поэмалар», Т. Саманчин «Колония доорундагы адабият» жана К. Рахматуллин «Кыргыз совет адабияты». Элдик оозеки адабияттан тартып кыргыз совет адабиятына чейинки доорду камтыган бул эмгекте кыргыз фольклортаануусу жана адабияттаануусу көркөм чыгармачылыгы тарыхый жолун камтып берүүгө аракет жасалган. Башкача айтканда кыргыз адабияттаануусунун негизги предмети болгон адабият тарыхы кыргыз адабияттаануусун изилдөө объектиси болуп берген эле.

Кыргыз адабияттаануусунун алгачкы макалаларынан тартып, жогорудагы эмгектердин мүнөзү көрсөткөндөй оозеки жана жазма чыгармачылыктын жалпылыктарына караганда алардын өз алдынчалыктарына көбүрөөк көңүл бөлүнгөндүгүн байкайбыз. Оозеки жана жазма адабиятты изилдөөдөгү мындай жагдайдын түзүлүшүнүн бирден-бир негизги себептеринин бири, алардын жанрдык бөтөнчөлүктөрүндө эле десек болот. Алсак, жазма адабиятка караган-

www.bizdin.kg

да оозеки чыгармачылыкты изилдөөдө адеп аны жыйноо, классификациялап топтоштуруу иштери жүргүзүлүүгө тийиш. Мындан сырткары жазма чыгармачылыктын негизги жанрларынын кыргыз адабиятында калыптанып, өнүгүүгө ээ болуусунда сырткы факторлордун таасири чоң болгондуктан, оозеки менен жазма адабияттын биринчи кезекте жалпылыктары эмес, бөтөнчөлүктөрүн аныктап чыгуу бирден-бир актуалдуу маселелерден эле.

Кыргыз адабияттаануусунун илим катары пайда болуп, өнүгүшү үчүн анын негизги объектиси болгон адабият тарыхы жазылып чыгууга тийиш. Албетте, адабият тарыхынын иликтенишинде адабияттаануунун негизги жана кошумча предметтери бирге калыптанып, өнүгө алат.

Адабият тарыхы боюнча жарык көргөн эмгектердин катарына К. Артыкбаевдин «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы», Кыргыз илимдер улуттук академиясынын тил жана адабият институтунун (К. Асаналиев, А. Садыков ж.б.) кызматкерлери тарабынан түзүлгөн «Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын» эки томдугу, ушул эле мекеме тарабынан (С. Байходжоев, Ж. Таштемиров, Б. Кебекова, С. Мусаев ж.б.) «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери», «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерктери», С. Жигитовдун «20-жылдардагы кыргыз адабияты» ж. б. кошууга болот. Бул эмгектерде кыргыз оозеки адабиятынын жана жазма адабиятынын көптөгөн маанилүү маселелери каралып, такталып талдоого алынган.

XX кылымдын аягы XXI кылымдын башкы кыргыз адабият таануу илиминин өнүгүүсүндөгү жемиштүү жылдардан болду. Биринчиден, кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн ар тараптуу проблемалары туурасында фундаменталдуу изилдөөлөрдү жүргүзүүгө ынгайлуу шарт түзүүчү «Эл адабияты» сериясынын 30 томдугу, «Залкар акындар» сериясы, «Кыргызпоэзиясынын антологиясы», «Дүйнөлүк поэзиянын антологиясы» зарыл болгон илимий аппараттар менен жабдылып басмадан жарык көрдү. Экинчиден, бүгүнкү күндөгү адабият таануу илиминин жетишкендиктерине таянылып кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн байыркы үлгүлөрүнөн тартып бүгүнкү күнгө чейинки камтыган, баалаган фундаменталдуу «Кыргыз адабиятынын тарыхынын 7 томдугу (2002-жыл) жарык көрдү.

www.bizdin.kg

Ар мезгилде жарык көргөн эмгектердин ичинен Кыргыз илимдер улуттук академиясынын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору тарабынан даярдалып, А. Акматалиевдин жалпы редакторлугунун алдында жарык көргөн «Кыргыз адабиятынын тарыхынын» 7 томдугун улуттук адабият таануу илимибиздеги олуттуу окуя катары белгилөөгө болот. Бул фундаменталдуу эмгекте биринчи ирет кыргыз адабиятынын жалпы тарыхы эволюциялык бүтүн процесс катары каралып, улуттук адабиятыбыздын көркөмдүк наркы, жалпы адамзаттык маанизи көрсөтүлүп берилет. Атап айтканда, кыргыз адабият тарыхынын фольклор, байыркы кол жазма адабиятыбыздын, акындар поэзиябыздын, профессионалдык жазма адабиятыбыздын көптөгөн маанилүү маселелери көмүскөдөн чыгарылып татыктуу ордун ээлеп, баасын алды десек болот.

Бул болсо кыргыз адабияттаануусунун бардык маселелерине кайрылып, анын адабият сыны, адабият теориясы сыяктуу негизги предметтеринин жана кошумча дисциплиналарынын маанилүү объектиси болуп берүү менен анын келечектин илимий багытын түздү десек болот.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз адабияттаануусунун негизги предметин улуттук чыгармачылыгыбыздын тарыхы ээлеп, дүйнөлүк адабий илимдин бардык маселелери өз адабиятыбыздын мисалында ачылып берилүүнүн кеңири мүмкүнчүлүгү түзүлдү.

www.bizdin.kg

ФОЛЬКЛОР ТААНУУ ИЛИМИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ*

Кыргыз фольклоруна илимий мамиле XIX кылымдын орто ченинен тартып, Орусия империясында кызмат өтөгөн казак ориенталисти Ч. Валиханов менен улуту немец акад. В. В. Радлов тарабынан башталган. Алар кыргыз жерине атайын кыдыруу менен келген кездеринде (1856-ж. Ч. Валиханов, 1868-ж. В.В. Радлов) «Манас» эпосунун оозеки варианттарын угушуп, анын айрым эпизоддорун жазып алышкан. Ч. Валиханов ошо жазып алгандарынан орус тилине кара сөз түрүндө которуп, 1861-ж. «Жунгария очерктери» деген эмгегинде жарыялаган. Эпостун эң чоң эпизоддорунун бири — «Көкөтөйдүн ашынын» изилдөөчү тарабынан жаздырылып алынышы илим үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон. Бирок, Ч. Валиханов дүйнөдөн эрте өткөнүнөн улам ал изилдөөгө алынбай калган. Бир кылым бою архив түпкүрүндө жаткан бул материал XX кылымдын 60-жылдарында казак академиги А. Х. Маргулан тарабынан табылат да, илимий иликтөөгө алынып, натыйжада «Чокан жана «Манас» (Алма-Ата, 1979) аттуу монографиясын жарыкка чыгарат, факсимили кошо берилет. Лондон университетинин профессору А. Т. Хатто араб графикасынан латын алфавитине транслитерациялап, англисче кара сөз түрүндөгү котормосу менен өзүнчө китеп чыгарган. Ошол эле окумуштуунун «Көкөтөй жана Бокмурун: кыргыздын баатырдык эки поэмасын салыштыруу» — деген монографиясы да жарык көргөн. Анда Ч. Валиханов жана В. Радлов жазып алган «Көкөтөйдүн ашы» илимий талдоого алынган. Азыркы кыргыз графикасына транслитерацияланган текс-

* Бул макала белгилүү окумуштуу, маркум Р. Сарпбеков тарабынан даярдалып, аягына чыкпай калгандыктан 1-макала катары берилди.

www.bizdin.kg

ти жана кириш сөздөрү журналдык вариант катары Ш. Ибраев, К. Ботояров тарабынан жарыяланган («Ала-Тоо», 1979, № 8). Ал эми басууга Р. Сарыпбеков даярдаган «Көкөтөйдүн ашы» (1994) бул эпостук үзүндүнүн китептик варианты болуп саналат.

Ч. Валиханов «Манас» эпосу боюнча алгачкы илимий ойду айткан окумуштуулардын бири. Ал: «Манас» — кыргыз мифтеринин, жомокторунун, уламаларынын бир мезгилге келтирилген, бир адамдын — Манас баатырдын тегерегине топтолгон энциклопедиялык жыйнагы болуп саналат. Бул чексиз чоң эпопеяда кыргыздардын көп кылымдык турмушу, салты, географиясы, диний ырым-жырымы, медициналык түшүнүгү, эл аралык мамилеси орун алган»,— деп жазган. Ч. Валиханов «Манас» эпосунан тышкары элдик санжыра, тарыхый уламыш, акындык поэзия менен да аздыр-көптүр таанышып, айрымдарын жазып алган. Академик В. В. Радлов кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жыйноо ишин улантып, «Манас» баш болгон үлгүлөрүн 1885-ж. өзүнчө китеп кылып чыгарган. (В. В. Радлов. Образцы народной литературы северных тюркских племен, ч. 5, Наречие дикокаменных киргизов. СП.б. 1885). Китепке жазган баш сөзүндө ал бир катар баалуу илимий пикирлерди айтып, кыргыз элинин фольклоруна мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү туура көрсөткөн. Кыргыз элинин тарыхый жашоо-турмушуна байланыштуу баатырдык эпос бөтөнчө өнүккөндүгүн, башка түрк элдерине салыштырганда эл-жер, мекен деген түшүнүк аларда күчтүү экендигин баса белгилеген. В.В. Радлов жазып алган «Манастын» тексти кыргызстандык, айрыкча чет элдик фольклористтердин, этнографтардын изилдөө объектисине айланып келе жатат. «Манастын» айрым үзүндүлөрүн венгр окумуштуусу Г. Алмаши (1911-ж.), орус этнограф-сүрөтчүсү Б. Смирнов (1914-ж.) жазып алышып, кыскача кириш сөз менен жарыялашкан. Орус жана Европа басма сөздөрүндө «Манас» жөнүндө билдирүүлөр 1861—1917-ж. пайда боло баштаган (акад. В. В. Бартольддун эмгектери, саякатчы П.П. Семенов-Тянь-Шанский, этнограф Г.Н. Потанин). Орус тилиндеги мезгилдүү басма сөздөр, энциклопедия тибиндеги справочниктерде да маалыматтар бериле баштаган. «Манас» жөнүндөгү эң алгачкы маалымат 16-кылымдагы Молдо Сейф-ад-диндин «Маджму ат табарик» («Тарыхтар жыйнагы») деген кол жазма чыгармасынан учурайт. Аны СССР

www.bizdin.kg

ИАсынын Азия элдери институтунун Ленинград бөлүмүнөн 1959-ж. А. Т. Тагиржанов таап чыккан, кыргызча котормосу О. Сооронов тарабынан жарык көргөн. Ошентип, кыргыз фольклористика илиминин жаралышына революцияга чейин эле бир кыйла өбөлгө түзүлгөн. Бирок «Манасты» жыйноо, бастыруу жана илимий негизде изилдөө иштери совет мезгилинде гана кеңири жолго коюлду. Улуттук фольклористтердин өсүп чыгышы менен орус ж.б. советтик илимпоздордун жардамы аркылуу бул багытта орчундуу ийгиликтер жаралды. 1920—21-ж. Таласта, Тоңдо алгачкы фольклордук ийримдер уюшулган. Максаты — элдик оозеки чыгармаларды чогултуп, басмага даярдоо болгон. 1922-ж. Түркстан окумуштуулар кеңешинин алдындагы комиссиянын (мүчөлөрү: И. Арабаев, К. Тыныстанов ж.б.) демилгеси менен фольклордук экспедиция уюштурулган (катышкандар: К. Мифтаков, С. Сооронбаев, Ы. Абдракманов ж.б.). Алар Нарын уездинде кенже эпостордун, жөө жомоктордун, кошоктордун, уламыштардын, макал-лакаптардын, түрдүү темадагы салттык, лирикалык ырлардын үлгүлөрүн жазууга киришишкен. Жыйноочу жана фольклорчу Ы. Абдракманов манасчы С. Орозбаковдон «Манастын» (биринчи бөлүм) толук вариантын жазып алган (1922—26). Ошол жылдары Тоголок Молдо, Үмөт Молдо, Мухамедалы Молдо, Ибрайым (Акмолдо) ж.б. кыргыз санжырасын жазып калтырышкан. Бул ишке кыргыздын биринчи тарыхчысы Б. Солтоноев өзгөчө жигер менен киришкен. Мындай аракетти алгач Осмоналы Сыдыков баштаган. Анын санжыралары 1913-ж. «Муктасар тарых Кыргызия», 1914-ж. «Тарых кыргыз Шадмания» деген аттар менен Уфа шаарында өзүнчө китеп болуп басылып чыккан. Ошентип 20-жылдары элдик оозеки чыгармаларды жыйноо жана жарыялоо иши колго алынган. Улуу жомокчу Тыныбектен революцияга чейин эле кагазга түшүрүлгөн «Семетейдин» үзүндүсү араб алфавити менен 1925-ж. Москвада И. Арабаев тарабынан жарыяланган. М. Мусулманкуловдун айтуусунда «Курманбек» эпосунун варианты жарык көргөн. Советтик доордо кыргыз оозеки чыгармачылыгы боюнча алгач атайы илимий эмгек жараткан окумуштуу проф. П. А. Фалев болгон (Фалев П. А. Как строится кара киргизская былина. — Наука и просвещение. — Ташкен, 1922. № 1, 21—23-б.) Ал «Манас» эпосунун поэтикасына кайрылып, аны Орхон-Енисей

www.bizdin.kg

руникалык жазма эстеликтери менен салыштырат. Ошондон тарта кыргыздан чыккан кадрлардын да (И. Арабаев, К. Тыныстанов, Ы. Тойчинов, Т. Жолдошев, Х. Карасаев ж.б.) кыргыз фольклоруна, айрыкча «Манаска» арналган илимий мүнөздөгү макалалары мезгилдүү басма сөздө жарыялана баштаган. Кийин дүйнөлүк атакка ээ болгон казак жазуучусу жана окумуштуусу М. Ауэзов «Манасты» илимий жактан изилдөөгө киришкен. «Манас» — кыргыз элинин баатырдык поэмасы» аттуу монографиясын улам толуктап, улам тактап бир нече жолу чыгарган (алгачкысы 1937). Эмгекте эпостун сюжеттик курулушуна, образдар системасына, генезисине, поэтикасына, ыр түзүлүшүнө, айтуучулардын мектебине кеңири талдоо жасалган. 30-жылдары окумуштуу Е. Д. Поливанов да бул тармакта активдүү эмгектенген. Эпосту орус тилине сөзмө-сөз жана көркөм которууга катышкан, бир катар илимий макалаларды жазган.

Ошол жылдары кыргыз фольклорунун музыкалык жагы да илимдин изилдөө объектисине айланган. А. Затаевич «250 киргизских инструментальных пьес и напевов» (М., 1934) деген эмгегинде кыргыз эл ырларынын, эпосторунун обондоруна, күүлөрүнө токтолгон. 30—40-ж. кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын элден жазып алуу, бастырып чыгаруу иши жандуу жүрө баштаган. 50-ж. бери улантылып, бүгүнкү күнгө чейин токтолгону жок. Кыргыз ИАсынын Тил жана адабият институтунун илимий кызматкерлери тарабынан жыл сайын уюштурулуучу фольклордук экспедиция республика аймагынын бардык булуң-бурчуна, ал турсун кыргыздар жашаган коңшу республикаларга чейин барып, бай материал жыйнаган. Натыйжада, азыр институттун Кол жазмалар фондусунда кыргыз фольклорунун бардык жанрлары боюнча эң көлөмдүү, уникалдуу, өтө баалуу кол жазмалар сакталууда. Ырас, алгачкы жылдары негизинен жазуу ишине көбүрөөк көңүл бурулган. Буга Ы. Абдракманов, К. Мифтаков айрыкча эмгек сиңирген. Азыр «Манас» үчилтигинин толук жана үзүндү түрүндөгү 65 варианты (чет мамлекеттерде жашаган кыргыздардан жазылгандарды кошпогондо) бар. Алардын ичинде улуу манасчы Сагымбайдын вариантынан башка да үчилтиктин үч бөлүмүн тең («Манас», «Семетей», «Сейтек») толук айткан улуу манасчы С. Каралаевдин жа рым миллион ыр сабынан турган варианты бар. Анын

www.bizdin.kg

туусундагы «Манас» теле-радио, кино тасмаларда да жазылган. Үчилтиктин айрым бөлүктөрүн толук аткарган белгилүү манасчы, семетейчилер Ш. Ырысмендеев, Б. Сазанов, Тоголок Молдо, М. Мусулманкулов, Ж. Кожеков, Ы. Абдракманов, М. Ашымбаев, А. Ырысмендеев, Д. Кочукеев, А. Тойчубеков, Ж. Сарыков, С. Молдокеева ж. б. варианттары кагаз бетине түшүрүлгөн. Айрымдары магнитофон, кино тасмаларына, патефон пластинкаларына жазылган. «Манас» үчилтигин жарыялоо иши барган сайын өсүп-өнүккөн. 30-жылдардан тартып текстти кыргыз тилинде системалуу бастыруу, орус тилине которуу маселелерине көп көңүл бурулуп, өкмөт тарабынан атайы чечимдер кабыл алынган. Натыйжада эпостон үзүндүлөр мезгилдүү басма беттеринде жарыяланган (1940—1945-ж.). «Манас» сериялары деген жалпы ат менен белгилүү манасчылардын варианттарынан алынган айрым эпизоддордон 11 китепче жарык көргөн (1939—44). СССРдин Борбордук жана Кыргызстандын гезит-журналдарында эпостун орус тилине которулган үзүндүлөрү 26 жолу жарыяланган. Көлөмдүү бир томдугу «Манас» киргизский эпос. Великий поход». (Пер. С. Липкина, Л. Пеньковского, М. Тарковского, под. ред. У. Джакишева, Е. Мозолькова, И. Сельвинского, проф. К. К. Юдахина. М., 1946) өзүнчө китеп болуп чыккан. Тилекке каршы, ал китепке вульгардык социологдор тарабынан саясий айып коюлуп, катуу сындалган, көптөгөн карама-каршы пикирлер айтылып, эпостун изилденишине, жарыяланышына көп тоскоолдук туудурган. Натыйжада 1952-ж. Фрунзеде илимий конференция өткөрүлүп, ага СССРдин булуң-бурчунан элдик оозеки чыгармачылык боюнча ири окумуштуулар катышкан, акырында эпостун негизи элдик деп жыйынтык жасалган. Конференциянын илимий жыйынтыгынын негизги жемиши катары (1958—60-ж.) Б. М. Юнусалиевдин жалпы редакциясы астында үчилтиктин кыскартылып, бириктирилген төрт томдугу: «Манас» (1—2-китеп, басмага даярдаган К. Маликов), «Семетей» (3-китеп, басмага даярдаган А. Токомбаев), «Сейтек» (4-китеп, басмага даярдаган Т. Сыдыкбеков) жарык көрүшүн эсептөөгө болот. Кийин ал китептер бир катар элдердин (өзбек, казак, венгр, монгол ж. б.) тилдерине которулган. Эпостун айрым эпизоддору кайрадан орус тилинде чыга баштаган («Манас». Эпи-

www.bizdin.kg

зоды из киргизского народного эпоса. Пер. С. Липкина и Л. Пеньковского. — М., 1960).

«Манасты» жарыялоонун жаңы этабы 70-жылдарда башталган. «Манас» секторунун илимий кызматкерлери (С. Мусаев, Р. Кыдырбаева, Э. Абдылдаев, К. Кырбашев, Р. Сарыпбеков, А. Жайнакова ж. б.) тарабынан 1978—82-ж. С. Орозбаковдун варианты боюнча төрт том, 1984—91-ж. С. Каралаевдин вариантындагы үчилтиктин беш тому, 1984—95-ж. С. Орозбаковдун варианты боюнча Москвада орус жана кыргыз тилдеринде «СССР элдеринин эпостору» деген сериядан төрт томдук жарыяланган. Ушул басылыштардын негизинде «Манас» чет элдин көптөгөн тилдерине которулуп жарык көрүүдө. Р. Сарыпбековдун түзүүсү жана баш сөзү менен Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашы», 1925-ж. жарык көргөн Тыныбектин «Семетейи», Ы. Абдракмановдун варианты боюнча «Сейтек» (М. Мукасов менен бирдикте), Б. Садыков түзгөн Ы. Жумабековдун, М. Чокморовдун варианттары, У. Мамбеталиевдин айтуусунда «Семетейдин» эпизоддору, Т. Казиевдин түзүүсүндө Д. Кочукеевдин варианты жарыяланган. 1995-жылдан тартып улуу манасчылар С. Орозбаковдун, С. Каралаевдин варианттарынын академиялык басылышына киришүү менен «Манас» эпосун жарыялоонун дагы бир жаңы этабы башталды.

40-жылдары «Манас» эпосун изилдөө чөйрөсү бир кыйла кеңейген. 1942-ж. К. Рахматуллиндин «Манасчылар» (Биографиялык материалдар), «Улуу патриот, укмуштуу Манас» — деген эмгектери өз-өзүнчө китепче болуп чыккан, кийин «Творчество манасчи» (Китепте: «Манас» — героический эпос киргизского народа. — Фр., 1968, 75—147-б.) деген эмгеги жарыяланган. Эпоско тарыхчылардын, этнографттардын да кызыгуусу жанданган. Бул багытта А. К. Бернштам, С. М. Абрамзондор жана кийинки кезде И. Молдобаев эмгектенип, эпостун элдик тарыхы, үрп-адаты, салты, дүйнөгө болгон көз карашы, чет элдер менен байланышы этногенездик түзүлүшү сыяктуу маселелерине токтолушкан. «Манас» таанууга зор салым кошкон академик В. М. Жирмунский «Введение в изучение «Манаса» (Фр., 1948) ж.б. көптөгөн эмгектеринде эпостун негизги проблемаларына көңүл буруп, омоктуу ойлорду айткан. «Манасты» жарыялоодо, изилдөөдө кыргыз илим-

www.bizdin.kg

поздорунан академик Б. М. Юнусалиевдин эмгеги зор. Өз учурунда М. И. Богданова, П. Н. Берков, кийин Х. Гороглы, А. А. Петросян, Е. М. Мелетанский, казак илимпоздору А. Маргулан, Р. Бердибаев ж.б. «Манаска» ар түрдүү аспектиден кайрылышып, өздөрүнүн баалуу илимий жыйынтыктарын ортого салып келишти. «Манаска» илимий мамиле жасоо мурдагы союздук республикалардын илимпоздорунун арасында гана эмес, чет элдик окумуштууларга да таандык. Дүйнөлүк атагы бар англис тилдүү окумуштуулар Чедвиктер, Баура, Томсон 40-жылдан тартып эле элдик эпикалык чыгармачылыкка арналган эмгектеринде «Манаска» кеңири токтолушуп, илимий талдоо жасашкан. Кийинки кезде чет элдик айрым окумуштуулар изилдөөлөрүнүн негизги объектисине «Манасты» тандап ала баштады. «Манас» боюнча далай эмгектери чыгып, бир нече китепчелердин, монографиялардын автору болгон Лондон университетинин профессору Томас Хатто, кытайлык кыргыздардан «Манасты» чогулткан жана бир катар илимий эмгек жарыялаган бээжиндик профессор Ху Чжен Хуа, Түркиядагы Анкара университетинин профессору Т. Йылдырым ж.б. эпосту таанууга чоң салым кошту. Москвадан М. Ауэзовдун, В. М. Жирмунскийдин, М. И. Богданованын, П. Берковдун, А. Токомбаевдин, Т. Сыдыкбековдун, Б. Юнусалиевдин илимий эмгектери А. Петросяндын кириш сөзү менен жарыяланган (Киргизский героический эпос «Манас». — М., 1961). С. Мусаевдин түзүүсү жана алгы сөзү менен В. В. Радловдун, Ч. Валихановдун, Г. Алмашинин, П. Фалевдин, Е. Поливановдун, К. Рахматуллиндин, А. Бернштамдын, П. Берковдун, С. Абрамзондун, Б. Юнусалиевдин макалалар жыйнагы жарык көргөн («Манас» героический эпос киргизского народа. — Фр., 1968). 1957-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тил жана маданият институтунда «Манас» сектору уюштурулуп, эпосту изилдөөгө, жыйноого зор өбөлгө түзүлгөн. 30дан ашык илимий монографиялар, жыйнактар, жүздөгөн макалалар жазылды. Б. Керимжановanын «Семетей» жана «Сейтек» (1961), З. Мамытбеков менен Э. Абдылдаевдин «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери» (1966), Р. Кыдырбаеванын «К проблеме традиционного и индивидуального в эпосе «Манас» (1967), «Генезис эпоса «Манас» (1980), «Сказительское мастерство манасчи» (1984), С. Мусаевдин «Эпос «Манас» (1979). (Бул

www.bizdin.kg

китеп кийин кыскартылган түрдө англис, немец ж.б. тилдерде бир нече сапар басылган), «Манас» жомогу уруу түзүлүшүнүн учурунда» (1999), «Манас» таануу илиминин тарыхы» (2000). Э. Абдылдаевдин «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары» (1981), «Манас» эпосунун историзми» (1987), «Манас» эпосунун эпикалык формулалары (1997), «Манастын» тарыхый баатырдык эпос катары калыптануусу (1999), К. Кырбашевдин «Манас» эпосунун стили» (1983), Р. Сарыпбековдун «Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү» (1977), «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы» (1987), А. Жайнакованын «Семетей» эпосунун генеалогиялык тарыхый негиздери» (1982), «Сейтек» — «Манас» үчилтигинин корутунду бөлүгү» (1984), «Манас» эпосундагы патриархалдык-феодалдык мамилелер (1997), А. Сыдыковдун «Героические мотивы в эпосе «Манас» (1982), О. Сооронovдун «Манастагы» эпикалык мотивдер» (1981), С. Бегалиевдин «О поэтике эпоса «Манас» (1968), З.Ч. Мамытбековдун «Отражение жизни и борьбы киргизов в эпосе «Манас» (1993), монографиясы, авторлор коллективинин «Манасчылар — кыргыз элинин руханий инсандары» (1993) аттуу макалалар жыйнагы, Н. Х. Бекмухамедованын «Эволюция женских образов эпоса «Манас» (1997) эмгектери «Манас» таануунун негизин түздү. Бул эмгектерде «Манастын» түйүндүү маселелери: поэтикалык өзгөчөлүгү, стили, түпкү булактары, эволюциясы, башка элдердин эпикалык чыгармалары менен карым-катнашы, тарыхка байланышы ж. б. каралган. «Манас» таануунун эң ири жетишкендиги — дүйнөлүк фольклористикада биринчи жолу жаралган «Манас» энциклопедиясы.

Кыргыз фольклорунун түрлөрүнө жана жанрларына илимий талдоо берүүгө алгач аракет жасашкан окумуштуулар М. И. Богданова, Ө. Жакишев, Т. Саманчин, К. Рахматуллин. Булардын эмгектери «Кыргыз адабиятынын тарыхынын очерктери» (1943) деп аталып, фольклордун айрым жанрларына мүнөздүү өзгөчөлүктөр илимий талдоодон өткөн. Бул маселелерге эң алгачкылардан болуп З. Бектенов, Т. Байжиевдер да орто мектептер үчүн жазган «Кыргыз адабияты» деген окуу китебинде (1949) кайрылышкан.

Кыргыз фольклористика илиминин калыптанышына окумуштуу М. Богданова бир кыйла эмгек сиңирген «Кир-

www.bizdin.kg

гизская литература» (1947) — деген эмгегинде кыргыз элинин оозеки поэтикалык чыгармаларын биринчилерден болуп илимий негизде классификациялоого аракет жасаган. Акыркы жылдарда бул маселеге Т. Танаев жигердүү киришип келе жатат. Ал кыргыз фольклорун жанрларга бөлүштүрүп, ар бирине илимий аныктама берген бир нече монографиянын автору. Кыргыз фольклористика илиминин калыптанышы жана өнүгүү тарыхы көптөгөн карама-каршылыктарга учурап, кээде бир жактуу мамилеге дуушарланган. Совет доорундагы искусство менен адабиятка жасалган таптык мамиле, ашкере идеологиялык саясий талап кыргыз фольклористикасына да айрым терс таасирин тийгизген. Бирок кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармаларын жыйноо, аларды басмадан чыгаруу, изилдөө иштерин жүргүзүү ургаалдуу жүргөн. Алгачкы учурларда айрым бир адистер гана катышса, кийин Кыргыз ССР ИАнын Тил жана адабият институту толук бойдон активдүү иш алып барды. Институттун секторлору, бөлүмдөрү, КМУ тарабынан жыл сайын атайы экспедициялар уюштурулуп, элдик мурастардын көптөгөн баалуу үлгүлөрүн жыйнап, кагаз бетине түшүргөн. Эл акындарынын чыгармалары, макал-лакаптар, эпостор өзүнчө китеп болуп басылып чыккан. Фольклористика илимин өнүктүрүүдө жана аны идеялык-теориялык табылгалар менен байытууда кыргыз окумуштуулары К. Рысалиевдин, Б. Керимжанованын ж.б. салымы зор. Алар поэтиканын эң татаал бөлүгү болгон кыргыз ыр түзүлүшүнө кайрылышып, бул кубулуштун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө кеңири токтолуп, бөтөнчө элдик, акындык поэзиянын эстетикалык көркөмдүк касиеттерин терең иликтешкен. 50-жылдарда оозеки поэтикалык чыгармалардын ондогон мыкты үлгүлөрү орус жана боордош элдердин тилдерине ошондой эле айрым чет тилдерге которулган. Ал демилге кыргыздын оозеки чыгармаларына чет элдик окумуштуулардын кызыгуусун арттырып, илимий изилдөөнүн чөйрөсүн кеңейткен. Кыргыз фольклоруна арналган башка элдердин илимпоздорунун эмгектери жарык көрө баштаган. Бул кыргыз фольклористика илиминин өнүгүшүнө, байышына зор таасир тийгизген. Шарттуу түрдө кенже эпостор аталган «Кожожаш», «Эр Төштүк», «Курманбек». «Эр Табылды», «Саринжи-Бөкөй», «Эр Солтоной», «Жаңыл Мырза», «Олжобай менен Кишим-

www.bizdin.kg

жан», «Жоодар Бешим», «Кедейкан» 20-жылдардан бери бир нече ирет кыргыз, орус тилдеринде басылып, айрымдары чет элдерге таанылды. «Эр Төштүк» эпосунун түрк тилдүү элдердин көбүнө таандык варианттарынын, версияларынын ичинен кыргыз тилиндегиси эң мыкты чыгарма катары эсептелип, Парижде француз тилине которулган. Мурдагы ар түрдүү басылыштарын айтпаганда да, соңку 60—80-ж. ичинде элдик оозеки чыгармачылыктын жанрлары боюнча Б. Кебекова, А. Токомбаева, С. Закиров, Ж. Төлөев, П. Ирисов, Ж. Мусаева, С. Кайыпов, К. Ибраимов, Т. Абдыракунов ж.б. тарабынан түзүлгөн жыйнактар жарык көрдү: «Айтыштар» (2 т. 1972), «Балдар фольклору» (1972), «Кыргыз элинин санат-насыят жана терме ырлары» (1973), «Кыргыз элинин сүйүү ырлары» (1974), «Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги кыргыз эл ырлары» (1975), «Кыргыз эл жомоктору» (1975), «Эл ырчылары» (1981), «Кыргыз элинин тамсилдери» (1985), «Кыргыз элинин макал-лакаптары» (1983), «Табышмактар» (1984). Ушул тапта Кыргыз ИУАнын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору, Эл аралык «Мээрим» кайрымдуулук фондусу, Кыргызполиграфия комбинатынын алдындагы «Шам» басмасы менен бирдикте кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармаларынын бардык түрлөрүн камтыган «Эл адабияты» деген серия менен 40 томдукту филология илимдеринин доктору профессор А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында жарыкка чыгара башташы кыргыз фольклористикасынын жаңы этабы болуп саналат. Мындай иш кыргыз адабият тарыхында биринчи жолу колго алынып олтурат. Элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн жыйноо, жарыялоо менен бирге аларды илимий-теориялык, тарыхый жактан изилдөө иштери да жигердүү жүргүзүлгөнүн монография тибиндеги төмөнкү эмгектер далилдей алат: С. Закиров «Кожожаш» эпосунун кээ бир маселелери» (1959), «Кыргыз элинин макал-лакаптары» (1962), «Кыргыздын элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүгү» (1965), «Эр Төштүк» эпосунун варианттары жана идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү» (1960), Ж. Субанбеков «Кыргыз элинин баатырдык кенже эпостору» (1967), «Кыргыз элинин баатырдык эпостору» (1970), Р. Кыдырбаева «Идейно-художественные особенности «Саринжи-Бөкөй» (1959), «Народно-поэтические

www.bizdin.kg

традиции в эпосе «Жаныл-Мырза» (1960), Б. Кебекова «Курманбек» эпосунун варианттары» (1961), «Кедейкан» эпосунун идеясы жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрү (1964), «Эр Табылды» эпосунун идеялык багыты жана көркөмдүк өзгөчөлүгү» (1963), К. Ибраимов «Ыбрай Абдракманов» (1987), С. Кайыпов «Проблемы поэтики эпоса «Эр Тоштюк» (1990), М. Мукасов «Жаныш, Байыш» эпосунун поэтикасы» (2000), Б. Кебекова «Кыргыз элинин каада-салт ырлары» (2001), С. Кадырова, Р. Кыдырбаева «Кыргыздын каада-салт ырлары» (2000), Р. Кыдырбаева «Мезгилдер, муундар жана манасчылар» (2004), Г. Орозова «Түрк элдеринин поэмалары: тарыхый процесс жана эпикалык байланыш» (2000), «Балдар фольклорунун жанрдык составы жана поэтикасы» (2003), Ж. Орозобекова «Айтуучулук өнөрдүн тарыхый өсүп-өнүгүү жолу» (2004), Б. Исаков «Диний ырлардын көркөмдүк табияты» (2004), А. Акматалиев «Үйлөнүү үлпөт салты жана ыры» (2001), «Балдарга арналган салт жана ырым-жырым» (2002), ошондой эле жамааттык эмгек «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки» (1974). Булардан тышкары ондогон кандидаттык диссертациялар жакталып, кыргыз фольклористтери жаш күчтөр менен толукталууда. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын ИУАсынын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору «Элдик оозеки чыгармачылыктын тарыхы жана теориясы», «Дүйнөлүк адабияттын өнүгүшүнүн мыйзам ченемдери», «Кыргыздар жана Кыргызстан кол жазмаларда жана элдик оозеки чыгармачылыкта» сыяктуу приоритеттүү илимий проблемалардын үстүндө иштөөдө. Советтик доордо кыргыз фольклористика илиминде албан ийгиликтер менен бирге бир катар мүнөздүү кемчиликтер да орун алган. Элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнө объективдүү, тарыхый мамиле жасоонун, нукура илимдин позициясынан калыс баа берүүнүн ордуна таптык көз караш үстөмдүк кылган. Салттуу поэзиянын үлгүлөрүнүн жаралыш доорун, элдин ошол кездеги көз карашын, идеалын, эстетикалык баалуулугун эске албастан, аларга өтө курч саясий идеологиянын талаптары коюлган.

Андай тенденциялар өзгөчө «Манас», «Жаныш-Байыш» эпосун баалоодон ачык байкалат. Бул чыгармалардан вульгардык-социологиялык көз караштагы илимпоздор айрым

www.bizdin.kg

бир сюжеттик мотивдерди, эпизоддорду жулуп алып, аларды жалпылап, жасалма түрдө чоң идеялык-саясий «каталарды» табышкан, башкача айтканда аларды феодалдык ак сөөктөр чөйрөсүн мактаган-жактаган, данктаган чыгармалар катары эсептеп, такыр туура эмес жыйынтыкка келишкен. Ушундай эле зыяндуу тенденция акындар поэзиясына баа берүүдө да кадимкидей орун алган.

19-к. жашаган акындардын чыгармачылыгын баалоодо да вульгаризм ачык байкалат. Токтогул, Тоголок Молдо өңдүү акындар революциячыл демократ катары бааланып, ал эми Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Нур молдо, Жеңижок ж. б. «реакциячыл», «заманчы» акындар эсептелген. Мындай кемчиликтердин орун алышынын объективдүү жана субъективдүү себептери бар эле. Бирок кыргыз фольклористика илими совет доорунда гана өзүнчө илим катары кадимкидей калыптанды, өнүгүп-өстү. Азыр бул илимдин алдында олуттуу милдеттер турат. Кыскасы кыргыз фольклористика илиминин чече турган маселелери, көтөрө турган илимий проблемалары алдыда, аларды ийгиликтүү чечүү келечектин иши.

www.bizdin.kg

АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫН ИЗИЛДӨӨНҮН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

Акындык поэзияны иликтөө процесси да ириде алардын ырларын эл арасынан жыйноодон башталган. Албетте, ырчылар чыгармачылыгы импровизатордук ыкмада жаралып, эл арасында оозеки түрүндө жашагандыктан, аларды алгач кагазга түшүрүп, белгилүү өлчөмдө текстологиялык тактоону колго алуу да бир топ түйшүктүү иштен болгон. Фольклордук материалдар сыяктуу эле акындардын ырларын жыйноо, иликтөө иши негизинен Совет бийлиги мезгилинде колго алынгандыгына карабастан, Октябрь революциясына чейин элибиздин билимдүү инсандары Белек Солтоноев, Ишеналы Арабаев Молдо Кылычтын чыгармаларын алгач кагазга түшүрүү жана жарыялоо аракетин жасашкан. Натыйжада ырчылык поэзияны изилдөөнүн акыркы турпатында алардын ырларын жыйноо, жыйнак түзүү ишине алгач чыйыр салган И. Арабаев, Б. Солтоноев, Б. Данияров, С. Карачев, К. Мифтаковдордун ысмын атабай өтүү калыстык болбос. Жогоруда аталган инсандардын аракети менен И. Арабаев тарабынан кыскача алгы сөз жазылып, 1911-ж. Казанда Молдо Кылычтын «Зилзала» казалы, 1925-ж. Боогачынын «Секетбайы» Москвада араб алфавитинде басылат. Ушул эле акындын экинчи жыйнагы Сыдык Карачев тарабынан басмага даярдалып, «Күйгөн» деген ат менен 1927-ж. Фрунзе шаарында жарык көрөт. 1925-ж. Москвадан Кылычтын айрым чыгармалары «Канаттуулар турмушунан элдик тамсилдер» деген ат менен Б. Данияров тарабынан кыскача баш сөз жазылып, араб тамгасында басылат.

Ысак Шайбековдун «Кайран эл» поэмасы 1924-ж. «Жас кайрат» журналына, Абылкасым Жутакеевдин «Ленин

www.bizdin.kg

кошогу» 1925-ж. Ташкенттен басылып чыгат. Тоголок Молдонун «Насыяты» 1925-ж. араб алфавитинде Москвадан жарык көрөт. Демек бул сыяктуу фактылар акындар чыгармачылыгын иликтөөнүн 20-жылдарда эле колго алынгандыгын көрсөтүп турат. Жана да белгилей кетүүчү бир маанилүү маселе жыйноо же жарыялоо мезгилинде айрым акындар жөнүндө алгач маалыматтардын берилишин, илимий жыныйтыктуу ойлор болбосо да өз мезгили үчүн орчундуу пикирлердин ортого салынышы. Алсак, Б. Солтоноев Молдо Кылычтын көлөмдүү чыгармаларын өз оозунан жазып алуу менен ошол чыгармачылыгы жөнүндө да ой жүгүрткөн. Ошондой эле Чынгыскандын жортуулу мезгилинде жашаган улуу ырчынын табышмактуу угузуусун алгач кагазга түшүргөн. Ойчул Калыгул, өз мезгилинин улуу акындары Арстанбек, Солтобай, Калмырза, Кылыч, манасчылар Норуз, Балыктан баштап Музооке, Тыныбек, Акылбек, Дыйканбай, Сагымбай, Саякбайга чейин маалымат берүү менен айрымдарынын чыгармачылык кудуретин баалоо мүмкүнчүлүгүнө чейин көтөрүлгөн.

И. Арабаев Кылычтын эл, жердин келечегин ойлоп, убайымга батып, көп тарыхый окуяларды башынан өткөргөн ойчул инсан экендигин белгилесе, Б. Данияров Кылычтын канаттуулар жөнүндөгү чыгармаларын жарыялоодо «Буудайыктын» элдик поэма экендигин туура баамдайт.

Акындык поэзиянын жыйноо, жекече ырчыларды иликтөө ишинин жүргүшү, юбилейлик макалалардын жарыяланышы 30, 40-жылдарда деле уланып келген. Албетте, И. Арабаев, Б. Данияров, С. Карачев, Б. Солтоноев сыяктуу ири адабият күйөрмандарынын 1937-ж. репрессияга учурашы иликтөө ишин бир топ бөксөртсө да, көчтүн жүргүшү токтолбой жүрө берген. Ал эми ырчылык поэзияны иликтөөнүн кадыресе илимий нукка түшүшү Тазабек Саманчинден башталган десек калыстык болор. 1944-ж. Саманчин тарабынан Тоголок Молдонун «Ырлар жана поэмалар» жыйнагы, 1945-ж. Кылычтын «Иргелген казалдарынын» жарыяланышы бул же тигил деңгээлде акындар чыгармачылыгын туура позицияда иликтөөгө өбөлгө түзгөндүгү ачык.

1943-ж. М. Богданова, К. Рахматуллин, Ө. Жакишев, Т. Саманчин тарабынан жазылып жарык көргөн «Кыргыз адабиятынын очеркин» акындар поэзиясы гана эмес, жалпы эле кыргыз адабиятынын изилденишинин башаты

www.bizdin.kg

десе болчудай. Очерктин акындар бөлүмүн Тазабек Саманчин жазып, ырчылык поэзиянын импровизатордук ыкмада дароо жаралып, көпчүлүктүн сынагына түшүшү, анын синкреттик өзгөчөлүгү, башкача айтканда элдик искусствонун ар кандай түрлөрүнөн ажырабай тутумдаша өсүп келгендиги, поэзия менен музыканын айкалышы жөнүндө теориялык маанидеги ойлорун ортого салат. Калыгул, Арстанбек, Кылыч, Токтогул, Тоголок Молдонун чыгармачылыгын кеңири талдоого алат. Айрыкча Кылыч жөнүндө жазгандары али да кыргыз адабият таануу илиминде өзүнүн баасын жогото элек. Айрым оригиналдуу ойлордун башатын белгилеп, илимий нукка салып кеткендей ой калтырат. Очеркте орун алган портреттик мүнөздөмөлөр бул же тигил акындын чыгармачылык өнөрканасына терең байкоо салуудан жазылгандыгына карабастан, автордун өз мезгилинде өкүм сүргөн саясаттын талабынан четтеп кете албагандыгы да байкалат.

Тазабек Саманчин акындык поэзиянын үстүндө тынымсыз эмгектенген окумуштуу болгон. Жогорку акындардын чыгармачылыгына да кайтадан кайрылып, айрым толуктоолор менен республикалык журнал беттерине жарыялап турган. Автордун 1948-ж. «Кылыч — жазуучу акын» деген көлөмдүү монографиясынын жарык көрүшү анын окумуштуулук дареметин, талант жигерин ачык көрсөтүп турган эмгектен болуп саналат. Китеп алиге чейин окурмандардын китеп текчесинен түшө элек. Азырынча жазуучу акын Кылычтын чыгармачылыгы жөнүндө мазмундуу жазылган алгачкы да, акыркы да эмгек болуп кала бермекчи. Жогорудагыдай таланттуу окумуштуунун тагдыры трагедиялуу аяктайт. 1949-ж. 10-апрелде «Кызыл Кыргызстан», «Советская Киргизия» газеталарына Ж. Самаганов, Г. Нуров, Т. Балтиндин «Т. Саманчиндин эмгектериндеги буржуазиячыл-улутчулдук жана космополитизмдин рецивиддери», 1950-ж. 10-апрелде жогорку авторлорго Д. Бердибеков кошулуп жазылган «Диссертациянын окумуштуу авторунун улутчулдук көнүгүүлөрү» аттуу макалалар орусча, кыргызча — эки тилде басылат. Жыйынтыктаганда Саманчиндин бүтүндөй иликтөө иштери колдонууга жараксыз деп табылат. Өзү 1950-ж. камакка алынып, сүргүндө жүрүп, ден соолуктан ажырап, бошонуп келет. Мындай алаамат мектеп окуу китебинин автору, агартуу-

www.bizdin.kg

чу, илимпоз-фольклорист, педагог Зияш Бектенов, Ташым Байжиевди да чарпып өтөт. Булар да күнөөсүз камалып, тагдырдын жазмышына баш ийишет. Өлкөдө жогорудагыдай оор кырдаалдын түзүлүш кесепетинен Калыгул, Арстанбек, Кылычтар реакциячыл-эскичил акындар катарында эсептелип, иликтөө, изилдөө алкагынан четтетилет. Аларга кошо Балык, Эсенаман, Солтобай, Найманбай, Женижок, Калмырза, Жаманкул, Бекназар, Эшмамбет, Үмөтаалы сыяктуу көптөгөн таланттуу акындардын жолу буулат. «Молдо» аталгандар оозго алынбай аталуудан калат. Сөзсүз мындай жагдай ырчылык поэзияны иликтөөнү кыйла бөксөртүп, кадимкидей өнүт алышына кедерги болот.

М. Богдановanын да кыргыз фольклорун жана ырчылык поэзияны изилдөөдө ири салымы бар. Анын «Киргизская литература» аттуу очерки 1947-ж. Москвадан басылат. Китептин экинчи бөлүмү «Киргизские акыны XIX и начала XX века» аталып, анда Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Ысак Шайбеков, Токтогулдун чыгармачылыгы обзордук маанайда адабий талдоого алынат. 4-бөлүмдө акындардын Октябрь революциясынан кийинки ырларына орун берилет. Эмгекте Калыгул, Арстанбек, Кылычтын замана жөнүндөгү ырлары айласыз муктаждыктан, журтчулуктун келечеги жөнүндө ой жүгүртүүдөн келип чыккан замана зары катарында оң бааланат. Албетте, кыргыз интеллигенциясынын куугунтукка алынып, адабий таануу илиминде оор кырдаалдын түзүлүшү белсемдүүлүгү кенен, тажрыйбалуу окумуштуунун чыгармачылыгына да терс таасирин тийгизбей койгон эмес. Ага анын сандан-санга уланган «XIX жана XX кылымдын башында кыргыз адабиятынын тарыхынын кээ бир маселелери жөнүндө» атайын көрсөтмөнүн кысымында жазылган көлөмдүү макаласы («Мугалимдерге жардам» журналы, 1952-ж. № 1, 2, 4) ачык мисал. Макаланын автору адабият тарыхын изилдөөдө өзүнүн да жаңылыштык кетиргендигин мойнуна алууга аргасыз болот. «Киргизская литература» (М. 1947) китебинде, «XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы кыргыз акындары» («Кыргызстан» альманахы, Ф., 1946) аттуу макаласында XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башындагы акындарга баа «берүүдө бирдиктүү агым» теориясынын туура эмес жолуна түшүп кеткендигин, «Калыгулдун, Арстанбектин жана Молдо Кы-

www.bizdin.kg

лычтын чыгармаларынын реакциячыл маанисин толук ачып көрсөтүп жана чыныгы эл акыны болгон Токтогул Сатылгановдун, Тоголок Молдонун чыгармаларын аларга каршы коюунун ордуна бардыгын үстүртөн бир топко кошуп, Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтарды да элдин таламын айтуучу акындар катарында көрсөткөндүгүн», «кыргыз адабиятында прогрессивдүү багыттын өкүлдөрүнөн болгон эл акындары Токтогул Сатылганов менен Тоголок Молдонун маанисине жетиштүү баа бербегендигин» өзүнүн «жаңылыштыгы» катарында эсептейт. Бирок автор жогоркудай мазмундагы макаланы жазууга аргасыз болсо да, өз ишениминде алгачкы позициясында кала бергендиги кийинки жазган эмгектеринен ачык байкалат. М. Богдановнын Токтогул Сатылгановдун чыгармачылык өмүр жолу жөнүндө (Москва, 1959) жазган очеркин улуу акынды иликтөөнүн бир кадам алга жылышын көрсөткөн фактыдан болуп саналат.

Албетте акындык поэзияны иликтөө боюнча өкмөт тарабынан чектөө коюу өткөндөгү акындардын толук изилдөө алкагына киришине жолтоо болбой койгон эмес. Элдик демократ акын катарында эсептелген «таза» ырчылардын чыгармачылыгына айрыкча басымдын жасалышы, биринчиден, адабиятыбыздын тарыхын жардылантууга түрткү болсо, экинчиден Токтогул, Тоголок Молдону тереңирээк иликтөөгө, ырларын эл арасынан жыйноо, жарыялоо ишинин жанданышы сыяктуу оозго аларлык фактылардын болгондугун жокко чыгарууга болбойт. Бул багытта Жаки Таштемировдун зор эмгегин белгилебей кетүү калыстыкка жатпас. Акындык поэзия боюнча чоң адис Ж. Таштемиров Токтогул, Тоголок Молдонун ырларын жыйноо, иликтөө, жарыялоо сыяктуу проблемаларды бирге ала жүргөн. Ал тарабынан «Тоголок Молдонун чыгармачылык жолу» Ф., 1956-ж. (Барпы Алыкулов. Ф., 1957-ж.) монографиялары жазылган. Тоголок Молдо, Токтогулдун 2 томдук ырлар жыйнагын айрым текстологиялык тактоолор жана илимий комментарий менен жабдып, жарыкка чыгарган. Автор айрыкча Токтогулдун чыгармачылыгына зор сүймөнчүлүк менен кайрылган, анын акындык чеберчилиги, элдик поэзия менен байланыштуулугу, Сибирден кайсы жылы качып келгендиги, айдалгандыгы басып өткөн маршруту сыяктуу проблемалык маселелердин тегерегин-

www.bizdin.kg

де ой жүгүртүүлөрү окурмандар тарабынан зор кызыгууну туудурган. Көптөгөн акындардын ырларына баш сөз жазып, жыйнактарын түзгөн. Көз жаздымда калган түштүк регионунда жашаган Орозаалы, Бекназар, Нурмолдо, Абдумомун, Дооран, Мыса, Калмырза, Кулмырза, Калмамат Усубалиев (Чөп ырчы), Ботобай, Сыдык Алайчиев өңдүү ондогон акындардын өмүр баяны, ырлары илимий чөйрөгө алгач Ж. Таштемиров аркалуу жетип, Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук Академиясынын Манастаануу жана көркөм өнөр борборунун алтын фондусун түздү.

Чыгармачылыгы негизинен Совет бийлиги мезгилинде өрүш алган Калык, Алымкул, Осмонкул өңдүү акындардын чыгармаларына зор көңүл бөлүнө баштайт. С. Байкожоевдин «Эл ырчысы – Калык» Ф., 1960 Осмонкул Бөлөбалаев – Ф. 1964, Алымкул Үсөнбаев – Ф., 1962 аттуу монографиялары жарык көрөт. Ал эми ошол мезгилде акындык поэзия боюнча жазылган эмгектерге реалдуу баа бергенде бул же тигил ырчынын өмүр жолундагы көп фактылардын көмүскөдө калгандыгы, көбүнесе ырларынын демократтуулугун, элдүүлүгүн арттырууга басым жасалып, мактоо тенденциясынын кеңири орун алгандыгы байкалат. Кантсе да, С. Байкожоевдин Калык жөнүндө жазган эмгеги акындын өз чыгармачылык жолундагы карама-каршылыктуу жагдайларды, үзгүлтүктөрдү жаап жашырбастан ортого салып, реалдуулуктун чегинде баяндаганынан уламбы, иликтөө ишинин маалыматтуулугу арткан, өткөндөгү акындардын жашоосундагы турмуштук, социалдык жагдайлар чыныгы баасын алган.

1988-ж. «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери» (башкы редактору – К. Асаналиев) аттуу коллективдүү эмгек Ж. Таштемиров, С. Байкожоев, С. Мусаев, С. Закиров, Ш. Үмөталиев, К. Кырбашев, Р. Сарыпбеков, Б. Кебекованын авторлугунда жарык көрүп, ага ырчылык поэзиянын туусун бийик көтөргөн манасчылардын, төкмө, жазгыч акындардын, куудулдук өнөрдүн өкүлдөрүнүн чыгармачылыгы камтылат. Албетте «Очеркке мезгилдин талабына ылайык Калыгул, Арстанбек, Солтобай, Кылыч өңдүү ырчылыктын туусун тиккен акындардын кирбегендигине, ырчылык өнөрдүн өсүү процессиндеги орчундуу бир этаптын кыскарып калгандыгына карабастан, акындык чыгармачылык жөнүндө жазылган алгачкы ири эмгектен болгондугу ачык.

www.bizdin.kg

Ырчылык өнөрдүн өсүү, калыптануу жолунда замана поэзиясынын өкүлдөрүнөн болгон Кылыч маселеси көп жылдар талаш-тартыштын чордону болуп келген. Кыргызстан Борбордук Комитетинин токтомуна таянган айрым интеллигенция өкүлдөрү анын чыгармачылыгын толук түрдө реакциячыл-эскичил, биздин идеологияга жат көрүнүш катарында эсептеп жокко чыгаруу аракетинде болушкан. Бирок Б. М. Юнусалиев, К. К. Юдахин, А. Токомбаев, Ш. Үмөталиев, Б. Керимжанова өндүү адабият күйөрмандары, калкыбыздын беделдүү инсандары акындын чыгармачылыгынын чыныгы данеги, социалдык, турмуштук маани мазмуну, поэтикалык күчү эмнеде экендигин көрө, түшүнө билип, аны актоо, өз салмагында баа берүү үчүн күчтөрүн аяшкан эмес. Бул үчүн улутчул деген саясий айып тагылып, күнөөлөнгөн учурлары да болгон. Кыргыз тилинин жылдызы академик Б. М. Юнусалиев адабият таануу илимине да зор салым кошкон. «Манас» эпосунун элдиктүүлүгүн аныктоодо кадимки Манас баатырдай айбат менен күрөшкө чыгып калк мурасын сактап калгандардын ири алдында турган. Ошондой эле кыргыз интеллигенциясынын ар бир кадамы эсепке алынып, тоталитардык бийликтин өкүмү сүрүп турган катаал мезгилде да коркуп үркпөстөн, Молдо Нияздын мурасын көтөрүп чыгып, аны кыргыз элинин XIX кылымдын орто чениндеги тил, адабият гана эмес, тарыхый да маанiси зор жалгыз документ катарында эсептеп, жазгыч акындын чыгармачылыгын изилдөөгө туура багыт берет (Юнусалиев Б. М. Отражение диалектных особенности в санатах Молдо Нияза – тюркологические исследования. Ф., 1970).

Кантсе да ак ийилсе да сынбайт белем, нечендердин убалсообун көтөргөн Кылыч маселеси Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин 1988-жылкы 29-декабрдагы токтому боюнча оң чечилет. XIX кылымдын башталышындагы көрүнүктүү ойчул акындын бири Молдо Кылыч Шамыркановдун чыгармачылыгын баалоодогу Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин 1960-жыл, 5-январындагы токтомуна өзгөртүү киргизилип, анын адабий мурасы калыбына келтирүүнүн зарылчылыгы жөнүндө Борбордук Комитеттин комиссиясынын тыянактары туура деп табылат. Ошондой эле Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын тил жана адабият, философия

www.bizdin.kg

жана укук институттарына Кылычтын чыгармачылыгын үйрөнүүнү кеңейтүү, тандалма чыгармаларын басып чыгаруу жагы тапшырылат. Буга жооп катарында 1990-ж. Молдо Кылычтын чыгармаларынын казалдар жыйнагы түзүлүп (түзүүчү — О. Сооронов), анда 1945-жылкы иргелген казалдарга белгилүү себептер менен кирбей калган ыр түрмөктөрү калыбына келтирилет. Жыйналган Молдо Кылычтын ырларынын ичинен акындык почеркине жакындары тандалып алынып, илимий коментарий менен жабдылат. Кыскасы, түзүлгөн жыйнак өзүнүн толуктугу, көлөмдүүлүгү, илимий жагынан тактыгы менен айырмаланат. Жыйнакка К. Асаналиев тарабынан баш сөз («Башат») жазылып, анда окумуштуу өз мезгилинде республикада түзүлгөн саясий адабий кырдаал Молдо Кылычтын чыгармачылыгын реалдуу изилдөөгө өзүнө да кедерги болгон ачуу чындыкты жаап жашырбастан, ортого салат. Акын жашап өткөн доордогу калктын коомдук-социалдык, турмуш-тиричилик, тарыхый психологиялык жагдайын терең талдай келип, Кылычтын чыгармачылыгына реалдуу баа берет. Ошондой эле аны иликтөөнүн алдындагы проблемаларын белгилейт.

1990-жылдан баштап ырчылык поэзияны иликтөөнүн жаңы тилкеси башталат. Бул айрыкча кыргыз элинин өз эгемендүүлүгүнө ээ болушунан тартып, кадимкидей күчүнө келет. Мурун иликтөө алкагынан четтетилген Молдо Кылычтын катарында Калыгул, Арстанбек, Солтобай, Калмырза, Нурмолдо, Женижок, Бекназар, Жаманкул өндүү акындардын чыгармачылыгы изилдене баштайт. Алардын жыйнактары түзүлүп, бул же тигил проблемага тереңдете үнүлүүгө жол ачат. Алсак, Б. Кебекова тарабынан Арстанбектин ырларынын чоң тобу табылып, жыйнак түзүлүп, адабий мүнөздөмө жазылышы акындын саясий көз карашы, өз өнөрлөштөрүнө болгон мамилеси, нускоочулук арымы, поэтикалык ченем, акындар айтышындагы зор таланты, дегеле чыгармачылык өнөрүнүн толук картинасын түзүүгө мурункудай бир, эки чыгарма эмес, жалпы чыгармачылыгы жөнүндө реалдуу фактыларга таянып, конкреттүү ой жүгүртүүгө кенен мүмкүнчүлүк түзөт. Жазгыч акындардын да катары кеңийт. 30–40-жыл 5–6 акындын тегерегинде гана ой жүгүртүп, жазма поэзиябыздын тарыхын жардылантып келсек, 90-жылдардан кийин Б. Сол-

www.bizdin.kg

тоноев, Ысмайыл Сарыбаев, Токтогазы Жусупбеков, Жаныш, Багыш жана Казыбек, Нурдин казалчы сыяктуу акындар тобу иликтөө алкагына кирет. Ал эми 1993-ж. Молдо Нияздын «Санат дигарастарынын» Омор Сооронов-дун баш сөзү жана кошумчалары (араб тамгасынан Р. Зулпукаровдун көмөгү менен көчүрүлгөн) жарык көрүшү жазма поэзиясынын башатында турган чоң акындын чыгармачылыгы менен жалпы окурмандарды тааныштырат. 1994-ж. «Кыргыз эл ырчыларынын» бир тобунун кыскача өмүр баяны, чыгармачылыгы камтылган хрестоматиялык жыйнактын түзүлүшү (түзүүчү — Б. Кебекова) мектеп мугалимдери үчүн окуу куралынын милдетин да аткарган. Айтпай коюш калыстык болбос, акындык поэзияны иликтөөнүн алга жылышында Манастаануу жана көркөм өнөр борборунун жамааты, борбордун директору профессор А. Акматалиевдин салымы зор. Анын тынымсыз аракетинин, өзүнүн да тикеден-тике катышуусунун натыйжасында «Залкар акындардын» I, II тому (Б. – 1998, 1999) жарык көрүп, анда Эсенаман, Калмырза, Чоңду, Женижок, Үмөтаалынын ырлары (катышуучулар А. Обозканов, Г. Орозова, Б. Кебекова, А. Акматалиев, М. Мукасов, А. Жусупбеков) адабий портреттери менен жарык көрүп, окурмандарды куштар кылып, талап-суроолор менен кайрылышына өбөлгө түзөт.

Ошондой эле мурун иликтөө алкагына алынып, жыйнактары чыгып жүргөн Барпынын ырларынын текстологиялык тактоолор, жаңы материалдар менен толукталып жарык көрүшү (түзүүчү — Б. Апилов, баш сөзүн К. Даутов жазган — Б., 1995) акындын чыгармачылык өнөрканасын кайрадан ачтарууга, ой пикирлердин жаңыланышына түрткү болот. Ал эми Б. Кебекованын Кыргызстан энциклопедиясына «Акындар поэзиясы» боюнча жазган обзору айрыкча түштүк регионундагы өз мезгилинде иликтөө алкагына алынбай калган акындар тууралуу алгач илимий мүнөздөмө берет, аны алардын бетачары катарында бааласа да болот (Кыргызстан. Энциклопедия. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору — Б. 2001-ж.). Ошондой эле Тоголок Молдо, Токтогулдун чыгармачылыгындагы өз мезгилинде козголбой жүргөн айрым маселелерди көтөрүү менен аларга дагы да кайрылуу, жаңыланууунун зарылдыгын белгилейт. Мурунку көз караштардын жаңы-

www.bizdin.kg

ланышы жаш окумуштуулар А. Обозкановдун Калык Акы уулунун көп кырдуу чыгармачылык өнөрканасы – Б., 2000. Н. Бегалиеванын Арстанбектин өмүрү жана чыгармачылыгы – Б., 1998) аттуу эмгектеринен ачык байкалып турат.

Манастаануу жана көркөм өнөр борборунун жамаатынын үзүрлүү эмгектенүүсүнүн фактысы катарында 2002-ж. «Шам» басмасынан жарык көргөн «Кыргыз адабиятынын тарыхы» аттуу 7 томдук эмгектин айрым авторлору К. Тыныстанов атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты болушту. Эмгекте ырчылык поэзия өзүнүн көлөмү, жаңылыгы жагынан бир топ салмактуу томдукту түзөт. Ага мурун аздыр, көптүр, оңбу, терспи пикир айтылып жүргөн Калыгул, Арстанбек, Кылычтарга жаңыланууменен жазылган илимий портреттерди эске албаганда да Сартбай, Чөжө, Эсенаман, Калмырза, Бекназар, Наркүл, Дооран, Жаманкул, Нурмолдо, Найманбай, Калмырза, Жаныш, Ботобай ж. б. көптөгөн акындардын алгачкы бетачары илимий портреттери кирген.

Албетте, акындык поэзиянын өсүү жана калыптануу жолунда бир канча атуулдардын – жазуучу,окумуштуу, жөн жай кабарчы, күйөрмандардын майда булактан толкуган дарыя куралгандай аздыр-көптүр кошкон салымы бар. Мисалга академиктер А. Эркебаев, А. Какеевдин Молдо Нияз, Нурмолдо жөнүндөгү салмактуу пикирлерин, профессорлор Р. Кыдырбаеванын Токтогулдун чыгармачылыгы боюнча үч тилде – кыргызча, орусча, англисче чыккан илимий-популярдуу очеркин, К. Артыкбаевдин Б. Солтоноевдин акындыгын окумуштуу, котормочулугун көтөрүп чыгышын жана К. Даутовдун Барпынын чыгармачылыгын иликтөөдөгү орошон ойлорун, М. Мамыровдун акындык поэзияны иликтеп жарыялоонун, фольклорду жыйноонун алгачкы демөөрчүлөрүнөн болгон И. Арабаев, Т. Байжиев, З. Бектенов жөнүндө жазган даректүү макалаларын, же мектеп окуу китептеринде, хрестоматиялык, антологиялык жыйнактарда орун алган материалдарды жокко чыгарууга болбойт.

Татаал да, узак да өсүү жолун басып өтүп, өзүнүн марасына – калыптануу, өнүгүү нугуна түшкөн акындык поэзияны изилдөөнүн алдында дагы жаңы милдеттер тургандыгы талашсыз. Иликтөөнүн жогорку иштер менен гана токтоп, жыйынтыкталышы мүмкүн эмес. Ириде акындар

www.bizdin.kg

1858-жылы Берлин университетин бүтүрүп, түрколог адистигине ээ болгон В. В. Радлов эмгек жолун Россияда баштап, бүт өмүрүн ушул өлкөдө жүрүп түрк элдеринин тилин, элдик оозеки чыгармаларын, тарыхын, этнографиясын, байыркы эстеликтерин, маданиятын изилдөөгө арнаган жана бул багытта орчундуу ийгиликтерге жетишип, чыгаан окумуштуу катары бийик кадыр-баркка ээ болгон адам.

Түрк тукумундагы элдерди кыдырып атайын уюштурган көптөгөн экспедицияларынын учурларында В. В. Радлов кыргыз жергесинде да бир нече жолу болуп, бул элдин турмушу менен таанышып, оозеки көркөм чыгармаларынын үлгүлөрүн кагаз бетине түшүргөн. Ошолордун арасында «Манас» эпосунун тексттери да бар.

Окумуштуунун өз эскерткенине караганда ал «Манастын» тексттерин 1862-ж. Текесте бугу, 1869-ж. Ысык-Көлдүн батышында сарыбагыш жана Токмоктун айланасында солто урууларынын арасынан жазып алган[10]. Ага чыгарманы айтып берген информаторлор жөнүндө окумуштуу эч жерде эскербейт, тексттер эки башка учурда жана бири-биринен аралыгы бир кыйла алыс жайларда жазылып алынганына караганда В. В. Радловго «Манас» айтып берген адамдар бир нече, башка-башка адам болгону күмөнсүз.

Окумуштуу кыргыздар арасына биринчи жолу келгенде кагаз бетине түшүрүлгөн материалдардын жалпы көлөмү 80 бет. Бирок ал кайсыл окуялар экени чечмеленип көрсөтүлбөйт.

В. В. Радловдун кыргыз жергесинде жазып алган материалдары жана окумуштуунун жалпы эпос, «Манас», анын айтуучуларынын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү ж. б. жөнүндөгү илимий жыйынтыктары «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрү («Образцы народной литературы северных тюркских племен») аттуу он томдон турган китептердин V томунда 1885-ж. Санкт-Петербургда басмадан чыккан. «Манастын» тексттеринин мазмуну жана көркөмдүк бийик деңгээли окумуштууга терең таасир бергендиктен ал чыгарманы немец тилине көркөм которуп, котормо ошол эле 1885-жылы Лейпцигде жарык көргөн.

Кыргыздарга таандык материалдар жарык көргөн V том орус тилинде берилген В. В. Радловдун кириш сөзүнөн

www.bizdin.kg

жана транскрипцияланган орус алфавити менен кыргыз тилинде басылган тексттердин (I—XXVI б.), «Манас» (1—368-б.), «Жолойкан» (369—525-б.), «Эр Төштүк» (526—589-б.), кошоктор (590—589-б.) — делген төрт бөлүмүнөн турат.

Көлөм жагынан да, кириш сөздө окумуштуу өзгөчө көңүл бурган маани жактан да китептеги башкы бөлүм — «Манас».

«Манастын» үч бөлүмүнө тиешелүү материалдар китепте 7 темага бөлүнүп берилген: 1) Манастын туулганы; 2) Алмамбет мусулман болуп, Көкчөдөн чыгып, Манаска кирет; 3) Манас менен Көкчөнүн согушканы, Каныкейди алганы, Манас өлгөндөн соң тирилгени; 4) Бокмурун; 5) Көзкаман; 6) Семетейдин туулганы; 7) Семетей. Чыгарманын мазмунун түзгөн окуялардын бул түрдөгү орундары шарттуу. Анткени кириш сөздө окумуштуу окуяларды айтуучудан укkан үлгүдө эмес, Манастын өмүр жолунун жүрүшүнө ылайык жайгаштырганын эскертет.

Эпостун «Манас» бөлүгүнүн көлөмү 9449 сап ыр. «Семетей» 1421 сап, «Сейтек» 506 сап ырды түзөт. В. В. Радлов боюнча үч бөлүм биригип 11376 сап ырдан турат.

В. В. Радлов кагаз бетине түшүргөн тексттердин илим үчүн башкы маани бүгүн белгилүү варианттардагы кайсыл окуялар, кандай мүнөздө мурдатадан келе жаткан сюжеттик белги экендигин тастыктоодо салыштыруучу көрсөтмөлүк үлгүнүн, бул багытта ой айтууда далил болуучу фактылык таянычтын ролун аткаргандыгында, б. а. ал тексттерди биздин учурубузда жазылган материалдар менен салыштыруу аркылуу жүз элүү жылдан ашуун убакыт ичинде эпостун мазмуну, идея, тема, башкы каармандардын мүнөздөмөлөрү өзгөрүүлөргө учураганбы, эгер учураса кайсыл багытта жана канчалык даражада? — деген сыяктуу орчундуу маселелерге жооп алууда зарыл керектүүлүгүндө.

«Манас» эпосунун В. В. Радлов кагаз бетине түшүргөн тексттери, жана окумуштуунун бул чыгармага берген жогору баасы, жомоктун көркөмдүк касиеттери, айтуучу-аткаруучуларынын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү ж. б. көптөгөн багыттар боюнча айткан ойлору менен байкоолору, илимий корутундулары маанисинин тереңдиги жактан бүгүн да күчүн жоготпойт, баркы жогору.

www.bizdin.kg

МАНАСТААНУУ ИЛИМИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

Манастаануу илими түпкү негизинде кыргыз фольклористикасынын курамына кирип, илимдин ошол багытынын өзүнчө бутагы-бөлүгү болгон менен, көп белгилери жактан өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү бар, анын үстүнө алгачкы кабар-маалыматтары элибиздеги оозеки чыгармалардын бардык үлгүлөрүнүн кайсынысын алганда да алда канча узак убакыт мурда башталган багыт.

«Манас» бир чыгарма. Жанрдык белгилери жактан эпоско, анын ичинен баатырдык эпоско жатат. Кыргыздарда эпостор, айрыкча баатырдык эпостор өзгөчө өнүккөн. Саны жактан арбын. «Манас» негизги белгилери жактан ошолордун бири. Бирок, бул чыгарманын эл турмушунан алган орду, аткарган милдети өзгөчө. «Манас» байыркы элдердин биринен болгон кыргыздардын изи сакталган үч миңден ашуун тарыхы жолунун орчундуу мезгилдеринин ичинде калкыбыздын карманган туусунун, таянар негизинин, ишенген үлгү, нравалык чен-өлчөмдөрүнүн, бүт калктын жашоо-тиричилигинин корутундусунан алынган бардык табылга, ийгилик-жетишкендиктеринин, басып өткөн тарыхы жолунун тажрыйба-маалыматтарынын жыйындысы кор-казынасынын милдетин аткарып, бул эл үчүн улуу, ыйык мураска, улуттук сыймыкка айланыптыр. Ошон үчүн эски замандардан бери эле «Манастын» калк арасындагы өзгөчө зор кадыр-баркы, эстеликтин мазмунундагы берилген кабарлардын маанилүүлүгү жана кенен чеги кыргыздар арасында болгон, алар менен катташкан, мамиле түзгөн ар бир чет эл өкүлүн — дин тараткан миссионерлерди да, жер кескен саякатчыларды да, жаңылык издеген илимпоздорду да, жер ченчи, эл байкоочу атайын

www.bizdin.kg

чалгынчы-жесетчилерди да, акыры бул эл менен карымкатышта болгон катардагы жөнөкөй адамдарды да өзүнө тартып, көңүлүн буруп, бирин көркөмдүк күч-таасири менен суктантса, экинчилерин ушул чыгарманы өз максаттарында пайдалануу далалатына түрткөн. Кыргыз жергесинде болуп, «Манасты» укпаган, ага көңүл бурбаган, бул эстелик боюнча оюн айтпаган кабары жазма булактарда сакталган бир да окумуштуу, саякатчы ж. б. чет элдик жок экендиги мунун кадиксиз далили. Ушундай кадырбаркка ээ болуп, көп көңүл бурулуунун натыйжасында «Манас» эпосу жамы кыргыз калкына таандык көркөм сөз үлгүлөрүнүн ичинде тексттери 1-жолу кагаз бетине түшүп жазылган, башка элдердин тилине которулган жана китеп түрүндө басмадан чыккан чыгарма.

Бүгүнкү күндө илимге белгилүү болгон маалыматтарга караганда «Манаска» тиешеси бар маалыматтардын жазма булактарда жолуккандарынын мезгили боюнча улуусу «Мажму ат-Табарих» («Тарыхтардын жыйнагы») аттуу фарсы тилиндеги кол жазма.

Кол жазма Ферганада жайгашкан Аксыкенттин тургуну — аксыкенттик молдо Сайф-ад-дин жана анын уулу Нооруз-Мухамедге таандык. Кол жазма качан жазылганы анын автору тарабынан көрсөтүлгөн эмес. Эмгекти акад. В. В. Бартольд XVI кылымда жазылган деп эсептейт[1]. Ушул кол жазманы Ленинград библиотекасынын архивинде сакталган жеринен байкап, көңүл буруп, «Манаска» тиешеси бар экенин аныктап чыккан окумуштуу А. П. Тагиржанов так дата көрсөтүп, документ 1503—1514-ж.ж. аралыгында жазылган деп божомолдойт.

Бүгүн илимге ушул кол жазманын үч үлгүсү белгилүү: 1) мурдагы Ленинград университетинин китепканасынын Чыгыш бөлүмүндө сакталып турган кол жазма (катар номери – 963). Аны окуп, мазмунунда жолуккан «Манас» — деген ысымга көңүл буруп, кеңири таанышып, кыргыздардын эпосуна тиешеси бар экендигин далилдеп, кеңири кириш сөз жазып, текстинин факсимилесин комментариялары менен 1960-жылы А. Т. Тагиржанов китеп кылып басмадан чыгарган («Собрание историй – Маджуму ат-таварих. Ленинград университетинин басмасы). 2) Россия Илимдер академиясынын Азия элдеринин институтунда «Жами ат-таварих» — деген жаңылыш аталыш менен

www.bizdin.kg

көрсөтүлүп, 667 номур менен сакталып турган нуска. Нусканы В. А. Ромодин таап, окуп чыгып, орус тилине которгон. Ошол котормонун негизинде кол жазманын мазмунун З. Мамытбеков өз түшүндүрмөлөрү, комментариялары менен 1966-ж. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери» — деген эмгекте жарыялаган. 3) Кыргыз республикасынын Жалал-Абад областындагы Алабука району, Баймак кыштагында жашаган, кесиби мугалим Жайлообаев Назармат аттуу адамда сакталган нуска.

Бул нуска жазуучу Т. Касымбеков газетага жарыялаган маалымат аркылуу коомчулукка билинип, атайын комиссия түзүлүп, ошол комиссиянын чечими боюнча белгилүү окумуштуу К. Карасаев, «Манас» бөлүмүнүн башчысы С. Мусаев барып, кол жазма менен таанышып, документти алып келип, илимдер академиясынын кол жазмалар бөлүмүнө өткөрүшкөн. Ал кол жазманы М. Досбол уулу менен илимий кызматкер О. Сооронов кыргыз тилине которуп, «Тарыхтардын жыйнагы» — деген ат менен 1966-ж. китеп түрүндө жарыялаган (китептин кириш сөзүн О. Сооронов жазган.

Кол жазмалардын үч нускасынын мазмуну негизинен бири-бирине окшош.

Кол жазма «тарых» деп аталганы менен мазмуну боюнча, чынында, IX—XV кылымдар аралыгындагы айрым тарыхый маалыматтарды, ойдон чыгарылган көркөм туундуларды, санжыра, улама, жомок, эпос, легенда, миф ж. б. материалдарды кошуп синтездештирилген өзүнчө көркөм чыгарма.

Чыгарма башкы максатында — кыргыздарга арналган, ушул элдин арасында мусулман динин үгүттөө, жайылтуу максаты үчүн кызмат кылган эмгек дешке негиз бар. Анткени кол жазманын мазмунунун орчундуу бөлүгүн кыргыздар, алардын уруу бөлүнүштөрү, жашоо шарты, айрыкча Манас баатыр, анын эрдик иштери ж. б. кыргыздарга тиешеси бар маалыматтар ээлейт.

Кол жазмада «Манас» эпосу жөнүндө сөз жок, Манас реалдуу болгон, тарыхый адам катары көрсөтүлүп, анын калмактарга каршы күрөшү, бул күрөштө кимдер ага жардам бергени ж. б. маалымдалат, айрыкча Манаска Жалал ад-Дин шейхтин көп жолку, ар түрдүү жардамдарына, тийгизген пайдасына басым жасалат. Ошентсе да эмгектин авторуна «Манас» эпосу маалымат берүүчү булак, же чы-

www.bizdin.kg

гарманы жазуудагы таяныч катары кызмат өтөгөнүнө күмөн кылууга болбойт. Талас, Каркыра, Чаткал ж. б. сыяктуу жер-суу аталыштары, ошондой эле «Манастын» мазмуну менен «Тарыхтагы» көптөгөн орчундуу окуялардын бири-бирине туура келиши, Жакып, Манас, Жолой сыяктуу эпостук каармандардын аттары, Манаска каршы турган эпикалык душман калмактар экендик ж. б. белгилер муну айкындап турушат.

Ал белгилер Манастын атасы Жакып, жери Талас, кырк жигити бар, эпикалык душманы калмактар жана алардын башчысы Жолой ж. б. сыяктуу көзгө даана көрүнүп турган элементардык көрүнүштөрдө эле эмес, негизги окуялардын башкы нугунан, сюжеттин өнүгүш жолуна тиешелүү деталдардан да айкын көрүнөт.

Эпос менен кол жазманын маалыматтарындагы жакындык белгилер Манастын ууланышына байланышкан кабарларда айрыкча даана көрүнөт. Бүгүнкү бизге белгилүү варианттарда «Көзкамандар окуясы» деген ат менен белгилүү болгон эпизоддун негизги нугу мындан беш жүз жылга чамаалаш мурда эле иштелип чыккан сюжет экендигине жеке эле Манас баатырдын өз тууганы тарабынан ууландырылышы гана эмес, ошол окуядагы башка көптөгөн деталдар да күбө.

Келтирилген фактылар молдо Сайф ад-диндин кол жазмасында берилген маалыматтарга «Манас» эпосунун мазмунундагы айрым эпизоддор, тагыраак айтканда бизге жеткен варианттарда кезиккен туруктуу салттык окуялардын айрымдары негиз болгондугун күмөнсүз айгинелейт. Ушуга таянып мындан беш жүз жыл чамалуу мурда эле эл арасында кыргыз эпосунун туруктуу өзөк окуяларынан күчтүү жоодон элдин чабылышы, Жакыптын сүргүнгө кетиши — жоо колуна түшүшү, Манастын туулушу, баатырдын алгачкы эрдиктери, эли-жерине ээ болуусу (атасын туткундан бошотуу, тарапкерлеринин жардамы менен жоону жеңип, кубалоо), аталаш туугандарынын кастык кылып баатырды ууландырышы, эпикалык душманды жеңген чечүүчү согуш — Жолойдун өлүмү («Көкөтөйдүн ашы», же «Чоң казат») ж. б. сыяктуу эпизод-маалыматтарды ичине камтыган нуктун — сюжеттик схеманын айтылганын белгилөөгө мүмкүн.

«Манас» эпосун изилдеп үйрөнүү илиминдеги «Мажму ат-таварихтин» бүгүнкү күндөгү мааниси ушул кол жазма-

www.bizdin.kg

20-жылдардын экинчи жарымында кыргыздардын эл катарындагы сезим-түшүнүктөрүнүн ойгонушу, жанданышы, өзгөчө тез темп менен өсүп-өнүгүшү үчүн тарыхта мурда эч качан болбогон шарттар түзүлгөн эле. Мунун катарына өз алдынча (автономиялуу) область болуп бөлүнүү, өз алфавитинин түзүлүп, натыйжада өз тилинде окуу, китеп-газеталардын басылып чыга башташы ж. б. сыяктуу көптөгөн рухий маданияттын булактарын кошууга болот. Айрыкча 1926-жылы крайды таануу институтунун, ал эми 1928-жылы андан бөлүнүп чыгып Тил жана жазуу (институт языка и письменности) институнун уюштурулушу жазуу-сызуу иштеринин эле жөнгө салынуу маселелерин эмес, илимдин көптөгөн тармактарынын өзүнчө кадам шилтеп, телчиши, түрдүү багыттардагы алгачкы чыйырлардын пайда болушу үчүн шарт түзүлүп, өбөлгөлүк негиз жаралган.

«Манас» проблемаларынын ичинен ошол учурда өзгөчө көп көңүл бурулуп, талаш-тартыштарды туудурган маселе эпостун жазылып алынган тексттерин бастырып чыгаруу аракеттеринин айланасында болуп, ушуга байланыштуу чыгармага жалпы баа берүү, анын маани-маңызын белгилөө, пайда-зыянын тактоо багытындагы ойлор пикир алышуулардын, талаш-тартыштардын негизин түзөт.

Тарыхый шарттын ошол учурундагы коомчулуктун «Манас» эпосуна көңүл буруусунун, кызыгуусунун мүнөзүн, деңгээлин «Кызыл Кыргызстан» газетасынын 1930-жылы 27-майдагы санына талкуу иретинде жарыяланган К. Карасай уулунун «Манас» аттуу макаласындагы баяндалган маалыматтардан да даана байкоого болот.

Макаладагы козголгон негизги маселе – «Манас» эпосун бастырып чыгаруу. Автор «Манастын» ар бири 400 беттен турган тогуз томдун — жалпы көлөмү 200 басма табактан ашык текстти 1922—1926-жылдар арасында атактуу ырчы Сагымбайдан Ыбырайым Абдыракман уулу жазганы, бирок «ошо күндөн ушу күнгө бул маселеге кадимкидей назар салып, бастыруу чарасына киргизилбегендигине бир жагы каражаттын жоктугу болсо, экинчи жагы тартипке салуу үчүн билим кызматчыларынын жетишсиздиги болуп келгендигин эскертүү менен, кеңири мазмуну, чебердик-кооздук касиеттери жактан кыргыз оозеки адабияттарынын ичинде шексиз биринчиликти алуучу «Манас», «Семетей» поэмасын колдо болгон үлгүсүндө толук басмадан чыгаруу зарыл деп эсептейт.

www.bizdin.kg

Манастаануу илиминин өнүгүш жолунун экинчи этабы болгон 30-40-жылдар аралыгы сөз болуп жаткан илимдин негизинин түзүлүү-түптөлүү мезгили катары мүнөздөлөт. Бул белгини эң алды менен «Манас» эпосунун негизги үч бөлүмүнө тиешелүү көптөгөн варианттардын – зор көлөмдү түзгөн тексттердин кагаз бетине түшүрүлүшүнөн да көрүүгө мүмкүн.

Отузунчу жылдар ичинде, айрыкча 35-жылдардан тартып, «Манас» эпосунун тексттерин калк арасынан жыйноо — кагаз бетине түшүрүү маселесине зор көңүл бурулуп, өкмөт тарабынан зарыл керек деген ири суммадагы каражаттар бөлүнүп, натыйжада элге манасчы катары аты белгилүү ошол учурда көзү тирүү адамдардын дээрлик бардыгынан алар айткан варианттарды жазып алуу иштери жүргүзүлүп, иштин өзгөчө татаалдыгына жана узак убакытты талап кыларына карабастан, орчундуу ийгиликтерге жетишүүгө мүмкүн болгон — чоң манасчы С. Каралаев баш болгон, Шапак Ырысмендеев, Тоголок Молдо, Акмат Ырысмендеев, Багыш Сазанов, Актан Тыныбеков ж. б. көптөгөн манасчылардын айткан варианттары жазылып алынган, же жазуу иштери башталган.

Көптөгөн адамдардын катышуусун, ар бир манасчыдан текст жазуу узакка, көэде бир нече жылдарга созулган убакытты, орчундуу каражатты талап кылган бул өнөктүк маанисинин орчундуулугу, көлөм-чендик өлчөмү жактан масштабдуулугу менен айырмаланат.

Илимдин фактылык фундаменти түптөлүү менен бирге эле ушул баскыч, мезгил учурунда эпосту бастырып чыгаруу, башка элдердин тилдерине которуу, түрдүү багытта иликтөө иштери да жанданып, ар бир багыттын өз жолу даана көрүнө баштаганы көзгө урунат.

Эпоско тиешелүү маселелерди чечүүнүн үстүндө аракеттенген атайын мекеменин, анда иш алып барган жооптуу адамдардын болушу ийгиликке шарт түзүп, өбөлгө болгону шексиз. Анын тарыхы мындай: 1930-жылы 28-майда кыргыз тили жана жазуусу Илим изилдөө институту менен Кыргыз АССРинин Эл Агартуу Комиссариаты биргелешип уюштурган атайын, чоң кеңешме болуп, ага ошол кездеги кыргыз интеллигенттеринин чоң тобу (Арабаев, Ботояров, Жолдошев, Жантуров, Байжиев, Айылчинов, Нааматов, Тойчунов, Мифтаков, Абрамзон ж. б.) каты-

www.bizdin.kg

чыгармачылыгынын жаңы фактылар, жаңы ысымдар, көз караштар менен толукталган очеркинин» түзүлүшү зарыл. Тоголок Молдо, Токтогул негизинен Совет бийлиги учурунда жашап, ырдап өткөн акындарга дагы да кайрылып, өз мезгилинде айтылбай көмүскөдө калган алардын өмүр баянындагы, турмушундагы чындык фактыларды жаап жашырбастан, «тазалоо» илдетинен, калпыс кошумчалардан тазартып, иликтөө объектисине киргизүү учурдун бирден бир талабы болуп саналат. Ырчылык өнөрдү иликтөөдө жогоркудай кемчиликтердин орун алышы 1950-жылы жарык көргөн Токтогулдун ырлар жыйнагына карата А. Токомбаев тарабынан жазылган сын макалада (А. Токомбаев «Об ошибках допущенных в издании произведений Токтогула» — труды Института языка и литературы вып III, 1952, 222-229-б.б.) жыйнакка жазылган кириш сөздө аны аш, тойлордо такыр ырдабаган, алгач чыкканда эле бай-манаптарды ашкерелеген саясий мүнөздөгү ырларды түзгөн «баатыр» жана атеист акын катарында көрсөтүү, ырчыны көтөрүү максатында ойдон чыгарылган оркойгон фактылардын орун алгандыгы туура баамдалган. Ал эми бул пикирдин тууралыгын кийинки табылган маалыматтар – Токтогулдун Сибирден кайткандан кийинки Алымкул менен ырдашуусу, Молдо Нияздын Дыйкамбайдын өмүр тарыхын ырларында реалдуу чагылыштыруусу ачык далилдеп турат. Албетте, булар Токтогулдун беделин төмөн түшүрбөйт. Улуу акын калктын көркөм табитинде ырчылар тарыхында улуулугун сактап кала берет. Сөз анын чыгармачылыгынын реалдуулугун арттыруу жөнүндө гана болмокчу.

Кыскасы, жогорку сыяктуу бай фактылар акындык поэзияны иликтөө тарыхынын узак жана күжүрмөн жолду басып өтүп, калыптанып, өсүп-өнүгүү нугуна түшкөндүгүн ачык көрсөтүп турат.

АДАБИЯТТАР

[1] *Саманчин Т.* Тоголок Молдонун өмүрү жана чыгармачылыгы – Советтик Кыргызстан журналы. — 1942. — № 2.

[2] *Саманчин Т.* Кылыч – жазуучу акын. – Ф., 1949.

[3] *Тоголок Молдо.* Ырлар жана поэмалар. Түзгөн – Т. Саманчин. — Ф., 1944.

www.bizdin.kg

[4] Иргелген казалдар. Түзгөн – Т. Саманчин. – Ф., 1945.
[5] *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. 2-том. –Б., 1993.
[6] *Богданова М.* Киргизская литература. Очерк. — Москва, 1947.
[7] *Богданова М., К. Рахматуллин, Ө. Жакишев, Т. Саманчин.* Кыргыз адабиятынын очкерки. – Ф., 1943.
[8] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери.– Ф., 1988.
[9] Молдо Кылыч. Казалдар. – Ф., 1990.
[10] Кыргыз эл ырчылары. – Б., 1994.
[11] Молло Нияз. Санат дигарасттар. – Б.,1993.
[12] Боогачы (түзгөн – Ибраимов Кубат. — Б., 1994).
[13] Залкар акындар. I, II том. — Б., 1998, 1999.
[14] Акылман Калыгул. Түзгөн – С. Мусаев, А. Акматалиев.— Б., 2002.
[15] Базаркул Данияров – тунгуч агартуучу. Түзгөн – К. Орозбаева, Даниярова. — Б., 2000.
[16] Ташым Байжиев. Түзгөн – Мар Байжиев.— Б., 2002.
[17] Казыбек. Кан, жандан чыккан казалдар. Түзгөн Өмүрбек Дөлөев. — Б., 2003.
[18] *Артыкбаев К.* Акыйкат сабагы. – Б., 1996.
[19] *Эркебаев А.* – Малоизученные страницы киргизской литературы. — Б., 1999.
[20] Кыргыз адабиятынын тарыхы. 5-том. — Б., 2002.
[21] *Никитич П., Токомбаев А., Юдахин К.* Забытое богатство// Лит. газета. — 1956.— 21 июнь.
[22] *Петросян А.* Споры о наследстве//Знамя. — 1961. — № 8. стр. 204—213.
[23] *Юнусалиев Б. М.* – Молдо Кылычтын революцияга чейинки кыргыз турмушун чагылдырган чыгармаларынын айрым маселелери//Ала-Тоо. — 1989. — № 2.
[24] *Мамытов С.* Кыргызско-татарские литературные связи второй половины XIX и начала XX в. в. — Б., 1999.
[25] *Алтымышбаев А.* Из истории развития общественно политической и философской мысли киргизского народа в конце XIX и начала XX в. в. Известия АН Кирг. ССР. вып. 4. – 1957.
[26] *Богданова М.* О некоторых вопросах истории киргизской литературы XIX и начала XX в. в. Труды института языка, литературы и истории. — Ф. Кир. ФАН ССР. – 1952. – 3 вып.

www.bizdin.kg

Актан Тыныбековдун күбө өтүп, берген маалыматына караганда чоң манасчы Тыныбек Жапы уулу Нарын уездинин участковоюнун (орус адамы аты, жөнү белгисиз) суроосу боюнча 1898-жылы өзү айткан варианттан чакан үзүндүнү кагаз бетине түшүртөт (өзү жазганы, же кат билген башка адамга жаздырганы белгисиз). Ошол материалга чакан киришүү жазып, 1925-жылы Эшенаалы Арабаев «Тыныбек жомокчунуку, «Семетейден» бир бөлүм – деген ат менен Москвадан араб тамгаларын колдонуп бастырып чыгарган.

Эпизоддун негизги нугу, окуялар кыскарган түрдө айтылганы байкалып турса да, бүгүн илимге кеңири белгилүү варианттардагы мазмунга жакын.

Венгер окумуштуусу доктор Георг фон Алмаши саякатчы катары Азия жана Борбордук Азияга жасаган саякаттарынын учурунда 1900-жылы кыргыздардын жергесине келип, 7 ай бою ушул өлкөнү кыдырып жүрүп, Нарын-Кол кыргыздарынын арасынан «Манасты» угуп, эпостон 72 сап ыр көлөмүндөгү текстти жазып алып, аларды венгер тилине которуп, кыргызча текстти жана өз котормосун илимий комментариялар менен жабдып 1911-жылы «Чыгыш кабарлары» («Восточное обозрение») журналына жарыялайт. Ошол эмгектин немец тилиндеги котормосу 1911—1912-жылдары Будапештте чыккан «Keleti Szemle» журналынын XII томунда басылып чыгат.

Окумуштуу үзүндүнү кимден жазып алганын көрсөткөн эмес. Н. Алмашинин «Манас» эпосу, анын мазмуну боюнча билген маалыматтары кагаз бетине түшүрүлгөн үзүндүдөгү кабарлардын чегинен алда канча кеңири. Буга окумуштуунун «Кара кыргыздардын эпосу «Манастын өлүмүнөн» — деген тема менен берген эпос, анын мазмуну жана окумуштуунун бул чыгарма жөнүндөгү ойлору маалымдалган чакан эмгек күбө. Г. Алмаши— «Манас» эпосунун ыр түзүлүшү боюнча биринчи болуп пикир айткан изилдөөчү.

Белгилүү орус сүрөтчүсү Б. В. Смирнов 1903—1904-жылдары сүрөтчү катары императордук орус географиялык коомчулугунун экспедициясына катышып, Бишкекте, Түндүк Кыргызстандын ою менен тоосунун көп жерлеринде болуп, ошол саякаттарынын учурунда Кенжекара аттуу адамдан «Семетейдин» үзүндүсүн угуп, өзү укkан Семетейдин үргөнчтү кечип өтүп, Айчүрөккө жолуккан же-

www.bizdin.kg

рин кыскача кара сөз менен орус тилине которуп (Атайбек аттуу тилмечтин жардамы менен) кагаз бетине түшүрөт. Ал котормо Б. Смирновдун 1914-ж. Москвада жарык көргөн «Түркстандын талааларында» («В степях Туркестана») аттуу китебинде жарык көргөн.

Б. Смирнов Кенжекаранын аткаруусунда «Семетейден» үзүндүнү бал аарысынын момунун жардамы менен фоно жазууга түшүрөт, семетейчи ырчынын сүрөтүн тушь менен тартат. Сүрөтчү өзү укkан үзүндүнүн негизинде Семетей менен Айчүрөктүн Үргөнч жээгинде жолугушуусу деген темада сүрөт тартат. Бул эпостун каармандарынын көркөм элесин живопись аркылуу чагылдыруу аракетинин биринчи кадамы.

«Манас» эпосуна тиешеси бар буга чейин сөзгө алынган маалыматтар үзүлдү-кесилди мүнөздөгү айрым кабарлар гана болуп, системалуу иш алып барылган илимдик деңгээлге көтөрүлө алган эмес.

«Манас» эпосунун, анын бөлүмдөрүнүн тексттерин эл арасынан чогултуу, жыйнап, кагаз бетине түшүрүү, тексттерин үйрөнүү, илимдик проблемаларын изилдеп, талдоого алуу иштерине кыргыз элинин тарыхый жолундагы советтик түзүлүш учуруна туура келген мезгилинде көп көңүл бурулду. Илимдин бул багытында түрдүү элдердин көрүнүктүү өкүлдөрү, атайын өкүмөттүк мекемелер аракеттенгендиктен, иш системалык мүнөзгө ээ болуп, орчундуу натыйжалар жаралды, фольклористика илиминин бир тармагы катары эпостун тексттерин жыйноо, бастырып чыгаруу, башка элдердин тилдерине которуу, чыгарманын илимдик проблемаларын изилдөө бөлүктөрүн ичине камтыган манастаануу илими пайда болду. Ал илимдин өзүнчө өнүгүш жолу — калыптануунун түрдүү баскыч, этаптары бар: жыйырманчы жылдар ичи алгачкы башат болсо, отузунчу, кыркынчы жылдар арасы — түптөлүү, кыркынчы, алтымышынчы жылдар ичи — изденүү, алтымышынчы жылдардан бүгүнкү күндөргө чейинки убакыт — калыптануу учурлары катары мүнөздөлүшү жөндүү.

Бир кылымга жетпеген мезгилди кучагына алып, кыргыздардын узак тарыхый жолунун, элестүү айтканда, көз ирмемине татырлык убактысын ээлеген советтик түзүлүш учуру маани-маңызы боюнча да, ак-кара түсү, пайда-зыяндуу жактары жактан да калкыбыздын тагдырында орчун-

www.bizdin.kg

дуу орунга ээ болуп, жарык да, көлөкөлүү да изин калтырды. Ошол учурдун бизге калтырган жемиштүү, оң натыйжалуу жактарынын бири ушул ата-бабабыздын улуу мурасына бир топ көңүл бурулуп, аны жыйноо, изилдеп үйрөнүү багыттарында бир катар ийгиликтердин жаралышына ыңгайлуу шарт түзүлгөнү. Манастаануу илиминин түптөлүп, пайда болушу да, өйдө-ылдыйлуу, өз алдынча татаал жетишкендиги менен чыр-чатагы да арбын өнүгүш жолунун этап-баскычтары да ушул тарыхый учурдун баскан жолу, анын мүнөзү менен шартташкан, максат-талаптарынын ыңгайына ылайык өнүттө жүргөн.

Колдо болгон илимге белгилүү маалыматтарга караганда манастаануу илиминин бутак-багыттарынын ичинен советтик түзүлүш учурунда эпостун тексттерин кагаз бетине түшүрүү аракеттери биринчи болуп башталыптыр.

Хронологиялык принципти так кармап айтканда, советтик түзүлүш учуруна кирген XX кылымдын 20-жылдарында «Манаска» тиешелүү материалдардан кагаз бетине биринчи түшкөнү 1922-жылы 31-июлда белгилүү манасчы Тоголок Молдодон (Байымбет Абдыракманов) «Семетейдин Айчүрөккө барганы» деген тема коюлган эпостун «Семетей» бөлүмүнө тиешелүү чакан үзүндү.

К. Мифтаковдун башкы максаты өзү атайын издеп келген Сагымбайдан текст жазуу болгондуктан, кагаз бетине түшүрүлгөн чакан үзүндү менен чектелип, Тоголок Молдонун вариантын толук жазган эмес (белгилүү манасчылардын бири Тоголок Молдо өзү айткан вариантты кийин өзү кагаз бетине түшүрүп, өткөргөн).

Ушул Тоголок Молдодон «Семетейдин» үзүндүсү жазылгандан көп узабай эле улуу жомокчу Сагымбай Орозбак уулунун вариантын кагаз бетине түшүрүү иши башталат.

Сагымбайдын вариантын кагазга түшүрүү иши төрт жылга чамалуу убакка созулуп, 1926-жылдын августунда аяктайт. Жазуу ишине анын башталышында К. Мифтаков, С. Сооронбаевдер катышып, бирок негизинен башынан тартып, аягына чейин Ыбырайым Абдырахманов бүтүргөн. Жазылган материалдардын жалпы көлөмү 180378 сап ыр, ыр арасында бир нече жерде кыска түрдөгү кара сөздөр да бар.

Манастаануу илиминин алгачкы башаты болгон өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарынын ичинде «Манас-

www.bizdin.kg

тын» тексттеринин ичинен басмадан чыкканы жалгыз китепче — Тыныбек жомокчу айткан «Семетейден» чакан үзүндү. «Семетейден бир бөлүм» — деген ат менен 1925-жылы Москвада арап тамгалары менен беш миң нускада жарык көргөн бул китепченин жалпы көлөмү» — 3617 сап ыр. Китепчеге Э. Арабаев чакан кириш сөз жазган.

Жарыяланган үзүндү 1898-жылы, Нарын приставы, орус адамынын суроосу боюнча Тыныбек жомокчу кагаз бетине түшүргөн материал.

Ушул сөз болуп жаткан өткөн кылымдын 20-жылдарынын ичинде эпостун тексттерин жарыялоого караганда чыгарма боюнча пикир айтып, анын айрым илимдик проблемаларына тиешелүү маселелерге кайрылуу аракеттери бир кыйла активдүү болуптур.

Совет доорунда «Манасты» изилдөө багытындагы илимге белгилүү иштердин төл башы катары белдүү түрколог, проф. П. Фалевдин «Илим жана агартуу иши» («Наука и просвещение») аттуу Ташкентте чыгуучу журналдын 1922-жылкы 1-санында жарыяланган «Кара кыргыздардын былиналары кантип курулат» («Как строится кара-киргизская былина») аттуу чакан макаласы эсептелет.

1925-жылы арап тамгасы менен Москвада жарык көргөн «Семетейден» алынган чакан үзүндүгө Э. Арабаев тарабынан жазылган кириш сөздү «Манас» боюнча басма түрүндөгү кыргыздын калеминен жаралган биринчи эмгек дешке болот. «Семетей баатырдан бир бөлүм» деген тема менен берилген бул чакан макаланы терминдин кеңири маанисиндеги кириш сөз дешке деле болбойт, анын мазмуну да, алдына койгон максаты да жупуну.

Киришүү «Семетейдин» сюжетин кыскача маалымдоодон башталып, жарыяланып жаткан тексттин ошол окуялардын өнүгүшүндөгү ордун, башы, аягы жок бул материал «Кыргыз калкына маалым кадимки Тыныбектин жомогунан бир келмек» экендигин эскертип, Семетей» толук жыйналганда бардык окуялары бир бастырыларын айтып, азыркы жарыялоону «калкка тил суутуу кылууга асты менен бастырып олтурабыз» — деп, оюна жыйынтык чыгарат.

Кириш сөз канчалык көлөм жактан чакан, мазмуну жупуну болсо да, ошол өз учурундагы кыргыз эпосун изилдөө, элге тааныштыруу багытындагы алгачкы чыйырдын биринчи кадамдары катарындагы көч башылык мааниси чоң.

www.bizdin.kg

нын маалыматтарына таянып чыгарманын бизге жеткен үлгүсүндөгү кайсыл эпизоддордун тээ байыртадан бери келе жаткан туруктуу көрүнүш — белги экендигин тактоодо зарыл керектүү фактылык кабарлар алууга болору.

«Манасты» көркөм чыгарма катары өз атынан атап, мазмунуна кирген окуяларды баяндап, баа берип, кыргыздардын бул мурасы менен окумуштуулар дүйнөсүн тааныштыруу аракетинин башталышы XIX кылымдын экинчи жарымына таандык. Бул багытта көч баштап, из салган биринчилик орун казак элинин белгилүү уулу, орус армиясынын офицери, таланттуу окумуштуу Чокан Валихановго тиешелүү.

Ч. Валиханов орўстардын аскердик экспедициясынын составында 1856-ж. Кыргыз жергесине келип, ошол сапар учурунда «Манасты» угат жана чыгарманын бир эпизодунан чакан үзүндү жазып алат.

Ч. Валиханов кагаз бетине түшүрткөн текст «Манастагы» кеңири белгилүү эпизоддордун биринен болгон «Көкөтөйдүн ашы» аттуу окуя. Текстин жалпы көлөмү 3320 сап ыр. Ыр саптарынын арасында бир нече жерде аралашкан кара сөз бар.

Ч. Валиханов өзү кагаз бетине түшүрткөн «Көкөтөй кандын ашын» «Манастагы» эң мыкты эпизод – деп эсептейт.

Окумуштуунун «Көкөтөй кандын ашын» орус тилине которуу аракети аягына чыгарылбай, кыргызча тексттердин 910 сабы гана которулган. Ошол котормо 1902-жылы 21-мартта өткөн Орус археологиялык коомунун чыгыш бөлүмүнүн кеңешмесинде талкууланып, котормонун деңгээли, тактыгы, материалдын мазмуну жактан эмгек жыйындын катышуучулары тарабынан жогору баага *ээ* болот. Котормо биринчи жолу 1904-ж. Ч. Ч. Валихановдун мыкты деген чыгармаларынын катарында Санкт-Петербургда жарык көргөн.

«Көкөтөй кандын ашынын» кыргызча тексттери окумуштуунун көзү өткөн соң кайда сакталганы белгисиз болуп, көп жылдар бою дайынсыз жүрүп, 1960-жылдардын орто чендеринде акад. А. Маргулан таап, кол жазманын факсимилесин өзү жазган кеңири кириш сөзү, комментариялары менен кошо 1971-жылы Алматыда жарыялады.

www.bizdin.kg

«Манас» эпосун изилдеп үйрөнүүдө Ч. Валиханов кагаз бетине түшүрткөн текстердин, алардын котормосунун, ошондой эле окумуштуунун кыргыздардын мурас эстелигине карата айткан ойлорунун, берген баасынын, илимий корутундуларынын баркы, мааниси чоң.

Ч. Валихановдун «Манас» жомогуна тиешелүү ойлору менен маалыматтары «Ысык-Көл күндөлүктөрүндөгү» бир нече жердеги кыска эскерүүлөрдү эсепке албаганда, негизинен, анын аягына чыгарылбай калган, тема да коюлбаган кыргыздар жөнүндөгү көлөмдүү кол жазмасында жана «Жунгария очерктери» аттуу коомчулукка кеңири белгилүү, дыкаттык менен иштелип чыккан фундаменталдуу илимий эмгегинде топтолгон. Бул эмгектерден «Манас» эпосунун мазмуну, айтуучуларынын чыгармачылыгы, чыгарманын пайда болуу, курулуу ыгы ж. б. көптөгөн багыттар боюнча баалуу пикир, илимий жоромолдорду табууга болот.

Казак окумуштуусу кыргыздардын улуу эстелигин жогору баалайт. Анын бул чыгармага карата «Манас» кыргыздардын бардык мифтеринин, жөө жомокторунун, уламыштарынын бир убак мезгилге келтирилген жана бир адамдын — баатыр Манастын айланасына топтолгон энциклопедиялык жыйнагы. Бул талаа Илиадасы сымал нерсе. Кыргыздардын жашоо шарттары, үрп-адаттары, адеп-ахлахтык түшүнүктөрү, географиясы, диндик ишенимдери жана медициналык билгендери, ошондой эле алардын эл аралык мамилелери бул эпопеяда чагылдырылган» — деген баа, аныктамасы «Манас» эпосуна берилген мүнөздөмөлөрдүн классикалык үлгүлөрүнүн бири.

«Манас» эпосунун негизги үч бөлүмүнүн окуяларын баштан-аяк ирээти менен кагаз бетине түшүргөн, жазган материалдарын кыргыз тилинде китеп түрүндө басмадан чыгарган жана чыгарманы ыр түрүндө башка элдин тилине биринчи болуп которгон адам орус окумуштуусу акад. В. В. Радлов.

Илим дүйнөсүндө атактуу түрколог, академик, орус окумуштуусу Василий Васильевич Радлов — деген ат менен белгилүү болгон бул адамдын өз аты Фридрих, атасынын аты — Вильгельм, улуту боюнча немис, 1837-жылы 5-январда Берлинде туулуп, 1918-жылы 12-майда Петроградда дүйнөдөн кайткан.

www.bizdin.kg

шып «Манас» эпосун (Сагымбай манасчыдан жазылган тексттерди) басмага даярдоо жана жарыялоо маселеси каралат. Кеңири талкуудан кийин эпосту бастыруу зарыл деген бүтүмгө келишет. Бул иштерди уюштуруу жана жүзөгө ашыруу үчүн «Манас» комиссиясы» деп аталган атайын, жарым коомдук башталыштагы топ түзүү чечилип, кабыл алынат. Комиссиянын башчылыгына ошол кеңешмеде тексттерди бастырып чыгаруунун принциптери жөнүндө атайын доклад жасаган К. Карасаев, катчысы болуп илим изилдөө институтунун кол жазмалар боюнча штаттагы кызматкери Шабданов бекитилет. Ошол «Манас» комиссиясынын төрагалык милдетин 1931-жылдан баштап К. Тыныстанов аткарып, андан кийин бул милдет ким республикадагы агартуу тармагын башкарса, ошого жүктөлүп жүрүп олтурган.

«Манас» комиссиясы 1931-жылдан баштап К. Тыныстановдун демилгеси менен эпостун тексттерин орус тилине которуу ишин да баштап, чыгарманын ырларын сапмасап которуу тобу түзүлүп, ага Шабданов, Солтоноев, Тойчунов, Нааматов жана жазуучулар Алексеев, Попов тартылат.

К. Тыныстанов жетектеген «Манас» комиссиясы эпостун тексттерин басмага даярдоо, орус тилине которуу багытында бир катар иштерди иштеген. К. Тыныстанов 1932, 1936-жылдары эки жолу атайын ушул маселе боюнча Москвага командировкага барып, Поливанов, Батманов сыяктуу адистерди ыр саптарын сөзмө-сөз орус тилине которуу ишине тартып, 1935-жылы өткөн атайын конференцияны уюштуруп, белгилүү орус акын-котормочуларды чыгарманын орус тилине көркөм котормосун жүзөгө ашыруугa макулдашып активдүү аракеттер көргөн. Бастырууга, которууга даярдалган кыргызча тексттерди 1935-жылы К. Тыныстанов редакциялаган. Даяр тексттер орус тилине сөзмөсөз которулуп, 1936-жылдан тартып Москвада котормочулар үчүн өткөрүлгөн атайын конкурстун жеңүүчүлөрү болгон Д. С. Липкин, Л. Пеньковский, М. Тарловский «Манасты» орус тилине көркөм которуу ишине киришишкен. Бирок андай аракеттерден көзгө көрүнөрлүк натыйжа чыга электе иш аягына жеткирилбей токтоп калган. Анткени иштин активдүү демилгечиси К. Тыныстанов катуу сынга алынып, ишинен четтетилгендикке байланыштуу ал ка-

www.bizdin.kg

тышкан иштердин көбү жараксыз, зыяндуу делип табылган. Буга Кыргызстан КП(б) БКнын Бюросунун 1937-жылы 5-ноябрдагы жыйынында кабыл алынган № 51-токтомунун § 8 күбө боло алат. Бул токтомдо 1. Атайын «Манас» комитети түзүлүп, анын составына Султанбеков, Салиханов, Камбаров, Токобаев, Жакишев (жооптуу катчы), Алимов, Ашубаев, Жаналиев кирсин. 2. Мурдагы тексттер зыянкечтик менен иштелгендиктен, «Манасты» бастырып чыгаруу иши тексттерди аягына чейин редакциялоого жана комитет тарабынан бекитилгенге чейин токтотулсун — деген бүтүм чыгарылган.

Ошондой болсо да 1935-жылдардан тартып кызуу жүргүзүлүп жаткан «Манас» эпосунун түрдүү варианттарын кагаз бетине түшүрүү — жазып алып жыйноо багытындагы маанилүү иштер өз нугунда, мурдагы калыпта улантылган. Ошондой эле чыгарманын тексттерин орус тилине көркөм которуу да өз деминен кайтпай, колдоого ээ болуп турган. Ал эле эмес ушул аракетке жаңы багыт берилип, 1938-жылы 28-октябрда Кыргыз ССРинин ЭКК төрагасы Т. Кулатовдо өткөн «Манас» эпосун орус тилине которуп жаткан Москвалык котормочулар Липкин, Тарловский, Пеньковский жана Илим изилдөө институтунун, басмакананын, Жазуучулар Союзунун өкүлдөрү, башка жооптуу кызматкерлер катышкан кеңешмеде эпосту орус тилине которуу ишинин жүрүшү талкууланып, ошол жыйында «Манастын» кадыр-баркын көтөрүү максатында орусча китебинин 1-тому жарыкка чыкканда эпостун юбилейин өткөрүү чечими кабыл алынат жана эпостун чыгыш датасын тактоо иши окумуштууларга милдеттендирилет.

Ушул чечимге ылайык «Манастын» тексттерин кыргыз тилинде басмага даярдоо да кайра колго алынып, 1938-жылы 20-сентябрда Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин № 1323 токтому менен «Манасты» кыргыз тилинде бастырууну даярдоо үчүн атайын редакциялык комиссия түзүлүп, ага М. Чоңбашев, У. Жакишев, К. Маликов, Т. Шамшиев, Т. Үмөталиев бекитилет. Ал эми 1939-жылы декабрда КП(б)К БКнын Бюросунун № 103 чечими менен эпостун кыргыз тилиндеги 1-китебинин Редколлегиясы катары Жакишев, Маликов, Үмөталиев, Бөкөмбаев, Токомбаев, Жумабаев бекитилет.

www.bizdin.kg

Ушул эле жылдары иште жандандыруу, натыйжалуулугун арттыруу максатында узак жылдардан бери кызматкерлеринин көбү коомдук башталышта жүргөн мурдагы «Манас» комиссиясы, 1935-жылдан тартып «Манасты» бастырып чыгаруу редколлегиясы — деп аталып келген мекеме атайын даярдыгы бар кадрлары арбын Кыргыз тили жана жазуу илим изилдөө институту менен Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Кеңешинин 1938-жылы 8-августагы № 1108 токтому аркылуу бириктирилип, «Манас» эпосун жарыялоо редколлегиясынын жумушчу аппараты, кызматкерлери, сметасы, каражаты, кызматкерлери жана буюм-тайымы институтка өткөрүлүп берилет, ушуга ылайык институттун тутумунда «Манас» эпосун бастырып чыгаруу бөлүмү түзүлгөн, бөлүмгө Ө. Жакишев башчы болуп дайындалган. Бир жылдан кийин 1939-жылы 16-сентябрдагы Илим Комитетинин № 3 токтому менен бөлүмдүн статусу өзгөртүлүп, атайын «Манас» сектору уюшулуп, сектор атайын штатта турган илимий кызматкерлер менен толукталган.

1940-жылы 23-мартта Кыргыз ССРинин ЭКСнин № 389-токтому менен 1940—41-жылдарда кыргыз жана орус тилдеринде эпостун 1—2-томдорун бастырып чыгаруу белгиленген, ошондой эле 1940-жылдын ичинде эпостун үч бөлүмүнөн айрым элге кеңири белгилүү эпизоддорду кыска түрдө жарыялоо да көрсөтүлүп, бул багытта Манастын балалык чагы, Алооке кан, Үргөнч, Тайтору, Манастын өлүмү ж. б. сунуш кылынган.

Согуш чыгып калганга байланыштуу бул токтомдун негизги маселеси аткарылган эмес, ошондой болсо да «Манас» секторунда басмага даярдалган айрым эпизоддор 1940—1943-ж.ж. ичинде «Манас» сериялары» деген ат менен он бир китепче жарык көргөн.

1940-жылдын 25-ноябрында Фрунзе шаарында Жалпы Союздук кеңешме өткөрүлүп; Москва, Ленинград ж. б. жактан окумуштуу адистер чакырылып, кеңешмеде талкууга алынган «Манас» эпосунун пайда болуш маселеси боюнча бул чыгармага миң жыл болду делген болжолдуу дата көрсөтүлүп, чечим кабыл алынган. Бирок согушка байланыштуу эпостун негизги китептери чыкпагандыктан юбилей өткөрүлгөн эмес.

1945-жылы 8-сентябрда КП(б)К БК Бюросу 1947-жылы «Манас» эпосунун 1100 жылдык юбилейи өткөрүлсүн —

www.bizdin.kg

деп чечим кабыл алып, 51 кишиден турган Т. Кулатовдун төрагалыгы менен юбилейлик комитет түзүлүп, юбилейдин аппараты, секретарлары ж. б. бекитилген. Бирок, өз убагында даярдык иштери бүтпөгөндүктөн юбилей өтпөй, эки жылга кийин жылдырылган. Анын арасында өлкөдө саясий кырдаал өзгөрүп кеткендиктен маараке өткөн эмес, тескерисинче КПК БКнын Бюросунун 1952-жылы 27-июндагы № 270-токтомуна ылайык «Манас» боюнча мурда жарык көргөн бир катар китептер, алардын арасында 1946-жылы Москвада жарыяланган орус тилиндеги «Манас» Великий поход — деген 1946-жылы Сталиндик сыйлыкка көрсөтүлгөн китеп да зыяндуу катары пайдаланылуудан алынып салынган.

СССР Илимдер Академиясынын Президиумунун демилгеси менен 1950-жылы 20-октябрда атайын кеңешме өткөрүлүп, натыйжада «Манас» эпосунун илимий проблемаларын талкуулоо үчүн Жалпы Союздук конференция өткөрүү чечими кабыл алынып, атайын кеңири даярдыктардан кийин 1952-жылы 6-июндан 10-июнга чейин беш күнгө созулган, көптөгөн белгилүү окумуштуулар, жалпы саны төрт жүздөн ашуун адам катышкан илимий конференция өтүп, ал талкуулаган негизги маселеси боюнча «Манас» эпосу негизинен элдик чыгарма деген жыйынтык чыгарып, түрдүү варианттардын алгылыктуу тексттеринен курап бириктирилген вариант түрүндө үч бөлүмүн кыскартып жарыялоо зарылдыгын көрсөткөн. Ушул чечимге ылайык даярдалган эпостун тексттери «Манас» эки, «Семетей», «Сейтек» бирден китеп түрүндө жазуучулар К. Маликов, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков тарабынан даярдалып, ал китептер 1958—1960-жылдар ичинде жарык көргөн.

1948-жылы өзүнчө топ болуудан калып, фольклор, секторуна кошулган «Манас» сектору СССР ИА Президиумунун 1-августта кабыл алган чечимине ылайык 1954-жылы кайра өзүнчө топ болуп түзүлгөн.

«Манас» эпосуна байланышкан зарыл проблемаларга мамлекет, өкмөт тарабынан орчундуу көңүл бурулгандыгына, бул багытта кыргыз интеллигенттеринин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн кызмат ордуна, кесибине карабай дээрлик бардыгы чын пейилден, активдүү аракеттенгендигине карабастан узак жылдар бою чыгарманын окуяларын ирээти менен камтыган толук сюжетин бастыруу боюнча каа-

www.bizdin.kg

лагандай ийгиликтүү натыйжалар чыкпагандыгынын негизги себептери, биринчиден, бул жомоктун өзгөчө зор көлөмү, окуялары татаал, мазмуну элдик узак убакыттар ичиндеги түрдүү көз караш, түшүнүктөрүн камтыгандыгы, ушуга байланышкан ага тиешелүү иштердин татаалдыгы болсо, экинчи орчундуу себеп республикада бул багытта иштеген улуттук атайын адистердин жоктугу, натыйжада чыгарманын көптөгөн күйөрмандарынын аракеттери талаага кеткен куру эмгекке айлангандыгы, булардын үстүнө, кээде чечүүчү мааниге ээ болгон ролду ойногон, жалпы мамлекеттик түзүлүштүн тоталитардык мүнөзү, идеологиясынын, саясаттын улам өзгөрүп, ар бир иш-аракеттин ошого ылайыкташууга аргасыз болуп туруусу деш жөндүү.

Ошондой болсо да өткөн кылымдын отузунчу жылдарынан башталып, кыркынчы жылдардын орто чендеринин алкагындагы мезгилди кучагына камтыган манастаануу илиминин түптөлүү учуру катары мүнөздөлүүчү экинчи баскычы өз жүгүн ишенимдүү көтөрө алат дешке толук негиз бар. Анткени так ушул мезгил ичинде кандуу согуш учурунда да токтоп калбаган тексттерди жыйноо-жазып алуу иши ийгиликтүү улантылып, орчундуу натыйжалар берген. Чыгарманы бастырып жарыялоо боюнча да чоң-чоң китептер чыкпаганы менен эпостун калкка кеңири белгилүү эпизод-окуялардын кыйласы кыскартылып, чакан китепчелер түрүндө элге тараган. Башка тилдерге — орус тилине которуу колго алынып, которулуп жаткан «Чоң казаттын» үзүндүлөрү Борбордук жана республикалык мезгилдүү басма сөз каражаттарынын беттеринде көптөгөн жолдору басылып турган. Эпостун илимий проблемаларын иликтөө багыты да телчигип, бир катар маселелер талдоого алынып, пикирлер айтылган, айрыкча чыгарманы которуунун теориясы, «Манастын» чыгыш — пайда болуу доору, тарых менен байланышы жөнүндө көп сөз болуп, омоктуу ойлор, жоромолдор сунуш кылынган. Ушул маселелер боюнча Е. О. Поливановдун тексттерди орус тилине которуунун принциптери, А. Н. Бернштамдын «Манастын» чыгыш доору, тарых менен байланышы, С. М. Абрамзондун «Манас» этнографиялык булак катары ж. б. эмгектер көңүл бурууга татыктуу. Согуш жылдарында убактылуу кыргыз жергесине келип баш мааналаган Москвалык, Ленинграддык көптөгөн белгилүү оку-

www.bizdin.kg

муштуулар кыргыз эпосун изилдеп үйрөнүүгө активдүү аралашып, бир катар маанилүү эмгектерди жаратышты. Алардын ичинен академик В. М. Жирмунскийдин, П. Н. Берковдун, М. И. Богдановanын манастаануу илимине кошкон салымдары орчундуу. Кыргыздын көрүнүктүү окумуштуусу К. Рахматуллин да «Манасты» изилдөө ишине ушул мезгил ичинде активдүү аралашып, бир катар белгилүү эмгектерин жаратты.

Казак элинин дүйнөгө кеңири белгилүү уулу, жазуучу жана окумуштуу М. Ауэзов да сөз болуп жаткан мезгил аралыгында илимий консультант, иликтөөчү катары «Манас» проблемаларына активдүү аралашкан. Ал кишинин 1928-жылдардан тартып башталган көп жылдык «Манас» эпосун изилдөөгө арналган фундаменталдуу эмгегинин алгачкы редакциясы отузунчу жылдар ичинде эле даяр болуп, казак тилинде жарык көрүп, иштин кайра каралып, толукталып бүткөн акыркы үлгүсү кыркынчы жылдардын 1-жарымында аяктап, басмага даярдалган.

Алтымышынчы жылдардын баш чендеринен тарта «Манас» секторуна келечектүү жаштар Э. Абдылдаев, С. Бегалиев, аларга удаа эле Р. Сарыпбеков, А. Жайнакова, кызматка кабыл алынып, эпос боюнча илимий иштер жазуу, кандидаттык диссертациялар даярдоо ж. б. жолго коюлат. Ушул учур манастаануу илиминин келечеги үчүн шилтелген ийгиликтүү кадамдарынын башталышы эле.

1966-ж. СССР Илимдер Академиясынын Президиуму атайын кат аркылуу Кыргыз ССР Илимдер Академиясынан кыргыз жана орус тилдеринде «СССР элдеринин эпостору» сериясында жарыялоо үчүн илимий принциптерге ылайыктап «Манас» эпосунан 250 миң сап ыр көлөмүндөгү материалды даярдоо өтүнүчү менен кайрылган.

Бул орчундуу сунуш Тил жана адабият институтунун окумуштуулар кеңешинде талкууланып, ишти жүзөгө ашыруу милдети «Манас» секторуна жүктөлгөн.

Узак убакытка созулуп, көп күч-аракетти талап кылган бул иш «Манас» эпосун изилдөө багытында аракеттенген көптөгөн атайын адистерди даярдоонун өз алдынча мектеби болду.

С. Мусаев тарабынан иштелип чыгып, Манастаануу бөлүмүндө жактырылган жана Москвада өткөн эл аралык эпосторду бастыруу маселесин талкуулаган авторитеттүү

www.bizdin.kg

форумдун колдоосун алган илимий принциптердин негизине таянып жүзөгө ашырылган «Манасты» эки тилде жарыялоо үчүн эпосту басмага даярдоо жумушу жеке эле текст үстүндө иштөө гана эмес, чыгармага таандык көптөгөн теориялык, практикалык иш-аракеттерди да кучагына алып, кыргыздардын улуу мурасынын көптөгөн проблемалары изилдөөдөн өттү.

Иштин туура багытта башталып, татаал маселелердин тез жана оң чечилиши үчүн ошол кезде бөлүмдө илимий консультант катары чоң окумуштуу Б. М. Юнусалиевдин иштегени чоң өбөлгө болду.

Ушуга удаа эле Сагымбай менен Саякбайдын варианттарынын жарык көрүшү, «Манас» энциклопедиясынын эки томдугу даярдалуу, эпостун негизги эки вариантынын академиялык толук бастырылышы колго алынуу, алгачкы китептеринин жарык көрүшү жана ал эмгектердин илим чөйрөсүндө жылуу кабыл алынышы манастаануу илимининин өсүп-өнүгүш жолунун этап-баскычтарын айгинелөөчү ийгиликтер.

Ушул эле мезгилдер ичинде «Манастын» миң жылдык мааракесине даярдык көрүүнүн алкагында жана эпостун орчундуу проблемаларына тиешелүү илимдик маселелерин чечүү максатында чыгарманын мазмун, идеясына, чагылдырган доору, тарых менен байланышына, образдар системасына, көркөмдүк касиеттерине, өнүгүү жолунун этаптарына, варианттарына, манасчылардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнө ж. б. көптөгөн багыттар боюнча изилдөө иштери жүргүзүлдү.

Натыйжада бул орчундуу жүктү аркалап, жүзөгө ашырган илимий кызматкерлердин арасынан эмгектери, адис катары аттары илим дүйнөсүнө да, коомчулукка да кеңири маалым Э. Абдылдаев, Р. Сарыпбеков, А. Жайнакова, Р. Кыдырбаева, С. Бегалиев, К. Кырбашев ж. б. сыяктуу «Манас» эпосун изилдөөнү негизги кесиби кылган белгилүү окумуштуулар өсүп чыгышты.

Жогоруда аталган орчундуу эмгектердин жаралышында алардын негизги аткаруучуларынын биринен болгон жана узак жылдар бою «Манас» бөлүмүн башкарып, теманын жетекчиси катары бөлүмдөгү иштелген ар бир теманын багытын белгилеп, изилдөө жумушунун ийгиликтүү, талап кылынган деңгээлде жүзөгө ашырылуусуна көзөмөл

www.bizdin.kg

жүргүзүп, уюштуруу иштеринин жүгүн аркалаган С. Мусаевдин да үлүшү орчундуу.

«Манас» эпосуна көңүл буруунун Кыргыз Республикасы эле эмес, бүткүл дүйнө жүзү боюнча жеткен чеги президент А. Акаевдин демилгеси менен 1995-жылы өткөрүлгөн «Манастын» мин жылдык мааракеси болду.

Бул орчундуу иш-чаранын өз деңгээлинде өтүшүндө Манастаануу илиминдеги жетишилген ийгиликтердин ойногон ролу да чоң.

«Манас» жөнүндөгү илимдин түптөлүп, өсүп-өнүгүшүндө, айрыкча бул чыгарманын орчундуу илимий практикалык проблемаларынын туура чечилишинде көрүнүктүү окумуштуулар Мухтар Оморханович Ауэзовдун, Виктор Максимович Жирмунскийдин, Болот Мураталиевич Юнусалиевдин, Арфо Аветисовна Петросяндын, Калим Ахмедович Рахматуллиндин эпоско арналган эмгектеринин ойногон ролунда кун жок.

«Манастын» чет элдик күйөрмандары да арбын. Алардын арасында англиялык окумуштуу Артур Томас Хатто, кытай окумуштуулары Ху Чжэнь Хуа-Мухамед, Лаң Йың, франциялык түрколог Реми Дор ж. б. сыяктуу дүйнөгө кеңири белгилүү ири изилдөөчүлөрү да бар.

Манастаануу илиминин бардык бөлүмдөрү боюнча иштер ийгиликтүү улантылууда.

www.bizdin.kg

ВАЛИХАНОВ ЧОКАН ЧИНГИЗОВИЧ

(1835—1865)

Валиханов Чокан Чингизович (Мухаммед-Ханафия) Чынгызович (1835-ж. Казакстандын азыркы Кустанай обл., Жети-Көл районундагы Кушмурун кыштагы – 1865-ж. азыркы Талды-Коргон обл., Алтын-Эмел кыштагы) – казак элинин туңгуч илимпозу-этнограф, фольклорчу, тарыхчы, тилчи, демократ-агартуучусу.

Чокан (асан чакырганда коюлган аты Мухаммед-Ханафия, тынчы жок, шок баланы энеси чокондогон чоконум – деп эркелетип жүрүп, бала Чокан атыгып кетиптир) Валиханов (Вали Чокандын чоң атасы, ал кадимки Абылай кандын уулу, Орто жүз казактарынын каны болгон адам) Чыңгызович (Чыңгыз Чокандын өз атасы, Чынгыз да кан аталып, орус падышалыгы тарабынан да жогорку мансап берилип – 1834-ж. Аман-Карагай округуна ага султан болуп шайланган адам) тектүү жердин тукумунан. Атасы Чыңгыз кан акылдуу, баамчыл, түшүнүгү бир топ кенен адам болгондуктан Чоканды алгач өз айылында диний мектептен окутуп, анан шаарга алып барып өзүнүн жакшы таанышы, орус адам, бай көпөстүн үйүнө жаткырып орус мектебинен окутат (Чокандын жаш чагынан тартып мүнөзүндөгү бекемдикти, чечкиндүүлүктү көрсөтүүчү бир учур – ошол атасы тааныш көпөстүкүнө алып барып таштап кетерде Чокан калбаймын деп, атасын ээрчип ыйлаптыр. Атасы уулун тилдеп, какыс-кукус кылып, таштап кете берет. Мени чоочун адамдардын көзүнчө ыза кылды деп атасына таарынган Чокан мектепти бүткөнгө чейин үйүнө барбай коюптур).

www.bizdin.kg

Зээндүү, тырышчаак Чокан орус тилин тез эле үйрөнүп, мектептеги сабакты мыкты билген окуучулардын катарына кошулат.

1847-ж. Осмкидеги кадет корпусуна окууга алынып, аны 1853-ж. 18 жашында ийгиликтүү бүтүрүп, аскердик ишин Батыш Сибирь генерал-губернаторунун адьютанты болуп баштайт.

Ишине так, чынчыл, калыс, зээндүү, кеңири билимге ээ, көп тилдерди (чагатай, араб, уйгур, немец, француз) билген жаш офицер ишенимдүү, колунан көп иштер келе турган кадр катары орус администрациясынын жогорку мансаптагы жетекчи адамдарына тез алынып, ага аскердик, саясий чоң мааниге ээ жооптуу иштерге катышууга жол ачылат. Айрыкча түпкү максаты аскердик чалгындоо иштери менен байланышкан атайын аскердик-илимий экспедицияларга жер шартын, туруктуу элдердин үрп-адаттарын мыкты билген адам катары кеңешчи, котормочу болуп кызмат өтөп катышат. Ошондой экспедициялардын бири – полковник М. М. Хоментовскийдин Ысык-Көл жана Күңгөй Ала-Тоого жасалган илимий-аскердик (военный) экспедициясынын курамында 1856-жылдын май, июнь айларында кыргыз жергесинде болуп, «Манасты» уккан жана эпостогу белгилүү эпизод «Көкөтөйдүн ашынан» үзүндү жазып алган. Бул маалымат, адатта, негизинен окумуштуунун эки эмгегиндеги өз эскертүүсүнө таянылып айтылат: «Ысык-Көлгө баруунун күндөлүгү» жана 1860-жылы Петербургда жазылган Ч. Ч. Валихановдун өзгөчө маанилүү эмгектеринин биринен болгон «Жунгария очерктери».

1856-жылы жазылып, өзү катышкан М. М. Хоментовскийдин экспедициясынын жүрүшүн системалуу түрдө баштан аяк дээрлик мүнөздөгөн «Ысык-Көлгө баруунун күндөлүгүндө» окумуштуу «Манас» менен таанышууга жана анын текстин жазып алууга байланышы бар кабар берилген жер бул: «(майдын) 26-числосунда менде ырчы, жапайы-таштык кыргыз болду. Ал «Манас» поэмасын билет»! Күндөлүктө жазылган андан кийинки саптар окумуштуу эпосту айттырып уккан деген тыянакка келүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бирок, бул жерде чыгарманы кагаз бетине түшүрүү, же ушул багыттагы ой жөнүндө эч кабар жок. «Манастын» бир эпизодун жазып алдым деген так сөздү окумуштуу жогоруда эскерилген экинчи эмгегинде «Жун-

www.bizdin.kg

гария очерктеринде» айтат: «Манас» поэмасынан бир эпизод, так «Көкөтөй хандын ашы» кыргыз рапсодиясынын айтуусу боюнча мен тарабынан жазылды». Бирок, бул жерде да чыгарманын тексти качан, кандай шартта кагаз бетине түшүрүлгөнү так эскертилген эмес. Демек, «Манас» эпосунун үзүндүсүн Ч. Валиханов 1856-жылы келгенде жазып алды делген маалымат такталган, документалдык фактынын негизинде эмес, божомол, ой жоруу, ушундай болуу керек деген жоромолго таянылып чыгарылган корутунду. Ырас, муну айтуу менен биз белгилүү окумуштуунун атына көлөкө түшүрүүдөн, же анын кыргыз эпосун кагаз бетине биринчи болуп жазгандыгына күмөн кылуудан алыспыз. «Манас» жөнүндөгү илимий зор кызыкчылыкка ээ аз эмес сандагы кабарлардан тартып, эпостун белгилүү эпизоддорунун бири «Көкөтөйдүн ашынын» тексттеринин алгачкы фиксациясы Ч. Валихановго таандык экендик эч кимге күмөн да, шек да туудурбай турган чындык. Тек бул жерде биз ошол кенири белгилүү фактынын мүнөзүнө, «юридикалык» пландагы калыптанышына-берилишине гана көңүл буруп коймокчубуз жана текстин кагаз бетине түшүрүү учуру сөзсүз 1856—жылдын 26-майы гана болбостон, башка дата, биз али биле элек учур да болушу мүмкүн экендикти эсептен такыр эле чыгарып салуу жарабастыгын эске салмакчыбыз. Анткени, «Манасты» мурдатадан эле билген (эч курбаганда кабары бар), ага кызыккан жана жогору баалаган окумуштуу мындай маанилүү окуяны — эпостун текстин кагаз бетине түшүрүү ишин, же ошондой иштин башталышын өз «Күндөлүгүндө» эскертүүсү мүмкүн эле. А балким, бул окуянын сыры эпостун текстин кагаз бетине түшүрүүнү Ч. Валиханов өзү иштебестен, башка адамга тапшыргандык менен түшүндүрүлөр?

Илимге белгилүү маалыматтарга караганда казак окумуштуусу «Манас» эпосу жөнүндө өзү кыргыз жергесине келгенге чейин эле кабардар болгон. Мунун далилин эң алды менен окумуштуунун ошол 1856-жылкы жазылган «Күндөлүгүнөн» жолуктурабыз. «Күндөлүктүн» баш жагындагы Ысык-Көл сапарына багыт алгандагы жол көрүнүштөрүн баяндаган учурлардын биринде саякатчы минтип жазат: «Куш мурундан SSO тарапта Манастын Боз-Дөбөсү деп аталган өзүнчө дөбө, же эски жайдын урандысы жа-

www.bizdin.kg

тат. Жергиликтүү элдин уламышы алардын баатыры Манас (эл арасындагы сонун эпикалык чыгарманын каарманы) каугирастар (калмактар) менен согушкан учурда анын үстүнө өз лагерин жайгаштырганын айтат». Бул саптар Ч. Валиханов кыргыздарга келе жатканда эле алардын сонун эпосу жана анын каарманы баатыр Манас жөнүндө кеңири болбогон күндө да, өз оюн билдирген баа берерлик деңгээлдеги маалыматы бар экендигин айгинелеп турат. Фактынын «Манасты» үйрөнүү илиминде мааниси бар, анткени, ал кабар факты ошол учурдагы эпостун жашоо, жайылуу географиясынан, эл турмушунан алган ордунан кабар берет, б. а. бул кабардан казак окумуштуусу кыргыз жергесине келген тарыхый шартка чейин эле «Манас» кагаз бетине жазылбаса да аны жараткан элдин жашоо чегинен чыгып, алда канча кеңири территорияга белгилүү болгонун-атак-даңкы тараганын көрөбүз.

Ч. Валиханов кыргыз жергесине келгенге чейин эле «Манас» эпосун билген — ал жөнүндөгү негизги маалыматтар менен кабардар болгон деген ойду окумуштуунун өмүрүн, чыгармаларын мыкты билген атайын адистердин бири, казак академиги А. Х. Маргулан да айтат. Анын ою боюнча Ч. Валиханов «Манас» эпосу жөнүндөгү маалыматтарды өзү кадет корпусунда окуп жүргөн кездеринде эле угуп, кабардар болгон. Оюн аныктоо үчүн А. Маргулан бир нече жоромолдор келтирет. Алардын ичинде кадет корпусунун окутуучусу, казак-кыргыздарга таандык оозеки материалдарды өз сабактарында пайдаланган Н. Ф. Костылецкий, Манастын аты менен байланышкан уламаларды жазып алган К. Л. Врангель ж. б. бар. А. Маргуландын божомолдору чындыкка канчалык даражада туура келерин кесе айтуу кыйын, анын үстүнө ал ойлорду төгүнгө чыгара турган, же алардын ордуна сунуш кыла турган пикир, ой, факты бизге белгисиз. Ошондой болсо да Ч. Валиханов «Манас» жөнүндөгү өзүнө керектүү маалыматтарды кыргыз жергесине аттанар алдында атайын даярдык катары алышы, өзү сурамжылап билиши да мүмкүн. Не болгон күндө да казак окумуштуусу кыргыз жергесинде болгон 1856—жылдар аралыгында «Манас» эпосу аны жараткан элдин аймагынан сырткары жайларда да орчундуу эстелик мурас катары белгилүү болгону аныk.

www.bizdin.kg

Ч. Валихановдун «Манастын» тексттери менен түздөн-түз таанышуусу жана эпостун мазмуну боюнча алда канча кеңири маалыматтар алышы 1856-жылдын 26-майында кыргыз ырчысы менен жолугушканда жүзөгө ашканы күмөнсүз чындык. Буга окумуштуунун «Күндөлүгү» да күбө. Анткени саякатчы ага «Манасты» билген кыргыз ырчысы келгенин гана маалымдабастан, поэманын тили сүйлөө тилине караганда түшүнүүгө жеңил экендигин белгилейт (демек, ал буга чейин чыгарманын тексттин уккан эмес) жана эпостун мазмуну жөнүндө оюн айтат: Ч. Валиханов уккан текст боюнча Манас өмүрү жалаң эле сулуу аял издөө, мушташ-кармаш менен өткөн, атасын тилдеп, малын тартып алып, кордуктар көргөзгөн адам. Анын мындай жүрүштурушуна окумуштуу да нааразы болуп, мындай мүнөз көчмөн элдерде кезикчү эмес эле деп атайын белгилейт.

Ага келген ырчыдан окумуштуу уккан сюжеттей окуя ошол өткөн кылымдын 60-жылдарында жазылган В. В. Радловдун текстинде да, бүгүн бизге белгилүү болгон башка көптөгөн тексттерде да жок. Ушуга негизделип окумуштуугa жолуккан ырчы же манасчы эмес, ошон үчүн эпостун өзөк окуяларын бузуп айткан, же манасчы болгон күндө да кандайдыр себептер менен элге белгилүү сюжеттерди бурмалап, же атайын өзгөртүүлөр кошуп аткарган деген тыянакка келүүгө мүмкүн. Эгер Ч. Валиханов жазып алган текст ушул ырчыдан жазылса, анда ал эпостон бир гана эпизодду (бул жерде «Көкөтөйдүн ашын») аткарган чала манасчы. Ушунун натыйжасында эпостун башка окуялары жөнүндөгү окумуштуунун суроосуна билбейм деп жооп берүүнү намыс көрүп, оюна келген сюжетти — жаш мырзанын көңүлүнө жагат ко деген ой менен сулуу кыздар издөөнү чүргөп айткан болсо керек. Ушул сюжет боюнча түзүлгөн Манастын образы, окуялар баяндаган идеялык багыт элдик эпостун негизги маңызына, түпкү максатына туура келбеси да Ч. Валихановго 26-майда чыгарманын окуяларын кыскача баяндап берген адамдын маалыматы кокустук көрүнүш, же атайын иштелген дезинформация экендигине күбө болуп турат.

Мунун далилин окумуштуунун жалпы эпос, анын окуялары жөнүндөгү, айрыкча анын чыгарма менен кененирээк таанышкан кези деп айтууга мүмкүн болгон кийинки учурлардагы эмгектеринде айтылган маалыматтар, ошо-

www.bizdin.kg

нун ичинде «Манастын» мазмунуна тиешелүүлөрүндө да мындай маанидеги окуялар эч жерде кезикпегендигинен, ал турмак эскерилбегендигинен да көрүүгө мүмкүн. Чынында Ч. Валихановдун эмгектериндеги «Манас» жөнүндөгү ушул азыр сөз болуп жаткан окуялардан башка кабар, маалыматтардын дээрлик бардыгы эпостун өзөк окуяларына байланышкан жана белгилүү эпизоддордун варианттары, же кыскарган үлгүлөрү.

Өзүнө жолугуп «Манасты» айткан ырчынын аты-жөнүн да, кагаз бетине түшүрүлгөн тексттер кимдин оозунан жазылганын да Ч. Валиханов эч жерде эскербейт. Ошон үчүн окумуштуунун информатору ким экендигин кесе айтуу кыйын. Бул багыттагы айтылган жоромол пикирлердин ичинен көңүл бурууга арзырлыгы акад. А. Маргуландын ою. Ал адам Ч. Валихановго «Манасты» айтып берип жаздырган киши элге кеңири белгилүү улуу манасчылардын бири болсо керек деп эсептейт, ал турмак белгилүү айтуучулардын бири Назардын атын атайт.

Окумуштуунун бул жердеги таянычы Назардын окуучусу болгон Жандеке деген адам айткан тексттердеги айрым ыр саптарында Ч. Валихановв жазган тексттер менен окшоштуктар бар экендик. Бул көңүл бура турган ой, бирок, тексттердеги ыр саптарынын жакындыгы чечүүчү мааниге ээ болуучу далил эмес. Анткени, андай клишелик маанидеги ыр саптарынын бири бирине сөзмө сөз туура келип калышы жеке эле бирикен бири үйрөнгөн айтуучулар арасында гана эмес, кээде бирин бири такыр көрбөгөн, укпаган манасчылар айткан варианттарда да кезиге берет. Бул «Манастын» муундан муунга өткөрүлүүдөгү жана эл арасында жашашындагы туруктуулук мүнөзү менен шартташкан белги. Анын далилин так ошол Ч. Валиханов жазган тексттеги көптөгөн элестүү саптар кийинки манасчылардын варианттарында кеңири жолугуу фактысынан да даана көрүүгө болот.

А. Маргулан күбө өткөн маалыматтарга караганда «Манастын» тексттерин кагаз бетине Ч. Валиханов өзү түшүргөн эмес. Анын ташпырууучу боюнча ал ишти арап тамгасы менен жазууну дурус билген казак адамы аткарса керек. Мындай жыйынтыктын себебин А. Маргулан ыр текстине казак сөздөр аралашып жазылуу менен түшүндүрүп, ошондой бурмаланып калган учурлардын Ч. Вали-

www.bizdin.kg

хановдун өз колунан оңдолгон көптөгөн фактыларын келтирет. Тексттерди өз колу менен жазбаса да Ч. Валихановдун бул маанилүү иштеги катышы тапшырма берип уюштурган жана жетекчилик кылган адамдын ролу менен гана чектелбейт. Ал бул аракеттин түздөн түз катышуучусу да. Буга жазылган тексттердеги кетирилген көптөгөн так эместиктердин, бат жазуу процессинде айтуучуга үлгүрө албай катчы калтырып кеткен саптардын, бурмаланып, же туура эмес жазылып калган сөздөрдүн окумуштуунун өз колу менен оңдолуп, тактоолор киргизилүү фактысы айкын күбө боло алат. Так ушул негизге таянып окумуштуу өзү да «Манастан» өзү текст жазып алганын эскертет. Чынында эле окумуштуунун тапшыруусу менен эпостун текстин кагаз бетине түшүрүүнү жүзөгө ашырган адам маанилүү иштин акыл-эске таянып, максаттуу аракеттенген аткаруучусу эмес, кара күчүн гана сарптаган эмгек ээси экени талашсыз, ошентсе да ошол шартта окуган, жазганды дурус билген ал катчы өзү аралашып, ал турмак негизги аткаруучу болуп жаткан аракеттин маанисине так болбогондо да, боолголоп түшүнгөндүр. Не болгон күндө да анын аты-жөнү, кимдиги, улуту ж. б. жөнүндөгү маалыматтар сакталып калбаганы өкүнүчтүү.

Ч. Валиханов кагаз бетине түшүрткөн текст «Манастагы» кеңири белгилүү эпизоддордун биринен болгон «Көкөтөйдүн ашы» аттуу окуя. Кыргыз эпосундагы туруктуу салттык окуялардын биринен болгон бул сюжет, кебетеси, ошол тексттери кагаз бетине түшкөн тарыхый мезгилдерде окуялары негизинен калыптанып бүткөн, эл арасында кеңири белгилүү болгон жана барктalган, көп аткарылган эпизоддордун биринен өндөнөт. Буга сюжеттин кыргыз жергесине казак окумуштуусуна удаа эле келген акад. В. В. Радлов жазган тексттерден да орун алышы, окуяларынын составы, өнүгүш нугу ошол өткөн кылымдагы эки тексте эле эмес, бүгүнкү белгилүү варианттарда да көп белгилери жактан жакын болуп, өзгөрүүсүз сакталганы даана күбө.

Ч. Валиханов жазган «Көкөтөй кандын ашындагы» окуялардын өнүгүш нугу негизинен төмөнкүчө: Алтын ээрдин кашы, ата-журттун башы, күмүш ээрдин кашы, түн түшкөн көп калың ногой журттун башы болгон Көкөтөй кан элдин алдынан өтүүнү ойлоп, жайма Көкүл жаш Айдар чоросун Мааникерди мингизип, Көкөтөй жаман болду

www.bizdin.kg

деп, элге кабар айт, кары-жаш дебей бүт келсин, керээз ашымды берем, керээз сөзүмдү айтам дейт. Чогулуп келген калың элге Көкөтөй өзү жүз токсон тогуз жашка чыгып, жаак сөөгү бошоп, карыганын, көкүрөгүн дарт алып ооруганын, эл арасынан өтмөк болгонун айтат. Дөбөдөй эт, көлдөй чык кылып керээз ашын берип, керээз сөзүн баяндайт: Менин көзүм өткөн соң, кылыч менен кырдырып, кымыз менен жуудуруп, чарайна менен чаптатып, булгаары менен каптатып, сексен эркеч майына бышырылган кыштан ак сарай салдырып койгула, бейитимдин башына кунан байге кылгыла. Кулаалы салып куш, курама жыйып эл кылдым эле, Байдын уулу Баймырза баатыр, ошол курама элди таратып жибербей багып ал. Таап алган Бокмурунду ала күчүк, арам сийдик дебей, жетим тонун кийгизбей асыра. Бери болсо эки, ары болсо үч жылда эрбейип атка минип адам болот, ошондо аны менин ордума кан көтөрүп ал. Менин кырк ашымды бererде кытайлардын кыр мурундуу Коңурбай баатырына барып, ашты ошондо өткөрүп, карызыңдан кутул. Улуу ашымды бererде Анжиянда тоюнган, чийки нанга семирген, Анжияндын тоң алмасын кемирген, он экисинде ок аткан, он үчүнө жеткенде ордо бузуп, үй чапкан, кабагы бийик, өңү саз, эңгечер бойлуу эр Манас — көк дөбөт бөрүгө барып, ошондо аш берип карызыңдан кутул. Бул ашта мусулман менен капырды бүт жыйып, улуу той кыл.

Көкөтөй өлүп, эли катуу кайгырып, өзү айткандай кылып сый-сыпаты менен коюп, кунан чабат. Көкөтөйдөн калган элди Баймырза башкарып, кырк ашын Коңурбайга көчүп барып өткөрүшөт.

Жер ортосу Боз-Дөбөгө калың ногой чогулуп жыйын куруп, бирок Байдын уулу Баймырза акыл айта албай, кеңеши бүтпөйт. Күндөрдүн биринде алты жашар Бокмурун ат токунуп, Мааникерди минип, көп ногойдун арасына барып: Баймырза аке, күндө кеңеш курасың, эмне кеп бар? Боз айгырым мингизбейм, акемдин ашын билгизбейм, көк айгырым мингизбейм, Көкөтөй ашын билгизбейм! Самарканда сарт Манас, сары кулак ит Манаска элимди жибербейм. Эртең көп ногойду көчүрүп, Жолойго барып, калмактарга аралаш конуп, капыр менен мусулманды бүт чакырып, Көкөтөйдүн ашын берем – дейт. Чогулган эл Көкөтөйдүн ордуна Бокмурунду кан көтөрүшөт. Ашка ат

www.bizdin.kg

чаптырып, алптарды чакырып кел — деп жаш Айдарды чабаганга жөнөтүп, капырлардын арасында олтурабыз, аларды жакын жерден чакырып аларбыз, сен эл агасы эр Кошойдон баштап, Таздын уулу Үрбүгө, Айдаркандын Көкчөгө, Агыш менен Кожошко, Алтынкөкүл, Керкөкүлгө, Чоюн алп менен Ороңгуга, Жедигердин эр Багышка, атасында бата жок, энесинде нике жок Жанаалыга, тогуз ууддун кенжеси эр Төштүккө, Акпай Мамбет, Көккоенго, келип ашымди бийлеп берсин деп Манаска, келип батасын берсин деп Айкожого ж. б. кабар айттырат. Манастан башкасынын баарына келбесең чаап алам — деп опуза айтат, чабылган аттарга кул, күң баштаган көп байге сайыларын эскертет.

Астындагы Мааникер көрүнгөн жерде көрүнүп, көрүнбөгөн жерлерде көк түтүн болуп бөлүнүп катуу жүргөн Айдар айтылган алптардын баарына барып жолугуп, айт деген сөздөрүн айтып, кабар берет. Алтын танап ак чатырды асмандата тиктирип, күмүш танап көк чатырды көкөлөтө тиктирип, ала байрак, куу найза жоодураган кырк чоросу он эки таман ордо атып, өзүнүн оозунан түтүн буркурап, көзүнөн жалын шаркыраган Манаска да опуза сөзүн айтканда ал ачууланып Айдарды өлтүрмөк болот. Бирок, ал жалгыз элем деп арманын айткандыктан ырайдан жанат.

Чакырылган эл бүт келет. Манас гана кечигип келбейт. Манас мага кеңешпейт деп ачууланып келет. Алдын тосуп барган Бокмурун тартуу тартат, Манас ыраазы болот.

Жабу-жабу, мөңдү-мөңдү деген солондор кемеге башынан эт талап, маза кылышат. Аларды бүт асый аттын терисин өрмө кылган, кунан өгүз терисин өзөк кылган, каяша берген катынды кайкалаткан чоң булдурсун менен сабап Манас кууп чыгат.

Нескара Кошойго келип, кыргыз баатырларынын кимдигин сурап, Мааникерди Жолойго тарт, ашты кандай береби ошого кеңеш деп опузалайт. Чочулаган Кошой Манаска келип, акыл сурайт. Ал ачууланып, аттанып чыгып, капырлардын арасына барат. Анын сүрүнөн корккон капырлар кечирим сурашат, аштын бийлиги Манаска берилет.

Аш башталып, чабылуучу аттар айдалат. Жөө күрөшкө Жолой чыгат. Балбанга чыгасыңбы? — деген Кошойдун

www.bizdin.kg

суроосуна Манас, Төштүк, Көкчө баш болуп, белгилүү баатырлар бүт терс жооп беришет. Чүкө ойногон жаш бала Көккоен гана чыгам!— дейт. Кошой баланы күрөшкө салмак болгондо Манас жаш бала бөөдө өлүм болот, андан көрө Кошой өзүң түш — дейт. Кошой жаш кезим болсочу деп арман кылат.

Канык ей жасаган кандагай шымды кийип балбанга түшкөн Кошой Жолойду жыгат.

Эр сайышка капырдын каны Жамгырчы чыгып, ага каршы барган Манас сайып түшүрөт.

Төө чечмей болуп, Ороңгу байгени алат.

Жөө күрөшкө кытайлардын Коңурбай чыгып, аны Агыш жыгат.

Чабылган аттар келип, биринчи болгон Аккуланын баш байгесине Жолой зордук кылып, талап кетет. Манас ачууланып айбалта менен Жолойдун жаагын айра чабат. Жаралуу болгон Жолой камданып келип, чаап алам деп кек сактап кетет. Жолой эли менен кетип калгандыктан байгесин ага тарттырып жиберген Манас өч алуу үчүн камданып, жортуулга аттанат.

Манастар Тал-Чокуга жеткенде алдынан кыргыздарга каршы келе жаткан Жолой көп колу менен келип, Коңурбай кыргыздардын алдын токтотуп, каптап кирет.

Манастын кенеши боюнча Алмамбет бугуп, келгендерди тосуп калат. Жолой алдыга келип Алмамбетти кубалаганда аңдып турган Манас аны сайып түшүрөт да, Акболот менен башын кесип өлтүрөт. Жолойдун колун кырк чоро кыйратат. Жалгыз качып кутулмак болгон Коңурбай да Манастан өлөт. Көп олжо менен кырк чоро элге кайтат. Манас мыкты болуп, көп жерге колу жетип жатып калат.

Кол жазма «Манастын» бу сапардагысы тамам болду» деген сөз менен аяктайт. Текстин жалпы көлөмү 3320 сап ыр. Ыр саптарынын арасында бир нече жерде аралашкан кара сөз бар. Аларды эпостун аткаруучусу өзү пайдаланганы, же жазуу учурунда окуяны катчы кыскартып берген атайын ык экени белгисиз.

Жаздыруу учурундагы манасчы айтып берген тексттердин көлөмү кагаз бетине түшүрүлгөндөн алда канча көп болсо керек. Анткени, жазууда кеткен кемчиликпи, же атайылап эле кыскартылып калганбы, айтор текст ара-

www.bizdin.kg

сында окуянын бара жаткан нугу үзүлүп, ыр саптары калып калганы даана байкалган жерлер бир топ арбын. Кол жазмада андай жерлер акыркы ыр сабынын аягына көп чекит коюлуу менен белгиленген. Буга караганда андай окуя үзүлүп калуу катчыга белгилүү, же катчы өзү үзгөн. Кээде окуялардын өнүгүш нугу, мааниси боюнча ой үзүлүп калган, бирок кол жазмада көп чекит менен белгиленбеген жерлер да кезигет. Жалпы алганда мазмуну, окуяларынын өнүгүш жолу жактан Ч. Валиханов жаздырган эпизод эпостогу туруктуу салттык сюжеттердин бири экенинде шек жок. Буга ошол эпизоддун биздин учурларыбызга чейин негизинен чоң өзгөрүүлөрсүз жеткени да далил. Ал кагаз бетине биринчи түшүрүлгөн тексттер көп белгилери жактан, ал турмак айрым элестүү ыр саптарына чейин, кийин Совет доорунда жазылган тексттерге, айрыкча С. Орозбаковдун вариантына эң жакын, окшош. Бирок мындай жакындык эки тексттеги «Көкөтөйдүн ашы» аттуу эпизоддун логикалык өз окуяларына гана тиешелүү, б. а. Көкөтөй кандын ооруп өлөрүндөгү керээзинен тартып, чабылган аттардын келиши, байгеге зордук кылганы үчүн Жолойдун жазаланышы (Ч. Валихановдо айбалта менен жаагын айра чабуу, С. Орозбаковдо айбалта менен шилиге чаап, эсин оодаруу) баяндалган жерлердин арасына гана таандык. Ч. Валиханов жазып алган варианттагы окуялардын композициялык курулушу өзүнө таандык өзгөчөлүккө ээ. Аны окуганда бир темага эки чоң окуя бириктирилип берилген өңдөнгөн таасир пайда болот. Биринчи окуя албетте, «Көкөтөйдүн ашынын» өз баяндамасы. Логикалык жактан алганда да, салттык белгилери жактан да бул эпизод аш таркап, зордукчул Жолой жазасын алуу менен бүтүшү керек эле. Кол жазмада башкачараак (Жолойдун жаагы жарылып, зордукчул жазасын алгандан кийин окуя улантылып, аш тарап кеткен соң Манас даярдык көрүп, төкөр уста Бөлөкбайды узантып Акболот — курч кылыч жазатып, камданып алып жортуулга аттанат да, «Тал-Чокуга чейин барып, кароолчуга жолугуп, камданып каршы чыккан Жолой менен Коңурбайга кезигип, чоң согуш болуп, кытай, калмак баатырлары өлүм табат, согуш кыргыздардын жеңиши менен аяктайт. Ырас, кийинки варианттарда да аш үстүндө байгеге зордук кылган кытай, калмактарды кууп артынан баруу, согуш, Жолойдун жарадар болушу

www.bizdin.kg

айтылат. Бирок, кол жазмадагы сюжеттин өнүгүшүн бул «Ашка» таандык окуяларга караганда чынында эпостогу экинчи бир белгилүү салттык чоң эпизоддун — «Чоң казаттын» (С. Орозбаковдо «Чоң чабуул») сюжеттик схемасына жакын. Атайын даярдык, камдануу, көп эл менен жортуулга аттануу, Тал-Чоку, катуу согуш, айбандан коюлган сыйкыр кароолчу, жеңиш, көп олжо ж. б. ошол «Чоң казаттын» мүнөздүү белгилери. Кол жазмада аштын аягы жортуул менен бүтүшүн түшүндүргөн логикалык себеп бар: ат сүрөөгө кетип, байге бөлүүгө кечигип келген Манас аркытерки туруп алып арыктагы сууга бети-башынын канын жууп жатышкан өз чоролорун көрүп, алардын чыгып келген Аккуланын байгесине зордук кылып талап кеткен Жолойдон кордук көргөнүн угат. Ачууланган Манас качырып жөнөп, как жарыла берген калмактарды аралап барып айбалта менен башка чаап Жолойдун жаагын айрат. Бирок, ошол учурда тууradан Манаска Бокмурун жетип аш берген киши айыпкер, акемдин ашы өткүчө журтка бузук салба, байгеңди соргок Жолойдон өзүм алып берейин — деп, өтүнөт. Манас туура көрүп, басылып калат. Эртеси ашка келген эл тарай баштаганда Манас Жолойго келип, байгемди бер десе, ал жооп айтпай, көп эли менен аттанып кете берет. Жөн эле болбой, көп кол жыйнап келип, Манас сага кылбасам элеби!— деп кекенчин айтат. Ыза болгон Манас Жолойдун артынан кубалаш үчүн Кошой, Төштүк, Көкчө ж. б. баатырлардын колун сураса алар бербей коюшат. Манас таарынып жер ортосу Боз-Дөбөгө жатып, жыйырмаң мында кал, жаз алды менен жортуулга аттанам, азыгымды камдасын Каныкейге айткыла, отуз уулун алып мыкты акболот жазасын төкөр уста Дарканга кабар бергиле — деп кырк чоронун жыйырмасын жиберет. Камы бүткөндө айткан жортуулуна аттанат. Бул жактан алып караганда Ч. Валиханов кагаз бетине түшүргөн эпизод бир окуя, жалаң «Көкөтөй кандын ашы» жана ага түздөн-түз тиешелүү аракеттерди гана баяндайт. Бирок, бизге белгилүү болгон азыр колдо бар материалдарга караганда эпостун орчундуу варианттарынын баарында көп чырдын башы аталган «Көкөтөйдүн ашы» «Чоң казат» менен түздөн түз тиешеси бар эпизод, алар бири-бири менен тыкыз байланышкан жана бирине бири себеп — натыйжа катары түшүндүрүлөт. Демек, «Көкөтөйдүн ашы»

www.bizdin.kg

менен «Чоң Казат» бири бирине байланыштуу каралышы жана аткарылышы адаттагы салттык көрүнүш. Ал гана турмак эпостун окуяларын кеңири планда аткарган чоң манасчылар гана болбосо көпчүлүк айтуучулар, айрыкча чала манасчылар, ушул түрдө, же ушуга жакын мүнөздө кыскартып, эки эпизоддун ортосуна атайын чек коюп бөлбөй айта берүү көнүмүш иш. Ушуга байланыштуу эпосту оозеки аткаруу процессинде эгер ошол иш тыным жасалбай, бүт окуяларды баштан аяк айтуу мүнөзүндө жүргүзүлсө эпизоддорго бөлүү да, ар бир эпизодду өзүнчө-өзүнчө тема менен атоо да зарылчылыгы жок нерсе болуп, практикада пайдаланылган эместигин эстеп коюу жөн. Жалпы эле эпостогу салттык туруктуу окуяларды ар бирин өзүнчө айтуу, өзүнчө атоо көлөмдүү чыгарманы баштан аяк үзбөй аткаруу кыйын болгондуктан татаал сюжетти түшүнүү, кабыл алуу жеңил болсун үчүн аларды угуучуларга өзүнчө бөлүктөргө бөлүп жеткирүү зарылчылыгынан келип чыккан. Ал эпостогу мазмундук белги эмес, баяндоонун көркөм ыгы.

Ушуларды эске ала келип айтканда Ч. Валиханов «Көкөтөйдүн ашы» деген ат менен кагаз бетине түшүргөн тексттер өз ичине «Манас» эпосундагы белгилүү эки эпизоддун «Көкөтөйдүн ашын» жана «Чоң казаттын» окуяларын камтыйт деген корутундуга келүүгө мүмкүн. Кол жазмада ал эки эпизоддун биринчисинин окуялары кенен, ал эми экинчиси ага салыштырганда эл арасында айтылуучу салттык сюжет бир топ кыскартылган, жондотулуп баяндалган түрдө берилген. Мындай абал жазуу процессинин учурундагы информатордун психологиялык, же физиологиялык абалы, көңүлү менен түшүндүрүлүшү да мүмкүн. Ошондой эле айтуучунун деңгээли, талант дарамети да роль ойношу ыктымал, б. а. информатор чала манасчы болуп, биринчи окуяны дурус билип, ошон үчүн кенен айтышы, ал эми экинчи окуяны чала билгендиктен, же өзү айтуучулук практикасында пайдаланбагандыктан үстүртөн, кыскартып, окуялардын өнүгүш жолун үзүлдү-кесилди түрүндө баяндашы мүмкүн. Буга ошол кол жазманын экинчи бөлүгүн түзгөн окуялардын көркөмдүк деңгээли төмөн болуп, деталдык көрүнүштөрдүн жеткиликтүү иштелип чыкпагандыгы, ыр курулушу да көп жактан аксоосу ж. б. сыяктуу чыгарманын мазмун, форма белгилериндеги мүчүлүштүктөр да күбө болуп турат.

www.bizdin.kg

Ч. Валиханов өзү кагаз бетине түшүрткөн «Көкөтөй кандын ашын» «Манастагы» эң мыкты эпизод деп эсептейт. Окумуштуунун бул баасы эң алды менен ошол эпизоддо анын илимий кызыкчылыгына туура келген этнографиялык маалыматтардын арбын кезиккендиги аркылуу түшүндүрүлүшү мүмкүн.

Ч. Валиханов кагаз бетине түшүрткөн тексттердин «Манас» эпосун изилдеп үйрөнүүдө мааниси чоң. Ал чыгарма жөнүндөгү мындан жүз элүү жылга жакын убакыт мурда баяндалган, мазмуну, окуялары кандай экендигинен маалымат берген фактылар болгондугу үчүн эле эмес, элдин улуу мурасынын узактан келе жаткан кадыр-баркынын далили катары да баалуу.

Ч. Валиханов 1860-жылы «Көкөтөй кандын ашын» орус тилине которуп жатканын эскертет. Бирок, окумуштуунун аракети аягына чыкпай калган — кыргызча тексттин башынан тартып, 910 сабы гана которулган. Окумуштуулар коомчулугу биринчи болуп ошол үзүндү түрүндөгү котормо менен таанышты. 1902-жылы 21-мартта өткөн орус археологиялык коомунун чыгыш бөлүмүнүн кенешмесинде проф. Н. И. Веселовский окумуштууларга Ч. Валихановдун котормосун окуп берип, иш котормосунун деңгээлинин өзгөчө жогорулугу, тактыгы жактан ошол жыйынга катышып жаткан чыгышты изилдөөчүлөрдүн мыкты баасына татыйт. Котормо биринчи жолу 1904-жылы Ч. Ч. Валихановдун башка көрүнүктүү эмгектеринин арасында Санкт-Петербургда жарык көргөн. «Көкөтөйдүн ашы» кыргыздарга таандык көркөм чыгарманын кагаз бетине түшүрүлгөн биринчи үлгүсү болсо, Ч. Валихановдун 1860-жылдары жүзөгө ашырган бул эмгеги кыргызча материалдын башка элдин тилине которулган эң алгачкы тексттери эле.

«Көкөтөйдүн ашынын» кыргызча тексти окумуштуунун көзү өткөн соң кайда сакталганы белгисиз болуп, көп жылдар бою дарексиз жүрдү. Акыры аны 1960-жылдардын орто чендеринде казак окумуштуусу акад. А. Маргулан таап, факсимилесин кеңири кириш сөз жана комментариялары менен 1971-жылы Алматыда жарыялады.

«Манас» эпосун изилдеп, үйрөнүү иштеринде Ч. Валихановдун кагаз бетине түшүргөн тексттери менен алардын котормосу сыяктуу эле окумуштуунун кыргыз эстелигине

www.bizdin.kg

берген баасы, анын мазмуну, түрдүү проблемаларына карата айткан ой-пикирлери, илимий корутундулары да чоң мааниге ээ.

Казак окумуштуусунун «Манаска» тиешелүү ойлору менен маалыматтары Ысык-Көл күндөлүктөрүндөгү бир-эки жердеги кыскача эскерүүнү эсепке албаганда негизинен анын бүткөрө иштелбеген, тема коюлбаган кыргыздар жөнүндөгү көлөмдүү кол жазмасында жана «Жунгария очерктери» аттуу коомчулукка кеңири белгилүү, дыкаттык менен иштелип чыккан илимий эмгегинде топтолгон.

Ч. Валиханов «Манаска» байланыштуу айткан пикирлери менен маалымдаган кабарлардын ичиндеги биз үчүн өзгөчө кызыкчылык туудура тургандары эпостун мазмуну, качантан бери келе жаткан чыгарма экендиги, формалык түзүлүшү, көлөмү жөнүндөгү ойлор.

Манас таануу илиминдеги орчундуу проблемалардын бири — эпостун мазмунун түзгөн салттык туруктуу өзөк окуяларды белгилөө жана алардын өнүгүш нугун тактоо. Бул багыттагы айтылуучу ойлорго чыгарманын түрдүү варианттары массалык түрдө кагаз бетине түшүрүлгөн учурлардан жүз ашуун жыл мурда берилген маалыматтар өзгөчө баалуу таяныч болору талашсыз. Анткени андай бири-биринен узак жылдар аркылуу бөлүнүп турган сюжеттерди, окуяларды салыштыруу жолу менен кайсыл белгилер менен көрүнүштөрдүн, окуялардын туруктуу мүнөзгө ээ экендигин тактоо жеңил да, анын үстүнө талаш туудурбай турган кадиксиз мүнөзгө да ээ болмок.

Ч. Валихановдун эмгектеринде берилген маалыматтар боюнча «Манастын» мазмунун түзгөн окуялар булар: поэма жаш Манастын атасы Жакыпты он беш жашар кызы Каныкейге куда түш деп, Караканга жибергенинен башталат. Кийинки эпизоддордо Манас калмактар менен согушуп, алсыздарды коргогону баяндалат. «Манастагы» эң мыкты эпизод «Көкөтөй кандын ашы». Бул эпизоддо Көкөтөйдүн уулу Бокмурун атасынын жылдык ашын берүү үчүн Ысык-Көлдөн Кара-Иртышка көчүп барганы айтылат. Жолойдун чатагына чыдабай аш үстүндө чыр чыгып, согуш болот. Калмак Жолой, кытайлардын каны Коңурбай Манас колдуу болуп өлүшөт, Манастын өзүн монгол Нескара өлтүрөт. Манастын уулу Семетейдин атасынын өчүн алуусу кыргыздын экинчи эпосунун мазмунун түзөт.

www.bizdin.kg

Бул маалыматтар негизинен эпостогу эки белгилүү эпизоддун (Манастын Каныкейди алышы жана Көкөтөйдүн ашы) мазмунун түзүшөт. Ал эки эпизоддун экөө тең бизге жеткен варианттардын толук айтылгандарынын дээрлик бардыгында бар. Демек, бул жактан алып караганда Ч. Валиханов уккан жана кагаз бетине түшүргөн тексттер эпостун салттык туруктуу окуяларынан. Ошондой эле Манас алсыздарга болушуп, калмактар менен согушкандык жөнүндөгү жондото кыска айтылган кабарды да эпостун сюжетиндеги бизге кеңири белгилүү болгон туулуп өскөн жерди бошотуу үчүн күрөшкө арналган окуялар жөнүндөгү маалыматтар катары кабыл алууга мүмкүн. Ал турмак бир сүйлөм аркылуу берилген атасынын кунун кууган окуя «Семетейдин» мазмунун түзөрү да чындыкка жакын турат.

«Манаска» таандык мурдатан келе жаткан туруктуу салттык окуяларды аныктоодо башкы таяныч белги бул же тигил эпизоддун негизин түзгөн сюжеттик элементтердин нугу жана багыты. Ал эми ошол нуктун деталдык көрүнүштөрү түрдүүчө болушу адаттагы көрүнүш. Ал гана турмак андай түрдүү деңгээлдеги айырмачылыктарсыз эпостун варианттары болбойт, ансыз чыгарманын өсүш-өнүгүшүн да көз алдыга келтирүүгө мүмкүн эмес. Ырас, варианттар арасындагы айырмачылыктар эгер эки айтуучу бир школанын өкүлдөрүнө жатса азыраак, ал эми эки башка топтун өкүлдөрү болсо алда канча орчундуу деңгээлге жетиши ыктымал. Мына ушул абалдарды эске ала келип караганда ички деталдык белгилериндеги айрым айырмачылыктарга карабастан Ч. Валиханов уккан, кагаз бетине түшүргөн эпизоддор «Манастагы» өз нугун биздин күнгө чейин жоготпой сактаган сюжеттерден жана аларды кийин кагаз бетине түшүрүлгөн тексттер менен салыштыруу аркылуу эпостун мазмун жана формасына таандык туруктуу көрүнүштөрдү тактоого мүмкүн.

Ушуга байланыштуу «Манасты» изилдөөдө зор маанига ээ болгон маселенин бири Ч. Валиханов келген учурда эпостун мазмунун түзгөн орчундуу окуялар кайсылар эле, же казак окумуштуусу берген маалыматтар чыгарманын ошол шарттарда эл арасында айтылып жүргөн негизги сюжеттик өзөгүн бүт камтыганбы? — деген суроолор.

Ч. Валиханов эпосту баштан-аяк бүт айттырып укканын, же айрым эпизоддорун угуу менен гана чектелгенин

www.bizdin.kg

эч жерде эскертпейт. Ч. Валихановдун чыгармачылыгын изилдөөчүлөрдүн көрүнүктүүлөрүнүн биринен болгон казак академиги А. Маргулан «Шокан жане «Манас» аттуу эмгегинде мындай маалымат берет: «Манас» көлөмдүү чыгарма болгондуктан Чокан аны бүт жазып алууга убакыт таба албай, башка түрдүү ык колдонгон. Жазып алуудан мурун 27—29-май күндөрү Назар ырчыга аны толугу менен айттырып, ырдын негизги сюжети менен таанышып, анын түзүлүшү, тили, кейипкерлери тууралуу маанилүү ойлорун өзүнүн дептерине жазып алат. «Манастын» негизги окуяларынын нугун угуп болгон соң, алардын ичинен ырдын эң кызык бөлүмүнүн бири «Көкөтөй кандын ашын» таңдап алат.

А. Маргуландын бул ойлору кандайдыр фактыларга таянып айтылган жыйынтык, же ушундай болсо керек деген мүнөздөгү жоромол экени бизге белгисиз. Окумуштуу оюн далилденген, талашсыз факты катарында маалымдайт. Бирок, изилдөөчүнүн мындай маалымдоосу Ч. Валихановдун эмгектеринен белгилүү болгон кабарларга туура келбейт. Мисалы, Ч. Валиханов «Жунгария очерктеринде минтип жазат: «Кыргыздар «Манасты» угуш үчүн үч түн жетпейт жана ошончо эле убак «Семетей» үчүн да керек дешет, бирок, бул, кебетеси, апыртуу». Окумуштуунун бул айткандары ал эпостун окуяларын баштан-аяк айттырып укпагандыгын күмөнсүз айгинелейт. Анткени, эгер Ч. Валиханов А. Маргулан күбө өткөндөй алды менен эпостун окуяларын түгөл угуп, анан ошол укканларынын ичинен тандап туруп бир эпизодду жазууну чечсе, албетте, чыгарманы баштан-аяк бүт айтуу үчүн канча убак зарылдыгын өзү билет эле да. А. Х. Маргуландын редакциясы менен 1958-жылы Алма-Атада жарыяланган Ч. Валихановдун «Тандалган чыгармаларында» окумуштуу кыргыз эпосун айтуу үчүн үч түн керек дешет, бул апыртылган сөз болсо керек деген жерге «Ч. Валиханов «Манас» поэмасынын анча чоң эмес үзүндүлөрү менен гана таанышканы айдан ачык көрүнүп турат. Ал поэманын укмуш көлөмүн, толук сюжетин, айрыкча деталдарын көз алдына келтире алган эмес. Анын «кыргыздар поэманын көлөмүн ашыра айткандык» жөнүндөгү ою ушундан» — деп комментария берилген. Чынында А. Маргуландын эки пикирини мурдагысы туура. Албетте, кеп эки ача айтылып калган ойдо

www.bizdin.kg

эмес, максат казак окумуштуусу кыргыз арасында болгондо ал эпостун окуяларынын баарын укканбы, же «Манастын» ошол кездеги мазмуну, окуялары Ч. Валиханов эскерткендер менен эле чектелеби, мына ушунда. Фактылар казак окумуштуусу «Манасты» бүт укпаганын айгинелейт. Демек, мындан чыга турган логикалык корутунду Ч. Валиханов кыргыз жергесине келген учурлардагы эпостун эл арасында айтылып жүргөн үлгүсүнүн мазмуну окумуштуу өз эмгектеринде эскерген сюжеттик линия менен эле чектелбейт. Чыгарманын мазмуну камтыган окуялар, маалыматтар изилдөөчү эскергенге караганда алда канча кеңири дешке толук негиз бар. Бул жоромолдун чындыкка жакын экендигине Ч. Валиханов тарабынан эскерилбеген, бирок андан мурдагы жана ага чамаалаш учурларга таандык башка булактардан белгилүү болгон маалыматтар күбө өтө алышат. Алсак «Мажму ат-таварихте» эскерилген кыргыздардын чабылышы, Манастын туулушу, «Көзкамандар окуясы» сыяктуу ж. б. эпостун өзөк окуяларынын нугу, уюткусу катарында эсептөөгө боло турган көрүнүштөр Ч. Валиханов келген учурларда да айтылышы мүмкүн эле да. Чынында эле андай окуялар жана алардан башка бир катар чыгармадагы кийинкиге чейин сакталган эпизоддор казак окумуштуусу «Манас» менен тааныштыкан тарыхый шарттарда эл арасында айтылганы ошол эле учурда кагаз бетине түшүрүлгөн В. В. Радлов жазган материалдардан даана көрүнөт. Жазылуу аралыгында көп эле дегенде 10—15 жыл айырмасы болгон бул эки текст тарыхый бир мезгилге туура келерине да жана ошондой эле экөө тең замандаш информаторлордун маалыматтарына таянылгандыгында да эч күмөн жок. Демек, В. В. Радлов уккан жана жазып алган тексти, же мазмуну, камтыган окуяларынын көлөмү жактан ага чамаалаш материалды Ч. Валиханов да эшитиши толук мүмкүн болчу. Ушул фактыларды эске ала айтканда Ч. Валиханов эпостун окуяларын, б. а. чыгарманын туруктуу салттык өзөк окуяларынын негизинде түзүлгөн толук кандуу вариантты бүт уккан деген бүтүм чындыкка туура келбейт. Тескерисинче, окумуштуунун берген кабарларынын жалпы дүнү ал адам эпостун бир нече окуясын, тагыраак айтканда баатырдын Каныкейди алганы менен Көкөтөйдүн ашын толук угуп, чыгарманын калган эпизоддору жөнүндө айтуу-

www.bizdin.kg

чунун бир-эки ооз сөз менен берген маалыматтарын алган. Албетте, бул факты Ч. Валихановдун «Манас» боюнча калтырган мурасынын илимдик баркын төмөндөтпөйт жана ошондой эле окумуштуунун кыргыз элине таандык баалуу мурас жөнүндөгү айтылган ойлору менен корутундуларын да бөксөртпөйт. Бул ойду айтуудагы максат, тек, көрүнүп турган фактыны гана адилеттик үчүн тактап коюу.

Ч. Валихановдун «Манас» жөнүндөгү ойлору менен корутундулары кыргыз эпосу боюнча илимде айтылган биринчи пикирлер экендигине карабастан бир катар орчундуу проблемаларды камтып, бүгүн да өз маанисин жоготпогон жыйынтыктарга жатат. Мисалы: окумуштууга таандык ушул мүнөздөгү орчундуу мааниге ээ ойлордун бири — «Манас» эпосунун өзөк окуяларынын байыркылыгы. Ч. Валиханов чыгарма кийинки учурларда толуктоолорго учурагандыгына карабастан анын сюжети же негизи бул талаа эпосуна карата болгон өзгөчө сүйүүгө жана урматтоого караганда, албетте, кыргыз элинин жылуу жана назик эскерүүлөрү деп эсептейт. Ч. Валихановдун ою боюнча «Манас» ногой доорына таандык чыгарма: «Жапайы таштык кыргыздардын ногой доорына жалгыз «Манас» эпосу таандык». Окумуштуу өзү «ногой доору» дегенде так кайсыл учурду түшүнөрүн да жана ошондой эле кыргыздарга таандык ногой доору деген сөз менен эмнени айтарын да чечмелеп бербейт. Кебетеси бул терминди окумуштуу ошол өз учурундагы илимге кеңири белгилүү болуп, жалпы кабыл алынган мааниде түшүнсө керек. Албетте, «Манастын» чыгыш доору жана калыптанышы жөнүндөгү маселеде ногой доорунун таасири болуу мүмкүнчүлүгүн «Манас» илими жокко чыгарбайт. Бирок, «Манасты» жалгыз гана ногой доору менен чектеп коюу да туура болбос эле. Ал эми сөздүн чын-чынына келгенде казак окумуштуусунун пикирин өз маанисинде, кошумча-алымчасыз, эмне айтылса так ошонун өзүн гана түшүнгөн жөн. Пикирде «Манас» так ногой доорунда гана пайда болгон деп кесе айтылган ой жок, демек, эпостун түпкү негизи, же уютку окуялары андан мурда болуусу танылбайт. Балким окумуштуу бул жерде айтылган ойго биз түшүнгөндөн башка маани бериши да ыктымал. Алсак сүйлөмдүн маңызын чыгарманын ногой доорына таандык экендигин белгилөө эмес, ошол доорго таандык маалыматтарды камтыган

www.bizdin.kg

жаңгыз чыгарма экендикти атайын басым жасап көрсөтүү түзөт дешке да мүмкүн. Мындай десек Ч. Валихановдун ою чындыкты белгилеген болот. Анткени, «Манас» кыргыз арасындагы ногойлорго байланышкан маалыматтар баяндалган жалгыз эпос экени адилет сөз. Ч. Валихановдун жогоруда келтирилген оюна байланыштуу калыстык үчүн көңүлгө ала кете турган бир сөз кыргыз фольклорчуларынын, алардын ичинде ушул саптардын авторунун да, айрым иштеринде казак окумуштуусунун оюн туура эмес түшүнүүдөн келип чыккан Ч. Валиханов «Манас» кыргыздарга таандык жалгыз чыгарма деп айткан деген мүнөздөгү жаңылыш пикир орун алып келген эле.

Чынында Ч. Валиханов «Манасты» жалпы кыргыздардагы болгон жалгыз чыгарма дебейт, белгилүү бир учурду чагылдырган жалгыз чыгарма катары эсептейт. Биздин оюбузча бул жердеги Ч. Валихановдун пикирине тиешелүү башкы нерсе «Манастын» белгилүү бир доорго таандык экендиги да, же бир доорду чагылдырган жалгыз чыгарма экендик да эмес, казак окумуштуусунун бир жолку таанышуу менен эле «Манастын» мазмуну көп катмардан туруп, окуялары эл турмушунун жаңы шарттардагы өзгөрүүлөрүнө ылайык «жаңыланып»— толукталып турарын туура баамдай алгандыгы. Ошондой эле окумуштуунун эпостун структуралык курулушуна тиешелүү болгон чыгарма бир бүтүн катарындагы көрүнүшкө ээ көптөгөн өзүнчө эпизоддордон турат — деген ою да азыр фактылар менен толук далилденген адилет пикир.

«Манаска» байланыштуу айтылган Ч. Валихановдун ойлорунун арасында өзгөчө кызыкчылыкка ээ бир пикир бар. Ал эпостун форма түзүлүшүнө байланыштуу. Окумуштуу: «Балким аны («Манасты» С. М.) кара сөз түрүндөгү жөө жомоктон бир бүтүн катары куруу кийинки учурлардын иши болсо керек» — дейт. Демек, казак окумуштуусунун ою боюнча кийинки убактарга чейин «Манас» ыр түрүндөгү, бир композициялык бүтүндүккө ээ чыгарма болбостон, жөө жомок түрүндөгү, кара сөз менен айтылган чыгарма болгон. Бул корутундуну изилдөөчү кандай фактыларга таянып айтканы бизге белгисиз, кандайдыр жүйөөлүү себептери бар экенин, же ой жалпы эле ушундай болуу керек да деген логикалык болжол-жоромол экенин автор эскертпейт. Бүгүнкү колдо болгон фактылык маа-

www.bizdin.kg

лыматтарга таянып сүйлөгөндө биз «Манасты» жалаң ыр менен курулган чыгарма деп билебиз. Ал эми Ч. Валиханов кыргыздардын арасында болгон мындан жүз ашуун жыл мурдагы шартта окумуштуу келген корутундуну айтууга негиз болорлук, балким, жүйөөлүү себептер бардыр. Эгер андай фактылар болуп жана Ч. Валихановдун эмгектеринде келтирилсе кыргыз эпосунун формалык белгилеринин кандайлыгы, же эволюциялык жолу жөнүндө алда канча так жана ишенимдүү жыйынтыктар айтууга мүмкүнчүлүк туулмак. Эпостун Ч. Валиханов өзү кагаз бетине түшүргөн тексттери болсун, ага удаа келген В. В. Радлов жазып алып жарыялаган материалдар болсун формасы боюнча жалаң ыр түрүндө. Буга караганда казак окумуштуусун «Манас» мурда жөө жомоктор түрүндө кара сөз менен айтылып, кийинчерээк гана ыр үлгүсүнө келтирилгени жөнүндөгү ою, кебетеси, фактыдан чыккан жыйынтык эмес, жалпы мүнөздөгү теориялык болжол-жоромол өндөнөт. Бул жоромолго кошулуу да, же аны негизсиз деп, эсептеп жокко чыгаруу да, «Манасты» изилдөөнүн бүгүнкү деңгээлинде али эрте. Анткени, колдо болгон жазма маалыматтар бул багытта бир бүтүмгө келүүгө жеткиликтүү негиз бере албайт, ал эми эл арасында айтылган легенда-уламалар боюнча «Манастын» негизи баатыр өлгөндө анын кырк чоросунун бири Ырчы уул Манас тирүүсүндө иштеген баатырлык иштерин кошок кылып кошкон ырлардан түзүлөт. Ошол эл арасында айтылып жүргөн кошокторду бириктирип, бир чыгармага легендарлык Токтогул ырчы айланткан экен»— делет. Демек, легенда боюнча эпос а деп жаралганда эле ыр формасында болгон. Албетте, легенда таасын фактынын ролун аткара албайт, бирок, башка таянар жүйөлүү далилибиз болбогон соң аны такыр эле эсептен чыгарып салууга да негиз жок.

Ч. Валиханов жазган тексттер менен бүгүнкү колдо болгон материалдарды салыштыруу аркылуу чыгарыла турган орчундуу теориялык тыянактын бири — эпостогу элестүү, таамай айтылган жогорку көркөмдүктөгү ыр саптарынын муундан муунга, варианттан вариантка көчүп айтыла берип, туруктуу мүнөзгө өтүп калуу көрүнүшү. Бул абал ар бир манасчынын вариантындагы көркөм табылга, ийгилик ошол кесип ээсинин аты менен гана түшүндүрүлбөстүгүн, ал белгилерде көптөгөн таланттардын үлүшү,

www.bizdin.kg

энчиси болуу мүмкүнчүлүгүн, тагыраак айтканда ар бир вариантты бардык белгилери, компоненттери менен бул же тигил айтуучуга жеке таандыкташтырып коюунун туура эместигин ачык айгинелейт. Ушул көрүнүштү далилдей турган фактылар Ч. Валиханов жазган тексттердеги айрым ыр саптарынын биздин учурда жазылган тексттерде сөзмө сөз түрүндө бирдей үлгүдө жолугушу. Мисалы: Ч. Валиханов жазган текстте:

«Менин көзүм өткөн соң, журтум,
Кылыч менен кырдырып,
Кымыз менен жуудуруп, журтум,
Чарайна менен чаптатып,
Булгаары менен каптатып,...

(А. Маргулан, Шокан жане «Манас», Алматы 1971, 117-бет. 56—59-саптар).

Мындан нары ыр саптарынын катар номерлери гана көрсөтүлөт)

«Аты келсин ашыма,
Өзү келсин кашыма.
Аты дагы келбесе,
Өзү дагы келбесе,
Таарынбасын өзүмө,
Көрүнбөсүн көзүмө.—
Көкөтөйдүн айчыгы алтын кызыл туу
Ордосунда көрүнсүн...

(*558—565, 602-609 ж. б.*)

Карыпчысын байланып,
Калдай минер ат экен,
Белдемчисин байланып,
Бээжин минер ат экен.
Алтын-күмүш артарга,
Бээжин канга тартарга
Эптүү күлүк мал экен.

(*1483—1489*).

Бөйөн, Бөйөн, Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан
Чаян кандан Каракан,
Каракандан эле Жакып кан,

www.bizdin.kg

Жакып кан уулу Манас кан.
(*747—752*).

Ай кулагы калкандай,
Алайган көзү чолпондой,...

С. Орозбаковдун вариантында:

«Асемдеп өлүк жаткырып,
Акырет кеткен мен үчүн
Арбын дүйнө зарп кылып,
Кылыч менен кырдырып,
Кымыз менен жуудуруп,...
Чарайнага чаптатып,
Шайингиге каптатып»...

(«Манас», III китеп, Фрунзе, 1981, 11-бет. Мындан нары китептин бети гана көрсөтүлөт).

Бул ашыма келгин де,
Бул ашыма келбесең
Бузулдум деп билгин де.
(*88-6.*)

Келсин дегин ашыма,
Эгер ашка келбесең
Кесир дегин башына.
Көрүнбөсүн көзүмө,
Таарынбасын өзүмө.
(*90-бет*)

Келбеген болсо тоюма
Кекенчим калар оюмда,
Көрүнбөсүн көзүмө,
Көрүнүп калса көзүмө
Таарынбасын өзүмө...
(*99-бет. ж. б.*)

Белдемчисин байланып,
Беш калааны айланып
Бээжин минер мал экен.
Карыпчысын байланып
Кара-Шаар айланып

www.bizdin.kg

Калдайлар минер ат экен.
Эми келген жазында
Эсенкандын алдына
Эркечтей мойнун койкойтуп
Тартуу барар мал экен.
(*131-бет*)

Түп атасы Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан,
Чаяндан Ногой кан,...
Ногой кандан Балакан,...
Балакандан Каракан...
С. Каралаев. «Манас», 1-китеп 27-бет.

Мунун аркы атасы Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан,
Чаян кандан Каракан...
С. К. «Манас» инв. 4074. 1-дептер, 1-бет.

«Түп атасы Түбөй кан,
Түбөй кандан Чаян кан,
Чаян кандан Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Көгөй кан,
Көгөй кандан Каракан,
Каракандан кан Жакып...
М. Молдобасан, «Манас», инв. № 65, 1-бет.

Алагар көзү чолпондой
Ай кулагы калкандай...
(С. К. «Манас, 2-китеп, 108)

Бул жерде өткөн кылымдын ортосунда кагаз бетине түшкөн тексттер менен кийинки биздин учурларда жазылган материалдардын арасында болгон бардык окшоштуктар — жакындыктар бүт келтирилген жок. Андай аракет иштелип жаткан иштин максатына туура келбейт жана талап да кылынбайт.

Жогоруда келтирилген айрым жөнөкөй мисалдардан даана көрүнүп турган алгачкы корутундулар булар: Ч. Валихановдун аты эскертилбеген информатору айткан тексттерди анын аткаруусунда Саякбай менен Молдобасан тур-

www.bizdin.kg

мак, Сагымбай өз кулагы менен уккан деш кыйын. Ошондой эле аты аталган бизге доорлош үч манасчы өткөн кылымда кагаз бетине түшүрүлгөн текстти окуп таанышуусу да мүмкүн эмес эле. Демек, манасчылардын бир нече муундарына таандык тексттердин арасындагы келтирилген окшоштуктар айтуучулардын түздөн-түз бири-биринен үйрөнүү, таалим алуу жолу менен эмес, өтмө катар мааниде, ортодо турган бир канчалаган башка манасчылардын катышуусу аркылуу пайда болгон. Мындай көпүрөөнү бир муундагы, же доорлош айтуучулардын чыгармачылыгына таандыкташтырууга, ошондой эле сөзсүз түрдө ирээти менен, бир муундан ага түздөн түз удаалаш келген муунга өтүү аркылуу жүзөгө ашат дешке болбойт. Андай болгондо мындай белгилер бир муундагы бардык айтуучулардын тексттеринде жолугуш керек эле. Чынында андай эмес. Бир учурда жашаган манасчылардын варианттары дайым эле бири-бирине окшош, жакын боло бербеген сыяктуу, салттык белгилердин ар бир айтуучунун тексттериндеги көлөм деңгээли да ар кыл. Кебетеси бул абал биринчиден, манасчынын табигый жөндөмү, талант деңгээли, экинчиден ошол айтуучу кимдерден үлгү алып, мурдатадан айтылып жүргөндөрдү канчалык даражада терең жана кеңири өздөштүрө алгандык менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Не болгон күндө да бул фактылар бизге кадиксиз бир чындыкты — манасчылык кесипте жеке үлүш, жеке табылгага караганда орток мүнөздөгү салттык белгилердин чечүүчү мааниге ээ болорун жана манасчы айткан тексттер бардык компоненттери боюнча бир адамга таандык эместигин айгинелейт.

Ч. Валиханов «Манас» эпосуна, анын эл турмушунан алган орду менен маанисине жалпы баа берген, чыгарманы тарыхый-адабий талдоодон өткөрүп, Манас өзү баш болгон каармандарынын образдарын мүнөздөгөн биринчи окумуштуу. Анын эпос жөнүндөгү «Манас» кыргыздардын бардык мифтеринин, жөө жомокторунун, уламаларынын бир учурга келтирилген жана бир адамдын — баатыр Манастын айланасына топтолгон энциклопедиялык жыйнагы. Бул талаа Илиадасы сыяктанган нерсе. Бул өлчөмсүз чоң эпопеяда кыргыздардын турмуш тиричилиги, салттары, адеп-ахлактары, географиясы, диндик жана медициналык табылгалары, алардын эл аралык байланыштары

www.bizdin.kg

чагылтылган» – деген баасы кыргыздардын улуу мурасына берилген классикалык мүнөздөмө катары жалпы кабыл алынган аныктамага жатат.

АДАБИЯТТАР

[1] *Валиханов Ч. Ч.* Сочинения. Спб. 1904.
[2] *Валиханов Ч. Ч.* Собрание сочинений в пяти томах. — Алма-Ата, 1961—1968 гг.
[3] *Маргулан А.* Шокан жане «Манас. — Алматы, 1971.
[4] Манас» – героический эпос киргизского народа. — Фрунзе, 1980.
[5] *Забелин И. М.* Чокан Валиханов. — Фрунзе, 1980.
[6] *Кыдырбаева Р. З.* Генезис эпоса «Манас». — Фрунзе, 1980.
[7] *Мусаев С.* Манастаануу илиминин тарыхы, 1-китеп. — Бишкек, 2000.

www.bizdin.kg

РАДЛОВ ВАСИЛИЙ ВАСИЛЬЕВИЧ

(1837—1918)

Василий Васильевич (Фридрих Вильгельм) Радлов (1837, Берлин – 1918, Петроград) – орустун Чыгышты изилдөөчү белгилүү окумуштуусу, илим дүйнөсүндө кеңири таанымал түрколог, этнограф, археолог.

«Манас» эпосунун негизги үч бөлүмүнүн окуяларын баштан-аяк ирээти менен кагаз бетине түшүргөн, жазган материалдарын кыргыз тилинде бастырып чыгарган жана чыгарманы ыр түрүндө башка элдин тилине биринчи которгон адам орус окумуштуусу академик В. В. Радлов.

Илим дүйнөсүндө атактуу түрколог, академик, орус окумуштуусу Василий Васильевич Радлов — деген ат менен белгилүү болгон бул адамдын өз аты, атасынын аты — Фридрих Бильгельм, улуту боюнча немис, 1837-жылы 5-январда Берлинде туулуп, 1918-жылы 12-майда Петроградда дүйнөдөн кайткан.

В. В. Радлов 1858-ж. Берлин университетин бүтүрүп, түрколог адистигине ээ болгон. Эмгек жолун Россияда баштаган.

В. В. Радлов бүт өмүрүн негизинен түрк элдеринин тилин, элдик чыгармаларын, тарыхын, этнографиясын, маданиятын изилдөөгө арнаган жана бул багытта орчундуу ийгиликтерге жетишип, чыгаан окумуштуу катары бийик кадыр-баркка ээ болгон адам. Орто жана Чыгыш Азияны изилдөөчү орус комитетин түзүү демилгесин көтөрүп, ошол уюмдун 1903—1918-ж. аралыгындагы төрагасы болгон. 1891-ж. Илимдер академиясынын Монголияга Орхон экспедициясын уюштурган жана башкарган, натыйжада Монголиядагы байыркы түрк жазмалары аттуу эмгеги 1894—1895-жж. жарык көргөн. Белгилүү түрколог В. Томсен ме-

www.bizdin.kg

нен бир учурда байыркы түрк жазма эстелиги болгон Орхон жазууларынын сырын чечип, окуп чыккан. 1898-ж. Борбордук Азияга Түрпан экспедициясын уюштурган. В. В. Радлов түрк тилдерин салыштырма тарыхый метод менен изилдөөгө негиз салгандардын бири. 1884-ж. тартып Петербург илимдер академиясынын академиги. Көрүнүктүү Чыгыш таануучу, академик Сергей Федорович Ольденбург В. В. Радлов жөнүндө: «Адамдар өтөт, бирок алардын жараткандары калат, ал эми өзүнүн узак өмүрүндө В. В. Радлов иштегендер ушунча көп жана маанилүү, ошон үчүн анын аты — эстелиги шексиз ыйык сакталат»— деп жазат.

Академик В. В. Радловдун өмүрүн, чыгармачылык жолун уруттуу үч учурга бөлүп караого болор эле: Алтай мезгили, Казань мезгили, Петербург-Петроград мезгили. Он жылдан ашуун убакытты (1860— 1870-жылдар аралыгы) камтыган Алтай мезгилинде окумуштуу Сибирь, Алтай, Казакстан, Орто-Азия аймактарына экспедициялар жасап, ошол чөйрөлөрдө жашаган түрк элдерине таандык этнографиялык, тилге тиешелүү маалыматтар жыйнап, археологиялык казуулар жүргүзүп, элдик оозеки чыгармачылыктардын үлгүлөрүн чогултуп, ал көптөгөн фактылык маалыматтарды илимий талдоодон өткөрүп, басмага даярдаган. Натыйжада 1866-жылдан тартып жыл кур калбай В. В. Радловдун эмгектери жарыялана баштайт. Алардын ичинде түрк элдерине таандык фольклор, тил, этнографияга тиешелүү эң бай фактылык маалыматтардын жыйындысы болгон он томдук «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрү» да бар. В. В. Радловдун өмүрүнүн, чыгармачылык жолунун ушул мезгилин өзгөчө бөлүп, маани берип айтууга татыктуу. Анткени, окумуштуу ушул жылдар ичинде эч ким из сала элек ак такты изилдеген илимпоз катарында да, ар кандай кыйынчылыктардан жүз бурбаган эр жүрөк адам катарында да өзүнчө баатырдык деп аталууга арзырлык чоң иштер иштеген: илим үчүн зарыл керек болгон баалуу маалыматтарды ошол кездеги маданий борборлордон эң алыс турган туңгуюк жерлерди көптөгөн кыйынчылыктарга кайыл болуп он жылдан ашуун убакыт аралап жүрүп чогултkан. Окумуштуунун бул эмгектерин көрүнүктүү этнограф, СССР илимдер академиясынын корр.— мүчөсү Лев Яковлевич Штернберг: «Батыш

www.bizdin.kg

Сибирь, Алтай жана Орто Азиянын археологиясы жана түрктөрдүн лингвистикасы, этнографиясы, географиясы боюнча бүтүн бир энциклопедияны түзгөн таптакыр жаңы маалыматтар» — деп баалайт.

В. В. Радловдун бир нече жолу кыргыз жергесинде болушу да окумуштуунун өмүрүнүн жана чыгармачылыгынын ушул Алтай мезгилине туура келет.

1871—1884-жылдарды кучагына алган Казань мезгилинде окумуштуу педагогдук, административдик милдеттер менен илимпоздук изилдөө иштерин айкалыштырып, бул багытта да үзүрлүү эмгектенген.

Окумуштуунун өмүрүнүн акыркы жылдарына туура келген Петербург-Петроград 1884— 1918) мезгилинде Россия академиясынын Азия элдеринин тарыхы жана байыркылыктары (древности) боюнча ординар академиктик милдет аткаруу менен ал илимди уюштуруучу катары орчундуу иштер иштеди. В. В. Радловдун тематикасы жактан эң эле ар түрдүү багыттарга арналган илимий изденүүлөрүнүн жана алардын жыйынтыктарын жарыялап-басмадан чыгаруунун өзгөчө үзүрлүү, бай натыйжаларга ээ учуру так ушул Петербург-Петроград мезгилине туура келет. Окумуштуунун эмгектерин жогору баалоонун далили катары эсептелүүчү факты анын 1884-жылы 7-ноябрда Петербург илимдер академиясына академиктикке шайланышы.

Ондогон фундаменталдуу илимий эмгектер, илимдин бир эле эмес, бир нече тармактарын баалуу жаңылыктар, ачылыштар, маани зор фактылык маалыматтар менен байытуу, жаңы илимий багыттарга негиз салуу, бүгүнкү күндөргө чейин илимдик кадыр-баркы төмөндөмөк турмак күн, жыл өткөн сайын дагы жогорулап бара жаткан материалдар топтолгон ондогон жарыялоолор — көптөгөн томдордон турган китептер мына В. В. Радловдун өмүр жолунда иштеген илимий эрдигинин кыскача тизмеси. Ушулардын арасында көптөгөн элдердин тилчи, фольклорчу, этнограф окумуштууларына кеңири фактылык маалыматтар берген Орхон, Турпан экспедицияларынын материалдары, турмушта пайдаланууудан чыгып калган жана жашоосун улантып жаткан түрк тилдери боюнча изилдөөлөр, «Түндүк түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы», «Түрк тилдеринин сөздүгүнүн тажрыйбасы» жана көп томдордон турган «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» ж. б. бар.

www.bizdin.kg

В. В. Радловдун таланттуу окумуштуу, илимдин уюштуруучусу катарындагы көп кырдуу жана өзгөчө жемиштүү чыгармачылык жолунун биз атайылап көңүл бургубуз келген бир өзгөчө белгиси — ал адамдын жеке эле бир эл эмес, көптөгөн элдерге шарапатын тийгизгендиги, анын эмгектеринин орус элине таандык илимге чоң-чоң салым кошуп, ошол илимдин кадыр-баркынын жогорулашына өбөлгө түзүү менен бирге башка көптөгөн, айрыкча ошол кездеги тарыхый шартта көп жактан өсүп-өнүгүүнүн өтө эле төмөнкү баскычтарындагы, же илимдик коомчулукка такыр деп айтарлык белгисиз болгон элдерди өз изилдөөлөрүнүн объектисине алып, алардын жашоо шарты, тили, маданий мурастары жөнүндөгү көптөгөн баалуу маалыматтарды чогултуп жана жарыялап, ал жаңы табылгалары менен жалпы адам баласына таандык илим казынасын байытканы. Окумуштуу В. В. Радловду илим дүйнөсү түрк элдерин изилдеп үйрөнүү илиминде өзүнчө доор түзгөн адам — деп, таанышат. Белгилүү окумуштуу, академик А. Н. Кононовдун айтуусу боюнча В. В. Радловдун эмгектери «түркология илиминин бардык тармактарын: түрк тилдеринин диалектографиясы жана диалектологиясын, лексикографиясын жана лексикологиясын, салыштырма жана тарыхый фонетикалык жана грамматикалык, түрк текстологиясын жана руникалык, уйгур, арап алфавити менен жазылган түрктөрдүн жазма эстеликтерин бастырып чыгарууну, түрктөрдүн фольклорун, этнографиясын, тарыхын, археологиясын бүт камтыйт».

В. В. Радловго таандык баалуу илимий мурастардын ичинде кыргыз тилине, элдик оозеки чыгармачылыгына тиешелүү эмгектер да арбын. Аларда окумуштуу кыргыз тилинин лексикасына, фонетикасына байланыштуу пикирлер айтат, түрк элдерине жалпы тиешеси бар байыркы эстеликтердин бири болгон Орхон жазмаларын чечмелеп окуп чыгып, бул материалдар кыргыздарга таандык болсо керек деген илимий жоромолун берет, өзү эл арасынан чогултканы түрдүү жанрлардагы оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн кеңири комментарияларынын коштоосунда жарыялайт.

В. В. Радловдун эмгектеринен биз үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон баалуусу, албетте, окумуштуу ошол кездеги кыргыздардан жазып алган жана өзүнчө китеп кылып басмадан чыгарган «Манас» эпосунун тексттери.

www.bizdin.kg

В. В. Радлов кыргыздардын жергесине анда Ч. Валиханов биринчи жолу болуп кеткенден алты жыл кийин келген. Окумуштуунун өз эскерткенине караганда ал «Манаска» таандык тексттерди 1862-жылы Текесте бугу уруусунун, 1869-жылы Ысык-Көлдүн батышында сарыбагыш жана Токмоктун айланасындагы солто урууларынын арасынан жазган. Токмок шаарына жакын жерлерде жашаган сарыбагыш уруусунун арасынан жазылган «Манастын туулушу» аттуу чыгарманын башталыш эпизодун эсепке кошпогондо эпостун кайсыл окуялары качан жана кайсыл жерде кагаз бетине түшүрүлгөнү, ошондой эле информаторлор ким болгону, аты-жөнү, алар жөнүндө башка маалыматтар эч жерде эскерилбейт. Тексттер эки башка учурда жана бири-биринен аралыгы бир кыйла алыс болгон жайларда жазылып алынганына караганда окумуштууга «Манас» айтып берген адамдар бери эле болгондо 3—4, же андан да көп болсо керек.

Окумуштуу 1862-жылкы саякат учурундагы иштери жөнүндө 1863-жылы 20-августта Петербург академиясында жасаган билдирүүсүнө караганда «Манастын» ошол алгач жолку жазылган көлөмү 80 бет. Бирок, ага кайсыл окуялар киргени, ыр сабынын саны, кимден жазылганы чечмеленип айтылбайт. Андай чечмелөө, тактап айтуу кийин эпостун бардык материалы басмага даярдалганда да болгон эмес, китепке кирген тексттер кайсыл жылдары, кайсыл жерлерде жана кайсыл урууларды арасынан кагаз бетине түшүрүлгөнү гана жалпы жонунан эскертилүү менен чектелген. Бул абалды, биринчиден, ошол тарыхый шарттагы фольклористика илиминдеги кабыл алынган салт менен (жеке эле В. В. Радлов гана эмес, Ч. Валиханов да өз информаторунун аты-жөнүнө көңүл бурбай, кесибин — ырчы экенин гана эскертүү да ушул жагдай менен түшүндүрүлүшү мүмкүн), экинчиден окумуштуунун илимдик кызыкчылыгындагы башкы максат оозеки материалдарды чогултуу эмес, илимдин башка тармагы үчүн фактылык материалдар чогултуу болгондук менен түшүндүрүүгө болот. Буга окумуштуунун «Менин башкы максатым кара — кыргыздардын тилин изилдөө үчүн материалдар топтоо болгондуктан көп сандагы тексттерди ырчылар мага кандай айтып берсе, ошол түрдө жазып алуу менен канааттанышым керек эле. Ошон үчүн мен жолуккан варианттарга жана

www.bizdin.kg

карама-каршылыктарга көңүл бурганым жок, ошондой эле кайталоолор кетирбес үчүн айтып берип жаздырып жаткандарды кыскартпадым» деген сөзү да күбө. Демек, окумуштуунун негизги максаты кыргыз тилинин өзгөчөлүгүн изилдөө болгондуктан ал колдон келишинче буга зарыл керек фактылык материалдарды топтоого аракеттенет жана эпосту ушул максаттын каражаты катары тандап алат. Ушунун натыйжасында чыгарманы жазып алууда түрдүү варианттар сыяктуу оозеки чыгармачылыктын башкы белгиси эсептелген орчундуу учурларга маани бербейт. Акад. В. В. Радловдун чыгаан адис, чон окумуштуу боло туруп илимдин бүгүнкү талаптарынан алып караганда кетирген тексти кагаз бетине түшүрүүдөгү элементардык зарылчылык боло турган паспорттоштуруу ишиндеги (мисалы, информатор жөнүндө так көрсөтүлгөн кеңири маалыматтар бербөө, же варианттык белгилерди сактоо ж. б. мүнөздөгү) айрым мүчүлүштүктөрдү негизинен ошол тарыхый шарттагы фольклористиканын деңгээли, кабыл алынган салттык түшүнүктөр, принциптер менен түшүндүрүүгө болот. Ч. Валиханов болсун, В. В. Радлов болсун кагаз бетине түшүрүлгөн материалдар кайсыл уруунун арасынан жазылганын так белгилешет, ал эми информатордун инсандык маалыматтары унутта калат, ага көңүл бурулбайт. Демек, окумуштуу үчүн чечүүчү мааниге ээ нерсе тексттердин өзү жана ошол тексттер айтылып жүргөн чөйрө. Ал эми ошол тексти алып жүргөн, аткарган, белгилүү даражада салымын кошкон айтуучу— информатордун ролуна көңүл бурулбайт. Ушунун натыйжасында эпостун варианттары да, айткан адамдын чыгармачыл инсан катарындагы орду да көз жаздымында калат. Ошентсе да В. В. Радлов ырчы-айтуучуга таандык чыгармачылык белгилер жөнүндө негизинен туура байкоолор, корутундулар айтат жана чыгарма жаратууда, айрыкча эпостун жашоо процессинде алардын ролу жогору экендигин баса белгилеп көрсөтөт.

Тексттерди кагаз бетине түшүрүү процессинин окумуштуу үчүн өзгөчө татаал болгондугу күмөнсүз. «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын» V китебине жазган кириш сөзүндө ал өзү бул жөнүндө минтип белгилейт: «Записывание песен под диктовку представляло большие затруднения, певец, понятно, непривыкший диктовать так тихо, очень часто терял нить рассказа и запутывался в

www.bizdin.kg

противоречиях, всякий вопрос с моей стороны еще больше отвлекал его от обычного пения. Поэтому я должен был заставить певца сначала пропеть весь эпизод для того, чтобы мог записать в коротких словах общий ход рассказа. Когда я познакомился с содержанием эпизода, я велел продиктовать певцу мне все пропетое. Таким образом, познакомившись с содержанием, я имел возможность заметить все пропуски и неточности. Несмотря на все эти осторожности и старания, мы теперь еще нередко встречаем пропуски в записанных текстах». Биз атайылап толук жана котормо түрүндө эмес, оригиналдын өз тилинде келтирген бул узун үзүндүдөн «Манастын» тексттерин В. В. Радлов кагаз бетине түшүрүү учурунун процессин баштан-аяк толук көз алдыга келтирүүгө, бул учурда окумуштуу кандай кыйынчылыктарга туш келгенин даана баамдоого мүмкүн. Эгер ушул жогоруда келтирилген эпосту жазган адамдын айткандарына сөздөр ошол элдин тил өзгөчөлөгүнө ылайыкташтырылып атайын түзүлгөн тамгалардын жардамы менен эмес, башка элге таандык алфавитке айрым шарттуу белгилер коюу (В. В. Радлов «Манастын» тексттерин жазганда кайсыл графиканы пайдаланганы бизге белгисиз, жарыяланган тексттерге караганда орус тамгаларынын жардамы менен жүзөгө ашырса керек) аркылуу иштөөгө туура келгендикти (албетте, мындай иштөө иш процессине кошумча кыйынчылыктар туудурары өзүнөн өзү түшүнүктүү) жана айрым сөздөрдүн маанисин таасын билбегендиктен туура эмес, же бурмалап жазуу, аны тактоо үчүн информаторго же ошол жазуунун жүрүшүнүн өзүндө, же кийинчерээк кайрылууга туура келүү ж. б. сыяктуу окумуштуу айтпай кеткен тоскоолдуктар менен кыйынчылыктарды да эске алсак орус окумуштуусунун алп эмгеги, ал эмгектин теңдешсиз баасы ачык байкалат.

В. В. Радлов өз информаторлорун (ага «Манасты» айтып берип жаздырган информатор бирөө эле эмес, бир нече болгондугуна окумуштуунун тексттерди ар башка жерде, башка-башка уруулар арасынан жазгандыгы жана эпостун варианттарына көңүл бурбагандыгы сыяктуу өзү берген маалыматтар күбө) кесиптик өзгөчөлүгүнө карай гана жалпы жонунан ырчы (певец) деп атайт. Ырчынын чыгармачылыгына берилген («Всякий опытный певец поет по вдохновению, так что он не в состоянии спеть одно и то

www.bizdin.kg

же два раза, не изменяя форму изложения») мүнөздөмө да башкы белгилери жактан бүгүн биз билген манасчыларга караганда акын-ырчыларга жакын. Бирок, буга карап В. В. Радлов кыргыз жергесине келген тарыхый шартта чыгармачылык мүнөзү жактан «Манастын» айтуучулары менен ырчылардын арасында чек жок, экөө бир группадагы көрүнүш дешке болбойт. Ырчы менен эпостун айтуучусу көпчүлүк учурларда бир наам аркылуу «ырчы акын» — деп аталганына карабастан, ошол мезгилдерде эле алардын чыгармачылыгынын арасындагы жиктелүү башталган, ал гана турмак айырмачылык даана байкалып, экөө эки башка наам менен аталган. Буга В. В. Радловдун ырчыдан башка да «эпикалык ырларды айтуучу ырчы (певец эпических песен) деген терминди колдонушу айкын күбө. Ырас, орус окумуштуусу алардын арасына катуу чек койбойт, буга караганда ал адам кесип ээлеринин бул эки тобунун арасында айкын айырма бар экенин анча баамдаган да эмес. Ал балким ошол шартта бул эки топтун арасында четтен аз убакка бир-эки жолу келген адам дароо байкай коерлук айырма да болбосу мүмкүн (жашаган доору жактан ошол учурларга жакын турган Балык ырчы сыяктуу адамдар жөнүндөгү бизге жеткен маалыматтар ал кездерде манасчылык кесип менен ырчылык өнөр аралаш жүрүп, бири-бирине эң эле жакын турганын билгизет). Ошондой болсо да В. В. Радловдун эпосту айтуучуларды өзүнчө наам менен аташы жана алардын чыгармачылыгына ырчылардан айырмаланган мүнөздөмө («Вследствие частых упражнений у него наготове целый ряд отдельных частичек песен (если можно так выразиться), которые он и присоединяет друг к другу в соответствующем ходу рассказа порядке. Каждая из таких частичек песен изображает описание известных случаев и происшествий... Искусство певца состоит только в ловком соединении готовых уже частичек картин в одно целое, смотря по ходу обстоятельств») бериши чоң мааниге ээ. Анткени, «Манас» жөнүндөгү илимдеги орчундуу бөлүмчөнүн бири болгон манасчылардын чыгармачылыгына байланышкан маалыматтардын горизонтун кеңейтет жана маселеге белгилүү даражада өз алдынча тактык киргизилет. Албетте, эпикалык ырларды айтуучуларга окумуштуу берген мүнөздөмөнү манасчылардын чыгармачылык өзгөчөлүгүн толук камтып, бардык белги-

www.bizdin.kg

лерин кеңири ачкан аныктама деш кыйын. Чынында ал айткан белгилер көп жактан жалпы эле ырчыларга таандык. Бирок, кеп аныктаманын тактыгында да, толуктугунда да эмес. Маселе «Манасты» айткан атайын адамдардын болуу фактысында. Адатта манасчылык өнөр көркөм сөз чеберлеринин бир топ эски үлгүлөрүнө жатарын жана ошондой эле бул топтогу адамдар Октябрь революциясына чейин эле «жомокчулар» деген наам менен аталышаары илимде азыр баарыга маалым фактылардан. Бирок, ошол өнөрчүлөрдүн ырчылардан бөлүнүп өзүнчө атала башташынын убакыт чеги так эмес. В. В. Радлов берген маалымат ушул багытта ачыгыраак ой айтууга, б. а. манасчылык өнөр бери болгондо эле өткөн кылымдын орто чендеринде өзүнчө топ катары белгилүү болгон дешке мүмкүнчүлүк түзөт. Бул чек манасчылардын эл арасында көркөм өнөрчүлөрдүн өзүнчө тобу катары өмүр сүрүү учурунун илимдеги азырынча белгилүү болгон күмөн туудурбай турган так чеги. Ырас, манасчылык өнөр андан да алда-канча мурда эле жашаган деп болжолдоого мүмкүн. Бирок, андай ой факты менен бекемделбеген божомол ой жоруу бойдон гана калат. Ушул жерде көңүлгө алына турган дагы бир учур ошол В. В. Радлов «Манасты» кагаз бетине түшүргөн шартта эпостун айтуучулары эл арасында өзүнчө наам менен аталганбы, эгер аталган болсо эмне үчүн орус окумуштуусунун көз жаздымында калды, б. а. ал аталыш анын эмгегинде эскерилбейт?— деген суроо. Жогоруда эскерилгендей В. В. Радлов «Манас» айтуучуларды «певец эпических песен»— деген термин менен белгилеп айтат. Бул термин илимге белгилүү маалыматтарга караганда кыргыздар арасында XIX кылымдын экинчи жарымында, айрыкча XX кылымдын башталышындагы Октябрь революциясына чейинки шарттарда кеңири белгилүү болгон эпостук чыгармаларды аткаруучуларга карата колдонулуучу «жомокчу» деген сөздүн мааниси жактан так котормосу. Буга карап орус окумуштуусу «жомокчу» деген терминди уккан, бирок, кандайдыр себептер менен (а балким сырткы формасы жактан жөө жомок— деген сөзгө жакын турган бул сөздүн мааниси эмнеде экендигин так биле албай, же терминдин түшүндүрмөсүнө өз информаторлорунан жеткиликтүү деңгээлдеги чечмелеген жооп ала албай) аны өз эмгегинде атайылап көрсөтүүнү зарыл деп эсептеген эмес да, ал сөздүн так маа-

www.bizdin.kg

нисин көрсөткөн котормосун пайдаланган болсо керек деп божомолдоого мүмкүн. В. В. Радлов эпикалык ырлардын ырчыларына карата айткан ойлорун уланткан жерлерде тажрыйбалуу ырчы («опытный певец»), ырчылардын мыктысынын бири («один из лучших певцов») — деген сөздөрдү колдонот. Бул сөздөрдүн атайын терминдик мааниге ээ экенин, же жалпы мүнөздөгү кайдыгер сөз экендигин кесе так айтуу кыйын. Ошентсе да бул фактыдан эпосту айтуучулар ошондо эле деңээлине, дареметине карай айрым топторго бөлүнгөнүн көрүүгө, ал топтор манасчылардын бүгүн биз билген үйрөнчүк, чала, чыныгы, чоң манасчы — жомокчу болгон бөлүнүүсүнүн өзү болбосо да, ага жакын, же элементтерин ичине сактаган көрүнүш белгилери экендигин байкоо кыйын эмес.

В. В. Радловдун жалпы эпос, ошого байланыштуу «Манас», анын айтуучуларынын чыгармачылыгы ж. б. жөнүндөгү ой-пикирлери, илимий жыйынтыктары жана «Манастын» үч бөлүгүнүн сюжеттик нугун ирээти менен баштан аяк толук камтыган тексттери бизге окумуштуунун «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрү (Образцы народной литературы северных тюркских племен) — деген он томдон турган китептеринин V томунда берилген. Он томдук окумуштуунун 1860—70-ж. аралыгында Алтай, Сибирь, Орто-Азия, Казакстан аймактарына жасаган илимий экспедицияларынын учурунда түрдүү элдердин арасынан чогултулган оозеки көркөм чыгармаларынын үлгүлөрү болгондуктан ар бир элге арналган китептер бөлүк делип аталган. 5-бөлүккө (томго) кыргыздарга таандык материалдар киргизилген. Китеп транскрипцияланган орус алфавити менен кыргыз тилинде Санкт-Петербургда 1885-ж. басмадан чыккан.

Китеп орус тилинде берилген В. В. Радловдун кириш сөзүнөн (Предисловие (V—I) «Манас» (1—368-б.) «Жолой кан» — (369—525-6.), «Эр Төштүк» (526—589-6.) «Кошоктор» (590—599-6.) — деген төрт бөлүмдөн турат.

Көлөм жагынан да, кириш сөздө окумуштуу өзгөчө көңүл бурган мааниси жактан да китептеги башкы бөлүм — «Манас».

Кириш сөз томдогу фактылык материалдарды түзүүчү оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнөн бөлүү максатында өзүнчө рим цифрасы менен бет коюлуп берилген. Кириш сөз

www.bizdin.kg

бастырылып жаткан тексттер түрк элдеринин арасындагы бүгүнкү күнгө чейин «Кыргыз»— деген наамды сактап келген элдин арасынан жазылып алынгандыгын эскертүүдөн башталып, аталган эл жашаган географиялык жайдын орду белгиленет, оң-сол — деп экиге бөлүнгөн кыргыздардын урууларынын аттары саналат. Элдин болжолдуу саны үч жүз миң адамдын айланасында экендиги эскерилет.

Кириш сөздө окумуштуунун айткан маалыматтарына караганда өзү жазган эпизоддордун айрымдарын китепте Манастын өмүр жолунун жүрүшүнө ылайык тартипте берген (ХШ-бет) б. а. окуяларды айтуучудан укkан үлгүсүндө эмес, өзү туура деп эсептеген тартип нукта жайгаштырган. Ушундан улам В. В. Радлов эпостун окуяларын бир эле айтуучудан баштан аяк ирээти менен укпаса керек деген жыйынтыкка да келүүгө болот.

В. В. Радлов өзү кыргыздардын арасынан жыйнаган материалдар дээрлик эпикалык ырлардан турарын белгилеген жана алардын мазмунуна, көркөмдүгүнө жогору баа берген. Ал «жалаң эпикалык ырлардан турушкан кара кыргыздардын арасынан чогулткан тексттер мазмундуулугу жана курулушунун көркөмдүүлүгү менен мени өзүлөрүн ыр түрүндө которууга мажбурлашты. Так ушул кырдаал басмага 1876-жылы эле толук даяр болгон бешинчи томдун бастырылышын азыраак кечеңдетти» — деп жазат.

Бешинчи томго жазган кириш сөзүндө, кыргыз жергесинде болгондугу жөнүндөгү жазган отчётторунда В. В. Радлов кыргыздар, алардын жашоо-турмушу, үрп-адаты, тили ж. б. боюнча көптөгөн илимдик маалыматтар берүү менен катар ошол элге карата калыс, аларды жогору баалап, урматтоо көрсөткөн бир катар пикирлерин да айткан. Мисалы: окумуштуу кыргыздар ырга шыктуу, көркөм сөз өнөрүнө чоң маани берип, жогору баалаган эл экенин белгилей келип, ушунун натыйжасы катары бул элде элдик оозеки чыгармачылыктын эпикалык үлгүлөрү өзгөчө өнүккөнүн көрсөтөт жана «кара кыргыздардын элдик поэзиясы чыныгы эпикалык учур» деп атоого боло турган кандайдыр өзгөчө учурда экен» — деп эсептейт.

Белгилүү окумуштуунун кыргыздардын эпосуна берген баасы, чыгарманын мазмуну, жомокту айтуучулардын чы-

www.bizdin.kg

гармачылык өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү байкоолору жана илимий корутундулары өзүлөрүнүн калыстыгы, маанисинин тереңдиги, тактыгы менен айырмаланып, бүгүн да өз баркын жоготпойт. «Эпос элдин бүт турмушунун, бардык умтулууларынын поэтикалык чагылышы». «Кыргыз өз ырларында кандайдыр укмуштуу жана коркунучтуу жөө жомоктук дүйнөнү барктабайт, тескерисинче ал өзүнүн турмушун, өз сезимдерин жана умтулууларын, коомдун ар бир жеке мүчөсүнүн өзүндө жашаган идеяларын даңазалап ырдайт». Окумуштуунун ушул түрдөгү көптөгөн аныктамалары, корутундулары кыргыз элин, анын маданий мурасын В. В. Радлов канчалык жогору баалаганын таасын айгинелейт. Кыргыздардын жашоосундагы көркөм сөздүн маанилүү орду, изилдөөчү «ырчы» — деген жалпы ат аркылуу берген «Манас» айтуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүгү кириш сөздүн орчундуу бөлүгүн ээлеген, окумуштуунун маанилүү байкоолорун, илимий корутундуларын баяндаган маалыматтардан. Ошондой эле тексттерди жазып алуудагы кыйынчылыктар бул иште окумуштуу колдонгон атайын ыкка да өзгөчө көңүл бурулуп, чечмеленет.

Кириш сөздө китепке киргизилген материалдардын ар биринин кыскача мазмуну баяндалып, айрым түшүндүрмөлөр берилет, акырында автор өзү жазып алган майда ырлардын айрымдарын бул бастырууга киргизбегенин да эскертет. Кириш сөз 1885-ж. октябрь айында Петербургда немец тилинде жазылган. Бешинчи томго берилген орус тилиндеги үлгүнү окумуштуунун уулу даярдаган.

«Манастын» үч бүлүмүнө тиешелүү материалдар китепте 7 темага бөлүнүп берилген: 1) Манастын туулганы; 2) Алмамбет бусулман (сөз В. Радловдо ушул түрдө жазылган) болуп, Көкчөдөн чыгып, Манаска кирет; 3) Манас менен Көкчөнүн согушканы, Каныкейди алганы, Манас өлгөндөн соң тирилгени; 4) Бокмурун; 5) Көзкаман; 6) Семетейдин туулганы; 7) Семетей.

Эпостун материалдарынын ушул тартипте бөлүм эпизоддорго бөлүнүшү жана алардын аталыштары эл арасында ошол учурда ушундай түрдө экени, же мындай бөлүнүүлөр да, аталыштар да шарттуу болуп, окумуштуунун эрки менен анын чыгарманы кабыл алышына, түшүнүшүнө ылайыкталып берилгени белгисиз. Кириш сөздө ар бир бөлүм ушул түрдө аталып, мазмуну кыскача эскертилгени менен

www.bizdin.kg

так аталышы кимге таандык экендиги, ошондой эле бөлүү эмнеге негизделип иштелгени эскерилбейт.

Өзү жети темага бөлгөн окуяларды окумуштуу «эпизод» деген термин аркылуу белгилеген. Чынында алардын эпизод экендиги жана ушул илимий термин менен белгилениши талашсыз, бирок, «Семетей», «Сейтек» кийинки илимге белгилүү маалыматтар боюнча «Манаска» байланыштуу, анын уландылары катары айтылганы менен ошол бир чыгарманын көптөгөн эпизоддорунун биринен эмес, курулушу, темасы, окуялары боюнча ар бири өзүлөрүнчө чыгармалар.

Балким В. В. Радлов кыргыздарга келген тарыхый шартта алар өзүлөрүнчө кеңири пландагы чыгарма катары айтылбай, кыскача берилген эпизод түрүндөгү бөлүмдөр болсо керек дешке да мүмкүн эле. Бирок В. В. Радловдон мурдараак кыргыз жергесинде болгон Ч. Валихановдун «Илиадага» «Манасты», «Семетейди» «Одиссеяга» салыштыруусу жана эпостун бул эки бөлүгүн атайын эки башка атап, көлөмдөрүнүн зорлугу жөнүндөгү эл айткан уламышты атайылап эскертүүсү «Семетей» да, балким «Сейтек» да ошол учурда эле өзүлөрүнчө чыгарма экендигин айгинелейт.

Демек, окумуштуу белгилеген алгачкы беш окуя эпостун биринчи бөлүмү — «Манастын» эпизоддору, кийинки эки бөлүмдү изилдөөчү эпизод деп атоосу илимий тактыкка туура келбейт.

В. В. Радлов «Манастын» өзү жазып алган окуяларын беш топко бөлүп беришин эпостун айтуучуларынан укканына негизделип иштелген дешке болот. Анткени, андай эпизоддор айрым өзгөрүүлөр менен илимге белгилүү кийинки варианттарда да жолугат. Ал эми алардын ар биринин аталыштарын шарттуу дешке, б. а. информатордун айтуусунда ушул түрдө болушу, же балким окумуштуу өз оюнча аташы да мүмкүн. Анткени эпостук жалпы салт боюнча ар бир эпизод окуялардын аталышы чыгарманы айткан адамдын эркн, каалоосу менен шартташкан көрүнүш. Ал турсун кеңири белгилүү, эл арасында дээрлик бир түрдө аталган эпизоддордун да кээде бул же тигил аткаруучунун вариантында бири биринен бөлөкчө наам берилиши кезигет. Мисалы: белгилүү манасчылардын басымдуу көпчүлүгүндө «Чоң казат» — деп аталган эпизод Сагымбай

www.bizdin.kg

манасчынын вариантында «Чоң чабуул» деген наам менен кагаз бетине түшүртүлгөн.

1) Манастын тууганы (туулганы) — (1— 6-бет, 164 сап ыр). Окуя эпостогу кеңири белгилүү болгон салттык белги— баатырдын тегин чечмелеп саноодон башталат:

2) Жетитөрдүн башында
Жеткилең тууган Бөйөн кан,
Бөйөн кандын баласы
Кайраттуу тууган Каракан,
Каракандын баласы
Кайраттуу тууган Жакып кан (5.1).

Манастын атасы Жакып экени бардык варианттар үчүн бирдей таандык көрүнүш. Чоң атасынан тартып көпчүлүк учурда жети атасына чейин саналуучу башка баба-жотолорунун аттары туруктуу эмес, түрдүү варианттарда түрдүүчө аталып, анын ичинде Каракан, Бөйөн, Чаян көбүрөөк эскерилет.

Жакыптын жердеп турган жери Чуңкур-Уянын үстү, Алматынын оозу. Эпостун көпчүлүк варианттары үчүн мүнөздүү болгон күчтүү жоодон кыргыздардын чабылышы, туш-тушка сүрүлүшү бул текстте эскерилбейт. Жакып Айдаркандын кызы Чыйырдыны алат, 14 жыл бала көрбөйт, эпостук салтка ылайык мазар тайып, тилек тилеп жүрүп, балалуу болот.

Манасты тууган энеси Чыйырды экени белгилүү варианттардын баарына таандык белги, бирок, Чыйырдынын атасы ким экени туруктуу мүнөзгө ээ эмес, түрдүүчө айтылат, Эштектин кызы деш көбүрөөк учурайт.

Жакыптын узак убак бала көрбөй, тилек тилеп жүрүп перзенттүү болушу да кеңири белгилүү, варианттардын көбүнөн орун алган салттык мотив.

Жаңы туулган баланын «аппак эти чүчтөдөй, устукан сөөгү мистедей». Акбоз бээ сойдуруп, Жакып баласына 4 пайгамбар, кожого ат койдурат. Балага Манас — деген ат берилет. 4 пайгамбар, Жеркенден келген жети элчи, кытайдан келген 40 элчи, ногойдон келген он элчи жентек жеп, Манасты сынап, туулган баланын келечекте мыкты чыгарын айтып кетишет. Каапыр менен мусулманга Манастын кабары катуу угулат. Күлүшө баштаганда эле бешикте жаткан Манас: «Аксакал атаке Жакып кан Бусур-

www.bizdin.kg

ман жолун ачамын, Капырдын малын чачамын... (5.3) — деп сүйлөйт. Муну укkан Жакып «алабаш жорго чаар атты алып келип токутуп, жакасы алтын, жеңи жез, ак күрөөкө торгой көз, алтындын зээрин жаптырган, күмүштүн зээрин төктүргөн» (5.3) бадананы кийгизип, Байдын уулу Бакай канды чакырып: Манас аттанып жортом, «алыска сапар барам, Мединаны сыдырып, Чоң Букарды кыдырып, Ит-Кечүүдөн кечем дейт, Бээжиндеги Коңурбай барып уруш салам дейт...» (86— 93-саптар), Көрбөгөнүн көргөзүп, билбегенин билгизип жанына жолдош бол — деп суранат. Бакай макул болот. Манас он жашында ок атып, он төрткө чыкканда ордо чайкап, кан болот. Кашкардагы кытайды Турпан айдап чыгарат, Турпандагы кытайды Аксыга айдап түшүрөт.

Китептин кириш сөзүндө эскертилген окумуштуунун пикири боюнча Манастын туулушу жөнүндөгү бул кыска эпизод ага берилген сурооого жооп кылып гана айтуучу тарабынан кокусунан дароо ойдон чыгарылган окуя (XIII — б.). Окумуштуу атайын белгилегендей бул эпизоддун мазмуну өтө эле жарды экендиги ырас. Бирок, көрүнүштөрдү үстүртөн, өтө кыска, деталдаштырбай берүү окуянын мурда эпостун составында жоктугунун далили эмес. Балким бул эпизодду мурда кенен айтпаган адам болгондуктан, же кандайдыр башка себептер менен айтуучу эл арасында мурдатан белгилүү чыгарманын туруктуу салттык окуяларынын бирин өзүнө берилген сурооого жооп катары ушул түрдө кыска баяндоосу да ыктымал. Чынында «Манастын туулушу» деген темага ылайык келүүчү бүгүн илимге кеңири белгилүү болгон сюжеттик нук баатырдын теги, Жакып менен Чыйырдынын узак убакыт баласыз болуп жүрүшү, туулган баланын жашынан эле өзгөчө жышааналуу экендиги аталган эпизоддо негизинен толук сакталып берилген. Жеке эле бул эмес Манас жооо аттанам дегенде ага Жакып даярдаган минер аты алабаш жорго чаар ат С. Каралаевдин вариантындагы Манас туулганда дүйнөгө келген минер аты тору чаар менен үндөшүп турушу, айрыкча «аппак эти чүчтөдөй, устукан сөөгү мистедей» же «жакасы алтын, жеңи жез, ак күрөөкө торгой көз,» же «он жашында ок атты, он төртүнө келгенде ордо чайкап, кан болду» ж. б. туруктуу ыр саптарынын, башка деталдык белгилердин кийинки манасчылардын вариантарынан өзгөрүүсүз ушул

www.bizdin.kg

түрдө кенен орун алышы, окуя-эпизод эпостун сюжеттик нугунда мурдатан эле орун алганынан кабар берип турат.

2) Алмамбет мусулман (бусурман) болуп, Көкчөдөн чыгып, Манаска кирет (6—61-беттер, 1862 сап ыр) — жер жер болгондо, суу суу болгондо алты атанын уулу каапыр, үч атанын уулу мусулман бар экен (1—4 саптар). Төрт арыштуу ойроттогу алтын айдар, чок белбоо Каракандан Алмамбет туулат. Ал топ олуянын тобосунан, бар олуянын батасынан, арчалуу мазар азиреттин Алдасынан бүткөн бала. Алмамбет туулду дегенде Ала-Тоо корккonунан пас болот, агын суу корккonунан сай болот. Үч атанын уулу мусулман суунун башын көздөп качат, кара ногой Жамгырчы Иленин башына түшөт, сары ногой эр Манас өркөчү бийик өр кула, өктөм тууган Аккуланы минип суунун аягын көздөп көчөт. Аркы атасы Камбаркан, берки атасы Айдаркан эр Көкчө үч мусулман элдин ортосуна туруп калат. Көкчө элин жыйып камданып, кызыл чоктуу ойроттун элинин четине барып, тил кармап, кабар алалы — деп аттанып, куш салып, каз, соно алдырып жүрүп олтуруп Ысык-Көлдүн жээгине кирип барат. Ары жагындагы адырдан калдайган кара бөркү башында Алмамбет алдынан чыгат. Көкчөдөн мусулманчылыктын жолун угуп, динге кирип, экөө достошот. Элине барып, тил алса мусулман кылам — деп, Алмамбет кетет да, элин, атасын, энесин мусулман болууга чакырат. Эли, ата-энеси тилин албайт. Алмамбет Кылжээрен атын минип, качып чыгып, жолдон тоскон кыр жагындагы кытайдын кырк сан колун, ой жагындагы орустун он сан колун жарып өтүп, Көкчөгө келет. Көкчө үйүнө кабарга жигит чаптырып, досун ээрчитип үйүнө келет. Акерчеч Алмамбетти сыйлап тосот. Тебише кетип таскарды жарылган бээни союп, Көкчө той берип, Алмамбеттин башын куттуктайт. Алмамбет ойротко жортуп барып, Көкчөнүн элин байытат. Көкчөнүн кырк чоросу ичтери күйүп Алмамбет менен Акеркечтин көңүлү жакын — деп, ушак айтышат. Буудайбек да алардын сөзүн кубаттайт. Көкчө Алмамбетти чакыртып алып, калмак, кет! — деп, ж. б. көңүл калар катуу сөздөрдү айтат. Таарынган Алмамбет аттанып кетип баратканда Акеркеч алдынан чыгып токтотуп, Көкчөгө келип, жүйөлүү сөз айтат. Көкчө Көгаланы тартып, Көккүбөнү жаап Алмамбетти токтоткула— деп, жигиттерин жиберсе, алар Алмамбет

www.bizdin.kg

арактьı көп ичип алып, карагайдын көлөкөсүнө жатып уктап калыптыр — деп, ушактап келишет. Акерчеч ишенбей сыртка чыгып караса көпкө күткөн Алмамбет кетип калыптыр.

Ошол күнү Манас түнүндө түш көрүп, эртеси катуу даярдык менен жорутат. Түшү: Актайган жетелеп, Акшумкар колуна кондуруп сапарга жүрүптүр. Тайганын агытса дүйнөдөгү төрт аяктуу бүт алдына келип кырылат, шумкарын салса көктөгү бүт канаттуу алдына келип кырылат. Түштү Ажыбай: «батасы менен батаң тең, атасы менен атаң тең кандын баласы келип, өзүңө жолдош болот экен!» — деп, жоруйт. Манас Алмамбет келе жаткан турбайбы!— деп, камданып, атактуу аттардан жетелетип алып, колу менен аттанып, Таласты бойлоп жүрүп, Желгектин сары талаасына келип конот да, эртең менен жер чалып келмек болуп аттанып, Ашмаранын Кум-Белден кароол карап туруп Ашмаранын асты жагындагы Ак-Эрменден түрү бөлөк адамдын келе жатканын көрүп, кырк чорого айтканы кайра жөнөйт.

Кыраңдан элес-булас караан көргөн Алмамбет белге чаап чыгып караса адамдын изи жатат. Ченесе өз изинен бир эли артык экен, аттын изин көрүп, атынын изине тенештирсе мурдагы из бир элиге чоң экен. Бул киши ким болсо да менден эки эличе артык эр экен!— деп ойлойт.

Манас жигиттерине барып, бир адам келе жатат, алтоон барып колдун четинен жөөлөтүп ээрчитип келгиле!— деп буйрук берет. Жигиттердин өтүнүчүнө болбой Алмамбет эшик алдына чейин атчан келет. Үйгө кирген Алмамбеттен Манас жай сурайт. Ал жөнүн айтат. Манас Аккула, Сараланы баш кылып тогуз күлүк тарттырып, Аколпокту баш кылып курал-жарагын бүт тартуу тарттырат, бара турган жерине ала кетсин — дейт. Манас Жакыпка кабар айттырып, камдансын, ат чабам— дейт. Жакып камданат. Жарышып алдыда барган Манас менен Алмамбеттин алдынан Шакан байбиче чыгат. Анын ийиген эмчегин Манас менен Алмамбет ээмп, экөө тууган болушат.

«Алмамбеттин окуясы», «Алмамбеттин арманы», «Алмамбеттин жомогу» ж. б. темалар менен аталган бул эпизод белгилүү варианттардын дээрлик бардыгында орун алган жана сюжеттик нугу негизинен бир түрдө, бири бирине жакын үлгүдө айтылган эпостогу салттык туруктуу

www.bizdin.kg

окуялардын биринен. Бул китепте жарык көргөн текст салыштырмалуу алып караганда көлөмү чакан, сюжет кыскартылган түрдө баяндалганы менен кийинки манасчылардын арасынан Сагымбай Орозбак уулунун жана ал кирген мектепке жата турган айтуучулардын варианттарына жакын үлгүдө берилген. В. В. Радлов жазган текст менен Сагымбайдын тексти окуяларынын жалпы өнүгүш нугу жактан эле эмес, көптөгөн майда деталдык белгилерине, ал турмак кээ бир ыр саптарына чейин бири бирине туура келет. Бул көрүнүш эпостун туруктуу салттык окуяларынын жалпы нугу гана эмес, басымдуу көпчүлүк учурларда деталдык белгилерине чейин иштелип чыгып, айтуучулардын бир муунунан экинчи муунуна туруктуу мүнөзгө жакын өтө тургандыгын айгинелейт.

3) Манас менен Көкчөнүн согушканы, Каныкейди алганы, Манас өлгөндөн соң тирилгени (61-140-б., 2685 сап ыр) – Манастын атак-даңкы алыска тарап, айлана чөйрөсүндөгүлөрдүн баарын каратып, ак падышага гана баш коюп турат.

Көкчөнү чаап, жылкысын тийип, каркыралуу кыздарын олжолоп Алмамбет чоромо соогат берем — деп аттанган Манас барып жылкы тиет. Көкчө кубалай келип, жүйөлүү сөз айтса болбойт. Экөө беттешип, Көкчө аткан октон Манас жарадар болот. Дарылайын, токто! — деп, Аккулаңы чылбырдан кармаган Көкчөнүн минген атын Манас кылыч менен бөлө чаап салып, таштап кетет. Көкчөнүн жылкыларын кырк чоро кууп айдап кеткен экен. Ак падыша менен учурашып келейин, ошонун айтканы менен болоюн — деп, Манас жөнөйт.

Ак падышага барып айланасындагыларды бүт каратканын айтат. Падыша сага кол кайрып каршылык кылгандар болсо кыйрата бер, менин элиме гана тийбе, экөөбүздөн улук эч ким болбосун, мен барда сага эч ким кол кайра албайт— дейт. Манас үйүнө келип дүйүм алптан коркпоймун, баягыдай жортпоймун, Кайыптын кызы Карабөрк кармап алдым талаадан, Шооруктун кызы Акылай олжолоп алдым коргондон, кыз издеп, мага жакшы катын алып бер — дейт атасы Жакыпка. Жакып уулуна ылайыктуу кыз издеп чыгып, талаадан жолуккан койчу таздын кенеши боюнча Темиркандын кызы Каныкейди көргөнү барат. Жуучуга келдим деген Жакыптын сөзүнө

www.bizdin.kg

Темиркан уулуң көрүнгөн менен жоолашып, кармаша берет экен, кызым Канықей жалгыз, Манас бирөөдөн мерт тапса кызым каралуу калар, балаң жортуулчусун койсун, болбосо кызымды бербейм — дейт. Жакып ага опуза сөзүн айтат. Темиркан элине кеңешет, билермандары көп мал сурайлы, тапса келер, табалбаса ошондон нары жоголор дешет. Бул акылды туура табышып, Жакыпка кудалыктын шартын айтышат. Жакып үйүнө кайтып, кудалардын жайын түшүндүрөт, Манас кырк чоросунун ар биринен жүздөн жылкы чогултуп, жоо-жарагын камдашып, жөнгө келип, кызын жөн берсе аны көрөбүз, бербесе тартып алабыз! — деп, жөнөшөт. Силер бара бергиле, мен ак падышага барып акыл сурай кетейин — деп, Манас ак падышага барып, үйлөнгөнү аттанганын айтат. Ал кубанып, жеңкетайга бергиниң— деп, көп алтын, күмүш акча берет. Манас мурда кеткендердин артынан жете барып, Темиркандын шаарына келишет.

Көгала сакал Мендибайдын бузукулугу менен Манасты жалгыз ээн талаага таштап, кырк чорону бөлүп кетип коноктошот. Күн ысыганда талаада жалгыз калган Манас суусап кыйналып, жалгыздыгына, күйөр адамынын жоктугуна арман кылат. Кырк чоронун ичиндеги Манастын досу Каратоко сыртка чыгып, Манастын жалгыз калганын көрүп, чоролорго кабар кылат. Алар шашылыш аттанып, Манаска келип кечирим сурашат. Манас кечирет. Алтымыш танап ак чатырды тигип, жатып калышат. Күндүз коркуп келе албаган балдыздар менен жеңелер кечинде келишет. Манастын тапшыруусу боюнча Ажыбай аларга ак падыша атайын берген көп пулду жеңкетайга берет. Эки жакын жеңеси Манасты алтындө кел, Канықейдин койнуна жаткызабыз — деп, кетишет. Манас барат. Канықей сен кимсиң?— десе, көп калың берип, сени ала турган Манасмын — дейт. Төөчү, уйчу, жылкычы кулдарымдын аты бүт Манас, сени билбейм, кет десе Манас болбойт. Канықей канжар менен саят, бычактын учу билегин чийип кетет. Манас чыр чыгарып, кырк жигитин жиберип Темиркан кан менен Жакыптын жылкысын айдатып келип, колуна союш кылып, шаарга кол салат. Аны көргөн Канықей жанына кырк кыз ээрчитип, кырк үй тиктирип, жыгылыштуу болуп алдына келет. Манас аны атка учкаштырып алып, өйдө-төмөн чапкылайт. Канықей «Көгүчкөн учса

www.bizdin.kg

жүнүн кес, Кара бет көп сүйлөсө тилин кес» — деп жалынат. Манас кечирип, чоролор даяр үйлөргө түшүшөт. Алмамбет түшкөн үйдө кейпи суук кара кыз олтуруптур. Каныкей Алтынайга барып сенин атаң Айыпкан менен менин атам Темиркан бир тууган, кубулбай өз өңүңө кел, Алмамбет Манасты бийлеген, андан кем эмес баатыр — десе, Алтынай экөөбүз тең атанын кыздарыбыз, эгер мен Алмамбетке тийсем сен мени бээ саадырып, элге кымыз сундуруп жумшап аласың — дейт. Сени кем тутсам төбөсү ачык көк урсун, төшү түктүү жер урсун! — деп Каныкей касам ичет. Алтынай чыныгы кебетесине келет. Айыпкан менен Темиркан атаандашып, кыздарын көп дүнүйө берип узатышат.

Калмактардын бери жагында, мусулмандардын ары жагында Көкчөгөз менен Каманкөздүн ууру үйү бар экен. Көгала сакал Меңдибай арака бал куюп, уу кошуп чайкагыла, Манаска берели — деп, кабар салат. Үч-Капкактын оюнда, Үкүрчүнүн боюнда ак чатыр тигип Манастар жатышат. Серек менен Сыргак кийин калган экен. Уу экенин билбей (берген тамактардан жеп, ичип) уктап калышат. Манас башын көтөрө албай, наалыш кылып, Ажыбай, Алмамбет ж. б. Тазбайматка чейин аттарын атап, баары өлүптүр, баарынын жаманы Сыргак менен Серек кантип тирүү калган дейт. Манастын көкүрөгүнөн жаны кетелегинде кырк чоро: жан сактаар жерди айтып кет, кимге барып баш калкалайбыз? — дешет. Манас башкаларга зордугум өткөн, оруска барсаң батасың — дейт. Манас өлөт, анын сөөгүн коюп, үйгө келип, Жакыпка көңүл айтышат. Жакыптын кенеши боюнча бийликти Бакайга, кенешчиликти Ажыбайга, жооо каршы турууну Алмамбетке беришип, ар кимиси өз бетинче жатып калышат.

Жакыптын Манас таап берген мал, дүнүйөсү түгөнүп, сарттын орогун оруп, жакырчылык башына түшөт. Манастын энеси Бакдөөлөт машак терип, карындашы Каргылач суу алып, от жагып жүдөшөт. Каныкей бадачыга жалданып, Жакып менен Бакдөөлөттү багып жүрөт.

Манастын аты Аккула, кушу Акшумкар, тайганы Актайган аза күтүп, зар какшашат. Алардын зарын угуп кудай жиберген периште Манасты тирилтет. Атын минип, кушун кондуруп, тайганын ээрчитет. Бирок, мурда эмне болгону эсинен чыгып, уу уулап, жүрө берет.

www.bizdin.kg

Канықей түш көрөт: асманда ай, күн тууптур, коломтосунан зор терек өсүп чыгып, анын көлөкөсүнө өзү, Жакып, Бакдөөлөт пааналашыптыр. Жакып: Манас тирилип келет экен, кырк чорого кабар сал дейт. Манастын аты, кушу, тайганы жоголуп кетти, бул эмне сыр?— дешип таң калышат.

Жакып кырк чоронун Ажыбай, Алмамбет баштаган бир топторуна кабар айтса, алар сөз тыңшабайт. Акыры Бакдөөлөттүн кеңеши менен Бакай, Серек, Сыргак, Манастын кыяматтык досу Каратоко төртөөнө кабар берип, аларды ээрчитип келип, Манастын мүрзөсүнө барып куран окумак болушат. Аккула, Акшумкар, Актайгандын дареги барбы, билип келчи — деп, Серекти жиберишет. Ал мүрзөгө барса, Манастын бейити жок, анын ордунда үй турат. Шыкаалап караса салынган төшөктө Манас жатат, Манастын башын жөлөп бир сулуу кыз олтурат. Сүйүнгөн Серек жаткан Манаска кайрылып атаң Жакып, энең Бакдөөлөт, кырк чороң келди, тур десе, ата-эне, кырк чоро деген эмне?— деп билбейт. Качан кыяматтык досу Каратоконун атын атаганда гана эсине келип, мен өлүп тирилген турбаймынбы, элге кабар бергиле, эне-атамды алып келгиле, учурашайын дейт. Элге барып учурашып, жайланып жатып калышат. Ак падышадан акыл сураса, ал ар кимдер менен урушпа— деп, кеңеш берет.

Удаа келген, бири-бирине байланыштуу окуялар катары бир темага бириктирилип берилгени менен бул бөлүм мазмуну, окуяларынын курулушу, чыгарманын жалпы структурасындагы орду боюнча чынында үч, ар бири өзүнчө турган жана кийинки манасчылардын варианттарында өзөзүнчө айтылуучу окуялардан турат. Эмне себептен бул үч окуя ушул тартипте бирге бириктирилип берилип калганы белгисиз, окумуштуу ага айтуучу ушул түрдө айтып бергенин, же өзү жалпы нуктун ыңгайына карап атайын бир топко чогултуп койгонун эч жерде эскербейт. Кириш сөздө окумуштуу буларды бир эпизод деп ишенимдүү айтканына (XIII б.), ошондой эле Манас менен Көкчө эмне үчүн согушканына бүдөмүктөнүп, кыясы Алмамбеттин Манаска өткөнүнө байланыштуу болсо керек дегенине, же Манас белгисиз себептер менен мерт табарын айтканына (ошол эле бет) караганда изилдөөчүгө бул окуяларды бир адам чогуу айтып берген. Бул ойду үч окуянын башынан

www.bizdin.kg

аягына чейин көп жерлеринде Манас менен Ак падышанын эң жакын мамилеси улам-улам атайын басым жасалып, ыгы болсо да, болбосо да айтылуусу да бекемдейт. Мындай ой эпостун китепке киргизилген башка бөлүмдөрүндө орун алган эмес. Үч окуя бир адам тарабынан айтылганына үч бөлүктө тең Манасты тууган энеси катары Бакдөөлөт эскерилгени (бул бөлүмдөн мурда келген Алмамбеттин окуясында Манастын тууган энеси Чыйырды — Шакан делет) да күбө.

Бөлүмдө биринчи жайгаштырылып, жалпы тизмектин башталышы катары берилген «Манас менен Көкчөнүн согушканы» — деген окуя тексттеги маалыматтарга караганда Көкчөдөн Алмамбеттин таарынчысы үчүн өч алуу максатында иштелген иш. Буга Манастын өзүнүн ак падышага «Алмамбет үчүн жүрдүм мен, Эр Көкчөнүн жылкысын алдым мен» (74-б., 456— 457-саптар) — деген сөздөрү айкын күбө. Бирок, бул кыска окуянын чыгармадагы жалпы нуктун так ушул жеринде келип айтылышы күмөн туудурат. Анткени Көкчөгө аттанардын алды жагында «Көр жастанып мал таптым, Каныкей жыргал көрсүн деп» (64-б., 121—122-саптар) — деп, айтылат. Буга караганда Көкчөгө каршы аттануу Манас Каныкейди алгандан кийинки окуялардын бири. Кийин варианттары кагаз бетине түшүрүлгөн манасчылардын басымдуу көпчүлүгүнүн айтуусунда Алмамбеттин окуясынан кийинки келүүчү окуя Манастын Каныкейди алганы.

Манас менен Көкчөнүн согушканы ушул бөлүмдө берилген планда илимге белгилүү варианттарда жок, бирок, Алмамбет менен Көкчөнү жараштыруу максатын көздөгөн, б. а. ушул темага жакын мүнөздө курулган окуялар — айрым тексттерден орун алган. Мисалы: Сагымбайдын варианты боюнча Манас Каныкейди алгандан кийин Алмамбет менен Көкчөнү беттештирип, Алмамбеттин таарынчысын айттырып, бугун чыгарып, жараштыруу үчүн Көкчөгө барганы айтылат. Көкчөдөн кайра келе жаткан Манастар Көзкамандардын көчүнө жолугат. Бул эки текст түзүлүшү жана жалпы нуктагы орду жактан бирин бири кайталабаганы менен тектеш экени шексиз, б. а. алда канча жумшартылып жана өзгөртүлүп берилгенине карабастан Сагымбай айткан текст бир кездеги Алмамбеттин таарынчысы үчүн Көкчөдөн өч алуу жөнүндөгү окуянын негизи

www.bizdin.kg

бир, экөө түпкү тегинде бир окуя теманын материалдары экени айкын.

Бөлүмдөгү экинчи окуя — Манастын Каныкейди алганы эпостогу туруктуу салттык окуялардын бири. Бул бөлүмдөгү окуялар илимге белгилүү варианттардын басымдуу көпчүлүгүндө берилүүчү салттык нукка жакын планда айтылган.

Үчүнчү окуя бөлүмдөгү экинчи окуянын терс каарманы Мендибайдын Көкчөкөз, Көзкаманга кабар берүүсү эскертилүү аркылуу ошол окуяга уланды катары көрсөтүлгөнү менен чынында өзүнчө турган, «Көз камандар» окуясы деген тема аркылуу берилген салттык туруктуу окуянын-сюжеттин кыскартылган баяндамасы. Китепке 5-бөлүм катары «Көзкаман»— деген ат менен киргизилген сюжет буга далил. Мазмунунда айрым өзгөчөлүктөр бар экенине карап бул бөлүмдө берилген окуяны «Көзкамандар окуясынын» өз алдынча варианты дешке болор эле.

4) Бокмурун (140—205-б., 2197сап ыр) — Көкөтөй ооруп, кан түкүрөт. Уулу Бокмурунду, эли-журтун чакырат. Эли-журту жыйылып келгенде Көкөтөй үзүлөт. Бокмурун аш берүүгө камданып, ашка эл чакырууга чабарман жиберет: бекип калган бейиштин эшигин ачкан, байланып калган базардын жолун жазган Эр Кошойго бар, Көкөтөй кандын ашы болот, башкы аттын байгеси сан төө, сан сарала бээ, сан сары башыл кой, байгенин аягы миң ала баш кунаажын, беш жүз токсон беш атка байге бар, атын байлап, өкүнүчү болбос үчүн камданып келсин, бул ашыма келбесе көрүнбөсүн көзүмө, таарынбасын өзүмө» (48—50-саптар), айчыгы алтын кызыл туу менен барып, «Төтөгөлүү боз үйүн төшкө сүрөй салбасам, төрдө олтурган сулуусун ач билектен албасам, ат соңуна салбасам, артык олжо кылбасам» (55—56-саптар)—деп коркутуп чакыртат. Кошойдон өтүп Манаска, эр Агышка, Элеман байдын эр Төштүккө, эгиз кара ат байлаган Үрбүгө, Көккоенго, Жедигердин Багышка, Карадөө уулу Жарманаска, эргежээл, итаалы элдерине чейин, Айдаркандын Көкчөгө, орустун каны чоң Жолойго, каапырдын каны Нескарага, кыр мурундуу, кызыл көз кытайлардын Коңурбайга, өгүз кан элине, Оогандын каны Музбурчакка, Оронгуга кабар бер—дейт. Кабарчыны жөнөтүп коюп, чоролоруна акыл салып, аштын камын көрө баштайт.

www.bizdin.kg

Ашка эл чогулуп, Кошойдун акылы боюнча ашты Манас бийлейт. Ат чубатылып, сынчылар чабыла турган аттарды сынашат. Ат айдалып кетип, тойдун тамашасы башталат. Жөө жарышта Төштүк жер алдынан ээрчите келген Жээрен секиртпес женет. Жөө балбанга Жолой чыгат. Манас ага каршы барасыңбы?— деген суроо менен Кошойдон баштап белгилүү баатырлардын баарына кайрылса, ар кимиси өз шылтоосун айтып, баш тартышат. Манас өзү чыкмак болуп аттан түшүп жөнөгөндө намыс кылып Кошой түшөт балбанга. Каныкей тиккен чалбардын мыктылыгын көрүп, күрөштөн аман келсем менден талашпа — деп, сурап алат. Кошой Жолойду жыгып, мөрөй алат. Сайышка чыккан Коңурбайга каршы Манас барып, ыргыта коюп, мактанып келет. Төө чечүүгө Ороңгу чыгып мөрөй алат. Аштын тамагы тартылып, чабылган аттар келет. Манас Аккуланы сүрөп, алдыда келе жаткан Ачбуудандан өткөрөт да, орус да болсо кан эле Жолойдун аты Ачбууданды да жолго салып коелук — деп, аны сүрөгөндө ат жыгылып калат. Жолойдун ат сүрөөгө келген балдары Өкүмболот менен Төрөбек атты өчтүк кылып жыкты — деп, келип Манастын чоролорун чабат, күнү-түнү он төрт күн катуу согуш болот. Агар алтын ак күмүш Жолой талап алат. Жарадар Алмамбет Манастын алдынан чыгып, көй кашканын көбү келет, көбү жок — деп кабар айтат. Манас Коңуроолу байдын Кошыбышын Таласка жиберип, атакемдин айлындагы Төкөр устага бар, беш айдын жүзү болду ачалбарс сынып калганын бердим эле, «кылды бекен кылычты, сокту бекен соотту», аларды бүтүрбөсө устаны өлтүрүп салгыла — дейт. Көкчөдөн Көгаласын сурап кел, атын бербесе андан башка жоом жок, Жамгырчы Мердиянды, сүт болотту берсин, аларды бербесе Жамгырчыдан башка жоом жок, Андан нары барып журт карысы эле эл четиндеги Кошойдон бата ала кел — деп Ажыбайды жөнөтөт.

Кошыбыш кош ат минип жүрүп Таласка барса, уста айткандарын дайын кылып бүтүрүп коюптур. Уста аттанып, Манаска келип, буюмдарын берет.

Манас Жолойдун жылкысы кайсы отто экен, чалып кел — деп Алмамбетти жумшайт. Меркенин жээгинде жаткан Жолойдун жылкысын көрүп Алмамбет кайра келет.

Манас кырк кулундуу бээ берип, Каныкейге айта бар, аколпок деген тонум бар, ошондон бирди сага жапсын, са-

www.bizdin.kg

ламат барып, сак кайтсам Жолойдун кызы Уулбийкени өзүнө токол кылып алып берем, кичи кызы Кишмишти уулуңа алып берем — деп, устаны узатат да, жылкы тийүүгө аттанат.

Манас жылкыбызды тийип алыптыр — деп, жаман түш көрүп чочулаган Жолойдун зайыбы Аңгичал кызы Аксайкал Жолойго айтса, ал менин жылкымды ким алат? — деп кенебей коёт. Сайкал Манастын артынан кубалагыла — деп, балдарын жумшайт. Төрөбек менен Өкүмболот Жолойго келип Ачбууданды бер, Манастын артынан кууп баралы дешсе, атасы намыстанып өзү аттанмак болуп, мыктыларын чогултуп камданат. Таргыл таз дегени далы көрүп, жолун туюк, жыл өткөрүп, эч курбаса ай жаңыртып аттан десе көнбөй, Жолой аттанып кетет.

Жылкыны Айгыр жалы боз дөңдү ашырып коюп, куугун качан келет? — деп, Манас күтүп жаткан экен. Жер майышкан көп кол келе жатканын көрүп, Сыргакка жаныңа он беш жолдош алып, жылкыны катуу кууп жөнө, анын чаңын көргөндө ошол тарапка жөнөөр, мен андып жатып кый сүбөдөн саяйын дейт. Тосуп туруп Жолой өтө берерде Манас качырып чыгып, Алмамбет экөөлөп аны аттан сайып түшүрүп, башын кесет. Атасынын өлгөнүн угуп согушка кирген Жолойдун балдарын Алмамбет өлтүрүп, Манаска кабар берет. Жолойдун элин чаап, кыздарын олжолоп, намысымды алдым — деп Манас үйүнө келип, убадасы боюнча Төкөр уста менен баласына кыздарды, алтымыш жылкы олжого берет.

Окуялардын мазмунуна, мүнөзүнө караганда бөлүм бири-бирине байланыштуу өзүнчө өнүгүшкө, натыйжага ээ эки бөлүктөн — эпизоддон турат: Көкөтөйдүн ашы; Жолойго каршы жортуул.

Бөлүм «Бокмурун» — деген жалпы тема менен аталган. Окуяга мындай тема ким тарабынан берилгени — текстти айткан информатор ушинтип атаганы, же окумуштуу шарттуу түрдө койгон темабы, белгисиз. Бөлүмдөгү биринчи окуянын сюжети Көкөтөй канга уулу Бокмурун берген аш жөнүндө баяндалат. Көкөтөйдүн оорусу, өлүмү менен башталган бул эпизоддун логикалык жыйынтыгы Жолойдун чабылган аттардын байгесин зордуктап талап кетиши, аштын тарашы менен аяктайт. Ушул эле окуя азыраак мурда кагаз бетине түшүрүлгөн Ч. Валихановдо

www.bizdin.kg

«Көкөтөй кандын ашы» — деп аталат. Эпостогу кеңири белгилүү, туруктуу салттык бул окуя илимде фиксацияланган тексттердин дээрлик бардыгында ушул түрдө, же ушуга жакын мүнөздө аталат. Буга караганда бөлүмдөгү биринчи окуянын «Көкөтөйдүн ашы» деген аталышы туурараак болор эле.

В. В. Радлов жазган варианттын тексти анча чоң эмес айрым өзгөчөлүктөрү менен, кыскартылып айтылган мүнөздө эл арасында кеңири белгилүү болгон сюжеттик нукка негизинен туура келет. Көптөгөн деталдык белгилери боюнча, айрыкча, Сагымбай Орозбак уулу көрүнүктүү өкүлү болгон мектептин манасчылары айткан тексттерине жакын.

Бөлүмдөгү экинчи окуя Манастын Жолойго каршы аттанышын баяндайт. Сюжет аштын түздөн түз уландысы катарында нукка ээ экендигине карабастан, сөз андан кийинки болгон окуялар жөнүндө бара жатканын айгинелейт. Мисалы, Көкчөгө ат, Жамгырчыга Сүт болотту суратып, Кошойго бата берсин — деп, киши жиберүү ж. б.

Жарыяланган окуядай эпизод башка манасчыларда айтылары илимге белгисиз, бирок, атайын даярдык көрүп камданып алып аттануу, чалгын чалуу, жылкы тийүү, кыргындуу согуш ж. б. белгилери боюнча сөз болуп жаткан окуя эпостогу кеңири белгилүү — «Чоң казатты» эске салат.

5) Көзкаман — (205—280-б., 2540 сап ыр) — Бай Жакып келиндери Карабөрк, Акылай, Каныкейди отко кийирип, сынайт. Каныкейди жактырат. Аны уккан Манас барып кызматын көрөлү — деп, кырк чоросун ээрчитип аттанып, Каныкейдикине келет. Ал урматтап тосуп, жакшылап конок кылып, кырк чорого соотton сарпай, чүчтөдөн көйнөк-дамбал, жөкө өтүк кийгизет. Алар кубанып, Каныкейди мактап кетишет.

Ат семирип, түз болот, боз кыроо түшүп, күз болот, эрендер жатып бук болушат да, жортмок болушат. Аттанган Манасты Каныкей токтотуп, быйыл 25 жаш мүчөлүң, аттанбагын! — деп, өтүнөт. Манастын ачуусу келип, булдурсун менен чабат. Каныкей ачууңду кой! — деп күлүп туруп, жолуң ачылсын! — деп, тилегин айтат. Кечээ келген Каныкей кармап жатса — деп, Акылай аны туурап, ал да Манасты кармайт. Манас аны да чабат.

Акылай кайра келбей кал! — деп, каргайт. Кайрылып Акылайдын көөнүн жайлап кетсин, каргышы жаман эле —

www.bizdin.kg

деп, Канықей Манастын артынан адам чаптырса, Манас намыстанып болбой коёт.

Талаада Манас уктап калат. Төрт жолдошу менен чалгынга барган Алмамбет алыстан бир караан көрүп, Манаска келип айтат. Дайнын билип келүүгө Кыргылды жиберишет. Токойлуу жерден тосуп турган Кыргыл келе жаткан баланы кармап алат. Бала мен төрөлүү журттан келе жатам, төрөңө алып бар — дейт. Жолдон Алмамбет чыгып жай сурайт. Бала өз жайын айтат: Жакып алты жашта экенде калмактардын Айкан, Күнкан деген кандары келип кыргызды чапканда иниси Көзкаман калмактарга түшүп кеткен экен. Ошол Көзкаман көчүп келатыптыр. Көзкамандын Көкчөкөз, Бөрбөлжүн, Дөрбөлжүн, Чагандай, Агандай аттуу беш уулу бар экен. Алмамбет Манаска келип баланын сөзүн айтат. Манас атам мурда андай туугану жөнүндө эч качан айткан жок эле, чын-төгүнүн билип кел — деп Алмамбетти Жакыпка жөнөтөт. Андан кабарын укkан Жакып уулумдун алды-артында жөлөктаянычы жок эле, ырас болгон турбайбы! — деп кубанат. Байбичеси калмактан келген немелер сага эл болмок беле, жалгызым Манаска кыйын болгон тура, беш бөрү бирөөнү таласа соо кылабы? — деп, кайгырат. Жакып акылың тайкы, кубанбайсыңбы — деп, карс-карс күлүп, тим болот.

Кайра тарткан Алмамбет Канықейге айтсамбы, айтпасамбы — деп, ыргылжың болуп келе жатканда ал кереметинен билип, алдынан чыгып, жай сурайт. Алмамбеттен жаңы туугандардын кабарын угуп, корком, алар бизге эл болбос, төрөм мерт таап калбасын, сак болсун! — дейт.

Алмамбеттен Көзкаман чын эле тууганы экенин укkан Манас куу байтал минген баланы туугандарымды баштап кел — деп, жөнөтөт да, жаңы тууганды өрүлүктөп туруп, анан жортмок болуп, үйүнө кайтат. Көзкамандардын көчү келет. Манас кырк чоросу менен барып өрүлүктөп, алты үй өргөө тиктирип берет, түлөө өткөрүп, туугандарынын колдорун алалдайт, чоң той өткөрүп, ат чабат.

Ыраазы болгон Көзкаман балдарына камданып Манасты конокко чакыргыла, ат мингизип узаткыла—дейт. Алар камданып, Манас менен чоролорун чакырып келүүгө Чагалдайды жиберишет. Ал даап Манаска айта албай, кырк чородон угар — деп, аларга гана айтып кетет. Конокко келе жатканда Серек Манас жок кантип барабыз, Алмам-

www.bizdin.kg

бет сен барып чакырып келбейсиңби — дейт. Чакырганы барган Алмамбетке Канықей аракка мас болгондо чатак чыгар, тууган адамдардын арасына киришпейли — деп, кырк чоро кетип калар, көптөп жалгызды мерт таптырып коюшпасын, Манас барбай эле койсун — дейт. Анын сөзүн туура тапкан Алмамбет кырк чорого кайра барып: Манас мас экен, уктап калыптыр, өзүбүз эле барып, сыйын көрүп келели — десе, Серек көнбөй кайра жөнөп, Манасты ээрчитип келет. Конокто мастыктан чыр чыгып, чок болот менен кагып жиберсе учу Манастын жазы маңдайына тиет. Манас жалгыздыгына арман кылат. Көзкаман ортого түшүп, арачалап коёт, Манас үйүнө барат.

Манас чоролорун чакырып калмактарга жортуп баралы — деп кеңешет. Аттанып чыгып Каржаабастын боюна барып жатат. Алардын кеткенин үч күндөн кийин билген Көкчөкөз күндөп-түндөп жүрүп, ат урунду кылып, артынан жете барат. Билген жолуң деп, Көкчөкөздү чалгынга жиберишет. Ал калмактарды аралап барса Айгандын жанында турган Жайзаң көрүп тааныйт да, Айганга айтат. Ал карматып алып, сырын сураса Көкчөкөз мен жүз киши, Манас кырк киши менен келдик. Манасты жайлайлы, элди мен бийлейин дейт. Айган кол курап камданат. Көкчөкөз кайра келип, Манаска жооп айтпай, чатырына түшүп жатып алат. Манас Көкчөкөздөн жай сурап кел! — деп, Алмамбетти жиберет. Алмамбет жоонун жайын сураса Көкчөкөз калмактар эч капарсыз, жай жатышыптыр — дейт. Алмамбет кайра келе жатса жолдон Көзкаман чыгып: чалгын чалгыла, Манас сак болсун, түндөтөн күбүр-шыбыр көбөйдү, мени бөлүп ташташтыр, коркуп турам — деп, эскертет.

Алмамбет Манаска келип, кандай эл экенин ким билет, баласы бирди айтса, атасы башка сөз айтат — деп, укканларын баяндайт. Манас менен Алмамбет аттанып чалгынга жөнөшөт. Жолдон жолуккан калмак чалдан Айгандын кол жыйып, камданып атканын угуп, аныгын билиш үчүн түрүн өзгөртүп алган Алмамбет, жоону аралап кирип, кандын кызы Алтынайдын үйүндө өтүп жаткан кыз оюнга барат. Алтынайды жактырат. Кайра Манаска келип, көргөнүн айтып, Алтынай акылы жактан Канықейге тең адам экен, мага олжого бер дейт. Манас Канықейге тең экени чын болсо мен өзүм алам десе, Ал-

www.bizdin.kg

мамбет «жер дебеймин Таласты, эр дебеймин Манасты», мен кетем — деп таарынат. Манас ойноп айттым. Алтынайды сен ал деп, убада кылып, кырк чорого барышат. Эртеси калмактарга каршы аттанышып, катуу согуш болуп, калмактарды жеңишет.

Олжодон куру калышкан Көзкамандын балдары чыр чыгарышып, олжолорду кайра бөлүшүп, аларга да беришет.

Элге кайтып келе жатышып жолдо турган бир үйгө түшүп, тамактанышканда Көкчөкөз аракка уу кошуп берип, Манас кырк чоросу менен ууланып жатып калышат. Аккуланы мине качкан Манасты Көкчөкөз Аккелте менен атат. Ок анын дал ортосуна тийип, капчыгай ылдый кулайт.

Кереметинде билген Каныкей кантемир деген дары алып, Манасты издеп келип таап, кайнатма кара дары, сүртмө кызыл дары менен дарылайт, Мекедеги Канкожо да келет. Манас он эки күндө айыгат. Кырк чоронун өлгөнүн көрүп, жалгыз кантип жүрөм — деп, Манас тилек тилеп Мекеге кетет, жер жүзүн кыдырат. Анын тилеги кабыл болуп, кырк чоро тирилет да, Манасты издеп Мекеге барышат.

Каныкей түш көрүп, анын түшүн Алтынай кырк чоро менен Манас келет экен, боюңа бүтүптүр, эркек баатыр балалуу болот экенсиң, ал балаң атасынан да ашкан баатыр болот экен — деп, жоруйт.

Манас келет, Көзкамандын балдарын өлтүрөт.

Бул бөлүм да эки окуяны — «Көзкамандар окуясын» жана «Айган кан» аталган эпизодду камтыйт. Биринчи окуя дээрлик бардык варианттарда кезиккен туруктуу салттык окуялардын бири. В. В. Радловдогу тексттер бул окуянын көпчүлүккө маалым нугуна жакын. Экинчи окуя «Айган-кан» —деген ат менен кийинки манасчылардын айрымдары айткан варианттарда кездешет (мисалы, С. Орозбаковдо), тексттер негизинен окшош.

6) Семетейдин туулганы — (280—312-б., 1079 сап ыр) — Аккула арып, Манас карыйт. Каныкейди алганына 32 жылга толот. Чоролорун чакырып: Каныкейдин боюнда 7 айлык бала бар, артымда жаш калмак болду, көзүңөрдү салгыла, кыз болуп калса жайын таап бергиле, мен өлөм, камдангыла — дейт. Манас өлөт, сөөгүн Талас-

www.bizdin.kg

тын боюндагы Сулпукорго коюшат. 9 ай өткөндө Жакып: Абыке менен Көбөштүн бирине тийсин — деп, Меңдибайды Каныкейге жиберет. Муну укканда ал капа болуп, 9 айлык боюмда бар, кыз туусам тием, эркек туусам тийбейм — дейт.

Каныкей эркек тууйт, кайын энеси Бакдөөлөт экөө баланы алмак-салмак уйку көрбөй кайтарып багышат.

Жакып, Абыке, Көбөш жаңы туулган баланы өлтүрмөк болуп, кол курап аттанышат. Алардын каптап келе жатканын көргөн Каныкей баласын койнуна салып, алтымыш жашар кайненеси Бөкдөөлөттү жетелеп, Алтыбайдын аралга кире качат.

Абыке, Көбөштөр Каныкей менен баласын таппай, үймүлкүн талкалап, талап кетишет.

Айласы куруган эки аял кайда барарын билишпей, Каныкейдин кеңеши менен анын өкүл атасы Карынбайга келишсе, ал Манастан көөнүм калган деп, кабыл албай коёт.

Бакайга барышат. Ал Манастан калган баланы көрүп кубанат, ат-тонун, азыгын камдап, өз атаң Караканга бар — деп, жолду көрсөтүп, узатын коёт.

Жолдо азыгы түгөнүп ачка болуп, кыйналып, акыры Каракандын шаарына келишет. Каракан Каныкейге ак өргөө тиктирип берип, баланы өзү багып алат. Чоң той берип, балага ат койдурмак болот. Ак боз ат минген, колунда аса таягы бар адам балага «Семетей» — деп, ат коюп, көздөн кайым болот.

Семетей Каракандын баласы болуп чоңоет. Каракан чоң той берет. Той тарааарда Семетей ат минем — дейт. Сур жоргого айырмач токуп, ага мингизип, жанына чөйчөктөй көздүү Сары тазды кошуп берет. Семетей өз баласы болсом Каракан мени өзү менен кошо ала жүрөт эле, ал атам эмес экен — деп, атты жетелеп турган Сары таздан чылбырды жулуп алып, үйүнө кетип калат. Таздан кабар укан Каракан, анын байбичеси, кыздары, уулу Солтонкул кой десе Семетей болбойт. Каныкей келип кой десе, ага менин атам Манас, элимди сагындым, атаңдын Аколпогу менен Актулпарын сурап бер—дейт. Али жашсың—деген энесинин жүйөө сөзүнө көнбөй койгондо Каныкей атасына барып, Семетей жалгызым эли-журтун билип алыптыр — деп аты менен тонун сурайт. Айткандарын алып берип,

www.bizdin.kg

Бакайга жолугуп, ошонун тили менен бол — деп тапшырып, Канықей уулун узатат.

Семетей жол жүрүп Таласка келип, Үч-Кошойду эңкейип кирип, Сулпукордун башынан төө кайтарып жүргөн Бакайга жолугуп, өзүнүн дайнын айтып, энеси берген белекти тапшырат. Кубанган Бакай төө энеси куу ингенди кудайыга чалып, Семетейди ошол жерде калтырып, өзү сүйүнчүгө кетет. Жакыпка Семетейдин келгенин айтса, ал баланы алып кел — дейт. Сыртка чыгып тура калган Бакай Жакыптын балдарына Семетейге уу берели — деп жатканын угат.

Семетейге келип, берген тамагын ичпе —деп, тапшырып, аны Жакыптыкына ээрчитип барат. Семетей Жакыптын уу кошуп берген арагын ичпей, итке берсе, ит өлөт.

Семетей андан аттанып, Абыке, Көбөштөргө барып, алардын үйүндөгү атасынын курал-жарагын тартып алып, Тайбуурулду минип, кайра таятасыныкына кайтат.

Элине көчөм деген Семетейди Каракан көп дүнүйө-мүлк берип узатат. Семетей Таласка келип, атасынын ордо тиккен жерине конот.

Чоң атасы, агалары көп колу менен каптап келип, урушта Семетей жеңет. Колго түшкөн Жакыпты Шакан, Абыке, Көбөштү Канықей өлтүрөт.

Бөлүмдө «Семетейдин» кеңири белгилүү салттык нугу кыска түрдө берилген, тексттердеги көптөгөн деталдык белгилер, чакан эпизоддук көрүнүштөр, айрыкча, С. Каралаев айткан вариантка жакын.

Көзгө урунган бир көрүнүш: тексттерде адатта бир адам айткан вариантта кетирилбей турган карама-каршылык бар: окуялардын баш жагындагы Канықей төрөгөн жердеги Манастын энесинин аты Бакдөөлөт (287-6., 231-сап ыр) делсе, кийин Шакан (291-6., 368-сап ыр) — делет. Шакан — Чыйырды делип аталуу көп учуроочу белги, ал эми Бакдөөлөт дайым бөлөк каарман. Буга караганда бир нече адамдан жазылган тексттер окумуштуу тарабынан куралып берилген болсо керек дешке негиз бар. Бул китепте жарыяланган тексттин башка кийин жазылган варианттардын басымдуу көпчүлүгүнөн айырмаланган белги окуянын салт боюнча «Манаста» айтылуучу баатырдын өлүмү, аны коюу, Семетейдин туулушу сыяктуу көрүнүштөр ушул бөлүмдө айтылуусу. Бирок, мындай берилүү варианттык белгилердин бирине жатышы да мүмкүн.

www.bizdin.kg

7) Семетей — (312—368-б., 1927 сап ыр) — Семетей он үчүндө ок атып, он бешинде жоо сайып, кырк чорого баш болуп, атасынын ордун басып жатат.

Эриккен Семетей кырк чорого жортолу —дейт. Алар макул болушат, бирок өзүлөрүнчө кеңешип, алтымыш жашка келгенче Манастын атын токудук эле, эми жетимишке келгиче Семетейдин атын токудук, алдыбыз жетимишке, аркабыз алтымышка чыгыптырбыз. Семетей карыганда айдап жүрүп ар кайсы жерде өлтүрөт го, андан көрө качып кетели — деген бүтүм чыгарышып, качышат. Кабар алган Семетей кууп жетип, алдына чыгып, жөө туруп, атын тартуу тартып, үч жолу кечирим сурап, өтүнсө да токтобой коюшат. Ачуусу келген Семетей кырк чорону бүт кырып, үйүнө кайтат. Айылга келсе Ажыбайдын катыны менен Алмамбеттин катыны экөө эки эркек бала тууйт. Сүйүнгөн Семетей экөөнө Каныкейдин эки эмчегин эмизип, тууган кылып алат. Балдардын атын Күлчоро, Канчоро коёт. Экөө чоңоюп, доо доолап, жоо жоолап, баатыр болушат.

Бир күнү Семетей үйдө ойлуу олтурганын көрүшүп эки чоросу эмне билгениң бар? — деп сурашат. Семетей өлгөн жанды тиргизген, өчкөн отту тамызган Айчүрөктүн кабарын укканын айтып, эртең аттанып Акунканга баралы, Айчүрөктү же колум менен, же жоолашып алам—дейт. Айчүрөктү ала турган күйөөсү Көкчөнүн уулу Үмөтөй экен. Аттанып чыгып Акундун элине барышып, оюн куруп жаткан Айчүрөккө Күлчорону жиберет. Семетейдин келгенин угуп чыгып келген Айчүрөктү ала качып кетишет.

Үмөтөй көп кол менен келип жылкы тиет. Күлчоро Канчорону кабарга жиберип, өзү куугунга кетет. Кабар укkан Семетей келип, согуш болуп, Үмөтөйдүн колу жеңилип, өзү туткунга түшөт. Семетей Үмөтөйдү жакшылап кабыл алып, Күлчоро аркылуу кааласа алып качып келген катынды алсын, макул десе ат минип, тон кийип сыймды көрсүн, өчөгүшсөк экөөбүздүн бирибиз өлүп тынабыз — деп, жүйө сөз айтат. Ал алган катынды мен эмне кылмак элем, эл бололу—деп, Үмөтөй ыкка көнөт. Ага Тайбуурулду мингизип, Манастан калган ак күрөөкө зоотту кийгизип узатат.

Бир күнү Семетей жаман түш көрүп, чочулап, атасынын бейитин тайып келем — деп, ак боз бээ коштотуп жөнөйт. Айчүрөк да жаман түш көргөнүн айтып, барба

www.bizdin.kg

десе болбойт. Анын кабарын уккан Канықей аттанып чыгып, артынан жете барып, кайт десе көнбөйт. Канықей белги — жышаандар айтып, жаман белги көрсөңөр дароо кайта келгиле —деп, кайгырып калат.

Мүрзөгө барып, бээ союп, эт бышырып, Канықей айткан жаман белгини — кайнаган казандан кара кочкул кан чыкканын көрүп, аттанып, тегерегин карашса көп кол келип тегеректеп калыптыр. Согуш болот, Семетей минген ат баспай калгандыктан Күлчоро ага өз атын берип, үйгө кетиңиз — дейт. Семетей мен жалгыз кантип кетем — деп, болбой, экөө учкашып качышат. Жедигердин Кыясы көп колу менен алардын артынан кууйт. Көкчебич жүрө албай калып, учкашкан экөө аттан түшүп турушат. Куугун жетип, экөөнү курчап калат. Күлчоро Көкчебечти минип, жоону аралай качып кутулат. Жалгыз калып, жатып алган Семетейге эч ким даап жакын бара албайт.

Канчоро Кыяска келип, Семетейди кармап берсем мага эмне кызмат көрсөтөсүң? — дейт. Кыяс Күлчоронун аялы Чачыкейге ника кыяйын, Таласка кан көтөрөйүн — деп, убада кылат. Канчоро артынан барып, Семетейди кармап берет, Кыяс аны айбалта менен чаап өлтүрөт. Канчоронун акылы менен Кыяс Семетейдин сөөгүн өрттөп, күлүн сапырып жиберет. Муну алыстан көргөн Күлчоро айылга барып, Айчүрөккө кабар айтып, куун барган жоо менен жалгыз согушат. Жетинчи күнү аты баспай калып, колго түшөт, анын оң далысынын кечирин кесип май кайнатып куюп, токмоктоп өлтүргүлө —деп, жылкычыларга кул кылып берет. Канчорого Чачыкейди алып берип, кан көтөрөт, Айчүрөктү үйүнө алып барып, Кыяс өзүнө ника кыйдырат.

Айчүрөктүн алты айлык боюнда бар экен, Кыяска баргандан кийин алты ай өткөндө эркек төрөйт. Баланы Кыяс өлтүрмөк болгондо Айчүрөк атама барып, кол жыйып келип, өч алам — деп, опузалайт. Корккон Кыяс балага тийбей, эл чакырып, той берет. Эч ким ат коё албай, баланын атын асмандан түшүп келген Айкожо Семетейдин уулу «Сейтек» — деп коюп, көздөн кайым болот.

Сейтек чоңоёт. Аны көргөнү келген Күлчорого баласын кошуп берүү үчүн Айчүрөк Сейтекти Кыяска барып Тооторуну бер — деп, сура — деп жиберет. Ойноок бала унутуп калып, кайра кетип бара жаткан Күлчорону көргөндө энесинин сөзү эсине түшүп, дөңдө отурган Кыяска Тооторуну

www.bizdin.kg

минип, жылкыга барам — деп, ыйлап барат. Кыяс Күлчорону чакырып: ээрчитип барып, үч күндө кайра алып кел — деп, буюрат.

Күлчорону тосуп туруп токмоктоп кирген жылкычыларды Сейтек жыга чаап салып, туу бээ союп, аны майга бөлөйт. Күлчоро айыгып, кадимки күч — кубатына келет.

Күлчоро менен Сейтек аттанып, Кыяска келип, анын башын Күлчоро чаап салат.

Күлчоро менен Сейтек Каныкейди издеп аттанышат. Анын колуна таяк берип, Канчоро кой кайтартып койгон экен. Канчоро билермандарын чогултуп алып: Семетей атамды өлтүргөн, ошон үчүн өчүмдү алдым — деп, мактанып жатканда барган Күлчоро анын сөзүнө чыдабай аттан ыргып түшүп, кармап, босогого таңып салат. Кайтарган коюн таштап жүгүрүп келген Каныкей Канчорону жара тартып таштайт.

Сейтек энелерин алып Таласка көчүп келип, Кең-Колдун боюндагы Манас үй тиккен жерге конуп, Үч-Кошой менен Таласты, Ташкенди бийлеп калат.

Бөлүм «Семетей» — деп аталганы менен чынында анда баяндалган окуялардын мазмуну боюнча «Семетейден» 6-бөлүмдө берилген эпизоддорго улай чыгарманын аягы жана «Сейтекке» таандык окуялар негизинен дээрлик бүт камтылат. Көпчүлүк варианттарга мүнөздүү болгон салттык белгини эске алганда китептин 354-бетине чейинки окуялар, б. а. Кыяс жеңишке жетишип, Күлчорону кул кылып, Айчүрөктү олжолоп кетип өзүнө ника кыйган жерге чейин «Семетейге» таандык, ошол жерден тартып бөлүмдүн аягына чейин «Сейтектин» окуялары. Ушул белгиге караганда бул варианттагы материалдардын эки бөлүмдө берилген «Семетейге» тиешелүүлөрүнүн жалпы көлөмү 1421 сап ыр, ал эми «Сейтек» 506 сап ырдан турат.

В. В. Радловдун эмне себептен эпостун «Сейтек» бөлүмүн өзүнчө белгилеп, атын атап көрсөтпөгөнү белгисиз. Окумуштуу андай бөлүмдү атабагандыгына карап ошол тарыхый шартта эпостун «Сейтек» бөлүмү өзүнчө аталбаган болсо керек дешке мүмкүн эмес. Анткени, манасчылардын, элдин арасындагы айтылган маалыматтарга караганда өткөн кылым ичинде эле «Манастын» үч негизги бөлүмдөрү гана турмак, баатырлардын алардан кийинки муундары жөнүндө айтылуу кеңири белгилүү, талашсыз фактылар-

www.bizdin.kg

дан. Мисалы, өмүрүнүн басымдуу көпчүлүгүн өткөн кылым ичимде жашаган белгилүү чоң манасчы Чоюке Сейтектен кийинки бир нече муундун окуяларын айтканы аны билген көптөгөн адамдар тарабынан эскерилет.

«Семетейдин» бул бөлүмдөгү окуялары да көпчүлүк айтуучуларга таандык салттык нукка жакын берилген. Майда деталдык белгилери жактан С. Каралаевдин вариантына толук дээрлик туура келген жерлер арбын.

«Сейтекке» таандык окуялар да салттык нуктун айланасында, бирок, көпчүлүк варианттарда орун алган Семетейдин тирилиши жана белгилүү каармандардын кайып болуп кетүүсү бул жердеги тексттерде жок. Ошого карабастан Сейтектин бабаларынын ордун ээлеп калганын белгилеген корутунду чыгарылып, жомоктун окуялары логикалык жактан бүткөн таризге келтирилген.

Китептеги «Жолой кан» — деп аталган (369—525-6. 5322 сап ыр) экинчи бөлүм өзүнчө, бир топ көлөмдүү чыгарма. Мындай наамдагы жана мазмундагы эпос эл арасында сакталып калган эмес. Көкөтөйдүн ашында Жолой балбанга түшүп, окуялар арасында аты эскерилип, Манас менен согушу баяндалган фактыларга таянып окумуштуу бул бөлүмдө берилген тексттерди «Манастын» бөлүмү, же окуяларынын бири деп эсептейт. Бирок, «Жолой канда» баяндалган окуялар «Манас» менен байланышпайт. Ал эми мындагы башкы каармандардын аты «Манастын» окуяларынын арасында эскерилиши боло бере турган көрүнүш. Мис., Төштүк да «Манаста» активдүү каармандардын бири, бирок бул абал ушул эле ат менен аталган өзүнчө эпостун болушуна жана жашашына тоскоолдук кылбайт.

Эпостун «Манас» бөлүгүнүн көлөмү 9449 сап ыр. «Семетей» 1421 сап, «Сейтек» 506 сап ырды түзөт. В. В. Радлов боюнча үч бөлүм биригип 11376 сап ырдан турат.

Бул көлөм эпостун кийин кагаз бетине түшүрүлгөн жетимиш ашуун варианттарынын ар биринен көп эселеп аз. Бирок, бул абал акад. В. В. Радлов жарыялаган материалдын маанисин төмөндөтпөйт. Анткени, биринчиден, «Манастын» бүгүн бизге белгилүү варианттарынын дээрлик баарынын көлөмү бир кылка эмес, алардын арасында жарым миллион сап ырдан ашуун өзгөчө көлөмдүүлөрү да, ошону менен бирге эле салыштырмалуу алганда чакан дешке боло тургандары да бар. Демек, айтуучунун чыгарма-

www.bizdin.kg

чылык дареметине, кесип ээси катары ээлеген ордуна жараша чыгарманын окуялары толук, же кыскыртылган түрдө айтыла берүү адаттагы көрүнүш. Кээде чоң, белгилүү манасчылар да эпостун окуяларынын айрымдарын кенен айтса, кээсин кыскартып аткаруусу, же такыр эле айтпай таштап кетүү учурлары да кезиге берет. Мисалы: С. Каралаев кыргыздардын чабылышын кенен айтса, Сагымбай манасчы кыскача эскерүү менен гана чектелет ж. б. Анын үстүнө бул иштеги варианттын кагаз бетине түшүрүлүш шартынын ойногон ролу менен маанисинин бар экендигин, б. а. көнүмүш аудиторияда, табигый шартта эпосту аткаруу менен тилди жеткиликтүү биле албаган адамдын алдында анын ошол элдин тил өзгөчөлүгүнө ылайыкталбаган тамгалар аркылуу тексттерди кагазга жазышы үчүн жай, улам токтоп айтып берүүнүн чоң айырмасы бардыгын да эстен чыгарууга болбойт. Экинчиден В. В. Радлов жазып алган тексттердин биз үчүн эң башкы илимий мааниси ал материалдардын көлөмүндө эмес, мазмунунда — ошолордун негизине таянып бүтүн эпостун туруктуу салттык окуялары кай-сылар экендигин тактоо мүмкүнчүлүгүнүн деңгээлинде жана идея, тема, башкы образдардын мүнөздөмөсү өзгөрүүлөргө учураганбы, же жокпу, өзгөрүүлөр болсо канчалык даражада? — деген сыяктуу орчундуу маселелерди чечүү үчүн фактылык маалыматтар бере алгандыгында.

Маселенин ушул жагынан алганда В. В. Радлов жазып алган тексттерге сөздүн чыныгы маанисинде баа жок. Анткени, миң жыл чамалуу узак убактан бери кыргыздар үчүн билгендери менен табылгаларын чогулткан казынанын ролун аткарып, ата-балага бирдей ыйык тутулган өзгөчө баалуу мурас, элибиздин улуттук сыймыгы болгон «Манас» эпосун бүгүн изилдеп үйрөнүүдөгү, баа берүүдөгү көптөгөн орчундуу проблемалар ошол мындан жүз ашуун жыл мурда орус окумуштуусу жазган тексттер, окуялар, алардын мазмуну менен байланыштуу чечилет. Ошол мурда жазылган тексттер болбогондо «Манас» таануу илимин көптөгөн чоң-чоң маселелери бүгүн жоопсуз калары, же аларды так чечүү алда канча татаалдашы шексиз эле. Алсак кыргыз эпосунун башкы темасын, негизги идеясын, окуяларынын өнүгүш жолун белгилөөдөгү орчундуу таяныч жомоктун салттык туруктуу окуялары. Бүгүн колдо болгон эбегейсиз зор материалдарды, көптөгөн вариант-

www.bizdin.kg

тарда баяндалгандардын ичинен кайсылар мурдатадан келе жаткан салттык туруктуу белгилер экенин айкындоодо изилдөөчүлөр үчүн эң башкы жана күдүк туудурбай турган таяныч ошол В. В. Радлов өз учурунда кагаз бетине түшүргөн тексттер.

Жалпы эле жүз жыл мурда «Манас» көлөм жагынан кандай чыгарма болду экен? — деген суроо да кызыкчылык туудурбай койбойт.

Ыр сабынын санын көрсөткөн так маалымат сакталып калбаганы менен мындан жүз жыл мурда эле «Манас» жомогу бүгүнкү биз билгенге жакын көлөмдө болгон дешке негиз бар. Муну эл арасында айтылып, биздин учурубузга чейин жеткен эпостун эбегейсиз зор көлөмү, атактуу чоң жомокчулардын аны айлап-жылдап айтып аягына чыга албагандыгы жөнүндөгү улама, легенда түрүндөгү көптөгөн маалыматтардан башка да, ошол В. В. Радлов кыргыз жергесине келген кездерге чамалаш учурлардагы жазма маалыматтар, окумуштуулардын күбө өтүүлөрү да айгинелейт. Мисалы: кыргыздардын арасында В. В. Радловдон 5—6 жылча мурда болуп, «Манас» менен таанышкан, анын бир эпизодунан үзүндү жазып алган Чокан Валиханов «Манас» бир бүтүнгө келтирилген көптөгөн өзүнчө бөлүктөрдөн турарын» маалымдайт жана кыргыздар чыгарманын ар бир бөлүгүн айтуу үчүн үч түн жетпейт дешкенин эскертет. Башканы айтпаганда да Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашынын» баш жагын гана маалымдаган үзүндүнүн көлөмү араларындагы бир нече жердеги окуяны кыскача баяндап берген кара сөз түрүндөгү тексттерди эсепке кошпогондо 3320 сап ыр. Ал эми В. В. Радлов жазып алган тексте «Бокмурун» деген ат менен берилген бул эпизоддо «Көкөтөйдүн ашына» таандык материалдар бүт жана «Чоң казаттын» айрым окуялары камтылгандагы жалпы көлөмү 2197 сап ыр. Демек бул фактыга караганда В. В. Радлов кыргыздардан эпостун тексттерин жазып алган учурда эле «Манастын» эл арасында айтылып жүргөн окуяларынын жалпы көлөмү окумуштуу кагаз бетине түшүргөн көлөмдөн алда канча арбын экендиги шексиз. Ал турмак, биздин байкообуз боюнча, ошол кездеги манасчы окумуштууга эпосту ал жазып алгандан бир топ кенен көлөмдө айткан өңдөнөт. Анткени, В. В. Радловдун китепке жазган кириш сөзүндөгү «Манас» жөнүндөгү ал билген маалыматтар ба-

www.bizdin.kg

сылып чыккан тексттердегиге караганда алда канча кеңири мүнөзгө ээ. Окумуштуу өзү өзгөчө жан кейүү менен эскерген ошол учурдагы текстти кагаз бетине түшүрүүнүн көп машакаттуулугун (кыргыз сөздөрүн жазууну ал элдин тил өзгөчөлүгүнө ылайыкташпаган алфавиттин жардамы менен шарттуу белгилер коюу аркылуу жүзөгө ашыруу, оозеки эркин ырдап көнгөн айтуучунун тексти жай айтып бере албай кыйналышы, маниси түшүнүксүз сөздөрдү тактоо үчүн суроолор берип, манасчыны алагды кылууга мажбур болуу ж. б. у. с.) эске алганда эмне үчүн В. В. Радлов өзү уккандарын толук жазып ала албагандыгынын да, ошондой эле эмне үчүн ал жарыялаган материалдардын бүгүнкү биз билген көлөмдөн алда канча аз болуп калышынын да себептери көп жактан өзүнөн өзү түшүнүктүү болот.

«Манас» эпосу миң жыл чамалуу узак убакыттан бери кыргыз эли үчүн билгендери менен табылгаларын чогултткан казынанын ролун аткарган, ушунун натыйжасында жаш-кары, ата-балага бирдей ыйык тутулуп, мурдакылардан кийинкилерге өткөрүлгөндө кылдат, чебер, сактык менен мамиле кылынып келе жаткан өзгөчө баалуу мурас. Ошол жалпы элдик ыйык мурастын мазмун, формасындагы мыкты табылгалардын катарына кире турган көптөгөн көркөм белгилер, көрүнүштөр салттык туруктуу мүнөзгө ээ болуп, эпос улам кийинки муундун өкүлдөрүнө өткөндө негизинен бир калыпта өзгөртүүсүз сакталат. Эпостогу мындай белгинин эң башкысы андагы чыгарманын мазмунун түзгөн өзөк окуялар.

Эпостун советтик доордо кагаз бетине түшүрүлгөн варианттарынын басымдуу көпчүлүгүнүн мазмундарына таянып айтканда «Манастагы» өзөк окуялар сюжеттин өнүгүш жолундагы ирээти боюнча негизинен булар: баатырдын теги; кыргыздардын күчтүү жоодон чабылышы; баатырдын туулушу, балалык чагы, кан шайланышы; ата-мекенди душмандардан бошотуу; баатырдын үйлөнүшү; тууганларынын кастыгы; Көкөтөйдүн ашы; Чоң чабуул-Чоң казат; баатырдын өлүмү.

В. В. Радлов жазган тексттерге караганда «Манастын» биздин учурубузда жазылган варианттарына таандык болгон туруктуу өзөк окуялар эпостун жүз жыл мурда эл арасында айтылган үлгүсүндө да негизинен орун алган, бол-

www.bizdin.kg

гондо да алардын көпчүлүгү көптөгөн майда деталдарына чейин бири-бирине туура келишет.

В. В. Радлов жарыялаган варианттагы биринчи окуя — «Манастын туулганы». Ал Манастын тегинен кабар берүүдөн башталат: «Бөйөн кан, Бөйөнкандан Каракан, андан Жакып. Чыгарманы баатырдын тегин санап баяндоодон баштоо бизге белгилүү варианттардын баарына бирдей таандык белги, алардын көбүндө салтка ылайык Манастын жети атасы саналат. Бүгүнкү колдо болгон варианттардын ичинен В. В. Радлов жазган тексттин мындай маалыматы Саякбайдын айтканына жакын. Анда баатырдын аталары катары Бөйөнкан, андан Чаян, Чаяндан Ногой, андан Балакан, Балакандан Каракан, анын баласы Жакып атанат. Бул эки варианттагы үч адамдын аты бирдей — Бөйөн, Каракан, Жакып. Эпостогу окуялардын логикалык өнүгүш жолу боюнча баатырдын теги баяндалгандан кийин кыргыздардын чабылышы жөнүндөгү окуя айтылуу керек эле. Биз билген варианттардын көбүндө ушул түрдө. Радлов жазган тексте баатырдын теги саналгандан кийин дароо эле Манастын төрөлүшүнө тиешелүү окуялар — Жакыптын Чыйырдыга үйлөнгөнү, узак убак баласыз жүрүшү ж. б. баяндалат. Буга карап Радлов жазган тексттерде, же эпостун ошол жүз жыл мурда эл арасында айтылган үлгүлөрүндө кыргыздардын күчтүү жоодон чабылышы жөнүндөгү маалымат окуя жок экен деген жыйынтыкка келүүгө болбойт. Анткени, В. В. Радлов жарыялаган тексте деле андай маалымат бар. Бирок, ал атайын өзүнчө окуя катары эмес, «Көзкамандар» окуясында» калмактар кыргыздарды чаап алганда Жакыптын иниси Үсөн колго түшүп кеткен эле делип эскерилет. Кыргыздардын чабылышын атайын окуя катары эмес, ушул түрдө кыска эскертүү менен гана маалымдоо башка варианттарда да жолугат. Мисалы: Сагымбайда да бул эпизод ушул В. В. Радлов жазып алган үлгүгө жакын түрдө берилген. Ушул жерде көңүлгө алып кое турган учур: эпостун салттык өзөк окуяларынын бардыгы ар бир вариантта сөзсүз орун алышы милдеттүү белги эмес. Кээде катардагы анча-мынча айтуучулар турмак чоң манасчыларга таандык өзгөчө кеңири планда аткарылган варианттарда да өзөк окуялардын айрымдары түрдүү себептер менен айтылбай калышы боло бере турган белгилерден. Буга жогорудагы эскерилген Сагымбайдын

www.bizdin.kg

вариантында кыргыздардын чабылышы атайын өзүнчө эпизод катары айтылбашы, же Саякбайдын вариантында кыргыз жерин баскынчылардан бошотууга арналган чоң эпизоддун берилбеши да айкын күбө.

Радлов боюнча эпостун биринчи окуясы Манастын төрөлүшү. Анда Жакыптын Чыйырдыга үйлөнүшү, узакка (14 жыл) зарыгып жүрүп, акыры балалуу болгону, көп эл чогулуп, ага Манас деп, ат коюлганы, Манас жаш курагынан эле баатырдык иштер иштеп, «он жашында ок атып, он төртүнө чыкканда ордо чайкап кан болгону» баяндалат. Бул эпизод негизинен ушул сюжеттик нукка жакын түрдө эпостун биздин учурубузда жазылган варианттарынын көбүндө орун алган. Айрым деталдык белгилери жактан В. В. Радлов жазып алган вариант Сагымбай манасчынын айткандарына жакын.

В. В. Радлов жазган варианттагы экинчи окуя — «Алмамбеттин мусулман болуп, Көкчөдөн кетип, Манаска келиши». Алмамбеттин окуясы да эпостун дээрлик бардык варианттарында кезиккен туруктуу сюжеттердин биринен. В. В. Радлов жазып алган тексттердеги бул эпизоддун негизги нугу болгон Алмамбеттин теги, туулушу, Көкчөгө жолугуп мусулман болушу, элинен качып чыгып Көкчөгө келип турушу, ушакка ишенген Көкчөгө таарынып андан кетип, талаадан Манаска жолугушу жана анда туруп калышы көптөгөн майда деталдарына чейин Сагымбайдын вариантына айрыкча жакын.

В. В. Радлов эпостун үчүнчү окуясы катары «Манас менен Көкчөнүн согушканы, Каныкейди алганы, Манас өлгөндөн соң кайра тирилгени» деген теманы берген. Чынында бул үч башка окуя. Кийинки варианттарда Манас менен Көкчөнүн согушканы деген окуя жок, бирок Сагымбайдын вариантында Алмамбет өзүнө келип туруп калгандан кийин аны алып экөөн жараштыруу максатында Көкчөгө барганы, анда «Көкчө көп сөз баштады, ыйлап көзүн жаштады» —деп Көкчөнүн мурда кетирген кемчилигине катуу өкүнгөнү эскерилет. Буга караганда эпостогу бул окуя да түрдүү түрдө варианттарда мурдатан эле орун алса керек.

Манастын Каныкейге үйлөнүүсү эпостогу туруктуу өзөк окуялардын бири. В. В. Радлов жазып алган варианттын окуяларынын көбү майда деталдарына, ыр саптарына чейин Сагымбайдын вариантына окшош.

www.bizdin.kg

Манастын өлүп кайра тирилиши кийинки варианттарда жок, бирок Радлов жазган варианттын бул окуясы көп деталдары жактан Сагымбайдын вариантындагы Көзкамандар окуясына туура келет. Буга караганда ал окуя Көзкамандар жөнүндөгү эпизоддун үзүндүсү, же ошонун өзүнчө варианты болсо керек.

«Манас» эпосундагы өзгөчө кеңири белгилүү эпизоддордун бири — «Көкөтөйдүн ашы», В. В. Радлов жарыялаган тексте «Бокмурун» деген тема менен берилген. Бул мурдатадан кеңири иштелип чыгып, мазмуну такталып калган эпизод болгондуктан жалпы эле бардык вариантта негизинен бири-бирине жакын айтылат. В. В. Радлов жарыялаган текст башкаларга караганда көптөгөн деталдары жактан Сагымбайдын вариантына жакыныраак. Ушул жерде көңүлгө ала турган бир учур — Радлов жазган варианттын аяккы тексттери бир кыйла белгилери жактан (мисалы: чалгынга баруу, жылкы тийүү ж. б. «Чоң казатты» эске салат. Жалпы эле кийин жазылган варианттардагы «Чоң казаттын» окуялары В. В. Радлов жазган тексттерде бир нече жерлерге бөлүнүп берилген. Мисалы: жогоруда эскертилгенден башка да — «Чоң казатта» айтылуучу Каныкейдин жоо жарак, соот кийимдерди баатырларга берүүсү «Көзкамандар окуясынын» арасында берилген. Эпостогу орчундуу окуянын бири болгон «Чоң казат» — эмне себептен В. В. Радлов жарыялаган тексттерде өзүнчө эпизод катары орун албаганы белгисиз. Бул багытта түрдүү жоромолдор айтууга гана болот.

Ошонун бири акад. В. В. Радловго «Манасты» айтып берип жаздырган адам талант деңгээли жактан чоң манасчы эмес, катардагы, же чала манасчылардын биринен болсо керек, Ал окумуштууга өзү билген жана эл арасында аткарып жүргөн тексттерин айтып берип жаздырган. Ал эми качан окумуштуу андан чыгарманын бардык окуяларын толук айтып берүүсүн өтүнгөндө айтуучу өзү мурда аткарып көнбөгөн эпизоддорду өтө кыска эскерүү менен чектелген, же билген айрым үзүндүлөрүн башка окуялардын арасында кыстыра кетүү менен чектелип, эпизодго таандык сюжеттик линияны бүт системалуу түрдө баяндап бере алган эмес. Чала манасчылар адатта эпостон бир чоң, же бир нече эпизоддорду гана аткаруу менен чектелүү турмушта кеңири жолугарын эске алсак В. В. Радловдун

www.bizdin.kg

информатору эмне үчүн чыгармадагы бир окуяны айтып, экинчисин кыска гана эскерип, же такыр эле айтпай кетишинин сырын чечмелөө алда канча жеңил болуп калат.

Акад. В. Радлов жарыялаган текстеги «Манас» бөлүмүнө таандык эң акыркы эпизод — «Көзкаман». Бул эпизод да окуяларынын өнүгүшү, ички деталдык белгилери жактан Сагымбайдан жазылган материалдарга көп жакын. Болгон айырмасы В. В. Радлов жарыялаган китептеги маалыматтарды Сагымбай манасчы бири-бирине удаа келип, байланыштуу болгон, бирок эки башка эпизод катары айтып («Көзкамандар окуясы», «Манастын Айган канга каршы аттанышы») жаздырган.

Жогоруда кыскача мүнөздө келтирилген фактылардан даана көрүнүп тургандай «Манас» эпосунун кийинки кагаз бетине түшүрүлгөн варианттары менен жүз жыл мурда жарыяланган тексттеринин окуяларындагы негизги сюжеттик нук бир, чыгарманын мазмунун түзгөн орчундуу окуялар экөөндө тең орун алган, ал гана турмак бири-биринен жүз жылдан ашуун мезгил менен бөлүнгөн бул материалдарда көптөгөн окшош деталдык белгилер учурайт, элестүү ыр саптары өзгөрүүсүз кайталанат. Ушундай эле абалды «Манастын» уландылары болгон «Семетей» менен «Сейтектен» да байкайбыз.

В. В. Радлов жазып, жарыялаган материалдардын фактыларына таянып «Манастын» көркөмдүк белгилеринин ичинен кайсылары туруктуу, мурдатадан келе жаткан салттык көрүнүштөргө жатарын да аныктоого болот.

Мисалы:

...«Көөрүгүнө чыдабай
Көп букалар союлду,
Көмүрүнө чыдабай
Көп токойлор жоюлду»...

...«Бекип калган бейиштин
Эшигин ачкан эр Кошой,
Байланып калган базардын
Жолун жазган эр Кошой»...
Жакасы алтын, жеңи жез
Ак күрөөкө торгой көз,
Алтындын зерин жаптырган,
Күмүштүн зерин төктүргөн,

www.bizdin.kg

Бадананы кийген соң...
...«Кайыптын кызы Карабөрк
Кармап алдым талаадан,
Шооруктун кызы Акылай
Олжолоп алдым коргондон»... ж. б.

сыяктуу эң көптөгөн ыр саптары биздин учурубузда кагаз бетине түшүрүлгөн варианттарда сөзмө сөз туура келип, өзгөрүүсүз бир калыпта айтылат. «Манастын» мазмунунун негизин түзгөн туруктуу өзөк окуяларынан, чыгарманын сюжеттик өнүгүшүнүн нугунан тартып, көптөгөн майда деталдык белгилерге, ыр саптарына чейин В. В. Радлов жазып алган тексттердин биздин учурубузда кагаз бетине түшүрүлгөн варианттардагы ыр саптарына, маалыматтарга сөзмө сөз туура келип, өзгөрүүсүз бир калыпта айтылышы «Манас» айрым жеке адамга таандык чыгарма эмес экендигин, анда салттык туруктуу белгилер басымдуу жана чечүүчү мааниге ээ болуп, жомоктун тексти бир манасчыдан экинчисине, бир муундан кийинки муунга өткөндө өз нугун, мыкты белгилерин, элестүү табылгаларын сактап каларын даана айгинелейт.

Жеке эле булар эмес, сөз болуп жаткан тексттер «Манас» таануу илиминин көптөгөн проблемалары менен тыкыз байланыштуу.

Ошентип мындан жүз элүү жыл чамалуу мурдагы тарыхый шарттарда кыргыз элин, анын маданий мурасын дүйнөлүк илим коомчулугуна таанытуу багытындагы орус окумуштуусу, академик В. В. Радловдун аракети — эмгеги биз үчүн маанилүү да, баалуу да.

В. В. Радлов бүт түрк тукумундагы элдердин тарыхын, тилин, маданиятын изилдөөдө ат көтөргүс эмгек өтөгөн улуу инсан. Биз – кыргыздар үчүн анын көптөгөн кунсуз эмгектеринин арасынан да окумуштуунун мындан жүз элүү жыл чамалуу мурда жазып алган түп нускасын өз үлгүсүндө илимий принциптерге ылайык жарыкка чыгарган «Манас» эпосунун негизги үч бөлүмүнүн эпостогу кеңири белгилүү салттык туруктуу окуялары дээрлик бүт камтылып, системалуу түрдө ырааты менен берилген тексттер баа жеткис мааниге ээ. Анткени, кыргыз эпосун изилдеп үйрөнүүдө, баа берүүдө, ага таандык өзгөчө белгилерди тактоодо көптөгөн ири илимий проблемалар ушу тексттер, анын маз-

www.bizdin.kg

муну жана чыгарманын формалык белгилери менен тыгыз байланышта чечилет. Бул алгачкы тексттер болбогондо манастаануу илиминин көптөгөн чоң-чоң маселелери бүгүн жоопсуз калмак, же аларды так чечүү, коюлган суроолорго ишенимдүү фактылар менен бышыкталган так жооп алуу алда канча татаал болмок.

Радловдун «Манас» эпосуна берген баасы, чыгарманын мазмуну, көркөмдүк касиеттери, жомокту айтуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү байкоолору, жоромолдору, илимий корутундулары маанисинин тереңдиги, тактыгы менен айырмаланып, бүгүн да өз күчүн жоготпойт.

АДАБИЯТТАР

[1] Образцы народной литературы северных тюркских племен. Ч. V. — С.-Петербург, 1885,

[2] Тюркологический сборник. — М., 1971.

Библиографический словарь отечественных тюркологов. — М., 1974.

[3] *Кондучалова С.* В. В. Радловдун жыйнаган материалдарындагы кыргыз тилинин фонетикалык өзгөчөлүктөрү. — Фрунзе, 1961.

[4] *Мусаев С.* «Манас» жана академик В. В. Радлов. — Бишкек, 1997.

[5] *Мусаев С.* Манастаануу илиминин тарыхы. 1-китеп. — Бишкек, 2000.

www.bizdin.kg

АЛМАШИ ДЁРДЬ (ГЕОРГ)

(1867—1933)

Георг фон Алмаши (11.08.1867-23.09.1933) – мажар (венгер) окумуштуусу, этнограф, зоогеограф.

Георг Дёрдь фон Алмаши Грац университетин бүтүрүп, юрист дипломун алгандан кийин Будапеште аз убак иштеп, анан Акак сарай деген өз чарбагына – графтык менчик жерине кетет. Ошол Акак сарай чарбактан анча алыс эмес жердеги Кёсеге шаарынын Кальман жана Иштван аттуу канаттууларды кармоочу ата-баланын таасири менен орнитология илимине кызыгып, бара-бара орнитолог, зоолог, географ, этнограф, саякатчылык өнөрлөрүнө өтүп, өмүр бою ушул багытта өз демилгеси, каражаты менен бир катар узакка созулган ири экспедициялар уюштуруп, өзү жетекчилик кылган.

Алмашинин узакка созулуп, көп аймактарды ичине камтыган, өзгөчө баалуу илимий натыйжалар берген ири экспедицияларынын экөө Борбор Азия чөлкөмүнө арналган. Мунун өзүнчө чоң себеби бар. Ал жөнүндө Дёрдь Алмаши кыргыз жергесине барган сапары жөнүндөгү китебинде минтип жазат: «Биздин ата-бабаларыбыз да Чыгыштын укум-тукумдары. Ошондуктан алардын түпкү тектерин түрк тилдүү элдер мекендеген Борбор Азиядан издеш керек. Мажарлардын уламышында бир уруубуздун Чыгышта калып, алар өздөрүнүн илгерки тилин жана салттарын, улуттук өзгөчөлүктөрүн таза сактап калган. Мажар саякатчыларынын кылымдар бою көксөгөнү: ата-бабаларыбыздын байыркы мекенин издештирип, аякта калган туугандарыбызды табуу, үзүлүп калган байланыштарыбызды кайра жандандырып, бекемдейбиз деген мак-

www.bizdin.kg

сат». (Иштван Шанта «Мой народ тоже отпрыск Востока», Будапешт, 2002, с. 3).

1900-жылдын 20-мартында Будапештен аттанган Дёрдь Алмашинин Борбор Азияга бет алган 1-экспедициясынын учурунда кыргыз жергесинен Ысык-Көлдүн чыгыш жээги, Тескей Ала-Тоонун түндүк жана түштүк капталдары, Жети-Өгүздүн сырты, Сары-Жаз суусунун түндүк жана түштүк бөлүктөрүн кыдырып, июлдан ноябрга чейин болгон. Ошол экспедицияда алты төө, он бир аттан турган окумуштуунун кербенин эки казак орус жана Орузбек, Атай, Белек жана Темир аттуу мерген төрт кыргыз коштоп жүргөн. Окумуштуунун Ысык-Көлдөн Боом капчыгайы аркылуу Верныйга барып, андан Ташкентке өтүп, Самаркандан Баку, Батуми, Ростов на-Дону, Львов аркылуу элине кайткан бул экспедициясы 1900-жылдын декабрь айынын орто чендеринде аяктаган.

Д. Алмаши биринчи экспедициясынын немец тилинде жазылган жыйынтыктарын «Азиянын жүрөгүнө менин саякаттарым» деген ат менен 1903-жылы жарыялаган.

Алмашинин экинчи саякатынын маалыматтары Д. Принц менен бирге жазылган «Менин Ички Азияга саякаттарым» аттуу 1911-жылы Будапештте венгер тилинде жарыяланган китептен орун алган.

Д. Алмаши ошол экинчи экспедициядан кайтканда өзү менен кошо Турган Бекжан (окумуштуу «Манаска» байланыштуу жазгандарында Турган Бердикинов – деген адам атын өзүнүн котормочусу катары эскерт. Балким Турган Бекжан менен Турган Бердикинов бир адам болушу ыктымал) аттуу акын, элдик ырларды аткаруучуну кошо ала келген. Алмашинин Янон, Ласло аттуу балдарынын ортосунда туруп түшкөн сүрөткө караганда Турган Бекжан 18-20 чамасындагы жаш жигит (сүрөттүн төмөн жагында «Турган Бердикинов» – деген жазуу бар). Кийген кийимине, өзүн эркин кармаганына караганда Турган бардар адамдардын тукумунан болсо керек, анын кийинки тагдыры белгисиз.

Г. Алмаши ошол Кыргызстанга келиштеринде Нарын-Колдогу кыргыздардын арасынан «Манас» эпосу жөнүндө маалыматтар угуп, чакан үзүндүнү жазып алат. Окумуштуунун Нарын-Колдо болуусу анын 1-китебинде кеңири эскерилет. Буга караганда эпос менен ал кыргыздар ара-

www.bizdin.kg

сында алгач болуп, узак убак жүргөндө таанышкан жана тексттерин жазып алган өндөнөт. «Манастын» өзү жазып алган тексттерин окумуштуу которуп чыгып, эпос боюнча илимий ой-пикирлер айтып, тексттерди талдоого алып, комментариялар менен жабдып, эмгегин 1911-ж. «Восточное обозрение» журналына чыгарган. Кийинчерээк бул үзүндүнүн немец тилиндеги котормосу да басылып чыккан. Эмгектин ошол немец тилиндеги 1911—1912-жылдары Будапеште «Keleti Szemle» журналынын XII томунда жарыяланган үлгүсүнүн фото көчүрмөсү азыр Кыргыз илимдер улуттук Академиясындагы Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун кол жазмалар фондусунда сакталууда. Анын Ш. М. Корнеева тарабынан орус тилине которулган үлгүсү С. Мусаев түзүүчү жана редактор катары басмага даярдап, кириш сөз жазып, 1968-ж. басмадан чыгарган «Манас» героический эпос киргизского народа» аттуу эпоско арналган илимий иштердин жыйнагында жарык көргөн.

Г. Алмашинин «Манастан» жазып алган тексттеринин кол жазмасы бизге белгисиз. Түп нусканын тагдыры да али тактала элек. Балким ал документ Венгрияда, же окумуштуунун илимдик мурасы сакталган кайдадыр башка жайда бүгүн да бардыр. Кол жазманын өзүн көрбөгөндөн кийин илимпоз эпостун тексттерин алгач кандай ыкта, кайсыл тамганын жардамы менен кагаз бетине түшүргөнүн кесе айтуу кыйын. Колдо болгон фото көчүрмөгө караганда басмага даярдалган кыргызча тексттер транскриптештирилген — шарттуу белгилер коюлуп пайдаланылган латын тамгаларынын жардамы менен жүзөгө ашырылган. Ушуга карап манасчыдан укkан ыр саптарын окумуштуу кагаз бетине алгач эле ушул ыкта — латын алфавитинде жазган болуу керек дешке негиз бар. Немец тилинде жарыяланган эмгегин илимпоз «Манас баатырдын уулу Семетей менен коштошкону» — делген жалпы тема менен атап, төмөн жагына «Манастын өлүмү» —деген кара кыргыздардын эпосунан — деп түшүндүрмө берет. Эмгекти шарттуу түрдө үч бөлүккө бөлүп мүнөздөмө берүүгө болот: окумуштуунун «Манас» жөнүндөгү айрым маалыматтары, илимий пикирлери — корутундулары, комментариялары менен талдоолору; «Манастын» он эки миң кол менен Бээжинге казат кылганы — деген тема менен берилген кыр-

www.bizdin.kg

гыз тилиндеги, транскрипцияланган латын тамгасы аркылуу жазылган чакан текст (көлөмү 72 сап ыр), ошол тексттин немец тилиндеги котормосу жана айрым сөздөргө берилген түшүндүрмөлөр. Автор иштин кириш бөлүгү катары өз атынан берген маалыматтарда алды менен чыгарманын кыскача мазмуну баяндалат: калмактардын князы Коңурбайдын ногойлор менен аргындарга — Манастын уруулларына басып кирген чабуулунун мизи ийгиликтүү майтарылгандан кийин Манас 12000 жоокер камдайт. Алардын башында Манас өзү жана Алмамбет, Чубак, Бакай баатырлар турушат. (Кыязы Манас жоокерлерин Коңурбайдан өч алуу, ага каршы аттануу үчүн жыйган өңдөнөт С. М.). Аттанар алдында Манастын аялы Каныкей ага жакында эле туулган уулу Семетейди алып келет. Согуш камылгалары менен жүрүп уулун такыр эсинен чыгарып койгон Манас Семетей менен коштошот. Манастын ошондо айткан өз өлүмү жөнүндөгү кооптонуусу иш жүзүнө ашат, бирок ал кытайларды жеңип, Пекинди ээлейт, өзү шейит кечет. «Чоң казат ошондо болодур» — ошондо көптөгөн согуштар болот — делет чыгармада жана алар эпостун «Семетей» — деп аталган экинчи бөлүгүндө баяндалары эскертилет. Окумуштуу баяндаган сюжеттик нукка караганда эпостун ал укkан окуялары өзүнүн аталышынан эле көрүнүп тургандай бир гана эпизоддун «Манастын» өлүмүнүн чеги менен чектелген өңдөнөт. Илим үчүн кызыкчылык туудуруучу маанилүү фактынын бири ошол бөлүмдүн эпоско таандык сюжеттик жалпы нукта ошол учурда бар экендиги.

Г. Алмаши окуяга «Манастын өлүмү» (Смерть Манаса) — деген ат берген.

Ошондой ат менен аталган атайын эпизод — өзүнчө бөлүм Г. Алмашиге чейин кыргыз жергесинде болуп, чыгарманын сюжети жөнүндө сөз козгогон, айрым тексттерди кагаз бетине түшүргөн илимпоздордун маалыматтарында эскерилбейт. Ал турмак бир нече айтуучулардан жазылып алынган сюжеттерди өзүнчө ирээтке келтирип, чыгарманын үч бөлүгүнүн окуяларын баштап аяк дээрлик мүнөздө жарыялаган В. Радловдун китебинде да Манастын өлүмү жөнүндө өзүнчө чоң эпизод эмес, «Аккула арыган экен, Манас кан карыган экен» деген мүнөздөгү гана кыска баян түрүндө эскерүү берилген. Деги эле кийинки биздин учурлардагы манасчылардын дээрлик баарында чыгар-

www.bizdin.kg

мадагы салттык туруктуу өзөк окуялардын бири катарында сюжеттен орун алган «Чоң казат», «Чоң чабуул» эпизоду Ч. Валихановдо да, В. Радловдо да өзүнчө окуя түрүндө кезикпейт. Ага жакындаша турган сюжеттик нук болгон күндө да окуянын курулушу Алмаши баяндагандан такыр башка түрдө.

Албетте кеп окуянын — эпизоддун аталышында эмес. Кийинки манасчылардын варианттарында деле окуянын түрдүүчө наамы кезиге берет. Мисалы: көпчүлүк манасчылар «Чоң казат», же кээде «Чоң казат» жана «Кичи казат» (С. Каралаев) түрүндө аташса, Сагымбайда бул бөлүм «Чоң чабуул» делет. Ушуну эске алганда Г. Алмашиге эпос айтып берген жомокчу бөлүмдү өзү «Манастын өлүмү» түрүндө аташы, же окуянын мүнөзүнө карата жомокчу айтып берген эпизодго илимпоз өзүнчө наам бериши (чакан эмгекте Г. Алмаши окуя — тексттерге карата «Манас баатырдын уулу Семетей менен коштошкону», «Манастын өлүмү», «Манастын он эки миң сол менен Бээжинге казат кылганы» — делген аталыштарды пайдаланганына караганда тема коюуда Манасчы айткан үлгүнү так сактоо аракетин көргөн эмес өңдөнөт) да мүмкүн. Ушул жерде көңүл буруп, эске алууга арзый турган маанилүү бир учур бар. Эпостун Г. Алмаши талдоого алган эпизодунун окуялары калмак князы Коңурбайдын аргын-ногой журтуна баскынчылык жортуулу жана ал чабуулдун ишке ашпай, тиешелүү сокку алып, куулуп жиберилишин маалымдоодон башталат. Андай сюжет Ч. Валихановдо да, В. В. Радловдо да жок. Коңурбайдын кыргыз жергесине чабуулу Г. Алмаши баяндаган нукка жакын үлгүдө кийинки манасчылардан С. Каралаев айткан вариантта гана орун алган.

Бирок, ал сюжеттин «Чоң казат» менен байланышы жок, андан алда канча мурда болгон окуя катары «Семетейде» Каныкейдин атынан эскерилет. Ал эпизод боюнча Таластагы аргын-ногой журтун каптап көп колу менен басып кирген Коңурбайга бейкабар, камсыз жаткан Манас курал жараксыз, жоо кийимсиз, жайдак ат минип, колуна бакан алып каршы чыгат, баатырга Каныкей караан болуп жардам берет. Акыры жоо жеңилип, баскынчылар куулуп салынат. Эпостордо окуялардын орун алмашышы-жылышуусу, бири экинчисине кошулуп, же бир окуя өнүктүрүлүп, жаңы эпизоддорго айланып бөлүнүп ай-

www.bizdin.kg

тылуусу боло бере турган адаттагы көрүнүштөрдөн. Андай процесстер айтуучулардын шык-жөндөм, деңгээл даремет, каалоосу, же угуучулардын суроо-талаптарына ылайыкталуунун натыйжалары менен шартталышы да мүмкүн. Кеп анда эмес. Маселе Г. Алмаши эскерген сюжет менен С. Каралаевдин вариантында баяндалган окуянын түпкү теги бир булактан чыгып, эки окуя танапташ болуусунда. Фактылык маалыматтарга караганда Г. Алмаши «Чоң казаттын» башталышы, анын себептеринин бири катары эскерген, С. Каралаевдин варианты өзүнчө көлөмдүү окуя катары баяндаган Коңурбайдын аргын-ногойлорду басып кирген жортуулу эпостун сюжеттик нугунда мурдатадан орун алып, айтылып келе жаткан, салттык белгилердин бири.

Кыясы бул сюжет манасчылардын түрдүү мектептеринин ичиндеги территориялык чек-белги менен байланышкан айтуучуларга мүнөздүү көрүнүш болсо керек. Муну венгер окумуштуусу эскерген сюжеттин Нарын-Колдогу бугу уруусунун өкүлдөрүнүн биринен жазылышы жана чыгармачылыгы ошол чөйрө-чөлкөм менен тыкыз байланышта болгон С. Каралаевдин вариантында бул эпизоддун орун алышы таасын айгинелеп турат. Буга эскерилген эки эпизоддун мазмундук белгилери — Коңурбайдын Манастын эли аргын-ногойлорго чабуул жасаганы жана өзү жеңилип, качып кетиши эле эмес, текстердеги ыр саптарынын формалык белгилери-муун өлчөмүнүн окшоштуктары да кепил боло алат: Г. Алмаши кагаз бетине түшүргөн ыр саптары жеке эле адаттагы негизинен 7—8 муундан эмес, андан көп, кээде 11—12 муун өлчөмүндөгү саптар аралаш келет. Ыр түзүлүшүндөгү мындай ык С. Каралаевдин вариантына да мүнөздүү. Не болгон күндө да доктор Г. Алмаши өз эмгегинде берген маалыматтар Манастаануу илиминде чоң баага ээ; эпостун мазмунунун эволюциялык жолундагы маанилүү проблемалардын биринен болгон орчундуу суроого ишенимдүү оң жооп берүүгө мүмкүнчүлүк түзөт чыгарманын корутунду окуяларынан болгон «Чоң казат» эпизоду, болгондо да кийинки көптөгөн манасчылардын вариантындагы нукта, өткөн кылымдын аяк чендеринде эле чыгарманын өзөк окуяларынын бири катары эл арасында айтылгандыгы айгинеленет. Эмгегинде өзү берген маалыматтарга караганда Г. Алмаши эпостун

www.bizdin.kg

бардык окуялары менен тааныш эмес, ал турмак «Чоң казаттын» сюжетин да баштан аяк укпаган өндөнөт. Анткени «Чоң казат ошондо болодур» деп кыргыз тилинде атайы айткан сөздөрү чыгарманын биринчи бөлүгүнө эмес, экинчи бөлүгүнө-«Семетейге» таандыкташтырылат, согуштук окуялардын көпчүлүгү да «Семетейде» сүрөттөлөт — деп эсептейт. Буга карап, балким, ошол окумуштуу Кыргызстанга келген тарыхый шартта «Чоң казаттагы» согуштук окуялар «Семетейдин» сюжеттик нугунун ичинде камтылып берилсе керек (андай факты илимге белгилүү, мисалы, «Көкөтөйдүн ашын» манасчылардын көбү мурда «Семетейдин» окуяларынын арасында айтышкан) деген корутундуга келүүгө болбойт. Анткени Г. Алмаши эмгегинде баяндаган сюжет — Манас баатыр көп кол камдап, Коңурбайга каршы аттануу, Бээжинге барып, согушта кытайларды жеңип, чет-Бээжинге (Г. Алмашиде «Пекин» делет) бийлик жүргүзүшү, кан болуусу, акыры өлүмгө учуроо так «Чоң казаттын» мазмундук өзөгүн түзгөн сюжет. Ошентсе да Г. Алмашинин кыргыз эпосу, анын негизги бөлүктөрү жөнүндө жалпы түшүнүгү бар.

Чыгарманын биринчи бөлүгүн «Манастын кысасы» («Манастын кисасы») —деп атап, экинчи бөлүк «Семетей», үчүнчү элге азыраак тараган бөлүк «Сейтек» экенин белгилейт, ар бир бөлүмдүн болжолдуу көлөмүн да айтат: «Манас» 20000 сап чамалуу ыр, ал эми экинчи жана үчүнчү бөлүктүн ар бири 30 миң сап ыр чамалуу.

Окумуштуунун ал жазып алган үзүндүнүн тили кара кыргыздардын бугу уруусуна таандык болуп, сарттардын да, казактардын да тилдеринин таасири тийбеген Нарын-Кол аймагынын диалектисине жатарын атайылап эскертүүсүнө караганда тексттерди кагаз бетине түшүрүүдөгү негизги максаттардын бири тилдик өзгөчөлүктөргө тиешелүү фактылык маалыматтарды топтоо болгон өндөнөт.

Г. Алмаши чыгарманын тексттери кагаз бетине түшүрүлбөгөндүгүн эскертип, алар көптөгөн ырчылардын айтуусунда оозеки жашашына көңүл бурат. «Манас» айткандарды «ырчы» — деп атап (ыр-песня, ырдамак-петь, исполнять), көчмөндөрдүн айылдарында ырчылардын чыгармасын кубануу менен уга турган күйөрмандардын көп экендигин белгилейт. Илимпоздун «бул чыныгы элдик поэзиянын байыркы негизи исламдык таасир аркылуу ыксыз

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg

Аман-соо келгин-деп жүрту чуулап, кызыл үйтүк жаптырган кыйын күлүк Аккула атка минип баатыр Алда! — деп жөнөй бергенде кечээ катынында калк бузган, кыз кезинде чайкап журт бузган Манастын катыны Каныкей туулганына алтымыш күн болгон Семетейди көтөрүп баатыры менен коштошуугa басып келет. Эрдиги менен кабылан Манас ошого чейин баласына назар салбаган экен. Баланы көрүп «бери алып келчи!» — деп уулу ошондо эсине түшөт. Колуна алып, бетинен сүйсө уулу атасын көрүп арсалаңдап күлөт.

Алты жашка жетпедин, аргын менен ногойго аким салып кетпедим — деп Манас арман кылат. «Ээ чырагым! Кудай жалгыз, мен жалгыз, Менден калган сен жалгыз. Жалгызга кудай жар болсо, Атандын саламат жаны бар болсо, Самап барган Бээжинге Санат кылып келермин. Пайгамбар ак, диним ак, Падыша кудай пирим ак, Аманат жанга өлүм ак, Ажалым жетсе өлөрмүн Кош эми балам, аман бол!» — деп, Манас жөнөп кетет. Эки ай сапар жол тартышып Ыртыш дайра чон сууга— кытайлардын четине жетишет.

Окумуштуу үзүндүнү кимден, кандай шартта укканын да, текст кантип, ким тарабынан кагаз бетине түшүрүлгөнүн да чечмелеп түшүндүрбөйт. Бирок, кыйыр мааниде-ги айрым фактыларга караганда кыргыз тилин билбеген диктен ыр саптарын өзү жазган эмес жана ырчы менен байланыш түзгөндө болсун, колундагы текстерди басмага даярдоо учурунда болсун тилмечтин кызматынан пайдаланган. Буга анын өмүр бою күбө иштин алгындагы ар-рым сыяктуу берген түшүндүрмөлөрүнүн [illegible] «дүкүн» деген сөзгө карата «Бул мамлекеттик ишке колдонулчу түрүн берди» деп түшүндүрүп, «Бул түратөн» — дегенди түшүнүк — дейт. Ошо сыяктуу текстерди басууга даярдоодо [illegible] бирөө даярдаган эле кагазга чейин кайра кайра кормочунун кылган өзгөрүүлөрүнө [illegible] деген маанилерди түшүнүк «түрк» деген сөзү «түрк» деп кабылдаган ошол элементтер да кыргыз эмес жана кыргыз тилин эч кандай билет. Ошол себептен үстүбүзгө келип жаткан [illegible] коомчулугун «Манас» менен байланыштуу [illegible] менен таанышуубуз [illegible]

www.bizdin.kg

не тиешелүү алгачкы ойлорду айткан адам катары Г. Алмашинин ролу зор.

Жеке жазып алган тексттери менен гана эмес. Г. Алмашинин ошол өзү уккан жана кагаз бетине түшүргөн материалдар боюнча айткан ой-пикирлери, божомолдору менен корутундулары да илимдик баа-баркка ээ болуп, эпостун бүгүнкү изилдөөчүлөрүнө ой жүгүртүүгө жем таштап, чыгарманын теориялык-практикалык орчундуу проблемаларынын чечилишинде, айрым күдүк туудуруучу, же талаш-тартыштуу маселелерди тактоодо омоктуу факты, таянар жардам берер жерлери аз эмес.

Мажар-венгер саякатчысы Дёрдь (Георг) фон Алмаши кыргыз коомчулугу үчүн В. Радлов, Ч. Валиханов сыяктуу эле журтубуздун улуу эстелигин кагаз бетине түшүрүп, баалуу илимий пикирлер айткан окумуштуу катары чоң кадыр-баркка ээ.

АДАБИЯТТАР

[1] *Иштван Шанта.* Менин элим да Чыгыштын кулундары.— Будапешт, 2002.

[2] *Мусаев С.* «Манас» – героический эпос киргизского народа.— Фрунзе, 1968.

[3] *Айдаркулов К.* Алмаши Дёрдь. Манас энциклопедиясы. — Бишкек, 1995.

[4] *Мусаев С.* Манастаануу илиминин тарыхы. 1-китеп. — Бишкек, 2002.

www.bizdin.kg

МИФТАКОВ КАЮМ

(1882—1949)

Каюм Мифтаковду кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын биринчилерден болуп жыйган жыйноочу катары Сагымбайдан «Манас» эпосунун жазып алууну баштаган, Тянь-Шань менен Талас, Түштүк өрөөнүнөн, оозеки чыгармалардын көп түрлөрүн чогулткан. Мифтаковдун жыйган чыгармалары жанры же түрү жагынан болсун, тематикасы же мазмуну жагынан болсун аябай бай болгонуна карабастан, ал материалдар бир системага келтирилип, такталып, жок дегенде тандалгандары акыркы кезге чейин өзүнчө жыйнак болуп басылып чыккан эмес. Бул өкүнүчтүү. Анын жыйган материалдары КРИУАнын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусунда гана сакталып турат. Оозеки чыгармачылык жөнүндө жазылган окуу китептеринде, адабий хрестоматияларында Мифтаковдун жыйган материалдары кеңири пайдаланылган. Ушу жерде айтылгандарды эске алып, Мифтаковдун өмүр баянына, чыгармачылык иш-аракетине, жыйнаган чыгармаларынын жанры менен түрүнө атайы кайрылып ар бирине өзүнчө токтолууну туура таптык.

Каюм Мифтаков 1892-жылы Уфа губерниясынын Златауст уездиндеги азыркы Башкырстандын Салават районундагы Насибаш айылында көп балалуу кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту татар «Манас» эпосунун изилдөөчү З. Бектеновдун сунушу боюнча 1947-жылы жазылган өмүр баянында «... атам Гайнан, энем Гүлбадиян болуп, мен алардын 16 баласынын биримин. ... Атам, энем

www.bizdin.kg

дыйкан болуп бала-чакасы менен күнү-түнү иштөөчү эле. Мисалы мага алты жашымдан баштап орок ордурду, 7 жашымдан баштап чөп чаптырды. Ошентип, бир баланы бекер койбой керели кечке иштетүүчү эле»,— деп эскерген Мифтаков.

Каюм Мифтаков 1911-жылы медресени ийгиликтүү бүтүрөт. Окуусун бүткөндөн кийин 1911-1919-жылдардын аралыгында Каюм Кустанай, Семипалатинск, Торгай, Жети-Суу өрөөндөрүндө мугалим болуп иштейт. Байда ары койчу, ары кызматчы, балдарды кат таанууга үйрөтүп жүргөн эле жылдары казактын миңдеген макалдарын жазып алып, айрымдарын жатка айткан. Каюм ушул жылдары казак элинин оозеки чыгармачылыгын кеңири өздөштүрөт.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгына кызыгуусу да мугалим болуп иштеп жүргөн учурунан башталат. 1916-жылкы көтөрүлүштөн кийин Каюм Синцзяндагы качкын казак, кыргыздар менен таанышат. Алар ысык-көлдүк арык тукуму Кыдык Бердаалы уулунан «Карга балапандары», «Кыргый менен үкү» деген тамсилдерди жазып алган. Ошол адамдардын айтып берүүсү менен ал кыргыздын бай оозеки чыгармачылыгынын байлыгы, «Манас», «Семетей» эпостору Каюмдун Кыргызстанга келүүсүнө себеп болгондугу жөнүндө өмүр баянында баса көрсөтүлгөн (инв.96, 16-бет).

Мифтаков 1920-жылы Талас өрөөнүнө мектеп инструктору болуп ишке орношот. Ошол кезде мектеп мугалимдеринин көпчүлүгү башталгыч билимге да ээ эмес эле. Инспектор катары Мифтаков ар бир жарым жылда мугалимдердин билимин көтөрүү максатында методикалык курстарды уюштуруп турган.

Агартуу иши менен бирге, ал Манастын күмбөзүнө да көңүл бурган. Күмбөздүн жазуусун кагазга жазып алган. Ошону менен катар Таластын Көпүрө деген жеринде биринчи жолу кыргыздын эл адабиятын жыйноо ийримин да уюштурган. Ал кезде ийримдин мүчөлөрү оозеки чыгармачылыкты жыйноого анчалык маани бербегендиги байкалат. Каюм бар болгону бир мугалимдин саруу уруусунун санжырасын жазып бергенин гана эскерген.

Манас эпосунун өткөн мезгилдерде кандай жомокчулар кантип айтып келгендиги жөнүндөгү маселе Мифтаковду ойго батырган. Ошол максатта Каюм Талас өрөөнүндөгү

www.bizdin.kg

айрым маалыматтарды элден жазып алууга умтулган. Жаңыбай Кожековдун чоң аталары жетинчи бабасына чейин «Манас» айткан жомокчу болгондугун жана айтылуу Балыктын башкалардан айырмаланган күчтүү таланты жөнүндөгү кабарларды Каюмдун кол жазмаларынан кезиктиребиз. Ошондой эле акын-жомокчулар «Манасты» жети күн эле айтса, Балык кырк күнгө созуп айтканын, саруу менен саяк урууларынын акын-жомокчулары «Манас» жомогун кимиси көпкө созуп, кызыктуу айтышканын, ушундай айтышта Балык жеңип чыкканын да далилдеген материалдарды кезиктиребиз. Дал ушундай талантынын күчтүүлүгүн байкаган датка кетмен-төбөлүк жана таластык акын-ырчыларды кетирип, Балыкты өзүнө жомокчу кылып алганы да айтылат. Таласта иштеп жүргөндө оозеки чыгармачылыкты атайылап жыйбаганын, ара-чолодо учураганын гана жазып алганын Мифтаков кийин өзү эскерткен.

Мифтаковдун Таластагы иш-аракети эл агартуу майданынан гана бир аз ийгиликке кабылган кебетеленет. Ал мектептерди салдыруу жөнүндө маселе коюшунан жана «Кызыл степь» деген кол жазма түрүндөгү методикалык журналды да чыгарганынан ачык сезилет. Кол жазма журнал казак тилинде чыгарылган. 1921-жылдан баштап, Каюм кол жазма журналды кыргызчалатып чыгарууга да аракет жасайт. Ага Олуя-Ата уездик эл агартууну башкаргандар каршы турушат. Мектеп салдыруу зарылдыгын эл колдоп, каражат топтоого да даяр экенин билдирген Мифтаковдун демилгесин жергиликтүү агартууну тейлегендер колдоого алышпайт. Ушул сыяктуу каршылыктарга нааразы болгон Каюм Таластан Ысык-Көлгө жер которуп кетет.

Каракол уездинин ошол убактагы Эл агартуу бөлүмү Мифтаковду азыркы Тоң районун Төрт-Күл айлына биринчи ачылган 7 жылдык толук эмес орто мектепке директор, бир учурда ошол аймактагы 29 мектепке инструктор кылып дайындайт. Эскерүүлөрүнө караганда Төрт-Күл мектебинде иштегенде Мифтаков мугалимдик жана оозеки чыгармачылыкты жыйноо иш-аракетинде бир кыйла ийгиликтерге жетишкени ачык баамдалат. Мугалимдик ишинин оңунан чыгышын баарыдан нурда балдарды окутууга ыңгайлуу жай – атайы мектептин салынганын көргөзүп турат. Ал 1919-жылы кадимки жыгачтан салынган алты бөлмөлүү мектеп болот. Мектептин ыңгайлуу салынышы

www.bizdin.kg

оозеки чыгармачылыкты жыйноо ишин уюштурууга айтарлык шарт түзгөн. Муну айрыкча Төр-Күл мектебинин алдында уюшулган «кара кыргыз эл адабиятын жыйноо кружогу» (№ 96, 30—81-беттер) жемиштүү иштеп кетиши эле айкындайт. Ийрим план менен иш жүргүзүп, мүчөлөрүнүн милдеттери так көрсөтүлгөн. Ийримде бардыгы Тоңдун 30 мугалими, жогорку класстардын 40 окуучусу мүчө катары тартылган. Ийримдин жемиштүү иштешинин дагы бир себеби — оозеки чыгармачылык деген эмне, анык элдин турмушундагы орду менен мааниси жөнүндө түшүндүрүүлөр да өткөрүлүп, түрдүү ангемелер, суроо-жооп иретиндеги маектешүүлөр өтүп турган. Оозеки чыгармачылыкты элден кантип жазып алуу керектиги жөнүндө жыйноочунун инструкциясын же жобонун Мифтаков өзүнүн билими менен баамына, тажрыйбасына жараша иштеп чыгып, аны менен ийримдин мүчөлөрүн тааныштырып турган. Ар кандай аракет жасалса да, оозеки чыгармачылыктын жана аны жыйноонун маанисин ийримдин мүчөлөрү толук түшүнө албаган. муну ийримдин мүчөлөрүнүн жыйып берген материалдарынын жоктугу эле ырастай алат. болгону бир гана мугалим жөө жомоктордун айрым үлгүлөрүн жазып тапшырган. Мугалимдерге караганда ийримдин окуучу мүчөлөрүнүн айрымдары оозеки чыгармачылыкты жыйноого бериле катышкан. Алардын жыйган материалдарынын айрымдары Кыргыз Илимдер академиясынын Кол жазмалар бөлүмүндө сакталып турат.

Ийримдин иш планы менен максаты өтө кеңири түзүлгөн. Мифтаков 1941-жылы август айында жазган түшүндүрүү катында ийримдин алдында үч секция иштегендигин билдирет.

Илим изилдөө секциясынын алдына койгон максаты:

1. Кыргыз тилинде канча тыбыш бар экендигин белгилөө. Кыргыз эл адабиятынын бүткүл түрлөрүнөн жеткиликтүү мисалдар табуу.

2. «Манасты» жазуу секциясы.

3. Эл адабиятынын башка түрлөрүн жыйноо секциясы (инв. № 366, 28-29-беттер). Ийримдин мүчөлөрү «Нарын» экспедициясынын иш планын 1922-жылы январь айында түзүшүп, аны «Адабият жыйноо экспедициясы» деп аташкан. Экспедицияга беш адам катышарын да алдын ала көрсөтүшкөн. Түшүндүрмө катында Мифтаков Тоңдон фоль-

www.bizdin.kg

клордун жана акын-жомокчулардын төмөнкүдөй чыгармалары: «Кыргыз санжырасы», «Кылычтын канаттуулары», «Арстанбек акындын ырлары», «Тыныбектин жомогу» (Манас-Семетейден) ж.б. жыйналганын жазган. Ошону менен катар элдик оозеки чыгармалардын башка түрлөрүн да жазып алган. «Каркыра менен түлкү», «Жигит менен кыз», «Эки тоо арасы», «Сүйүү ырлары», «Секетпай ырлары» өндүү тамсил менен ар кыл ырларды да жыйган. Учуру келип турганда атайы айта кетчү бир нерсе: Мифтаков кээ бир чыгармаларды башка бирөөлөрдүн жазып алган дептерлеринен көчүргөн. Жумадыл да, Орозакун да ошол жылдарда кызматкер катары иштеп жүргүшкөн билимдүү адамдар болушкан. Орозакун өзү ыр жазып, чыгармаларын казак элинин газеталарына да бастырып чыгарган. Мындан кыргыздын алгачкы интеллигенттеринин айрымдары Мифтаковго чейин эле оозеки чыгармачылыктын кээ бир түрлөрүн жыйып жүргүшкөндүгүн байкоого болот. «Кыз менен жигит», «Секетпай ырлары» жалпы эле элдин, айрыкча жаштардын берилип сүйгөн чыгармаларынан болгон.

Эми Мифтаков элден оозеки чыгармачылыкты жыйноодо кандай жобону же колдонмону жетекчиликке алгандыгына да токтоло кетелик. Мурда эскерилген Төрт-Күл мектебинин алдында уюшулган ийримдин иш планы, максаты менен бирге «Кыргыз адабиятын жыйноо жолдору» деген колдонмону Мифтаков ошол эле 1921-жылы күз айында түзүп чыгып, аны бир жылдан кийин тактап да көргөн. 1923-жылы март айында Алматы шаарында кайрадан тактаган. Дүйнөнү алганда «Жыйноо жолдорунда» фольклористикада колдонулган ыктардын, методдордун кээ бирлери негизинен камтылган.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жыйноодо Мифтаков «Манас» эпосуна бөтөнчө маани бергендиги белгилүү. Кыргыздар менен биринчи таанышканда берилип укkан чыгармасы да «Манас» болгон. Манас Таластан чыккан деген элдин ишеними да Мифтаковду ойлонткон. Таласка барып Мифтаков «Манас» эпосуна байланышкан алгачкы маалыматтарды угуп, айрымдарын кагазга түшүргөн, көнүлүндө да кармаган.

Белгилүү манасчы Сагымбай Орозбаковду атайы издеп, аны Көк-Торпок жайлоосунан табышат. Сагымбайга кан-

www.bizdin.kg

дай шартта, кантип жолуккандыгын айтсак, Мифтаковдун «Манас» эпосуна чексиз кызыгуусу бизди таң калтырат. «Барып Сагымбайды таптык, бир үйгө кой сойдуруп, Көкөтөйдүн ашын ырдап жаткан экен. «Биз да «Манасты» тыңшоого келдик. Айта бериңиз» дедик. Бүткүл эл былк этпестен тыңшап отурушту. Үйдүн тегерегинде кумурскадай «Манас» тыңшаган эл. Сагымбайдын таза гана бир кат кийими, каракөрпө чоң тебетейи, кыпкызыл семиз бети бир чоң мансап сыяктуу көрүндү. «Манастын» терең мазмуну менен анын сүйкүмдүү табышы жана обону, темирдин майдаларын тартып алган магнит сыяктуу бүткүл элди өзүнө тартып алганы эле» (инв. 155, 34–35-беттер), — деп жазган эскерүүсүндө. Алынган үзүндүдө «Манас» эпосунун кыргыз элинин турмушунда ээлеген орду, анын мааниси бардык жагынан жалпылана камтылган. Жомокчунун «Манасына» эл чокмороктошо жыйылып, дем албастан берилип угушуна Мифтаков күбө болуп, таныркаган. Жомокчуга болгон элдин урматын, сыйлоосун ал өз көзү менен көрүп-билип, терең ынанган. Сагымбайга үч күнчө «Манасты» ар кайсы жеринин айттырып угушуп, анан жазууга киришет.

К.Мифтаковдун кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жыйноодогу дагы бир өзгөчөлүгү ошол ишке башкаларды тартып, жыйноочулукка үйрөтө билгендигинде. Өзү менен кошо жүрүп, оозеки чыгармачылыкты жыйган Сапарбайды айтпаганда, Төрт-Күл мектебинде өзү окуткан окуучулары О. Лепесов, Ж. Түлөкабылов, С. Сооронбай уулу, Мукамбет Дөгдүр уулу жана алардан кийин Жума Жамгырчиев, Өмүралы Маанаев, Смат Кемпиров, Набирдин Ботоевдер өндүү оозеки чыгармачылыкты өз алдынча жазып алган жыйноочулар өсүп чыгышкан. Аталгандардын чогултқан материалдары азыр кол жазмалар фондусунда сакталып турат.

Нарындан мурдагы мугалимдер Ыбырайым Абдрахманов менен Чаки Каптагаевдерди жергиликтүү партиялык-советтик уюмдардын таасири менен оозеки чыгармачылыкты жыйноого тартып үйрөткөн да Мифтаков болгон. Ыбырайым адегенде «Манасты» жазууга анчалык көңүл дөнбөй, качып кетип да калган. Кийинчерээк, ал «Манасты» жазуунун мааниси аябай чоң экендигин түшүнгөн соң аны тез, так, катасыз жаза баштады. Акырында Ыбы-

www.bizdin.kg

райым бул ишке аябай берилип, Сагымбайдан эпостун «Манас» бөлүгүн 22—26-жылдардын аралыгында толук жазып алган. К. Мифтаков оозеки чыгармачылыкты жыйноодо окуучулары кандай иштешкенин да көз жаздымында калтырбаган. Ыбырайымдын «Манасты» жазганын жактырган. Ч. Каптагаевге «каты жакшы эмес өзү жалкоо эле. Аны майда эл адабиятын жазууга пайдаландык» (инв. № 96, 40-бет) деп мүнөздөмө берген.

Мифтаков оозеки чыгармачылыкты жыйноочу адамдын кол жазмасы так, даана болушун, тез жазышын атайы талап кылып караган. Мына ошондуктан Ыбырайымдын көп жыл мугалим болуп иштеши, кол жазмасын ары так, ары даана, тез жазышы, жадабай эмгектениши, тыкандыгы ага аябай жаккан. Жашы улгайып калганына карабастан, Ыбырайымдын аябай эмгекчил адам экендигин 60-жылдын ортосуна чейин институтта бирге иштешкендер көрүп-билип калдык. Тажабаган эмгекчилдигин төрт жыл бою Сагымбайдан эпостун «Манас» бөлүмүн жазып алууда да ал ар тараптан көрсөтө алган.

Сагымбайдан «Манас» эпосунан башка да чыгармаларды Мифтаков өзү жазып алган. Андай чыгармаларга санат, насият ырларын; «Кыргый менен үкү», «Мышык, чычкан», «Жолбун ит» өндүү тамсил-жомокторун; социалдык маанидеги «Балалык», «Замана» поэмаларын атоого болот. В.И.Лениндин өлгөнүнө карата Сагымбай өзү чыгарган «Ленин кошогу» деген жоктоону да жазган. К. Мифтаковдун «Мен башка эл адабияттарын жаза бердим» деген ою Сагымбайдан жазган чыгармаларына карата айтылып калган. Мунун өзү жомокчу жалаң эле «Манасты» жаздыра бербей, элдик оозеки чыгармалардын айрым түрлөрүн да жаадырып калтырган.

«Манасты» жазып алууну уюштургандан кийин Мифтаков Ат-Башы, Орто-Сырт, Ак-Сай, Арпа жайлоолорунда, Нарын, Кочкор өрөөндөрүндөгү айыл-кыштактарда болуп, элден оозеки чыгармаларды жыйноону берилгендик менен улантат. Чогулткан чыгармалары тематикалык, идеялык, мазмун, жанрдык түр жагынан да бай экендигин канааттануу менен белгилөөгө тийишпиз, К. Мифтаковдун кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жыйноодогу чоң салымы мына ушул Нарын экспедициясы чогулткан материалдар менен толук көзгө көрүнөт. «40тан ашык эл адаби-

www.bizdin.kg

ятынын түрлөрү табылды» (инв. № 159, 37-бет), — дейт К. Мифтаков.

Кыргыздар өндүү жазуу-сызуусу болбогон элдерде маданий байлыктардын бирин түзгөн оозеки чыгармачылык кеңири өсүп-өнүккөн. Элдин оозеки чыгармачылыгында адамдардын эмгекке болгон мамилеси да байыркы мезгилден кенири ырдалып келген. Кандай гана чыгармачылык өнөрү болбосун ал көбүнчө эмгек процессине байланыштуу жаралып, өсүп-өнүккөн.

Кыргыздардын эмгектин жүрүшүн, анын натыйжалуу бүтүшүн даңктаган ырлары «Бекбекей», «Шырылдаң», «Оп майда» өндүү чыгармалар. Ырлардын чыгыш мезгилин дал келтирип айтыш өтө кыйын. Дүңүнөн алар байыркы кыргыздардын тирчилиги мал чарбачылыгы менен өтүп, көчмөн турмушта жашаган белгисиз мезгилдерде жаралган. Каюм Мифтаков Нарын сапарында Тоголок Молдо менен Койлу Түкөлөй уулунан «Бекбекей» менен «Шырылдаң» ырларынын бир нече түрлөрүн жазып алган. Дыйканчылыкка байланыштуу «Эгин оруу», «Эгин бастыруу» өндүү ырларды Бердибай Байжан уулу айтып берген. Аталган ырларда адамдардын мал чарбачылыгы менен дыйканчылыкта эмгектенүүсү, анын жемиштүү бүтүшү жөнүндөгү ойтилеги чагылдырылган. Төрт түлүк малдан жылкы багуу же жылкычы болуу адамдан көп күчтү, чыдамдуулукту, эркти талап кылган. Бекеринен кыргыздар «Жылкы берен, жылкы баккан — эрен» деген макал чыгарбаган.

Оозеки чыгармачылыктын элге кеңири таралган, өсүп-өнүккөн түрү жөө жомоктор. Эл арасында жомокторду көп билген, аларды элге айтып берген таланттуу адамдар кеңири кезиккен. Мифтаков чогултkан материалдарга караганда Койлу Түкөлөй уулу жөө жомокторду мыкты билгендиги байкалат. Ал Мифтаковго «Чүкө ойногон бала», «Күлбөс», «Мактанчаак обозгер», «Катын албас бала», «Балбандар», «Табышмак жомок» өндүү көптөгөн жөө жомокторду айтып берген. Ошол эле мезгилде Мифтаков тарабынан Ыбырай Сыдык уулунан «Жети таз менен жеке таз», «Беш балбан», Молдобасан Мусулманкулов уулунан «Бир кызга үч ашык», «Табышмак жомок», «Торгой» сыяктуу жөө жомоктор жазылып алынган.

Эмнегедир эл ырларынын башка түрлөрүнө салыштырганда диний ырым- жырымдар, каадалар көп жыйналган.

www.bizdin.kg

«Күндү жайлоо», «Кара курт чакканда», «Ала унду» сыяктуу ырым-жырымдарды Турдубай уулу Калмырза менен Үркүнчү уулу Бекболоттон жазган. Байыркы кыргыздар, ал кайрымдуулугун көрсөтөт деп ишенишкен. Адамдын сөзүндө да таасир берүүчү күч болот деген ойдо да болушкан. Түркүн себептер менен адамдар кырсыкка учурашса, айталы жылан же кара курт чакса, түтөксө, суукка урунса, ооруса ар түрдүү ырым-жырымдар жасап, андан айыктыруунун камын көрүшүп, дарым деген ырым-жырымды да жасашкан. Дарым жөнөкөй сүйлөгөн сөз менен жасалбай, түркүн кыймыл-аракеттин коштоосу менен ыр түрүндөгү текстти айтып ырымдашкан.

Кандай гана ырым-жырымды, кааданы албагын, алгачкы мезгилде жөнөкөй сөз менен айтылган. Бара-бара адамдар сөздө да касиеттүү күч бар экенин, ал көркөм, таасын айтылганда жеткиликтүү, таасир берерин түшүнгөндө гана ырым-жырымдарды ыр түрүндө айтуу жарала баштаган. Алгачкы адамдар эмгектенгенде, дарым ырымын өткөргөндө жана тоо-таш, жер-суу жаратылыштын көрүнүшү менен кубулуштарына сыйынганда сөз менен бирге түркүн кыймыл-аракетти, ымдоо-жымдоолорду да атайы жасашкан. Каюмдун Нарындан жазып алган кара курт чакканда айтылган дарымдын бири төмөнкүдөй:

Бижи, бижи-бижимин,
Мен бижинин кенимин.
Алабата гүлүмүн,
Ажыдардын уусумун.
Боору чаар кара курт,
Боорунду жара тебемин.
Түркстанда түмөн курт,
Туруп барып айдаймын.
Жаркендеги жети курт,
Жетип барып айдаймын,
Курттун жолун байлаймын.

Мусулманкулов Молдобасандан «Келеңкер» (жылан чакканда айтылчу ырым-жырым) да кагазга түшкөн.

Диний ырым-жырымдарды, ишенимдерди Айдарбек уулу Алтай өтө көп жаздырган. Алар: «Ак үй бай», «Доом бар», «Азирейил», «Дүйнө», «Мукаммет», «Жарамазан», «Орозо», «Чатыр-Мутур», «Бата» өндүү ырым-жырымдар.

www.bizdin.kg

Аталган ырым-жырымдардын аттары эле кыргыздар качан мусулманчылыкты кабыл алгандан кийин гана акырындык менен өсүп-өзгөргөнүн көрсөтөт. Мурун жаратылыштын көрүнүшүнө тоо-ташка, жер-сууга сыйынып, алардан колдоо күтүп, ар түрдүү ырым-жырымдарды жасап келишсе, мусулманчылыкты кабыл алгандан кийин ишенимдери да өзгөрүп ошого жараша каада жасашканын айгинелейт. Мусулман динин, ишенимин чагылткан ырым-жырымдар, каадалар, да элде кеңири таралган. Ислам динининин жосундары, шарият менен куран да элге түшүнүксүз араб тилинде тараган. Куран молдолордун жаттап алуусу менен, айрым жөндөмдүү адамдар исламдын ырым-жырымдарын ыр түрүндө айтып, элге жеткирүүнү көздөшкөн. Окуп жаза билген акын-ырчылар кадимки молдолор менен тирешип, ислам динининин айрым ырым-жырымдарын ыр түрүндө айтышкан. Орозо кармаганда айтылган.

Каюм Мифтаковдун Койлу Түкөлөй уулунан жазып алган жарамазандан мисал:

Аркамдагы үч жылдыз
Батайын деп баратат.
Жанымдагы жаш балдар
Жатайын деп баратат.
Ушул үйдүн үзүгү
Үзүлүңкү көрүнөт.
Ушул үйдө жеңечем,
Сүзүлүңкү көрүнөт.
Сакы-туку такылдатпа жеңече,
Мындай балаң жок беле?
Какылдатпа жеңече.
Сакы-туку такылдатпа жеңече!
Мындай балаң жок беле?
Какылдатпа жеңече.

Жарамазанды жеке да, бир нече киши болуп да айтышкан. Кээде жөндөмдүү адамдар мурда айтылып жүргөн жарамазанды өзгөртүп, айтыш түрүнө сала коюп да ырдашкан. Жарамазандын батасы деген өзүнчө бөлүкчөсү да болгон. Адамдардын берген буюмуна, оокатына, малына жараша жарамазандын батасы жаралган. Батага эмне берсе, ошонун мазмунуна жараша кээде ашыра макталып, өтө

www.bizdin.kg

жупуну, же эч нерсе бербесе, кемсинтсе, быкыйын чукуп кордолуп ырдалган. Айдарбек уулу Алтай өз мезгилинде жарамазанчы болгон. Ал жарамазанды кантип ким айткандыгын да ыр менен берген. Жарамазанды колунда бар, бир нерсе берет деген үйгө айтарын, «үйүнө киши келгенде эки конок тойбогон какмак жерге айтпаймын» деп келип:

Оо, Кулмамбет, карагым,
Алып чыкты энеңиз
Эки карыш матасын.
Алтай акын ушуга
Кантип берсин батасын.
Айттым жигиттер,
Кубатбек байдын баласын.
Алып чыккан шекилдүү
Дамбалынын алаасын.
Кубатбекке ыр айттым,
Кубанбай мындан тим кайттым,—

Деп кордоп да ырдаган. Жашоодон кыйналганда кембагал акын-ырчылар жарамазан айтып, өздөрүнө керектүү оокат таап алышкан. Алтай Айдарбек уулунан мындан башка кошоктордун, чечен сөздөрдүн, уламыштардын, санат-насият, ашыктык ырларынын айрым түрлөрүн «Асан кайгынын сынчылдыгы», «Азиз Жаныбек кан» сыяктуу жомоктор, «Күлкүлөр», «Замана», «Беш Көкүл» өндүү ырлар жазылып алынган.

К. Мифтаков Нарын экспедициясында санат-насият, терме ырларды да аябай көп жыйнаган. Сагымбайдан аялдарды сыпаттаган «Жакшы катын, жаман катын» деген санат ырын, Шакебай уулу Сабатардан «Аялдар жөнүндө», Шераалы уулу Бектургандан «Дүнүйө», Маана уулу Курманалыдан «Санат ыры» өндүү ырларды жазып алган. Чаки Каптагай уулу Солтобай акындан санаттарын да жазып алган.

Ошондой эле кошоктун да бир нече түрү жазылган. Ага Түкөлөй уулу Койлудан «Карагул», «Калмерген», Шакебай уулу Сабатардан «Базаркулдун аялынын кошогу», Дөөлөтбай уулу Дүйшөдөн бир нече кошоктор, Үмөтаалы уулу Карабектен «Сарыгул»жана «Арстанбектин кошогу» өндүү толуп жаткан кошоктор жазылган.

www.bizdin.kg

Оозеки чыгармачылыктын уламыш-легенда, тамсил, калп өндүү жанры менен түрлөрүн да Мифтаков жазып алууга үлгүргөн. Сагымбайдан башка Дөөтөй уулу Осмонаалыдан «Абышка менен түлкүнүн аңчылыгы», «Түлкү менен бөдөнө», «Түлкү менен карышкыр», «Бүркүттүн тою» өндүү тасмилдер жыйналган. Бает уулу Мусадан «Тебетей бешмант», «Жылкы тебетей», «Кашка чымын», Жаапай уулу Маңгылдан «Балык», «Элек» деген калптар да жазылган. Бает уулунун жазылган калптарга бир аз көңүл бура кетелик. Адатта калпты айтыш же аны чыгарыш бардык адамдардын, колунан келе бербейт. Калпты айта же чыгара билүү өзгөчө таланттуу адамдын чыгармачылык өнөрүнөн гана жаралган. Көрсө, Муса мына ошондой өзгөчө таланттуу адам болгон өндөнөт. 20-жылдарда анын жаш кези болуп, жаштардын арасында, көңүл ачкан жайларында талантуу обончу жана мукам үндүү ырчы катары өз чөйрөсүндө өтө белгилүү боло баштаган. Сөз өнөрүн, калпты өздөштүрүп, аны чыгармачылык менен машына келтирип, жатка айта билиши анын талантынын өзгөчөлүгүн айкындайт. Оозеки чыгармачылыктын бир түрү – калпты айта берүүдө сөздү таап сүйлөгөн сөзмөр гана эмес, фантазиясы күчтүү адам болууга тийиш. Мусанын сөзгө болгон ошондой жөндөмү анда жазылып алынган «Чегиртке менен көпөлөк» калпынан ачык-айкын көрүнүп турат.

Көпөлөктүн сүтү менен
бет жуугамын,
Ай арапа күн болгондо
чегирткенин тору айгырын
минип алып
кыз куугамын.
Чылым тарттым
көпөлөктүн куу башынан,
Чыкта түйдүм
боз торгойдун чуудасынан.
Айыл кечпеген дайрадан кечип чыктым.
чегирткенин тору айгырын
минип алып туурасынан. (*инв. № 41, 64-бет*).

Мифтаков ашыктык, арман, тарыхый ырларды, чечен сөздөр, макал, лакаптар өндүү адабий жанр менен түрлөрүн

www.bizdin.kg

да жыйган. Муратбек уулу Базаркулдан «Токтогулдун ашыктык, күйгөнү», Айдарбек уулу Алтайдан «Беш көкүл», Дөөлөтбай уулу Дүйшөдөн «Ашыктык ыры», Шакебай уулу Сабатардан «Күйгөн» өндүү ашыктык ырларын, Байжан уулу Тердикбайжан «Үчүкө-Түлкү» сыяктуу тарыхый чыгармаларды да жазып алган.

Жалпысынан Нарын экспедициясында жыйналган материалдарды байкап көрсөк айтып берүүчүлөр негизинен таланттуу акын-ырчылар болушкан. Кийин элге жазмачы-акын, ырчы жана манасчы катары таанылган Тоголок Молдо менен Молдобасан Мусулманкул уулу оозеки чыгармачылыктын бир нече түрү менен жанрын айтып беришкен. «Үлпүкан» деген ашыктык, «Качкан кыз» жана санат ырлары Тоголок Молдодон, «Салтанаттын кошогу» Молдобасандан жазылган. Дагы бир мүнөздүү учур аталган жазмачы-акын менен ырчы-жомокчудан айрым эпостордун варианттарын, үзүндүлөрүн да Мифтаков биринчилерден болуп кагаз бетине түшүргөн. Тоголок Молдо эпостун «Семетей» бөлүгүнөн Семетейдин Айчүрөккө барганын, Молдобасан Мусулманкул уулу «Жаныш-Байыш», «Эр Курманбек» жомокторун айтышкан. Семетейдин окуясы 1838, «Жаныш-Байыш» – 3500, «Эр Курманбек» – 2633 ыр сабынан турат. Нарын сапарында К. Мифтаков 1200дөн ашык макал, лакаптарды жыйнаган.

Мифтаков Нарын экспедициясында оозеки чыгармачылыктын кайсы гана жанры менен түрү болбосун, бардыгын жазып жана өзүнүн карамагындагыларга жаздырып алууга аракеттенген. Комузга коштолуп чертилген «Комуз күүсү» деген бир нече күү кайрыктарынын ыр түрүндөгү тексттерин да оозеки чыгармачылыктын башка түрлөрү жана жанрлары менен бирдикте жыйнагандыгын өзүнчө белгилөөгө болот. К. Мифтаков Мамбетаалы Усупбай уулунун «Насият күү», Саадбай Бабакан уулунан «Керме каш», Койлу Түкөлөй уулунан «Бекбекей», «Болду кыз», «Жалгызым», «Шырдакбек», «Күлнар», «Бекарстан», Ыбырай Салык уулунан «Күлгаакы», «Самаркан», «Болпуке», Эсенкул Мусатай уулунан «Селкинчек», «Шырдакбек, Молдобасандын «Салтанат», «Күңөтай» өндүү күү-кайрыктардын ыр түрүндөгү тексттерин да жазып калтырган.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жыйноо максатында уюшулган биринчи экспедициянын кандай иште-

www.bizdin.kg

гендиги жөнүндө ой жүргүзүүдө дале анын жетекчиси Мифтаковдун эскерүүлөрүнө, түшүндүрмө каттарына кайрылмайынча, экспедициянын оң-терс жактарын өздөштүрүүгө мүмкүн эмес. «Нарын» экспедициянын иштөө мөөнөтү алты айга созулган. Ошончолук узак мезгилдин ичинде материалдар кантип, кандай чоңултулганын 1946-жылы өзүнө берилген «Кайсы сапарыңыз ийгиликтүү болду?» деген суроого түшүндүрмө катында төмөнкүдөй жооп жазган. Жазган жооптору 7 пункт менен түшүндүрүлгөн. Эң башкысы адабият (оозеки чыгармачылыкты) жыйноо жол-жоболорун мурунтан даярдап, алардын бекем сакталгандыгына жана жыйноочулар Сапарбай Сооронбай уулу менен Ыбырайым Адырахман уулу, айтуучу Сагымбай Орозбак уулу көңүлдөнүп, берилип иштешкенин айткан.

К. Мифтаков түшүндүрмө катында 20-жылдардагы кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жыйноодогу биринчи экспедициянын ийгиликтери нарындык партиялык-советтик уюмдардын жардамы менен жүзөгө ашкандыгын белгилеген.

Ушул сапарындагы кемчиликтер Мифтаков өзү түзгөн оозеки чыгармачылыкты «Жыйноо жолдорунун» талаптары кандай сакталганынан байланыштырып караганда гана билинет. Айталы чыгарманы айтып берген адамдын аты, атасынын аты, туулган жылы, кыскача өмүр баяны, ошол материалды өзү чыгарганбы же башка бирөөдөн үйрөнгөнбү өңдүү талаптарды Мифтаков өзү жыйнаган материалдарында ырааттуу түрдө сактабаган. Болгону аты, атасынын аты, кээ бирлеринин туулган жылы гана көрсөтүлгөн. Ал эми айтуучунун кыскача өмүр баяны, чыгарманы өзү түзгөнбү же башкалардан үйрөнгөнбү, белгисиз бойдон кала берген. Жалгыз Сагымбайдын кыскача өмүр баянын гана жазып калтырган. Жыйган чыгармалардын кайсынысын албагын, бардыгы дээрлик жергиликтүү элде акын-ырчы аталгандардан гана жазылып алынган. Карапайым адамдардан оозеки чыгармаларды жазып алуу анчалык маани бербегендей элес калтырат. Кайсы жерден жазылганы көрсөтүлбөгөн учурлары да кезигет. Айтуучунун кайсы уруудан экени да көрсөтүлбөгөн. «Эсенгул» же «Ат башы болушу» деп гана берилген аталыштар жолугат. Ошондой эле аялдардан жазылып алынган чыгарма-

www.bizdin.kg

лар жокко эсе. Байыркы мезгилден кошокту айткан да, түзгөн да аялдар болушкан. Сүйгөнүнө жетпей кордолгон кыз-келиндер ашыктык ырлардын арман же күйгөн түрүн да жаратышкан. Ырлардын ушундай түрү көбүнчө аялдардан жазылмак. К. Мифтаков бар болгону Умсунай деген аялдын «Жеңесинин кыз менен коштошкону» аттуу көрүшүүнү гана жазып алган.

Себеби жыйырманчы жылдары кыргыз аялдары коомдук ишке али жапырт тартыла элек учур: эркектер менен чечилип сүйлөшүүгө, билгенин аларга айтып берүүгө анчалык батына да алышпаган. Аталган кемчиликтер жиберилсе да «Нарын» экспедициянын чогулткан фольклордук материалдары Мифтаковду толук канааттандырып, келечекте аларды системага келтирүү жагын ойлонууга алып келген.

1922-жылдын октябрь айынын аягында К. Мифтаков Ыбырайымга Сагымбайдан «Манасты» жазышты тапшырып коюп, экспедициянын ишин бүтүрөт. Сооронбай уулу Тоңго, Мифтаков Алматыга жөнөйт. Бул жөнүндө жыйноочу «Сооронбай уулуна аз баалу майда адабияттарды берип, өзүм негизги дептерлерди алып, Алматыга жөнөп кеттим (инв. № 155, 4-бет)»,— деп эскерет. Күтпөгөн жерден Боомдун ичинен Мифтаковду белгисиз адамдар каректап, кийимдери менен бирге салынган куржундагы фольклордук материалдарды жана Калыгул, Арстанбек, Кылыч өңдүү классик акындардын чыгармалары жазылган дептерлерди алып кетишет.

Бул окуядан кийин К. Мифтаков Тоңдун Төрт-Күл айлына катышпай калат. Аны Мифтаков Э. Арабаевдин чатагы менен ошондой болгон деп түшүндүрүүгө аракеттенет. Чатак эмнеден болгон, кийин ага атайын кайрылабыз. «Төрт-Күлдө» иштеп жүргөн кезде чогулткан материалдар (өйдөдө аталган дептерлер), Арабаевдин кайындары аркылуу кийин анын колуна түшөт. Бардыгы 4500 бет чамалуу болуп, 2500 беттен ашыгы кыргыз эл адабияттары эле деп эскерген Мифтаков. Ошол материалдардын ичинде 400 беттен ашык татарча жазган ырларым, декломацияларым жана татар-башкырт-казак эл адабияттары да жоголду. Дептердин аты «Гүлбакча» эле. Муну Смат Кемпиров колго түшүрүп, 1925-жылы мага берем (К. Мифтаковго – А. Т.)

www.bizdin.kg

деп Ташкенге алып барса да, анын колунан Арабаев уурдатып алат» (инв. №155, 43- 44-беттер) деп эстейт Мифтаков.

Алматыга барары менен Мифтаковдун чогулткан материалдарын Арабаев, Сарымолдоев, Кудайкулов өндүү казак-кыргыз кызматкерлери тартып алышат. К. Мифтаков Жети-Суу обкомунун секретарына арызданып, анын кийлигишүүсү менен кыргыздардан чогулткан материалдарды арандан зорго көчүрүп алат. Бардыгын болжолдуу жанр менен түргө ылайыктап «Кыргыз Бакчасы» деген ат менен 8 томго бөлүп көчүрөт. К. Мифтаков жыйган материалдарын көчүрүп алуу менен аларды системалаштырып топтоого киришет. Жыйналган оозеки чыгармаларды китеп кылып басып чыгарууну мекеме же тиешелүү адамдар менен сүйлөшүүнү көздөгөн. Алматыдан болбосо, Ташкенге чейин барып маселе коюуну да самаган. Мифтаковдун жазганына караганда жыйнаган фольклордук чыгармаларды басып чыгаруу кенешин ленинграддык чыгышты изилдөөчүлөр кат аркылуу берген кебетеленет. Бирок көздөгөн максаты орундалбай, Мифтаков ара жолдо ишсиз калат. Акыры Каюм жыйнаган фольклордук материалдарын системага келтирип, алардын негизинде макала жазууну ойлонот. «Кыргыз эл адабиятынын түрлөрү» деген кол жазма макаласында кыргыз элинин оозеки чыгармаларын 37 түргө бөлүп, ар бирине мисалдар келтирет. Макаласы жөнүндө ошол кездеги «Жети-Сууну үйрөнүү коомунда» билдирүү жасап, талкууланган. Бул талкуу «Джети-Суйская правда» газетасына жарыяланган. Аталган «Кыргыз бакчасынын» 8-томуна ыкка келтирилиши жөнүндө 1928-жылы казактын «Тилчи» газетасына макала жазат. Макаласында кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын системага салып, үч томго бөлүштүрүү жөнүндө кабарлайт.

Көрүнүктүү орус фольклористи профессор В. Я. Пропп «Фольклордук жанрларды классификациялоонун принциптери» деген макаласында оозеки чыгармачылыкты ыр жана кара сөз түрүнө бөлүштүн өзү алардын жанрдык критерийи болсо аларын белгилеген[1]. ошондуктан Мифтаковдун классификациялоосу илимий принципте түзүлбөсө да, жанр менен түрдүн белгилери так ажыратылбаса да, алгачкы аракет катары бааланат. Айрым адабий жанр менен түр бөлүнүшү туура болбогону менен элде кандай айтылса, Мифтаковдо да, К. Рахматуллиндин, М. Богдано-

www.bizdin.kg

ванын, Т. Саманчиндин, Т. Байжиев менен З. Бектеновдун классификацияларында да ошо бойдон сакталып кала берген. Ага жомок, тамсил, макал, күү ырлары, санжыра, кошок, дарым, бата, жарамазан, секетпай, айтыш, калп, табышмак, жаңылмач, бешик ыры өндүү адабий терминдер, жанрдык-тематикалык аталыштар гана кирет. К. Мифтаковдун кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын классификациялоодогу алгачкы аракети мына ушундай жактары менен баалуу.

АДАБИЯТТАР

[1] Советская этнография. 1964. — № 4, 148-б.

www.bizdin.kg

АБДЫРАХМАНОВ ЫБЫРАЙ

(1888—1967)

Табиятында сөз өнөрүнө шыктуу Ы. Абдырахманов кыргыз элинин оозеки жашап келген рухий маданиятын, ички жан дүйнөсүн жат билген. Ушундан улам анын кыргыз маданиятындагы ишмердүүлүгү ар тараптуу, көп кырдуу, энциклопедиялык мүнөзгө ээ. Ал кыргыз фольклору боюнча атайлап изилдөө жүргүзүп, монографиялык мүнөздөгү эмгектерди жазбаганы менен «Манас» эпосунун айрым маселелери боюнча өз ой-пикирин айтып, жеке көз карашын билдирүүгө аракеттенип, эпостун айрым варианттары боюнча үзүндүлөрдү басмага даярдап, бир нече китепчелерди чыгарды. «Манас», «Семетей» жана «Сейтек» эпосунун варианттарынын прозалык текстин даярдады, түшүндүрмө сөздүктөрдү түздү.

1941-жылы «Советтик адабият жана искусство» журналынын 3-санына «Манастын кайсы кылымдарда болгону тууралу» деген макаласын жарыялайт. Бул кыргыз фольклористикасында «Манас» эпосун изилдөө боюнча жазылган алгачкы макалалардан.

1940-жылдары жана 1950-жылдардын башталышында жазган макала түрүндөгү бир нече кол жазмалары азыр сакталып турат[1]. Бул эмгектеринде кыргыз фольклористикасында биринчилерден болуп «Манас» эпосунун генезиси, эпостун элдик негизи, эпикалык душмандар сыяктуу бир топ олуттуу маселелерди козгойт.

Анын пикирине караганда, буга чейин жашап өткөн манасчылардын бардыгы Манас кайсы кылымда болгондугун так айта алышпаптыр. Улуу жомокчу Сагымбай Орозбаков гана тактап жооп берип:

www.bizdin.kg

Айта берсе бул сөздү,
Дайын болор ар ата.
Бир миң кырк жыл болуптур,
Андан бери карата...[2]

деген экен. Демек, ырга караганда Сагымбай эпостун 880-жылдарга туура келерин айтыптыр.

Ал эми манасчылар Жаңыбай Кожеков менен Саякбай Каралаев Манас Аксак Темирден кийин чыккан дегенине Ы. Абдырахманов каршы чыгып, XIV кылымдан бери карай кыргыз элинен Манас сыяктуу даңктуу баатыр чыкпагандыгын белгилейт.

Биздин байкообузда, манасчылар Манастын тарыхта болгондугуна өздөрү бекем ишенип, угуучуларды да ага ынандырууга аракеттенген менен, алардын көпчүлүгү (Сагымбайдан башкасы.—К. И.) Манастын кайсы мезгилде жашап өткөндүгүн айтып, тактап берүүнү максат кылышпайт. Алсак, С. Каралаевдин вариантында бул туурасында карама-каршы ой айтылат:

Тал-Чокуну ким ашкан,
Үрүстом Дастан эр ашкан.
Азирет-Аалы шер ашкак,
Амир-Темир хан ашкан.

Экинчи бир жерде:

Топон суу тоздоп кирбеген,
Сулайман сурак албаган.
Үрүстөм Дастан, Искендер
Ошолор изин салбаган.
Толкуп жаткан Бээжинге
Азирет-Аалы барбаган, —

дейт. Бул эпикалык чыгармаларга мүнөздүү айтуучунун жеке чыгармачылыгына байланышкан нерсе. Ошондуктан эпостун жаралуу доорун аныктоо үчүн текстте айтылгандарды айныгыс аргумент факт катары кабылдоо калпыс жыйынтыктарга алып келиши мүмкүн.

Ы. Абдырахманов Манаска таандык белгилердин ушу күндө да көп экенин айтуу менен Манастын тарыхта чыныгы болгондугун ырастагысы келет. Андай белгилер катары Ак Куланын таш акырын, таш мамыны, ордо аткан жерлерди, ашта казылган кемегенин ордун атап, Манас

www.bizdin.kg

менен кырк чоронун наамында айрым шаарлар (Кутубий, Бабакары, Санжы, Бай ж. б.), Кулжа шаарынын чыгыш тарабында Манас атындагы суу бар экенин айтат. Ушул оюн бекемдөө үчүн Кошой жөнүндө эл ичинде айтылган улама сөздөргө, маалыматтарга токтолот. Кошойдун Ат-Башыда тургандыгы, Кошой-Коргон, Кошойдун Кара-Тоосу, Ала тоодогу ордо атылган жер, кыргыз менен Алты шаа уйгурунун ортосундагы үзүлгөн мамилени Кошойду жөнгө салгандыгы жөнүндөгү эл оозунда кеңири айтылган уламалар, «Эр Кошойдун жолун берсин» деген элдик бата Манастын тарыхта болгондугун төгүндөбөйт деген ойдо. Эпос боюнча, Манас колу менен келип Кошойго кошулат да уйгурларды жеңет. Сагымбайдын «Манасында» бул уруш сегиз жылга созулган, ал эми уйгурлар менен кыргыздардын согушу IX кылымда болгондугу тарыхта белгилүү.

«Манас» эпосун калмактар да айтышкан. Калмак тилинде Жандаке, Акылбек деген манасчылар айтуу чу эле деп калмак тилиндеги эпостон бир аз үзүндү келтирет.

«Манас» жомогун XIX кылымда жашаган Балык Келдибек, Эки Назар, Нооруз, Нармантай (Чоңбаш, Тыныбектин окутуучусу), Акылбек, Тыныбек, Сагымбай Дыйканбай, Чоюке жана башкалар айтып келишкен. Балким Манастын аты башкадыр, эпостогу окуялардын кайсы бирлери болбогон чыгар. Бул жөнүндө манасчылар өздөрү да «Жарымы төгүн жарымы чын жанында турган киши жок», — деп башташат. Бирок Манастын тарыхта болгону ырас деп белгилейт Ы. Абдырахманов. Буга эпостун байыртан бери айтылып келатканын күбөлүккө тартат.

Жылкы тийүү кыргыз, калмак өңдүү көчмөн турмушта жашаган элге мүнөздүү, Алмамбеттин жомогунда Чоң Бээжинде Кары хан, Чет Бээжинде Эсен хан деген маалымат бар, Саякбайдын вариантында Манас Чет Бээжинди алып, Чоң Бээжинге жетпей калат, Көкөтөйдүн ашы Каркырада өткөнү анык, анткени, кемегелердин нугу азыр да турат, ал мезгилде Каркыра кыргыз менен калмактын чек арасы болгон экен дейт Коңурбайдын калмак экендигин эпостогу «калдайдын уулу Коңурбай» деген сөз менен түшүндүрөт. «Калдай» калмак сөзү экен.

Балким Коңурбай эл четинде, жоо бетинде жүргөн душман баатыры болгондур. Кыргыздар калмакты чаап киргенде, Коңурбай баштаган душман колу жардамга келип,

www.bizdin.kg

Манас чет жакадагы шаарларын чапкандыр. Ошондон улам Бээжинди алды деп айтылып калгандыр деп божомолдойт.

Ы. Абдырахманов улуу манасчы Сагымбай Орозбаковдун айтканына таянып «Манас» эпосу XIV кылымдан мурда, тактап айтканда, IX кылымдагы кыргыз тарыхын чагылдырган болуу керек деген пикирди айтат. Манас Чет Бээжинди алган, Чет Бээжин катары Алтай, Монголия, Жунгария, Алты шаар, Комул (Хамий) жерлери айтылган болуу керек дейт.

Кыргыз эли кылымдар бою Манасты эстеринен чыгарбай ооздон оозго өткөрүп айтып келген. Аны айрыкча сүйгөндүктөн Баатыр Манас, Эр Манас, Султан Манас, Төрө Манас, Зардал Манас, Арстан Манас, Кабылан Манас, Айкөл Манас, Теңиз Манас, Көкжал Манас, Берен Манас, Кыраан Манас, Туйгун Манас, Буудан Манас, Адил Манас, Жоомарт Манас деген аттарды беришкен, ал гана эмес Асман, Жер, Ай менен Күнгө теңештирген. Эл пайгамбарлардан да Манастын атын жогору коюп, балдарына Манастын ысмын коюудан айбыгышкан. Таластагы күмбөзгө сыйынышкан. Манастын атына кылапат сөз айтылбаган, узак жолго чыккандар Манасты оозго алып, арбагына сыйынышкан. Малга ылаң киргенде, оору-ыркоолорго, төрөбөгөн, же жаңы төрөгөн аялдарга да «Манас» айттыруу менен дарылап-айыктырмак болушкан. Өлгөнгө келген көпчүлүк элге да «Манас» айттырып күтүшкөн, коноктошкон. Мунун баары Манастын элдик баатыр экендигин далилдейт деп көрсөтөт. Манас, Кошой, Бакай, Алмамбет сыяктуу баатырлар эл тарабында, эл тагдырын чечкен акылман адамдар. Ар жерден, ар элден келген чоролор Манаска канат-бутак болушат. Кордук көрүп, эзилген элдин таламын талашып качып чыккан Алмамбетти эл Манастан кем көрбөйт, Манас менен бирдей баалайт. Аялзатынан чыккан акылман Каныкей да эл сүймөнчүлүгүнө ээ.

Манас өлгөндө эл менен бирге жан-жаныбар, жаратылыш кайгыга түшөт. Бакай, Каныкей, Ак шумкар, Кумайык кайып болуп, дүйнө кезип кетишет. Элдин Манасты жана анын жакындарын канчалык урматтап, өлүмгө ыраа көрбөгөндүгүн ушундан улам да байкоого болот.

Манасты айтып келген жомокчулар эл кадырлоосуна, сүймөнчүлүгүнө ээ болушкан.

www.bizdin.kg

«Манас» эпосу — элдин мамилесин, элдик көз карашты баяндаган, эл сүйгөн, элдик чыгарма. Анткени, Манас сырттан басып алуучуларга каршы күрөшкөн, өз ата-баба конушун душмандардан бошоткон. Ал чачылган элди жыйып баш коштуруп, эл биримдигин сактаган баатыр.

Чоң Казаттын чыгышына, Ы. Абдырахмановдун пикирине караганда, үч түрлүү себеп болгон экен: биринчиден, Манас Алтайдан өз жерине келип Алоокени сүргөндөн кийин Чыгыш тарапты кайрадан калмактар басып алышы; экинчиден, Көкөтөйдүн ашындагы чатак; үчүнчүдөн, Манаска каршы уюштурган хандардын чатагы.

Эпосто диний элементтердин орун алышына байланыштуу өз оюн ортого салып, Ы. Абдырахманов диний түшүнүктөр менен диндик көз караштар чыгармага кийинчерээк киргенин белгилеп мына буларды көрсөтөт: Манас кожомолдолорду уруп кордук көрсөтөт. Каныкей кырк чорону кийим-кече менен жабдыганда Манас ыраазы болуп, Каныкейге жаман сөз айтып урбаска, үстүнө аял албаска ант берет. Эпосто динге караганда байыртан келаткан заң-закондор күчтүү болгон, кудай, курандан мурда ант, арбактан коркушкан. Ислам дини, ага байланыштуу ырым-жырымдар Кокон хандыгынын мезгилинде өзгөчө көбүрөөк кире баштаган.

«Манас» эпосу элдин сүйүктүү жомогу катары байыртан бери айтылып, анда бүтүндөй кыргыз тарыхы, алардын адат-салты чагылдырылган.

Ы. Абдырахманов эпостун жаралуу мезгили, алгачкы айтуучулары жөнүндө да учкай сөз козгойт. Анын пикири боюнча өз убагында, Манастын барында эле бул жомоктун айрым үзүндүлөрү айтылса керек. Манастын чоролорунун бири Ырамандын ырчы уулу болгондугу эпосто белгилүү. Ал Манастын окуяларын, иштеген иштери менен эрдигин ырдап келген. Мүмкүн андан башка да ырчылар болгондур. Сагымбайдын айтканына караганда чачкын болуп айтылып келаткан «Манас» жомогун мындан 500 жыл илгери Жаныбек хандын тушунда жашаган Токтогул ырчы иретке салып, жыйнаштырып айткан экен.

Булардын баары ошол жылдары «Манас» эпосу боюнча талаш-тартыш туудурган негизги маселелерге арналып жазылгандыгын байкоо кыйын эмес. Ал мына ушул макалалары менен 1952-жылы июнь айында «Манас» эпосун

www.bizdin.kg

изилдөөгө арналган илимий конференцияда чыгып сүйлөгөн сөзүндө «Манастын» элдик эпос экендигин жактап, диндик көз караштар эпоско сырткы таасир аркылуу киргендигин далилдөөгө аракеттенет. Албетте, «Манастагы» диний көз караштарды байыртан келаткан эпостун өнүгүү жолу, анын чыгарма катары калыптануу табияты менен бирдикте кароо керек. Ал манасчылардын жеке чыгармачылыгы, алардын дүйнөгө болгон көз карашы, ишенимдери менен шартталышкан.

Ы. Абдырахманов «Манас» эпосуна тиешелүү кайсы бир маселелер боюнча сөз кылганда баарыдан мурда манасчылардын айткандарына, эл оозунда айтылган уламаларга, эпостун текстине таянган. Фольклористика илиминин жетишкендиктерин кеңири пайдаланып, өз көз караштарын терең илимий теориялык деңгээлде бекемдей алган эмес. Кыргыз фольклористикасына, «Манас» таануу илиминин өнүгүшүнө аздыр-көптүр салым кошуп, көңүл бурууга арзый турган ой-пикирлерди сунуш кылып, эпос жөнүндөгү элдик түшүнүктөрдү жыйынтыктоого аракеттенет. Анын айткандары бүгүнкү күндө да изилдөө үчүн баалуу материал катары өз күчүн жогото элек.

Ошол эле 1952-жылы 3-февралда, б. а., илимий конференция болор алдында «Сагымбай тууралуу маалымат» (инв. 903/1406) деген илимий макала мүнөзүндө эмгекти жазып, манасчынын өмүр жолу менен чыгармачылыгына байланыштуу айрым маалыматтарды берет. Макалада автор Сагымбай эл сүйгөн, элдин ырчысы болгондугун, тескери жерлери болсо Сагымбай айыптуу эмес экендигин белгилейт. Образ, сүрөттөөлөрдү эч бир манасчы Сагымбайдай көркөм, таасын бере албагандыгын, диний түшүнүктөр бардык эле манасчыларда жолугарын айтат.

Сагымбай жөнүндөгү дагы бир чакан эскерүүсүндө (жазылган жылы белгисиз. — К. И.) манасчынын чыгармачылыгына олуттуу баа берип, анын вариантына мүнөздүү болгон айрым бир өзгөчөлүктөрдү ачып көрсөтөт (инв. 646а/1085а, 90—91). Ы. Абдырахмановдун пикирине караганда Сагымбайдын «Манасы» эң бир уккулуктуу, эч кайталоосуз, көркөмдүгү абдан жогору болгон. Ал чоң манасчылардан Балык, Тыныбек, Найманбайлар менен бирге болуп, өзүнөн мурунку манасчылардын айтып келгендерин эч кемчиликсиз толук берген. Сагымбай эпикалык

www.bizdin.kg

баатырларды, алардын кийим-кече, жарак-жабдыктарын көркөм сүрөттөгөн. Орто Азия менен Түркстандагы жерсуу, шаарлардын аттарын атап көрсөтүү жагынан эч бир манасчыны алдына салган эмес.

Сагымбайдын «Манасында» адамдардын аттары эң көп, ал кырк чоронун аттарын санап 84кө жеткирип толук айтат. Кырк уруу кыргызды бүтүн санап, калмак, кытай урууларынан да билер эле дейт. Анын айтканында кытай, калмак сөздөрү орун алып, динге байланыштуу араб сөздөрү арбын болгон.

Сагымбай абдан динчил эле. Манастын Мекеге баргандыгы жөнүндөгү окуяны ал башынан бери айтып келгендиги же ушу жазарда эле айта салгандыгы ачык билинбеди дейт Ы. Абдырахманов. Ал «Манас» боюнча манасчылардын өздөрүнүн, асыресе, Сагымбай Орозбаковдун айткандарына көп кайрылат. Таластагы күмбөз Сагымбайдын айтуусу боюнча Каныкейдин күмбөзү экен.

Ыбырайым Абдырахманов «Манас» эпосун жазып алуу менен бирге эле, анын ар кандай варианттары боюнча белгилүү эпизоддорду басмага даярдап, элдин калың катмарына жеткирип, пропагандалоонун үстүндө да эмгектенген. 1940—1941-жылдарда «Манас» сериялары деген ат менен басылган «Манастын балалык чагы», «Манастын өлүмү», «Алооке хан», «Макел дөө», «Каныкейдин жомогу», «Үргөнч», «Семетейдин Букардан Таласка келиши» деген китепчелерди Ы. Абдырахманов түзүп, басмага даярдаган.

1940-жылдардын башында кыргыз фольклористикасында элдик оозеки чыгармаларды жарыялоонун илимий принциптери али иштелбеген эле, бул багытта тажрыйба да жокко эсе болучу. Ошондон улам «Манас» эпосунун айрым үзүндүлөрүн басмага даярдоо учурунда түп нусканы редакциялап, текстке кийлигишүүгө жол берилген, түзүүчү жана басма тарабынан жүргүзүлгөн редакциялык жумуштар, текстке кийлигишип, «оңдоп, түзөтүүлөр» жөнүндө китепте атайын эскертилген эмес. Бул абал эпосту жарыялоого алгачкылардан болуп киришкен Ы. Абдырахмановдун тажрыйбасы аркылуу даана айгинеленет.

Ал текстти басмага даярдоодо баарыдан мурда кыскартууга кеңири жол бергендиги байкалат. Анда негизинен эпостун элдик мүнөзүнө, идеялык багытына шек келтире

www.bizdin.kg

турган, чыгарманын өзөк окуялары менен байланышпаган терс көрүнүштөр, элге жат түшүнүктөр кыскартылган. Тоголок Молдонун варианты боюнча 1941-жылы жарык көргөн «Семетейдин Букардан Таласка келиши» деген китепчеде түп нускадагы айрым эпизоддор менен сүрөттөөлөрдүн кыскартылып берилиши буга мисал болот. Түп нускадагы 1564 саптын ордуна 1415 сап жарык көргөн.

Мындан тышкары түзүүчү ыр саптарын оңдоп, алымча-кошумчаларды киргизген. Мындай кийлигишүү тексттин идеялык-көркөмдүк деңгээлин көтөрүү, кайталоолорду жоготуп, ырдын уйкаштыгын жакшыртуу жана айрым бир сөздөрдү түшүнүктүү кылып, тактап берүү максатында жүргүзүлгөн сыяктанат. Акмат Ырысмендеевдин варианты боюнча жарык көргөн «Үргөнч» (Фрунзе, 1941) деген китептен мисал келтирип көрөлү.

Түп нускада:

1) Бадалдан бугу *ышкырып* (329-б.)
2) Арстан ойлоп мындай *кеп* (332-б.)
3) Жайылып чыккан *атпы* дейм (332-б.)
4) *Көбүнчө* ажал жетпесин (337-б.)
6) *Бетбак* келсе жол тосуп (339-б.)
6) *Кыптай* болгон албарсын (339-б.)
7) *Чарайналуу* темирди (341-б.)
8) Кыян суулар кошулуп
   Аңги суу агып кошулуп
   Ар коктудан суу келип
   Коктунун суусу кошулуп (359—360-б.)
9) *Төөдөй* таштар күлдүрөп (362-б.)
10) Уккандын баары *кубанган* (368-б.)
11) *Канга* элчи салганы (376-б.)

Китепте:

Бадалдан бугу *бышкырып* (5-б.)
Арстан ойлоп мындай *деп* (6-б.)
Жайылып чыккан *жатпы* дейм (8-б.)
Көрүнөө ажал жетпесин (11-б.)
Байбак келсе жол тосуп (13-б.)
Кытай болот албарсын (13-б.)
Чарадай болгон темирди (14-б.)
Кыян суу менен аңги суу

www.bizdin.kg

Ар коктудан кошулуп (31-б.)
Тоодой таштар күлдүрөп (33-б.)
Уккандын баары *жашыган* (37-б.)
Каканга элчи салганы (44-б.)

Түп нускада кыздар Айчүрөккө карай «апаке» деп кайрылса, китепте «эжеке» деп тууралап оңдолгон. Мындай мисалдарды узарта берүүгө болот.

Текст арасында айрым ыр саптары кайталангандыктан же жалпы контекст менен анча байланышпай түшүнүксүз калгандыктан андай саптар кыскартылган. Бирок, биздин байкообузча эч кандай негизсиз эле кыскартылган ыр саптары да учурайт.

Түп нускада;
1) ...Мойнунан кучактап
2) Болбой чунак кеп сурап.
3) *Болжолун айтчы деп сурап*
Эркелеп бала көп сурап «Айтчы бизге» — деп сурап (331-б.)

2) Арстан бала Күлчоро
Жерди карап аңтарып
Жарашыктуу өсөн деп
Зыйнатын көрүп таң калып» (359-б.)

3) Чыбырын түлкү жойлобой
Чындап кирген Үргөнчкө
Кечем деп бенде ойлобой... (365-б.)

Китепте:

Мойунунан кучактап
Болбой чунак кеп сурап
Эркелеп бала кеп сурап
«Айтчы бизге» — деп сурап (7-б.)

Арстан бала Күлчоро
Жерди карап аңтарып
Зыйнатын көрүп таң калып (30-б.)

Чыбырын түлкү жойлобой
Кечем деп бенде ойлобой... (35-б.)

www.bizdin.kg

Айрым учурда түзүүчү тарабынан толукталып, кошумчаланган ыр саптары жолугат.

Түп нускада:

Бура тартып суу кечсе
Үргөнчтүн *сайын* бургандай
Ашырып айткан акынга
Он эки кулак казанды
Асып койсо тургандай (346-б.)

Китепте:

Бура тартып суу кечсе
Үргөнчтүн *суусун* бургандай
Соорусунун үстүнө
Ашырып айткан акынга
Он эки кулак казанды
Асып койсо тургандай (18-б.)

Мындагы «Соорусунун үстүнө» деген сап түп нускада жок болсо да контекст боюнча ушул жерде зарыл керек болуп тургандыктан муну түзүүчүнүн текстке кийлигишүүсү катарында карабастан, текстологиялык тактоо деп түшүнүүгө болор эле.

Үзүндүнү басмага даярдоодо жер-суу аттары, кээ бир сөздөр орфографиялык эрежеге ылайык оңдолгон. Кол жазмада туура эмес жазылып калган сөздөр такталган, ошондой эле айрым диалектилик белгиге жата турган учурлар жалпы кабыл алынган нормага келтирилген.

Түп нускада:

Зары күч (329-б.)
Авадан (329-б.)
Көрмөкө (330-б.)
Мында (336-б.)
Боромчал (342-б.)

Китепте:

Заары күч Ободон (5-б.)
Көрмөккө (6-б.)
Мында (11-б.)
Борончал (16-б.)

Зер берип (343—314-б.)
Зер берип (13-б.)

www.bizdin.kg

Ыргайды (343-б.)
Ыргайты (17-б.)
Мына шу (348-б.)
Мына ушу (21-б.)
Анжыл (338-б.)
Инжил (12-5.)
Айланпалуу чоң дүрбү (331-б.)
Айлантмалуу чоң дүрбү (7-б.)
Тамам бою (360-б.)
Тула бою (31-б.)
Чумкуртуп (365-б.)
Чумултуп (59-б.)

Ы. Абдырахманов эпостун үзүндүлөрүндө учураган айрым түшүнүктөрдү, адам аттарын тактап берүү максатында аларды өзү туура таап, ылайык көргөн сөздөр менен алмаштырат. Алсак, Тоголок Молдонун «Семетейиндеги» Кыргынчал, Бөрүчү, Жангара деген ысымдарды Ы. Абдырахмаков Кыргылчал, Бороончу, Чалгара деп оңдоп берген. Молдокенин бул багыттагы аракеттери үстүртөн караганда терс көрүнүш — текстке кийлигишүү, түп нусканы бурмалоо катары көрүнгөнү менен, терең талдоо жүргүзсөк дайым эле андай эмес, түзүүчүнүн айрым демилгелери илимий текстологиялык аракеттер, оригиналды тактоо, эпостун чыныгы түп нускасын табууга далалат кылуу, ушул багыттагы алгачкы шилтенген кадамдар, али системага салынбаган баёо изденүүлөр экендигин байкоо кыйын эмес.

Эпостун текстине манасчылар тарабынан кийинчерээк киргизилген айрым жаңы лексикалык сөздөрдү түзүүчү эски сөздөр менен алмаштырган. Ушул максатта Тоголок Молдонун вариантындагы «самовар», «кант» деген сөздөр өзгөртүлгөн.

Түп нускада:

1) Самаварга чай коюп
Самар ичип чайланып (330-б.)
2) *Кантка* аралаш бал коюп

Китепте:

Чоң дацканга чай коюп (22-б.) (329-б.)
Чайын ичип чайланып (23-б.)
Наига аралаш бал коюп (22-б.) (329-б.)

www.bizdin.kg

Жарыялоого ыңгайсыз, одоно сөздөр кыскартылган же башка сөздөр менен алмаштырылган.

Ушул жылдары «Манас» сериялarынан жарык көргөн китепчелерде басманын күнөөсү менен кеткен каталар арбын. Мындайда түп нускадагы ырдын көркөмдүгү төмөндөп, ырдын маанисы бурмаланган. Буга «Үргөнч» китебинен төмөнкү мисалдар күбө болот:

Түп нускада:

Кара көзгө илинбей
Кайсы экени билинбей (333-б.)
Болжогон жерге жетер деп
Болоттон така *кадаган* (342-6.)

Китепте:

Караса көзгө илинбей
Кайсы экени билинбей (8-6.)
Карасыны тайгандай (343-6.)
Кара баткак *саздар* бар
Карасаң үйдөй таштар бар.
Өмбүлдөмбүл саздар бар
Жайылган койдой *таштар* бар (358-6.)

Каражыгач, кайыңдан
Ак куурайдай *дагы*, атып (364-6.)
Капчыгай толуп *карарып* (366-6.)
Баса түшүп *жорголоп*
Бар токумдун бурчунан
Байкасаң суусу шорголоп (398-6.)
Болжогон жерге жетерде
Болоттон така *кыйнаган* (17-6.)
Кара саны тайгандай (17-6

Кара баткак *таштар* бар
Карасаң үйдөй таштар бар,
Өмбүл-дөмбүл саздар бар
Жайылган койдой *таштар* (358)

Кара жыгач, кайыңдан
Ак куурайдай *даны* агып (35-6.)
Капчыгай толуп *кар агып* (36-6.)

www.bizdin.kg

Баса түшүп *жаркылдап*
Бар токумдун бурчунан
Байкасаң суусу шорголоп (60-6.)

Ы. Абдырахманов тарабынан даярдалып, «Манас сериялары-нан жарык көргөн китепчелердин бардыгында текстте жолуккан түшүнүксүз сөздөрдүн түшүндүрмө сөздүгү берилген.

Ошентип, Ы. Абдырахманов «Манас» эпосун басып чыгаруу боюнча алгачкы тажрыйба топтоп, кыргыз фольклористикасында биринчи болуп эпосту жарыялоо принциптерин өз алдынча иштеп чыккан. Албетте элдик чыгармаларды, асыресе «Манас» сыяктуу баатырдык эпосту басып чыгарууда түзүүчү айрым мүчүлүштүктөрдү кетирди, текстке кийлигишип редакциялап ийген учурлары болду. Бирок кантсе да анын бул багыттагы иштин баштоочусу катары кыргыз фольклористикасына кошкон салымы чоң.

Ы. Абдырахманов 1951-жылдын апрель-май айларында «Семетей» эпосунун бириктирилген толук вариантын түзүп, басмага даярдаган. Кол жазманын көлөмү 9350 ыр сабынан турат, 323 бет. Эпостун башталышындагы чакан баш сөздө: «Сейтектин беш вариантын тандап басмага даярдоо мага тапшырылган болучу. Тоголок Молдо, Ырысмендеев Шапак, Сарыков Жакшылык үч жомокчунун вариантын талдап окуп, алардан бардыгы 300 строк гана ыр алдым. Калгандары менин вариантым болду», — деп жазган. 1951-жылы басмага даярдалган «Сейтек» эпосу учурунда жарык көрбөй калган.

«Манас» эпосунун «Чоң казат» бөлүмүн басмага алгач Ы. Абдырахманов даярдаган болуу керек. Анткени текст Абдырахмановдун колу менен оңдолгон. 403 бет тексттин аягында 1938-жылы 11-мартта «басмага кетүүгө уруксат» деп төрт адам кол койгон. Демек ал 1938-жылга чейин басмага даярдалган. Бөлүмдү жеке өзү даярдагандыгы же башка адамдар катышкандыгы жөнүндө так маалымат жок.

Ы. Абдырахманов Илим-изилдөө институтуна келгенден тартып кыргыз тарыхы, этнографиясы менен фольклорунун мыкты билерманы катары илимий кызматкерлерге өзүнүн баалуу кеп-кеңешин берип, консультанттык да кызмат көрсөткөн. Айрыкча «Манас» эпосунун варианттарын, алардын ортосундагы ар кандай окшоштуктар ме-

www.bizdin.kg

нен айырмачылыктарды ачык-айкын, так ажыраткан учурунда Ы. Абдырахманов гана болгон экен. Анын мындай сапатын жазып калтырган кол жазма материалдары, эмгектери ачык көрсөтүп турат: «Макал, ылакап, месел сөздөрдөн билбегеним болбосо керек деп ойлойм. Казак, кыргыз, калмак, өзбек, уйгур элдеринде өткөн окуяларды жана алардагы белгилүү кишилерди күдүксүз билем. Кандай окуялар айтылбасын билбей карап калбайм, бир четин айтып кире алам» (инв. 489/2061, 3—4) — деген. Дегинкиси ал кыргыз жана коңшулаш элдердин тарыхы менен санжырасынан, маданиятынан кеңири кабардар болгон. Ыбырайым менен кыйла жыл бирге иштешкен калемдеш курбусу академик Константин Кузьмич Юдахин аны «тирүү энциклопедия» деп атаса, учурунда адабиятчылар Т. Байжиев менен З. Бектенов: «...ал (Ы. Абдырахманов. — К. И.) кыргыздын тилчи, адабиятчы, фольклорист жана тарыхчыларына жандуу сөздүк катары кызмат кылып келе жатат»[1] — деп жазышкан. Кыргыз адабияты менен фольклорун изилдөөдө көп эмгек сиңирген белгилүү адабиятчы М. И. Богданова да өз кезегинде Ы. Абдырахмановдон ар кандай материалдарды алып, оозеки кеп-кеңештерин угуп, аларды өз ишине кеңири пайдалангандыгын айтат (инв. 1389, 41).

1940-жылдарда «Манас» эпосун басмага даярдоонун илимий принциптерин иштеп чыгууда белгилүү окумуштуулар В. М. Жирмунский, К. К. Юдахин менен бирге Ы. Абдырахманов да катышып (инв. 780/5085, 24), түзүүчүлөрдүн ишине активдүү аралашкан болсо, кийин 1959—61-жылдары жарык көргөн төрт китепти,— «Манас» эпосунун кыскартылып бириктирилген вариантын,— басмага даярдоодо трилогиянын бардык бөлүктөрүн жакшы билген манасчы, колдо болгон варианттарды бирден-бир мыкты ажыраткан фольклорист жана тажрыйбалуу жыйноочу катары түзүүчүлөргө ченемсиз жардам көрсөткөн. Эпостун «Семетей» бөлүгүн басмага даярдаган эл акыны Аалы Токомбаев бул жөнүндө мындай деп жазат: «Эпостун эң сонун, жакшынакай иштелип чыккан бөлүмдөрү менен строфалары эл ичинде бермет сымак чачылып жаткан эле. Бул строфалар менен ыр саптарын калыбына келтирүүдө бизге трилогиянын көптөгөн вариантын жазып алган, «Манас» эпосунун мыкты билерманы Ы. Абдырахманов жардам берди»[1].

www.bizdin.kg

Ы. Абдырахманов төрт китепке берилген түшүндүрмө сөздүктү түзүүдө академик К. К. Юдахинге көмөктөшкөн. «Манас» эпосун басмага даярдоодо белсенип иштешип, сүрөөлорго жооп кайтаруу менен катар сөздүктөрүн түздүм», — деп жазат ал (инв. 489/ 2061,2). Чындыгында эле эпостогу түшүнүксүз сөздөрдү жыйнап, алардын өзүнчө сөздүгүн түзүүгө аракет жасап, бул багытта көп эмгектенгендигин азыр сакталып турган 1683 сөздүк-карточкадан улам баамдоо кыйын эмес.

Дүйнөдө азырынча көлөм жагынан теңдеши жок «Манас» эпосунун ондогон варианттарын илимий изилдөө максатында окуп чыгуу бир нече жылга созула турган узак мезгилди талап кылат. Ошондуктан, «Манас» эпосун изилдөөнүн алгачкы этаптарында негизги варианттардын сюжетин кыскача кара сөзгө айлантып тез аранын ичинде жазып чыгуу зарылчылыгы келип чыккан. Бул ишти Молдоке өз колуна алып, 1946—1950-жылдардын аралыгында Сагымбай, Саякбай, Тоголок Молдо, Шапак, Багыш, Мо́лдобасан, Жаңыбай, Жакшылык жана өзүнүн варианттарынын сюжетин кара сөз менен жазып берген.

«Семетей», «Сейтек» эпостору боюнча Тоголок Молдонун, Шапак Рысмендеевдин, Жакшылык Сарыковдун, Жаңыбай Кожековдун варианттарынын сюжети 1946-жылы, ал эми Молдобасан Мусулманкулов менен Багыш Сазановдуку 1947-жылы жазылган.

Жаңыбай Кожековдон «Семетейдин өлүмү» жана «Сейтек» жазылбай калгандыктан, Ы. Абдырахманов Жаңыбай манасчыдан өзү кара сөз түрүндө жазып алган сюжет боюнча жазып толуктагандыгын эскертет 1116, 161). Шапак Рысмендеевдин «Семетейинин» сюжети аягына чыга жазылган эмес. 1949-жылы февраль-март жана октябрь айларында Ы. Абдырахманов өз варианты боюнча «Семетей», «Сейтек» эпосторунун сюжетин жана Жакшылык Сарыковдун варианты боюнча «Сейтектин» сюжетин жазып тапшырган. 1950-жылы өз варианты боюнча «Сейтектин» мазмунун кыскача жазып мурдагы сюжетти толуктаган.

Ы. Абдырахманов 1948-жылдан тартып «Манастын» сюжетин жазууга киришип, Багыш Сазанов, Тоголок Молдо, Шапак Рысмендеев, Молдобасан Мусулманкуловдун варианттарын кара сөзгө айлантып берет. Негизги көрүнүк-

www.bizdin.kg

түү варианттар катары эсептелинген Сагымбай менен Саякбайдын варианттарынын сюжети да жазылып, бирок кол жазмада качан жазылгандыгы көрсөтүлгөн эмес. Жогорку сюжеттерден алда канча мурда жазылышы да мүмкүн. Сагымбайдын варианты боюнча жазылган «Манастын» сюжетинин» кол жазма түрүндөгү түп нускасы сакталбай, машинкага басылган нускасы бар. Андагы маалыматка караганда сюжет Нанаев жана З. Бектеновдор менен бирдикте жазылган. Ы. Абдырахманов өзү айткан вариант боюнча«Манастын ашынын» сюжетин 1949-жылы жазып тапшырат.

«Манастын» алты, «Семетейдин» жети, «Сейтектин» үч вариантын кара сөз менен толук жазып чыгып, бул эпостун үйрөнүп-изилденишине зор салым кошкон. Прозалык тексттин кол жазмасынын жалпы көлөмү 81 басма табак.

«Манас» трилогиясынын негизги варианттары боюнча Абдырахманов тарабынан жазылган жогорудагы сюжеттер эпостун мазмунун кара сөз түрүндө кыскача кайталап берген сюжет катары эле түшүнүү жетишсиз. Сюжеттер эпостун негизги традициялык мотивдерин, мазмунун толук камтыйт. Ошону менен бирге Молдоке текстке чыгармачылык менен мамиле жасап, эпостогу кээ бир традициялык мотивдерди, башкы каармандарды, кийим-кечек, курал-жарактарын, алардын касиетин, тулпарлардын сынын, баатырлардын жекеме-жеке салгылашуусун, алардын айбат-сүрүн, майдан талаасын, жаратылыштын ажайып кооз көрүнүшүн сүрөттөп берген ыр түрмөктөрдү тексттин өзүнөн алып, чыгарманын сюжеттик өнүгүшүнө ылайык тиешелүү жерлерге кошо берип отурат. Ы. Абдырахманов жазып калтырган прозалык тексттер барыдан мурда мына ушул жактары менен баалуу.

Мындан тышкары ал жогоруда аталган варианттарды өз ара салыштыра иликтөөгө, ар бир манасчыга тиешелүү болгон айрым бир өзгөчөлүктөрдү белгилеп көрсөтүүгө аракеттенет (инв. 616/1113,54). Молдокенин айтканына караганда Тоголок Молдо, Багыш Сазанов, Шапак Рысмендеев жана Акмат Рысмендеевдин варианттары Сагымбай Орозбаковдун, ал эми Жакшылык Сарыковдун «Семетейи» Саякбай Каралаевдин вариантына жакын. Жаңыбай Кожековдун «Семетейи» болсо булардын бардыгынан айыр-

www.bizdin.kg

маланып турат, башкача айтканда, орчундуу өзгөчөлүктөргө ээ. Алсак, Семетейден Үмөтөй (Сейтек эмес. — К. И.), андан Жалгызек, андан Бирилек төрөлүшү жана окуянын ушул каармандардын тегерегинде өнүгүшү; Семетейди Канчоро өлтүрүшү ж. б.

Албетте, бул варианттар негизинен Сагымбай же Саякбайдын вариантынын бирине окшош болгону менен кайсы бир окуялардын сүрөттөлүшү боюнча сюжеттик жана идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөргө ээ. «Тоголок Молдо молдолугуна салып ырдын рифмасын эң кынап калыпка куйгандай кооз берген» (инв. 616/ 1113, 18) — дейт Ы. Абдырахманов. «Манастын балалык чагын», «Чоң казаттын» бир кыйла жерин жорго кара сөз менен жазганын айтат.

Тоголок Молдо, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында эпостогу традициялык окуяларга жатпаган айрым бир эпизоддор, түшүнүктөр орун алганын, жомокчулар кулагы укkан эле жерлерди эпоско аралаштырып кошо бергендигин белгилейт.

Молдобасандын «Семетейинин» окуялары Тоголок Молдонукуна жакын, ыргак жана кооздугу жагынан андан кыйла айырмалуу. Андагы «Семетейдин өлүмү» жана «Сейтек» жөнүндөгү окуялар өтө кыска берилип калган.

Жакшылыктын «Семетейи» жыйнактуу жана көркөм, рифмасы жакшы, кайталоосуз. Бирок «миллион», «кербет», «маки», «самоор», «кант», сыяктуу кийин эле кирген сөздөрдү, түшүнүктөрдү Манастын учурунда болгондой кылып текстке киргизип жиберген. Мындай сөздөр Б. Сазановдун текстинде да бар. Жакшылык менен Багыш кырк чоронун белгилүүлөрүн гана атап, толук баарын айтпаган.

Акмат Ырысмендеевдин «Семетейи» Чынкожо, Толтой окуясынан Айчүрөк Семетейди өз шаарына алып барып бекиткенге чейин жазылып, андан аркы окуялары кол жазма фондусуна (архивге) өтпөй калган өндүү.

Эл куудулу Кудайберген (Куйручук) Өмүрзаков Тыныбектен үйрөнүп калганы боюнча Айчүрөктүн Ак шумкарды ала качкан жеринен жаздырганын айтат (6 басма табак).

Түзүүчү эпостун варианттарын мыкты билгендиктен алардын арасындагы айрым бир орчундуу өзгөчөлүктөрдү учурунда туура баамдаган. Анын айткандары кийинки изилдөөчүлөр тарабынан ырасталууда.

www.bizdin.kg

Ал манасчылар Саякбай Каралаев, Шапак Рысмендеев, Жаңыбай Кожековдун варианттары боюнча «Манас» эпосундагы айрым бир эпизоддорду, сүрөттөөлөрдү бөлүп алып, аларды өз ара салыштыра ыр аралаш кара сөз менен жазган. «Манастын күмбөзү», «Бакай», «Абыке, Көбөштүн кылыгы» деген кол жазма материалдардын өзүнчө тобу буга мисал. «Манаска» байланыштуу «Ак шумкар», «Бакайды көргөндөр» өндүү чакан элдик уламаларды жазган.

«Манас» эпосун ар тараптуу изилдеп үйрөнүүдө, айрыкча, эпостун өнүгүш тарыхын, анын байыркы мотивдерин чечмелеп түшүндүрүүдө «Манас» эпосунун түштүк варианттары жөнүндөгү материалы (инв. 612а/ 1562) өзгөчө маанеге ээ. Кол жазмадагы маалыматтарга караганда 1952—1953-жылдар чамасында жазган. Ы. Абдырахманов түштүк кыргыздарынын өкүлдөрү (көпчүлүгү Ноокат районунан) Ташматов Досу, Көлбаев Мурат, Ташымбетов Эргеш, Султанов Жумабай сыяктуу он эки айтуучунун берген маалыматынын негизинде эпостун варианттарына мүнөздөмө берет. «Манас» эпосу түштүк жергесинде кыска ыр же кара сөз окуялардын сүрөттөлүшү, негизги каармандар түндүк манасчылардыкынан анча көп айырмаланбайт. Түштүктө Төрөкелди, Чоодон деген белгилүү манасчылар өткөн экен.

Кыргызстандын түндүгүнөн жазылган варианттарга салыштырмалуу эпостун түштүк варианттары (кыскача кара сөз түрүндө, болбосо, чакан ыр формасында айтылса да) айрым бир мотивдери боюнча орчундуу өзгөчөлүктөргө ээ. Алсак, Досу Ташматовдун айтуусу боюнча Абыке, Көбөштүн калмактан колго түшкөн кулдар экен дел айтылышы; Манас менен Көкчөнүн бөлө экендиги, Коңурбай Көкчөгө жээн болушу; Манастын биринчи жолу Көкчөдөн, экинчи жолу Ороздун уулу Токтобайдан, үчүнчү жолу Карадөөдөн өлүшү; Манастын Алтынай аттуу (Айкожонун кызы) аялы болушу ж. б. Ушул сыяктуу эле ар бир айтуучунун вариантында кескин айырмачылыктар бар.

Ы. Абдырахманов узак жылдар бою кыргыз фольклорунун мыкты билерманы катары фондуга алуу үчүн сунуш кылынган элдик оозеки чыгармаларды, асыресе «Манас» эпосунун варианттарын окуп, аларга карата өзүнүн пикирин жазып турган. «Манас» эпосу боюнча басмага даярдаган тексттерге карата жазган пикирлери да бар.

www.bizdin.kg

Ошентип, «Манас» эпосунун варианттарын жыйноо, аны жарыкка чыгарып, изилдөө багытында Ы. Абдырахманов аябагандай зор эмгек сиңирген. Кыргыз элинин көркөм сөз мурасы «Манаска» өз өмүрүн арнап, чыгармачылык зор күчүн жумшаган Ыбырайымдын эмгегин эң жогору баалап улуу демократ акын Тоголок Молдо:

«Манастын баркын эсине
Алып жазган Ыбырай.
Кызматты жакшы сиңирди
Алты жүз печат жазганы
Анык көзгө илинди»
(инв. 1357, 20) —

деп ырга кошкон экен.

«Манас» эпосунан тышкары, кыргыз элине кеңири белгилүү айрым бир уламыш, легендалар жөнүндө, жалпы эле кыргыз элинин тарыхына байланыштуу айткандары бар. Ы. Абдрахмановдун жазганына караганда Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Асан Кайгы, Алдар көсөө, Жейрен чечен, Жебечи мерген дегендер Жаныбек хандын тушунда жашап өткөн тарыхый адамдар болгон (инв. 280/499,11). Ал эми Санчы сынчы болсо болжол менен мындан 400 жылча илгери жашап өткөн. Санчы сынчынын тукумунун баары өзүндөй сынчы болуп, эң акыркысы 1870-жылга чейин келген (инв. 92/294,1).

Ы. Абдырахманов Санчы сынчыны «Овалы Санчы сынчы» деп атайт. «Овалы» «олуя» дегенди түшүндүрөт.

Ы. Абдырахманов фольклордук чыгармалар менен тарыхый-этнографиялык материалдарды жыйнап, билгенин жазып берүү менен эле чектелбей, Институттун атайын фондусун түзгөн кол жазма түрүндөгү фольклордук материалдардын негизинде жыйнактарды түзгөн.

1950-жылы «Кыргыз совет фольклору» (инв. 411/ 1442) жана «Ата-Мекендик согуш» (инв. 266/485) деген ыр жыйнактарды түзөт. Биринчи жыйнак 711 беттен турат, текст Ыбырайымдын өз колу менен жазылган. Жыйнак «16-жылдагы козголоң», «Октябрь революциясы», «Советтердин ийгиликтери», «Өткөн күндөр менен жаңы күндөр», «Критикалар» деген бөлүмдөрдөн турат.

Кол жазма түрүндөгү жыйнакка Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан колуна калем алып, ыр жаза башта-

www.bizdin.kg

ган Токтобаев Касым, Нарындык Курманалиев, Актан Тыныбеков, Токтосун Боогачиев, Абылкасым Жутакеев, Муса Чагатаев, Муса Баетов, Молдогазы Токобаев, Иманалы Жангазиев, Токторалы Талканбаев, Жумалы Карасартов жана Абдырайым Шаматовдун ырлары кирген. Ырлардын тематикасы кеңири, анда Октябрь революциясынын жеңиши, Ленин, партия, советтик жаңы турмуш, анын артыкчылыгы, ийгиликтери менен жетишкендиктери жөнүндө ырдалат. Жыйнакта ошондой эле үгүт-насаат маанайында жазылган чыгармалар менен коомго жат айрым тескери көрүнүштөрдү, алдым-жуттум, жеп-ичерлерди сынга алган ырлар да бар. 1916-жылдагы үркүн жөнүндө жазылган тарыхый ырларда падыша өкмөтүнө солдат берүүдөн баш тартып Кытай жерине качкан элдин жолдогу азап-тозогу, кыргынга учурагандыгы, бөлөк эл бөтөн жерде көргөн кордугу, адам чыдагыс оор турмуш-абалы таасын сүрөттөлөт. Жаңы заман каңшаарын укkан элдин өлгөндөн калганы азып-тозуп өз жерине кайтып келгени баяндалат.

Ал эми «Ата-Мекендик согуш» жыйнагында жыйырмага жакын акындын согуш темасында жазылган ырлары топтолгон. Ырлардын көпчүлүгү Совет элинин улуу жеңишин даңктайт. Тылдан фронтко, фронттон тылга жазылган кат формасындагы ырлар арбын. Согушта курман болгон жакындарына карата айтылган кошокторго да орун берилген. Жыйнак согуш мезгилиндеги элдин духун, патриоттук сезимин, жеңишке карай үмүт-тилегин, тылдагы кажыбас кайратын, фронттогу эрдиктерин ачык-айкын чагылдырат.

1954-жылы фольклордук чыгармалардын өзүнчө жыйнактарын да түзгөн (инв. 435/1835—466/1866). «Фондудагы арапча адабият кол жазмалардын жанрга бөлүнүштөрү» (инв. 435/1835 № 4) деген кол жазма материалында фольклордук чыгармаларды жанрдык топторго бөлүштүрүп, ал жанрга тиешелүү чыгармаларды каттап, инвентарь номерин, бетин көрсөтүп чыккан, элдик оозеки чыгармачылыктын жанрдык өзгөчөлүктөрүнө карай классификациялаган. Ы. Абдырахманов араб тамгасы менен жазылган кол жазмаларды төмөнкүдөй жанрдык топторго ажыратат: майда эпостор, тарыхый материалдар, фольклордук материалдар, адам мүнөздөрү, кошоктор, кызга көрүшүү, сүйүүчүлүк, үрп-адат, жөө жомок тамсил, амандашуу (учурашуу). кошто-

www.bizdin.kg

шуу, эмгек ырлары, күүлөр, макал, табышмак, жаңылмач, санат ыр (терме), арман, айтыш, мактоо, кордоо, акый, дубана, дарым (бадик), албын, бакшы, күн жайлоо, бата, калп, күлдүргүч, дини окуялар, чарба, канаттуулар, 16-жылдын козголону, Революциядан кийинки чыгармалар адабият жана тил тууралу схема.

Жогоруда көрүнгөндөй, кыргыз фольклору жанрдык топторго негизинен туура ажыратылган. Ошондой болсо да, Ы. Абдырахманов өзүнүн көп жылдык жеке тажрыйбасына таянуу менен гана чектелип, элдик оозеки чыгармаларды жанрдык жактан классификациялоого ага терең теориялык билим жетишпей жаткандыгы сезилип турат.

Диний түшүнүктөр менен ишенимдерге, ырым-жырымдарга байланыштуу айтылган элдик оозеки чыгармалар «Бакшы», «Дубана», «Дарым» (бадик), «Албын», «Күн жайлоо», «Бата» өндүү бир канча майда топторго бөлүнөт. Азыркы кыргыз фольклористикасында өзүнчө жанр катары бөлүнбөгөн «Адам мүнөздөрү», «Үй жанына баруу», «Күү ырлары», «Акый», «Чарба мал», «Күлдүргүч» өндүү топтор да атайын тактоону, изилдөөнү талап кылары бышык. Ал эми майда эпостор менен тарыхый материалдардын, тамсилдер менен канаттуулар жөнүндөгү чыгармалардын өзүнчө жыйнагы түзүлгөн эмес, айрым темалардын аталышында анча-мынча өзгөрүүлөр бар. Албетте, жанрдын өзгөчөлүгүнө, факт-материалдарга жараша жыйнактардын көлөмү бир кылка эмес. «Кошоктор» менен «Сүйүү ырлары» («Сүйүүчүлүк») 300—400 беттен турса, диний ишенимдер менен ырым-жырымдардын жыйнактары 5—6 беттен ашпайт. Бакшы, бүбү, дарым, бадик өндүү материалдардьш көпчүлүгү 1929-жылы Тогуз-Тородо Тоголок Молдо тарабынан жазылып алынган.

Жыйнактарга кирген чыгармалар дээрлик ошол жыйнактын атына (жанрына) ылайык, туура, так бөлүштүрүлгөн деп айтуу кыйын. Алсак «Адам мүнөздөрү» деген жыйнакка адамдын өмүрү, жаш курагы, мүнөздөрү жөнүндөгү ырлар менен бирге, «Качкан кыз» («Каптагайдын качкан кыз» — К. И.) аттуу чыгарма да кирген.

Жыйнактарда чыгармалардын мазмуну көрсөтүлүп, кириш сөз же түшүндүрмөлөр менен жабдылган эмес. Чыгарманын кайдан, качан жана кимден жазылгандыгы жөнүндө маалыматтар берилген.

www.bizdin.kg

Бул жыйнактардан сырткары «Фольклордук материалдар», «Балбай», «Чолок каздын конур казга айтканы» деген кол жазмалар бар. Булар кандайдыр бир принциптин негизинде түзүлгөн атайын жыйнактар эмес. Анда ар кыл темадагы, ар кандай жанрдагы фольклордук чыгармалар орун алган.

Ы. Абдырахмановдун түзүп калтырган жыйнактары китеп болуп чыкпай, кол жазма түрүндө сакталганы менен атайын жыйнактарды түзүүдө, илимий изилдөө иштеринде көп жеңилдиктерди берген баалуу материалдар катары кызмат кылып келет.

Ы. Абдырахманов түзгөн кол жазма түрүндөгү жыйнактардын дагы бири — «Эркин-Тоого» жарыяланган ырлар менен сын макалалардын жыйнагы (инв. 372/1186; 1187; 1188; 1334). Бул жыйнактарда1926—1927, 1929-жылдары «Эркин-Тоого» жарыяланган ырлар менен 1926—1928-жылдарда жарык көргөн сын макалалар араб тамгасынан азыркы алфавитке которулуп өз-өзүнчө жыйнак түрүндө түзүлгөн. Бирок качан иштелгендиги белгисиз. Жыйноочунун мындай эмгеги кыргыз адабияты менен сынын, анын тарыхын үйрөнүүчүлөргө асыресе, араб тамгасында окуй билбегендер үчүн өзгөчө маанилүү материал катары кызмат кылат. Жыйнакта ар бир чыгарма «Эркин-Тоонун» кайсы санына, качан жарыялангандыгы, автору көрсөтүлгөн. Бул жылдары авторлор мезгил талабына жараша көбүнчө жашыруун ат менен жазышкандыгы байкалат. Ушул жыйнактарда эле «Чынчыл», «Бөрү», «Закым», «Кенемте», «Чалкар», «Шибер», «Тикен», «Балка» өңдүү отузга жакын (25) псевдоним жолугат.

АДАБИЯТТАР

[1] *Абдырахманов Ы.* Манас кайсы улуттан экендиги тууралуу маалымат//ТАИФ, инв. № 121/324; «Манас» тууралуу билгендерим//ТАИФ, инв. № 811/1159, № 190/1160.

[2] *Абдырахманов Ы.* Манастын кайсы кылымдарда болгону тууралуу // Советтик адабият жана искусство. — 1941. № 3.

[3] *Бектенов З., Байжиев Т.* Кыргыз адабияты. Орто мектептин 8-классы үчүн окуу китеби. — Фрунзе, 1949. — 60-бет.

[4] *Токомбаев А.* К вопросу о народности трилогии эпоса «Манас»// Киргизский героический эпос «Манас». — М., 1961.— 267-бет.

www.bizdin.kg

ЖИРМУНСКИЙ ВИКТОР МАКСИМОВИЧ

(1891—1971)

Жирмунский Виктор Максимович Совет учурундагы көрүнүктүү окумуштуу, филолог. СССР ИАнын корреспондент мүчөсү (1939), академиги (1966). Жирмунский бир нече университеттерди бүтүргөн – Саратовдо (1917), Петербургда (1912), Ленинградда (1956). Батыш жана Чыгыш адабиятындагы салыштырма илимий теориясына жасаган салымы үчүн совет ордендери менен сыйланган.

Жирмунский 1924-жылы «Байрон жана Пушкин» деген докторлук диссертациясын жактайт, ушундан улам ал адабияттагы салыштырма ыкманы өзүнүн көптөгөн эмгектеринде бара-бара маанилүү теориялык ачылгаларга жетишип, ушул илимий багыттын көрүнүктүү теоретиги катары болуп эсептелинет. Салыштырма методдо жазылган Жирмунский-эмгектери өзүнүн теориялык маанисин ушул күнгө чейин жогото элек, алар: «Чыгыш менен Батыштын байланыштары салыштырма адабияттаануунун алкагында» (1946), «Славяндардын эпикалык чыгармалары эпостун салыштырма проблемаларын изилдөөдө мааниси» (1958), «Адабияттарды изилдөөдө тарыхый салыштырма проблемалардын орду» (1960), «Адабияттык агымдар» эл аралык байланыштын натыйжасы» (1967). Эл аралык адабияттык байланыш проблемасын Жирмунский 1930-ж. эле өздөштүрүп «Гете орус адабиятында» (1937) деген изилдөөсүндө өзүнүн илимий көз карашын өнүктүрөт. Бир адабияттын башка адабиятка тийгизген таасири жөнүндөгү проблеманы козгойт да, ошол кабылдаган адабият таасиринин натыйжасында мотивди чыгармачылык менен трансформациялар өздүк, улуттук менчикке, көрүнүшкө айлан-

www.bizdin.kg

тат деген принципиалдуу тезисин аныктайт. Жирмунский герман тилдерин изилдөөгө да, ошондой эле профессионал адабияттын проблемалары менен катар фольклорду терең жана көп тараптуу изилдөөгө көп көңүл бурган. Ал орус окумуштуусу А. Н. Веселовскийдин революцияга чейинки чыккан адабияттын тарыхый теориялык процессин камтыган «Тарыхый поэтика» деген классикалык эмгегине таянып, салыштырма адабияттаануу жаңы деңгээлге көтөрө алган жана Веселовскийдин изилдөөлөрүн андан ары улап, толуктап кетишке үлгүргөн. Жирмунский фольклордун методологиясына жана теориясына да арналган фундаменталдуу эмгектерди жараткан. Бүтүнчө фольклористикадагы компаративистик проблемага көп көңүл бурган, ар түрдүү эмгектердин фольклорунда кезиккен окшоштуктарды ал бардык элдердин фольклору окшош законченем менен өнүккөнү менен байланыштырат, фольклордук жанрларды салыштырма метод аркалуу изилдеп, алардын поэтикасында окшоштук жана бүтүнчөлүк мотивдерди ачып берген. Фольклордун методологияларынын негиздерин изилдөө бул окумуштуунун илимий чыгармачылык ийгилиги.

Ата Мекендик согуш учурунда 1941-жылы Жирмунский өзүнүн иштеп жүргөн илим изилдөө институту менен чогуу Ташкент шаарына эвакуацияланган, Орто Азия мамлекеттик университетинин профессору, Өзбек ССР ИАнын тил жана адабият институтунун фольклор бөлүмүнүн башчысы, тарых, филология илим-изилдөө институтунун директору болуп иштеген[1].

Ушул учурдан баштап Жирмунский түрк эпосторун изилдей баштайт да тарыхый салыштырма методологиянын тарыхый-типологиялык жана тарыхый-генетикалык изилдөө багыттарын аныктап далилдейт. Жирмунский өзүнүн методологиялык методу менен бир катар эмгектерди жаратат, алар: «Өзбектердин баатырдык эпосу» (1947), Х.Т.Зарифов менен авторлукта, «Алпамыш» жана Гомердии «Одиссеясы» жөнүндө эпикалык баяндоо» (1957), «Алпамыш жөнүндө баяндоо жана баатырдык жомок» (1960), «Огуздардын баатыр эпосу жана «Коркут атанын китеби» (1962). Жирмунский «Алпамыш» эпосун түрк элдеринин ичиндеги эң байыркы баяндоо катары карайт да бул эпостун бир нече версияларын конкреттүү талдоого алат. Кунграт версиясына «Алпамыштын» өзбек, каракалпак, ка-

www.bizdin.kg

зак, тажик редакцияларын кошот, Огуз версиясына «Китаб-и Коркуттун» Бамси-Бейрек жөнүндөгү баяндоосун ыйгарат, алтайдын «Алып-Манаш» баатырдык эпосун алтай версиясы катары эсептейт. Бул эмгектер окумуштууга «Манас» эпосун атайын изилдөөгө белгилүү даражада жагымдуу кырдаал түзөт. Жирмунский «Манас» боюнча биринчи эмгегин «Манас» эпосуна киришүү» деген ат менен 1947-жылы Фрунзеде жарыялайт. Ушул учурдан баштап Жирмунский кыргыз эпосун башка түрк эпостору менен болгон байланышын терең изилдей баштайт. Натыйжада ал манасчылардын айтуучулук өнөрүн кеңири изилдеп, алардын импровизаторлук өзгөчөлүгүн жана салтка жасаган мамилесин изилдөөгө алат. Жирмунский кыргыз эпосунун ыр түзүлүшүн да өзүнүн көз жаздымында калтырбайт. Ошону менен бирге «Манастын» сюжетине анын тарых менен байланышы жөнүндө кеңири пикир айтат, эпостун образдарын изилдеп, алардын кээ бир тарыхый прототиптерин аныктоого аракет жасайт, эпостун идеясын ачып берүүдө «Семетей», «Сейтек» бөлүктөрдүн жаралган жана циклизациялык стадияларына түшүндүрмөлөр берет.

Түрк эпостору боюнча кыргыз эпосу «Манас» тууралуу Жирмунскийдин изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы «Түрк элдеринин баатырдык эпостору» дегене эмгегинде 1974-жылы Ленинград шаарында жарык көрөт. Бул эмгекке Жирмунскийдин «Манас» эпосу боюнча жүргүзгөн илимий-теориялык ойлору топтолгон. Алсак, манасчылар жөнүндө жаңыча көз караштарды, жаңы ойлорду далилдүү көрсөтүүгө жетишкен, атап айтканда манасчынын оозеки айтуусу менен жазып алынган текст бир топ айырмаланганы жөнүндө токтолуп, манасчынын вариантын изилдегенде оозеки айтканына таянуу зарылдыгына басым жасаган. Жирмунский Сагымбайдын, Саякбайдын, Шапактын варианттарына негиздеп, бул варианттардын арасында бир кыйла өзгөчөлүктөр бар экенин көрсөтүп кеткен жана манасчылык өнөрдү терең түшүнүү үчүн ал эпостун болгон варианттарын колдон келгенче баарын жыйноо жана изилдөө керек экенине басым жасаган. Жирмунский кыргыз эпосунун сюжеттик составын изилдеп, андагы негизги төрт туруктуу эпизоддорду бөлүп караган: биринчи эпизод – баатырдын биографиясы (төрөлүшү, балалык чагы, куда түшүү жана өлүмү), экинчи эпизод — Манастын туугандар жана

www.bizdin.kg

хандар менен болгон кастыгы, үчүнчү эпизод – баатырдын тынчтык убагындагы иштери – тойлор, аштар; төртүнчүсү – белгилүү эпизод – Манастын казаттары. Окумуштуу ушул төрт сюжеттик эпизоддорду терең талдоого алат да, эпостун сюжетинин өнүгүү жолдорун аныктайт.

Жирмунский «Манас» эпосунун тарыхый булактарын изилдөөдө да өзүнүн илимий позициясын бир кыйла кеңири көрсөтүүгө жетишкен. Ал кыргыздардын Енисей мамлекеттиги жана уйгурлар менен болгон тарыхый окуя эпостун катмарларында бара-бара изин калтырбай анын сюжетинде XV кылымдагы кыргыздардын ойроттор менен болгон салгылашуулар орун алып калган деген оюн айтат да, XVII к. тартып XIX кылымга чейин эпосто мусулмандык мотивдер орундай баштаганы жөнүндөгү концепциясын берет. Эпостун каармандарын Жирмунский үч катмарга бөлүп карайт, биринчи катмарга (VI—XIV к.к.) жомоктук-мифологиялык сюжеттери кошуу менен катар, Манастын, Жолойдун, Сайкалдын, Төштүктүн, Оронгунун, Кожожаштын каармандарын киргизет; экинчи катмарга (XV—XVII к.к.) тарыхый реалдуу окуялар, калмактар менен болгон кагылыштардын эпостон алган ордун талдап көргөзөт, Манастын образы бул учурда кыргыздардын кол башчысы катары калыптанганы жөнүндө айтат да, үчүнчү катмарга Көкчөнүн, Жамгырчынын, Кошойдун, Алоокенин, Шаатемирдин, Эсенкандын, Коңурбайдын, Айкожонун образдарын ыйгаруу менен катар Манасты мусулмандардын кол башчысы болуп калыптанганы жөнүндөгү өзүнүн негизги оюн бекемдейт. Жирмунскийдин «Манас» эпосу жөнүндөгү фундаменталдуу эмгеги Манастаанууда бул илимдин негизин жараткан маанилүү окуялардын катарында турат.

АДАБИЯТТАР

[1] Бул маалымат «Манас» энциклопедиясынан алдынды I том. 220-б.

www.bizdin.kg

ПОЛИВАНОВ ЕВГЕНИЙ ДМИТРИЕВИЧ

(1891—1938)

Дүйнөлүк атагы бар лингвисттердин ичинен орустун улуу окумуштуусу, полиглот Евгений Дмитриевия Поливанов өзгөчө бөлүнүп турат. Ал өз замандагы дүйнөлүк илимде биринчилерден болуп Тил тарыхында системалуулук принцибин таратып, «Фонологиялык өзгөрүү принцибинин теориясын» иштеп чыккан. Муну тагыраак түшүнүш үчүн Е. Д. Поливановду изилдөөчү Василий Григорьевич Ларцевдин төмөнкү сөзүн орус тилинде окуп кеткенбиз дурус болот: «Первым в мировой науке того времени Е.Д. Поливанов распространил принцип системности на историю языка. Им было разработана теория фонологических изменений, рассматриваемая их во взаимосвязи и взаимообусловленности, выявлен механизм конвергенций (об «единения первоначально разных фонем в одну) и дивергенций (расщепления фонемы на несколько фонем)».[1] Ушуну менен бирге Е.Д. Поливанов сөздөгү муундун фонологиялык ролун эң биринчи жолу белгилеп, «Муундук структура законун» ачкан. Ошондой эле жаңсоолордун «үндүк» дисциплинасын (дисциплины «звуковых» жестов) негиздеген. Анын дагы бир артыкчылыгы — Бишкекте (анда Фрунзе) жүргөн кезинде дүйнөдөгү эң зор (маани, маңыз, көлөм ж.б. бардык жактарынан) «Манас» эпосун биринчилерден болуп, К. Тыныстанов менен орус тилине которгон жана иликтөө иштерин жүргүзгөн.

Е.Д. Поливанов 1891-жылы 28-февралда Россиянын Смоленский шаарында туулган. 1912-жылы Санкт-Петербург университетин бүтүрүп, 1917-21-жылдар аралыгында Тышкы иштер министирлигинде Басма сөз бөлүмүн жетектеп, Петроград университетинде профессорлук кыл-

www.bizdin.kg

ган. Андан кийинки өмүрү жана ишкердиги Орто Азия аймагында өткөн. 1921-жылдан 1934-жылдын ортосуна чейин Ташкент, Самаркандын жогорку окуу жайларында жана Илим-изилдөө институттарында профессор катары кызмат өтөгөн.

1937-жылы Фрунзе шаарында камакка алынып, 1938-жылы 25-январында репрессиянын курмандыгы болгон.

Евгений Дмитриевич Поливановдун өмүр жолу менен ишмердиги туурасындагы маалыматтар 1964-жылы сентябрь айында Самаркан шаарында өткөн, кийин «Поливановская конференция в Самарканде» деген аталыш алган «Актуальные вопросы современной языкознании и лингивстическое наследие Е. Д. Поливанова» деген темадагы конференциядан кийин дагы кошумчаланды.

Е. Д. Поливанов Орто Азия Мамлекеттик университетинин Чыгыш факультетинде Жалпы жана салыштырма тил илиминен, этнография менен антропологиядан ж.б. курс окуп, көптөгөн илимий экспедицияларга катышкан. Өзбек тилинин Маргалаң, Самаркан, Гурлен, Кият-Коңурат, Хива, Казлинайман, Түркстан, Кашкар говорлорун, ошондой эле, еврей говорун изилдеп, сыпаттап жазып, 35 тил билген полиглот катары Япон, Кытай, Бухаралык еврей, Дунган, Мордва, Түркмөн, Казах, Тажик тилдеринин грамматикасын жазгандыгы белгиленген.

Ааламдагы тилдердин бардыгы төрт сөздөн келип чыккан деген теорияны жайылтып, өз заманында дүңгүрөп турган яфетидологиянын башчысы академик Н. Я. Маррга жыйырманчы жылдардын аягында каршы чыгып, мындай теория калпыс экенин биринчилерден далилдеген Е. Д. Поливанов болот. 1929-жылы 4-февралда маррчыларга ачык каршы чыкканда, анын (Поливановдун) эмгектерин «истошным воем эпигона субъективно-идеалистической школы» деп жамандап, өзүн «разоблаченным в свое время черносотенным лингивистом-идеалистом» деп жазышып, «кулацким волком в шкуре советского профессора» деп аташкан.[2] Ошончолук кысымдарга карабастан Евгений Дмитриевич өмүрүнүн акыркы сааттарына чейин акыл жөндөмүн, ой-тыянагын, иш-аракетин филология майданында, анын ичинде айрыкча тил илимине салып таң калаарлык ачылыштарды жасап өткөнүн, жүрүш-турушу таң калаарлык болгонун биздин дунган жердешибиз, филоло-

www.bizdin.kg

гия илимдеринин кандидаты Ю. Яншансин, В. Ларцевге мындайча эскериптир: «... и мы часто беседовали на разные темы на дунганском языке. Многое я тогда узнал о развитии языков и порожался гениальности Евгения Дмитриевича — он молниионосно сравнивал сразу десятки языков, искал закономерности подчеркивал особенности. Поражался я и другому: он работал день и ночь — откуда такая энергия! — сам читал рукописи, корректировал, добавлял, изменял, тут же писал свои статьи. А память? Казалось у него не голова, а лингивстический завод — моментально сослался на десятки книг, цитировал целые страницы...»[3] Аны (Е.Д. Поливановдун кимдигин) орус тилчи-окумуштуусу М.В. Панов: «Гениальный языковед, замечательный полглот и филолог-энциклопедист»[4] — деп, өтө таамай белгилептир.

«Башканы коюп, Манасты айт» дегендей, биз жазыбаткан Е.Д. Поливановдун портретинин негизи анын эл оозеки чыгармалары менен адабиятка байланышкан эмгектери болуш керек эмеспи, эмки кеп ошол тараптан болот.

В. Г. Ларцевдин: «... Е. Д. Поливанов сотрудничал с М. Горьким в «Новой жизни» после начала Первой мировой войны. Определено было точно время работы Е.Д. Поливанова над расшифровкой и опубликованием тайных договоров царского правительства (ноябрь-декабрь 1917-год)[5] — деп жазганына караганда адабият дүйнөсүнө болгон тартылуу шыгы өткөн кылымдын башында эле Максим Горькийге апкелип кошкон шекилдүү. Айрыкча ОПОЯЗдагы (Общество изучения поэтического языка) бөлүнө көрүнгөн иш-аракети, аны негиздөөчү инициаторлордун бири болгон Виктор Шкловский менен теңтайлаша теориялык багыттарды табышканы далил болуп турат. Поливанов атайын жана дайыма колдонулуучу техникасыз жана калыпсыз (формасыз) поэзия болбойт деген теорияны кесе айтып, ошол багытта поэтикалык тил изилдөөлөрүн уланткан. Ал «Абхаз адабияты», «Персия адабиятынын Гомери» (Фирдоуси, «Шахнаменин» автору катары), «Катюша Маслова Японияда», «Шемякин сотунун» татар элдик версиясы», «Давыдов Д.В.» ж.б. деген макалалар жазып, адабият таануу дүйнөсүндөгү иш-аракетин, ордун көрсөткөн. Ошондой эле 1936-1937-жылдар ичинде «Год XXII» деген альманахка бир басма табак көлөмүндө «Лермон-

www.bizdin.kg

товдун балалык чагы» деген макаласын жиберген экен, Евгений Дмитриевичтин репрессиянын курмандыгы болгонун билбеген редактор кийин 1939-жылы 28-августа: «Уважаемый тов. Поливанов, возвращаем Вашу рукопись «Детские годы Лермонтова» т.к. в альманах она не подходит. Секретарь редакции.»[6] — деп, өткөн кылымдын ортосунда кыргыз редакторлорунун бири Фарси адабиятынын Хафиз, Омор Хайам ж.б. классиктеринин алда качан бу дүйнөдөн өтүп кеткенин билбей, калем акы жибергенине окшоп кайра Фрунзеге кол жазмасын кайтарган экен. «Год XXII» альманахынын редакциясынын секретары Е. Д. Поливановдун өлүү-тирүү экенин билбей калышы ал маалда толук ыктымал эле, анткени репрессиянын курманы болгондорду өтө жашырын кармабады беле.

Е. Д. Поливанов өмүр бою поэзиядан ажырабай, анын техникасы, стили, тили туурасында илимий эмгектер жазып, өзү да анын жаратуучуларынан болгон. ОПОЯЗ негизделгенден тарта В.В. Маяковский менен тааныш болуп, анын поэзиясы туурасында макалалар жазып, көп жерлерде чыгып сүйлөгөн. Ал Евгений Дмитриевичтин «Рифмология В.В. Маяковского» ж.б. эмгектеринен көрүнөт.

Ал өзү жараткан: «1 Мая», «В 43 лет», «1917 год», «Посвящение Кронштадту», «Революция», «Окружила нас белая свора», «В Японии», ж.б. чыгармалары бир нече адабиятчы, сынчылар тарабынан басма беттеринде талкууга алынып, Е. Д. Поливановдун акындык табылгалары баса айтылган. Бо Цзи-Шен деген кытай псевдоними менен жазган, өз убагында басма бетине чыкпай калган «Поэты и кляксы», «Метаглоссы» деген жыйнактарында өз ырлары менен катар япон, кытай ж.б. тилдерден которгон поэтикалык туундулар да болгон.

Кыргыз окурмандары үчүн эң негизгиси жана кызыктуусу Е.Д. Поливановдун 1934-жылы жайында Кыргызстанга келгенден кийинки эмгектери, анын ичинде улуу «Манас» эпосу жөнүндө жазган илимий изилдөөлөрү жана орус тилине жасаган котормосу болуп саналат.

Поливанов Е. Д. 1934-жылы Бишкекке (мурдагы Фрунзе шаары) келип, Маданий курулуш институтунда, Пединститутта, басмаканаларда иштейт. Бул мезгилдеги аткарган негизги иштери катары: 1. Дунган тилине байланышкан ат көтөргүс иликтөөлөрүн; 2. Кыргыз тилине тиешелүү тео-

www.bizdin.kg

риялык ой-жыйнактарын, айрыкча улуу «Манас» эпосу жөнүндөгү адабий көз караштарын жана эпостон орус тилине жасаган таржымасын көрсөтүүгө болот.

Академиянын Кол жазмалар фондусунда Евгений Дмитриевич Поливановго тиешелүү 46 инвентар номурлуу папкада материалдар бар. Алардын көпчүлүгү дунган тилине, калганы кыргыз тилине, жалпы тил илимине, кыргыз адабиятына, «Манас» эпосуна жана башка маселелерге байланыштуу. «Манаска» тиешелүү, б.а. Поливанов орус тилине которгон: «Алты хандын элчилеринин Манаска келиши» (Инв. № 108), «Элчилердин кайтышы» (Инв. № 106—107), «Жети хандын чатагы« (котормодо «Заговор семи ханов против Манаса» деп берилген. Инв. № 109), «Чоң казат» (Инв. № 110. Бул жогорку № 109-инвентардыгы тексттин өзү. Айырмасы: 6 сап ашык болуу менен ар бир сапка катар номур коюлган), «Поливановдун котормосу» (Инв. № 117. Текстке ат коюлбаганы менен 106, 107, 108, 109 — инвентарлардагы тексттердин кайталандысы. Айырмасы 26-бетке чейин ар бир сапка номур коюлуп келип, андан ары ар бир он саптан кийин номур коюлуп жазылганында) аттуу тексттер бар. Булар орус тилине которулган жалаң ыр тексттери болсо, 110 менен белгиленген инвентардагы аты коюлбаган жазуу, «Манас» эпосу туурасындагы Е. Д. Поливановдун илимий эмгеги болуп саналат. Башталышында кыргыз элинин оозеки чыгармаларга өтө бай экендиги тууралуу айтылып, андан нары «Манас» эпосунун улуулугуна жана маани, маңызына токтолуп, «Илиада», «Одиссея» сыяктуу дүйнөлүк мааниси бар эпикалык чыгармаларга салыштырат.

Дүйнөлүк эпосторго кайрылып, аларды жалпы эл же анын бир катмары жаратаарын айтат, айрым учурларда бийлөөчү таптын заказы менен да жаралышы мүмкүндүгүн белгилейт. Дагы «Манас» элдик жана баатырдык эпос экендигин далилдеп көрсөтөт. Анын каармандарын грек эпосторунун, легенда, мифтеринин каармандарына салыштыра иликтеп чыгат.

Е. Д. Поливанов манасчылык өнөрүнө токтоло келип, баатырдык эпостордун жашоодон калаарын мындайча белгилейт: биринчи — жазуу пайда болгонго чейин жоголот, б.а. жазууга түшпөй калуудан унутулат, экинчи — жазууга түшүп, китеп болуп адабиятка айланып кетүү аркылуу

www.bizdin.kg

жоголорун айтат. Улуу окумуштуу «Манас» деп аталган № 2 дептеринде да кыргыз эли түрк элдеринин ичинен эпикалык чыгармаларга өтө бай экенин баса белгилейт. Кыргыз эпосторун коңшу жашаган казак, өзбек элдеринин эпосторунан бөлүп кароого болбостугуна карабастан, коңшу элдердин эпостору бири экинчисинде кайталанып отурганын көрсөтөт. Кыргыз эпосу «Манас» көлөм жагынан гана эмес, көркөмдүгү, бай мазмуну жагынан да дүйнө эпосторунан бийик тураарын жазып келип, аягында бул эпостун ыр түзүлүшүндөгү өзгөчөлүктөргө кеңири токтолот, башка элдердин эпосторунун ыр түзүлүштөрүнө салыштыра иликтейт.

Поливановдун кол жазмасында жазылган № 3 дептеринде № 2 дептериндеги эпостун ыр түзүлүшү жөнүндөгү ой-кортундулар улантылат. Изилдөөнүн Ш бөлүгүндө Манас Бээжинди (Поливанов Кытай борбору Пекин катары түшүнөт) алгандыгы тарыхый чындык же чындык эместигин териштирүүгө киришет. Эпосту тарыхый адабият маанисинде караганда бул маселеге жооп берүүнүн зарылдыгы болбостугун айтып келип, бирок Пекинди бир да кыргыз ханы басып албаганын белгилейт. Башка түндүк элдери (анын ичинде түрк элдери да бар), маселен, монголдор басып алып турганын көрсөтө кетет. Ошолордун чабуулдары бул эпоско негиз болуп алынышы ды ыктымал дегендей оюн билдирет. Окумуштуу: «Не может ли под образом и именем киргиза — Манаса скрывается хотя бы, тот же Чингиз?»[7] — деген суроону коет да, кайра мындай гипотезага каршы экенин билдирип, мүмкүн, уйгурлардын чабуулунан же монголдордун чабуулдарынын биринен пайдаланылгандыр дегендей тыянакка келет. Андан ары Манас деген аттын чыгышы жөнүндө ой жүгүртүп келип, Сагымбай Орозбаков (Поливанов бардык жерде Сагынбаев деп жазат) менен Саякбай Каралаевдин варианттарынын кошмо вариантын басып чыгаруу керектигин, аны орус тилине көркөм которуу зарылдыгын айтат. Котормо ишиндеги кемчиликтерди да көрсөтө кетет.

Жогоруда айтылгандардын баарын бириктирип, жыйынтыктап «Кыргыз эпосу «Манас» деген эмгек даярдаган (Инв. № 111). Ушундан алып 1936-жылы «Литературный Узбекстан»[8] журналына жарыялаган ыр текстин башына «Вводное замечание» деген киришүүгө да пайдаланган. Анда «Манас» эпосунун дүйнөдө тендеши жок

www.bizdin.kg

зор экендигин белгилей келип, анын жаралган доорун Амир Темирдин (Темирландын) заманына таандык болсо керек деп божомолдойт. Бул киришүүнүн аягына «Манастан» өзү которгон үч текстти кошо жарыялаган.

Демек, «Манас» эпосунун элдик эпос экендиги, дүйнөдө теңдеши жоктугу, башка эпосторго салыштырмалуу улуу эпос экендиги жөнүндөгү алгачкы салмактуу илимий тыянактарды Евгений Дмитриевич Поливанов айтканы маалым болот. Биздин «Манас» изилдөөчүлөр Москва, Ленинград (азыркы Санкт-Петербург) окумуштууларынын «Манас» тууралуу айткандарын кайталоодон мурда, өзүбүздүн кол жазмалар фондусунда турган атактуу лингвист-окумуштуу Е.Д. Поливановдун кол жазмаларына, жарыяланган ой-тыянактарына кайрылышса адилеттүү болоор эле.

АДАБИЯТТАР

[1] *Ларцев В. Г.* Евгений Дмитриевич Поливанов. Страницы жизни и деятельности. М., Главная редакция восточной литературы., 1988-ж., 19—20-б.б.

[2] *Ларцев В. Г.* Аталган китебинин 16-бөтинде.

[3] *Ларцев В. Г.* жогоруда аталган китеп. 24-бет.

[4] *Панов В. М.* Русская фонетика. М., 1967, 381-бет.

[5] *Ларцев В. Г.* Жогоруда аталган китебинин 9-бетинде.

[6] *Ларцев В.* жогоруда аталган китебинин 149-бетинде. Бул шилтеме Вяч. В. С. Ивановдун «Лингвистическая взгляды Е. Д. Поливанова» деген китебинин 65-бетинен алыныптыр.

[7] Академиянын кол жазмалар фондусу, инв. № 110, № 3 дептер, 11-бет.

[8] Евгений Дмитриевич Поливанов о киргизском эпосе «Манас». — «Литературный Узбекстан», 1936, II, 145—156-беттер.

www.bizdin.kg

БЕРКОВ ПАВЕЛ НАУМОВИЧ

(1896—1969)

П. Н. Берков 1896-жылы 2-декабрда Белгород шаарында туулуп 1969-жылы 9-сентябрда Днестровский шаарында дүйнөдөн кайткан орус совет адабиятчысы. СССР ИАнын корреспондент-мүчөсү, Ленинград университетинин профессору. Анын илимий эмгектери 1925-жылдан тартып жарыялана баштаган. Павел Наумовичтин XIII, XIX, XX кылымдагы орус адабияты, анын чет элдер адабияттары менен байланыштары, театр, журналистика, китеп таануу, библиография, адабияттаануу боюнча маанилүү эмгектери бар. Алардын ичинен эң негизгилери: «Ломоносов жана анын мезгилиндеги адабий тартыштар» (1936), «Орус журналистикасынын тарыхы» (1952), «XIII кылымдагы орус адабиятын үйрөнүүгө киришүү» (I бөлүм, 1964), «Введение в технику литературоведческого исследования» (I бөлүм, 1955), «История русской комедии XVIII в.» (1977), «История советского библиографильства» (1971), «Русско-европейские литературные связи» (1966). СССР элдеринин адабияттарын изилдөөгө арналган бир нече макалаларды жазган. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде Кыргызстанга эвакуацияланганда «Манас» эпосун изилдөөгө айрыкча киришкен. Кыска убак ичинде «Идея родины в «Манасе», «Алтайский эпос и «Манас» деген көлөмдүү макалаларды, «Библиографический указатель литературы о «Манасе» (совместно с Э. К. Сагидовой) деген библиографияны жараткан. П. Н. Берков «Алтай эпосу жана «Манас» деген көлөмдүү макаласында бир катар түрк элдеринин – өзбек, азербайжан, түркмөн, казак ж. б. «Алпамыш», «Көр-оглы», «Эдиге» сыяктуу орток эпосу бар экенин, ал эми кыргызда бул эпикалык поэмалар жо-

www.bizdin.kg

лукпасын, тескерисинче кыргыздын башында турган кенже эпостору, «Курманбек», «Эр Табылды», «Мендирман» ж. б. түрк элдеринин эч биринде кезикпешин белгилейт да өзүнүн изденүүсүн кыргыздын эпикалык салты менен алтай-эне-сай маданий чөйрөсү байланышына бурганын айтат. Бирок, хакастардын «Манас» менен тааныштыгынын изин да[1] таппайт.

Ал ошондуктан алтайлыктарга кайрылат. Буга алтай менен кыргыз тилинин түрк тилдеринин ичинен бир группага, кыргыз-кыпчак группасына жатып, экөөнүн өтө жакындыгы, В. С. Виноградов белгилегендей алтай жана кыргыз ыр чыгаруучулук (песнетворчество) принциптери, бирдейлиги, акырында эпос боюнча Манастын төрөлгөндөн эрезеге жеткенге чейинки балалыгы Алтайдан өтүшү себеп болот. «...» Саналган белгилердин таасири менен мен алтайдык фольклордун библиографиясынан издөө баштадым жана айтуучу Н. У. Улагашевдин «Алып-Манаш» поэмасы бар экенин таптым. Ал алтай тилинде, ошондой эле орус тилине которулуп басылган. Аталган эпикалык поэма менен таанышуу алтайлык «Алып-Манаштан» кыргыздын «Манасынын» байыркы «туугандарынын бирин көрүүгө болоору мени ишендирди[2],— дейт. П. Н. Берков «Алып-Манастын» сюжетин төмөнкүдөй үч эпизодго бөлүштүрүп, ар бирине өзүнчө талдоо жүргүзөт:

а) Алып-Манаштын Ак-канга анын кызы Эрке-Карачыга каршы жүрүшү.

б) Ак Көбөндүн чыккынчылыгы.

в) Алып-Манаш өзүнүн аялынын үйлөнүү тоюна катышы.

«Акыркы эпизод каарман өз аялынын үйлөнүү тоюна кайткан «Алпамыштын» экинчи бөлүмүнүн окшош түзүлүшү менен байланыштуулугу айдан ачык көрүнөт, 1943-жылы эле В. М. Жирмунский түрк жана эл аралык эпикалык салттын рамкасында бул сюжеттин өсүп-өнүгүшүн эң сонун көрсөткөн» – деп дагы бир жерде оюн минтип улайт: «Ошентип, алтайлык «Алып-Манаш» сюжеттин курулуш маанисинде «Алпамыш» – «Одиссея» тибиндеги баяндын 3 өтө көөнө версиясын сактаган»[3]. Кыргыздын «Манасы» менен алтайлыктардын «Алып Манашын» салыштырып, экөөнүн ортосунда сюжет жагынан окшоштук жок экенин, бирок мифология жактан жакындык бар экенин, мисалы, Алып-Манаш менен Манастын эпикалык портретинин,

www.bizdin.kg

Аккуланын мифтик-гиперболалык сүрөттөлүшүнүн, Кыз Сайкал менен Аккандын кызы Эрке Каракчынын мүнөздөрүнүн окшоштугун көрсөтөт.

Айтса, Манастын образын алгач тикеден-тике кудайдын образы менен байлаштырган окумуштуу — П. Н. Берков болгон. Ал алтайлыктын эпосунун башкы оң каарманы Алып-Манашты Манас менен генетикалык байланышы бар катары параллель карайт да. Алып-Манаштын байыркы образында өмүр берүүчү, жашоону жаратуучу-күндүн (байыркы элдерин мифологиясында башкы кудай) образы жатат деп болжойт. Б. а. Манастын түпкү образы күн кудайдын образынан өсүп чыккан деген ойду айтат. Эпостогу: «Айың менен күнүндүн бир өзүнөн бүткөндөй»,— деген өтө белгилүү ыр сабына жана ушул өңдүү башка фактыларга таянып, проф. М. Борбугулов П. Н. Берковдун оюн дагы тереңдетип: «Манас — же Ай менен күндүн өзү, же алардын уулу»,— деген жыйынтыкка келген. Муну биздин оюбузча Манаска ат коюлганда анын келечекте ким болорун алдын ала аныктаган:

«Атышкандын алы болсун,
Айдай Манас өзү болсун.
Күрөшкөндүн күчү болсун,
Күндөй Манас өзү болсун»[1] —

деген ыр саптары да ырастайт. Манасты сыпаттоого колдонулган: «айың менен күнүндүн бир өзүнөн бүткөндөй, айдай, күндөй өңдүү формулалар эпостун азыркы ыр саптарында метафора, метонимия, салыштыруу катары колдонулган менен тереңдей карай келгенде, ал рационалдуу ой жүгүртүүнүн натыйжасында баштагы функциясын өзгөртүп» поэтикалык каражатка айланган миф экени анык болот. Б. а. абалкы абалында ай менен күндүн өзүнөн бүткөн (бүткөндөй эмес) же ал ай менен күндүн өзү (айдай, күндөй эмес). Манас сыяктуу каармандын күн менен айдан төрөлүшү түрк-монгол элдеринин эпикалык чыгармаларында салттык мотив болуп келгендиги алардагы байыркы мифтер менен ырасталат. Монголдордун ушул азыркыга чейин сакталып калган байыркы ырында: «Атасы — жаш ай, энеси — алтын күн» — деп айтылат. «Манастагы» башкы оң каармандардын бири Алмамбет нурдан (жаш жигит кебетесинде келип түшкөн айдын нурунан) кадимки жердик

www.bizdin.kg

аялдын боюна бүтөт. Дал ушунун өзүндөгүдөй баян Чыңгызкандын түп аталары төрөлүшү жөнүндөгү монгол санжырасында айтылып келген.

«Ошентип, Алып-Манаш чыккынчы дос жана күйөөсүнүн өз аялынын үйлөнүү тоюна кайтышы менен татаалдашкан Манас жөнүндөгү сюжеттин экинчи этабы болушу мүмкүн. Бирок, башка гипотезага да жол берилиши мүмкүн: Бизге «Алып-Манаш» формасында (же анын түпкү булагынан) жеткен байыркы алтай уламышынан бир жагынан «Алпамыш-Одиссея», башка жагынан кыргыздын «Манасынын» сюжети өсүп чыккан»[1].

П. Н. Берков алтай эпосу «Алып-Манаш» менен «Манастын» байланышы жөнүндөгү корутундусунда мындай жыйынтыкка келген: «Бирок, акырындап кыргыздарда жана алтайлыктарда «Манастын», «Алып-Манаштын» мифтик негиздери күүгүмдөлүп жана адаттагы дүйнөлүк фольклордогу мифтик баатырдык сагага, баатыр жөнүндөгү былинага айланышы болуп өткөн. Алтайда жашоосун уланткан алтайлыктар «Алып-Манаш» поэмасынын өнүгүшү баатырдык поэма-жомок (кожок) баскычында токтогон. Кыргыздарда болсо, мүмкүн али Алтайда, өзгөчө Тянь-Шанга көчкөндөн кийин интенсивдүү саясий тарыхый кырдаалдын таасири менен «Манас» жөнүндөгү миф баатырдык поэма-жомоктун стадиясынан өтүп, кандайдыр бир реалдуу адамга өткөн жана ошол персонаж жөнүндөгү баяндар менен биригишкен. Ошентип, кыргыздын «Манасы» алгачкы мифтен монументалдуу эпопеяга, кыскача айтымдан зор поэмага чейинки өсүүнүн узак жолун басып өткөн»[2]. «Ата журт идеясы «Манаста» («Идея родина в «Манасе») макаласынын башталышында Патриархалдык урук-уруулук патриотизмдин издери ачык сакталган башка түрк урууларынан айырмаланып, кыргыздар ата-журт деп алда канча бийик территориялык форманы гана билишерин белгилейт. Б. а. башка түрк элдеринде ата журт деген түшүнүк адамдын уругу же кеңири мааниде уруусу менен гана байланышып, территория эч кандай роль ойнобосо, кыргыздарда, анын ичинде алардын эпосу «Манаста» ата-журт жөнүндөгү бийик түшүнүк территория менен тыкыс байланыштуу. Бул көз караш «Манас» менен окумуштуулардын ичинен алгачкылардан болуп таанышкан В. В. Радловдун төмөндөгү пикири менен үндөшүп турат: «Башка

www.bizdin.kg

түрк урууларына салыштырганда элдик аң-сезим аларда (кыргыздарда — Р. С.) өтө бийик өнүккөн. Өткөн кылымдардагы тынымсыз согуштар аларды бир бүтүндүккө бекем бириктирген, эгерде саясий жагынан мамиле көчмөн элдерге ойго келгис нерсе болсо, эң кур дегенде жалпы умтулуулары, идеалдары аларды башка уруулаштарынын арасынан кескин айырмалап турат»[1].

Ошентип окумуштуулардын көз карашында кыргыздарда ата журт деген түшүнүк өтө бийик. П. Н. Берков жогорудагы оюн Манас элин Алтайдан ата мекени жер соорусу Ала-Тоого көчүрүшүнүн, эрезеге жеткен уулу Семетейге Каныкей анын кереметтүү ата журту Таластын пейзажын терең, назик лирикалуулук баяндашынын, Алмамбеттин өзү таштап кеткен ата-журтун көксөөнүн, сагынычынын мисалында негиздейт. «Ушунчалык кеңири формада ата-журт идеясы кыргыз элинде өнүгүшүнө көптөгөн социалдык-саясий себептер түрткү болгон. Албетте, улуу эпос «Манас» чечүүчү болбосо да бул маселеде акыркы ролду ойногон эмес. Ал бардык эле гениалдуу элдик чыгармалар сыяктуу турмушту пассивдүү чагылдырбастан аны активдүү калыптандырган, каармандыктын, эрдиктин ак пейилдүүлүктүн улуу мектеби, жалпы адамзаттын бийик имандуулугунун мектеби болгон» — деп жыйынтыктайт, жогорудагы көз карашын. П. Н. Берков Э. Н. Сагидова менен бирдикте «Манас» тууралуу адабияттардын библиографиялык көрсөткүчүн (Библиографический указатель литературы о «Манасе») түзгөн. Көрсөткүчтө 1849-жылдан (кыргыз эпосу «Манас» жөнүндөгү майор Франелдин маалыматынан баштап) 1960-жылга чейинки «Манас» эпосуна байланыштуу (негизинен жарыяланган материалдар) он эки тилдеги (кыргыз, орус, немис, түрк, англис, литва, алтай, француз, казак, украин, өзбек, венгер) 695 адабият топтолгон. Эпостун музыкалык жагы, обону туурасындагы маалыматтарды камтыган адабияттар менен катар «Манастагы» антропоним, топоним, этнонимдерге байланыштуу материалдарга да көрсөткүчтөн орун ыйгарылган хроңологиялык тартипте берилип, ар бир жылдагы материалдар бөлүм-бөлүм боюнча жайгаштырылган: 1) Эпостун кыргыз тилинде жарык көргөн тексттери (өзүнчө китеп болуп чыккан) журналдарга, жыйнактарга жарыяланган, газеталарга басылган макалалар; 2) «Манастын» текстинин

www.bizdin.kg

кыргызча, кара сөз менен берилген баяндамалары; 3) текстин орус тилиндеги котормолору (китептеги, журналдардагы, жыйнактардагы, газеталардагы), башка тилдеги котормолору (китептердеги, журналдардагы, жыйнактардагы, газеталардагы). Көрсөткүч чакан кириш сөздөн, пайдалануу ыңгайлуу болуш үчүн предметтик жана ысымдык көрсөткүчкө менен жабдылган. Түзүүчүлөр «Манас» изилдөөнүн өнүгүшү үчүн маанилүү деп эсептеген, айрым машинкага басылган кол жазмалар (Мисалы, М. О. Ауэзовдун) да көрсөткүчкө киргизилген. Кыргыз ССР ИАнын КФда сакталып турган «Манас», «Семетей», «Сейтектин» көптөгөн айтуучулардан жазылып алынган кол жазмалардын тексттери көрсөткүч киргизилбеген. Аларды баяндап жазып чыгуу ишин академиянын кызматкерлеринин милдети деп эсептейт көрсөткүчтү түзүүчүлөр[1].

АДАБИЯТТАР

[1] *Берков П.Н.* Алтайский эпос и «Манас». Китепте: Киргизский героический эпос «Манас». — М., 1961. с. 235.

[2] Ошонун өзүндө, 236-б.

[3] Ошондо, 246-б.

[4] *Набиев А.* Манас. КРИУА. МКУБ. Кф. Инв. №1116, 230-б.

[5] Жогорудагы китепте, 250-б.

[6] Ошонун өзүндө, 255-б.

[7] *Төлөгөнова С.* Библиографический указатель литературы о «Манасе». — «Манас» энциклопедиясы. — Бишкек, 1995, т. I., 145—146-бб.

www.bizdin.kg

АУЭЗОВ МУХТАР ОМОРХАНОВИЧ

(1897—1961)

Ауэзов Мухтар Оморханович (16/28) сентябрь, 1897, Семей обл., Абай району, 26-июнь 1961, Москва, сөөгү Алматыга коюлган) — казак элинин улуу жазуучусу, көрүнүктүү окумуштуу, коомдук ишмер. Казак ИАнын академиги (1946), Казакстандын илимге эмгек сиңирген ишмери (1957), СССРдин казак адабият жаатындагы Сталиндик (1949), Лениндик (1959) сыйлыктарынын лауреаты.

Семей шаарындагы орус окуу жайынан окуп, аны бүткөн соң ошол эле шаардан мугалимдер семинариясын (1919) бүтүргөн. 1923-ж. Ташкендеги Орто Азия мамлекеттик университетине кирип, 1924-ж. Ленинград университетине которулуп, анын филология факультетин 1928-ж. бүтүргөн. 1928—30-жылдары Орто Азия университетинде аспирантурада окуган.

Чыгармачылык жолун 1917-ж. «Эңлик-Кебек» аттуу чыгарма жазуудан баштап өмүр жолунда көптөгөн аңгеме, очерк, повесть, драма, роман ж.б. жаратып, өзгөчө бай мурас калтырган. Айрыкча анын «Абай жолу» аттуу төрт бөлүмдөн турган роман-эпопеясы дүйнө элдерине кеңири тарап, жогору бааланып, көп тилдерге которулуп, жазуучуга зор атак-даңк алып келген.

М. О. Ауэзовдун ысмы көрүнүктүү окумуштуу катары да илим дүйнөсүнө белгилүү. Ал казак адабияты боюнча алгачкы окуу китептеринин авторлорунан, анын калеминен казак жана СССР элдеринин адабияттарынын тарыхы менен теориясына арналган ондогон фундаменталдуу эмгектер жаралган.

М. Ауэзов өз өмүрүндө кыргыз элинин белгилүү интеллигенттеринин, айрыкча биринчи муундагы белгилүү жа-

www.bizdin.kg

зуучулардын дээрлик баары менен тыгыз байланышта болуп, таттуу алакада жүргөн, чыгармаларына баалуу пикирлерин айтып, керек учурларда жөлөк-таяныч болгон. Кыргыз жазуучу-акындары да анын кеп-кеңештерин жогору баалап, өзүнө урмат-сый менен мамиле кылышкан. Ч. Айтматовдун келечектүү талант экендигин алгачкылардан болуп көрө билип, колдоо көрсөткөн.

М. Ауэзов 20-жылдардан тартып эле кыргыз жергесине көп каттап, кыргыз фольклоруна, адабиятына кызыгып, айрыкча «Манас» эпосун изилдөөгө чоң салым кошкон.

М. Ауэзов Ленинград университетинде окуп жүргөндө Кыргызстанга келип, ошол кезде кагаз бетине түшүрүлгөн Сагымбай манасчынын варианты менен кеңири таанышып чыгат. Ошондон тартып, «Манас» проблемаларына бир нече жолу кайрылган. Көптөгөн жылдарга созулган изилдөөсүнүн жыйынтыгын «Киргизская народная героическая поэма «Манас» аттуу көлөмдүү изилдөөсүндө корутундулап берген. Окумуштуунун бул фундаменталдуу эмгеги манастаануу илиминде бүгүн да өзүнүн терең маанисин сактап келүүдө. Эмгектин толук иштелип чыккан акыркы редакциясы М. Ауэзовдун 1959-ж. жарыяланган «Мысли разных лет» («Ар жылкы ойлор») аттуу жыйнагында биринчи жолу жарык көргөн. Ошондой эле «Манас» эпосуна атайын арналып 1965-ж. Москвада басмадан чыккан «Киргизский георический эпос «Манас» аттуу жыйнакка да киргизилген.

М. О. Ауэзов изилдөөсүндө «Манас» эпосунун өзгөчө мааниге ээ илимий проблемаларынан актуалдуулук маңызы боюнча баалуулугун бүгүн да жогору сактаган беш багытына атайын токтолуп, ар бир бөлүм боюнча кеңири аргументтештирилген терең ойлорун айтат.

М. Ауэзов «Манас» жөнүндөгү сөздү бул улуу эстеликти жараткан, өстүрүп-өнүктүргөн, укумдан-тукумга өткөрүп сактап келген манасчыларга тиешелүү жалпы маалыматтардан баштап, ошол көркөм сөз өнөрчүлөрдүн чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн талдоого алат, Келдибектен баштап, Балык, Найманбай, Акылбек, Тыныбек, Сагымбай, Саякбай ж.б. белгилүү жомокчулардын өмүр жолуна, өнөр ээси катары өзгөчөлүктөрүнө, манасчылык кесиптеги түш көрүү, өзүнөн жашы улуу, тажырыйбасы мол устаттан таалим алып, өнөрдүн сырын, жол-жобосун үйрөнүү, кесип-

www.bizdin.kg

тик мектеп, анын ар бир манасчыга жана жалпы эле чыгарманын мазмундук, формалык белгилеринин такталып, калыптанышындагы мааниси, ойногон ролу ж.б. маселелер боюнча илимий баалуу пикирлерин ортого салат.

Окумуштуу «Манасты» аткарган эл арасында «жомокчу» деп аталуучу чыныгы эпикалык өнөр ээлери чыгармачылыгынын мүнөзү жактан казак, кыргыздардын акынырчыларынан айырмаланып өзүнчө турган, репертуары жана аны аткаруунун мүнөзү жактан да өзгөчөлөнгөн атайын топ экенин белгилеп, чыныгы жомокчулар майда ырларды аткарбастыгын, алар жалаң бир гана чыгарманы «Манасты» айтарына көңүл бурат. Кошок, арман ж.б. көңүл ачуу максатындагы майда жанрларды аткаруучу ырчылар кээде аудиториянын талабы боюнча «Манастан» айрым үзүндүлөрдү да айтуусу мүмкүн, бирок, аларды кадимки чыныгы жомокчу дешке болбойт. Анткени андай ырчылардын репертуары ашып кетсе эпостун элге кеңири белгилүү болгон «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат», же «Семетейдеги» Семетейдин Айчүрөктү алышы сыяктуу учурларды курч сюжеттик курулушу, же турмуштук-этнографиялык маалыматтары аркылуу кызыктыруучу эпизоддор менен гана чектелет — дейт. Демек, чыныгы жомокчулук наамга эпостун окуяларын ирээти менен баштан-аяк толук айткан манасчылар гана татыктуу.

М.О. Ауэзов манасчылык өнөргө байланыштуу эпостун тексттеринде чыгарманы ким биринчи жаратканы жана мурда өткөн айтуучулар жөнүндө эскерген кабар-маалыматтардын сакталбаганына көңүл бурат. Илимге белгилүү манасчылардын арасынан жалгыз Сагымбай Орозбаков айткан вариантта гана кырк чоронун биринен болгон Жайсаң ырчы эскерилерин, анын талантынын деңгээлин боз үйдүн көрүнүш-кооздуктарын гана жарым күнү ырдай алганынан байкаларын айтат (окумуштуунун ушул маалыматында так эместик кеткен Сагымбайдын вариантында кырк чоронун арасында Жайсаң деген адам эскерилери чын. Бирок, ал ырчы делбейт. Жалаң үйдүн борумун жарым күнү ырдаган Жайсаң деген ырчы башка адам. Ал улуту боюнча калмак, Манас Карабөркккө үйлөнгөндө Кайып кан кызына тигип берген сеп боз үйдүн ички кооздугун ошол Кайыптын Жайсаң аттуу ырчысы жарым күнү сыпаттап ырга кошот.

www.bizdin.kg

Манастын кырк чоролорунун ичинде ырчылык өнөрү менен белгилүү болгону — Ырамандын уулу Каратай, ал ырчылык өнөрү аркылуу Ырчы уул атыккан. Кыргыздардын арасында айтылган легенда-уламыш боюнча ошол Ырчы уул Манас өлгөндө анын эрдиктердин кошок түрүндө ырга кошкон экен, ошол кошокторду бириктирип, бир чыгармага айланткан легендарлуу Токтогул ырчы болуптур делет. (— С.М).

«Манасты» мурда айткан адамдардын ысымдарынын эсте сакталып калбоосун М. Ауэзов ар бир айтуучу эпосту аткарганда өз атынан, өз чыгармасы катары эмес, белгисиз бирөөнүн айткандарын кайталап айтып берип жаткан жөнөкөй аткаруучу катары аракеттенет. Манасчы — айтуучу гана, чыгарманын мазмунун өз сөздөрү менен баяндап жаткан адам, лирикалык чегинүүлөр жасоого, өз оюн билдирүүгө укугу жок, ал ыктан чыгуу жанрдын калыптанган салттык мыйзамдардын бузуу менен барабар. Ушул жол менен гана манасчылар чыгарманын канондук мазмунун өзгөртпөй сактап келишкен деп эсептейт. Демек, чыгарманы ким мурда кандай айтканы маанииге ээ эмес, мазмун менен форманын салттуулугу чечүүчү роль ойнойт, ошон үчүн эпостун ар бир аткаруучусу аны өзүнөн мурда ким аткарганын айтмак турмак, атайылап эле эскербөөгө аракет кылат. Өзү сыяктуу эле мурдагы манасчылар да кимдир бирөөнүн даярдаган мазмунун гана кайталап баяндаган адам деп түшүнөт. Окумуштуу бул өзгөчө ыктын дагы бир белгисин манасчылардын түш көрүүсүнө жана өнөр ээлеринин түшкө ишенүү салтынан көрөт: «Дело в том, что в среде киргизских джомокчу существовала и в известной мере продолжает существовать вера в наитие (дааруу), по этому настоящие певцы «Манаса» выдавали свой вариант за нечто внушенные им свыше, объясняли его вмешательством сверхестественных сил, якобы призвавших их к этой роли и вселивших в них как в избранников знание «Манаса» (Киргизский героический эпос «Манас», Москва, 1961 стр, 17). Эпостун ченемсиз зор көлөмү аны аткарган өнөр ээлерине касиеттүү күч даарып, жардам берерине угуучулардын ишенимин бекемдигин мындай эбегейсиз чоң көлөмдү жаттап алып айтуу мүмкүн эместик айдан ачык эле. Анын үстүнө ар бир айтуучу өзү аткарган текст «совершенно самостоятельный, что он продиктован

www.bizdin.kg

ему «свыше». Это утверждение стало профессиональным приемом, и ни один джомокчу не избегал его» (көрсөтүлгөн эмгектин ошол эле бети).

Ушул салтка ылайык манасчылар айткан тексттерде мурда өткөн эпостун аткаруучуларынын ысымдары эскерилген эмес жана ар бир айтуучу өзүн да чыгарманын ээси катары эсептеген эмес.

М. Ауэзовдун ою боюнча өзү айтып жаткан чыгармага ээлик кылууга акысы бар адам катарындагы ой эсине келген манасчы жалгыз Сагымбай Орозбак уулу («А может быть Сагымбай Орозбаков — это первый сказитель эпоса, до сознания которого дошел вопрос об авторском праве и соблазнил его»). Ошон үчүн анын вариантында ыгы келген жерлерде жогор жактан колдоо алган Сагымбай жөнүндө эскерүүлөр учурайт.

Эпостун тексттеринде сакталганы менен карапайым угуучулар — эл ичинде таланттуу манасчылардын ысымы, алар жөнүндөгү легендалык мүнөздөгү маалыматтар кеңири сакталып, узак убактарга чейин айтылышы мүмкүн. М. Ауэзов ошондой даңктуу жомокчулардын жаш жагынан улууларынын бирине болжол менен 18-кылымдын аяк чендеринде жашаган Келдибекке, аны менен замандаш Балыкка, Балыктын уулу Найманбайга, Тыныбекке токтолуп, алардын өмүр жолунун, чыгармачылыгынын эл оозунда айтылган мүнөздүү учурларына көңүл бурат. Тыныбек манасчынын көргөн түшүн толук келтирет.

М. Ауэзовдун ою боюнча чоң жомокчулар аэд, ал эми ырчыларды рапсоддор дешке болот (— Джомокчу — аэд, тогда как ырчы родственны древнегреческим рапсодам»).

Ар бир манасчы өзү айткан тексттерди жалгыз ага гана жогорудан ыроолонгон, колдоочу күч-арбактар айтып, оозуна сала берген ыр саптары катары түшүндүрүүгө аракет кылганына карабастан алар аткарган материалдарда мазмун окуя жактан да, стилдик ык, көркөмдүк белгилер боюнча жакындыктар даана байкалаарына атайын көңүл бурган окумуштуу улгайган угуучулардын берген кабарларына таянып Акылбек, Тыныбек, Найманбай сыяктуу белгилүү жомокчулар эпостун окуяларын Манастын туулушунан баштап, Алмамбет, Кошой, Жолой жөнүндөгү баяндарды, ошондой эле «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат» ж.б. эпизоддорду бирдей ирээтте баяндашкандыгын, ал гана

www.bizdin.kg

эмес бардык айтуучулар бирдей каармандарды, жер-суу аттарын эскеришкенин баса белгилеп көрсөтөт. Манасчылар айткан тексттердеги жакындыктар, айрыкча, алар бир мектеп өкүлдөрүнө кирүүсүнө карай арбын болоруна көңүл бурат.

М. Ауэзов манасчылык өнөрдүн бир нече мектептери болсо керек деген божомол айтуу менен бирге азыр эки мектеп — Нарын жана Каракол мектеби белгилүү дейт жана Нарын мектебинин өкүлү катары Сагымбайды, Каракол мектебинин өкүлү деп Каралаев Саякбайды көрсөтөт.

«Поэманын мазмунуна кыскача талдоо» деген тема коюлган эмгектин экинчи бөлүгүндө окумуштуу курулуунун өтө узак жолун басып, ар түркүн тарыхый учурларга таандык окуяларды чагылдырган, көптөгөн айтуучулардын чыгармачылык аракетинин натыйжасы болгон бул чыгарма конструктивдик курулушу жактан ар түркүн, ар кыл, кээде карама-каршы да элементтерден турарын белгилей келип, Сагымбай менен Саякбайдын варианттарына таянуу менен эпостук окуяларын алты темага бөлүп 1) Манастын туулушу жана балалык чагы; 2) согуштар-казаттар; 3) Алмамбеттин — баатырдын жакын жардамчысынын жана эмчектеш тууганынын келиши; 4) Көкөтөйдүн ашы; 5) Манастын Каныкейди алганы; 6) Көзкамандар окуясы (манастын туугандары), ар бир темага кирген окуяларды кеңири талдоого алат. Ушул негизги алты темадан башка да мүнөзү жактан алардан бөлүнүп турган алты кандын Манаска каршы чыгышы, дөө-пери окуялары ж.б. сыяктуу бир катар майда окуялар да орун алган бул татаал курулмалуу өзгөчө зор көлөмгө ээ чыгармада мазмундук бүтүндүктү камсыз кылып турган жалпы тема Манас баатырдын өмүр жолу жана башынан өткөргөн каармандык иштери. Ошон үчүн поэма Манастын аты менен аталышы да кокустук эмес.

Манастаануу илиминин пайда болуу башатынан бери карай анын өсүп-өнүшүнүн бардык этаптарындагы адистер үчүн терең кызыкчылык туудурган ары татаал, ары талаш-тартыштары арбын маселенин бири чыгарманын пайда болуу доору эле. Бул маселеге М. Ауэзовдун эмгегинин үчүнчү бөлүгү арналган. Бөлүмдү автор «Манас» эпосунун пайда болуу учуру жөнүндө» («О времени возникновения эпоса «Манас») деп атайт.

www.bizdin.kg

«Манас» эпосунун мазмунунда баяндалган маалымат-кабарлар менен байыркы кыргыздардын тарыхый жолундагы белгилүү фактыларды салыштыра келип, окумуштуу чыгарманын алгачкы негизин түзгөн окуяларда... «отразились события той отдаленной эпохи, когда киргизы были могущественным народом, чьи многократные походы и длительные войны составили целую полосу в истории. Это был народ с IX по X век, названный академиком В.В. Бартольдом периодом «Киргизского великодержавия» — деген жыйынтыкка келет. Эпоско уютку болгон алгачкы өзөк окуя — деп, «Чоң казатты» эсептейт. Эпос боюнча Манастын жетекчилиги менен кыргыз колу 40 (кээде 90) күндүк жол басып жетип, багынткан сепилдүү чоң шаар Бээжин делсе, тарыхта мурдатадан эле кыргыздардын эбегейсиз зор уйгур кандыгын каратып, 840-жылы алардын борбордук шаары Бейжинди басып алгандыгы кеңири белгилүү. Бул эки фактынын түпкү теги бир — деген жыйынтык чыгарат.

М. Ауэзовдун ою боюнча Манас турмушта жашаган реалдуу адам. Ал уйгурларды каратканда кыргыздарга башчы болуп, 847-жылы өлгөн ажо-башкаруучу. Анын аты жазма булактарда эскерилбегени менен окумуштуу ошол тарыхый доордун жашоочуларынан бир да конкреттүү адамдын аты сакталбаганына көңүл буруп, мындай абалдын себебин кыргыздар жөнүндөгү (үзүлдү-кесилди мүнөздөгү жазуу жүзүндөгү кабарларды алар өзүлөрү эмес бир топ алыс жашаган коңшулары калтыргандык менен түшүндүрөт) кыргыздар өзү оозеки тарыхый маалыматтар топтогон баалуу казнасында — өлбөс мурас болгон эпосунда сактап калган.

Эпостун уюткулук милдет аткарган алгачкы саптарын ошол улуу жүрүштүн өз катышуучулары-жоокерлер өзүлөрү көзү менен көргөн эрдик иштерди даңазалап ырга кошуу аркылуу жараткан — деген ишенимди айтып, андай адам катары Ырамандын ырчы уулун көрсөтөт. Мындай салт башка элдердин чыгармаларында да орун алганын эскерте келип, мисалга орустардын белгилүү эстелик чыгармасы «Игордун полку жөнүндөгү сөздү» келтирет. Ушул негизге таянып окумуштуу «первая песня эпоса «Манас», на наш взгляд, созданы или в годы похода на Бей-Тин или в годы, непосредственно следующие за ним» (эскерилген эмгек, 53-бет) — деген жыйынтыкка келет.

www.bizdin.kg

Ушул оюн дагы тереңдетип, ишенимдүүлүгүн бекемдөө максатында окумуштуу «Манас» эпосунун тексттеринде кыргыздардын оозеки майда ырларынын, айрыкча кошок менен керээз жанрларына жата турган материалдар өзгөчө арбын жолугарына көңүл бурат жана көптөгөн керээз, кошоктордун мазмунуна талдоо жүргүзүп, алардын айрымдарынын эволюциялык жолуна токтолуп, мисалдар келтирүү аркылуу ар бир кошок убакыт таразасынан өтүү менен эпоско айлануу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигин баса белгилей келип: «Исходя из приведенных выше соображений мы считаем вполне законным высказать мысль, что первые песни, вошедшие в «Манас» сложены в годы тех великих истории киргизского народа событий, которые связаны с деяниями выдающегося исторического героя (независимо от того был ли он ажо, шад, апа, тархан или просто батыр), благодаря которому киргизский народ одержал победу над поработившими его сильными врагами. А деятельность этой личности должна была протекать в эпоху «Киргизского великодержавия». Эти песни — пусть вначале краткие-сложены были именно в годы смерти названной личности. Этого требовал обычай оплакивания умершего, древний обряд, сопровождавший возведение балбалов в год смерти героя. (жогоруда аталган китептин 61-бети).

Окумуштуунун ушул жоромол ою кыргыздар арасында мурдатадан айтылып келе жаткан белгилүү легендага үндөшүп турат. Легенда боюнча Манас баатыр өлгөндө анын эрдик иштерин Ырчыуул кошок түрүндө ырга кошкон экен. Ошол эл арасында айтылып жүргөн кошокторду кийин Токтогул ырчы бириктирип, бүтүн чыгармага айлантыптыр. Кыясы эмгек жазылган учурда окумуштуу бул легенда жөнүндө кабары жок болсо керек. Анткени ал изилдөөсүндө «Манасты» баатыр менен кошо жүргөн жоокер биринчи болуп ырга кошсо керек — деп жоромол айтып, андай жоокер катары Ырчы уулдун атын атаганы менен мындай маалымат кыргыздар арасында сакталганын эскербейт.

«Манас» эпосундагы мүнөздөр жана образдар делген тема коюлган эмгектин төртүнчү бөлүгүндө чыгарманын борбордук каарманы Манас жана бул негизги образды толуктап, кеңейтип турган көптөгөн оң жана терс жардамчы образдарга токтолуп, алардын минген аты, кийген ки-

www.bizdin.kg

йими, урунган курал-жарагына чейин кеңири талдоого алынат. Манастын жакын жардамчылары болгон акылдуу аялы, кырк чоро баштаган көптөгөн жоокерлери, тилектеш достору турмак, кастары да «каждая фигура из среды врагов оттеняет, подчеркивает положительные качества главного героя». Бул корутундусу аркылуу окумуштуу башкы каарман Манастын образы эпос үчүн анын идеялык багытын, окуялардагы негизги теманын ачылышында чечүүчү роль ойногонун баса белгилейт.

Эмгектин бир кыйла көлөмдүү бешинчи бөлүгүндө чыгарманын көркөмдүк касиеттери кеңири талдоого алынып, киришүү, башталма (зачин), баяндоо ж.б. сыяктуу көркөм ыктын көптөгөн түрлөрү, эпостун текстеринен алынган кеңири мисалдардын жардамы менен көрсөтмөлүү далилдейт. Айрыкча жалаң «Манас» эпосуна гана мүнөздүү болгон бир каармандан экинчисине, бир окуядан башкасына өтүү зарылчылыгы туулганда пайдаланылуучу, адатта, туруктуу мүнөздөгү 2—4 сап ырдан турган:

Аны таштап салыңар,
Манастан кабар алыңар.
«Аны мындай таштайлы,
Арстан эрдин кырк чоро,
Алыста жүргөн арстандар
Алардан кабар баштайлы» ж.б.

түрүндөгү, сөз ким, же кимдер жөнүндө боло тургандыгына жараша маалыматтык маңызда туюнтуучу саптары гана өзгөрүп, башкасы бир калыпта айтылуучу ыр курумуна көңүл бурулат жана эпостун көп окуялуу, татаал сюжеттик курулушунда мындай ыктын мааниси бааланат.

Чыгармадагы көркөм каражаттардын түрлөрү, ыр курулушу, уйкаштыктын көп жактуу көрүнүштөрү кеңири талданат.

Манастаануу илиминин калыптануу жолундагы алгачкы башаттарында жаралган чоң окумуштуунун бул фундаменталдуу, камтыган багыттарынын кенендиги, козгоп, омоктуу ойлор айткан проблемаларынын орчундуулугу менен айырмаланып турган эмгегиндеги көтөрүлгөн маселелердин көбү, бүгүн жалпыга маалым, талаш туудурбай турган кайдыгер фактылар катары сезилсе да ошол эмгек алгач пайда болгон тарыхый шартта өзүнүн орчундуулу-

www.bizdin.kg

гу, маанисинин терендиги, жаңылыгы ким-кимге болсун күмөн туудурбай турган, ар бир адистин кызыгуусун жаратуучу актуалдуу ой-пикирлерден эле.

Окумуштуунун айрым жоромолдору азыр такталды, айрым корутундулары өз курчтук мүнөзүн жоготту, бирок жалпы эмгек, анын баа баркы, керектүүлүгү али төмөндөй элек.

М. Ауэзовдун кыргыз элине, ал элдин улуу эстеликмурасына өзгөчө мамилесин 1952-жылкы «Манастын» тагдыры чечилип, эпос элге жат чыгарма катары пайдалануу га тыюу салынуу коркунучу астында тургандагы анын ишаракеттеринен да таасын көрүнүгө болот. Борбордук газеталарга «Манас» эпосун реакциячыл, зыяндуу чыгарма катары катуу сынга алган макалалар жарыяланып, натыйжада бул чыгарманын тагдырын чечүү үчүн Жалпы Союздук илимий конференция уюштурулган. Ошол конференцияга Муктар Оморханович да келип катышкан. Бирок, ал Казакстандын окумуштууларынын бири катары эмес, москвалык окумуштуулардын арасында келген. Окумуштуу бул жыйынга катышпай койсо деле болмок. Ал гана турмак ага Фрунзеге келүү, жыйынга катышуу кооптуу иш эле. Анткени ошол учурда М. Ауэзов эскичил — делген жалаа жабылып, камалып калуу коркунучу туулганда Алматыдан Москвага качып кетип, Медина Богдановanын жардамы менен мугалимдик кызматка орношуп, университетте сабак берип жүргөн болчу. Өз абалынын оорчулугуна карабай, башын тобокелге салып Алматынын жанындагы Фрунзеге келиш, келгенде да өзгөчө чырдуу, кооптуу ишти талкуулоого жоопкерчилик аркалап форумга катышуу үчүн келүү өзүнчө баатырлыкка тете, тобокелчиликке барган кадам эле. Кыясы мурдатадан аралашып жүргөн бир боор эл кыргыздарды, алардын өзгөчө баалуу мурасын кыя албай, чечүүчү учурда четте турууну кыянатчылык катары түшүнүп, өз коопсуздугун тобокелге салса керек.

М. Ауэзов форумдун ишине жөнөкөй эле угуучунун бири болуп катышпастан, көп алдында журт алдына чыгып, өзүнүн калыс пикирин айтып, жыйындын корутундусу кыргыз элинин, анын улуу мурасынын пайдасына чечилүүсү үчүн аракет кылып, аздыр-көптүр салымын кошкон. (Иштин жөнүн анча биле бербеген айрым адамдар ошол маанилүү конференцияда М. Ауэзов чечүү роль ойноп, «Манасты» сактап калган — деген ойлорду басма жүзүндө айтып

www.bizdin.kg

жүрүшөт. Чынында жакшы ниет менен колунан келген аракетин М. Ауэзов жасаганы чын, бирок, ал жыйында чечүүчү роль ойногон адамдын абалында болгон эмес, тескерисинче өзү куугун-сүргүндө жүргөндөрдүн бири эле. Ошого карабай бул улуу инсанга ыракматтан башка сөз жок. Ар бир кыргыз жалпы «Манаска» өтөгөн иш-аракеттери үчүн ага карыздар деш жөндүү).

Конференцияда сүйлөгөн сөзүндө М. Ауэзов «Манасты» изилдеп үйрөнүү ишине 30-жылдардын башынан тартып киришкенин, кийин ошондо жазган ишин бир нече жолу толуктап, кайра иштеп чыкканын айтып, ал кездеги колдо болгон жалгыз вариант Сагымбай Орозбаковдон жазылган тексттер болгондуктан эпоско карата пикир-ой айтууда ошол вариантка таянганын жана ал кездеги фольклористика илиминде өкүм сүргөн, туура эместиги кийин айгинеленген жобо-түшүнүктөргө, айрыкча баатырдык эпосторду феодалдык, княздык-кошундук чөйрөгө таандык чыгарма катары баалаган салтка негизделгендиктен жеке эле Сагымбайдын вариантын гана эмес, жалпы эле «Манасты» феодалдык эпос деген туура эмес корутундуга келгенин, кийин ал көз карашын кайра карап чыгып, Сагымбайдын вариантындагы айрым айтуучу жеке өзү киргизген терс кошумчалардын бардыгын эскертүү менен коллективдүү чыгарма болгон эпостун негизи элдик деген жыйынтык чыгарганын айтат.

М. Ауэзов конференциянын катышуучуларына кайрылып: «Манас» кыргыз элине керекпи? Курама вариант түзүү мүмкүнбү, мүмкүн болсо кандай ык менен, кантип түзүү керек? — деген үч суроо коюп, ал суроолорго өзү чечмелеп жооп берет.

М. Ауэзов түз, так коюлган биринчи суроого форумдагы негизги докладчы Боровков оң жооп бербегенин, чынында анын докладынын токсон тогуз проценти терс, бир гана проценти оң көрүнүштөрдү баяндоого арналганын, ал эми кошумча докладдар менен дискуссия катары басма сөзгө жарыяланган материалдардын басымдуу көпчүлүгүндө коюлган суроого так айтылган оң жооп бардыгын белгилейт. Өз ою катары «Манас» кыргыз элине керек — деп, баса айтып, кыргыз тилинин, поэтикасынын, жалпы элдик рухий маданияттын казынасы экендик бул улуу эстеликтин элге керектүүлүгүнүн далили — дейт.

www.bizdin.kg

Экинчи суроосуна курама вариант түзүү мүмкүн — деп, муну өз учурунда үч вариантты бириктирип, бир чыгарма түрүндө берген В. В. Радлов небак эле илимде далилдегенине көңүл бурат. «Манастын» түрдүү варианттарында жалпылык мүнөздөгү белгилер эң көп экендигин эскерте келип, ошолордун негизинде курама вариант түзүү керек — деген оюн айтат. Өзү койгон үчүнчү суроого ар бир варианттагы кайталоолорду, кошумчаларды кыскартуу аркылуу эпостун мүнөздүү белгилерин, байыркы көрүнүштөрүн сактоо жолу менен аракеттенүү зарылдыгын эскертет.

М. Ауэзов өз сөзүндө эпостун жаралыш доору жөнүндөгү талаштуу маселеге да кайрылып, бул маселе боюнча негизги докладга Л.И. Климовичтин чыгарманы 16—18-кылымдар арасындагы калмак-жунгар баскынчылыктарына байланыштыруусуна чечкиндүү каршы чыгат жана «Манасты» бир гана тарыхый шарттын учуру менен чектөө туура эместигин белгилейт. Анын ою боюнча эпоско калмак-жунгар доорунун да таасири болушу мүмкүн, бирок чыгарманын уютку-өзөк окуялары элдин алда канча мурдагы тарыхый учурлары менен байланышкан.

М. Ауэзов «Манас» эпосун башка эл өкүлдөрүнө кеңири тааныштырып, улуу эстеликтин кадыр-баркынын өсүшүн камсыз кылуу үчүн анын миң жылдык мааракесин кеңири белгилөө аракетинин кызуу колдоочуларынын биринен болгон, көзү тирүү кездеринде илимий консультант катары юбилейдин даярдык иштеринин баарына активдүү катышкан.

М. Ауэзов 1948-жылы өзү түзүүчү, редактор болуп, «Манаска» тиешелүү илимий иштердин жыйнагын басмага даярдаган. Бирок жыйнак жарык көргөн эмес (ошол М. Ауэзов даярдаган илимий эмгектердин жыйнагы «Манас» героический эпос киргизского народа» — деген ат менен толукталып 1968-жылы С. Мусаевдин редакциясы астында жарык көргөн. Жыйнакка С. Мусаев жазган «От редактора» — деген кириш сөздө жыйнакты даярдоо багытындагы Муктар Омархановичтин демилгеси, иш-аракети, эмгеги баса белгиленген).

М. Ауэзовдун көркөм чыгармаларынан «Абай жолу» роман-эпопеясы (1955—65-жж.), «Караш-караш окуясы» повести, айрым аңгемелери, илимий эмгектери кыргыз тилине которулуп, жарык көргөн.

www.bizdin.kg

Казак элинин улуу уулу М. Ауэзовдун кыргыздар арасындагы өзгөчө жогору кадыр-баркынын далилин Бишкек шаарынын чок ортосундагы өзгөчө кооз жайлардын биринен орун алган анын эстелигинен да көрүүгө болот.

АДАБИЯТТАР

[1] *Ауэзов М.* Чыгармалары, 12 томдук — 1—12 т. — Алма-Ата, 1967—1969.

[2] *Ауэзов М.* «Абай», тарыхый роман, 1—2 китеп. — Фрунзе, 1955—57.

[3] *Ауэзов М.* «Абай жолу», роман, 3—4-китеп. — Фрунзе, 1963—1965.

[4] *Ауэзов М.* «Караш-караш», аңгемелер жыйнагы. — Фрунзе, 1969; Киргизский героический эпос «Манас».— Москва, 1961; «Манас» эпосун изилдөөгө арналган Бүткүл союздук илимий конференция. Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун кол жазмалар фондусу, инв. № 851, 852, 853; «Манас» энциклопедия, 1-том. — Бишкек, 1998, 317—318-беттер.

www.bizdin.kg

РАХМАТУЛЛИН КАЛИМ

(1903—1946)

Адабият сынчысы, коомдук ишмер, Эмгек Кызыл Туу орденинин ээси Рахматуллин Калим Ахмедович Пишпек үйөзүнө караштуу Токмок шаарындагы майда соодагерчилик менен алектенген үй-бүлөдө 1903-жылы октябрь айында туулган. 1921—1924-жылдары Кызыл Армиянын кызматын өтөп келгенден кийин Токмок, Нарын шаарларынын партиялык органдарында, 1925—1927-жылдары ВКП(б) БКнын Орто Азия бюросунда иштеген. 1931-жылы САКУнун экономика факультетин бүтүрүп, 1931—1935-жылдар аралыгында «Кызыл Кыргызстан» газетасында жооптуу редактор, 1935-жылдан кийин «Кыргызстан» мамлекеттик басмасында директор, Кыргыз педагогика институтунда кыргыз адабият кафедрасынын башчысы, 1941—1946-жылдары Кырмамбастын бөлүм башчысы, СССР илимдер Академиясынын филиалы болгон Тил, адабият жана тарых институтунда улук илимий кызматкер өндүү орундарды ээлеген. Ошентип, анын өмүр жолу барабара кыргыз басма сөз, адабият майданына биротоло ооп кеткен.

1930-жылдар кыргыз адабиятынын жалпысынан жанданып, активдешип калган учуру болгон. Фольклордук чыгармаларды эл арасынан жыйнап системалаштыруу кыймылы өкмөт тарабынан атайын колго алынып, ага тартылган сабаттуу жаштар — алгачкы кыргыз интеллигенттеринин өкүлдөрү адабиятчы-сынчы аталып, чыгармачылык чыйырларын жогорку патриоттуулуктун духунда баштап калышкан. К. Рахматуллиндин сынчы катары калыптана баштаган адабий тажрыйбасы ошол учурга туш келип, өмүрүнүн акырына чейин ал профес-

www.bizdin.kg

сионал кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармачылыгы тууралуу, көркөм адабияттын жогорку сапаттуулугу үчүн күрөшкөн мазмундуу макалалары менен мезгилдүү басма сөз беттерине тынымсыз чыгып турган.

Согуш учурунда баатырдык духтагы элдик фольклордун үлгүлөрүн бастырып чыгаруу, пропагандалоо проблемасы өтө зарыл болуп, ошого жараша адабият сыны бир кыйла иштиктүү тажрыйба алып, өсүп-өнүгүүсү ыкчамдалган эле. К. Рахматуллиндин «Манас» эпосуна жана манасчылардын чыгармачылыгын изилдөөгө кызуу киришкен мезгили да ошол учурдун талабына үндөш жаралган. Адабият майданынын басып өткөн жолундагы ийгиликтер менен мүчүлүштөр, фольклордук жанрлардын түрлөрү жана маданий-практикалык баалуулугу жөнүндөгү обзордук-информатикалык мүнөздөгү макала-публицистикалар, манасчылар, төкмө акындар тууралуу жазылган биографиялык портреттер улуттук көркөм эстетиканын жаңыланышына жана өсүп-өнүгүшүнө зарыл курал болчу. Ушул этапка байланыштуу К. Рахматуллиндин чыгармачылыгынын илимий-теориялык жаңы чектерге умтулушу кажет эле. Айрыкча эпикалык үлгүлөр башында турган көркөм элдик казынаны окуп үйрөнүүгө, анын ири формасы, кыргыз элинин улуттук рухий кенчи болгон «Манас» эпосуна басымдуу кайрылышы да ушунун шарапаты дешке болот. К. Рахматуллин буга чейин да өзүнүн мазмундуу, илимий-теориялык деңгээли алда канча жогору жазылган макалалары, рецензиялары менен профессионалдык адабият таануу чөйрөсүнө кеңири таанылып калган эле. Айрыкча анын «Кыргыз адабияты өсүүдө» (1936). «Кыргыз совет адабиятынын келип чыгышы» (1941) деген эмгектери К. Рахматуллиндин жеке чыгармачылык ийгилиги эле эмес, жалпы кыргыз адабият сынынын илимий-теориялык жактан калыптануусунун активдешкен абалынын бир далили катары көрүнгөн. Анткени эмгек кыргыз адабиятынын актуалдуу проблемаларын аркалап, аны тарыхый-илимий мүнөздө ачып берүүгө иштиктүү аракеттер жасалган. Маселени ар тараптуу кеңири жана терең талдоо максатында ал кыргыздардын революцияга чейинки коомдук ал-ахыбалына, улуттук оозеки маданий казынасына жалпы обзор берүүгө күч жумшаган. Автор өз түшүнүгүндө, кыргыздын профес-

www.bizdin.kg

сионалдык улуттук поэзиясынын өсүп-өнүгүшүндөгү бирден-бир маданий булак катары Токтогул Сатылганов баштаган эл ырчыларынын таасирин эсептейт, революциянын тарыхый мааниси болгондугун да жашырбайт. Ошентип, фольклордун маани-маңызы, ролу анча эсепке алынбайт. Албетте, жогорудагылар макаланын көп сөздүүлүгүнө жана маселенин бир жактуу каралышына жол бергендигин танууга болбойт эле. К. Рахматуллиндин өз учуру үчүн мазмундуу жазылган бул эмгеги маселени өтө эле созуп баяндагандыгы, цитаталардын узундугу сыяктуу кемчиликтери менен негизги идеясынын илимий жактан чечилишин кетенчиктетип койгон. Бирок эл ырчыларынын чыгармачылыгындагы индивидуалдык оош-кыйыштар тууралуу ой толгоолору менен ачык айтылган акыйкат пикирлери адабият таануу тармагында актуалдуу маселелерди чечүүгө илимий-теориялык сабаты бир топ эле жетилип калган сынчы экендигин далилдеп турат. Ушуга дагы бир мисал «Кыргыз прозаиктери» (1945) деген көлөмдүү обзордук макаласында кыргыз профессионалдык адабияттагы проза жанрынын пайда болуп, өсүп-өнүгүш процессин кылдат анализдеп, андагы жетишкендиктер менен мүчүлүштөргө өзгөчө көңүл бурат. Кыргыз фольклору менен орус адабиятынын проза жанрынын калыптанышындагы ролу жана таалим-тарбиясы жөнүндө терең илимий анализ жасалат. Кыскасы, «...К. Рахматуллиндин макалаларында кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн жана сынчыл ой-пикиринин өнүгүү жолу, андагы маданий-эстетикалык факторлор, алардын мүнөзү туурасында жалпыланган тарыхый-адабияттык ойлор айтылат»[1]. Бир кезде кыргыз профессионалдык прозасынын өсүп-өнүгүшүндөгү бирден-бир маданий булак катары эл ырчыларынын гана чыгармаларын түшүнсө, эми «Кыргыз совет адабиятынын калыптанышында жана өнүгүшүндө элдик оозеки чыгармачылык менен катар орус адабиятынын ойногон ролу чоң»[2] — деп жазат К. Рахматуллин. Ошентип, ал алгач макалаларынан баштап эле кыргыз профессионалдык адабиятынын өсүп-өнүгүү проблемаларын ар тараптуу илимий иликтөөгө багыт алган. Кийинчерээк фольклор таануу илимине аралашып, кыркынчы жылдары «Манастын» кайсы кылымда болгону тууралуу» (1941), «Манасчылар: биографиялык материалдар» (1942), «Улуу патриот, укмуштуу Манас» (1942), «Эр жи-

www.bizdin.kg

гит көркү эл менен» (1943), «Кыргыз адабиятынын очерктери» (1943) деген коллективдүү эмгекте жазылган «Манас» эпосунун изилдениши менен андагы ырым-жырымдардын чагылдырылышы тууралуу ойлору, «Кыргыз адабиятындагы патриоттуулук идеясы» (1945), «Манас» (1945) ж.б. өндүү көлөмдүү макалалары жарык көргөн. Бул саналган аталыштарга караганда К. Рахматуллин 40-жылдары фольклорист катары өтө жигердүү эмгектенет. Айрыкча согуш мезгилинин күжүрмөн талабына ылайык фольклордогу жана профессионалдык адабияттагы патриоттуулук идеясынын чагылдырлышына өткүр басым жасап, Ата Мекенди урматтоо түбөлүктүү, кылымдардан бери ата-бабадан келаткан прогрессивдүү жаркын идея экендигин атайын пропагандалап, өзүнүн бул илимий корутундуларын дээрлик элдик оозеки чыгармачылыктын байыркы үлгүлөрү болгон макал-ылакап, жомок менен эпостордун мазмунуна таянып чыгарат. «Улуу патриот, укмуштуу «Манас» аттуу өтө пафостуу жазылган макаласында Манас баатыр баштаган кырк чоронун боштондук үчүн багытталган жортуулдары менен кыргыздардын байыркы тарыхындагы күжүрмөн баракчалар качан болбосун бизге жол көрсөткүч идеал болуш керек экендигине ишендирет, мисалга «Манастын» текстинен алынган патриоттук духтагы көркөм саптарды тартат. Кыскасы К. Рахматуллиндин чыгармачылыгы да башка калемдештериндей эле мезгилдин агымына жараша өсүп-өркүндөп отурат. Өзүнүн сынчылдык ордун таасын таап, коомчулукка проблемалуу макалалары менен таанылып келген К. Рахматуллиндин ошондогу күжүрмөн эмгеги кийинки кыргыз адабият таануучулары тарабынан жогору бааланганы да ошого байланыштуу[3]. Фольклор изилдөөчү катары анын ысымын кыргыз адабият тарыхында калтырган «Манас» проблемасына арналган диссертациялык ишинин бөтөнчө ээлеген орду бар. Анткени, манасчылык өнөрдү аркалагандардын чыгармачылыгы менен эпостун көрүнүктүү эки вариантын (С. Орозбаков менен С. Каралаевдин) илимий-теориялык талдоого алгандардын алгачкыларынын бири ушул К. Рахматуллин болгон. Тилекке каршы бул диссертация автордун мезгилсиз өлүмүнө байланыштуу корголбой калып, кийин казак жазуучусу, көрүнүктүү илимпоз, коомдук ишмер, «Манас» эпосун изилдөөгө чоң салым кошкон М. Ауэзов

www.bizdin.kg

(1897—1961) тарабынан редакцияланып, 1968-жылы «Манасчылардын чыгармачылыгы» деген ат менен орус тилде жарык көргөн[4]. Ал: Кириш сөз; манасчылардын өмүр баяндарына байланыштуу маалыматтар; Сагымбай менен Саякбайдын варианты боюнча эпостун сюжеттерин салыштыруудан жана корутундудан турат. Манасчылык кесипке байланыштуу легендарлык айтуучулар тууралуу терең ой жүгүртүлөт. Айтор автордун түшүнүгүнчө «Манас» айтуу өнөрү мындан 500 жыл илгери жашап өткөн Токтогул ырчы менен XII кылымда жашаган Нооруз деген адамдан бери келаткан тамыры бир топ терең салттуу чыгармачылык кесип эсептелип, ысымдары эл оозунда сакталган жомокчулар Келдибек Карыбозов, Балык (Бекмурат) Кумаров, анын уулу Найманбай, Тыныбек Жапиев, Чоюке Өмүров тууралуу кагазга түшкөн биографиялык маалыматтар да К. Рахматтуллиндин көз жаздымында калбаган. Манасчылыктын калыптанып такшалышы, ортодогу чыгармачылык байланыштар, таалим-таасир проблемасы, кереметтүү түштөрдүн ролу манасчылардын школалары ж.б. тууралуу кеңири мүнөздөгү илимий ой жоруулар бул эмгектин негизги бөлүктөрүн ээлейт. Революциядан кийин жашаган замандаштары С. Орозбаков, С. Каралаев, Тоголок Молдо, Ш. Рысмендеев, М. Мусулманкулов, Ж. Кожеков, А. Рысмендеев, Ы. Абдырахманов жөнүндөгү биографиялык маалыматтар кеңири камтылат. Манасчылык өнөрдүн татаал сырлары ачылат. Жалпылап айтканда ал али бети ачыла элек «Манаска» байланышкан актуалдуу проблемаларды көтөрүүгө бел байлап, «Манас» эпосунун баатырдык мүнөзүндөгү идеялык-көркөмдүк мазмуну, образдар системасы, кыргыз фольклорундагы «Манас» эпосунун ээлеген орду, эстетикалык нарк-насили, аны карегиндей сактап келген айтуучулардын залкарларынын варианттары, чыгармачылык өзгөчөлүктөрү тууралуу кеңири анализ жүргүзөт.

Адатта манасчылар өзүнөн мурункулардан таалим-тарбия алганына караганда кереметтүү жеке түштөрүнүн ролун жогору баалашат. Муну менен алар «Манастын» эле аброюн көтөрүшпөстөн, өздөрүнүн чыгармачылыгын да жогору жактагы сыйкырдуу күчтүн таасири астында жаралган касиеттүү туунду катары түшүндүрүүгө аракеттенишет. Буга карата К. Рахматуллин жаш талант жалаң гана

www.bizdin.kg

сырдуу түштөрдүн касиети менен чыныгы манасчы болуп чыкпастыгын туура белгилеп, тескерисинче, жеке инсандын түш көрүүсүнө «Манас» жомогунун мазмунуна, аны аткарып жаткан адамдын талантына болгон жаш адамдын өтө дилгирлиги түрткү болорун белгилейт[5]. Чынында жеке талант менен бирдикте чыгармачылык байланыштар, таалим-таасир маселеси чечүүчү орунда турарын туруштук фактылар менен далилдөөгө аракеттенет. Бизге жеткен конкреттүү маалыматтарга таянсак, залкар манасчылар С. Орозбаков агасы Алишерден, С. Каралаев Чоюкеден (Чойке деп да айтылат), Ш. Рысмендеев Балыктан, Б. Сазанов менен Тоголок Молдо Тыныбектен ж. б. үлгү алуудан башташкан. Бара-бара таалим-тарбия алуунун аренасы арылап, манасчылар алыстан ат арытып издеп жүрүп айлап-жылдап эл ичиндеги атактуулардан үйрөнүшкөн. Шапактын айтуусу боюнча андан белгилүү манасчы Чоңбаштын (Нармантай) кабарын укканда кийин С. Орозбаков атайылап барып, таалимин алган, ыкмаларын үйрөнгөн. Сагымбайды айттырып көрүп мүчүлүш жактарын түзөгөн Келдибек манасчы болгон ж.б. Мындай мисалдар ар бир манасчынын жеке чыгармачылыгынын эволюциясына байкоо салганда даана көрүнөт. Кыскасы, К. Рахматуллиндин ушул негиздеги илимий тактоолорунун кийинки «Манас» изилдөөчү окумуштуулар тарабынан колдоого алынып келатышы бекеринен эмес. Айтылып жүргөндөй, манасчылык өнөргө баш оту менен кирип кетүү ар бир инсандын эле колунан келе бербейт. Чымыны бар таланттуу ар бир адам адегенде оозеки чыгармачылыктын майда жанрларын үйрөнүүдөн, аны эл алдында аткаруудан баштайт. Бул узак процесс ошол жаш таланттын ачылышы, андан ары өсүп-өнүгүшү, жетилиши, эл баалаган чоң манасчы деген бийик даражага жетиши менен аяктайт. Мына ошол узак, татаал жолго туруштук берген чыныгы таланттын чыгармачылык репертуарын эми «Манас» гана ээлеп калат да манасчылык өнөр өмүр бою аркалаган ардактуу кесибине айланат. Ал адам ошондон кадыр-барк табат, эл алдында «Манас» айткан сайын зоболосу көтөрүлүп, чыгармачылыктын шамы жанат. К. Рахматуллин мына ошондой татаал жана ардактуу жолду басып, кыргыз элине аттын кашкасындай белгилүү, белдүү болуп калган чоң жомокчулардын өмүр баянынан тартып чыгармачылык

www.bizdin.kg

чыйырына жалпы илимий экскурс жасайт. Анын ою боюнча: «Бардык манасчылар алгачкы ирээтте тиги же бул деңгээлде импровизатор-ырчылар болушкан. Айрымдары манасчы болгондон кийин да башка жанрлардын үстүндө да чыгармачылык ишин токтотушкан эмес. Бирок, алардын негизги репертуарын «Манас» эпосу түзөт. Ошондой болсо да манасчылар негизинен фольклордун бардык жанрларын билишет жана эл арасында аткарышат»[6]. С. Орозбаков адегенде эгин эгип, мал багып, майда чарбачылык менен алектенип жүргөн эле адам болот. Алгачкы мезгилинде элдик оозеки чыгармалардан үйрөнүп, эл алдында аткарып, өзү да ыр, кошок чыгара коюп жүрөт. С. Каралаев да Чоюкеге жолукканга чейин эле лирикалык ырлар аткарып, ошол эле мезгилде «Манастын» текстине абдан дилгирленип жүргөн учуру болот. Эпостун үч бөлүгүн тең айта билгендерден Тоголок Молдо акын чоң атасынын (Музооке) жана өз атасынын таасири астында бала күнүнөн элдик ыр-күүлөргө жакын болуп, сабаттуулугуна байланыштуу эпостун сөздөрүн Тыныбек менен Сагымбайдан жазып алып үйрөнөт. Шапак Ырысмендеев манасчылыкка чейин эле эл арасына ырчы катары таанылып калат, М. Мусулманкулов, Ж. Кожеков, А. Рысмендеевдер да адегенде ырчы катары калыптанышкан. Булардан чыгармачылыгы менен аздыр-көптүр айырмаланган инсан-манасчы, фольклор жыйноочу, ошонусу менен кыргыз элине эбегейсиз эмгек калтырган, «Манас» эпосунун үч бөлүгүн тең жазып да, айта да билген куйма кулак, өтө таланттуу адам – Ы. Абдырахманов. Бизге белгилүү Ы. Абдырахмановдун жыйноочулук практикасы анын эстетикалык кругозорун уламдан-улам тереңдетип, эстеп калуу жөндөмүнүн гениалдуулугу менен манасчы катары да чоң таланттардын катарына кошулган. Ал бизге жеткен манасчылардын көбүнүн варианттарынын кагазга түшүрүлүшүнө түздөн-түз аралашкан. С. Орозбаков менен С. Каралаевдин варианттарын жазууда эбегейсиз чыдамдуулук көрсөткөн. К. Рахматуллин муну өз мезгилинде туура түшүнүп, төмөнкүдөй жогору баа берген: «Абдырахманов көп жылдык каржалган мээнет менен кыргыз фольклорун, айрыкча «Манасты» эң сонун үйрөнгөн. Эми ошол зор поэманы жатка айтып бере алат. Мына ошентип, ал биз үчүн өзүнчө бир рапсод болуп калды»[7].

www.bizdin.kg

К. Рахматуллин манасчыларды «рапсод» жана «аэд» деп бөлүштүрүп берет. Автордун ою боюнча чоң манасчылар аэддерге кирет. Анткени алар чыгармачыл адамдар катары эпостун текстине өз кошумчаларын кеңири кошуп айтышат. Рапсоддор болсо, жаттап алган чакан текстти өзгөртпөй гана айта беришет[8]. Албетте Ы. Абдырахмановду рапсод атоонун өзү бир караганда талаш-тартыштуу маселе. Ал эпостун үч бөлүгүн тең билген, эл алдында айта алган, кагазга өз вариантын жазып калтырган адам. Ы. Абдырахмановдун өзүнүн эскерүүсүнө караганда ойноо кезинен баштап эле Акылбек, Жандаке, Байжан, Отунчу, Жакшылык, Дыйкамбай, Сагымбай өңдүү замандаштарынан «Манасты» үзбөй укkан. Анын чыгармачылыгын атайын илимий изилдөөгө алган фольклористтер акыйкат белгилегендей, сыртынан бир караганда Ы. Абдырахманов финдердин «Калеваласын» түзүп чыккан Элиас Ленротко да окшошот. Бирок Э. Ленрот руналарды эл арасынан чогултуп, формасы, стили боюнча бир түргө келтирип, сюжети ирээттүү бир чыгарма жаратса, Ы. Абдрахмановдун көз алдында толук кандуу даяр канча вариант турду. Ал ошолордун баарынын каймагын калпып алган туунду жаратууга мүмкүнчүлүгү болду. Ошентип К. Рахматуллиндин бул эмгегинин баалуулугу биринчилерден болуп манасчылык өнөрдүн кандайча калыптанып, өсүп-өркүндөй тургандыгын илимий көз караштa иликтеп, аты унутулуп бараткан манасчыларыбыз тууралуу кызыктуу материалдарды системалуу түрдө бергендигинде жана залкар манасчыларыбыз болгон С. Орозбаков менен С. Каралаевдин варианттары аркылуу ар биринин айтуучулук чеберчилик өзгөчөлүгүн ачкандыгында. Ошондой эле эпостун традициялык канвасын туура белгилешинде. Бул максатты ишке ашырууда ал С. Орозбаков менен С. Каралаевдин варианттарын В. В. Радлов жазып алган «Манастын» текстине салыштыра берет. Натыйжада 1885-жылы жарык көргөн В. Радловдун вариантында[9] эпостун үч бөлүмү («Манас», «Семетей», «Сейтек») тең сюжеттик канвасы боюнча бүгүнкү бизге тааныш традициялуу нукта берилгендиги б. а. эпостун салттуу сюжетинин калыптанып канчадан бери жашап жаткандыгы далилденет. Натыйжада К. Рахматуллин бул үч вариант аркылуу кылымдардан бери оозеки таралып келген «Манас» жомогунун башкы темасын, не-

www.bizdin.kg

гизги идеясын, окуясынын өнүгүш жолун жана ар бир варианттын өзгөчөлүктөрүн дааналап берүүгө жетишкен. Улуу манасчылар С. Орозбаков менен С. Каралаевдин варианттарын кеңири салыштырып, ар кимисинин артыкчылыктарын өзгөчө белгилөө менен К. Рахматуллин өзүнүн да «Манас» эпосунун табиятын канчалык деңгээлде өздөштүргөнүн, туйганын көрсөтүп турат. Эпостун традициялуу сюжетиндеги жекече өзгөчөлүктөрдү ажыратып, анын конкреттүү жолдорун ачып берүү аркылуу К. Рахматуллин С. Орозбаковдун вариантын кыргыз фольклорундагы мыкты чыгармалардын катарга кошот. Андагы согуштук эпизоддордун, социалдык-турмуштук, фантастикалык окуялардын жогорку көркөмдүктө сүрөттөлгөнүнө зор баа берет. Ал эми В. Радловдун жазып алган вариантына С. Орозбаков кирген топтун өкүлдөрүнүн варианттары өтө жакын экендигин көрөт. Анын объективдүү себептери болушу мүмкүн. Башкача айтканда В. Радловго «Манастын» текстин айтып берген манасчы менен С. Орозбаковдун бир булактан таалим-тарбия алышы, чыгармачылык байланыштардын бирдейлиги ж. б. К. Рахматуллин С. Орозбаковдун вариантын жогору баалоо менен бирге айтылып жүргөндөй, диний көз караштардын, пантюркстик идеялардын бар экендигин да даана белгилейт. Анын объективдүү себеби катарында манасчынын динчилдиги менен сабатсыздыгын көрсөтөт. Манастын Илья Муромец, Наполеон менен болгон согуштарын жалпы традициялык сюжетке тиешеси жок катары эсептейт[10]. Ал эми С. Каралаевдин варианты композициялык курулушу, окуяларды баяндоо стили боюнча С. Орозбаковдон бир топ айырмалуу экендигин туура сезет. С. Каралаев башында турган манасчылардын тобуна М. Чокморов, Д. Кочукеев, А. Азизов ж. б. кирет. Ошону менен бирге эпикалык каармандардын трактовкаланышындагы айырмачылыктар менен бирге жалпы эпостун темасы, идеясы, сюжет куруудагы негизги жол-жоболор традициялуу экендигин туура байкаган К. Рахматуллиндин илимий корутундулары илимий коомчулукка өзүнүн тууралыгын канча жолу далилдеди. Тилекке каршы, изилдөөсүн андан ары улантууну көздөгөн максатына жетпеген кыска өмүрүндө К. Рахматуллин кыргыз адабият сынына, фольклористикадагы манастаануу илимине бараандуу из калтырып кеткендиги талашсыз. Анын калеминен Т. Сыдык-

www.bizdin.kg

беков менен бирге жаратылган «Манас менен Алмамбет» аттуу пьеса да согуш мезгилинде республикалык театрларда коюлуп, элди патриоттук, баатырдык духка үндөп турган. Ошентип, К. Рахматуллин өмүрүнүн аң-сезимдүү бүткүл учурун, болгон эрудициясын кыргыздын өлбөс-өчпөс эпосу «Манаска» арнап жүрүп, 1946-жылы көз жумган.

АДАБИЯТТАР

[1] Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 1-том. — Фрунзе, «Илим», 1987, 488-б.

[2] *Рахматуллин К.* Киргизская литература и литературоведение за 20 лет/В сб. Наука в Киргизии за 20 лет. — Фрунзе, 1956, С. 197—207.

[3] Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. I т. — Фрунзе, «Илим» 1987, 364-б.

[4] «Манас» — героический эпос киргизского народа. — Фрунзе, «Илим», 1968, С. 75.

[5] *Рахматуллин К.* Эпос «Манас» и его сказители. Фонду, инв. № 905, 216-б.

[6] *Рахматуллин К.* Манас. Материалдар жана изилдөөчүлөр. Фонду, инв. № 1289, 255-б.

[7] *Рахматуллин К.* Творчество манасчи./В кн.: «Манас»— героический эпос киргизского народа. — Фрунзе: «Илим» 1968, С. 89.

[8] Ошондо. Стр. 93.

[9] *Радлов В. В.* Образцы... Ут., 1885 г.

[10] *Рахматуллин К.* Творчество манасчи... стр. 84—85-б.

www.bizdin.kg

МАРГУЛАН АЛКЕЙ

(1904—)

Маргулан Алкей Хакан уулу 1904-жылы Павлодар областына караштуу Баянайыл районунда туулган, казак элинин көрүнүктүү илимпозу, Бүткүл Союздук География коомунун аныk мүчөсү, филология илимдеринин доктору, Казак ССР ИАнын Академиги, профессор. Анын окумуштуулук даражасы көп кырдуу: тарых, археология, адабият жана маданият туурасында төрт жүзгө жакын илимий эмгектердин, макалалардын автору. 1957—67-жылдары Ч. Валихановдун адабий-илимий мурастарын, анын ичинде «Манаска» тиешелүү эмгектерин да ирээттеп, алты томдук чыгармалар жыйнагын чыгарууга жетекчилик кылган. А. Маргуландын «Манас» эпосун изилдөөгө айрыкча сиңирген эмгеги катары Ч. Ч. Валиханов жаздырып алган «Көкөтөй хандын жомогун» СССР илимдер академиясынын алдындагы Азия элдеринин институтунун архивинен таап (1965-ж.) жарыялап, «Шокан жане «Манас» аттуу монографиясын жазгандыгы болуп эсептелет. (1973-жылы «Көкөтөйдүн ертегиси» деген ат менен казак тилинде да бастырып чыгарган[2]. Араб графикасы менен жазылган бул текстти текстологиялык жактан тактап К. Ботояров 1979-жылы «Ала-Тоо» журналына (№ 7) жарыялаган эле. Текст 1994-жылы «Көкөтөйдүн ашы» деген ат менен китеп түрүндө кайрадан жарык көргөн).

«Шокан жана «Манас» — А. Маргуландын буга чейинки макалаларында[3] айтылган ойлорунун кеңейтилген, тереңдетилген илимий жыйындысы эсебинде жарык көргөн. Ал казак тилинде, эки бөлүктөн: «Манас» эпосу жөнүндөгү илимий иликтөөдөн жана Ч. Валиханов жаздырып алган «Көкөтөй хандын ертегиси» деген кол жазманын фото көчүрмөсүнөн турат. Биринчи бөлүк «Манас» ырын жазып алуу тарыхынан» деген глава менен ачылып, төмөнкүдөй

www.bizdin.kg

бир катар маанилүү фактылар тууралуу сөз болот. Бизге белгилүү Ч. Валиханов кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгына атайын көңүл бөлүп, «Манастан» баштап тарыхый санжыра-уламыштарды да чогулткан адам. Илимде Ч. Валихановдун варианты деп шарттуу түрдө аталып жүргөн «Көкөтөй хандын жомогу» араб ариби менен жазылган 47 баракта турган 3319 сап ыр, тексттин төрттөн бир бөлүгү — Жаш Айдардын эр Кошойго кабарга баргандына чейин Ч. Валиханов тарабынан орусчага которулган. Сүрөттөлгөн окуянын негизи С. Каралаевдин вариантына жакын, башкача айтканда, Ысык-Көл школасындагы манасчыларга таандык сюжеттик нук сакталган. Мына ушул материалды архивден издеп тапкандан кийин: «Жүз жыл бою архив түпкүрүндө жоголуп жаткан бул асыл кенчтин акырында табылганы «Манас» эпосун изилдөөчү илимпоздорго жаңыдан булактын кайнар көзүн ачкандай болду» деп А. Маргулан өзү да кыргыз илими үчүн кубанганын жашыра алган эмес. Чынында бул табылга кыргыз фольклористтерин эле эмес, А. Т. Хатто сыяктуу чет элдик окумуштууларды да кайдыгер калтырган жок. Кыскасы, Ч. Валиханов жаздырып алган ошол тексттин өмүрү кайрадан жаңырып, жашаргандай болду.

«Түп нусканын сырткы көрүнүшүнө караганда материалды Чокондун өзү эмес, араб ариби менен бир топ жакшы жаза билген, Чоконду ээрчип жүргөн казак жигити жазган сыяктуу. Манасчынын айткан темпине үлгүрө албай ал калтырып кеткен сөздөрдү Чокон өз колу менен кошуп олтурган» деп болжолдойт А. Маргулан. Кыргыз илимий коомчулугунун айрым өкүлдөрүн текстти казак жигитинин жазышы жана Ч. Валиханов өз колу менен жазылбай калган сөздөрдү кошумчалап, оңдоп-түзөп отурушу деген пикир анча ынандырбайт. Анткени экөөнө тең эле суудай тынымсыз агылып жаткан кыргыз сөздөрүн эске тутуп, үлгүрүп жазып алыш өтө эле кыйынга турмак деген күдүк ойду пайда кылат. Биздин оюбузча чынында бул анчалык деле принципиалдуу маселе эмес. Ким жазса да материалды биринчилерден болуп Ч. Валихановдун жыйнагандыгы, жүз жыл бою басылып жаткан жеринен аны А, Маргуландын кайрадан ачкандыгы качан, кайда болбосун тарыхый факт катары кала бере турганы танылгыс нерсе.

А. Маргулан ушул кол жазманын табылыш тарыхына байланыштуу белгилүү татар илимпозу, таланттуу тарых-

www.bizdin.kg

чы, педагог жана агартуучу Хусаин Фаизханов (1828–1866) деген адам тууралуу атайын токтолуп өтөт. Материалды издөө салганда ошол адамдын «Манастын» үзүндүсүнө болгон ынтызарлыгынан улам бир кезде досу Ч. Валихановго кайрылган каттарынын А. Маргуланга туура багыт бергендигин белгилейт. Чынында «Көкөтөй хандын жомогу» өзгөчө айтылган оригиналдуу чыгарманын бир эпизоду экендигин терең туюп-сезип, ага чындап назарын салган Хусаин Фаизханов жөнүндө кыргыз фольклористтеринин колунда буга чейин кеңири маалыматтын болбогондугу албетте, өкүндүрбөй койбойт. Бул кемтикти толуктоодо да А. Маргуландын ушул эмгеги зор көмөк көрсөтөөрү айтпасак да белгилүү. А. Маргуландын билдирүүсүнө таянсак, Ч. Валихановдун казак-кыргыз фольклоруна болгон кызыгуусу кадет корпусунда окуп жүргөндө эле Н. Ф. Костылецкий ысымындагы мугалиминин лекцияларынын таасири астында өөрчүгөн. Ал адам өзү архивден тапкан же шакирттери аркылуу чогултулуп колуна тийген элдик оозеки чыгармачылыктын түрдүү туундуларын лекцияларында кеңири пайдаланып, орусча котормолорун Петербург университетинин профессору И. Н. Березинге жөнөтүп турган экен. Алардын арасында кыргыздардын бугу уруусунун бийлеринин 1815-жылы генерал Глазанапка жазган каты менен бирге «Коңурбай» («Эр нура»), «Карабаш уулу — Манас» аттуу элдик чыгармалар учурап, сыртына Н. Ф. Костылецкий өз колу менен «баатырдык эпос» деп жазып коюптур. Кыскасы, А. Маргуландын изилдөөсү боюнча кыргыз-казак фольклоруна айрыкча кызыгып, алгач жыйноого аракет кылгандар орус, татар ж. б. улуттун өкүлдөрү болуптур. Алардын ичинде жогорку билимдүү барон Врангель К. Л. (буга чейин Франель деп ката жазылып жүргөн) И. Штейнгель, М. В. Ладыженский, И. Беленцин, А. А. Сотников,. М. И. Венюков, татар мугалимдери Бахтияр Абдул-Уахай, Габдулла Боби, Хасан-Гали, К. Мифтаков ж. б. болушкан. Кыскасы, А. Маргуландын бул эмгегинин «Манас» ырын жазып алуу тарыхынан» деген главасынан кыргыз фольклористтерине ысымы белгилүү да, белгисиз да окумуштуу агартуучулардын эмгектери тууралуу кеңири маалымат алууга болот. Андан кийинки «Ырдын мазмуну, сюжет курулушу» деген главада Ч. Валихановдун материалынын тарыхый даректер менен болгон үндөштүгү, этнографиялык фактылардын орун алы-

www.bizdin.kg

шы, башка варианттар менен жакындыгы жана өзгөчөлүү жактары терең талкууланат. Натыйжада автор эпоско байыркы архаикалык катмарлардан тартып XVIII кылымдын реалдуу тарыхый окуяларынын жаңырыктары да ургаал катышкандыгын туура белгилейт. А. Маргулан Ч. Валихановдун вариантын В. Радлов жазып алган «Бокмурун» деп аталган текст менен салыштырып көрүп, экөө бири-бирине мазмун, көлөм жактан окшош деп табат. Айырмасы — В. Радловду ак падышадан келген өкүл деп түшүнгөн манасчы Манасты ак падышанын карамагындагы баатыр катары бурмалап айткандыгында дейт. Бул вариантка кеңири токтолуу менен француз илимпозу Паве де Куртеильдин илимий көз карашындагы каталыкты, тактап айтканда анын көчмөндөр менен отурукташкан калкты бири-бирине кескин карама-каршы мамиледе көрсөтүүгө жасаган аракетин сындайт. А. Маргулан байыркы көчмөн уруулардын жоокерчилик турмушундагы жорук-жосуну, адамды акыркы сапарга узатуу менен байланышкан каада-салты (коштошуу, эскерүү, кошок кошуу, мүрзөсүнө белги орнотуу, мал союп аш берүү) мурунку сак, гун урууларынан бери карай казак, кыргыз калкына тарап, сакталып калган архаикалык элементтер катары трактовкалайт. Кошок жанры байыркы түрк урууларынын баатырдык доорунда жаралган каада-салт ырынын бир түрү экендигин аныктоодо Махмуд Кашкаринин сөздүгүнө таянат. А. Маргуландын бул эмгегиндеги дагы бир маанилүү бөлүгү «Ырдагы эрдик белгилер, киши, эл аттары, алардан тарыхый негизи» деп аталат. Мында «Манастын» мазмуну, композициялык курулушу, андагы баатырдык белгилер, окуяларга катышкан эпикалык каармандардын тарыхый фактылар менен карым-катышы каралат. Автордун ою боюнча эпостогу каармандар жана алар катышкан окуялар Караханиддер дооруна туура келет, башкача айтканда башкы каарман Манастын прототиби Караханиддердин династиясына байланыштуу XI кылымдагы Ат-Башынын башкаруучусу Жакып-тегиндин баласы Манас. Чынында мындай тарыхый факты эч жерде так айтылбайт. Бирок көпчүлүк окумуштуулар ушул пикирди колдоп жүрүшөт. Манасовед Э. Абдылдаев: «...эпостун борбордук каарманы жөнүндөгү маселени да ошол эле Караханиддер мамлекетинин сферасындагы кырдаалдарды иликтөө менен илимий жактан чечүүгө толук мүмкүндүк бар» — дейт. А. Маргу-

www.bizdin.kg

лан болсо эпостогу баатырдык белгилердин салттуулугу менен катар адам, эл, уруу аталыштарындагы окшоштуктарды табат. Ал «Манас» эпосунун келип чыгышы тууралуу проблеманы козгогондо IX—X кылымдарды ичине камтыйт деген М. Ауэзов менен А. Н. Бернштамдын көз караштарын колдойт, кыргыздардын уйгур кандыгын жеңип, Бейжинди (Бешбалыкты) алышы эпоско негиз болгондугун тарыхый фактылар менен бекемдөөгө басым жасайт. «Манас» эпосундагы Ажыбай, Үрбү, Эр Көкчө, Эр Кошой, Баймат, Каратоко, Алооке, Бообек, Мажик өңдүү традициялуу эпикалык каармандардын ысымдарын казак урууларынын аталыштары менен байланыштырып, алардын казак экендигин далилдөөгө көп күч кетирет. Ошону менен бирге «Манастагы» ичкиликтер деп аталган уруулар тобу кыргыздарга кошулган казактар эмес бекен?— деген терең сырдуу собол таштайт. Бул пикир өз учурунда Э. Абдылдаев тарабынан объективдүү сынга алынган. Чынында өзү тааныш болгон варианттардагы сырткы окшоштуктарга таянып, «Манастагы» сүрөттөлгөн эпикалык окуяларды казактарга көбүрөөк тартып, «Манастын» тарыхый негизи казак урууларынын баатырдык чөйрөсүндө калыптанган деген сыяктуу пикирди тануулагысы келет. Буга жооп ирээтинде Э. Абдылдаев төмөнкүдөй принципиалдуу оюн билдирген эле: «Албетте, А. Маргуландын мындай көз карашына кошулууга эч мүмкүн эмес. Анын маданий мурастарга натура позициядан мамиле кылгандыгы айкын байкалып турат. «Манас» эпосу менен башка коңшу элдердин (өзбек, казак, кара калпак) эпикалык традицияларынын ортосунда айрым жалпылыктар менен катар орток элементтердин да болгондугун эч танууга болбойт. Бирок анын эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири катарында генетикалык жагынан байланыш болгон башка улуттук версиясынын жоктугун, анын тарыхый негизи кыргыз элинин борбордук ядросун түзгөн конкреттүү эпикалык чөйрөдө (кыргыз-кыпчак этникалык тобу) гана пайда болгондугун, элдин тарыхый тагдыры менен тике шартталышкан түрдө өнүгүп келгендигин жана кыргыз элинин гана нукура улуттук эпопеясы экендигин баса көрсөтүүгө болот».

Жыйынтыктап айтканда, жогоркудай талаш-тартыш жарата турган ой-пикирлери менен катар А. Маргулан-дын бул эмгеги «Манастаануу» илимине чоң салым кошту. Эмгек көп архивдик материалдардын, тарыхый фактылар-

www.bizdin.kg

дын негизинде келип чыкты. Автордун башкы концепциясы боюнча алганда «Манас» эпосу көп кылымдын чыгармачылык көркөм туундусу. Анын түпкү идеясы чапкынчылык эмес, тескерисинче, сырткы жоонун баскынчылыгынан эли-жерин сактоо, ал үчүн өмүрүн арноо, керек болсо өлүмгө баруу — мына ушунун өзү эпостун негизги сюжети. «Манастын» эзелки мазмуну Орхон-Енисей жазуулары менен тыгыз байланыштуу. Анын эң алгачкы калыптанышына Түрк каганаты кезиндеги кытай башчыларынын баскынчылыгына каршы жүргүзүлгөн баатырдык күрөштөр, Бейжиндин (Бешбалык) тегерегиндеги нечен ирээт кайталанган кандуу согуштар зор өбөлгө болгон. А. Маргулан «Манастын» жаңыдан калыптануусуна ногойлу-кыпчак заманы чоң роль ойногон деген Ч. Валихановдун пикирине кошулат. Ч. Валихановдун айтуусу боюнча ногойлу деп мурунку Дешти-Кыпчак улусуна кирген казак, каракалпак, кыргыз уруулларынын тобу аталат. Алардын XIV—XVI кылымдардагы тарыхый окуялардын негизинде чыккан «Едиге», «Эр Көкчө», «Манас», «Орок», «Шоро» деген чыгармаларындагы эпикалык каармандардын чыныгы прототиптери тарыхта жашап өткөн адамдар, «Манастагы» «Алмамбеттин окуясы» түрктөрдүн «Огуз-намеси» менен байыркы бир реалдуу окуянын негизинде жаралышы мүмкүн.

А. Маргуландын көңүлүн өзүнө бурган «Манастан» орун алган тарыхый даректердин дагы бири — Ойрот, Жунгар доору, Жунгар чабуулу Казакстан менен Орто Азиядагы эң соңку чоң окуя болгондуктан, алардын оозеки чыгармаларында эпикалык душманды жалпысынан «калмак» деген ат менен атоо салтка айланган. Ошентип, А. Маргуландын пикири боюнча «Манас» эпосу байыркы мифтен баштап Орто кылымдардагы (XIII—XV) ногойлу-кыпчак мезгилинин уламыштарын, баатырдык ырларын, Жунгар чабуулунун даректерин, XIX кылымдагы Кокон хандыгы менен байланыштуу карым-катнашты, Кашкардын Жаңгир кожосун, Россиянын ак падышасын — баарын ичине сиңирип келген көп катмарлуу чыгарма.

www.bizdin.kg

АБРАМЗОН САУЛ МАТВЕЕВИЧ

(1905—1977)

Саул Матвеевич Абрамзон 1905-жылы 5-июлда мурунку Орел губерниясынын Дмитров шаарында кол өнөрчү саат мастеринин үй-бүлөсүндө туулган. 1922-жылы совет мектебинин II баскычын бүтүргөн. Ошол жылы Ленинград айыл чарба институтуна кирген. Бирок, 1924-жылы ал окуу жайынан Ленинград университетинин түрк адистер бөлүмүнө которулган. Анын жетекчилери көрүнүктүү этнограф-түркологдор А.Н. Самойлович, С.Е. Малов болгон.

Саул Матвеевич студенттик жылдары өз демилгеси менен эки жолу этнографиялык саякатка барган. 1924-жылы Ярославль губерниясынын Пошехоно-Володарский уездинде, 1925-жылы Кыргыз Автономиялуу облусунун Каракол округунун этнографиялык экспедициясында болгон. Ал эми 1926-жылы Кыргыз Илимий Комиссиянын чакыруусу менен Кыргызстанга иштөөгө келген. Ушул мезгилден тартып Саул Матвеевичтин илимий жана педагогикалык иши Кыргызстан менен байланышкан. Ал эмгек жолун облустук музейдин илимий кызматкерлигинен баштаган. Андан кийин адегенде Кыргыз АССР эл комиссарлар советинин алдындагы Край таануу боюнча илим изилдөө институтунун директорунун орун басары, анан институттун «Адам» секциясынын жетекчиси болгон. Мындан тышкары Мамлекеттик музейдин илимий катчысы катары иштеген. Андан соң Саул Матвеевич Кыргыз эл агартуу комиссариатынын алдындагы Чыгыш таануу институтунун директорунун милдетин аткарган. 1931-жылы анын директорлугуна дайындалган. Бирок ошол эле жылы турмуш шартына байланыштуу Ленинград шаарындагы Миклухо-Маклай атындагы этнография институтунун бөлүмүнө

www.bizdin.kg

которулуп, анын Орто Азия, Казакстан жана Кавказ элдеринин этнография секторун өмүрүнүн аягына чейин жетектеген.

Саул Матвеевич кыргыз этнографиясын изилдөөнүн негиз салуучусу десек болот. Ал кыргыз элинин этнографиясын, адабиятын жана маданиятын иликтеп, көптөгөн эмгектерди жараткан[1]. Ал кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын биринчиден тарыхый-этнографиялык изилдөөлөрү үчүн баалуу булак катары пайдаланган, экинчиден анын текстерине нагыз фольклорист-изилдөөчү катары илимий анализ жасаган.

Саул Матвеевич советтик этнографиядан биринчи болуп «Манас» эпосун этнографиялык жагдайда изилдөө проблемасына жол ачкан. Ал кыргыздардын көп кырдуу тиричилигиндеги, салт-санаасындагы унут болуп кеткен көптөгөн этнографиялык кызык окуялардын, фактылардын «Манас» эпосунда чагылышы эпостун этнографиялык булак катары теңдешсиз материал берерин жана аларды изилдөө кыргыз маданиятынын тарыхын, анын ар түрдүү этаптарын ретроспективдүү түрдө эң байыркы элементтерин ачууга мүмкүндүк берет деп белгилеген. Анын бул багыттагы эмгектери «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары» деген фундаменталдуу монографиясында жана «Баатырдык «Манас» эпосу кыргыз маданиятынын эстелиги», «Кыргыздын баатырдык «Манас» эпосу — этнографиялык булак», «Кыргыздардын «Манас» эпосундагы этнографиялык сюжеттер», «Кыргыздардын аскер уюмунун жана техникасынын белгилери», «Кыргыздардын уул асырап алуу салты» ж.б. макалаларында жарыялаган. Ал минтип жазат: «Кыргыздардын баатырдык эпосу «Манастын» мазмуну менен алдын ала, бирок азырынча жалпы мүнөздө болгон таанышуу оозеки эл чыгармачылыгынын көлөмү боюнча залкар казынасы зор көркөмдүк баалуулукка гана ээ болбостон, кыргыз элинин өткөндөгү бай саясий жана жоокердик турмушун чагылдырган өзүнчө бир поэтикалык жылнама гана болуп саналбастан, ошондой эле өтө бай этнографиялык булак, кыргыздардын элдик маданиятынын оригиналдуу эстелиги да болуп саналарына бизди ишендирип олтурат». Дагы бир жеринде «Манас» эпосу кыргыздардын дүйнөгө көз карашын жана турмуш тири-

www.bizdin.kg

чилигинин көптөгөн тараптарын баяндап жазууга мүмкүндүк берүүчү мол этнографиялык материалды камтып турат. Ал материал эпостун «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Көкөтөй кандын ашы», «Манастын өлүмү жана аны көмүү» жана башка эпизоддордо алда канча толук берилген»[2] — деп жазып, өзү көрсөткөн эпизоддордун ар бирине өз-өз алдынча токтолуп, кеңири этнографиялык анализ жасайт.

Ал эми кыргыздардын аскер уюмунун жана техникасынын белгилери деген макаласында эпостогу кыргыздардын аскер уюмуна, алардын согуштук техникасына жана жалпы эле жоокердик искусствосуна тийиштүү материалдарга, атап айтканда, кошунду түзүүнүн системасына жана анын структурасына аны башкаруу уюмуна, согуштун жүрүшүндө колдонуучу техникасына, согуш ыктарына куралжарактарына, аскер кийимдерине, ок-дарысына, азыктүлүк менен жабдууну, туткунга түшкөндөргө кандай мамиле жасоону жоокердик сапаттарды тарбиялоо ыктарына кеңири токтолот.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын материалдарына таянып «Ника жана үй-бүлө» маселесине кеңири этнографиялык анализ жасаган. Анда ал төмөндөгүдөй маселелерге токтолгон: «Туушкандыктын системасы жана ника нормалары», «Калың төлөө менен никелешүү», «Никенин алгачкы түрлөрүнүн калдыктары», «Никелешүүнүн башка түрлөрү», «Үйлөнүү расмиси», «Никеден ажырашуу», «Үй-бүлөнүн түрлөрү, структурасы жана саны», «Полигамия», «Мүлктүк мамилелер», «Үй-бүлөдөгү жеке өз ара мамилелер», «Балдар жана аларды тарбиялоо».

Саул Матвеевичтин токтолгон проблемаларынын барына токтолуп олтурбай, мисал катары бирине, балдар жана аларды тарбиялоого арналган анализине кыскача кайрылып өтөлү. Патриархалдык коомдун идеологиясы эркек адам малга гана бай болбостон, балдарга да өзгөчө ууларга бай болуу талабы өкүм сүргөнүн белгилей келип, бул кыргыздардын эпикалык чыгармаларында айкын чагылдырылганын аялы толгото баштагандагы уулду болууну көксөгөн Жакыптын абалынын мисалында көрсөтөт. Байлыкты топтоого жана аларды өзүнүн тукумуна өткөрүп берүүгө умтулуусу Көкөтөй кандын Бокмурунга калтырган керээзинин мисалында көрсөтүлгөн. Саул Матвеевич

www.bizdin.kg

кыргыздарда баласыз болуу, айрыкча аялдар үчүн эң бактысыздык болгонун баса белгилеп, буга байланыштуу чыгарылган бир нече макалдарды мисалга алат. Бала төрөлгөндөн тартып балакатка жеткенге чейинки ар түрдүү расмилерге, тарбиялоонун жолдоруна деталдуу токтолот. Мисалы, кыргыз үй-бүлөсүндө балага ат коюуга зор маани берилгенин, аны менен адамдын келечеги байланштырып, ага белгилүү мазмун киргизилгенин, ал наристенин тагдырына таасир тийгизет деп ишенилгенин белгилей келип, муну эпикалык «Эр Төштүк» поэмасынын баш каарманына ат коюлушу мисалында ырастайт.

Кыргыз элинин оозеки чыгармаларында камтылып турган көптөгөн жана ар түрдүү материалдар кыргыздардын диний түшүнүктөрү менен дүйнөгө көз караштарын мүнөздөй турганын белгилей келип, анда магиялык-анимисттик түшүнүктөр жана шамандык культ менен катар мифологиялык сюжеттердин да табыларын, ислам идеологиясын да кеңири орун алганын жана буддизмден кабыл алынган ырым-жырымдардын да белгилери байкалып турганын, Умай эне культуна, тотем түшүнүктөрүнүн калдыктарына, табият культуна, фетишизм издерине, шаман культуна, өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын культуна, ислам динин идеологиясына конкреттүү ар бирине токтолуп көрсөтөт.

Кыргыз элинин генеологиясын изилдөөдө элдик уламыштарды, аңыз сөздөрдү, санжыраны кеңири пайдаланган.

Саул Матвеевич жогоруда эскерилип өтүлгөндөй кыргыз элинин оозеки чыгармаларына тарыхый-этнографиялык изилдөө үчүн булак катары гана эмес, нагыз фольклорист изилдөөчү катары илимий анализ жасаган. «Кыргыздардын биздин күндөргө чейин келип жеткен оозеки чыгармалары жанр жагынан өтө көп түрдүүлүгү менен айырмаланат. Эмгек, лирикалык жана үрп-адат ырлары менен катар кыргыз элинин чыгармачылыгында элдик чыгармалардын башка түрлөрү да: жомоктор, уламыштар, элдик романдар тибиндеги баатырдык поэмалар, айрыкча баатырдык эпос олуттуу өнүгүүгө ээ болгон»[3],— дейт ал. Ал ар бир жанрга өз-өзүнчө токтолуп, анын табиятын сыпаттоо менен, кээ бир жанрдын пайда болуусун да мүнөздөйт. Мисалы, макал-лакапты сыпаттай келип, андан санат-насыят ырлары өсүп чыкканын мындайча белгилейт: «Элдин тур-

www.bizdin.kg

муштук тажрыйбасы, анын даанышмандыгы көп түрлүү макал-лакаптарда ачык-айкын көрүнөт. Ар кандай элдик санат сөздөр сыяктуу эле кыргыз макал-лакаптары өтө көркөм жана таасирдүү формада ата мекенди сүйүүгө үйрөтөт, эр жүрөктүүлүк сезимин тарбиялайт, кемчиликтерди жерип, жамандыкты айыптайт. Алар мурда элдин мал чарбачылык, бир аз жоокерлик, көчмөн турмуш-тиричилиги менен тыкыс байланышта болгон. Элдик оозеки чыгармачылыктын бул жанрынын негизинде кыргыз фольклорунда акыл-насаат ырлары жана поэмалары түрүндөгү өз алдынча болгон, өзгөчөлүү чыгармалар өсүп чыккан. Алар эл арасында таралып жүргөн макал-лакаптардан (көпчүлүк учурда ыр түрүндө) жана уйкаш афоризмдерден турат. Мындай поэмалар санат (насыят же жакшы, үлгү, өрнөк) деп аталат. Макал-лакаптар кандайдыр өзүнчө бир темага арналат же тематикасы ар түрдүү болгон, бирок жалпысынан поэтикалык адеп-ахлак насыяты түрүндө болот»[4].

Кыргыз фольклорунда ыр чыгармачылыгы чоң орун ээлерин, бул биринчиден кыргыздардын өзгөчө поэтикалык шыгы, алардын сейрек учуроочу төкмөлүгү, өзүлөрүн курчаган турмуштагы бардык олуттуу окуяларды поэтикалык образдарда жана ыр түрүндө берүүгө болгон жөндөмдүүлүгүнө байланыштуулугун, ырдын кеңири өнүгүшү элдин музыкалык таланты менен да шартталышканын белгилейт. Ыр жанрында негизги орунду лирика ээлерин, мында эң назик саймадан жаралгансыган ашыктык ырлары секетбай, оңунан чыкпай калган сүйүү жөнүндөгү күйүү ырларын, кандайдыр бир кайгылуу кырсык болгондо, жакынынан ажыраганда, сүйгөнүнө жетпей калганда ырдалчу арман ырларын санап өтүп анализ жасаган.

Лирикадан тышкары кыргыз эл чыгармачылыгында турмуш-тиричиликке байланыштуу ырлар барына, алардын ичинен көрүнүктүү орунду ээлеген кошок ырларына, эмгек процессине байланышкан, феодалдык жана улуттук эзүүгө каршы социалдык нааразылыкты чагылткан ырларга, оюн-зооктордо ырдалуучу ар түрдүү курактагы адамдардын, айрыкча жаштардын ырларына («Селкинчек», «Акыйнек» ж.б.) балдарды терең сүйүү сезимине жык толгон бешик ырларына бир нече макалаларында токтолуп фольклористикалык анализден өткөргөн. «Элдин ырчылардын-акындардын ортосунда өзүнчө бир поэтикалык

www.bizdin.kg

жана музыкалык турнирлердин убагында аткарылуучу ыр мелдештери (айтыш) өтө ар түрдүү. Төкмө акындык жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон эки акын мелдешет, бирок чоң майрамдарда келгендердин көпчүлүгү катышкан мелдештер эки тараптын мелдеши сыяктуу да уюштурулган. Кээде табышмактардан жана чечмелөөдөн турган айтыштарда өткөрүлгөн»,— деп жазып бир нече макалаларында айтыштарга кайрылган.

Саул Матвеевич кыргыздардын оозеки чыгармачылыгында зор орун ээлеген эпос жанрына айрыкча көңүл бөлгөн. «Кыргыз элинин тутумуна кирген уруулардын эпикалык уламыштарынын бир кыйла калдыктарынын бөлүктөрү болуп саналган ондон ашуун эпостук поэма бар»,— деп жазат. Ал баш каармаңы жер астында аракеттенген «Эр Төштүктүн» келип чыгышын эпос жанрынын байыркы тибине жаткырып, анын мазмуну жана образдары алтайлык элдердин эпосторуна окшошуп кетерин белгилейт.

Табияттан тышкаркы күчү бар кайберенге каршы узак күрөш жүргүзгөн мергенчи Кожожаш жөнүндөгү поэмада жомоктук мотивдер чагылдырылган, анда өндүргүч күчтөрдүн төмөнкү деңгээлде турган коомдо пайда болгон, анда анимисттик дүйнөгө көз караштардын белгилери ачык байкалат деген жыйынтыкка келген.

Саул Матвеевич чет элдик баскынчыларга — ойрот феодалдарына каршы күрөштү чагылдырган «Курманбек», «Эр Табылды» эпостору кыргыз уруулары эл болуп биригүүсү аяктаган доордо жаралган деген ойго келген. Ушул эпос жанрындагы чыгармалардын арасында социалдык-турмуштук жана жомоктук романтикалык мазмундагы новеллалык поэмалар: «Олжобай менен Кишимжан», «Мендирман», «Жаңыл Мырза» тиби боюнча элдик романдарга жакындашып, мазмуну — каармандардын башынан өткөрөгөн укмуштуу окуялары үй-бүлө турмушундагы чатактар экенин белгилейт.

«Кыргыз фольклорунда легендалар жана уламыштар олуттуу орун ээлейт. Генеологиялык мүнөздөгү уламыштардан башка да байыркы мезгилдерде пайда болгон мифологиялык мазмундагы, негизинен космогониялык түшүнүктөрдү чагылдырган легендалар да белгиленүүгө тийиш. Кээ бир легендаларда тотемдик дүйнө таанымдын калдыктары сакталып калган, бугу уруусунун түпкү энесинин теги

www.bizdin.kg

бугудан келип чыккандыгы жөнүндөгү легенда ушундай легендага кирет. Жаныбарлардын жана канаттуулардын пайда болушу жөнүндө да көп сандаган легендалар бар. Азыр да кээ бир тарыхый уламыштар таралып жүрөт.

Мазмуну жагынан ар түрдүү болгон жөө жомоктор да эпикалык жанрга таандык кылынууга тийиш: сыйкырдуу жомоктор каармандардын башынан өткөргөн укмуштуу окуяларды, фантастикалык жаныбарлар жөнүндөгү баяндарды камтыйт: турмуш тиричилик жагындагы жөө жомоктордо элдин жашоо-турмушу, анын жакшы келечеги жөнүндөгү кыялы ачык-айкын чагылдырылган»,— деп кылдат баамдоолорун ортого салган.

Саул Матвеевич кыргыз оозеки чыгармачылыгынын ичинен айрыкча көңүлдү «Манас» үчилтигине бөлүп, ага этнограф гана эмес, фольклорист катары да кеңири изилдөөлөрдү жүргүзүп, бир нече баалуу макалаларды арнаган.

«Манас» эпосу — кыргыздын бүтүндөй бай поэтикалык чыгармачылыгынын сереси жана уюткусу. Сюжеттик негизинен татаалдыгы жана көп түрдүүлүгү, образдардын байлыгы, каармандардын жана аларды курчаган чөйрөнүн сүрөттөлүшүндөгү ажайып боектор, болуп жаткан окуялардын залкарлыгы «Манаста» форманын өркүндөтүлгөндүгү жана өзгөчө көркөмдүгү менен айкалышып турат. «Манас» үчилтиги кыргыз эл музыкасы, элдик көркөм сүрөт искусствосу жана башкалар сыяктуу эле, кыргыздын улуттук маданиятынын айырмалуу өзгөчөлүгүнүн ачык-айкын көрүнүшү болуп саналат. «Манас» үчилтиги сыяктуу поэтикалык эстелик башка эч бир элде жок, ал кыргыз эли дүйнөлүк маданияттын казынасына кошкон баалуу салымы болуп саналат»[5],— деп ага өтө жогорку баа берет. Дагы бир жерде Ч.Ч. Валихановдун соңунан: «Маната» топтолгон тарыхый, этнографиялык, географиялык жана башка материалдардын байлыгы боюнча аны кыргыз элинин турмушунун энциклопедиясы деп атоого болот.

«Манас» кыргыз элинин өзүнүн көз каранды эместиги үчүн күрөшүнүн гениалдуу көркөм эстелиги болуп саналат. Манастын өзүнүн жана анын баатырлары — Бакайдын, Чубактын, Сыргактын образында элдин эң мыкты белгилери: баатырдыгы, эркиндик сүйүүсү, коюлган максатка жетишүүдө көшөргөндүк камтылган[6]. С. М. Абрамзон «Манаска» мына ушундай зор баа берүү менен бирге, ага фолькло-

www.bizdin.kg

ристтик деталдуу изилдөөлөрүн арнайт. Ал манасчылардын өмүрүнө, чыгармачылыгына, алгачкы изилдөөчүлөр В.В. Радлов, Ч.Ч. Валихановдон тартып кийин совет доорундагы улуу-кичүү изилдөөчүлөрдүн ар бирине токтолуп тийиштүү бааларын берет. Мисалы, белгилүү археолог-тарыхчы А. Н. Бернштамдын «Манаска» арналган чыгармаларындагы каралган маселелерди анализдей келип мындай жыйынтыкка келет: «А.Н. Бернштам көтөргөн айрым жоболор талаш жана божомол экендигине карабастан, «Манас» эпосун изилдеп-үйрөнүү проблемасынын кеңири коюлушунда анын эмгеги зор экендигин моюнга алуу керек»[7].

С.М. Абрамзон өз изилдөөлөрүндө «Манастын» негизги окуяларынын сюжеттерин кыскача берип, аларга ар тараптуу анализ жасайт. Ошондой эле анын образдар системасына, элдүүлүгүнө, чыгыш дооруна жана ономастикасына кайрылып баалуу пикирлерди айткан.

АДАБИЯТТАР

[1] *Карабаев Ө.* Алгы сөз. С. М. Абрамзон. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. — Б., «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1989. 3-б.

[2] Ошондо, 578-б.

[3] *Абрамзон С.М.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер, 235-б.

[4] Ошонун өзүндө, 236-б.

[5] *Абрамзон С. М.* Жогоруда аталган китеп, 238-б.

[6] Жогоруда аталган китеп, 472-б.

[7] Ошондо, 240-б.

www.bizdin.kg

БОГДАНОВА МЕДИНА ИСКЕНДЕРОВНА

(1908—1962)

Улуттук маданиятыбыз менен адабиятыбыздын телчигип, бутуна турушуна боордош элдердин көптөгөн уул-кыздары эбегейсиз чоң эмгек сиңиришкендиктерин эч качан эстен чыгарбашыбыз керек. Бөтөн эл дебей, өзүндөй көрүп, өзгөчө ак ниеттен эмгек өтөгөн аалымдардын бири болуп Медина Искендеровна Богданова эсептелинет. Окумуштуу бөтөнчө кыргыз адабияттаануу илиминин түптөнүп, андан ары өнүгүшүнө өтө чоң эмгек сиңирген залкар окумуштуунун бири болгон. Болочок окумуштуу 1908-жылы Букара шаарында насаатчынын үй-бүлөсүндө туулган. Ташкенттен мектепти бүтүргөн соң Орто Азия мамлекеттик университетинин (САГИ) Күн чыгыш факультетинде, бир эле учурда, эки бөлүмүн (түрк жана иран) бүтүрөт да, кийин Москвадан аспирантураны аяктайт. 1941-жылы СССР Илимдер Академиясынын А. М. Горький атындагы дүйнөлүк адабият институтунда иштеп турган мезгилинде М. Богданова Улуу Ата Мекендик согуштун капсаланынан улам В. М. Жирмунский, П. Н. Берков сыяктуу чоң окумуштуу кесиптештери менен бирге Кыргызстанга келип туруп калат. Кыргызстанга келгенден кийин М. Богданова элдик оозеки чыгармачылыкты терең изилдөөгө киришип, СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз Филиалындагы Фольклор жана «Манас» эпосу секторун жетектөө менен жергебиздин туш тарабына уюштурулган илимий-фольклордук экспедицияларга катышып, элдик оозеки чыгармачылыктын нукура ээси болгон калк арасында далай күндөрүн өткөрөт. Натыйжада М. И. Богданова кыргыз фольклористикасы менен адабияттаануу илиминин тарыхында эң биринчи болуп элдик оозеки чыгармачылыкты жанрдык жактан классификациялап, өзүнчө бир схеманы

www.bizdin.kg

иштеп чыкты. Ушул эле жылдары окумуштуу дагы да биринчи болуп улуттук адабиятыбыздын тээ байыркы учурунан бүгүнкү күнгө (ошол кыркынчы жылдары) чейинки тарыхын камтыган «Кыргыз адабияты» (Очерк) деген фундаменталдуу эмгегин жаратты. Бул китеп 1947-жылы Москвадан «Советский писатель» басмасынан басылып чыгып, өз учурунда мурдагы Союздук масштабда да улут адабиятын изилдеген эң барандуу эмгек катары жогорку баага татыктуу болгон.

М. Богданова Кыргызстанга келип иштей баштаган учурда XIX кылымдагы жана XX кылымдын баш ченинделеги адабиятыбыз кол тие элек дың боюнча турган эле. Мындай абалдын түзүлүшүнө, албетте, көрсөтүлгөн мезгилдин өзү, ал учурда болуп өткөн коомдук процесстердин так, даана талдоодон өтө электиги себеп болгондой. Мына ушундай кырдаалда М. Богданова XIX кылымдагы жана XX кылымдын баш ченинделеги улуттук адабиятыбыздын ал-абалы, өнүгүш проблемалары жөнүндө 25 басма табактан турган көлөмдүү эмгегин бүтүрөт. Бирок, белгилүү себептерден улам, окумуштуу бул фундаменталдлуу эмгегин бөлүп-бөлүп чачыранды түрдө чыгарууга аргасыз болот. Бирок М. Богаднованын ушул принципиалдуу изилдөөсүнөн кийин гана адабиятыбыздын аталган мезгили ырааттуу түрдө иликтөөгө алына баштады.

М, Богдановонын окумуштуулук өмүрүндө азыр биз терең урматтоо менен адаттан тыш астейдил мамиле менен сөз кылчу зор ийгилиги болуп, албетте окумуштуунун «Манас» эпосун изилдөөгө арналган эмгектери эсептелинет. Алардын ичинен эң көрүнүктүүсү болуп «Кыргыздын баатырдык «Манас» эпосунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө» деген эмгеги[1] небак эле залкар окумуштуулар П. Н. Берков, М.О. Ауэзов, Б. М. Юнусалиевдердин «Манас» эпосу жөнүндөгү көөнөрбөс изилдөөлөрүнүн катарынан орун алган.

М. Богданова жөнүндө сөз кылганда анын ашкере мыкты педагог экендигин да өзгөчө бөлүп көрсөтүүбүз кажет. Ошол Кыргызстанга келген күндөн тартып окумуштуу Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунда (азыркы улуттук университетибизде) кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча лекция окуп келсе, Москвага кайткан соң М. В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинде СССР элдер адабияты кафедрасын жетектеп, бул

www.bizdin.kg

жерде да окумуштуулук менен педагогдук ишкердикти эриш-аркак алып жүргөн. Кыргызстандан барган бир топ улан-кыздар Н. Богдановонун жетекчилиги менен илим жолуна түшүшкөн. Алар: Ж. Таштемиров, Б. Керимжанова, Б. Маленов, К. Иманалиев, Ш. Үмөталиев, М. Борбугулов, Р. Кыдырбаевалар ж. б.

Мына ошентип, жогоруда айтылгандардын баарысы М. И. Богдановонун өмүрү жана илимий чыгармачылык тагдыры өзүнчө изилдөөнү талап кылып турган маселе экендиги көрүнүп турат. Албетте, анын илимий эмгектери, өмүр-тагдыры бүгүнкү күнгө чейин атайын адабий иликтөөнүн объектисине айланбай келе жатышы өтө өкүнүчтүү.

М. И. Богдановонун илимий мурасынын кыргыз адабияттаануудагы маани маңызы жана ал мурастан кийинки тагдыры жөнүндө окумуштуунун бир кездеги шакирти, азыр филология илиминин доктору, Кыргыз илимдер улуттук академиясынын корреспондент-мүчөсү Р. З. Кыдырбаева менен окумуштуунун кызы, белгилүү адабиятчы А. С. Мирбадаловалар минтип жазышат: «В истории развития киргизской филологической науки имя М. И. Богдановой по праву входит в ..... выдающихся тюркологов наряду с именами И. А. Батманова и К. К. Юдахина.

Но случилась так, что имя М. И. Богдановой было предано забвению, ни разу не были изданы после ее смерти научные труды, имя ее не упоминается ни в учебниках, ни в литературоведческих и фольклористических исследованиях к которым она имела прямое отношение. А ведь она стала, без всякого преувеличения, у самых истоков формирования киргизского литературоведения и фольклористики».

Ырас, улуттук адабият таануубузда М. И. Богдановонун аты-жөнү, окумуштуу жараткан эмгектер таптакыр эле эске алынбай, биротоло унутулуп калынды деген сөздөн алыспыз. Адабиятыбыздын тигил же бул проблемасын, тигил же бул сүрөткердин өмүрү, чыгармачылыгын изилдөөгө алышкан учурларда адабиятчыларыбыз М. И. Богдановонун ысымын, эмгектерин эскеришип, ал эмгектерде айтылган ой-пикирлерди өздөрүнүн чыгара турган тыянак ойлору үчүн илимий аргумент катары пайдаланып келишет. Мисалы, белгилүү адабиятчы филология илиминин доктору, профессор Салижан Жигитов кыргыз элдик оозе-

www.bizdin.kg

ки чыгармачылыгын классификациялоо маселеси жөнүндө, анын ичинде кенже эпосторду жанрдык-тематикалык жактан бөлүштүрүү маселеси тууралуу айтып жатып М. Богдановонын классификациялоосу жөнүндө минтип эскерип кетет: «Киргизский стихотворный эпос, согласно классификации М. И. Богдановой, состоял из поэзии: 1. героических («Манас», «Курманбек», «Жаныш Байыш» и т.д.); 2. новеллических («Кедейкан», «Олжобай менен Кишимжан», «Жаңыл Мырза» и т.д.); 3. романтических «Аксаткын и Кулмурза», «Акмөөр» и т.д.); 4. социально-политических («Акыр заман», «Зар заман» и т. д.). Академик А. Эркебаев да өзүнүн «Малоизученные страницы истории киргизской литературы» деген фундаменталдуу эмгегинде М. И. Богдановонын илимий мурастарына бир нече ирет кайрылып, окумуштуунун жазгандарын өзүнүн тыянак ойлорунун ишенимдүү аргументи катары кепке тарткан. Ал эми М. Богдановонын кыргыз фольклору боюнча жасаган классификациялоосу ар дайым илимпоздорду кызыктырып келген. Мисалы, жогоруда сөзгө тартылган С. Жигитовдун пикиринен башка да бул бөлүштүрүү тууралуу К. Мифтаков, С. Закиров, А. Токомбаева, Ш. Үмөталиев, К. Артыкбаев, М. Мамыров, Т. Танаев ж. б. айтып келишет.

Окумуштуунун «Кыргыздын баатырдык эпосу «Манастын» өзгөчөлүктөрү жөнүндө» деген эмгеги жөнүндө А.А Петросян минтип жазып кетиптир: «Это статья, в которой обстоятельно разбирается вопрос о противоречивом характере идейно-художественного содержания и народности эпоса, представляет собой известный итог многолетной и весьма активной работы автора по изучени эпоса «Манас»[5]. Бул маселеге кыргыз адабиятчылары кийинки кездерде да кайрылышууда. Айталы, эки томдон турган «Манас» энциклопедиясынын 1852-жылкы эпос жөнүндө өткөрүлгөн конференцияга арналган көлөмдүү макаласында М. И. Богдановонын «Манас» эпосу жөнүндөгү эмгектери жогору бааланган. Окумуштуунун бул багыттагы эмгектери ушу бүгүн да ар кандай сөздүн объектисине айланып келүүдө.

Албетте, жеке М. Богдановонын гана эмес жалпы кыргыз адабияттаануу илиминин контекстинен алганда да окумуштуунун 1947-жылы Москвадан чыккан «Киргизская литература» (Очерк) деп аталган китеби өзгөчө бөлүнүп

www.bizdin.kg

көрүнүп турат. 1943-жылы авторлор тарабынан биргелешип чыккан «Кыргыз адабиятынын тарыхынын очерктери» деген китепти эске албаганда М. И. Богдановanын 1947-жылы чыккан бул китеби адабиятыбыздын тарыхы жөнүндө жеке автор тарабынан жазылган эң алгачкы эмгек болуп эсептелет. Бул эмгек өз учурунда жалпы коомчулук тарабынан кызуу кабыл алынуу менен ар кандай оң-тетири сөздөрдүн да объектисине айланыптыр. Ошол учурдун активдүү адабиятчылары Т. Саманчин, Г. Нуровдор бул китепти атайын адабий талдоого алышып, өзүнчө макалаларды жазышса, маданий-илимий чөйрө, адабиятчы-окумуштуулар жамааты бул китепти алгач 1948-жылы 28-январда СССР ИАсынын Кыргыз филиалынын тил, адабият жана тарых институтунун Окумуштуулар Кеңешинин жыйынында, андан соң 1950-жылы 16-ноябрде СССР ИАсынын филиалдар Советинин Кеңешмесинде (Москвада), акыры 1951-жылы эки күн бою кайрадан СССР ИАсынын Кыргыз филиалынын тил адабият жана тарых институтунун Окумуштуулар Кеңешинин жыйынында (Фрунзеде) талкууга алышыптыр. Бул үч талкуунун стенограммаларын окуган адам М. И. Богдановanын аталган китеби кандай тагдырга туш болгондугун сезбей койбойт. Тилекке каршы, кыргыз адабияттаануусунун тарыхында өзгөчө орунда турган бул китеп кийинки он жылдыктарда негедир унутта калынып бараткандай. Ырас, адабият жөнүндөгү илимибиздин өткөнүн баяндаган эмгектерде эскертилип жүрөт. Айталы, 1987, 1990-жылдарда жарык көргөн «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» деп аталган эки томдуктун 1-томунда «Кыргыз адабий сын жана адабий илими» — деген параграфтарда бар. Ал эми адабиятчы Кадыркул Даутов болсо өзүнүн улуу ырчы Барпы Алыкулов жөнүндөгү белгилүү эмгегин аяктап жатып минтип жазат: «Өкүнүч сөз, Барпыны биринчи таап, биринчи ачып илимий чөйрөдө биринчи коомдук пикир түзүп, ал жөнүндө Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Президиумунда атайын доклад жасаган окумуштуу маркум Медина Искендеровна Богдановanын атын эч жерде эскерип да койбойбуз, ага адамдык эрдигибиз жетпейт, майдалык кылабыз. Балким, Барпы үчүн кыргыз адабияты ал кишиге да кайсы бир даражада милдеткер болуп жүрбөсүн». Мына ушундай. М. Богдановanын ысым-жөнү бир жылт эткен

www.bizdin.kg

боюнча көздөн кайым болот. Жогоруда көрүнгөндөй, ар кайсы окумуштууларыбыз М. И. Богдановanын бай илимий мурасынан өздөрүнүн изилдөө багытына тиешелүү болгон тигил же бул өнүтүн гана сөзгө тартып келишиптир. Ал эми соңку кездерде бул иш да анча колго алынбай унутта калып баратат. А чынында М. Богдановanын улуттук адабияттаануу илимибиздин калыптанышы менен өсүп-өнүгүшүндөгү ролу эбегейсиз чоң.

Улуу Ата Мекендик согуш башталаары менен көптөгөн таанымал окумуштуулардын катарында Кыргызстанга эвакуацияланып келген М. И. Богданова кыргыз жерине келери менен анын көркөм сөз казынасын дыкаттап изилдөөнү колго алган. Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондусунда азыр да М. Богдановanын эл аралай, журт кыдырып, көөнө сөзүбүздү кажыбаган эмгек менен чогултқандыгы жөнүндө жазылган экспедициялык материалдар, жол жүрүү отчеттору сакталуу турат. Ошондой отчеттордун биринде окумуштуу мындай деген маалыматтарды баяндайт: «Мое знакомство с киргизским фольклором началась с работы в фольклорном фонде Комитета Наук при СИК Киргизской ССР в конце 1941-года. Вследствии того, что киргизский фольклор почти не изучен и в научной литературе не было данных об ею реальных богатствах и многообразии, передомной встала задача выявления и научной систематизации жанров киргизского фольклора.

В течении 1942—1943-гг. я работала над фондовыми материалами выявляя жанры и подбирая к каждому жанру соответствующие образцы. На основе собранного материала я разработала систему классификации жанров киргизского фольклора в соответствии с которой созданы были мною два большие схемы по лирическим и эпическим жанрам. В истории изучения фольклора тюркоязычных народов это был первый отчет подобного рода классификации»[7]. Көрүнүп тургандай, бул отчеттон биз бир аз жеринен гана мисал келтирип, М. И. Богдановanын кыргыз фольклорун иликтеп-изилдөөгө баш оту менен белсене киришкендигин ачык айкын байкайбыз. Айрыкча улуттук оозеки көркөм чыгармачылыгыбызды классификациялоо ишин дыкаттап колго алгандыгын даана туябыз. Албетте, улуттук фольклорду классификациялоо иши оңой-олтоң жумуш эмес. Бул

www.bizdin.kg

иш чара окумуштуудан, биринчиден, карала турган материалдардын ар тараптуу, кенен билүүнү, экинчиден, терен теориялык билимди жана да, үчүнчүдөн, зор филологиялык камылганы талап кылып турат.

Улуттук фольклорубузду классификациялоо ишин жогоруда биринчи болуп М. Богданова колго алыптыр деп айттык. Буга чейин окумуштуу бул багытта зор камылгалык иштерди жүргүзүп, проблеманын ал-абалына сүңгүп кирип, аны тереңден үйрөнүүгө аракет жасагандыгы жөнүндө жогоруда өз колу менен жазган отчетунан билдик. Ушундай бир топ иш чаралардан кийин гана М. Богданова элдик оозеки көркөм чыгармачылыгыбызды кыйла башкачараак классификациялап бериптир. Элдик оозеки көркөм чыгармачылыгыбызга баш-аягы онго жакын классификациялоо иши багышталыптыр. Алардын ар биринин алгылыктуу да, кемчил да жактары болбой койбоптур. Иштин мындай болушу, албетте, мыйзамченемдүү көрүнүш да болуп эсептелинет эмеспи. Анан калса ушул классификациялоолордун ичинде Медина Искендеровна Богдановanын бөлүштүрүүсүнөн сапаттык деңгээли, жетишкен бийиктиги кандай деген суроо өзүнөн өзү келип чыгаары турган иш. Анда эмесе бул суроо алгач адабиятчылардын өздөрүнүн айткан-дегендерин мисалга тарта кетсек. Бүгүнкү кыргыз адабият таануу илиминин белгилүү өкүлдөрүнүн бири К. Артыкбаев өз оюн кыска, бирок нуска түрүндө минтип айтат: «М. И. Богданова кыргыз фольклорун классификациялоого, изилдөөгө көп эмгек сиңирүү менен бирге, кыргыз совет адабиятынын тарыхына назар салууга да белсемдүү аракет жасаган». Ал эми кыргыз фольклорун классификациялоо жумушун мезгилдик жактан эң акыркы болуп колго алган, илимпоз Т. Танаев бул багытта минтип жазат: «Кыргыз фольклорун ар тараптан кеңири изилдеген, көрүнүктүү фольклорист М. Богдановanын жасаган аракети кыргыз фольклористикасынын тарыхында өзүнчө орунду ээлейт. ... адабиятчы М. Богдановanын кыргыз фольклорун жанрдык классификациялоосу кыргыз фольклор илиминин тарыхында биринчи жолу туура илимий негизде багыт берген бөлүштүрүү болуп саналат, экинчиден, бүгүнкү күнү ушул адабиятчынын көз карашы илимий жактан эң жогору тургандыгы менен баалуу». Ырасында эле М. И. Богдановanын элдик оозеки чыгармачы-

www.bizdin.kg

лыгыбызды эң алгачкылардан болуп бөлүштүргөн классификациялоосу көп жагынан жылуу сөздөргө татыктуу эмгек болуп эсептелинет.

Ал эми «Манас» эпосу тууралуу 1952-жылкы талкууда М. Богданова эпосубуз жөнүндө катары менен үч макаласын жарыялаган. Төрт күнгө созулган конференциянын жүрүшүндө эпоско арналган баяндамалар чоң эки топко бөлүнгөн. Биринчи топко «Манас» эпосунун элдүүлүгү жөнүндөгү маселе каралып, мында бир негизги баяндама, эки кошумча баяндама угулган. Негизги баяндаманы А. К. Боровков жасап, ал эми кошумча баяндаманын бирин М. Богданова жасаган. Конференция аяктап жаткнада өз баяндамасында айтылган тыянак пикирлерге каршы болушкан М. Климович, Ж. Саманганов, Г. Нуров, П. Балтипндердин айткандарына айныксыз аргументтерден куралган корутунду сөз сүйлөгөн Эл эми экинчи топто болсо улуу эпостун варианттарынын маселеси каралган.

Окумуштуунун «Кыргыздын баатырдык «Манас» эпосунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө» деген эмгеги 1961-жылы СССР ИАсы тарабынан даярдалып жарыкка чыгарылган. «Киргизский героический эпос «Манас» деген айтылуу жыйнакка жарыяланган. Бул эмгек биринчи кезекте өзүнүн изилдеп жаткан объектисине чыныгы илимий мамиле жасагандыгы, проблеманы ар кайсы өңүттөн ачып берүүнү биринчи сапка койгондугу, изилдөө объектисине тиешелүү мейли илимий, мейли көркөм, мейли турмуштук материалдарды жеткилең билүү жана да эпоско чыныгы тарыхый чен-өлчөмдөн туруп мамиле жасагандыгы ж. б. бир топ өзгөчөлөнүп турат. М. И. Богдановонын «Манас» эпосу жөнүндөгү бул эң башкы эмгегиндеги айтылган ой түрмөктөрүн көрсөтсөк болот: эпостун өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтылган алгы сөз бөлүмү эпостун элдүүлүгү жана эпостун курамындагы кийин кошулган эпизоддор сюжеттик линиялар, алардын табияты, эпостун көп варианттуулугу жөнүндө; эпостун пайда болуу мезгили жөнүндө, структурасы жөнүндө ж.б. Көрүнүп тургандай, улуу мурасыбыз жөнүндө кеңири, ар тараптуу талдоо жүргүзүлгөн. Анан да бул проблемалардын баарысы эпостун ар түрдүү варианттарын кеңири сөзгө тартуу менен чечмеленет. «Алпамыш», «Кобланды баатыр», «Кырк кыз», «Көр уулу», «Игордун кошуну жөнүндө сөз», «Алибек менен Белибек», «Юсуф

www.bizdin.kg

жана Ахмет» сыяктуу дүйнөлүк жана аймактык эпикалык традициянын, эпикалык үлгүлөрдүн контекстинде талдоого алынат. Анан, албетте окумуштуу монументалдуу бул чыгарманын курамында элдик санжыралар, уламыш сөздөр, легендалар, ал турсун чакан дастандар да орун алгандыгы жөнүндө, дегеле «Манас» эпосу кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхынын көркөм летописи экендиги тууралуу эң сонун жыйынтык ойлорду чыгарган.

Анын «Манас» эпосу жөнүндөгү эмгектери улуу мурасыбызды дагы да тереңирээк түшүнүүгө ар качан көмөгүн тийгизе турган жана да автордун чыныгы окумуштуулук касиетине күбө өтүп турган, эч качан илимий баалуулугун жоготпой турган изилдөө болуп эсептелет.

Окумуштуу XIX кылымдагы жана XX кылымдын баш чениндеги кыргыз ырчылар поэзиясына иликтөө жүргүзүп, натыйжада бир катар илимий эмгектерди жазган. Бул багытта илимпоз «Кыргыз адабияты» деген китебинде[3], XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы кыргыз акындары; XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы кыргыз адабиятынын тарыхынын кээ бир маселелери жөнүндө деген эмгектерин жарыкка чыгарган. Окумуштуу өзүнүн 1- жана 2-эмгектеринде алгач ырлар жашаган мезгил, ал учурдагы коомдук-тарыхый шарттар тууралуу, ал ырчылардын көз караштары кайсы социалдык чөйрөнүн таасиринде калыптангандыгы жөнүндө сөз кылып, алардын чыгармалары (Калыгулдун «Акыр заманы», Арстанбектин «Тар заман» жана Молдо Кылычтын «Зар заманы» бири-бири менен үндөшүп келип, бирдей мааниде жазылгандыгын айтат. Окумуштуу «заманчы» акындардын эң ири өкүлдөрү болушкан Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтардын ар биринин өмүрү, чыгармачылыктарына токтолуу менен конкреттүү анализге өтөт. М. Богданова алгач Калыгулдун чыгармачылыгындагы башкы идеяларды ачып берүү менен анын көркөм туундуларына мүнөздүү болгон негизги ойлорду, башкы проблемаларды көрсөтөт. «Калыгулдун поэзиясы элге багытталган, анын ырлары жакындап келе жаткан оторчулук жөнүндө алдын ала айтып жана аны чечмелеп берет. Ал ырларда тышкы агрессияга каршы күрөшүүгө үндөө угулат. Анын ырларынын эбегейсиз оң мааниси мына ушунда[6]. Ушундай эле ой жүгүртүүлөрдү окумуштуунун Арстанбектин чыгармачы-

www.bizdin.kg

лыгына багышталган ой жорууларынан да жолуктурабыз. Илимпоз Арстанбек ырчынын чыгармаларындагы башкы өзгөчөлүктү Калыгулдун чыгармаларынан айырмаланып турган өзгөчөлүктөрүн таамай-так көрсөтүп бере алган. Калыгулдун чыгармаларынан болгон негизги бөтөнчөлүктөр болуп булар эсептелет. 1. Ырчылык жана комузчулук чеберчилик Арстанбек үчүн кесип болгон. 2. Ар качан тикеден тике эл ичинде болуп, анын муң-зарын жакындан билип, жакындан сезген. Андан ары М. Богданова Молдо Кылычтын өмүрү, чыгармачылыгын талдоого алат. Молдо Кылычтын поэзиясы Калыгул менен Арстанбектин чыгармалары менен идеялык жактан үндөшүп, тематикалык жактан тутумдашып турганын белгилөө, конкрет мисалдар менен далилдөө, аргументтүү ойлор менен бышыктоо менен бирге акындын «Зилзала», «Зар заман» сыяктуу казалдарында бүгүнкү турмушту зар заман деп сүрөттөө менен тээ байыркы, кудум эпосто сүрөттөлгөндөй «аскерий-демократиялык коомду» кайра курууну эңсөө бар экендигин ачык талдап, иликтөөгө алат. Андан ары окумуштуу Молдо Кылычтын дүйнөгө болгон көз карашы чектелүү болбогондугун, тескерисинче, реалдуу чындыкты реалдуу көрө билгендигин жана да аны реалдуу баалай биле алгандыгын ачып берет. Бул багытта илимпоз акындын белгилүү «Чүй баяны» поэмасын кепке тартып, орустардын келүүсү менен кыргыз турмушунда болуп жаткан реалдуу өзгөрүүлөрдү ары көркөм, ары образдуу ырга кошкондугун дегеле «Чүй баяны» поэмасы Молдо Кылычтын канчалык деңгээлде реалист сүрөткер экендигин далилдеп турчу көркөм факт экендигин талдоодон өткөрүп берет.

М. Богданова «заманачылардын» чыгармалары жөнүндө өзүнүн алгачкы илимий иликтөөлөрүн жүргүзгөн негизде ушундай пикирде болсо, ал эми кийинчерээк, арадан 6—7 жыл өткөн соң жазылган эмгектеринде алгачкы пикирлерине тескери болгон көз карашын билдирет. Бул кандай мезгил эле? Баарыбызга маалым М. Богданова «заманачыларды колдоп жазган учур Улуу согуштун бүткөн кези, эл ичинде тынчтык өкүм сүрүп, өлкө ичинде ар кандай саясий компаниялар тынчып, турмуш жай нукка түшкөн кез эле. Ал эми ушундан көп өтпөй эле ВКП(б)нын «Ленинград» жана «Звезда» журналдары жөнүндө, айрым опералар, драмалык театрлардын репертуарлары тууралуу өтө

www.bizdin.kg

Токтогул Сатылгановдун чыгармачылыгында ар түрдүү поэтикалык туундулар да кездешет. Ырчы өзүнүн чыгармаларында эмгекчи элдин жаң дүйнөсүн ачып берүү, түбөлүктүүлүктү даңазалоо аркылуу элге кызмат кылууну биринчи сапка коет. Мындай түбөлүктүүлүктү даңазалоо Орто Азия жана Казакстандын демократ акындары жана шайырлары Жамбул, Фазыл Юлдашев, Дурды Кылычтын чыгармалары менен үндөшүп турат. Бирок бул деген Токтогулдун чыгармачылыгында Орто Азия жана Казакстан элдеринин башка акындары жана шайырларынын чыгармачылыгыктары сыяктуу өздөрүнүн маданий деңгээлдери боюнча Токтогулдан кыргыз айылындагы турмуштун өзгөчө бир жагдай — шарттарында жараткан сабатсыз акындан алда канча алдыга озуп кетишкен Абай, Тукай ж. б. лар менен бир катарга коюп кароо дегендикти билдирет. Бул жерде сөз Токтогулдун көптөгөн чыгармаларында падышалык Россиянын мурдагы элдеринин көптөгөн акын, жазуучулары менен белгилүү бир идеялык жакындык бар экендиги жөнүндө болуп жатат. Бул келтирилген цитата М. Богдановanын окумуштуулук диапазонунун кеңдигине, теориялык камылгасынын терендигине, ой жүгүртүү чабытынын кенендигине күбө болуп турат. Негедир Токтогулдун өмүрү жана чыгармачылыгын изилдөө иши менен алектенишкен окумуштууларыбыз М. Богданова баштаган ошол уңгулуу традицияны унутта калтырышкандай сезилип кетет. Улуу ырчынын чыгармачылыгын улут адабиятыбыздын алкагында эле иликтөө деңгээлинен көтөрүлө алышпагандай көрүнөт.

Тоголок Молдонун чыгармалары кыркынчы жылдан баштап адабий иликтөөлөрдүн объектисине айланса да, ал чыгармалар жөнүндө нукура илимий терендикте кеп кылуу 50-жылдардан тартып башталган десек жаңылышпайбыз. Тагыраак айтканда, дал ушул жылдары кыргыз адабият таануусун негиздөөчүлөрүнүн бири М. Богдановanын Тоголок Молдонун өмүрү жана чыгармачылыгына арналган көлөмдүү эки эмгеги жарык көрөт. Алардын биринчиси «XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы кыргыз эл ырчысы Тоголок Молдонун чыгармачылыгы жөнүндө» деп аталып, академик В. А. Гордлевскийдин 70 жылдыгына карата чыккан жыйнакта 1953-жылы Москвадан басылган, экинчиси улуу

www.bizdin.kg

ырчынын «Тандалмаларына» баш сөз катары жазылып, жарык көргөн. Булардан сырткары «XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын баш чениндеги кыргыз акындары» деген көлөмдүү макаласында, «Кыргыз адабияты» (очерк) деп аталган китебинде улуу акындын чыгармачылыгынын тигил же бул жактары сөзгө тартылат. Азыр айкын болуп отургандай, Тоголок Молдонун көптөгөн оригиналдуу чыгармалары сакталып калбаптыр, ал эми алардын көчүрмөлөрү жоголуп кеткен. Медина Богданова Тоголок Молдо жөнүндө илимий иликтөөсүн жүргүзгөн кезинде акындын чыгармачылыгын изилдөө иши ушундай абалда эле. Бул фактынын өзү Тоголок Молдо таануу да М. Богданова сөздүн чыныгы маанисинде баштоочулардын, изилдөөчүлөрдүн бири болгондугун көрсөтүп турат. Жогоруда биз М. Богдановanын теориялык билими өтө терең, интеллектуалдык мүмкүнчүлүгү жогору, эстетикалык табияты тунук, коомдук ой жүгүртүүсү кеңири чабыттагы окумуштуу болгондугун атайы белгилеп кеттик. Ушундай бийиктигинен туруп илимпоз каралып жаткан мезгилдик тилкеде байкалган Тоголок Молдонун чыгармачылыгындагы айрым бир өксүк жактарды да таамай көрө билип, акындагы ал кемчиликтерди окурмандардын кеңири катмарынын адилет таразасына коет. Окумуштуу бул багытта минтип жазат: «Бирок өзүнүнү ашкерелөөчү чыгармаларында коомдук терс көрүнүштөрдү сүрөттөп жана ал карама-каршылыктарды ачып бергени менен Тоголок Молдо бул терс көрүнүштөр менен күрөшүүнүн жолдорун көрсөтө алган эмес. Акын жадагалса мындай көрнүштүн зарыл экендиги жөнүндөгү тыянак пикирге да келе алган эмес.

Тескерисинче, анын айрым чыгармалары маңдайга жазылган тагдырга моюн сунуу, жашап жаткан эреже-жөрөлгөлөрдүн айныксыздыгын моюнга алуу идеясына сугарылган»[7]. Тоголок Молдонун көз карашындагы мындай өксүк, тилекке каршы көпкө созулбагандыгын айтат: «Ошентсе да Тоголок Молдо өзүнүн дүйнөгө болгон көз карашындагы чектөлүүчүлүктү акырындап жое баштайт. Мындайча болууга, албетте, XX кылымдын баш чениндеги калыптанган коомдук-саясий кырдаал да көмөкчү болгон»[8].

М. И. Богданова адабий иликтөөчү катары Тоголок Молдонун чыгармачылыгынын бардык жагын ар тараптуу талдоодон өткөргөндүгүн көрөбүз.

www.bizdin.kg

Окумуштуунун эмгектериндеги колдоого ала турган дагы бир нерсе: илимпоз улуу акындын чыгармачылыгын XIX кылымдын соңу, XX кылымдын баш чениндеги социалдык саясий абалдын ажырагыс контекстинде карап, ушундан улам акындын ырларынын коомдук маани-маңызын, эл турмушу менен ажырагыс болуп турган мүнөзүн эң сонун ачып берген. Окумуштуунун илимий эмгектеринин контекстинде бул мезгилдеги айрым конкреттүү калемгерлердин чыгармачылык өсүштөрү менен кемчил жактарын, ал турсун конкреттүү көркөм туундулардын да оң, терс жактарын ишенимдүү иликтөөдөн өткөргөн. Бул багытта окумуштуу бир катар эмгектерди жаратып кеткен. Алар катардагы бир шилтем рецензиялардан көптөгөн нускаларда басылып чыгып жаткан жыйнактарга жазылган баш сөздөрдөн тартып өзгөчө тыкан, өзгөчө иш билги иштелген фундаменталдуу зор илимий иштерге чейинки эмгектери эле. Ал эмгектердин ичинен бөтөнчө көзгө толумдуу, өзгөчө мыктылары болуп, албетте, 1947-жылы Москвадан басылып чыккан «Кыргыз адабияты» деген фундаменталдуу эмгегинин профессонал жазма адабиятыбызга багышталган главалары, 1960-жылы Москва Мамлекеттик университети тарабынан басылып чыгып, Мурдагы Советтер Союзунун учу-кыйырсыз аймагындагы университеттер менен педагогикалык институттар үчүн окуу куралы катары сунуш этилген. «Борбордук Азия жана Казакстан элдеринин адабияттарынын тарыхы» деп аталган көлөмдүү китепте «Кыргыз адабияты» деп аталган бөлүмдөгү сегиз басма табак көлөмүндөгү улуттук профессионал жазма адабиятыбыздын калыптаныш, телчигиш жана өсүп өнүгүш проблемасына арналган талдоолору, ошондой эле айрым жеке калемгерлердин өмүрү чыгармачылыгына багытталган макалалар түрмөктөрү эсептелинет. Буларда М. И. Богданова улуттук профессионал жазма адабиятыбыздын өнүгүү процессине жазма адабияттын оозеки мыйзамченемдерине ылайык жаңыдан өздөштүрүлгөн жанрдын көп түрдүүлүгүнө, турмуштун түркүн түс проблемаларына шайкеш келген тематикалык көп түстүүлүгүнө өзгөчө басым жасоо менен булар жөнүндө теориялык камылгасы жогору, адабий көрөңгөсү бай окумуштуу катары бөтөнчө бийик деңгээлде кеп кылгандыгына күбө болобуз.

www.bizdin.kg

Айталы, кыргыз адабиятынын тарыхы жөнүндө орус тилинде жазылган 1947-жылы Москвадан басылып чыккан «Кыргыз адабияты» деген изилдөө китеби 288 бетке барабар болсо, анын теңинен көбүрөөгү (163 бети) дал ушул биз сөз кылып жаткан профессионал адабиятыбыздын калыптанышына, өсүп-өнүгүшүнө арналган. Москва мамлекеттик университетинен басылып чыккан китеп жөнүндө дале ушундай пикирди айтсак болот.

АДАБИЯТТАР

[1] *Богданова М. И.* Об особенностях киргизского героического эпоса «Манас» Китепте: Киргизский героический эпос «Манас». Изд-во Академии наук СССР.— М., 1961. 197—234-б.б.

[3] *Богданова М. И.* Киргизская литература. Очерк. — М. 1947.

[4] *Богданова М. И.* Киргизские акыны XIX и начала XX веков. //«Кыргызстан». Альманах. — Ф., 1946.

[5] *Богданова М. И.* О некоторых вопросах истории литературы XIX и начала XX веках. Труды ИЯЛИ. вып. 9. 1952.

[6] *Богданова М. И.* Киргизские акыны XIX и начала XX веков.// Кыргызстан. Альманах. — Ф., 1946.

[7] Көрсөтүлгөн эмгек, 79-бет.

[8] Көрсөтүлгөн эмгек, 81-бет.

www.bizdin.kg

БАЙЖИЕВ ТАШЫМ

(1909—1952)

Кыргыз элинин чыгаан уулдарынын бири, көрүнүктүү окумуштуу, фольклорист жана жазуучу Ташым Байжиев 1909-жылы Ысык-Көлдүн Ак-Суу районуна караштуу Теңизбай айылында туулуп, ак жеринен айдалып кетип 1952-жылы түрмөдөн өлгөн. Ал 1925-жылы Пишпекте алгач ачылган эл агартуу институтуна (кийин кайра борбордук педтехникум болуп калган) келип кирип, 1927-жылдан тарта «Эркин-Тоонун» активдүү кабарчысы катары ж.б. ар кыл чыгармачыл, о.э. коомдук иштерге катышып, өзүнүн эмнеге болсун жөндөмдүүлүгүн эрте жашынан көрсөткөн.

Ташым Байжиев 1930-жылы Фрунзедеги педтехникумду, 1940-жылы пединституттун орус тил жана адабияты факультетин бүтүрүп, эки тилде эркин иштеген. Алгач публицистикада өз күчүн сынап, бир катар чыйрак макалаларды, илимий сын макалаларды жазган. Ташым 1930-жылдары ириде таланттуу жазуучу катары таанылган. Бул туурасында Т. Саманчин мындай дейт: «1930-жылдардын ичинде гана кыргыз адабиятынын прозалык жанры кеңири түрдө өнүгө баштады. «Жаңы маданият жолунда» жана «Чабуул» адабият журналдары өз айланасына бир кыйла жаңы жаш жазуучуларды топтоп, алардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө таяныч боло алды. Ал журналдардын бетинен К. Маликовдун, М. Абдыкеримовдун, Т. Байжиевдин алгачкы жазган аңгеме, очерктерин окуй баштадык» (Т. Саманчин. Лакаптан романга. — Ф., 1971, 86-б.).

Анын «Сен кимсиң», «Дос», «Күрөш», «Суу боюнда», «Кытмыр өлдү» деген аңгеме-повесттери («Кытмыр өлдү», «Суу боюнда» Ташкенттен чыгып турган «Советская литература народов Средней Азии» журналына басылып, москвалык жазуучулар тарабынан мактоого алынган) жа-

www.bizdin.kg

рыяланган. 1916-жылкы «Үркүн» туурасында жазылган «Турмуш чөлүндө» повестти (1929-ж.) конкурста жакшы баага арзып, дагы бир сыйра карап жарыялайм деп турган учурунда Алайга райОНО болуп кетип, басмачылардан качып-бозуп жүрүп, өзү жоготуп алган. Аталган чыгармалар сөзсүз өз мезгили үчүн олуттуу мааниге ээ болгон. Нукура көркөм чыгарма деген эмне экендигин мыкты ажыратып талдай билген, адабий табити күчтүү Жусуп Турусбеков тээ 30-жылдарда эле Ташымдын көп кырлуу талантына тамшанса, «Кызыл учкун» (1928) адабий ийриминин жетекчилери Базаркул Данияров, Сыдык Карачев, Касым Тыныстановдор Ташым менен Узакбай Абдукаимовду «чоң жазуучулардан болушат» дешип, булардын келечегинен көптү үмтөтүшкөн. Демек, Т. Байжиев адабий чөйрөнүн бул өңдүү көрүнүктүү билермандарынын көзүнө келечеги кең жазуучу катары ошондо эле биринчилерден болуп урунган. Албетте, ал узагыраак жашап, бүт ыкласын, күчүн жазуучулукка, (драматург, сынчылык ж. б.) гана зарптаганда балким дүйнөгө белгилүү жазуучулардан болмок. Байжиевдин таланттуу жазуучу гана эмес, өзгөлөрдөн бөтөнчөлөнгөн таланттуу драматург да болгондугун драматургия боюнча ири адис адабиятчы С. Байгазиев: «Жигиттер» М. Борбугуловдун «Учу кыйырсыз жол» китебинде аты аталганы болбосо, изилдөөчүлөрдүн да көзүнө чалдыккан эмес. Ушул күнгө чейин театр ишмерлеринин, театр сынчыларынын да көңүлүн бурбагандыгы өкүндүрөт. Себеп дегенде качанкы журналга чыккан («Советтик Кыргызстан», № 2, 1944-ж.) бул «сары алтын» учурунда драматургиядагы көзгө көрүнөрлүк жаңылык, салмактуу көркөм табылга, кыргыз драма искусствосунун тарыхый өнүгүш көз караштарынан алганда кезектеги алга ташталган кадам катары бааланууга тийиш болгон оригиналдуу чыгарма. «Жигиттер» өз учурундагы өзүнүн фронттош, «курбалдаш» драмалык чыгармалардын жалпы хорунан бөлүнүп турат» — деп (1,131-б.) калыс белгилеген. «Т. Байжиевдин бул кол жазмасы колума тийгенине бактылуумун. Өңү өчөйүн деп калса да баракталган сайын чыгарманын терендеги мааниси өз өңүнөн кете элек экен. Чыгарма жазылгандан бери жарым кылымга чукул мезгил арадан өтсө да автордун айтайын деген ою, идеясы ушул учур менен үндөшүп турганын байкадым» — дейт

www.bizdin.kg

Кыргыз эл артистти, режиссёр И. Рыскулов (1, 140-б.). И. Рыскулов «Жигиттерди» 45 жылдан кийин 1989-жылы кайрадан сахнага алып чыкты.

Т. Байжиев А.Треневдин «Любовь Яровая», А. Островскийдин «Сепсиз кыз», А. Фурмановдун «Чапаев», Э. Распенин «Мюнхаузендин шумдуктары» о.э. Л. Толстойдун, И. Тургеневдин, А. Фадеевдин ж.б. чыгармаларын кыргызчалап, өзүнүн жөндөмдүү котормочулугун дагы көрсөткөн. Атаганат, минтип көркөм чыгармага ыктуу, таланты, даярдыгы жетиштүү, мүмкүнчүлүгүнүн зор экендигине карабай ошол учурдагы идеологиядан чоочулап 1932-жылдан кийин ал көркөм сөз ишмердигине такыр кайрылбаган.

Ушундан баштап тилчи, адабиятчы, фольклорист б.а. окумуштуулук кесипке өткөн. 1933-жылы З. Бектенов менен бирдикте 3-4-класстар үчүн «Эне тил» окуу китебин, 1940-жылы өзү 5-класс үчүн «Биздин адабият», дагы З. Бектенов менен бирдикте 1947-жылы 8-класстар үчүн «Кыргыз адабияты» окуу китептерин жазышкан. Мындан тышкары «Орфографиялык сөздүктү» орто мектептер үчүн тил, адабияттын программаларын түзүшкөн. Окумуштуу, кесиптеши З.Бектенов ал мезгилди кийин мындайча эскерет: «Кыргыз мектептеринин тарыхында унутулгус, урунттуу төрт учур болгон. Ошол төрт учурда тең Байжиев Ташым нар көтөрбөс оор жүктү көтөрүп, кыргыз мектептеринин керегелерин калап, түндүгүн көтөрүшкөн омоктуу агартуучу, окумуштуу болгон.

Биринчи учуру — 1930-жыл. Кыргыз эли араб алфавитине өтүп, кайра 100 процент сабатсыз болуп калган учурда Байжиев Алайда райОНО болуп, элдин сабатсыздыгын жоюуда активдүү катышты.

Экинчиси — 1933-жыл. Кыргыз мектептерине эне тилден туруктуу окуу китептерин түзгөн мезгил.

Үчүнчүсү — 1940-жыл. Бүткүл Союзда жана республикада «Родная литература» («Биздин адабият») окуу китептеринин түзүлүшү.

Төртүнчү учур — 1947-жыл. Кыргыз орто мектептерине адабият боюнча биринчи окуу китеби жазылган убак. Ал жылдары Т.Байжиев алгачкы авторлордон болгон». (1,11-б.)

З. Бектенов менен Т. Байжиев түзгөн «Кыргыз адабияты» ошол 1947-жылы эле сегиз айда жазылып бүтүп, кон-

www.bizdin.kg

курста сыйлыкка татыктуу болуп, 1949-жылы эл агартуу кызматчыларынын талабы боюнча үч жолу кайра-кайра басылып чыгат. Бирок көп узабай, авторлорго саясий айып тагылып, окуу куралы кайра жыйналып өрттөлүп, пайдаланууудан алынып ташталат. Жарыкка чыккандан көп өтпөй катаал жазмышка кабылган, орто мектептер үчүн арналып жазылган бул кундуу туңгуч «Кыргыз адабияты» 54 жылдан кийин гана 1993-жылы кайрадан басылып чыкты.

Китеп эл агартуу тармагынын тарыхында чоң мааниге ээ. Эмгек төрт негизги бөлүктөн турат. Биринчи бөлүм: «Адабият жана фольклор» деп аталып, мында «адабият» жана «фольклор» деген термин эмнени түшүндүрөт, «көркөм» адабият, «жазма адабият» деген эмне, кыргыздын жазуучусу кайсы дооорлордон башталган жана анын кийин тагдыры кандай болгон деген өңдүү жеке эле агартуу тармагында иштегендер үчүн эмес, андагы мындай маалыматтарга муктаж жалпы эле элибиз үчүн эң баалуу көптөгөн факты, материалдар илимий негизге таялып терең чечмеленип берилген. Муну менен катар, фольклордун жазма адабият менен өз ара алака катышы, бири-бирине тийгизген таасири, бөтөнчөлүктөрү талданып, кыргыз элинин жазмасы VI—VIII к.к. эле болгондугу, о.э. фольклорубуздун башаты, чыгыш теги (тээ байыркы дооорлордогу адамдар табиятты «жандуу» деп түшүнгөн — «анимизм», айлана-чөйрөсүндөгүлөрдү «ыйык», касиеттүү деп эсептеген — «тотемдик» түшүнүктөр өкүм сүргөн мезгилдерден баштап), ал түгүл адабият таанууга киришүүдөгү «адабияттын тарыхы» «адабияттын теориясы», «адабий сын» жана «фольклористика» илими туурасында маалыматтар, кеңири түшүндүрмөлөр берилет.

Экинчи бөлүм: «Байыркы кыргыздар жөнүндө» деп аталып, мында кыргыздардын абалтадан бүгүнгө чейинки таржымалы тарыхый фактылар менен аргументтүү жазылат. «Байыркы кыргыздар жөнүндөгү эң биринчи жана негизги маалыматтарды кытайдын байыркы жазуу эстеликтери билдирет. Ал маалыматтар айрым өлкөлөр, элдер жөнүндөгү кытай жазууларында жана кытайдын кыргыздар менен согушуп келген айрым ири кол башчыларынын өмүр жолун баяндаган жазууларда кошо жазылган. Анда кытайлар кыргыздарды «гегунь» же «Цзянь-Кунь» жана түрк

www.bizdin.kg

каганатынын (кандыгынын) доорунда «өгү», «гегү», «цигу» жана «хакас» (кытайча «кыргыз» деген сөздү хакас деп тескери атаган. 2. Алтайда жашап турган уруунун аты) деп атаган. XIII—XIV к. жазган тарыхчы Юань-ша гана «кыргыз» дегенге бир аз жакындаштыра «киликицзи» деп жазган. Кыргыздар жөнүндө кытай тарыхчылары гана эмес байыркы түрк, кыргыз, араб жана перси жазуулары, XVIII к. баштап орус тарыхчылары да маалыматтарды берген. Кыргыз тарыхын аныктоодо жогорку айтылган жазма маалыматтарга археологиялык, этнографиялык жана фольклордук материалдар кошумча болот». (2.22-б.)

Окумуштуулар (кайсыл бөлүмүн кимиси жазгандыгы көрсөтүлбөгөн А. О.) мындан тышкары, бул окуу китебине кыргыздардын басып өткөн узак тарыхы менен бирге, элибиздин ошондон берки социалдык-экономикалык түзүлүшү, маданияты, Енисей-Орхон жазуулары, алардын окулушу, жазылыш стили, тили, ошол байыркы кыргыз жазууларынын үлгүлөрүн котормолору менен кошо жарыялашкан.

Үчүнчү бөлүм: «Октябрга чейинки фольклор» деп аталып, мында элибиздин фольклордук чыгармаларынын айрым түрлөрү, үлгүлөрү Октябрь революциясына чейинки мезгилде эле Ч. Валиханов, В. Радлов, Алмаши ж. б. тарабынан жазылып алынып, алардын кыргыздардын этнографиясы, дегеле этникалык өзгөчөлүктөрү, абдан бай оозеки чыгармалары, айрыкча эпикалык маданиятынын абдан өнүккөндүгү туурасында айтылган көз караштарын жана революциядан кийинки мезгилде колго алынып, оозеки чыгармачылыктын дээрлик үлгүлөрүнүн эл ичинен жыйналып, кимдер тарабынан иликтене башташы жана ошол окумуштуулардын өмүрү, чыгармачылыгы маалыматталат. Бул бөлүм китептин негизги бөлүгүн түзүп, кыргыздын фольклору жанрдык жактан кайрадан (бул, К. Мифтаковдун (1923), К. Рахматуллин менен М. Богдановадан (1943) кийинки б.э.) классификацияланган. Алсак, эмгек ырлары, ырым жана эм-дом ырлары, үрп-адат ырлары, сүйүү ырлары, жарамазан ырлары, айтыш ырлары, керээз ырлары, арман ырлары, бешик ырлары, оюн ырлары — булар ылайыгына жараша өз-өзүнчө талданган.

Кийинки бөлүмү «Дидактикалык чыгармалар» деп аталып, буга: санат, насыят ырлары, тамсилдер, табышмактар, жаңылмачтар, калптар кирген.

www.bizdin.kg

«Жөө жомоктор» деген бөлүмгө: укмуштуу (кереметтүү) жөө жомоктор, айбандар жөнүндө жөө жомоктор, турмуштук жөө жомоктор жана ылакаптар киргизилген.

Ал эми «Манас» үчилтиги баштаган кенже эпостор — «жомоктор» деген бөлүмгө кирген.

«Кыргыз адабиятынын» төртүнчү бөлүмү: «Боордош элдердин байыркы мурастары» деп аталып, мында орус элинин «Илья Муромец» жомогу, «Игордун кошуну жөнүндө сөз» деген поэмасы, грузин элинин улуу эпосу Ш. Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» (А. Осмоновдун котормосунда), Азербайжан элинин улуу акыны Г. Низаминин чыгармачылыгы («Хосров менен Ширинден» үзүндү, А. Осмоновдун котормосунда) жана өзбек элинин улуу акыны А. Новаинин чыгармачылыгы («Лайли менен Мажнун» У. Абдукаимовдун котормосунда) берилген.

Мындан 56 жыл мурда жазылган бул туңгуч «Кыргыз адабиятынын» баалуулугу эмнеде. Биринчиден, мында айрыкча кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгы эң эле баштапкы этабынан тарта (XX кылымга чейин) кандайча түптөлүп, калыптанып, өсүп жетилгендиги терең маалыматтуу, кыска, бирок мыкты чечмеленген. Экинчиден, кыргыздардын абалтадан бүгүнгө чейинки узак тарых-таржымалы, социалдык-экономикалык, тарыхый-географиялык абалы, үрп-адат, маданияты тарыхый-этнографиялык жана фольклордук булактарга таянуу менен чоң тарыхчылардын деңгээлинде, чынчыл принципте жазылган. Үчүнчүдөн, жогортодо сөз кылынган элдик оозеки чыгармачылык жанрдык жактан ыктуу классификацияланып, ошол түр, жанрлардын ар бирине жыйынтыктуу кыска, так мүнөздөмө, түшүндүрмөлөр берилген. Мисалга тартчу үлгүлөрү (алсак: «жомок» деген эмне, мисалдары менен, «жомокчулар» деген кимдер, алар туурасында маалымат, баяндар ж. б.) кошо көрсөтүлгөн. «Манас» үчилтиги жана кенже эпостор боюнча алгач кеңири маалымат, илимий тыянактар айтылган. Бул жагынан аталган окуу куралы бир учурда хрестоматиялык милдетти кошо аркалайт. Мындан сырткары орус, грузин, о.э. тектеш элдердин фольклору, жазма адабияты, кыргыз элинин фольклору, жазма адабияты менен болгон жалпылык, жанрдык композициялык жактан негизги айырмачылыктары, Чыгыш элинин айтылуу бешилтик поэмалары — «хамсе»,

www.bizdin.kg

алардын авторлору туурасында негизги маалыматтар берилип, айрым чыгармалардан үзүндүлөр, түшүндүрмөлөрү менен жарыяланган. Китеп орто мектептери үчүн атайы арналып жазылган соң ириде методикалык ыкмага негизделип берилип маалыматтары жыйынтыктуу, түшүндүрмөлөрү төп, келтирилген мисалдарынын тексттери кыска, түшүнүктүү жана жакшы тандалгандыктан маниси терең. Ошол себептүү мугалимдерге, окуучуларга, керек болсо карапайым ата-энелер үчүн да жагымдуу маанай тартуулап окумдуу, эске түйүп калса да болчудай, баарыга бирдей түшүнүктүү.

Дагы бир артыкчылыгы, сөздүн толук маанисиндеги бул «баалуу эмгек» адабият, адабият таануу, фольклористика жана тарых илимдеринин кайсыл проблемасы болбосун мыкты чечмелей билген кругозорлору кенен, сезим-туюму, илимий көз караштары жетик, анык эмгекчил окумуштуулар тарабынан илимий-теориялык негизге таянылып өтө берилгендик, чын дилдери менен жазылгандыктан, биз дагы айтпай калган көптөгөн проблемаларды так кесе, терең чечмелеп бергендиги жагынан мектептин мугалимдери, ЖОЖдун окутуучулары, о. э. фольклорист окумуштуулар үчүн табылгыс эмгек катары ушул күндө да (мындан ары да) абдан баалуу жана кундуу.

Бул окуу китеби (1949) андан кийинки чыккан «Кыргыз адабияты» окуу китептери үчүн үлгү болуп, фольклористикадагы тигил же бул маселени чечмелөөдө зор пайдасын тийгизген жогорку сапаттуу эмгек катары кыйла жылдардан бери ак кызматын өтөп келгендигин адилеттик үчүн айтып коюуга тийишпиз.

Т. Байжиев 1942-жылы аскерге чакырылып, 1944-жылы согуштан жарадар болуп кайтат. 1944-49-жылдары СССР ИАнын кыргыз филиалында жана «Манас» секторунда илимий кызматкер (З. Бектенов дагы), кийин сектор башчысы болуп иштейт. 1946-жылы Т. Байжиев «Семетейди» — жетекчиси М. Ауэзов, З. Бектенов «Сейтекти» — жетекчиси В. М. Жирмунский, кандидаттык тема кылып бекиттиришип, иштей башташат. Кандидаттык иш жазуу үчүн күн-түндү билбей иштеген канчалык талыкпаган эмгек, чоң даярдык, өзүнө болгон зор ишенич керек экендиги түшүнүктүү. «Кыргыз адабиятынын» жогорку деңгээлде жазылышына ушунун баары өбөлгө болгон. Би-

www.bizdin.kg

рок 1947-жылы андагы Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы И. Раззаковдун буйругу менен З. Бектенов, Т. Байжиев экөө илимий иштерин таштап, жогоруда аталган 8-класстар үчүн «Кыргыз адабиятын» жазууга киришет. И. Раззаков өзү: «Китебиңер конкурстан жарактуу болсо, 1-байге 40000, 2-байге 30000, 3-байге 20000 сом. Китебиңер чыгары менен өзүм ВАКка барып, өтүнүч кылып, кандидаттык степень алып беремин, ансыз да силер көптөн бери туруктуу окуу китептеринин авторлору экенсиздер» — деген экен (1, 13-б.). Болбой эле балакеттин баары ушул окуу китебинен башталат. «Көкөтөйдүн ашы - көп чырдын башы» болгон алиги Ждановдун доклады жөнөкөй гана сын-пикир эмес, 1937-38-жылдары Сталин өзү баштаган «Чоң казаттын» уландысы экен. «Космополит», «улутчулдар» менен күрөшүү улангандан улана берип, бизге да жетти. Ташым экөөбүздүн окуу китептерибизге асылып Ж. Самаганов тетири рецензия жаза баштады. Жогоруда айтылган ушакчылардын макалалары редакцияга түшө электе БКтин катчысы К. Орозалиев: «Эртең Самаганов макала алып барат, аны бир да сөзүн кыскартпай, бүрсүгүнкү номуруна басасың» — деп, газетанын ошондогу редактору Аскар Сопиевге буйрук берип турду. Ушундай бузуку макалаларды окуган К.К.Юдахин Кирфандын кызматчыларынын бир жыйналышында: «В колхозе язык не взачет, кто работает, тому почет» — деген орустун макалы бар, аны Кирфандын шартына карай өзгөртсөк «В Кирфане работа не взачет, кто болтает, тому почет». Эмне үчүн өздөрүнүн пландарын толук аткарып, көп жылдан бери беш, алты окуу китептеринин автору болуп, ак ниеттери менен иштеп жүрүшкөн Байжиев менен Бектеновдорго курулай асылтып, биздин чоңдор Самаганов сыяктуу ушакчы, келжиректерге трибуна берет,— деп сүйлөгөн Юдахинге Орозалиевдер «киргизский националист» деген ярлыкты тагып жүрүштү». (1,14–15-б.) Бул жалган жалаа, ушактын акыры З. Бектеновдун беш жыл бою жазыксыз түрмөгө камалышы, ал эми Т. Байжиевдей асыл адамдын азаптуу өлүмү менен аяктады.

Бирок «ак ийилет, сынбайт»... — дегендей, тарых аныктараза экен. Бул күндө кимдин ким экени билинип, Т.Байжиев менен З.Бектеновдун жазган кундуу эмгектери кеч болсо да адабий, илимий чөйрөдө татыктуу өз баасын алды.

www.bizdin.kg

1955-жылы Т. Байжиев (З. Бектенов 1956-жылы) биротоло акталды. Булар туурасындагы толук маалыматтар уулу Мар Байжиев түзгөн «Ташым Байжиев» аттуу жыйнакка (2003-ж.) киргизилген.

Т.Байжиевдин «Манас», «Семетейге» кириш сөз» деген 40-жылдардагы комплекстүү мүнөздөгү илимий эмгектери анын ири фольклористтерден болгондугун ачык күбөлөйт. Т. Байжиев 1940-жылы «Советтик Кыргызстан» журналына жарыяланган «Манас» аттуу илимий макаласында эпостун тарыхый негизин, муундардан муундарга өтүп айтылып келатышын, бул асыл баа чыгарманын ар тарабынан келген синкреттик монолиттүүлүгүн, көркөмдүк кунун, башка элдердин эпикалык чыгармаларынан айрыкча бөтөнчөлөнүп турган бир катар сапаттык өзгөчөлүктөрүн атайы бөлүп көрсөтүп, «Манас» эпосунун — кыргыздын байыркы адабияты» экендигин айтат. «Манас» миң жылдар бою айтылып, мазмуну, сапаты жагынан улам өзгөрүлүп, жогорку нокотко карай өсүп отурган. Биз үчүн «Манастын» баркы, көлөмү жагынан дүйнөлүк эпостордун алдында тургандыгында гана эмес, төмөндөгүлөрдөн да турат. 1. «Маната» ушул күнгө чейин тарых илимине көп маалым боло элек кыргыздын, ал турмак Орто жана Борбордук Азияда жашаган бир нече элдердин (кытай, манжур, казак, уйгур, өзбек, ооган ж.б.) турмуш, үрп-адаты, тарыхый күрөшү көрүнөт. Бул — күн чыгышты изилдөөчү тарыхчылар үчүн чоң материал болот. 2. Мал чарбачылык, көчмөн чарбанын шартында жаралган көркөм эстетикалык — «Манас», бөтөнчө түрдөгү театралдык чыгарма. Жомокчу «Манасты» айтып жатканда, кээде чыгарманын автору, кээде режиссёру, кээде артист, кээде дирижёр болуп, театрдык таасирдин баарысын жалгыз өзү аткарат. Манастын бул бөтөнчөлүгү искусствонун өсүш тарыхын үйрөнүүдө баалуу материал. 3. Эпостун дагы бир бөтөнчөлүгү: бул чыгармада бир нече доордун жана бир нече акындардын стили жана ар түрдүү композициялары бар. Ар түрдүү доордун түрдүүчө стили, түрдүүчө композициясы бир гана чыгармада — «Манаста» жыйылып турушу дүйнөлүк адабият таануу ишине өтө кызык материал». (1, 217–219-беттер). Окумуштуу андан ары бул эпостун олуттуу салымдарын берегиче атап көрсөтөт:

«Манас» кыргыздын советтик маданиятына зор пайдалуу салымдарды берет, ал салымдар:

www.bizdin.kg

1. Эпостун таң каларлык бай, жалпы композициясы.

2. Ыр курулушунун ар кыл формалары жана образынын (баатырлар элесинин) укмуштуу мүнөздөлүшү.

3. Эпостун текстинде лексикалык запастын, грамматикалык формалардын көптүгү. «Манастын» тилинде биз биле элек сонун элестер, кала берсе казакча, өзбекче, калмакча, кытайча, фарсча, байыркы формасында айтылган сөздөр бар, кыргыз тилинин өсүш тарыхын үйрөнүүдө түгөнбөс булак, этнографиялык, философиялык, географиялык, тарыхтык мааниси бар (1, 219-б.).

Бул, 40-жылдардагы кыска бирок нуска жазылган илимий мүнөздөгү макала өзүнө чейинки изилдөөлөрдөн (Совет доорундагы М. Ауэзов, В. М. Жирмунский, К. Рахматуллин ж. б.) айырмаланып, эпостун эволюциясы, аны айтуучулардын таржымалынан, аткаруудагы театралдык көп кырдуулугунан тарта, чыгарманын стилдик, формалык, композициялык, тилдик о. э. этникалык өзгөчөлүгүнө чейин комплекстүү планда, илимий-теориялык жактан жетик иштелгендиги менен масштабдуу мүнөзгө ээ.

Окумуштуунун «Семетейге» кириш сөзү» да эпос тууралсындагы көптөгөн проблемаларды конкреттүү талдап, чечмеленгендиги жана анын баары «Манас» үчилтиги боюнча Октябрь революциясына чейин, андан кийинки мезгилде ой-пикирлерин айтышкан Ч. Валиханов, В. В. Радлов, В. М. Жирмунский, атактуу монголовед В. Л. Котцич, С. А. Козиндин ж.б. илимий көз караштары менен бекемделип, туура тыянакталышы жана ар тараптуулугу менен көзгө дароо урунат.

Т. Байжиев туңгуч романчыларыбыздын бири Т.Сыдыкбековдун «Темир» романы боюнча сын жазып, чыгарманын негизги кемчиликтерин туура көрсөткөн: Жазуучу «Темирде» 1930-жылдарда болгон окуяларды жазып, бул жагынан өзүнүн жигердүүлүгүн көрсөткөндүгүн, бирок автор ошол оюна толук жетпей калгандыгын факты материалдарды күбөгө тартуу менен далилдеп берет. Т. Сыдыкбеков романында көрсөтүүгө аракет кылган урунттуу этапты канчалык деңгээлде реалдуу сүрөттөй алгандыгын, коомдогу революциячыл өзгөрүүлөр, жаңыланууулар менен келип кирген адамдардын психологиясындагы жандануууларды турмуштук көрүнүштөр менен кантип бекемдегендигин, образдарды ачып бере билүү чеберчиликтерин ж.б. маселелерди мындай коёлу чыгарманын тили туурасын-

www.bizdin.kg

дагы Т. Байжиевдин береги талдоосуна, теориялык сын-пикирине көңүл бөлөлү: «Чыгармада анын тили негизги орунду ээлейт, ал чыныгы күч катары аракет кылат. Чыгарманын тилинин кооздугу: тактык менен, ачыктык менен, сөздүн угумдуулугу менен жасалат. Тил сүрөттү, мүнөздөрдү, китептин идеясын жасайт. Жазуучу үчүн биздин бай тилдин бардык кенчин толук билүү, алардын ичинен курчтарын, күчтүү, кооздорун тандап алуу зарыл. Ошондой тандалган сөздөрдүн айкалышы, сүйлөмдө бул сөздөрдү орду-ордуна коюу, автордун пикирин сонун, так кылып чыгарат. Көрсөтүлгөн кишилерди окуучулардын мээсине бекем отургузат. «Темирди» алып карасак бул элементтерден куру калып отурат. Буга далил: 1. Романда сүйлөмдүн баарысы эле этиштин өткөн чагы, 3-жагы (алды, келди, кетти, койду, болду) менен бүтөт. 2. Романда эки маанилүү, бири-бирине логикалык байланышы жок сүйлөмдөр бар. М: «Бөрүбайдын жаны төрт чарчы болуп, кедейлердин бул кебетесин көрүп, Кашкардан көчүп келгенине өкүндү» дейт. Эң мурун жаны төрт чарчы болуп туруп, анан кедейлердин кебетесин көргөнбү, же кедейлердин кебетесине жаны төрт чарчы болгонбу? Кедейлердин кебетеси жанды кантип төрт чарчы кылат? Бул: «кедейлердин бул кордуктоосуна Бөрүбайдын жаны төрт чарчы болуп, Кашкардан келгенине ошондо катуу өкүндү» деген маниде болсо керек. (Биз бирин гана алдык А.О.) 3. Такыр күлкү боло турган сүйлөмдөр бар. М: «Анын оң колунда дамбылда олтуруп, олтурары менен селдесин оңдоп, куйругун ийнинен ары таштап койду» дейт. Чоң эле Дамбылда оң колго кантип отурду жана куйругун ийнинен ары кантип таштап койду? Мында автор «оң кол жагына олтурду жана селдесинин учун ийнинен ары» демекчи болсо керек. 4. Романда орунсуз кайталанган сөздөр, сүйлөмдөр бар. М: бир кыска абзацда «жакшынакай ак көпөлөк» деген сөз беш жолу, «ирени суук» деген төрт жолу кайталанат. Бул кайталоолор көркөмдүк киргизе турган эпикалык эпитет эмес, тантык тавталогиялар. Көркөм адабиятта «жакшынакай», «эң сонун», «сулуу», «капкара», «түрү жаман» деген өндүү сөздөр элестүү боло албайт. Романдын кээ жерлеринде бүтүн эле сүйлөмдөр кайталанылат.

Романдын стили начар, сүйлөмдөрү чала курулган. «Темир» негизинен кайра оңдолуп жазылууга тийиш (1,246-248-б.б).

www.bizdin.kg

Айтылган сын пикирлердин эң туура экендиги буга күбө болгон бизге да ачык эле байкалып турат. Ал эми, адабиятчынын чыгарманын тили, жазуучунун аткарчу милдети, позициясы туурасындагы теориялык ойлору Т. Байжиевдин али жаш (32 жаш) туруп теориялык билиминин терең экендигин туюндурат.

Адабиятчынын: «Бул кемчилик жазуучунун таланты-нын начардыгынан келип чыккан эмес. Себеби, «талант — гений — 90 процент эмгек, 10 процент шыктуулук» деген француз математиги. Сыдыкбековдо жазуучулук талант бар, бирок ал талантты сүйрөп илгери чыгаруучу эмгек жок. Жазуучу үчүн эмгек — турмуштун тажрыйбаларына канығуу, коомдун өсүш заңдарын үйрөнүү, кишилердин жекелик психологияларын билүү, табигый өзгөрүштөрдүн законун билүү, улуу жазуучулардан үлгү алуу, кат-сабаттын жогорку баскычына чыгып, үндүү сөздүн технологиясын билүү, андан кийин ушул базанын негизинде тынымсыз жазуу болот. Буга ээ болбогон жазуучунун чыгармасы, ал өзү канчалык гений болсо да дайыма чала, супсак келип, турмуштун сыртында тургансып, окуянын ичине кире албай, анын чала-бучук кабарын берип тим болот. Мындай чыгарманы искусство деп айтууга да болбойт» (1,237-б.) — деген тыянагы да туура. Муну, кайсы бир деңгээлде Т. Байжиевдин өзүнүн бекем туткан позициясы, өзүнө койгон талабы дагы деп түшүнүүбүз керек.

Анын адабиятчылык жүзүн көрсөткөн дагы бир эмгеги «Советтик Кыргызстан» журналынын 1946-жылдагы № 2-3-санына жарыяланган «Кыргыз Совет адабияты жыйырма жылда» аттуу көлөмдүү макаласы. Мында, кыргыздардын аты тарыхта айтылып, жазылып келаткандан берки таржымалы, кийин Орто кылымдардан Октябрь революциясына чейин баштан кечирген оош-кыйыштуу жашоо абалы, ошондой кезеңдердеги өнөрү, маданияты жана революциядан кийинки мезгилдеги профессионал акын-жазуучулардын К. Акаев, С. Шимеевге чейинки өкүлдөрүнүн жалпы эле чыгармачылыгы о.э. учурдун андагы талабы жөнүндө сөз кылат. Аталган эки макала Т. Байжиевдин кыныккан адис адабиятчы, сынчылыгынан кадыресе эле кабар берет. Белгилүү адабиятчы, сынчы С. Жигитов Т. Байжиевдин чыгармачылыгы, оош-кыйыштуу тагдыры туурасындагы өз оюн минтип адилеттүү, ары таамай жазган:

www.bizdin.kg

«Т. Байжиевдин жазгандарында, мейли көркөм чыгармабы, журналисттик очеркпи, ал тургай сын макалалары да нак турмуштук шарттан тайбайт. Саясат үчүн чындыкты бурмалабай, бирөөгө жагынуу үчүн жасалма түс менен боёктолбой — болгонду болгондой жазат. Албетте, Ташым Ыскак уулунун тагдыры өтө кейиштүү. Кырктын кырына чыкканда камакка алынды. Ага чейинки өмүрүнүн 8—9 жылын атайын орто жана жогорку билим алам деген абыгерге, төрт жылдайын согуш мээнетине жедирди. Адабий-илимий жумуштар менен чындап алпурушканга чолоосу көп тийген жок. Анын үстүнө а киши өз алдынча ойлонгонго, өнүмдүү чыгармачылык иш-аракет жасаганга, жаңы бир сөз айтканга уруксат кылынбаган катаал заманда жашады. Ата-тегимен качан жабыр тартам, каягыман ката кетирип коём деп бүлкүлдөп жүрүп өттү». (1,102—104-б.)

Демек ал, чыгармачылык ишке баш оту менен кирип, өзүнүн болгон мүмкүнчүлүгүн ачып көрсөтүп толук кандуу деле иштей албаптыр. Ошого болбой кырк үч жаш курагында дүйнө менен кош айтышкан Ташым Байжиев алгачкы кадам ташташында эле өзүнүн таланттуу жазуучу, драматург, адабиятчы, сынчы, котормочу экендигин айкындап, жогоруда сөз болгон бирин экин эмгектери менен кадик методист, ири масштабдагы фольклорист окумуштуу катары кыргыз адабиятынын, илиминин, маданиятынын тарыхында өзүнүн татыктуу оордун ээлеп калды.

АДАБИЯТТАР

[1] *Ташым Байжиев.* Түзгөн: М. Байжиев.— Бишкек, 2003.

[2] Кыргыз адабияты. Түзгөндөр: З.Бектенов, Т. Байжиев. 2-басылышы. — Б.: Мектеп. 1993.

www.bizdin.kg

БЕРНШТАМ АЛЕКСАНДР НАТАНОВИЧ

(1910—1952)

Александр Натанович Бернштам советтик көрүнүктүү археолог, этнограф жана тарыхчы-чыгыш таануучу. Ленинград Мамлекеттик университетинин профессору, Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери. Орто жана Борбордук Азия элдеринин тарыхын жана маданиятын изилдөөчүлөрдүн эң ирилеринин бири, Кыргызстандын археологиялык изилдеп-үйрөнүүлөрүнө негиз салуучу. Ал 1970-жылы 1-октябрда Керчь шаарында кызматчынын үйбүлөсүндө туулган. Мектепте окуп жүргөндө эле край таануу ишине кызыгуусу анын тарыхчы окумуштуу болорун тастыктаган.

1928-жылы А.Н. Бернштам Ленинград мамлекеттик университетинин география факультетинин этнография бөлүмүнө кирет. Студенттик жылдарында эле этнография тармагындагы илимий изилдөө иштери менен активдүү алектене баштайт.

1931-жылы университетти эң сонун аяктагандан кийин изилдөө ишине чоң жөндөмү бар инсан катары таланттуу жаш окумуштууну аспирантурага калтырышат. 1935-жылы VI—VIII кылымдардагы байыркы түрк коомчулугунун социалдык-экономикалык түзүлүшү» деген темадагы кандидаттык диссертациясын коргойт. Кийин ал аягына чейин толук иштелип: «VI—VIII кылымдагы Орхон-енисейлик түрктөрдүн социалдык-экономикалык түзүлүшү» деген ат менен китеп болуп жарыяланган (1946).

Андан ары А.Н. Бернштам Чыгыш таануу институтунун докторантурасында жүргөндө (1935—38-жж.) «Түрк урууларынын жана элдеринин тарыхы» деген темадагы ишин уланткан. Аны түрк элдеринин келип чыгышы, со-

www.bizdin.kg

циалдык түзүлүшү, тарыхый өнүгүшүнүн этаптары, таралышы жана астыга жылышы, Борбордук Азиянын жана дүйнөлүк тарыхынын контекстинде түрк элдеринин ролу жана орду сыяктуу маселелер кызыктырат. Ал өзүнүн изилдөөлөрүндө: тарыхый, этнографиялык жана археологиялык булактарды комплекстүү пайдаланган.

А. Н. Бернштам караган проблемаларынын ичинде кыргыз элинин келип чыгышына арналган проблема орчундуу орун алган. Анын кызыгуусунун чөйрөсү өтө кеңири болгон: Саймалуу-Таш, Араван аскасындагы сүрөттөр, Орто Азия элдеринин маданиятына сасанидик Ирандын, Византиянын таасири, буддизмдин, христанчылыктын Орто Азияда пайда болушу жана тарашы, нумизматика, байыркы түрк, уйгур эпиграфикасы жана башка көптөгөн маселелер. Мында ал рундук тексттерди, кытай иероглифин өзү окуган, монеталардын чыгарылыш датасын жана географиялык таралышын аныктаган. Окумуштуу азыркы кыргыздардын Тянь-Шанда куралышынын өзөгүн бир нече этап менен (байыркы жана орто кылымдар бою) көчүп келген енисейлик кыргыздар түзгөн деп эсептейт. «Манас» эпосунун баш каармандарынын прототибин тарыхый булактардан, жазма эстеликтерден изилдөө далалатын алгачкылардан болуп М.О. Ауэзов, А.Н. Бернштамдар колго алганы белгилүү. А.Н. Бернштам бул маселеге кайрылышы бекеринен эмес эле. Ал ага чейин кыргыз элинин байыркы тарыхын ар тараптуу изилдеп келгендиктен ага байланыштуу көптөгөн тарыхый маалыматтарды ийнежибине чейин жакшы билген. Өзү жакшы билген мына ошол тарыхый маалыматтарды «Манас» менен салыштырып көрүүсү окумуштууга негизи бар белгилүү жыйынтыкка келүүгө мүмкүндүк берген.

А.Н. Бернштам «Манас» эпосуна байланыштуу жыйырмадан ашык илимий жана илимий-популярдуу эмгектерди, макалаларды жараткан. Алардын көпчүлүгү 1940—1950-жылдары «Советтик Кыргызстан», «Советская Киргизия», «Вечерний Ленинград» ж.б. газета-журналдарга жарыяланган. Ал илимий эмгектеринде эпостогу маалыматтарды кыргыз элинин тарыхы, этнографияы жана археологиясы менен тыкыс байланыштырып караган. «Манас» эпосуна арналган илимий макалаларынын арасында көрүнүктүүлөрү: «Байыркы Кыргызстандын маданияты»,

www.bizdin.kg

«Кыргыз элинин өткөндөгү тарыхый күндөрү», «Кыргыз элинин улуу мурасы «Манас» деген аттын чыгышына карата» ж.б. Мурунку айткандарын жыйынтыктаган макаласы «Манас» эпосунун жаралыш доору» деген ат менен 1946-жылы «Кыргызстан» альманахында жарыяланган. А.Н. Бернштам тарабынан «Манас» эпосун тарыхый жактан интерпретациялоого жасалган аракет көңүл бурууга татыктуу. А.Н. Бернштам эпоско жалпы баа берүү менен катар, жыйынтыгында «Манас» эпосун түзгөн түпкү маалыматтар жана компоненттер боюнча бир катар жемиштүү, иштиктүү конструкцияны берет, анын пикири боюнча эпостун сюжетинин түзүлүшүндө тарых басымдуу роль ойнойт. А.Н. Бернштамдын схемасы боюнча «Манастын» кыртыш алдын түзгөн катмар башка эпостук эстеликтерден да белгилүү болгон жомоктук-мифологиялык сюжеттердин цикли болуп саналат. Андан кийинки калың катмарды «Манастын» — курамдык элементтеринин төрт тобу түзөт: 1) алтай-минусин легендалары. 2) Огуз-каган жөнүндөгү легенданын байыркы версиясынын кыргыз варианты. 3) Орто-Азиянын иштелип чыккан жергиликтүү уламыштары. 4) «Шах-намэден» алынган образдар жана мотивдер. Эпостун үчүнчү жана баарынан ачык-айкын катмары тарыхый сюжеттер болуп саналат. Ал «Манас» эпосунун келип чыгышы жана анын баш каармандарынын прототиби жөнүндөгү гипотезаларын байыркы чыгыш элдеринин жазма эстеликтерине таянып айткан. Ал таянган жазма эстеликтердеги кабарларды кыскача жыйынтыктай келгенде төмөндөгүдөй маалыматтарга ээ болобуз. VIII кылымдын орто ченинен IX кылымдын биринчи жарымына чейин (7—45—840) Борбордук Азияда байыркы уйгурлардын мамлекети гегемондук абалга ээ болуу менен түндүктөгү кошунасы эне-сайлык кыргыздарга катуу кысым жасаган. Кыргыздар бул кысымга каршы күрөш ачып, ал узакка (821—840-ж.) созулган. Бул жөнүндө А.Н. Бернштам минтип жазат: «Кыргыздар күчтөрүн топтоп өздөрүнө кол салган борбордук азиялык мамлекеттерден көпкө чейин коргонуудан контр чабуулга өтөт. Алардын бул контр чабуулу уйгурлардын талкаланышы менен бүтөт да, кыргыздардын тарыхында айрыкча жаркын доор башталат. «Манас» эпосунун негизги сюжети бул тарых менен байланышкан»[1]. Бул күрөштө кыргыздардын башында өтө жигердүү

www.bizdin.kg

ажо (эне-сайлык кыргыздардын эң башкы өкүмдарынын титулу) турган. Анын уюштура билгичтигинин, демилгелүүлүгүнүн натыйжасында салгылаштын чечүүчү мезгилинде кыргыз колу сексен миң жоокерге жетип, зор күчкө айланган. Ошондуктан, ал ажонун уйгур каганына төмөнкүдөй кайрылуусу эп эле: «Сенин күнүң бүттү. Жакында алтын ордоңду ээлеп, эшигиңдин алдына атымды байлап, асабамды саям. Мени менен кармаша алсаң, тез кел, ага жарабасаң жоголо!» Ырасында эле, ажо сөзүндө туруп, көп өтпөй эле уйгур каганынын үстүнөн толук жеңишке ээ болот. Жеңиштин камсыз болушуна уйгурлардын көрүнүктүү башчысы Күлү Баганын кыргыздар тарабына өтүп келиши да өбөлгө түзгөн. А.Н. Бернштам мына ушул тарыхый окуяны «Манас» эпосундагы «Чоң казат» бөлүмүнүн пайда болушуна түрткү болгон деп санайт. Ал эми ошол тарыхый окуяда активдүү роль ойногон кыргыз ажосун жана уйгур Күлү Баганы Манас менен Алмамбеттин прототиптери катары караган. Дагы бир жерде жогорудагы оюн тактап минтип жазат: «Тарыхтагы Яглакар канды легендарлык Манас» деп жогоруда айтылгандардын негизинде кортунду чыгарууга болот.

Мындайча окшоштурууну жогоруда аныкталган сюжеттер көрсөтүп тим болбойт. «Манас» эпосу элдин саясий жана экономикалык жагынан абдан жогорулаган доорунда гана чыгышы мүмкүн. Кыргыз тарыхында ушундай доор гана айрым жомоктордун биригип, бир түргө түшүп, «Манас» сыяктуу эбегейсиз зор эпоско айлануу убактысы боло алмак».

Айтылган ойлорун мындайча жыйынтыктайт:

I. «Манас» эпосу — элдин көркөм чыгармачылыгын эң көрүнүктүү эстелиги гана эмес. Кыргыз урууларынын байыркы этабы 820—840-жылдардагы көз карандысыздык үчүн жүргүзгөн күрөшү жөнүндөгү өзгөчө тарыхый баяны.

2. Эпикалык Манастын негизинде 820 — 840-жылдардагы кыргыз элинин башчысынын конкреттүү тарыхый образы турат, ал жүргүзгөн күрөш азаттыкка чыгаруучу мүнөзгө ээ болгон[2].

«Эпикалык Манастын негизинде жетекчисинин конкреттүү тарыхый образы жатат», — деген пикири негизинен колдоого татыктуу. Бирок, эпикалык Манастын прообразы болгон бул инсанды кыргыздардын ханы деп жаңылыш-

www.bizdin.kg

кан. 843-жылы Тан империясы ал инсанды кыргыздардын ханы деп таанып, ага өздөрүнүн салты боюнча: «Цзун-инсюн-чен-мин хан» («элдин сыймыгы, баатыр, айкөл, даанышман хан») деген титулду тартуулашкандан башка бул кыргыз ажосунун аты эч бир тарыхый булактан белгилүү эмес. Ал эми А. Н. Бернштам эскерген суждиден табылган таштагы рун жазуусунда жолуккан «Яглакар кан-ата» Манастын прообразынын аты эмес, уйгур каганатынын Сулесинин уруулук аталышы.

А. Н. Бернштамдын Яглакар-кан жөнүндөгү көз карашы С. Е. Малов, В. М. Жирмунский ж.б. айрым окумуштуулар тарабынан сынга алынган. Ошого карабастан «Манас» эпосун тарыхый-этнографиялык жактан тереңирээк изилдеп көргөндө А.Н. Бернштамдын аталган инсан жөнүндөгү атынан башка гипотезалары жана ойлору негиздүү. А.Н. Бернштам: «Байыркы түрктөрдүн таштагы жазууларынын биринин текстин талдап, биз андан Яглакаркандын атын көрүүгө аракет кылганбыз, ал бир катар «Манастаануучулар тарабынан кабыл алынган, бирок СССР ИАнын корреспондент-мүчөсү Малов С. тарабынан четке кагылган. Биз өз пикирбизден баш тартууну туура толук таппайбыз»[3],— деп өзүнүн бир катар аргументтерин каршы койгон. 1893-жылы эле академик В.В. Радлов түрк уруулларынын арасында азыркыга чейин Огуз-каган жөнүндөгү уламыш айтылып жүргөнүн белгилеп, мисал катарында «Түндүк түрк уруулларынын элдик адабиятынын үлгүлөрүнүн V томунда басылган «Манастын» текстин далил кылып келтирет, анын экинчи эпизодунда калмак баатыры Алмамбет казактын баатыры Көкчө тарабынан ислам динине кандайча өткөндүгү жөнүндө сөз болот. Атасы Караканды ислам динин кабыл алууга макул кыла албаган соң, аны өлтүрүп, Алмамбет Манастын соратниги — эмчектеш бир тууганы болуп калат. Демек, А.Н. Бернштамдын Огуз-каган жөнүндөгү байыркы уйгур жомогу кыргыз эпосу «Манастын» сюжетин түзүүдө мүмкүн болгон булактардын бири катары карашы негизинен туура: Огуз-каган жөнүндөгү легенданын уйгурлардагы версиясын «Манас» эпосу менен салыштырып көрүп, биз чынында эле «Манастан» А.Н. Бернштам жасаган божомолго негиз болуучу айрым бир белгилерди таба алабыз.

Кыскасы белгилүү этнограф С. М. Абрамзондун сөзү менен айтканда: «А.Н. Бернштам көтөргөн айрым жобо-

www.bizdin.kg

лор талаш жана божомол экендигине карабастан «Манас» эпосун изилдеп-үйрөнүү проблемасынын кеңири коюлушунда анын эмгеги зор экендигин моюнга алуу керек»[4].

А.Н. Бернштам «Манастан» башка да кыргыз адабиятынын кээ бир маселелерине кайрылып, өз оюн ортого салган. Мисалы, «Истоки киргизской литературы» («Кыргыз адабиятынын түпкү булактары») деген макаласында Эне-Сай боюндагы рун жазууларына токтолуп, аны кыргыз адабиятынын башаты деп минтип жазат: «Миң-Суу крайындагы байыркы кыргыздардын көрүстөн үстүндөгү жазууларын байыркы кыргыздардын адабияты деп кроо керек»[5].

Ал өзүнө: «Көрүстөн үстүндөгү таштагы кыскача жазууларды байыркы адабияттын үлгүлөрү деп кароого мүмкүнбү?» — деген суроону коюп: «Биздин көз карашыбызча мүмкүн жана зарыл»,— деп өз оюн мындайча улайт: «Чындыгында эле биз төмөндө көрсөткөндөй Эне-Сайдагы таштагы жазуу белгилүү баяндоону тутуп турат, алар көпчүлүк учурда көркөм формага чулганган, анда образдуулук, салыштыруу, метафора бар, көпчүлүгү уйкаштырылган. Ошентип, жаратылыш жана формалдык жактан, биз аларды адабий үлгүгө жаткырган элементтерден турат. Булардын бардыгы түйүлдүк формасында, булардын бардыгы көрүстөндөгү эпитафиянын бир түрдүү структурасына байланган. Бирок баары бир биз андан адабий чыгармачылыктын башатын көрөбүз»[6].

Айрым эстеликтерден эпикалык архаизмдин издери сакталган мифтен, эпостон ачыктан ачык цитаталардын саптарын жолуктурабыз. Мисалы, Алтын-Көлдөгү таштагы жазуу мына ушундай»[7]. Ал кыргыз элчиси

Эрен-Улугка арналган ошол эстеликти: «Алтын-Көлдөгү таштагы жазуу каза болгондун ролун баатыр катары баса белгилейт... Алтын Көлдөгү таштагы жазуу эпикалык баяндоонун айдан ачык үлгүсү[8],— деп эсептеп, өз оюн бир катар мисалдар менен бекемдейт.

Ал: «Төрапа Ичракинин урматына арналган Бегредеги таштагы жазуу кыргыз элинин өтө байыркы мезгилге таандык адабий тексти болуп саналат жана СССР элдеринин адабий тексттеринин өтө байыркыларынын бири»,— деп, ...кыргыз адабиятынын тарыхын Эне-Сайдагы таштагы жазуудан баштоо керек, айрыкча Бегредеги тексттен»,— деген жыйынтыкка келген.

www.bizdin.kg

АДАБИЯТТАР

[1] *Бернштам А.Н.* Кыргыз элинин өткөндөгү тарыхый күндөрү. Кыргызмамбас. — Фрунзе, 1943. 12-б.

[2] *Бернштам А.Н.* Эпоха возникновения киргизского эпоса «Манас». — «Манас» героический эпос киргизского народа. — Фрунзе, 1966. С. 175.

[1] Ошонун өзүндө, 174-б.

[4] *Абрамзон С.М.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандамал эмгектер. — Бишкек, 1999. 240-б.

[5] *Бернштам А.Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. — Б., 1998. т. 2, с. 654.

[6] Ошондо, с. 654.

[7] Ошондо, с. 655.

[8] Ошондо, с. 655.

www.bizdin.kg

БЕКТЕНОВ ЗИЯШ

(1911—1994)

Көрүнүктүү тилчи-окумуштуу, кыргыз тил илиминин башатынан баштап көптөгөн окуулуктарды жазып жарыялап, өмүрүнүн негизги бөлүгүн мугалимдик, окутуучулук менен өткөргөн методист-педагог, жазуучу жана белгилүү котормочу Зияш Бектенов 1911-жылы Ысыккөл областында Түп районунун Кең-Суу кыштагында айылдык фельдшердин үй-бүлөсүндө туулган. Башталгыч мектепти 1925-жылы айылдан бүтүрүп, Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарындагы айтылуу Педтехникумга кирип, аны 1930-жылы аяктаган. Ушул окуу жайга кирген учурун Зияш Бектенов өтө бактылуу маанай менен эскерип, түшүндө кудуктан чакага мелт-калт толо суу сузуп алганын, аны маркум атасы: «Бул суу сага өмүр бою жетет, суусунуң канганча иче бер!» — деп жоруганын айтып келип, «Ошондон беш-алты күн өткөндөн кийин экзамендин жыйынтыгы чыгып, Ысмайыл абам экөөбүз институтка (кийин Педтехникум болгон) өтүп калдык. Дал ошол мезгилден тартып менин өмүрүмдө жаңы турмуш башталды. Энемден 6 жашымда, атамдан 8 жашымда ажырап, курсагым ашка, ийиним кийимге жетпей... жүргөн бала элем, эми адамзаттын улуу даанышманы Владимир Ильич Ленин курган жаңы замандын бактылуу жолуна аяк шилтедим»[1] — дейт. Ал 1940-жылы Кыргыз Мамлекеттик Пединститутту бүтүргөн.

Педагогдук эмгек жолун 1930-жылы Сүлүктү районуна (шаар райондун ичинде болгон) Элге билим берүү бөлүмүнө башчы болуу менен баштап, 1931—1932-жылдарда СССР элдеринин борбордук басмасындагы Кыргыз секциясынын секретарынын орун басары, Москвадагы Чыгыш элдеринин коммунисттик университетинин мугалими болуп иштеген. 1932—1834-жылдарда Кырмамбастын окуу-методи-

www.bizdin.kg

ка бөлүмүн жетектеген. 1940-1942-жылдарда Пржевалск мугалимдер институтунун директорунун орун басары болуп иштеп, 1942-жылы Советтик армиянын катарына чакырылып, 1946-жылга чейин Ирандын Мешкед шаарында кызмат өтөгөн. 1946-жылдан СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалындагы Тил, адабият жана тарых институтунда кенже илимий кызматкерликтен Фольклор жана «Манас» эпосу секторунун башчысына чейинки кызматтарда иштеген. Андан кийин 1950-жылдын 4 майында Зияш Бектен уулу камакка алынды. Ага төмөндөгүдөй айыптар коюлган: «Эл душманы, улутчул, Касым Тыныстановдун окуткан кадры, көп жылдар бою кыргыз тили, адабиятынын окуу программаларына, окуу китептерине кожоюндук кылган, республикадагы өкүмөттү кулатмакчы болгон топко катышкан»[2] — деген жалган жалаа менен бейкүнөө камалып, андан келген соң, 1961-жылдан өмүрүнүн аягына чейин Жусуп Баласагын атындагы Улуттук университетте окутуучу, анан доцент жана Ардактуу профессор болуп кызмат өтөгөн.

З. Бектеновдун көркөм сөзгө болгон шыгы айтылуу Педтехникумда окуп жүргөндө башталып, жазгандары ошол окуу жайдын «Үмүттүү жаш» аттуу дубал газетасына, «Темир канат» аттуу пионер газетасына, кол менен жазылып, жылына эки жолу чыга турган. «Балапан» аттуу журналга жарыяланып турган. «Жүрөк оозго тыгылганда» деген алгачкы аңгемелеринин бири да «Эрик баласы» деген лакап ат менен 1929-жылы «Жаңы маданият жолуна» журналына, ошол чактарда жарыяланган экен[3]. Ошого карабастан, отузунчу жылдары негизги күчүн кыргыз тили боюнча окуу куралдарын (окуулуктарды) жазууга жумшап, 1933-жылы Ташым Байжиев менен бирдикте 3-класстын окуучулары үчүн биринчи жолу «Кыргыз тили» окуулугун, ошол эле жылы 4-класстын окуучулары үчүн биринчи жолу «Кыргыз тили» окуулугун, дагы 1938-жылы «Биринчи кыргыз орфографиялык сөздүгүн» (Т. Байжиев, К. Карасаевдер менен бирдикте) басмадан чыгарган. Ал окуулуктарга мисал катары өзү жазган ыр, аңгемелерден киргизип отурганына карабастан, адабиятка согуштан келгенден кийин чындап киришип, 1946-жылы 6-класстын окуучулары үчүн «Биздин адабият», 1947-жылы 8—9—10-класстар үчүн «Кыргыз адабияты боюнча программа», 1949-жылы

www.bizdin.kg

8-класстын окуучулары үчүн (Т. Байжиев менен бирдикте) «Кыргыз адабиятын» жарыкка чыгарган. Зияш Бектенов менен Ташым Байжиевдин адабиятчы катары атактарын алыска чыгарган да, «Эл душманы, улутчул, Касым Тыныстановдун окуткан кадры, көп жылдар бою кыргыз тили, адабиятынын окуу программаларына, окуу китептерине кожоюндук кылган, республикадагы өкмөттү кулатмакчы болгон топко катышкан»[4] деген айып коюлуп, 1950-жылдын майында З. Бектеновдун 10 жыл түрмөгө кесилишине себептердин бири да ушул атактуу окуу куралы болгон. Бул китеп окуучулардын колуна тийгенде өзүнчө зор майрамга айланган. Мектеп окуучулары гана эмес, чоңдор да көркөм адабият ордуна биринен экинчиси алып сугтануу менен окушкан. Ал жөнүндө академик Ү. Асанов менен профессор К. Иманалиев: «VIII класстар үчүн 1949-жылы чыккан «Кыргыз адабияты» окуу китеби мектептердеги кыргыз фольклору жөнүндөгү биринчи окуу китеби болгондугу үчүн гана эмес, кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын тарыхында орто мектептердин жогорку класстарында кыргыз адабиятынын тарыхын үйрөнүү курсундагы биринчи стабилдүү окуу китеби катарында өз ордун ээлегендиги менен баалуу»[5] — деп өтө туура айтышкан.

Биз кийинки кездерге чейин патриотсуздугубуздун негизинде, ашкере орусчул болгондугубуздун натыйжасында байыркы жазма эстеликтерибизди коркоктук, мажестик менен танып келсек, Т. Байжиев менен З. Бектеновдор «Енисей-Орхон жазууларынын адабий стили» дегендей маселелерди козгоп, «Кыргыз адабиятынын» башында анализге алып, окуучуларга айкын түшүнүктөр беришкен. Анда: «Кай бир окумуштуулардын айтуусуна караганда, Енисей жазуулары кыргыз адабиятынын башталган булагы болуп эсептелет. Ал жазууларда белгилүү бир аңгемелөө бар. Мында көркөмдүктүн түрлөрү болгон элестүү салыштыруу, метафора бар. Сөздөрдүн көбү уйкаштуу»[6] — деп, V—VII кылымдарда ата-бабаларыбыз таштарга жазып калтырган жазма эстеликтерибиздин адабий стилинен кабар берет. «Орхон-Енисей тексттерин» жердештерибиз Жусуп Баласагун менен Махмуд Кашкаринин айтылуу «Кутбилим», «Түркий тилдер сөз жыйнагын» Түрк элдеринин орток тили, бизге да тиешеси бар» — деп айткандан

www.bizdin.kg

качкан адамдык, улуттук касиеттерден айрылган айрым окумуштуу сөрөйлөрчөсүнөн Москваны карап жалтактабастан, 1949-жылы эле кыргыз жазма адабий эстеликтери экенин окуулугунун башына жарыялап, бул эки патриот жазуучулар өтө туура жана өтө зор эрдик жасашкан. Аттиң жери алар баштаган асыл салт кийинки жылдарга чейин уланбай токтоп калган. Профессор Советбек Байгазиевдин сөзү менен жыйынтыктай айтканда, «... бул окуу куралы учурунда жаш муундарды тарыхый акыл-эси, өз элинин тарыхы, маданияты менен сыймыктануу сезимин тарбиялай турган мыкты китеп болгон»[7].

Зияш Бектеновдун өмүрүнүн бир бөлүгү Академиянын «Манас» секторунда иштеп, «Манас» эпосунун кара сөз вариантын жасоого жумшалган. Окумуштуу жазуучунун илимий иштеринин тизмесинде «Прозаический сюжет «Маласа». Фрунзе, 1949 г. п/л.»[8] (басма табак) деген жазуу бар. Басмадан жарык көргөн чыгармалардын тизмесинин арасында турганына караганда китеп туурасында кабардар болушубуз керек эле, андай факты жок. Бирок Академиянын Колжазмалар фондусунда мындай материал бар. Болгондо да кыргыз жана орус тилдеринде (инв. № 628, 646[а], 647, 648). Орус жана башка элдердин окумуштуулары на «Манас» эпосунун мазмуну ушул эмгек аркылуу жетип, В. М. Жирмунский баштаган көптөгөн окумуштуулардын «Манас» туурасындагы илимий эмгектери ушул З. Бектенов менен К. Нанаевдердин «Манас», «Семетей», «Сейтектерди» кара сөз түрүндө жазып чыккан материалдары аркылуу жаралган. Ошого карабастан Фондуда даяр турган «Манас» варианттарын жарыялоонун ордуна башка окумуштууларды убара чектирип жаздырганы законго да, адамкерчиликке да жатпайт. 1984-жылы 25-майда З. Бектенов Тил адабият институтунун Окумуштуулар кеңешине келип маселе койгону Манас изилдөөчүлөрүнүн эсинде. Тилекке каршы субъективдүү кызыкчылыктардан улам Зияш Бектенов менен К. Нанаевдин даяр эмгектерин жарыялатууга жол берилбей калган.

Зияш Бектенов 1955-жылы 6-октябрда биротоло акталгандан кийин да белгилүү журналист Жапар Саатов: «Вернувшись из заключения Зияш Бектеновича еще долгих семь лет был без работным, бесправным»[10] — деп жазгандай, ишсиз жүргөнүнө карабастан, М. Жаңыбаев менен бир-

www.bizdin.kg

дикте «Киргизский язык» учебник для 3 класса русской школы (1959-ж.), «Киргизский язык». Учебник для 4 класса, русской школы (1959), «Программа по киргизскому языку для 3-4-х классов русской школы» (1959) деген тилге байланыштуу окуулуктарды чыгарат. 1963-жылы 5-класс үчүн «Кыргыз адабияты», 1969-жылы 4-класс үчүн «Кыргыз адабияты» деген адабият боюнча окуулуктарды Темирова менен бирдикте жарыялап, 1972-жылы Методическое руководство к учебнику «Родная литература» для 4 классов» деген усулдук эмгегин жарыкка чыгарган. Мындан башка дагы 3-класс үчүн «Эне тил» (1971) китебин жана ага арналган методикалык колдонмо жазган.

Мурдагы жана кийинки окуулуктарына мисал, үлгү катары жазган ыр, аңгемелерин 1990-жылы «Эне тилден гүлдесте» (Ф., «Адабият», 1990) деген ырлар, макалалар, табышмактар жыйнагына топтоп, «Бөбөктөр үчүн» деген серияда басмадан чыгарган. Бул китеп бөбөктөрдү көркөм сөз лаззааттарын алууга, шарт түзүп, жашоого зарыл болгон ар кандай маалыматтар менен тааныштырат. Маселен, «Күн аттары», «Ай аттары», «Жылдыздардын аттары» деген бөлүмдөрдө, аталыштарынан байкалып тургандай, жумадагы 7 күндүн (Ишемби, Жекшемби, Дүйшөмбү, Шейшемби, Шаршемби, Бейшемби, Жума), бир жылдагы 12 айдын (Бирдин айы, Жалган куран, Чын куран, Бугу, Кулжа, Теке, Баш оона, Аяк оона, Тогуздун айы, Жетинин айы, Бештин айы, Үчтүн айы) жана 12 айдын (Чычкан, Уй, Жолборс, Коён, Балык, Жылан, Жылкы, Кой, Маймыл, Тоок, ит, Доңуз) аттарынын кыргызча аталыштарын берген. Адамдын мүчөл жылдарын санай билүүгө, тууган-туушкандарын атоого үйрөтөт. Кийим-кечелердин, тамак-аштардын, идиш-аяктардын, боз үйдүн жабууларынын, үй эмеректеринин, ат жабдыктарынын аталыштарын эске салып, канаттуу куштардын, жапайы айбандардын, курт-кумурскалардын аталыштарын айтат. Даректардын, дан эгиндеринин, төрт түлүк малдын түрлөрүн ыр, аңгемелер аркылуу мисалдайт, макал, лакаптар аркылуу жыйынтыктайт. Мисалы, жылкы баласына байланыштуу «Ат сыйлаган жөө баспайт», кой жөнүндө «Кой семизи койчудан» деген макалдарды, эчкиге байланыштуу «Эчки сүйөт баласын — улагым деп, таштан ташка секирген чунагым деп» деген ыр саптарын пайдаланат. Жемиш бактарынан саналган

www.bizdin.kg

өрүк тууралуу «Асты таш, Үстү таш, Ортосунда бышкан аш» (өрүктүн данеги) деген табышмакты айтат ж. б.

Жыйынтыктай айтканда, Зияш Бектеновдун «Эне тилдин гүлдестеси» чынында эле бөбөктөр үчүн китеп жазгандарга үлгү болорлук кудуретке ээ. Кичинекейлерге сүйүктүү гүлдесте болгондугунда талаш жок.

З. Бектенов Жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө котормочу катары кабыл алынган. Чынында эле Зияш Бектеновдун жазуучулук тушоосу А. Н. Островскийдин «Не была ни гроша да вдруг алтын» деген пьесасын М. Абдыкеримов менен бирдикте 1929-жылы которуп сахнага койдуруу менен кесилген. Аны котормочунун өзү «Островскийден ал пьесасы котормосундагы кетирилген көп кемчиликтерине карабастан, кыргыз театрынын тарыхында орус тилинен кыргыз тилине биринчи которулган саамалык пьеса болучу» – деп белгилейт. Демек, З. Бектенов пьеса котормо тарыхынын башатында туруу менен бир нечелеген классикалык жана советтик пьесаларды которуп, Кыргыз драматургиясында баа жеткис эмгектер жасаганы кыргыз журтуна маалым. Ал Гольдонинин «Слуга двух господ» («Эки мырзанын малайы»), А. Н. Островскийдин «Гроза» («Добул») К. А. Треневдун «Любовь Яровая», Назым Хикметтин «Всеми забытый» деген белгилүү пьесаларды которуп, кыргыз сахнасына койдурган. Алардын айрымдары алигиче сахнадан түшө элек.

Прозалык туундулардан А. С. Макаренконун айтылуу «Педагогическая поэмасын», Н. В. Гоголдун «Чыгармаларынын I томдугун, А. Фадеевдин «Разгромун», М. Горькийдин «Беседа с начинающими писателями» деген макала-аңгемелешүүсүн жана Чандранын аңгемелерин, Л. Соболевдин «Зеленный луч», М. Ибраимовдун «Деревенщины», А. Штейндин «Между ливами» деген прозаларын 1932-жылдан баштап которуп, жарыкка чыгарган. Ошондой эле кыргыз тилинен орус тилине которууда да З. Бектенов калем сынап, «Манас» эпосунан он миң ыр сабын, Аалы Токомбаевдин «Күүнүн сыры» аттуу аңгемесин которот. Зияш Бектенов боюн көтөрбөгөн жөнөкөй киши болгондуктан көркөм котормодо ушунчалык көп иштеп, жатык тилдүү, кооз, терең мазмундуу, түп нускасынын баркын түшүрбөстөн, кайра көкөлөтө которгон көптөгөн пьесаларды кыргызча сүйлөтүп, кыргыз драма сахнасын гүлдөткөнүнө карабас-

www.bizdin.kg

тан, көп мезгилдер бою өз ордуна койулбай, адабияттагы аттай-төөдөй баасы берилбей келди. Мындай бөксөлүктү адабият, маданият, коомчулугу дайыма эсте тутуп, өз деңгээлинде толтуруп, өз баасын берүүгө милдеттүү.

Зияш Бектеновдун «Замандаштарым жөнүндө эскерүү» (Б., «Адабият» 1992-ж.) аттуу китеби маданият, адабият кызматкерлеринин колдон түшпөс, жадыларынан чыкпас жан жолдошундай кызмат өтөп калды. Карапайым окурмандардын чар тараптуу түшүнүктөрүн кенейтүүдө табылгыс казынага айланды десек чекилик болбойт. Анда жазылган кыргыз маданияты менен адабиятынын, мамлекеттик ишмерлери менен агартуучуларынын адабий портреттери — ар бири өзүнчө бүткөн зор эмгектей, аңгеме, повесть, романдай мааниге ээ десек жаңылышпайбыз. Айрым роман аталып жүргөндөрдү окусаң да бул китептеги бир эле адабий портреттей рахат жана түшүнүк алалбайбыз. Кубанычбек Маликовдун «Замандаштарым жана каламдаштарым» (Ф., Кыргызмамбас, 1964-ж.) аттуу макала, эстеликтер жыйнагы менен катар З. Бектеновдун ушул «Замандаштарым жөнүндө эскерүү» китеби Кыргыз адабиятында окурмандарды дайыма өзүнө караткан, жанкитеп катары мааниге ээ.

Китептин башынан киргенде эле З. Бектеновдун замандаштарына карата (жалпы эле адамдарга карата) туура, таамай сүйлөп, так баа берген инсан экени көрүнөт. Аны айрым портреттердин жыйынтыгын окуганда эле түшүнүктүү болот. «Ишеналы Арабаевдин эмгегин кыргыз эли жогору баалайт жана биринчи агартуучу-окумуштуусун эстеринен эч качан чыгарбайт». (Китептин 16-бетинде. Мындан ары бетин гана көрсөтүп турабыз.). «Касым Тыныстанов эл сыймыгы болгон. Кыргыз тарыхынан эки жүз жылда бир гана кезигүүчү нукура талант эле. Орус элинин Ломоносовдой көп кырдуу, терең ойлуу, арымы кенен окумуштуу болучу. Касым сыяктуу таасын күлүктөрдү жаш кезинде жайраткан «культтун» атасына наалаттан башка айтарыбыз жок» (39-б.).

«Кыргыз республикасынын туңгуч эл агартуу институтунун биринчи директору Петр Кузьмич Юдахин кырғыз элине эбегейсиз зор эмгек синирген, кыргыз элинин маданиятынын туңгуч карлыгачтарын окутуп, уядан учурган улуу орус элинин ак ниет, айкөл уулу болчу» (82-б.). «Ме-

www.bizdin.kg

нин адам болуп өсүшүмө өбөлгө түзгөн Базаркул Данияровичтин шарапатын мен эч качан унутпайм» (94-б). «Мукайдын бизге келип окуп калышы менен Кыргыз эл агартуу институтунун босогосун ыр, хор, күлкү шыкактуу сөздөр кошо айтып киргендей болду. Адабият, хор, драм кружоктору жандана баштады» (102-б.). «Менин эмгек сапарымдын алгачкы кадамында мага акыл-насаат айтып, иштин көзүн таанытып, баш тоголоткон, маданияттуу жүрүш-туруштун эрежесин үйрөтүп, чоң окумуштуулардын докладдарын угуп, терең билим алуунун жолун көрсөткөн алгачкы насаатчым Касымалы болгон эле. Мен Касыкемдин ал жакшылыгын эч качан унутпайм!» (150-б.). «... орус тилин Узакбай Абдукаимовдой жакшы билсек, окууну да дал ошондой отлично окусак» — деп, Педтехникумдун окуучулары бир кезде ага бекеринен суктанышпаган экен. «Кызыл учкун» мезгилинде кыргыздын Пушкини, Толстою болот деп ал бекер макталбаптыр» (158-б.). «Токчорого чейин айрым акындардын, ачык айтканда, Аалы менен Касымдын ырлар жыйнактарына опурулуп сын жазган М. Дөгдуров менен А. Убукеев сыяктуу сынчылар болгон, бирок Токчоронун жазган сындарынын мазмуну биз жогоруда аттарын атаган «сынчылардан» көрө сөөмөй өйдө турган адабиятчы экенин ачык билгизип турат» (173-б.)

«Бөрү орусча тилди жакшы билген билимдүү, көркөм адабиятка терең түшүнгөн, токтоо, акыл-эстүү залкар киши эле. Биз өзүбүз түшүнбөгөн сөздөрдүн котормосун көбүнчө Бөрүдөн сурачубуз» (193-б.). «Каркыра жайлоосу казак менен кыргызга кандай орток жайлоо болсо, Мухтар Оморханович Ауэзов да казак менен кыргыздын сыймыгы, алардын орток жазуучусу жана окумуштуусу болчу» (285-б.) ж. б. З. Бектеновдун адамдарга айткан асыл ойлору менен каалоолорун дагы канчага созуп жазса да улана берет. Бул китепте сөз болгон тарыхый адамдардын таасын сүрөттөрү, ачык жана адилет түзүлгөн образдары жазуучу жана котормочунун зор талантка эгедер экенин көрсөтүп турат. Анын жатык тили, таамай, таасын сөздөрү, терең ой жүгүртүүлөрү окурмандарды өзүнө тартып, жүрөктөрүнө уялап, билүү деңгээлин (кругозорун) жогорулатууга дем берип турат.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз мамлекеттик улуттук университеттин ардактуу профессору Зияш Бектенов

www.bizdin.kg

зор окумуштуу, чоң жазуучу, чебер котормочу катары, кыргыз жазуучуларынын белдүү өкүлдөрүнүн бири катары Кыргыз адабият тарыхынан ардактуу ордун табууга тийиш.

АДАБИЯТТАР

[1] *Бектенов З.* Замандаштарым жөнүндө эскерүү. Адабий эскерүүлөр. — Б.: Адабият, 1992. 61—62-б.б.

[2] *Асанов Ү., Иманалиев К.* Кайталанган өмүр./Советтик Кыргызстан. — 1991. — 22-февр.

[3] *Бектенов З.* Замандаштарым жөнүндө эскерүү. — Б.: Адабият, 1992. — 50-бет.

[4] *Асанов Ү., Иманалиев.* Жогоруда аталган макалада.

[5] *Бектенов З., Байжиев Т.* Кыргыз адабияты (Орто мектептин IX классы үчүн хрестоматия – окуу китеби) 2-басылышы. — Б.: Мектеп, 1993. 28-б.

[6] *Бектенов З., Байжиев Т.* Кыргыз адабияты (Орто мектептин IX классы үчүн хрестоматия – окуу китеби), 2-басылышы. — Б.: Мектеп, 1993. 28-бет.

[7] *Байгазиев С.* Тагдыры татаал окуу китеби. (Кириш сөз ордуна). Китепте: З. Бектенов, Т. Байжиев. Кыргыз адабияты. 2-басылышы. — Б.: Мектеп, 1993.

[8] *О. Сооронов*дун архивинде. Научные труды и художественные переводы доцента Зияша Бектенова. Октябрь. 1973-ж. Архив № 482, 77—78-б.б.

[9] *О. Сооронов*дун архивинде. Архив № 326, № 9 блокнот, 40—42-беттер.

[10] *Саатов Ж.* «Совесть наша чиста»... «Советская Киргизия», «118, 23.05.1989 г.

www.bizdin.kg

ЮНУСАЛИЕВ (ЖУНУШАЛИЕВ) БОЛОТ МУРАТАЛИЕВИЧ

(1913—1970)

Юнусалиев (50-жылдарга чейин Жунушалиев) Болот Мураталиевич (чынында өз атасы Жунушалы, Муратаалы чоң атасы, ошол тарыхый шартта кабыл алынган салт боюнча Мураталиев Болот Жунушалиевич делиш керек эле, эмне үчүндүр өз атасын фамилия катары алып, чоң атасынын ысмын атасынын ордуна пайдаланыптыр) (6-октябрь 1913-жыл, азыркы Кемин району, Үч-Урук кыштагы 18-февраль 1970-жыл, Фрунзе), көрүнүктүү окумуштуу, кыргыз тилин изилдөө илимине негиз салуучулардын өзгөчө белгилүүлөрүнүн бири, түрколог, «Манасты» изилдөөдө зор салым кошкон инсан, коомдук ишмер. Кыргыз улуттук илимдер академиясынын академиги (1954) , филология илимдеринин доктору (1954), профессор (1954), Кыргыз республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери (1963), 109 илимий эмгектердин автору.

1930-33-жылдары Москвада пединиститутта окуган. 1933-35-жылдарда Кыргыз Республикасынын Эл агартуу комиссариатында инспектор болуп иштейт. 1935-38-жылы Москвадагы ВКП БКнын партиялык курсунан окуп, ошол окууну бүткөндө 1938-41-жж. аралыгында СССР Жогорку Советинин ведомосторунун кыргызча басылышынын редактору болуп иштеген. 1941-ж. Ата Мекендик согуш башталганда майданга кетип, 3-Белорус фронтунда Фронттук газетанын редакторунун орун басары, согуштук кабарчы болуп иштеп, согуштан 1945-ж. кайтат.

1945-51-жылдар арасында Кыргыз ССРнин Элге билим берүү министри, 1952-54-жылдарда Москвада докторантурада окуп, докторлук диссертацияны ийгиликтүү коргоп, 1954-60-жылдар ичинде Кыргыз мамлекеттик универси-

www.bizdin.kg

тетинин ректору, ошол эле учурда ал университеттеги кыргыз-түрк кафедрасынын башчысы, 1960—65-жылдар аралыгында Кыргыз илимдер академиясынын «Манас» секторунда улук илимий кызматкер.

Б. Жунушалиев илимдеги жолун 1935-жылы кыргыз мектептери үчүн «Алиппе» окуу китебин жазуудан баштаган. Кыргыз ССРнин Агартуу комиссариаты бекиткен бул окуу китеби 1935, 1936, 1937-жылдары үч жолу басылып чыккан. Б. Жунушалиевдин окумуштуу катары кыргыз тил илиминин көптөгөн маанилүү проблемаларын, айрыкча илимдин теориялык негиздерин изилдөө, байытып өстүрүү иштериндеги салымы, эмгектери орчундуу.

Тил илими гана эмес, кыргыз адабияты, оозеки чыгармалары, жазгыч акындар, айрыкча, манастаанууда чоң окумуштуу Болот Мураталиевичтин кошкон салымдары салмактуу.

Б. М. Юнусалиев кыргыз тил, адабият илимдерин изилдөөнү уюштуруучу, үйрөнүү, жайылтуу багытында жалпы калкка пайдалуу, мааниси боюнча омоктуу иштердин башында турган адам. Ал Кыргыз Республикасынын элге билим берүү министерствосун жетектеп турганда ошол тарыхый шартта Кыргызстандын мектептериндеги кыргыз тили менен адабиятын окутуу мүчүп, ал эми жогорку класстардын окуучулары такыр эле окуу китептери, окуу куралдары, ал турмак туруктуу мүнөздөгү калыптанган, бардык жерлерде бирдей колдонулган программалары да жок экендигин көрүп, ушул кенемтени тез арада жоюунун зарылдыгын туура түшүнүп, активдүү киришип, демилге көрсөтүп, натыйжада 1949—1951-жылдарда Кыргызстандын мектептери биринчи жолу орто мектептердин 8—9—10-класстары үчүн атайын иштелип чыгып, бекитилген кыргыз адабияты, кыргыз тили боюнча окуу программалары, окуу китептери, окуу куралдары — хрестоматияларды пайдалана баштаган.

Б.М. Юнусалиев кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолунун айрым урунттуу учурлары, орчундуу маанилге ээ илимий проблемалары боюнча да аргументтешкен, ишенимдүү өз ойлору бар. Кыргызстандын тарыхын жазуу ишине активдүү катышкан, ал маанилүү эмгектин белгилүү авторлорунун катарына кирген адам. («Вопросы формирования киргизской народности» /В книге История Кир-

www.bizdin.kg

гизской ССР, т. I. Фрунзе, 1968. Эмгек П.Н. Кожемяко, К. И. Петров менен бирге жазылган/, «Сложение киргизской народности на Тянь-Шане XVI в.» /В книге «История Киргизии», Фрунзе, 1963. т. I). «Манас» эпосунун кыргыздардын тарыхы жолу менен байланыштуулугуна атайын басым жазап, эпосту тарых илиминин талаптарына ылайыктуу мүнөздөмө берген эмгектери да арбын (Киргизский героический эпос «Манас» /В книге «История Киргизской ССР, т. I, Фрунзе, 1968/, «Кыргыздардын баатырдык эпосу «Манас»/Китепте «Кыргыз ССР тарыхы», том I, Фрунзе, 1973).

Кыргыздардын жазгыч акындары Молдо Кылыч, Молдо Нияз жөнүндө атайын изилдөөлөрүн жүргүзүп, бул инсандар катуу сынга алынып, жаманаттыланып жаткан учурлардагы түрдүү талаш тартыштарда ал акындардын чыгармаларын жогору баалаган калыс пикирлер айтып, активдүү күйөрмандарынан болгон. Андай эр жүрөктүүлүгү үчүн куугунтукталып, университеттин ректорлук кызматынан куулган, бир нече айлап кызматсыз калган учурлары болгон. Окумуштуунун эскерилген жазгыч акындар жөнүндөгү эмгектери анын көзү өткөндөн кийин жарык көрдү («Молдо Кылычтын революцияга чейинки кыргыз турмушун чагылдырган чыгармаларынын айрым маселелери», Ала-Тоо журналы, 1989, № 12; «Молдо Нияз жазгыч акын жөнүндө», Ала-Тоо журналы, 1989). Б.М. Юнусалиев айрыкча «Манас» эпосунун теориялык жана практикалык көптөгөн проблемаларын чечүүнүн үстүндө үзүрлүү эмгектенген.

Кыргыз элинин улуу мурасы «Манастын» орчундуу проблемаларын изилдөө иштерине Болот Мураталиевич бул эстеликтин үстүнө кара булут орноп, чыгарманын калк арасында калып, аны пайдалануу, же аны үйрөнүү, изилдөө, пайдалануу иштерине тыюу салуу маселеси күн тартибине коюлуп, советтик түзүлүш учурундагы тоталитардык бийликтин каардуу да, темирдей катуу да тартибинин бардыгын идеологиялаштырган таламдарына ылайык «Манас» элдик чыгарма эмес, анын мазмуну реакциячыл терс түшүнүктөргө толгон, идеясы элдин таламдарына каршы делген опурталдуу, коркунучтуу доо коюлуп, ушул чырдуу проблеманын айланасында талаш-тартыштар кызуу жүрүп жаткан XX кылымдын элүүнчү жылдарынын баш ченде-

www.bizdin.kg

ринде киришкен. 1952-жылдын жай айларына чектелген «Манаска» байланыштуу Бүткүл Союздук илимий конференцияга даярдык катары мезгилдүү басма сөз беттеринде дискуссия уюштурулуп, ага эпостун күйөрмандары да, каршы пикирдегилер да өз ойлорун ортого салуу менен катышып жатканда ошолордун арасында Б. Юнусалиевдин «К вопросу об эпохе и возникновении эпоса «Манас» аттуу макаласы 1952-ж. 29-майында «Советская Киргизия» газетасында жарык көрөт. Макаланын кыргыз тилиндеги котормосу «Кызыл Кыргызстан» газетасынын 1952-ж. 28-майындагы санында жарыяланат.

Ошол учурда Б.М. Юнусалиев СССР илимдер академиясындагы тил институтунда докторантурада окуп жүргөн кези эле. «Развитие корневых слов в киргизском языке» («Кыргыз тилиндеги уңгу сөздөрдүн өнүгүшү») деген темадагы доктордук диссертациясынын үстүндө иштеп жаткан. Кыргыз тил илиминин ары татаал, ары орчундуу маселелеринин бирине арналган ишин токтотуп коюп, өзү мурда эч качан колго албаган, ал үчүн жаңы, анын үстүнө өзгөчө татаал, талаштуу-чырлуу жерлери көп маселеге — «Манас» эпосунун чыгыш доору, тарых менен байланышы, идеялык маңызына арналган, көптөгөн илимий проблемалардын алкагын камтыган, ошол тарыхый шартта коогалуу гана эмес, кооптуу да ишке баш оту менен киришип, илимде мурда ой айтылмак турсун, козголбогон да жаңы пикирсунуш айтып чыкты. Мындай кадам Б. Юнусалиевдин чоң окумуштуу болуу менен бирге чыныгы патриот, өз элинин камын ойлоп, калкынын ар-намысы, кызыкчылыгы үчүн башын саюуга даяр турган, анын кызыкчылыгын жеке керт башынын талам-пайдасынан алда канча жогору кое билген инсан экендигин айгине көрсөтүп турат.

«Манас» маселесине байланышкан ошол кездеги негизги талаш чыгарманын мазмунунда учураган айрым түшүнүктөр учурдун талабына туура келбегендигинде эле. Кээ бирлер ошондой фактыларга таянып эпосту реакциячыл чыгарма деп эсептеп аны пайдаланууудан алып салуу зарыл дешкен. Чыныгы илимдик көз карашты кубаттагандар көөнө мурасты бүгүнкү учурдун талабы боюнча эмес, ошол чыгарма жаралган тарыхый шарттын талам-дарына ылайык баалоо туура, демек «Манастын» мазмунунда бүгүн туура эмес делинүүчү маалыматтар өз мезги-

www.bizdin.kg

линдеги талапка шайкеш келиши мүмкүн деген ишенимде болушкан.

Элдик мураска чыныгы илимдик талаптардан мамиле кылган Б. М. Юнусалиев аны жаманаттылап жаткандарга каршы күрөштө негизги курал катары илимдин принциптерин пайдаланып, эпос качан, кандай тарыхый шарттарда пайда болгон, эл тарыхы менен кандай байланышы бар — деген проблемаларды чечүүнүн үстүндө аракеттенген. Натыйжада ушул ой анын «Манаска» арналган биринчи олуттуу эмгеги «Манас» эпосунун доору жана келип чыгышы жөнүндөгү маселеге карата деген жогоруда эскерилген «Манас» боюнча дискуссия учурунда жарыяланган көлөмдүү макаласында чагылдырылган.

Б. Юнусалиев «Манас» талашка түшүп жатканда өз оюн билдирген макала жазуу менен гана чектелбей, Москвадан атайын келип, илимий конференцияга катышып, талкууланып жаткан маселелер боюнча жарыш сөзгө чыгып анда принципиалдуу, калыс пикирин айтып, эпоско ачык каршы чыккандарга да, айрыкча тайсалдап, оң ойдомун демиш болуп, чынында кыргыздардын улуу мурасын жокко чыгаруу аракетин көргөндөргө келишкис каршы чыккан.

Ушул жерде конференциядагы талкууга, ал эле эмес форумдун жыйынтыгына да түздөн түз тиешеси бар, жыйында олтургандарга катуу таасири тийген, узак жылдар бою ооздон түшпөй легенда түрүндө айтылып жүргөн бир көрүнүштү эске сала кетүү жөндүү. Анткени ошол эпизод Б. Жунушалиевдин билиминен гана эмес, курч акыл, чечен, сөз тапкыч, учурдан пайдалана билген адам экендигинин айгине далилинен.

«Манас» эпосуна элге жат чыгарма деп, атайын москвалык газетага макала жазган Нуров болсо, аны ачык колдогон адамдардын бири П. Балтин болгон. Ошол «Манаска арналган конференцияда Балтин да сөз алып, трибунага чыкканда чоң кара портфелинен килейген көлөмдүү китепти сууруп чыгып, өзү белгилеп алган ар кайсы жеринен ууру кылба, ата-энеңди сыйла, калп айтпа ж.б. оң маанини туюнткан аңгемелерден үзүндүлөр окуп, залдагы элге кайрылып, окуган тексттерде жаман жери жок экенин көрүп турасыңар. А бирок, силер билесиңерби, мен кайсыл китептен үзүндүлөр окудум? Бул кадимки библия. Эгер ар кайсы жеринен үзүп алса библияны деле тазартып, оңдоп

www.bizdin.kg

чыгууга болот. «Манастын» көптөгөн күйөрмандары да ушул түрдө эпостун ар кайсы жеринен тандап алып, аны жакшы чыгарма кылгысы келет — деген мааниде сөз сүйлөгөн.

Балтинге удаа Б. Юнусалиев трибунага чыкты (конференцияда сөз сүйлөөнү сурагандар мурда түзүлгөн тизме боюнча сүйлөп жатышкан. Кыясы Балтинге удаа Юнусалиевге сөз тийүү атайын эмес, жөнөкөй кокустук экени күмөнсүз) Болот Мураталиевич трибунага чыгып, эки чакан китеп сууруп чыкты да, аларды жогору көтөрүп, залга көрсөтө: Менин да портфелим чоң жана кара, бирок, мен бул абройлуу жыйынга диндик таштандыны (хлам) эмес, илимибиздин корифейлери Ленин менен Сталиндин томдорун алып келдим! — деди. Залды жаңырткан күлкүгө шатырата кол чабуулар кошулуп, олтургандар дээрлик сүйлөп жаткан адамды кубаттап колдоп кетишти...

Библияны деле ар кайсы жеринен тандап алып оңдоп койсо болот деген Балтиндин сөзүндө жүйөлүү маңыз жатканын тана албай, суз тартып, тымып калган угуучуларга (конференциянын ишине жеке эле атайын чакырылган илим кызматкерлери, интеллигенттер гана эмес, Кыргызстандын туш тарабынан, айрыкча Бишкек шаарына жакын чөйрөдөгү, Чүй өрөөнүндөгү айылдардан атайын өз демилгеси менен келген адамдар угуучу катары катышып жатышкан) Б. Юнусалиевдин сөзү маанай, дем берип, ага ишеним артылып, сүйлөй электе эле айтар ойлору кубатталып, эң башкысы П. Балтиндин сөздөрү такыр жокко чыгып, баркы кетип, шылдыңга айланды. Мына таамай, курч сөзгө маани берүүнүн, сөздү ыгы, орду менен туура пайдалана билүүнүн чебер үлгүсү. Ошон үчүн кыргыздар «сөз билген колко бербейт» дешкен.

Сүйлөгөн сөзүндө Б. Юнусалиев конференциядагы Москвадан атайын жиберилген негизги докладчылар А. К. Боровков менен Л. И. Климович өз баяндамаларында эпостун мүчүлүш, кемчилик жактарына кеңири токтолгондору менен чыгарманын оң белгилери жөнүндө эч нерсе айтышпагандыктарын эскерте келип, А. К. Боровковдун ойлору, келтирген фактылары дээрлик «Манас» эпосу элге жат чыгарма деген корутундуну талап кылып турат, бирок ал сөзүнүн аягында кыргыз эстелигине оң баа берүү аркылуу логикага коошпогон жыйынтыкка келгендигин, ал эми экинчи докладчы Климович жалаң гана «Чоң ка-

www.bizdin.kg

заттын» басылып чыккан үлгүсүнө таянып, бүт эпоско бүтүм чыгарганын, докладчылардын Ө. Жакишев, К. Маликов, А. Токомбаев сыяктуу экинчи тобу негизинен эпостогу оң көрүнүштөргө гана басым жасап сүйлөгөндүктөрүн көрсөтөт.

Б. Юнусалиевдин ою боюнча эпостогу башкы идея кыргыз урууларын баш коштуруу жана элди четтен келген баскынчылардан коргоо. Мындай коргонуу согуштарында бүт эл биримдешип каршы туруу байыркы бардык элдерге мүнөздүү белги. Кыргыздарга каршы кыйраткыч жортуулдар тарыхта бир эле эмес, көп болгонун, буга 11—12-кылымдагы Чыңгызхандын, 15—16-кылымдардагы калмак-жунгарлардын ж.б. баскынчыл жортуулдарын көрсөтүүгө болорун айта келип, ушундай оор алааматтарда баскынчыларга бүт эл каршы көтөрүлгөнүн белгилейт.

Өз сөзүндө Б. Юнусалиев «Манас» эпосунун пайда болуш доору маселесине да кайрылып, бул форумда өзүнөн мурда сүйлөгөн А. К. Боровков, анын артынан Климович, Богданова, Валитовалар эпостогу негизги мотив катары калмактардан коргонууну эсептешерин эскертип, чынында чыгарманын өз мазмунунда эле ачык көрүнүп турган кара-кытай кидандар менен карама-каршы туруу өзөктүк уютку деген оюн айтып, мурда жарыяланган макаладагы өз пикирин дагы бекемдейт.

«Манаска» арналган илимий конференция ийгиликтүү аяктап, эпостун негизи элдик — деген жыйынтык чыгарылат. 1952-жылдын 1-августунда СССР Илимдер академиясынын президиуму ал конференциянын чечимдерин талкуулап, кубаттаган бүтүмгө келет. Бирок, конференцияга негизги докладчылар катары атайын Москвадан жиберилген А. К. Боровков менен А. И. Климович Жалпы Союздук «Дружба народов» аттуу беделдүү журналга кыргыз эпосуна терс маанайдагы макала жарыялашат. Алардын докладчы болуп өзүлөрү катышкан конференциянын кабыл алган чечимине бул түрдөгү мамилесин өздөрүн да, форумдун көптөгөн башка катышуучуларын да сыйлабаган абийирден кеткен адепсиздик гана эмес, эки жүздүү чыккынчылык — деп эсептеген Б. Юнусалиев катуу нааразы болуп, конференциянын катышуучулары болушкан белгилүү интеллигенттерге кайрылып, алардын кубаттоосу жана макулдугу менен атайын кат даярдап, аталган журнал-

www.bizdin.kg

дын редакциясына жөнөткөн жана өз атынан «Манастын» бириктирилген варианты» («Сводный вариант «Манаса») деген көлөмдүү макала жазган. Ал «Манаска» каршы чыккандардын бетин ачып, кыргыз эстелигинин маанисин айкындаган жана конференциянын чечимине ылайык түзүлүүчү бириктирилген вариант кандай болорун түшүндүргөн. Эмгек «Дружба народов» журналынын 1958-жылкы № 10 санына жарыяланган.

«Манаска» арналган илимий конференциянын чечимдеринде эпос боюнча кечиктирилбей жүзөгө ашырылуучу маанилүү иш-чаралардын бири катары чыгарманын кыскартылып, бириктирилген кошмо вариантын түзүү жана тез арада басмадан чыгаруу көрсөтүлгөн эле.

Ушул өзгөчө жооптуу да, татаал да ишти жетектөө Б. Юнусалиевге тапшырылган.

«Манас». Кыскартылып бириктирилген вариант — деген аталышта 1958-ж. жарык көргөн («Манас» бөлүмү эки китеп, «Семетей» бир китеп (Фрунзе, 1959), «Сейтек» бир китеп (Фрунзе, 1960, эпостун үч бөлүгү төрт китеп) китепке «Кириш сөз» деген тема коюлуп жазылган кеңири баш сөздө башкы редактор Б. Юнусалиев байыркы элдердин бири кыргыздар басып өткөн тарыхый жолунун басымдуу бөлүгүн көчмөн турмушта өткөргөндүктөн жана жалпы эле көптөгөн кырдаалдардын натыйжасында кечээ жакынга чейин көзгө урунар көрүнүктүү жазма эстелик жаратпагандыгын, бирок ошого карабастан өзгөчө бай оозеки көркөм чыгармаларга ээ экендигин, алардын арасында «Манас« эпосу сыяктуу монументалдуу үлгүлөрү бардыгын баса белгилейт.

Б. Юнусалиевдин пикири боюнча «Манас» жомогу граждандык тарых эмес, көркөм чыгарма — эпос. Бирок, бул чыгармада кыргыздардын өткөн дооpлордогу коомдук-экономикалык мамилеси, идеологиясы, кайсыл элдер менен мамиле жасагандыгы, кайсыл географиялык пункттарда жашагандыгы жөнүндөгү толгон маалыматтар камтылган. Эпостун мазмунун түзгөн окуялардагы негизги сөз тыштан келип кол салган жоого каршы элдин башын кошуп, баштап чыгуучу ары акылман, ары баатыр Манас, Бакай, Кошой, Семетей, Каныкей, Айчүрөк, Сейтек, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Күлчоро эл коргогон эрлердин иш-аракеттери жөнүндө болот. Бул аталган баатырлардын ысымда-

www.bizdin.kg

ры граждандык тарыхка туура келе койбостур, бирок алар реалдуу турмушта болгон баатырлардын көркөм чыгармада калган элестери. Мына ошондуктан, «Манас» эпосун кыргыз элинин өткөн кылымдардагы турмушу жөнүндөгү монументалдуу эстелиги, анын өмүр баяны жөнүндөгү өзүнчө бир энциклопедиясы — деп кароого болот.

«Кириш сөздө» Б. Юнусалиев, айрыкча, эпостун чыгыш доору жөнүндөгү маселеге кеңири көңүл буруп, бул маселе боюнча өз ойлорун айткан окумуштуулардын арасынан чыгарманын түптөлүшүн Енисей-Орхон доору (VII—IX к. менен байланыштырган М. О. Ауэзов, А. Н. Бернштам сыяктуу окумуштуулардын жана Жунгар дооруна тиешелүү дешкен (XVI—XVIII кк. А. К. Боровков менен И. Л. Климовичтин ойлоруна токтолуп, ал ойлордун мүчүлүш жактарын белгилеп, бул маселе боюнча аргументтешкен өз пикирин сунуш кылат.

«Манас» эпосунун мазмунунда орун алган-эскерилген айрым тарыхый фактылар менен катар этнографиялык, лингвистикалык жана географиялык маалыматтарга, алардын граждандык тарых менен байланышына таянып окумуштуу чыгарманын дээрлик бардык негизги варианттарында өзүнчө күчтүү мамлекеттүүлүккө ээ болуп турган кыргыздар мыкты жетекчиси дүйнөдөн кайткандан кийин күчтүү жоодон жеңилип, бирдиги бузулуп, бытырандылыкка учураганына, эпостун башкы каарманы Манас Алтайда туулуп өсүп, ал эр жеткенде элин Алтайдан Ала-Тоого алып келгенине көңүл бурат да, эпостун негизги мотиви кыргыз уруулларынын башын кошуп, кол салган тышкы душмандарга каршы туруу, ошого байланышкан бардык иш-аракеттер алгач Орхон, Кангай, Күкүнар, Алтай ж.б. географиялык пункттарда болот, орто кылымдарга чейин Алтай тарапта жашаган тыргоот, оронкой, ойрот сыяктуу уруулар менен элдердин аттары аталат. Ошол эпосто айтылган кыргыздардын бытырандылыкка учурап, баскынчылар тарабынан күч менен ар кайсы жакка таратылып көчүрүлүшү тарыхта чыныгы болгон факт. Бул окуя X кылымда монгол тилине жакын тилде сүйлөгөн кара кытайлардын (алардын дагы бир аты — кидан) баскынчылык менен кол салып, кыргыздардын мамлекеттигин бузган чабуулуна туура келет — дейт.

Окумуштуунун ишеними боюнча кыргыз уруулларынын тарыхта эч күчтүү мамлекет болуп турган учурунда кол

www.bizdin.kg

салып, бирдигин бузган кидандар (кара кытайлар) болгондуктан элдин тарыхый өмүрүндөгү мындай оор кезең эпосто из калтырбай койгон эмес.

«Кириш сөздө» окумуштуу «Манас» эпосунун жазылыш, изилдениш жолу жөнүндө да учкай сөз козгоп, Ч. Валихановдун, В.В. Радловдун бул багыттагы эмгектери изилдөөчүлөрдөн К. Рахматуллин, М. Ауэзов ж. б. эскерилет.

Албетте, кириш сөздө эпостун мазмунундагы катмарлар маселесине да кеңири көңүл бурулуп, көп орун берилген. Айрыкча исламдык, пантюркисттик түшүнүктөр ошол тарыхый шарттын таламына ылайык бааланып чечмеленген.

Кириш сөздүн басымдуу бөлүгүн бириктирилген вариантты түзүүдө кайсыл манасчыдан кандай эпизоддор, же үзүндүлөр эмне белгиси боюнча, же эмне себептер менен тандалып алынгандыгын кеңири чечмелеп берүү түзөт.

Ошол тарыхый шартта «Манасты» коргоп калуунун жалгыз жолу болгон айла эпостун бириктирилип, кыскартылган вариантын түзүү маселесине байланышкандыктан Б. Юнусалиев бул багытта өзгөчө активдүү аракеттенип, жеке эле кыргыз окурмандары эмес, эң башкысы орус тилдүү окурмандарды андай аракеттин тууралыгына ишендирип, негизги маңызы эмнеде экендикти чечмелеп, кеңири түшүнүк берүү аркылуу ынандыруу үчүн бардык күч-аракетин жумшайт. Мунун далилин окумуштуунун «Киргизский героический эпос «Манас» («Кыргыздын баатырдык эпосу «Манас» аттуу 1961-жылы Москвада СССР илимдер академиясынын басмасынан жарык көргөн жыйнакка кирген «Об опыте создания сводного варианта эпоса «Манас» («Манас» эпосунун кошмо вариантын түзүүнүн тажырыйбасы жөнүндө») аттуу көлөмдүү макаласынан да көрүүгө болот.

Макалада «Манас» эпосунун эл турмушунан алган орду, чыгарманын мааниси, анын айтуучулары, изилдөөчүлөр жөнүндө кыскача эскертиле келип, башкаларга салыштырмалуу толук эсептелген Сагымбай менен Саякбайдын вариантарынын мазмундарын кеңири талдоого алат жана ушул эки манасчынын жана башка айтуучулардын текстеринен кайсыл окуялар кошмо варианттын курамына киргизилгендигин чечмелейт. Макалада кошмо варианттын мазмундук түзүлүшү, каармандардын образдары кандай мүнөзгө ээ болгонун, чыгарманын көркөмдүк касиет-

www.bizdin.kg

терин кантип бөксөртпөй сактап калуу аракети көрүлгөнү ж.б. маанилүү деп эсептелген маселелер сөзгө алынып, түшүндүрмөлөр берилет.

«Манастын айланасында карама-каршы пикирлер айтылып, анын маани-маңызына шек келтирген ойлор тарап турган ошол тарыхый шарттарда эпостун эл аралык деңгээлдеги кадыр-баркын бөксөртпөй кармоо зор маанига ээ милдеттердин бири эле. Муну даасын түшүнгөн патриот окумуштуу Б. Юнусалиев кыргыздардын улуу мурасэстелигин жеке эле СССР аймагында гана эмес, эл аралык масштабда пропагандалоо аракетин көрүп, Чыгышты изилдөөчүлөрдүн 1960-жылы Москвада өткөн эл аралык XXV конгрессинде «Об эпосе «Манас» («Манас» эпосу жөнүндө») деген темада доклад жасаган.

Б. Юнусалиевдин «Киргизский героический эпос «Манас» аттуу «Манас героический эпос киргизского народа» — деген жыйнакта 1968-жылы жарык көргөн көлөмдүү макаласын белгилүү даражада окумуштуунун он жылдан ашуун мезгилдин аралыгында кыргыз эпосу боюнча активдүү ишаракеттеринин натыйжасын чагылдырган жыйынтык деш жөндүү. Анткени, бул эмгегинде изилдөөчү кыргыз жомогунун көптөгөн башка өзү сыяктуу эстеликтерден айырмаланган жалаң ыр түрүндө түзүлүшү, эбегейсиз зор көлөмү, аны жараткан элдин тарыхы жолу менен тыгыз байланыштуулугу, чыгарманын мындай көлөм жана мазмунга ээ болушундагы негизги себептер ж.б. чоң мааниге ээ көптөгөн теориялык маселелерге көңүл бурат, өз концепцияларын, сунуш-пикирлерин ортого салат. Ошолордун арасында эпостун мазмунунун кеңейишине бул чыгармага идеялык багыты боюнча ага жакын турган көптөгөн ар бири мурда өзөзүнчө жашаган жөө жомоктордун, легенда, уламыш, поэмалардын кошулуп олтурушу, же «Манастагы» циклдешүү ыгынын түзүлүшү — эпостун биринчи бөлүмүнүн окуялары башкы каармандардын өлүмү менен трагедиялуу бүтүшү, ага ыраазы болбогон угуучулардын окуянын уланууусун талап кылган каалоолорунун натыйжасында Манастын жолун жолдоп, ишин улаган уулу Семетейдин баатырдыгы жөнүндөгү чыгарма — эпостун экинчи, ага улай үчүнчү бөлүктөрүнүн пайда болуусу ж.б. ойлор бар.

Окумуштуу Орто Азияда жашаган элдердин көпчүлүгүндө орток эпостору бар, мисалы, өзбек, казак, түркмөн-

www.bizdin.kg

дөрдө «Алпамыш», «Көр уулу». Бирок «Манас» жалаң кыргыздарга гана таандык» — дейт да мындай абалдын себебин кыргыз эпосу Орто Азия чөлкөмүнөн башка географиялык жана тарыхый шартта жаралгандык менен түшүндүрөт.

Макалада эпостун үч негизги бөлүгүнүн туруктуу салттык окуялары ирээти менен саналып, алар мүнөзү боюнча тематикаларга бөлүнүп, адабий, тарыхый талдоого алынат, эпостун маалыматтары негизинен эл турмушунун түрдүү тарыхый шарттарынан кабар берип тургандыгына айрыкча көңүл бурат. Эмгектин корутунду бөлүгүндө эпостун көркөмдүк белгилери, тил байлыгы ж.б. жөнүндө сөз болуп, чыгарманын мааниси, элибиздин бүгүнкү турмушуна, маданият, адабият, искусствого тийгизген таасири көрсөтүлөт.

Болот Мураталиевич Юнусалиев өмүрүнүн акыркы жылдары 1965-1970-жылдар аралыгында Кыргыз илимдер академиясынын Тил жана адабият институтундагы «Манас» секторунда улук илимий кызматкер болуп иштеди.

Окумуштуунун так ушул мезгил ичиндеги иш-аракеттерин өзгөчө үзүрлүү да, жемиштүү да, «Манас» эпосунун теориялык жана практикалык маселелерине кунсуз эмгек өтөгөн учуру деш жөндүү. Анткени, так ушул мезгилде Болот Мураталиевичтин түздөн түз активдүү катышуусу, жетекчилиги менен чыгарманын узак жылдар бою чечилбей келген чырлуу проблемаларынын көбү өз жообун таап, теориялык багыты кеңип, такталып, манастаануу илими илимдин атайын өзүнчө маанилүү багыты катары калыптанды.

Бул жөн салды айтылган куру сөз эмес, көптөгөн ынанымдуу далилдерге таянылган, фактылар менен бекемделген чындык.

Жыйырманчы кылымдын орто чендеринен баштап эле «Манас» эпосунун тексттерин бастырып чыгаруу маселеси козголуп, көптөгөн жолдору өкмөттүк деңгээлдеги чечимдер кабыл алынып, аз эмес адамдар катышкан иш-аракеттерге карабастан жарытылуу майнап чыккан эмес. 1952-жылы «Манаска арналган илимий конференциянын чечимине ылайык жарык көргөн эпостун кыскартылып, бириктирилген варианты чыгарманын негизги үч бөлүмүнүн окуяларын баштан аяк бүт камтылган басылыш дел-

www.bizdin.kg

гени менен илимий принциптерге туура келбеген ыкта даярдалган үлгү катары ырынан чыры көп болуп, анын үстүнө карапайым эл кабыл албай, натыйжада эпосту басмадан чыгаруу талабын канааттандыра албай калган. Ушул проблема Б.М. Юнусалиевдин активдүү катышуусу менен чечилди.

Ушул жерде сөз болуп жаткан темага Б. Юнусалиевдин иш-аракеттерине түздөн түз тиешеси бар маселе болгондуктан кошмо варианттын жарык көрүшү жана ийгиликтери менен кемчиликтери жөнүндө учкай, бир нече сөз айта кетүү зарыл.

Кошмо вариант түзүү манастаануу илиминин талаптарынан келип чыккан зарылчылык эмес, тескерисинче илим принциптерине каршы турган, учурдагы саясий түшүнүктөргө ылайыкташкан аракет болчу.

Ушуга ылайык андай иштин теориялык принциптеринде да, анын практикалык жүзөгө ашыруу аракетинде да эки чоң, чечилүү мүмкүн эмес калпыстык бар эле: «Манас» калыптанып бүткөн, негизи бир болгону менен ар бир окуялары толук варианты өзүнчө чыгармага айланып, өнөр ээсинин чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн маңызына сиңирген көрүнүш болчу. Мындай чыгарманы бири-бирине кошуп, бир бүтүнгө айлантуунун жалгыз жолу ар бир вариантта адрестүү — кимге таандык экендигин айкын көрсөтүп, өз-өзүнчө алып, ошол келки үзүндүлөрдү белгилүү ирээт менен жайгаштыруу жана зарыл керектүү түшүнүк-комментариялар менен жабдуу болчу. Илимий конференция бул абалды эске албай, көп варианттардан курап, бир вариант түзүлсүн — деген туура эмес чечим кабыл алган. Ал эми кыскартылган жерлер менен ар башка варианттардан алынган үзүндүлөрдү кантип бириктирип, айтылуу ыгы, стили жактан ар түркүн тексттерди кандай жол менен бири-биринен айырмаланбаган бир үлгүгө келтирүүнү эч ким билген эмес. Натыйжада эпостун бөлүмдөрүнүн түзүүчүлөрү бир варианттын тексттеринин арасына башка варианттардан алынган үзүндүлөрдү жамап киргизип, кыскарган жерлердеги тексттерди толуктоо, ар башка окуяларды бири-бирине байланыштыруу үчүн эпостун текстине, сюжетке кийлигишип, өз алдынча саптар кошууга, адам, жер-суу, эл аттарын өзгөртүүгө, ал эле эмес бир да вариантта орун албаган эпизоддор кошумчалоого жол беришкен.

www.bizdin.kg

Иштин башында Б. Юнусалиев сыяктуу чоң окумуштуу тургандыгына карабастан кошмо вариантты басмага даярдоого өтө эле аз (эки жыл) убакыт берилгендиктен жана китептерди түзүүчүлөр атайын адис илим адамдары фольклористтер болбогондуктан аракеттен чоң ийгилик күтүүгө да мүмкүн эмес эле. Ошондой болсо да кошмо варианттын өз убагында жарык көрүшү элдик мурасты каргашадан арачалап калууга аралжы болгону шексиз.

1965-жылы Москвадагы дүйнөлүк адабияттар институту СССР элдеринин эпосу сериясында эки тилде жарыялоо үчүн «Манас» эпосунун тексттерин даярдап берүү өтүнүчү менен Кыргыз илимдер академиясынын Тил жана адабият институтуна кайрылганда «Манас» редакциясынын атынан кошмо варианттын түзүүчүлөрү ошол басылышка даяр турган төрт китепти берүү сунушун киргизгенде Б. Юнусалиев өзү жетектеген «Манас» редакциясынын демилгесин эмес, кошмо вариантты илимге туура келбеген ыкта даярдалган басылыш катары баалап, аны кайра бастырууга, айрыкча Жалпы Союздук масштабда кыргыз-орус тилдеринде жарыялоого чечкиндүү каршы чыккан жана Москвада эки тилде, жалпы эле мындан нары бастыруу үчүн эпостун тексттерин илимге туура келүүчү ык, принциптерде даярдоо ишине активдүү катышуу үчүн өзү секторго кызматка өткөн. Ошондон кийин беш жыл бою «Манас» секторунун илимий кызматкерлери менен бирдикте иштеп, эпостун тексттерин Москвада эки тилде, Сагымбай, Саякбайдын варианттарын кыргыз тилинде басмага даярдоодо, чыгарманын көптөгөн теориялык проблемаларын туура чечүүдө чоң эмгек өтөгөн.

Б. Юнусалиев «Манас» эпосунун миң жылдык юбилейин өткөрүүнүн жактоочуларынан-күйөрмандарынан болуп, маселенин бардык этаптарында анын иш-чараларына кызуу катышкан. С. Мусаевди ээрчитип Москвага Сусловдун кабыл алуусуна барып, ал жактагы бардык тагдырды чечүүчү чоң мекемеден мааракеге уруксат алып келүүгө жетишкен.

Болот Мураталиевич өмүрүнүн акыркы мезгилдеринде иштин кызыкчылыгын ойлоп, Тил, адабият институтун ар бирин өзүнчө кылып, экиге бөлүү демилгесин көтөрүп, бардык деңгээлдерде макулдукка жетишип, ошол маселе чечилерине 5 күн калганда көз жумуп, иш токтоп калган.

www.bizdin.kg

Ошентип Болот Мураталиевич Юнусалиев «Манас» эпосунун илимий проблемаларын изилдөө багытындагы теориялык, курама вариантты түзүү, Сагымбай, Саякбай манасчылардын варианттарын, Сагымбайдын вариантынын Москвада басылып чыккан кыргыз-орус тилдериндеги текстин басмага даярдоодогу көп кырдуу теориялык-практикалык иштерди жүзөгө ашырууда орчундуу салымдар кошуп, Манастаануу илиминин атайын багыт катары калыптанышында чечүүчү роль ойногон улуу инсан.

АДАБИЯТТАР

Академик Болот Мураталиевич Юнусалиев (некролог)//Кыргыз ССР ИАнын кабарлары. — 1970. — № 1; Жапаров Ш. Юнусалиев Болот Мураталиевич. Кыргыз совет энциклопедиясы, Т. 6.— Фрунзе, 1980; Ахматов Т., Орузбаева Б., Мусаев С. Илимге арналган өмүр//Кыргызстан маданияты.— 1974.— 4-янв; Юнусалиев Болот Мураталиевич — Казак Совет энциклопедиясы, Алматы, 1978, 12-том; Мусаев С., Юнусалиев (Жунушалиев Болот Мураталиевич. «Манас» энциклопедиясы, 2-том. — Бишкек, 1995. Юнусалиев Болот. Чүй облусу — энциклопедия. — Бишкек, 1994. Юнусалиев Болот Мураталиевич — Библиографиялык көрсөткүч.— Бишкек, 2003.

www.bizdin.kg

ТАШТЕМИРОВ ЖАКИ

(1913—1988)

Филология илимдеринин кандидаты, Жазуучулар Союзунун мүчөсү, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкери Жаки Таштемиров өз окурмандарына жана адабият, маданият чөйрөсүнө акын, прозаик-жазуучу, ветеран окумуштуу, мектеп окуу китептеринин автору катарында таанымал.

Жаки Таштемиров 1913-жылы 15-октябрда Чүй районунун Онбиржылга айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Айыл мектебинен алгачкы билим алып, айыл чарба техникумунан, зооветеринардык институтунан окуйт. Кыргызстан мамлекеттик педагогика институтун бүткөндөн кийин СССР Илимдер Академиясынын Кыргызстандын филиалынын алдындагы Тил, адабият жана тарых институтуна аспирантурага өтүп, 1953-жылы демократ акын «Тоголок Молдонун чыгармачылык жолу» деген темада кандидаттык диссертация жактайт. Ошол 1953-жылдан баштап, 1973-жылга чейин Тил жана адабият институтунда Акындар поэзиясы жана фольклор секторунун башчылык милдетин аткарат. 1973-жылдан өмүрүнүн акырына чейин институтта улук илимий кызматкер болуп иштейт.

Жаки Таштемиров алгачкы чыгармачылык чыйырын ыр жазуудан баштайт. 1936-жылы Советтик Конституцияга арнаган ыры «Кызыл Кыргызстан» газетасында басылат. 1937-жылы «Биздин жаштар», «Калемим», «Кең Чүй» деген ырлары жаш акындардын ырлар жыйнагында жарык көрөт. Ушундан баштап, Мекенге, Улуу Ленинге, Совет өкмөтүнө, Коммунисттик партияга, эмгек адамдарына, жаштарга, жаш өспүрүмдөргө ж.б. арналган ар кыл мазмундагы, ар түрдүү тематикадагы ырлары республика-

www.bizdin.kg

лык газета беттерине үзгүлтүксүз жарыяланып келди. 1936-жылы «Жүрөк сыры», 1983-жылы «Өчпөс нур» ырлар жана поэмалар жыйнагынын жарык көрүшү автордун үзүрлүү эмгегинин күбөсү болду.

Жаки Таштемиров окурмандарга прозаик-жазуучу катарында да таанымал. Өзгөчө жаш өспүрүмдөргө арнаган аңгеме, повесттери, жомоктору арбын. Жазуучунун көп жылдар мектепте мугалимдик кесипте иштеши ага жаш муундардын талабына татыктуу чыгармаларды түзүүгө жол ачты. Анын «Эмгекте», «Таалайлуу балдар», «Аскарбек», «Биздин команда», «Таалайбек», «Даңканай», «Алтын булак», «Менин башыман өткөн окуялар», «Энеге белек», «Ата менен бала» сыяктуу ондогон повест жана аңгемелери жаш жеткинчектерди эли, жерин сүйүүгө, аларды адептүүлүккө, эмгекке, достукка, ынтымакка тарбиялоодо чоң роль ойноо менен али да мектеп окуучуларынын сүйүктүү чыгармаларынын алдыңкы катарында турат. Анын кенже бөбөктөргө арнаган «Момундун сыйкыр таягы», «Жетим менен кедей бала», «Карышкыр менен түлкү» сыяктуу элдик жомок жана тамсилдин нугунда жазылган чыгармалары жаш балдардын кол китеби болгон. Жаки Таштемиров ар кандай кесиптеги эмгек адамдарына арнаган очерктин өзүнчө бир циклын түзгөн. Анын китептери коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынып, кызуу талкуудан өтүп турган. Ага Ш. Бейшеналиев, С. Эгиналиев, Б. Жумаев, С. Нурдавлетов тарабынан «Таалайлуу балдар», «Аскарбек», «Алтын булак», «Эмгекте» китептерине жазылган сын пикирлер ачык күбө. Ж. Таштемиров элибиздин турмушуна жат көрүнүштөрдү ашкерелеген «Беш ысымдуу адам», «Жакшы кеңеш», «Кекиртектин тарыхы» аттуу сатиралык аңгемелер жыйнагынын да автору.

Дегеле жаш жеткинчектерди илим, билим багытында тарбиялоодо Ж. Таштемировдун салымы зор. Аларга арнап, ыр, повесть, аңгеме жазуу менен катар 50-жылдардан баштап эле окуу китептерин түзүү ишине активдүү катышат. Алсак, 1950-жылы башка авторлор менен бирдикте түзүлгөн 8—9 класстардын хрестоматиясы 1952, 1954, 1955, 1957-жылдары айрым толуктоолор, жаңылануулар менен басылып чыгып турат. 8-класстар үчүн жазылган «Кыргыз адабияты» (авторлош) окуу китеби 1954-ж. баштап, 1961-ж. чейин жети жолу жарык көрөт. Ушул эле 8-класстар үчүн

www.bizdin.kg

жазылган китеп бир топ толуктоолор менен 1972-жылдан 1988-жылга чейин 12 жолу басылат. Орто мектептин 9-класстары үчүн жазылган «Кыргыз адабияты» (авторлош) 1955-жылдан 1962-жылдар аралыгында 5 жолу, 1964—1979-жылдары 6 жолу, 1973-жылдан 1984-жылга чейин 7 жолу басылып чыгат. Ушул мезгилде китептин көлөмү да артып, сапатынын бийиктегендиги ачык байкалат. Кыскасы, жогорку фактылар Ж. Таштемировдун жаш муундарды тарбиялоодо сиңирген үзүрлүү эмгегинин ачык далили болуп саналат.

Жаки Таштемиров өз калем чыйыры, өз алдынчалыгы бар акын, жазуучу гана болбостон, аны изилдөөчүлүк менен айкалыштыра билген тажрыйбалуу, көп кырдуу адабиятчы-илимпоз да болгон. Кыргыз адабият таануу илиминде мейли ырчылар поэзиясы, мейли фольклор, профессионалдык адабият же сынында, маданият багытында болсун, ал үн кошпогон, калем учу тийбеген булуң-бурчун табуу кыйын.

Анын 1950-жылдардан кийинки өмүрүнүн уруннтуу мезгилдери негизинен кыргыз окумуштууларынын чөйрөсүндө өттү, 1953-ж. демократ акын «Тоголок Молдонун чыгармачылык жолу» боюнча кандидаттык диссертация жактоодон баштап, ырчылар поэзиясын жыйноо, иликтөө проблемасына баш оту менен кирди. Тоголок Молдонун чыгармачылык жолуна арналган көлөмдүү монографиялык эмгеги 1956-ж. жарык көрүп, анда алгачкылардан болуп, анын өмүр жолун, чыгармачылыгын кеңири иликтөө объектисине киргизүү аракетин жасады. Эмгек «киришүү», «Акындын өмүрү», «Октябрь революциясына чейинки чыгармачылыгы», «Совет доорундагы чыгармалары», «Акындын чеберчилиги» деген бөлүмдөрдөн турат. Илимпоздун бул эмгеги демократ акындын чыгармачылык өнөрканасынын түптөлүш, өсүп өнүгүш жолундагы ички, сырткы өбөлгөлөрү камтылып, ага реалдуу баа бериши менен айырмаланат. Дегеле Тоголок Молдонун демократтык көз карашынын өңүт алышына арман, кошок, сүйүү сыяктуу элдик поэзиянын, Музооке, Токтогул өңдүү акындардын таасири күчтүү болгон жана да акындын чыгармачылык өнөрканасында демократтык көз караштын калыптанып, өсүп-өнүгүү тилкесине киришинде акын Абай, Тукайдын жана Навои, Фирдоуси сыяктуу чыгыш акындарынын ырлары

www.bizdin.kg

менен жакшы тааныштыгы өбөлгө болгондугу эмгекте реалдуу фактылар менен бекемделет. Ошондой эле Тоголок Молдонун эл оозеки чыгармачылыгын сактоочу, чыгармачылык, жаңычылдык менен өнүктүрүүчү экендиги конкреттүү талдоолордун негизинде ачылат.

Эл арасында сатиралык маанай алып, анекдот түрүндө жашаган «Телибай тентек», «Кемчонтой» өндүү чыгармаларды ырдык формага түшүрүп поэмалык деңгээлге көтөргөн. Оң, терс образ системасы түзүлүп, социалдык маңызын арттырып, ага тарбиялык-агартуучулук маанай берген. Акындын чыгармаларындагы мындай жагдайлар, жаңычылдык жөрөлгөлөр илимпоз тарабынан терең анализге алынуу менен далилденген. Эмгекте эл арасында кара сөз түрүндө айтылган тамсилдерди ырдык формага түшүрүп, профессионалдык деңгээлге көтөрүшү, акындын эки нуктун башын бириктирип турушу, башкача айтканда, Тоголок Молдонун эл оозеки чыгармачылыгы, акындык поэзия жана коңшу элдердин жазма адабиятындагы прогрессивдүү жаңы табылгалар менен азыктанышы белгиленет.

Совет бийлигинин орношу менен акындын чыгармачылыгы башкача өңүт алды, тематикасы, маани-мазмуну да жаңыланды. Эл азаттыгы, аялдар теңдиги акындын чыгармачылыгында жаңы формада, жогорку бийиктикте ырдала баштады. «Өзгөрүш», «Насыят», «Эркиндик», «Аткантаң менен Сүйгөнбай» поэмаларында жаңы замандын артыкчылыгын даңазалап, жаңы доордун жарчысы болду. Эмгекте Тоголок Молдонун Совет бийлиги мезгилинде ырдаган ырлары адабий талдоого алынуу менен анын идеялык-тематикалык жагына өзгөчө көңүл бурулду.

Акындын чеберчилигин талдоодо Ж. Таштемиров өзүнүн да, акындык, жазуучулук даремети бар сөз чебери экендигин аныктаган десек аша чапкандык болбойт. Анда илимпоз Тоголок Молдонун чыгармаларынын лексикасына гана эмес, анын грамматикалык түзүлүшүнө, структурасына, көркөм формулаларына чейин ой жүгүртүп, анын тилдик өзгөчөлүгүнө, ыр түзүлүшүнө, көркөм каражаттарына, сөз запасынын молдугуна, тил тазалыгына, калк мурасын бөксөртпөй сактап калгандыгына токтолот. Ж. Таштемиров демократ акындын чыгармачылык өнөрканасына алгачкылардан болуп чыйыр салып, илимий жыйынтык-корутундуларды жасоого жетишүү менен мындан аркы иликтөө проблемасына да жолдомо берген.

www.bizdin.kg

Бирок эмгектин авторунун өз мезгилиндеги саясаттын өктөмүнөн четтеп кете албагандыгы байкалып турат. Натыйжада акындын өмүр жолундагы айрым фактылар көз жаздымда калгандай. Буга бир ачык мисал, айрым маалыматка караганда Тоголок Молдо да өз өнөрлөштөрү сыяктуу эле ири манаптардын таасиринде жүргөн мезгили болуптур. Бир жылдары чоро элинин баш манабы, болуш Касымбек Нарындагы сарыбагыш уруусунун манабы Касымалынын агасына берген ашка акынды ээрчитип барат. Аштагы балбан күрөштө чоро элинин балбаны жыгып кетет. Аш ээлери балбанга мойнуна беш кез чыт оролгон бир соолук кой беришет. Муну чоронун болушу өзүн шылдыңдоо катарында кабыл алып, аларды кордотуп Тоголок Молдону ырдагын деп буюрат. Ошондо ал төмөнкүчө кордоп ырдайт:

Аш көрбөдүм, той көрдүм,
Ак селделүү кой көрдүм,
Тамаша көрдүм, той көрдүм,
Тармал кара кой көрдүм.
Касымалы, Койгелди,
Калың элге той берди,
Мөөрөйүнө балбандын
Селде оронгон кой берди.
Бул — селде оронгон молдо кой,
Дубандан чыккан жорго кой.
Соолук да болсо ирик кой,
Байге бербес күлүк кой.
. . . . . .
Коктудан чыгып маараса,
Коңгураган үнү бар,
Төбөсүндө үрпөйгөн,
Салаадан чыкпас жүнү бар.
Касымалы, Койгелди,
Балбанга эми чыккыла,
Биринди бириң жыккыла,
Жыкканың менин тилимди ал,
Жорго койду минип ал.

Ыр курч ырдалып, өз максатына жетет. Аш ээлери башка манаптар алдында сөзгө сынып, шылдың болушат. Буга жини келген Касымалы башынан Тоголок Молдого касты-

www.bizdin.kg

гы бар Бошкой аттуу акынды чакырып «Касымбектин селсаяк кайдуулат (уруусу) ырчысын ушул ашта сындырып бер» деп акча берет. Бошкой Тоголок Молдонун өгөй атасы (Абдыракман өлгөндөн кийин туугандары акындын каршы болгондугуна карабастан, энеси Коңырды Төлөмүш аттуу чоң сакалга алып беришет). Төлөмүшкө барып, «Тоголок Молдо силерге каралашпайт» деп чагым салат да, анча-мынча акча берип: «Азыр аталага баш салуу болот. Байгеси — бир инген. Кедейге ар-намыстын кереги эмне, ошол байгени алып ал» — деп азгырат. Аталага баш салуу ойну башталат. Дагырага толтура улпак чыланып, түбүнө күмүш тыйын салынып, калың элдин ортосуна коюлат. Инген кошо байланат. Бирок ага эч ким чыкпай, эл котолоп турганда чоро уруусунун урпагы болгон Төлөмүш сакалын барпайтып эл ортосуна чыгып, дагырага башын салып, күмүш тыйынды тиштеп чыгат. Ушул окуя болору менен Касымбек болуш жигиттери менен ашты таштап аттанып кетет. Тоголок Молдо да аштан кетүүгө аргасыз болот. Ачууга тумчуккан болуш «Молдолуктан айланган тексиз ит, жоготкула» — деп буйрук берет. Ушундан улам катуу таяк жеп, Тоголок Молдо Касымбектен кетет. Кандай жагдайда ырдабасын акындын чоро болушунун ырчысы болуп, таасиринде жүргөндүгү чындык. Ал анын, Касымбектин айтуусу боюнча Тогуз-Торонун билермандары Мураталы, Момукени, мурду жырык Байжакени, карышма Алыкени, сары бучук бий Сакени, Камбаралы чоң текени, кара сакал зор текени болуштун салыгын төлөөгө чакырып жыйнап келүүсүндө да көрүнөт.

Тоголок Молдо өз мезгилинде Калыгул, Арстанбектерге таасирленип, 1916-жылы элдин азаттык жолунда көтөрүлүп чабылып-чачылгандыгын, малдары таланып, өздөрү өлүм-житимге учурагандыгын, жер, суусунан ажыраган элдин азап-тозогун бир топ реалдуу баяндап, «Эркиндик» поэмасына киргизет. Бирок кийин жарыялоо мезгилинде түзүүчү тарабынан 1-бөлүгү кыскартылат. Акындын мурасына мындай мамиле жасоо Совет бийлиги мезгилинде Калыгул, Арстанбектер замана поэзиясынын өкүлү, эскичил акындар катарында сындалып тургандыгы менен тикеден-тике байланышат. Эмгекте да жогоркудай көз караштын чагылышкандыгы ачык көрүнөт. «Зар заман» багытынын белгилүү эң көрүнүктүү өкүлү — деп жазат автор

www.bizdin.kg

Калыгул болгон. Ал феодалдык мамиленин бузулушун каалаган эмес, кайра ошол коомду жактап, анын бир калыпта сакталып калышын көксөгөн. Калыгул XVIII кылымдын акырынан XIX кылымдын биринчи жарымындагы мезгилде жашады. Калыгул элдин прогрессивдик оюна каршы бет алып, өзүнүн «Акыр заман» деген поэмасын чыгарган. Бул кийинки өз окуучусу Арстанбекке да жана башкаларга да көп таасир эткен. Булардын чыгармаларында ислам динининн шарыяты негизги орунду ээлеп, ал аркылуу алар караңгы элдерди эскиге үгүттөө жана башка элдерди жек көрүү саясатын колдонушкан[1]». Иликтөөчүнүн оюнун азыркы мезгилде өзүнөн өзү жокко чыккандыгы ачык. Ага комментарий берүүнүн зарылчылыгы да жок. Акындын замана поэзиясына таасирленгендиги үчүн сындалышы саясаттын өкүмү экендиги белгилүү нерсе. Ошондой эле Тоголок Молдодон жазылып алынган вариантка пантюркстик-панисламисттик элге жат идеялар, кошмолор кирип кеткен деген көз карашты колдоо менен «Демократтык багыттагы эл акындарынын көрүнүктүү өкүлү Тоголок Молдо үчүн замана поэзиясынын таасирине берилүү, пантюркстик-панисламисттик кошмолор менен булганган «Манас» трилогиясын түз мааниде, элдик чыгарма катарында ырдоонун кажети жок болчу» — деп корутундулай келип, аны акындын «Манас» айткан адамдын, «кайсы таптын таламын жактаган адам экендигин (ал улуу манасчы Тыныбектен үйрөнгөн. — Б.К.) же Калыгул, Арстанбектердин кандай акындардан экендигин түшүнбөгөндүктөн, жогоркудай үзгүлтүктөрдү кетиргендиги менен түшүндүрүшү да таң кала турган маселеден. Ошондой эле автор Тоголок Молдону «Өзгөрүш», «Насыят» поэмаларында эзүүчү тапты жоюучу негизги күч катары кедей-кембагалдар менен жарды-жалчыларды сезет, аларды байманаптарга каршы күрөшкө чакырат, ал эми жумушчулар табы жөнүндө ооз ачпайт»[2]— деп негизсиз күнөөлөйт.

Адабиятчы, сынчы Ш. Үмөталиевдин эмгектин жогоркудай кемчиликтерине басым жасап, «Чаташкан монография»[3] атап, бир жактуу баа берип, анын жакшы жактарын көрө албагандыгы өкүндүрбөй койбойт.

Ж. Таштемиров Тоголок Молдону иликтөөнү кийин да улантып келди. Анын өмүрүнүн мерчемдүү учурларына, юбилейлик даталарга, жалпы эле чыгармачылыгына ар-

www.bizdin.kg

налган ар кандай мазмундагы макалалары үзгүлтүксүз жарыяланып турду. Акындын чыгармачылыгын жыйноо, изилдөө процессин айкалыштырып, 1953-жылдан баштап, ыр-поэмалар жыйнактарын түзүүнүн үстүндө иш алып барды. 1970-жылы кенен жазылган баш сөз, илимий комментарий менен жабдып, акындын чыгармаларынын эки томдук жыйнагын түздү.

Жаки Таштемиров чыгармачылык өмүрүнүн көп жылдарын Токтогулдун ырларын эл арасынан жыйноо, акындын өмүр жолундагы айрым фактыларды тактоо, ырлар жыйнагын түзүү, иликтөө-изилдөө ишине арнады. Натыйжада илимпоздун калеминен «Токтогул жана кыргыз адабияты» (1964), «Токтогулдун акындык чеберчилиги» (1975), «Токтогул жана эл оозеки чыгармачылыгынын традициялары» (1976), «Токтогул жана акындык поэзия» (1980) сыяктуу салмактуу эмгектер жаралды. Ал бул эмгектеринде акындын чыгармачылыгынын ар тарабына көз жүгүртүп, аларды фактылардын, ой жаңылыгынын бирдигинде толуктап турду. Буга бир ачык мисал. Илимпоз «Токтогулдун акындык чеберчилиги» аттуу эмгегинде махабат лирикасын өз алдынча бөлүп карап, «Күлүйпа, Күлжар эки ашык» аттуу ырдын беш вариантын иликтөө аймагына киргизет. Натыйжада маалымдоочу тарабынан алгач берилген жупуну маалымат кийинки айтуучулардын кабарында толукталып толук кандуу чыгарманы түзөт. Ошондой эле ыр түрмөктөрүнүн салыштыруу ыкмасында текстологиялык талдоого алынышы анын эл арасында канчалык вариацияланышынын айкын далили болуп саналат. Эмгекте махабат, табигат, өмүр лирикаларынан башка да акындын санат, насыяттары, ашкерелөөчү ырлары, туткун ырларында социалдык-интернационалдык мотивдердин чагылышы сыяктуу ар башка тематикадагы ырлары терең адабий талдоого алынуу менен Токтогулдун эл оозеки чыгармачылыгындагы көркөм сөз каражат ыкмаларын чыгармачылык менен өздөштүргөндүгү, терең мазмун менен образдуулуктун айкалышы белгиленет.

Ж. Таштемиров «Токтогул жана оозеки эл чыгармачылыгынын традициялары» (1976) аттуу эмгегинде акындын фольклордогу жана акындык поэзиядагы традициядан азыктангандыгы, эки багыттын башын өздөштүргөндүгү менен акындык өнөрдүн бийик чокусуна көтөрүлгөндүгүн

www.bizdin.kg

көптөгөн фактылардын негизинде далилдүү баяндайт. Алсак, демократ акын өз чыгармачылык өмүрүндө эл оозеки чыгармачылыгында, ырчылык поэзияда кеңири өрүш алган арман, жоктоо, айтыш, мактоо, кордоо санат-насыят, учурашуу, сүйүү сыяктуу ар мазмундагы, ар башка жанр, түрлөрдүн алкагында көптөгөн чыгармалар түзгөн. Эпосторду ийине жеткире айткан. Комузду бөтөнчө чебер черткен. Булардын бардыгы акындын чыгармачылык нугун түзгөн традициялуу жагдайлардан болсо да, ал эски салттуу мазмундун же образдуулуктун чегинде калган эмес. Башка акындарда өңүт албаган коомдук-тарыхый маанини бар маселелерди көтөргөн, эл достугун, ынтымагын, калк азаттыгын даңазалаган, тардициялык мотивдеги көркөм каражаттары акындын күчтүү талантынан кайрадан иштелип, жаңычылдык мүнөз алган. Эмгекте талдоо объектисине кирген ырлары акындын чыгармачылыгындагы жаңычылдыкты ачык аныктап турат. Албетте, чоң акындан чоң мурас калган. Токтогулдун традициясы кыргыз совет поэзиясынын калыптанып, өсүп-өнүгүшүнө да өз салымын кошкон. Бул жөнүндө эмгекте конкреттүү сөз козголот. Токтогул илимпоздун эң бир сүйүктүү акыны болгон. Өмүрүнүн акырына чейин анын ырларын жыйноо, акындын жашоо жолундагы айрым фактыларды тактоонун үстүндө иштеп, газета, журнал беттерине ондогон адабий жана публицистикалык макалаларды жарыялаган. Анын айрымдары орус тилинде жазылган. Ж. Таштемиров тарабынан илимий комментарий менен жабдылып жарык көргөн Токтогулдун чыгармаларынын эки томдугу (1968) жогорку баага татыктуу болгон[4].

Илимпоздун көңүлүнүн борборунда турган акындардын бири Барпы Алыкулов болду. 1957-жылы Барпынын чыгармаларынын жыйнагын түзүп, кенен баш сөз жана комментарий менен жабдып, басмадан чыгарды. Ушул эле жылы «Барпы Алыкулов» аттуу монографиясы жарык көрдү. Эмгек «Кириш сөз», «Өткөн турмуш элеси», «Жаңы заман жарчысы», «Акын-патриот», «Чеберчилик» деген бөлүмчөлөрдөн турат. Иликтөөчү Барпынын алгачкы ырларынын түптөлүшүнө өз өмүр жолу, жашоо түйшүгү булак болгондугун реалдуу фактылардын негизинде аныктайт. Буга акындын иликтөө алкагына кирген «Пада баккандагы ыр», «Барпы менен Назар», «Жетим кыз»,

www.bizdin.kg

«Теңдик бир күн жарк этер» ырларынын адабий талдоого алынышы ачык далил. Табийгаттын таш боор кырсыгын мойнуна жүктөгөнү аз келгенсип, өткөн замандын оор запкысын да башынан өткөргөн Барпынын ырлары реалдуу да, курч да. Буга анын «Мадалы ажыга», «Сук молдо», «Алдамчы эшен», «Элчилерге», «Сенин сырың соодагер» деген ырлары ачык күбө. Акындын революцияга чейин ырларынын негизги тематикасы жакыр-жардылык, моралдык, материалдык жагынан кысымга алынган кедей-кембагалдардын оор турмушу, байлардын опасыз ач көздүгү, эшен, молдо, эмчи-домчулардын алдамчылыгы экендиги эмгекте баса белгиленет. Анда ырчылар поэзиясында башат алган салттуулуктун акындын чыгармачылыгында өнүгүт алып жаңыланууулар менен толукталышын көрсөткөн фактылар да орун алат. Буга анын «Айт, айт десе», «Аккан суу жөнүндөгү» ырлары ачык мисал.

Барпы сүйүү ырларын көп ырдаган лирик акын. «Акындын сүйүү ырларын алып карай турган болсок, — деп жазат илимпоз,— оозеки эл поэзиясындагы лирикалык сүйүү ырларына өтө жакын турат, бирок анда өздүк манера ыкма бар»[5]. Ошондой эле Барпынын сүйүү ырларындагы негизги өзгөчөлүк катарында төкмө ыкмасы менен жаралып элдин сүйүү ырларына турпатташтыгын эсептейт. Акындын «Мырзайым» деген ырын талдоо менен анда элдик сүйүү ырларына таандык аллитерация, анафора, редиф өндүү ыкмалардын, психологиялык параллелизм, туруктуу эпитет, салыштыруулардын арбын кездешкендигин белгилейт. Эмгекте акындын Совет бийлиги учурунда ырдаган ырларына да кеңири орун берилген. Ал эми Барпынын Ата Мекендик согуш мезгилинде чыгарган ырлары өзүнүн жалындуу патриоттук сезимге толгондугу менен айырмаланат.

Барпы деле ыр жаратууда төкмөлүк ыкманы колдонот. Бирок Ж. Таштемиров чыгармачылык өнөрканасынан башка өнөрлөштөрүнөн айырмаланып турган жазмачылыктын ыргагы сезилип тургандыгын туура баамдайт. Эмгек чоң акындын чыгармачылыгына салынган алгачкы чабыт. Ал ушунусу менен баалуу.

Ж. Таштемиров баш сөзү менен Ысак Шайбековдун «Кайран эл» (1975), тандалган чыгармаларынын жыйнагын түзөт. Сыдык Алайчиев (Бала ырчы) алгач кеңири

www.bizdin.kg

окурмандарга Ж. Таштемиров түзгөн чакан жыйнак (1984) жана «Кыргызстан маданияты» газетсына (1976-ж. 6-май) жазган макала аркылуу таанылды. Мындан башка да Абылкасым Жутакеевдин, Актан Тыныбековдун, куудул Шаршен Термечиковдун чыгармаларынын жыйнактары ал тарабынан түзүлүп, басмадан жарык көрдү.

Ж. Таштемиров акындар чыгармачылыгын изилдөө, жыйноо, түзүүнү бирдей алып жүргөн илимпоз болгон. Тоголок Молдо, Токтогулду айтпаганда да Талас, Кетмен-Төбө, Ош, Жалалабад өрөөнүн бүтүндөй кыдырып, Чөжө, Жаныш, Карамырза, Орозалы, Бекназар, Нурмолдо, Дооран, Мыса, Калмамбет (Чөп ырчы), Кулмырза, Ташмат, Ботобай, Сыдык өндүү көптөгөн акындардын ырларынан бизге жеткирип кетти.

«Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктерин» (Фрунзе-1988) түзүүгө катышып, ал боюнча «Кириш сөз», «Төкмө акындарды» жазды. Токтогул Сатылганов, Барпы Алыкулов, Тоголок Молдо, Коргол Досуев, Актан Тыныбеков, Шаршен Термечиковдун илимий портреттерин түздү.

Ж. Таштемиров ар башка багыттын жана ар түрдүү жанрлардын үстүндө эмгектенген. С. Каралаевдин варианты боюнча кенен баш сөз жазып, «Эр Төштүк» эпосун (Фрунзе 1956) басмадан чыгарат. «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очеркин» (1973) түзүүдө жооптуу редактор жана башкы авторлордон болуу менен «Айтыш», «Балдар ырлары», «Табышмак» сыяктуу орчундуу бөлүмдөрдү жазат. Жана да «Жаныш, Байыш» эпосу, «Гүлгаакы» поэмаларын иликтөө үстүндө да иштеди. «Кыргыз эл табышмактары, жаңылмач, калптары» (1971-ж.) жыйнагын, «Кыргыз поэзиясынын антологиясын» (1980) түзүүгө катышты.

Ж. Таштемиров кыргыз совет адабиятына да үн кошкон илимпоздордон болгон. «Кыргыз Совет адабиятынын очеркин» (1960) жазууда да өз салымын кошкон. Профессионалдык адабияттын, адабият таануу илиминин түптөлүшүндө алдыңкы катарда турган А. Токомбаев, А. Токтомушев, Б. Керимжанованын чыгармачылыгы туурасында бир топ салмактуу пикирлерди айткан. Негизинен адабият аренасына 70-жылдары баш баккан М. Абылкасымова, Т. Кожомбердиев, Э. Ибраев, Г. Момунова, С. Бегалиева, И. Исаков,

www.bizdin.kg

А. Өмүрканов ж.б. жаш акындардын жыйнактарына жазган сын пикирлери өз мезгилинде алардын чыгармачылыгынын өрүш алышына түрткү болгон.

Ж. Ташемиров — кыргыз адабият, маданиятынын ар тарабына ой жүгүрткөн илимпоз. Бирде Орток мурас жөнүндөгү талкууга үн кошсо, бирде «Кыргыз орфографиясынын маселелери тууралуу» да өз ойлорун ортого салган. Өз учурунда Ж. Таштемировдун чыгармачылык өнөрканасы окурмандардын кызуу талкуусунан өтүп, айрым кемчиликтери да газета беттеринде сындалып турган. Бирок көпчүлүк оппоненттери тарабынан адабиятчы-илимпоздун үзүрлүү эмгектенгендиги баса белгиленет. Буга адабиятчы-илимпоз А. Садыков, С. Байкожоев, К. Артыкбаев, жазуучу С. Бөлөкбаев, Ж. Алыкулов ж.б. тарабынан анын эмгегине, илимпоздук дөөлөтүнө берген мүнөздөмөлөрү ачык далил.

Көркөм адабияттагы жана илимий иштеги сиңирген эмгеги үчүн Ж. Таштемиров В. И. Лениндин туулгандыгынын 100 жылдыгына карата «Эмгек каармандыгы үчүн» медалы, Кыргыз ССРинин (азыркы Кыргыз Республикасынын) Ардак граммотасы менен сыйланган жана да Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген кызматкери деген ардактуу наам берилген. Ж. Таштемиров акын, жазуучу, публицист, сынчы болуу менен айрыкча ырчылар поэзиясын, фольклорду иликтөө-изилдөөдө өз изи, чыгармачылык өрнөгү калган окумуштуу болгон.

АДАБИЯТТАР

[1] *Таштемиров Ж.* Тоголок Молдонун чыгармачылык жолу. — Фрунзе, 1956. 7-б.

[2] Аталган эмгекте, 31-б.

[3] *Умөталиев Ш.* Чаташкан монография//Советтик Кыргызстан. — 1957.

[4] *Молдогазиев Т.* Залкар акындын эки тому//Кыргызстан маданияты. — 1969. — 28-май.

[5] *Таштемиров Ж.* Барпы Алыкулов. — Ф., 1957.

www.bizdin.kg

МАМЫТБЕКОВ ЗАИР

(1824—1986)

Белгилүү адабиятчы манасовед Заир Мамытбеков Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районуна караштуу Желе-Дөбө айлында 1924-жылы туулуп, 1986-жылы борбор шаарыбыз Бишкекте көз жумган.

Ал Ленинград университетинин Чыгыштаануу факультетин 1952-жылы бүтүрүп чыгып, 1963-жылы улуу акын Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгы боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактаган. Бул эмгеги өзүнчө китеп болуп 1971-жылы Кыргызстан басмасынан «Пламенный поэт» деген ат менен орус тилинде жарык көргөн.

Заир Мамытбеков коомчулукка алгач адабиятчы катары таанылат. Кыргыздын таланттуу акындарынын бири А. Осмоновдун өмүрү, чыгармачылыгына ал алгачкылардан болуп кайрылган. Албетте, Алыкулдун чыгармачылыгы 50-жылдардан тарта көрүнүктүү адабиятчылардын көңүлүн өзүнө бурганы белгилүү[1].

Адабиятчы А. Осмоновдун жалпы чыгармачылык өнөрканасы туурасында сөз кылат. З. Мамытбеков, А. Осмоновдун чыгармачылыгындагы оригиналдуулук Улуу Ата Мекендик согуштан кийин гана көрүнгөндүгүн, айрыкча Мекен, эл-жерге, эмгек, сүйүү, өмүр, өлүм ж.б. тематикадагы лирикалык ырларынын жөпжөнөкөй туруп пейзаждуу, философиялуулугу менен айырмаланып, ичине мүлдө глобалдуу маселелерди камтыган масштабдуулугу, поэмаларында образдарды деталдаштырып, турмуштук түркүн көрүнүштөрдүн жалпылыктары менен өзгөчөлүктөрүн терең талдай билип, нукура поэзиянын эң жогорку үлгүсүн көрсөтө алган таланттуу акындык чеберчилигин адилет белгилеген.

www.bizdin.kg

З. Мамытбеков **Алыкулдун** пейзаждык лирикаларына көбүрөөк көңүл бурup **«Ысык-Көл»** ырлар циклын анын Ата-Журт тематика**сындагы** ырларынын туу чокусу катары баалайт. Филосо**фиялык** чыгармаларда образды ачып берүүдө психологи**ялык мер**чемдерди билгичтик менен мыкты пайдаланар**ын, согушт**ук тематикадагы ырларында бийик гуманисттик **идеял**ардын, патриоттук сезимдердин күчтүү экендиг**ин далилд**еп берет. Өзгөчө А. Осмоновдун «Махабатка» а**рналган** поэмаларын жазууда орустун жана Чыгыштын **классикалык** поэзиясынын табылгаларын ыктуу пайдала**нуу менен** өзү да ошондой мыкты чыгармаларды берип **кеткендигине** ынандырат. Бул китепте А. Осмоновдун ар **кыл тематик**адагы ырларына, поэмаларына атайын кеңир**ип орун бе**рилип, жакшы талданган.

Алыкул Осмоно**вдун кыргы**здын профессионал адабиятына кошкон зор **салымын** белгилөөдө анын таланттуу котормочулук жө**ндөмү туу**расында сөз кылбай кетүү мүмкүн эмес. З. Ма**мытбеков** да Алыкулдун котормочулук эмгегине өзүнчө ток**толуп И.** А. Крыловдун тамсилдерин, А. С. Пушкиндин **«Евгений** Онегин», М. Ю. Лермонтовдун «Беглец», айрыкча **Ш. Руста**велинин айтылуу **«Жолборс** терисин жамынган **баатырын»** кыргызчалатуудагы көрүнүктүү ролун далилдүү **фактыл**ардын (орусчасы менен кыргызча котормосун с**алыштыра**) негизинде ачып берген. Котормочулуктун Ал**ыкулга бе**рген натыйжасы туурасында адабиятчы «Орустун **жана** грузин адабиятындагы классикалык чыгармаларды **которуу** менен өзү да ырдын образдуу, терең лирикал**уу чыгы**шындагы чеберчиликтерди өздөштүрдү — дейт. **(2, 103-б.)**

Корутундусунда **адабиятчы** Алыкул Осмоновдун акындык чеберчилиги **дароо эле** шар кетпегендигин, ал деле башка акындар сы**яктуу ак**ырындап телчигип, калыптанып, жетилүү этабын **өз алды**нча басып өткөндүгүн айтат. З. Мамытбеков Алы**кулдун** Алыкул болушунун төрт негизги өбөлгөсүнө **токтолот.** Алар: биринчиси, орус жана совет адабиятынын **көрүнүктүү** өкүлдөрүнүн тийгизген таасири; экинчиси, **Чыгыштын** классикалык адабиятын таасири: үчүнчүсү, элдик **оозеки** чыгармачылыктын, профессионал жазма адаби**яттын** таасири; төртүнчүдөн, котормочулук ишмердик**тин «мектеп»** катары кызмат өтөгөн мүлдө сабактары.

www.bizdin.kg

Бир жазмышта татыктуу жашап өткөн өрнөктүү өмүрү, өжөр чыгармачылык ишмердиги менен өзүнөн кийинкилерге бийик үлгү көрсөтө алган улуу акын Алыкул Осмоновдун өмүр, өнөр таржымалы эң алгач белгилүү адабиятчы Ш. Үмөталиев тарабынан мыкты ачылып берилгенин тануунга болбойт. Акындын байсалдуу чыгармачылыгын изилдөө иши ошондон баштап активдүү мүнөзгө өтүп, лирикалык ырларынан тарта ар кыл чыгармалары, алардын өзгөчөлүгү, жаңычылдыгы, тилине чейин ар кыл аспектиде, бүгүнгө чейин уланып келет.

Ал эми З. Мамытбековдун биз сөз кылган орус тилинде чыккан китеби Алыкул Осмоновдун көп кырдуу мүнөз күткөн акындык, котормочулук (драматургиясын учкай), жалпы эле чыгармачылык өнөрканасы туурасында толугураак кеп кылып, эң көрүнүктүүлөрүн илимий теориялык талдоого алып, акындын кыргыз совет адабиятындагы новаторлук ордун белгилеп Алыкулдун даңазасын Бүткүл Союздук коомчулук алгачкылардан болуп таанытkан эмгек болуп эсептелет.

З. Мамытбеков кыргыздын профессионал жазма адабиятынын алгачкы мезгилиндеги анын телчигишине аздыр-көптүр таасирин тийгизип, өз салымдарын кошкон Ж. Түлөкабылов, О. Лепесов, Б. Калпаков, К. Мажиков, М. Байчекиров, З. Лепесова, И. Максүтов, К. Баязыков, А. Ахунбаев, К. Кудайбергенов, К. Баялинов, С. Карачев сыяктуу чыгармачыл топтун биографиясы жана акындык аракеттери, айрыкча ушулардын ичинен көптөгөн ыр, аңгеме, пьесаларды жазып, кыйла чыйрак калемгер экендигин көрсөтө алган С. Карачевдин чыгармачылыгына көп кайрылган[3]. Аталган маанилүү макалалар 20-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхын изилдеген адабиятчыларга кыйла пайдасын тийгизгендиги маалым.

З. Мамытбеков өзүн адабиятчы, ошол эле учурда манасовед, фольклорист катары да таанытkан көрүнүктүү окумуштуу. Анын ири фольклорист Э. Абдылдаев менен бирдикте жазылган «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери» аттуу (1966) китебин окуп чыккан адам буга толугу менен ынанат. Китептин «Октябрь революциясына чейин «Манас» эпосун жыйноонун жана изилдөөнүн тарыхы» деген I бөлүмү З. Мамытбеков тарабынан жазылган. Ал эми «Манас» эпосу менен Алтайлыктардын баатыр-

www.bizdin.kg

дык поэмаларынын эпикалык катышы» деген II бөлүмүн Э. Абдылдаев жазган.

Окумуштуу «Манас» эпосунун революцияга чейинки изилденишин үч негизги бөлүккө бөлүп караган. Биринчиси «Маджму ат-таварих» деп аталат. Мында XVI кылымдын башында Сайф-ад-дин ибн дамулла шах Аббас Ахсиканти жана Нур (Навруз) Мухаммад ибн Сайф-ад-дин Ахсиканти тарабынан тажик тилинде жазылган «Маджму ат-таварих» — «Тарыхтар жыйнагында» Манас баатыр жөнүндөгү баяндын «Манас» эпосу менен өз ара байланышы, абдан жакындыктары жөнүндө кеңири баяндалган. «Маджму ат-таварихте» Манас баатырга тиешелүү окуялар өтө реалисттик түрдө сүрөттөлгөн. Манастын кийинки варианттарындагыдай ашыра чаап гиперболизациялоо жана ар түрдүү мифтер жокко эсе. Андагы Манастын образы — байыркы баатырдын образы — деп келип, аягында З. Мамытбеков берегидей тыянакка келет:

1. Бул чыгармада XI—XV кылымдардагы көбүнчө Моголстандагы жана Ферганадагы тарыхый окуялар чагылдырылып, кайсы бир тарыхта болгон адамдардын иштери легендарлык Манастын баатырлык иштери менен байланыштырылып берилген.

2. «Маджму ат-таварихте» көрсөтүлгөн айрым баатырлардын (Каракан, Манас, Жакып, Жамгырчы, Жолой) жана жерлердин (Каркархан-Каркыра, Талас, Чаткал, Теңгис (Ысык-Көл), Ат-Башы, Кочкор, Кара-Кужур ж.б.) «Манастын» азыркы вариантында сакталып калышы, бул китепте кездешкен Манас менен Жолойдун урушунун жана Манаска чыккынчылык кылган Тувай менен Тобойдун окуясынын «Манастын азыркы вариантындагы Көзкамандардын окуясына жакын болушу эпостун негизги сюжети XVI кылымдан мурун түзүлө баштаганын көрсөтөт.

«Манас» жөнүндөгү жомок XVI кылымда эле тажиктерге белгилүү болуп, «Маджму ат-таварихте» жазылып калгандыгы эпостун орто кылымдардын алгачкы учурунда жаратылгандыгын көрсөтөт. Анткени, бир кылымдын ичинде эле эпос түзүлүп жана эпосту түзгөн элдин ичине кеңири тарап, кыска мөөнөттө эле башка коңшулаш элдердин арасына жайылып кете албайт. Ошол себептен «Манас» эпосу XVI кылымдан бир эки кылым мурун кыргыздардын арасында түзүлө баштаган болсо керек деп божомолдоого болот. (4, 24, 25-б.)

www.bizdin.kg

Экинчи бөлүгү «Ч.Ч. Валихановдун «Манастан» жазып алган эпизоду» деп аталат. Мында Ч. Валихановдун 1858-жылдын жай айларынан 1859-жылдын апрелине чейин Көл өрөөнүнөн жазып алган (кимден экени айтылбайт) «Көкөтөйдүн ашында» окуялардын сүрөттөлүшү Сагымбай менен Саякбайдын айткан вариантына негизинен окшош экендиги, ошого карабай Манастын Каныкейге үйлөнүшү, аш өткөн жер (Каркырада өтпөстөн Обь жана Енисей суларынын ортосундагы жерде өтөт), аштагы көрүнүштөрдө бир катар айырмачылыктар бар экендиги далилдүү фактылар менен чечмеленип берилет. З. Мамытбеков Валиханов «Манастан» тышкары «Эр Төштүктөн» дагы башка эпостор, кара сөз менен айтылган жомоктор, башка жанрлар менен да, о.э. «Семетей» эпосун да уккандыгын байкайт. «Экинчи эпос «Семетей» «Манастын» уландысы болуп саналат, бул буруттардын «Одиссеясы» деп эпоско өтө жогору баа берген. «Валиханов «Манас» эпосу элдин кеңири катмары тарабынан түзүлгөн жана ага улам алымча, кошумчалар киргизилип турганын дароо эле байкаган. Ошондуктан ал «Манас» эпосу эң оболу кара сөз менен айтылган жомок катарында түзүлгөн, кийин гана ыр түрүнө айландырылган деп ойлогон. Эпостун жомокчулар тарабынан айтылганына токтолуп: «Манасты» угуш үчүн үч түн да аздык кылат, анын уулу «Семетей» жөнүндө жомокко да ушунча убакыт керек» деген (4, 30-б.)

Окумуштуу Ч. Валихановдун туура көз караштары менен катар эл чыгармачылыгын жана эпосту толук билбегендигинен улам келип чыккан айрым калпыс пикирлерине да адилет сын берген: «Валиханов элдин акыл-эсинин өсүшүнүн жападан жалгыз эстелиги кара сөз жана ыр формасындагы болгон эпикалык дастандары түзөт» — деп кескин айтканына кошулууга болбойт. Себеби, кыргыздарда эпикалык дастандардан тышкары да көп сандаган ырлар б.а. эл оозеки адабияттын бардык жанрлары бар экени белгилүү. Валихановдун мындай ою кыргыздардын оозеки адабиятын терең билбегендигинен жана көп укпаганынан улам келип чыкса керек.

«Манас» жөнүндө Валихановдун жетишсиз айткан пикирлери бар: Мисалы, ал эпикалык окуянын толук абалын билбей туруп: «Манас атасын сыйлабайт, баатырдын негизги максаттарынын бири ар түрдүү хандардын кызда-

www.bizdin.kg

рын тартып алуу болгон деген пикирди айтып келип: «Анын бүт өмүрү уруштарда жана сулууларды издөөдө өтөт» (4, 251-б.) деп көрсөтөт. Манастын негизги максатынын бири — жалгыз гана сулуу кыз издеп жүрүү болгон деген ой азыркы варианттарда жок. Манасты мындай кылып сүрөттөө «Манастын» элдик багытына жат нерсе. Эгерде эпостун баатыры мындай мүнөздө болсо — баркка ээ болбос эле» (4, 29—31-бб.)

Окумуштуу андан ары Валихановдун вариантынын негизги артыкчылыктары туурасында атайы кеп кылууну да унутпайт: «Валихановдун жазып алган «Көкөтөйдүн ашы» деген эпизодунда «Манас» эпосунун байыркы убакта түзүлгөндүгүн далилдеген, кыргыз элинин үрп-адатын, байыркы катмарын көрсөткөн кызык этнографиялык материалдар бар. Бул Көкөтөйдүн өмүрү, анын сөөгүнүн жерге коюлушу, ага ашты берүү менен байланышкан. Ал «Ысык-Көлгө баруунун күндөлүгү», «Кыргыздар жөнүндө запискалар», «Жунгария очерктери» ж.б. эмгектрди жазган. Улуу Октябрь революциясына чейин кыргыз элинин оозеки адабиятын, тарыхын жана этнографиясын изилдөөдө бир тууган казак элинин уулу Чокон Валихановдун эмгеги зор. Ал кыргыз элинин маданий кенчи, улуу эпосу «Манасты» биринчи жолу жазып алып окумуштуулар дүйнөсү менен тааныштырып, эпоско илимий жактан баа берүүгө аракеттенген» (4, 40-26-б.б.)

З. Мамытбеков өзүнүн илимий иликтөөсүнүн жыйынтыгын мындайча берген: Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашы» кагаз бетине түшүрүлгөн «Манас» эпосунун алгачкы үлгүсүнө жатат. Эпостун сюжетинин жана андагы образдардын мүнөздөрүн үйрөнүүгө чоң көмөк берет. Ч. Валиханов жазып алган эпизод негизинен элдик болуп саналат. «Көкөтөйдүн ашында» байыркы дооорлордон бери колдонулуп келген өлүктү көмүүдө ар түрдүү шаманисттик өбөлгөлөрдүн сакталганы ислам динин кабыл алгыча кыргыздар эзелки убактардан бери шаманисттик ишенүүдө болуп келгендигин далилдейт. Көкөтөй өлгөндө байыртадан калган шаманисттик өбөлгөлөрдүн колдонулушу «Манас» эпосундагы «Көкөтөйдүн ашы» эпосто алгачкы түзүлгөн окуялардан болгондугун көрсөтөт жана бул эпизод эң мурун жаралган жомоктун негизги уюткуларынын биринен болуп саналат. (4, 50-б).

www.bizdin.kg

Үчүнчү бөлүгү «В. В. Радлов жазып алган «Манастын» варинты» жөнүндө. Революцияга чейинки учурда кыргыз эл оозеки адабиятынын үлгүлөрүн алгачкылардан болуп жыйнап, иликтенгендердин бири атактуу орус окумуштуусу, этнограф В.В. Радлов болгон. Анын «Түндүк түрк урууларынын элдик оозеки адабиятынын үлгүлөрү» деген эмгегинин V томуна «Манас» эпосунун үзүндүсү басылган, мунун ыр түрүндө немецче котормосу 1885-жылы Лейпцигде жарыяланган. Буга басылган материалдарды ал Кыргызстанга үч сапар (1862, 1864, 1869-жылдары) келген мезгилинде жыйнаган. (4, 51-б.)

Бул туурасында В.В. Радлов: «Чүй өрөөнүндө, Токмокко жакын жерде кыргыздардын «сарбагыш», «солто» урууларынын боз үйүндө бир айга жакын жатып лингвистикалык материал жыйнадым. Бул элдин бай эпикалык поэзиясы, жалгыз гана лингвист үчүн маанилүү эмес, мифди жана элдик поэзияны изилдөөчү үчүн өтө кызык (ал чоң жыйындарда болуп макал-лакап, санжыра, айтыштар, ар кыл ырлар ырдалганына күбө болгон) бир далай материал берди. Кара кыргыздарда эпос гүлдөп турган убагы» — деп, кыргыз, казак эли башка түрк урууларына караганда сөзгө чечен экендигин белгилеп келип: «Кыргыз ар дайым мүдүрүлбөй, такалбай, шар сүйлөйт. Өзүлөрүнүн оюн так жана ачык айтып жатып ал өзүнүн сөзүнө белгилүү сулуулукту берет, атүгүл жөн эле сүйлөшкөндө да, фразаларды түзгөндө да алардын сөзүндө ачык ритмикалык өлчөм бар экендиги байкалат. Ошентип, айтылган сөз биринин артынан бири ыр жана куплет сыяктуу куюлушуп ыр сыяктуу таасир берет. Кыргыздар ритмикалык речти дүйнөдөгү эң жогорку искусство деп эсептейт. Ошондуктан кыргыздарда элдик поэзия жогорку баскычка жеткен.(4,53-б) деп жазган. Радлов ошондой эле кыргыздардын акыны, ырчылык, манасчылык, айтуучулук өнөр, алардын башка элдердин өнөр ээлеринен болгон өзгөчөлүгү, кыргыз эпосторунун табияты, алардын мотивдери ж.б. туурасында да баалуу илимий көз караштарын билдирген. Бирок Радловдун «кыргыздарда эпикалык поэзия гүлдөп өсүү менен бирге лирикалык чыгармалар баштаган кара сөз түрүндөгү уламаларды, жомокторду жана аңгемелерди таптакыр жутуп кеткен» — деген пикири калпыс экендигин З. Мамытбеков туура белгиленген. (4, 55-б).

www.bizdin.kg

Радлов кыргыз жерине саякатка «Манас» эпосуна тиешелүү: 1. «Манастын туулушу», 2. «Алмамбеттин мусулман болуп, Көкчөдөн чыгып Манаска келиши», 3. «Манас менен Көкчөнүн согушканы», 4. «Бокмурун», 5. « Көзкаман», о.э. Манастын экинчи бөлүгү «Семетейге» тиешелүү: «Семетейдин туулганы», «Семетей» деген үзүндүлөрдү жана «Жолой кан», «Эр төштүк» деген айрым поэмаларды жазып алган. Радлов жазып алган варианттар фрагменттүү мүнөзгө ээ. Ал «Манастын» үзүндүлөрдүн жазып алган учурунда аны жарыялоо жагын эмес, тил жагын гана изилдөөнү максат кылып, тилдин диалектисине байкоо жүргүзүү үчүн үч манасчынын оозунан жазып алгандыгын баамдайт. Анан калса, Радлов кайсыл эпизодду кимден жазып алгандыгын айтпайт. Ошол себептүү З. Мамытбеков Радлов жазып алган үзүндүлөрдүн Сагымбай, Саякбай ж.б. варианттары менен салыштыра карап, жалпылыктарын, негизги айырмачылыктарын ачып берип, анын идеялык багытына назар салып, айрыкча этнографиялык жагына көбүрөөк көңүл бурган. Ошентип, Радлов жазып алган үзүндүлөрдөн турган эпизоддору өтө карама-каршы мүнөзгө ээ болуп, окуялары баш аламан, көп кайталанган жана бүтпөй калган учурларынын да көп кездешерлигин далилдеп келип З. Мамытбеков. 1. Бул балким окумуштуунун бир манасчыдан эмес, ар түрдүү манасчыдан ар башка убакта жазып алгандыгы менен түшүндүрүлөт. 2. Радлов жазып алган манасчы «мен кайсыл ыр болбосун («Манастын» бөлүгүн айтат) ырдай алам кудай мага ырда деп шык берген, мен ырды жаттап албайм, анын баары менден чыгат» — деп мактанганына карабастан анын айтканы кийинки белгилүү манасчылардын айтканынан мазмуну, көркөмдүгү жагынан алда канча төмөн турат. 3. Окумуштууга айтып берген манасчылардын таланты Сагымбай, Саякбайдан кем болгондугу тексттерден байкалат. 4. Радлов өзү көрсөткөндөй анын кыргыз тилин жакшы билбегендиги жана жазуу учурунда манасчыдан улам кайта сурай бергендиги дагы варианттын көркөм чыгышына тоскоолдук кылган. Ушунун натыйжасында буга кийинки варианттардагы көп окуялар кирбей калган жана көркөмдүк жагынан бир далай аксайт». (4,58-59-б.б.) деп жазат. Радловдун жазып алган, биз жогоруда белгилеген «Манастын» дагы башка окуяларындагы үзүндүлөр да ушундайча талданат.

www.bizdin.kg

З. Мамытбеков Радлов жазып алган «Семетей» боюнча мындайча тыянакка келет: «Саякбай жана Кара ырчынын варинтын салыштырганда сюжеттик линиянын жалпылыгы жана айрым деталдардын бири-бирине окшоштугу Радлов «Семетей» эпосун Ысык-Көлдүк манасчылардан жазып алган деген ойду туудурат. Мында да көп окуялардын жазылбай калганы, жазылган эпизоддор кыскартылып айтылганы байкалат. Мындан 100 жыл мурда Радлов тарабынан жазылып алынган «Семетейдин» варианты менен XX кылымдын 20—30-жылдарында жазылган Кара ырчынын, Саякбайдын варианттарынан айрым деталдар жагынан окшош жана жалпы сюжеттик линиясы жагынан жакын болушу профессор В.М. Жирмунский көрсөткөндөй «Семетей» менен «Сейтектин» негизин ар башка варианталып айтылган бир поэма түзгөнүн көрсөтөт. Бир нече кылым бою ширелген «Манаска» караганда «Сейтек» эң мурун бири-бири менен байланышпаган жомоктордон бириктирилген жана улам алымчаланып, кошумчаланып отурган кийин түзүлгөн поэма. Бирок «Манаска» караганда «Семетейде» көбүрөөк бирдиктүү сюжеттик линия бар» (4,115-б.)

З. Мамытбеков илимий ишинин ушул үчүнчү бөлүгүнүн аягында 1903-жылы Орус географиялык коомунун комплекстүү экспедициясы менен кыргыз жергесине келишкен сүрөтчү Б. В. Смирнов менен этнограф А.Г. Белинский тарабынан Кенжекара деген музыкант семетейчинин оозунан жазылып алынган «Семетейдин» үзүндүсүнө (мунун орусча котормосу Б. В. Смирновдун 1914-жылы Москвадан чыккан «В степях Туркестана» деген китебине кара сөз түрүндө жарыяланган) жана Венгер окумуштуусу Г. Алмаши тарабынан 1912-жылы Будапеште чыккан «Чыгыш таануу» журналынын XII томуна транскрипцияланып кыргызча жарыяланган «Манас баатырдын уулу Семетей менен коштошкону» деген үзүндүгө да кайрылып, эпостун башка варианттары менен болгон жалпылык, негизги айырмачылыктарын ачып берет.

З. Мамытбековдун үч бөлүктөн турган «Октябрь революциясына чейин «Манас» эпосун жыйноонун жана изилдөөнүн тарыхы» аттуу бул көлөмдүү илимий изилдөөсүнөн эмнени байкоого болот.

Биринчиден, мында элдик оозеки чыгармачылыктын жалпы деңгээли, маани-маңызын кээ бир үлгүлөрү, айрык-

www.bizdin.kg

ча «Манас» эпосунун (анын башка бөлүктөрү, айрым кенже эпостор туурасында да маалыматтар бар) айланасында анын XVI кылымдан тарта революцияга чейинки мезгилдеги жазылып калышы, өзгөчө орус тилдүү кеңири чөйрөгө таанылып ар тараптуу баалуу илимий пикирлерди жаратканды туурасында кенен жана толук маалыматтарды алууга болот.

Экинчиден, XVI кылымда тажик тилинде жазылып калган «Тарыхтардын жыйнагы» жана XIX кылымдын 60-жылдарында кагазга түшө баштаган Ч.Ч. Валиханов, В.В. Радловдун варианттарындагы «Манас» эпосунун үзүндүлөрү менен негизинен С. Орозбаков, С. Каралаевдин варианттарынын ортосундагы түздөн түз дал келүүчүлүктөр, жалпылык, жакындыктар, ошол эле учурда кадимкидей айырмачылыктар кездешери далилдүү фактылар менен мыкты ачылып берилген.

Үчүнчүдөн З. Мамытбеков аталган варианттардагы туруктуу негизги эпизоддорду, окуя, көрүнүштөрдү, мотивдерди салттык, диний ар кыл көрүнүштөрдү чечмелөөдө тарыхый-типологиялык методду колдонуп, XIV кылымдан XVI кылымга чейинки кылымдарда Енисей, Обь өрөөнүнөн тарта Тянь-Шанга чейинки территорияда жашаган этностордун, о.э. революцияга чейинки мезгилдеги бизге тектеш, коңшулаш элдердин жашоо тарыхы, байыркы шамандык ритуалдары, кийинки учурдагы каада-салттык жакындыктары туурасындагы белгилүү тарыхчы, тилчи, этнограф, археолог, фольклорист, окумуштуулардын аргументтүү ой-пикирлери менен эсептеше келип өзүнүн илимий көз караштарын, жыйынтыктарын айтат.

Ошондой эле илимий иштеги кайсыл маселе туурасында сөз, талдоо, талаш ой-пикир болбосун андан ошол замат илимий негизинде жыйынтык чыгарып, бир нече пункттар менен тыянактап турат.

Фольклорист окумуштуунун бул баалуу эмгеги илимий-теориялык анализдеринин терендиги, аргументтүүлүгү, камтыган проблемаларынын көптүгү жана реалдуулугу менен сөзсүз кыргыз фольклористикасында олуттуу мааниге ээ.

Окумуштуунун кийинки эмгеги өзүнүн көзү өткөндөн кийин 1993-жылы «Илим» басмасынан орус тилинде чыккан «Отражение жизни и борьбы киргизов в эпосе «Манас» аттуу көлөмдүү монографиясы.

www.bizdin.kg

Мында «Манас» эпосундагы баяндалган ошол дооpлордун мүнөзү, идеялык-эстетикалык маани-маңызы, эпостун поэтикасы, композициясы, сюжет куруунун принциптери, баяндоонун формасы, стилинин жана ыр түзүлүштөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө чейин кылдат изилденет. Ошону менен бирге чыгарманын маданий-тарыхый жана таанып-билүүчүлүк жактан баалуулуктарына айрыкча көңүл бурат. Эми ушуларга учкай да болсо токтолуп өтөлү.

Иш эки чоң бөлүктөн туруп, биринчи бөлүмү «Манас» эпосунун көркөм дүйнөсү» деп аталат. Бул өзүнчө үч главага бөлүнгөн. Биринчи главасы «Доор мүнөзүнүн «Манас» эпосундагы сүрөттөлүшүндө» байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздар жөнүндөгү тарыхый, этнографиялык, археологиялык о.э. лингвистикалык, адабий анализдердин берген жыйынтыктарынан келип, «Манас» эпосу ар кыл дооpлордо, ар башка этаптарда жашаган кыргыздардын бүтүндөй жашоо-тиричилигин (мунун ичинде үй-бүлөлүк, салттык, этикалык ар кыл көрүнүштөр орун алган), дүйнө таанымын жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн өз боюна сиңиргендиги туурасында сөз кылып, бул эпостун абдан баалуулуктары жөнүндө: «Древнейший монументальный эпос «Манас» прошел длительный путь развития. Сюжет его не только отражает жизнь, быт, миропонимание определенного народа развития киргизского кочевого общества; в нем встречается пережитки первобытно-общинного строя, матриархата и древнейшие сказочно-мифологические мотивы, которые не составляют основы эпоса, как в архаических сказаниях типа киргизского «Эр-Тоштюка» или алтайского «Алып-Манаша», но играют определенную роль в контексте памятника».

Экинчи главасы «Манас» эпосунун идеялык-эстетикалык мазмуну» деп аталат. Манасовед эпосто андагы жок болуп кетүү коркунучу күч согушчул көчмөн шарттагы кыргыздардын өзү менен тушташ, чектеш жашаган майда уруулардын, элдердин арасында өзүнүн элдигин сактап калган эрдиктери, өз ара биримдиги, ошондой мезгилде калыптанган ар-сезими, этикасы, эстетикалык көз караштары, элдин духу ж.б. толуп жаткан проблемалар чагылдырылганын айтып келип, эпостун идеялык-эстетикалык маани-маңызына мындайча токтолот: «Основное идейное содержание «Манаса» как жанра фольклора, относящего-

www.bizdin.kg

ся к надстроечным явлениям, отражающим жизнь и борьбу киргизов в эпоху военной демократии и раннего феодализма, основывается на материальной жизни общества и отражает общественное бытие, общественное познание человека, ибо развитие материальной жизни киргизского кочевого общества определяет его идеологию, морально-этические и эстетические взгляды киргизов.

Богатство идейного содержание эпоса «Манас» определяет совокупностью представленных тем, из которых можно выделить главные: объединение разрозненных киргизских племен, народностей против кара-китайских, ойрото-калмыцких, джунгаро-калмыцких захватчиков, проявление патриотизма, гуманизма, любви к родине; утверждение идей дружбы и братство народов; воспевание созидательного труда, утверждение эстетических идеалов народа; раскрытие и утверждение чаяний народа, его мечты о мирной жизни, свободной доле» (5 стр. 34).

III главасы эпостун поэтикасына арналып, мында сюжет куруунун принциптери, эпостун композициясы, баяндоонун ар кыл формалары, эпикалык образдарды түзө билүүнүн негизги ыкмалары, чеберчиликтери, «Манас» эпосунун стилдик өзгөчөлүктөрү, эпостогу ыр курулушу ж.б. туурасында кең-кесири талдоо жүрөт.

Монографиянын экинчи бөлүмү «Манас» эпосунун маданий-тарыхый жана таанып-билүүчүлүктөгү баалуулуктары» деп аталып, үч главадан турат. Биринчи главасында эпосто кыргыздардын жашоо-турмушу, маданияты, чарбачылыктагы ишмердиктери кандайча сүрөттөлгөндүгү туурасында айтылат.

Манасовед ондогон кылымдарды камтыган архаикалык, мифологиялык элементтерден турган бул чыгармада ар башка дооорлордо, жашоо этаптарында тиричилик кылган кыргыздардын ошондогу ан-сезими, жаратылышты, ааламды аңдап-билүүсү, тышкы «кара күчтөрдүн» үстүнөн болгон жеңиши, адам акыл-эсинин күчтүүлүгү, элдин таланты, үрп-адат, салты, медицинасы, чарба жүргүзө билүү жөндөмдүүлүктөрү ж.б. көптөгөн баалуу нерселерди, информацияларды болгону ыр менен баяндап бергендигин адилет белгилеген.

II главасында «Манас» эпосундагы кыргыздардын дүйнө таанымы, Күн, Ай, Жерди ыйык тутушу, аларга жасаган

www.bizdin.kg

өтө аяр мамилелери, анимисттик, тотемдик байыркы ишенимдери туурасында сөз болот.

III глава «Манас» эпосундагы кыргыз армиясы, элдик баатырлардын полководецтик ишмердиктери, согуш талааларында колдонгон ыкмалары, алып жүргөн курал-жарактары, б.а. «аскердик искусствосу» оюн-зоок тамашалары ж.б. туурасында айтылат.

Соңку сөзүн З. Мамытбеков берегиче жыйынтыктайт: «Манас» одним из древнейших памятников среди эпосов, приобретает большое значение как исторических памятников народа. Сюжет «Манаса» постоянно развивался и дополнялся с движением времени, и в нем получил свое воплощение социально-политические и культурно-бытовые особенности различного периода истории киргизского народа. Поэтому «Манас» имеет огромную историко-познавательную ценность как художественное произведение вобравшее в себя различные стороны жизни, быта и миропонимания киргизского народа» (5, 183).

Монографияда манасовед З. Мамытбеков «Манас» эпосунун идеялык-эстетикалык, тарыхый жана көркөмдүк баалуулуктарын, анын поэтикасын, бир нече дооpлорду камтыган, канчалаган манасчылардын көп кырлуу алп таланты, чыныгы чыгармачылык эргүүсүнөн синтезделген сюжетине кыргыздардын көөнө тарыхын, ар кыл ишенимдерин, согуштук искусствосун, башка уруулар, элдер менен болгон алака-катышын, дипломатиясын, үрп-адат, салттык жөрөлгөлөрүн, элдин ошондогу духун, рухун, түптөлгөн психологиясын, дүйнө таанымынын сыйдырылгандыгын нукура илимий, күчтүү теориялык негизде терең талдап, жеке эле бул эмес дагы көптөгөн проблемалардын башын ачып, кеңири чечмелеп берүүгө жетишкен.

Муну, окумуштуунун «Манас» эпосу боюнча көп жылдар бою иштеген үзүрлүү эмгегинин, тектеш элдердин, орустун Чыгыш менен Батыштын, б.а. дүйнөлүк адабияттын теориясын мыкты билген чыныгы адистик ишмердигинин жемиши катары баалоо керек.

З. Мамытбековдун чыгармачылыгы көп кырлуу, ал кормочулукта да өз күчүн сынаган, улуттук университетте Чыгыштын классикалык адабияты, о.э. СССР элдер адабияты боюнча көп жылдар бою сабак өткөн, мыкты лектор болгон.

www.bizdin.kg

Ал эми адабиятчылык, манасоведдик ишмердигинде өзүнүн күчтүү теоретик, ири адис окумуштуу экендигин көрсөттү. Айрыкча Манастаануу жаатындагы баалуу эмгектери аны бул тармактагы салмактуу окумуштуу экендигин ачык туюндуруп турат.

АДАБИЯТТАР

[1] *Умөталиев Ш.* Алыкул Осмонов. — Ф., 1958 (ал 1953-жылдан буга чейин ар жылдары көлөмдүү макалаларды жазган); Кыдырбаева Р.З. Лирика А. Осмонова. — Ф., 1957; Артыкбаев К. А. Осмоновдун чыгармаларындагы традиция жана новаторлуктун кээ бир маселелери//Ала-Тоо. — 1957. — № 6; Садыков А. А. Осмоновдун поэзиясындагы традиция жана новаторлук. — Ф., 1962.

[2] *Мамытбеков З.* Пламенный поэт. — Ф., 1971.

[3] *Мамытбеков З.* Кыргыз совет адабиятынын алгачкы саамалыктары//Ала-Тоо. — 1970. — № 5. 142—155-б.; Мамытбеков З. Сыдык Карачев//Ала-Тоо.— 1982. — № 3. — 125—127-бб. ж.б.

[4] *Мамытбеков З., Абдылдаев Э.* «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. — Ф., 1966.

[5] *Мамытбеков З.* Отражение жизни и борьбы киргизов в эпосе «Манас». — Ф., 1993.

www.bizdin.kg

МУСАЕВ САМАР

(1927)

Мусаев Самар (1927, Атбашы району, азыркы Казыбек айыл-өкмөтү жайгашкан аймак) – адабиятчы, фольклорист, «Манас» изилдөөчү, педагог, Кыргыз Республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери (1944), Илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыктын эки жолку лауреаты (1998, 2004).

С. Мусаев 1945-ж. орто мектепти бүтүп, Кыргыз мамлекеттик педагогика институтунун тил жана адабият факультетине кирет жана ал институтту артыкчылык диплому менен 1949-ж. аяктап, ошол институтка кыргыз адабияты боюнча окутуучулук кызматка калтырылат. 1950-ж. жаңыдан уюшулган «Кыргыз адабияты» кафедрасынын башчысы болуп дайындалат.

С. Мусаев пединститутта Адабияттаанууга киришүү, кыргыз фольклору, XIX к-дын адабияты курстары боюнча студенттерге лекциялар окуудан башка да 1949–50-жылдар ичинде Кыргыз адабияты боюнча орто мектептердин 8–9 –10-класстары үчүн окуу программасын түзүүгө катышып, аталган класстарда адабият сабагы айрым жазуучулардын чыгармачылыгын, же тандалган айрым чыгармаларга мүнөздөмө берүү түрүндө эмес, адабияттын тарыхы – системалуу, бир бүтүндүккө келтирилген курс болуп окутулуу сунушун киргизет жана ушул принципке ылайык 8-класстарда жанрдык белгилери боюнча ирээтке келтирилген кыргыз фольклору, ал эми 9-класстарда жаш өзгөчөлүгүнө ылайык хронологиялык ыкта жайгаштырылган бардык белгилүү акын-ырчылардын чыгармалары, 10-класста профессионалдуу адабият, же советтик жазма адабият өтүлсүн – деген сунуш киргизет. Ушул ыкта 8–9-класс-

www.bizdin.kg

тар үчүн программаны даярдайт (10-класстар үчүн П. Балтин түзгөн). Талкуудан өтүп, Агартуу министрлигинин коллегиясында бекитилип, 1951-жылы жарык көргөн программа боюнча 8-класста фольклор жөнүндөгү жалпы түшүнүктөн баштап, кыргыз фольклорун Октябрь революциясына чейин жыйноо жана изилдөө иштери, Советтик фольклористика жөнүндөгү обзордук маалыматтар берилип, андан ары кыргыздын оозеки көркөм чыгармаларынан лирикалык жанрлар – эмгек ырлары, турмуш жана салт ырлары (кошоктор, айтыш, арман), жөө жомоктор жана алардын өз ара ички бөлүнүштөрү (кереметтүү же укмуштуу жөө жомоктор, айбандар жөнүндөгү жөө жомоктор, турмуштук жөө жомоктор, күлкүлүү жөө жомоктор), эпостор, алардын түрлөрү (баатырдык, новеллалык, же турмуштук), «Эр Төштүк», «Манас» жана анын бөлүмдөрү, «Курманбек», «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан», дидактикалык чыгармалар, алардын бөлүнүштөрү (макал-лакаптар, санат-насыя, тамсилдер), элдик сатира жана куудул сөздөр советтик кыргыз фольклору өтүлүү сунушталат.

Ал эми кыргыздын эл ырчылары жана алардын чыгармалары аттуу жалпы обзордон башталган IX класстарда кыргыз акындарынан Токтогул, Тоголок Молдо, Алымкул, Осмонкул, Барпынын чыгармаларын окутуу сунуш кылынган.

Материалдарды мындай ыкта жана көлөмдө берүү кыргыз фольклору менен акындардын чыгармаларын илимий принципке таянып, системалуу курс-тарых түрүндө мектептерден тартып окутуп үйрөтүү аракетинин ошол тарыхый шарттын деңгээлиндеги илимдин өсүп-өнүгүш абалын эске алганда жаңылык эле.

С. Мусаев ушул ыкта, бирок материалдары алда канча кеңири, толукталган, такталып иштелип чыгылган түрдө кыргыз фольклору, акындар чыгармалары жана кыргыз совет адабияты боюнча педагогикалык жана мугалимдер институтунун тил жана адабият факультеттеринин кыргыз группаларына арналган программа түзүп, ал Агартуу министрлигинин коллегиясында 1951-ж. бекип, 1952-жылдын башында басмадан жарык көргөн.

Программада кыргыз фольклорунун жанрлары алда канча кеңейтилип, фактылык материалдар да байып, ошол кезде илимге белгилүү болгон чыгармалар, бүт дээрлик камтыл-

www.bizdin.kg

ган, акындар да ошондой эле кеңири берилип, Калыгул, Арстанбек, Кылыч ж. б. кийин реакциячыл катары окуунун бардык түрлөрүнөн алынып салынган акындардын чыгармачылыгы да камтылган. Бирок, алардын «замана» агымынын өкүлдөрү катары кемчиликтерин көрсөтүү да сунуш кылынган.

Советтик адабият дүйнөлүк адабияттын жаңы этабы – деген жалпы обзор менен башталган Кыргыз совет адабияты Социалисттик Улуу Октябрь революциясы жеңгенден тартып, сталиндик биринчи беш жылдык кабыл алынганга чейинки кыргыз адабияты (1917–1929-ж.ж.), Сталиндик беш жылдыктардын учурундагы Кыргыз адабияты (1929–1941), Ата мекендик согуш мезгилиндеги Кыргыз адабияты (1941–1945), согуштан кийинки кыргыз адабияты жана анын келечеги – делген төрт этапка бөлүнүп каралып, көрүнүктүү жазуучулардан А. Токомбаев, К. Баялинов, М. Токобаев, М. Элебаев, Ж. Турусбеков, Ж. Бөкөнбаев, К. Жантөшев, К. Маликов, Т. Сыдыкбеков, Т. Үметалиев, А. Осмонов ар бири өзүнчө портрет түрүндө окутулуу сунуш кылынган. Мындан башка да программада атайын бөлүмдөр катары кыргыз жаш жазуучулары, адабий сын, балдар адабияты берилген.

1952-ж. «Манас» эпосу катуу сынга алынуу учурунда атайын түзүлгөн комиссиянын чечими менен «Манас» эпосу жана ага байланышы бар бардык маалыматтар мектеп программасынан алынып салынып, программа пайдаланууга жараксыз – деп эсептелип, С. Мусаевге жаңы, талашсыз материалдар менен толуктап, кайра түзүү милдеттендирилет.

Ошол жылы жайында өткөн «Манас» эпосу боюнча илимий даярдык катары уюшулган эпос жөнүндөгү дискуссияга биринчилерден болуп С. Мусаев да катышып, «Элдик эпостун туура бааланышы зарыл» аттуу макаласы «Кызыл Кыргызстан» газетасына жарыяланган (13-апрель, 1952-ж.). Автор макалада «Манас» эпосунун байыркылыгына көңүл буруп, мындай чыгарманын мазмуну, баяндалган маалыматтар ошол өз учурунун өзгөчөлүгү эске алына талданышы керек, демек, эпоско бүгүнкү күндүн талаптарын коюуга болбойт – деген маанидеги оюн айткан.

«Манаска» арналган конференцияда Москвадан келген негизги докладчылардын бири проф. А. И. Климовичтин

www.bizdin.kg

баяндамасында С. Мусаевдин фамилиясы эскерилип, «Манас» эпосунун жактоочусу катары сынга алынат, ал эми ошол кездеги Агартуу министри Токтогонов сүйлөгөн сөзүндө 8-класска арналган программада «Манас» борбордук орунду ээлеп калганын, реакциячыл С. Орозбаковдун өмүр баянын окутуу сунуш кылынганын, ошол манасчынын вариантына таянып эпоско улуу эстелик – деп, баа берилгенин ж. б. айтып катуу сынга алат, Агартуу министрлигинде комиссия иштеп жатканын, ал комиссиянын чечимине ылайык программа өзгөртүлө турганын жарыялайт. Конференцияда өз оюн айтууга С. Мусаевге сөз берилбейт.

1950-ж. Агартуу министрлиги С. Мусаевге Кыргыз адабияты боюнча орто мектептердин 8—9-класстары үчүн окуу куралы – Хрестоматия түзүүнү тапшырган.

Ошол тарыхый шартта мектеп окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык жана программадагы талап кылынган керектүү материалдарды тандап алуу турмак фольклор боюнча да, акындардын чыгармаларынан да басмадан чыгып, жарык көргөндөрү өтө аз болгондуктан, айрыкча оозеки чыгармалардын майда жанрлары дээрлик китеп түрүндө басылбагандыктан иш татаалдашып, анын үстүнө С. Мусаев менен бирге иштей турган адамдар (мугалим Х. Аюпова, жазуучу Т. Үмөталиев) адис эместигин, колу бошобогондукту, өзүлөрүнө бөлүнгөн материалдарды табуу кыйындыгын айтышып, иштөөдөн баш тарткандыктан Мусаев жалгыз калып, жумуш создугуп кетет. Акыры С. Мусаевдин өтүнүчү боюнча ага башка адам (Ж. Таштемиров) кошулуп, даярдалган хрестоматия 1952-ж. жарык көрөт. Хрестоматияда программада көрсөтүлгөн чыгармалардын үзүндү үлгүлөрү кыскача комментариялар менен берилген. Бул хрестоматия программа өзгөртүлүүдөн мурда жарык көргөндүктөн «Манас» эпосу жана ага тиешелүү айрым маалыматтар бар, бирок, китептин кийинки басылыштарында алынып салынган). 8-класстар үчүн хрестоматия мурда да түзүлгөн болчу. Бирок, З. Бектенов, Т. Байжиев түзүп, 1949-ж. жарык көргөн, чыгармалардын тексттери, ар бир чыгармага тиешеси бар маалыматтар кеңири түшүндүрмө-комментариялары менен коштолуп берилген бул окуу куралы түзүүчү-авторлору камалып кеткендикке байланыштуу пайдаланууга алынып салынган. Жаңы

www.bizdin.kg

түзүлгөн хрестоматияда андай кеңири түшүндүрмөлөр берүү зарылдыгы жок эле, анткени атайын, өзүнчө ошол класс үчүн окуу китеби да жазылып жаткан.

С. Мусаев 1950-жылдан тартып жазыла баштаган 8–9-класстар үчүн кыргыз адабиятынын окуу китептеринин негизги автору (окуу китептеринин экөөнө тең Ж. Таштемиров да катышкан, 1954-ж. жарыяланган 8-класстардын окуу китебиндеги лирикалык ырлар бөлүмүн Ж. Таштемиров, калган бөлүмдөрүн бүт С. Мусаев жазган, ал эми 1955-ж. жарык көргөн 9-класстардын окуу китебинде Советтик кыргыз элинин оозеки чыгармалары, кыргыздардын эл акындары жана алардын чыгармачылыгы, Т. Сатылганов, А. Үсөнбаев, К. Акыев, О. Бөлөбалаев бөлүмдөрүн С. Мусаев, кыргыз акындарынан Тоголок Молдо, Б. Алыкулов деген темаларды Ж. Таштемиров жазган).

Ошол кездеги тарыхый шартта кыргыз фольклорун да, акындар чыгармачылыгын да изилдөө деңгээли өтө төмөн болуп, бул багытта иштелген иштер өтө сейрек, ал эми айрым далалаттардын натыйжалары жараксыз делип табылгандыктан (Молдо Кылычтын чыгармаларын изилдеп диссертация коргогон бүт кыргыздар ичиндеги филология илимдеринин жалгыз кандидаты Т. Саманчин камакта жатып, жарык көргөн иштери бүт пайдаланууудан алынып салынган, айрым обзор түрүндөгү маалыматтары жана бул же тигил жазуучу, чыгарма боюнча айтылган ой-пикирлери бар Т. Саманчин, Ө. Жакишев, М. Богданова жазган кыргыз адабиятынын кыргыз тилиндеги очерки жана М. Богдановanын орус тилинде жазылган ушул эле темадагы чакан очерки жараксыз деп табылган болчу) окуу китептерин жазууда үлгү, таяныч болор негиз жок, иш дээрлик ак тактан башталган. Анын үстүнө фольклордук ар бир жанр, түр-түркүмдөрдүн эрежелик милдет аткаруучу аныктама-мүнөздөмөлөрү иштелип чыкпагандыктан аларга тексттердин белги-өзгөчөлүктөрүнө ылайык аныктама-эрежелерди иштеп чыгуу да талап кылынган. Ал турмак сөз болуучу акын-ырчылардын жөнөкөй эле өмүр баяны, качан, кандай чыгарма жаратканы ж. б. жөнүндөгү маалыматтарды алууга мүмкүн болгон жазма булактар жоктугунан айрым көзү тирүү акын-ырчылардын өзүлөрүнө кайрылып, көзү өтүп кеткендер жөнүндөгү кабарларды үй-бүлөсү, жакындары, билгендер аркылуу жыйнап, анан ошол колдогу

www.bizdin.kg

фактылар иретке келтирилип, талдоого алынып, окуу китебинде берилген. Ушуга эле жакын ыкта ар бир жанр, чыгарма чоң-чоң эпостор да талданган – аларды сыпаттап талдоого алган илимий эмгектер, атайын изилдөөлөр болбогондуктан чыгарманын жарык көргөн тексти, ал жок болсо кол жазма түрүндөгү үлгүсү окулуп, өз алдынча талдоого алынып, мүнөздөмө берилген. Чынында мындай аракет изилденип, жарык көрүп, такталган маалыматтардан ылгап алып иштөө эмес, өз бетинче изилдеп, өз алдынча пикир айтуу эле. Ошон үчүн 1956-жылы Кыргызстандын өкүмөтү 8-9-10-класстар үчүн адабият боюнча окуу китептерин илимдик жаңылык катары эсептеп, бул окуу китептерине илимий эмгекке төлөнүүчү калем акы төлөө жөнүндө атайын чечим кабыл алган.

«Манас» эпосун 8-класста окутууга уруксат 1960-ж. берилип, ошол жылдан тарта программага киргизилген.

С. Мусаев негизги автор катары 1950-жылдан тарта иштей баштап, 1954—1955-жылдарда жарыкка чыккан бул окуу китептери бүгүнкүгө чейин айрым тактоолор, толуктоолор, өзгөртүүлөр менен кайра иштелип чыгып, мектептерде үздүксүз пайдаланылууда. Биздин республикада эле эмес, башка элдерде да кездешпеген, кездешсе да өтө сейрек учуроочу мындай узак убакыт активдүү жашап, аракетте болуунун, калктын керектүүлүгүнө жарап, пайдасын тийгизүүнүн сыры ал эмгектердин деңгээли менен да байланыштуу дешке негиз бар.

1960-ж. мектеп программасына «Манас» эпосу жана анын бөлүмдөрү кайра киргизилүүгө байланыштуу ушул багытта иштеп, тиешелүү бөлүм жазылып бүткөндө 1962-ж. С. Мусаевге ошол кездеги Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору акад. Б. М. Юнусалиев «Манас» боюнча атайын илимий изилдөө жүргүзүү сунушун айтып, Мусаевди аспирантурага кабыл алдырып, өзү жетекчи болуп, «Манастын» элдүүлүк проблемасына байланыштуу кыргыз аялдарынын коомдогу ордун көрсөтүүчү теманын үстүндө иштөөнү тапшырат. Натыйжада С. Мусаев 1964-ж. «Каныкейдин образы» «Манас» эпосунун элдүүлүк проблемасына карата» деген темада кандидаттык диссертацияны ийгиликтүү жактайт. Бул «Манас» эпосунун проблемалары боюнча корголгон биринчи диссертация эле.

Диссертацияда изилдөөчү негизги талапка ылайык эпостун негизги өзөк окуяларында чагылдырылган доордун

www.bizdin.kg

өзгөчө мүнөзүн белгилөөгө, тактоого басым жасалып көңүл бурулган. С. Мусаев ишинде бул темага атайын бир главаны арнап, чыгарманын мазмунунда орун алган көптөгөн фактылык маалыматтарга таянуу менен эпосто кыргыз коомчулугу башынан өткөргөн тарыхчылар согуштук демократия – делип аталуучу тапсыз уруу түзүлүшүнүн жогорку баскычы – уруу ак сөөктөрү пайда боло баштаган, бирок, бийлик али жалпы элдин колунда, ошол эл шайлаган кан башкарган, туруктуу армия, элден алынуучу салык жок, акчанын милдетин мал аткарган, негизги курал катары темир колдонулган учурга туура келерин көрсөткөн. Экинчи главасында кыргыз аялдарынын «Манас» эпосу боюнча коомдогу орду талдоого алынып, мал чарбачылыгы менен күн көргөн эл кыргыздарда аялдар жашоо-тиричиликте активдүү роль ойноп, көп жактан эркин жана эркектерге укукташ болгондугу белгиленген. Үчүнчү главада Каныкейдин образы талдоого алынып, анын элдин башы баатыр Манаска жакын жардамчылык милдет аткарганын көрсөтүүгө басым жасалган. Каныкей — эне катары өз милдети болгон бала тарбиялоодо да баатыр Манастын башкы максатын туу тутуп, анын ишинин келечегин көздөгөндүгү атайын белгиленген. Иштин төртүнчү главасында жалпы чыгарманын жана аял образдарынын ачылышындагы көркөм ыктар менен көркөм каражаттардын ролу талдоого алынган.

«Манас» эпосунун илимий проблемаларын изилдөөнүн зарылдыгын эскертип, кеңеш берген Б. М. Юнусалиевдин талабы боюнча 1965-ж. С. Мусаев Кыргыз илимдер академиясынын Тил жана адабият институту «Манас» бөлүмүнүн башчысынын бош ордуна жарыяланган конкурска катышып, илимдер академиясына кызматка өтөт.

1965-ж. С. Мусаев бөлүм башчысы катары Институттун окумуштуулар кеңешинде белгилүү манасчылардын варианттарын ар бирин өз-өзүнчө бастырып чыгаруу демилгесин көтөрүп, ишти жашы жактан улуу, айткан варианты биринчи болуп кагаз бетине түшүрүлгөн улуу манасчы Сагымбай Орозбаковдун тексттеринен баштоону сунуш кылат.

Акад. Т. Сыдыкбековдун Сагымбай реакциячыл экенин айтып катуу каршы чыкканына карабастан С. Мусаевдин сунушу кабыл алынып, Мусаев пландык ишинен сыртка-

www.bizdin.kg

ры Сагымбайдын вариантынын 1-китебин түзүүгө киришет. Китеп 1966-ж. жарыялануугa даяр болуп, талкуудан өтүп, жактырылып, басмага өткөрүлөт. Бирок, Т. Сыдыкбеков эгер «Манастын» варианттары жарыялана турган болсо бул иш реакциячыл Сагымбайдан эмес, көзү тирүү турган гениалдуу айтуучу Саякбайдан башталуу зарыл — деген оюн республикалык жетекчилерге айтып, жыйындарда сүйлөп, ал турмак эч кимге белгисиз, мадыра баш бирөө келип алып, «Манасты» өзү билгендей иш жүргүзүп, жердешчилик менен тууганынын вариантын чыгарып жатат, муну токтотпосо болбойт мүнөзүндөгү макала жарыялап каршылык көрсөтүүсүн улантып жаткандыктан, Сагымбайдын 1-китеби эле эмес, жалпы эле «Манастын» тексттин жарыялоону маселе такталгыча коё туруу керек – деген бүтүм менен иш токтоп калат. Ошол тарыхый шартта кечээ эле чоң чыр чыккан чыгармага карата бул туура чечим болчу.

1966-ж. Кыргыз Илимдер Академиясынын ошол кездеги президенти К. Каракеев «Манастын» миң жылдыгын өткөрүү маселесине кайра кайрылуу демилгесин көтөрүп, С. Мусаевге бөлүм башчысы катары республиканын жетекчилигине жөнөтүү үчүн эпос боюнча кеңири справка даярдоону тапшырат. С. Мусаев тарабынан даярдалган справка Илимдер академиясынын атынан жазылган өтүнүч менен кошо Борбордук партия Комитетине жөнөтүлөт. Справкада «Манас» эпосунун мааниси, көлөмү, көркөмдүк касиеттери, кыргыз тарыхы менен байланышы, дүйнөлүк маданий казынадан алган орду ж. б. маселелер боюнча маалыматтар берилген жана бул улуу мурастын кадыр-баркын көтөрүп, дүйнө элдерине таанытуу максатында 1100 жылдык мааракесин өткөрүү зарылдыгына көңүл бурулган.

1966-ж. Кыргыз ССР Илимдер академиясына Москвадагы М. Горький атындагы дүйнөлүк адабияттар институтунан, «СССР элдеринин эпостору» сериясында жарыялоо үчүн «Манас» эпосунун үч бөлүмү боюнча 250 миң сап ырдан турган текст даярдап берүү сунушу келет. Сунушту жүзөгө ашыруу «Манас» бөлүмүнө тапшырылат. Бирок, сунушту талкуулоо учурунда ошол кезде юридикалык топ катары эсептелген мурда Борбордук Партия Комитети тарабынан түзүлгөн «Манас» редакциясы иштеле турган иштин өтө татаалдыгын, көп күч, каражат талап кылына-

www.bizdin.kg

рын, андай чоң ишти жүзөгө ашырар кадрлардын жоктугун айтып, өз мүчөлөрү, мурда жарык көргөн «Манастын» кыскартылып, бириктирилген кошмо вариантынын төрт китебинин түзүүчүлөрү К. Маликовдун, А. Токомбаевдин, Т. Сыдыкбековдун сунушу боюнча эки тилде Москвада жарыялаш үчүн даяр турган төрт китепти берүүгө чечим кабыл алат. С. Мусаев мындай бүтүмгө кескин каршы чыгып, «Манас» бөлүмү бул ишке катышуудан баш тартарын билдирет жана Борбордук Партия Комитетине кат менен кайрылып, «Манас» эпосунун жарык көргөн кыскартылып бириктирилген кошмо вариантынын тексттери ар башка манасчылардан алынып, анын үстүнө ыр саптары өзгөртүлүп-оңдолуп, айтуучуларда орун албаган жаңы окуя-эпизоддор, ыр саптары кошулуп, илимий принциптерге туура келбеген ыкта даярдалганын кеңири мисалдар келтирүү аркылуу далилдеп, эгер Москвада эки тилде чыгуучу эпостун үлгүсүнө ушул китептер сунуш кылынса натыйжада дүйнөлүк коомчулук алдында уят боло тургандык эскертилип, «Манас» бөлүмү ийгиликтүү иштеш үчүн көмөк көрсөтүп, шарт түзүп берүүнү, иштөөгө жолтоо болуп жаткан «Манас» редакциясын жоюп таратуунун зарылдыгын көрсөтөт. Кат республиканын жетекчилиги тарабынан колдоого алынып, «Манас» редакциясы жоюлуп, бөлүмгө тынч иштөөгө мүмкүнчүлүк түзүүгө Илимдер академиясына көрсөтмө берилет. С. Мусаевдин сунушу боюнча мурдагы «Манас» редакциясынын жетекчиси Б. Юнусалиев бөлүмгө улук илимий кызматкерликке кызматка алынып, ага илимий жетекчилик милдети жүктөлөт.

С. Мусаев «Манас» эпосун бастырып чыгаруунун илимий принциптерин түзүп чыгып, ал иш кеңири талкуудан өтүп, жактырылат жана Москвада эпосторду бастырып чыгаруу принциптерин талкуулаган Эл аралык илимий конференцияда ушул темага тиешелүү «Манас» эпосунун тексттерин бастырып чыгаруу принциптери жөнүндө сүйлөгөн баяндамасы кубатталат. Баяндаманын кыскартылган үлгүсү макала түрүндө Москвада орус тилинде жарык көргөн. («Фольклор, Издание эпоса». — Москва: «Наука», 1977. 223—230-беттер).

«Принциптерде» эпостук чыгармаларды бастырып чыгаруу иши тексттерден түп нусканын сапаттуу көчүрмөсүн даярдап, текстологиялык иликтөө жүргүзүүдөн — такталган, түп нускага толук туура келген көчүрмөнүн аткаруу-

www.bizdin.kg

чунун өзү кандай үлгүдө айткандыгына жетишүүдөн баштоо зарылдыгына баса көңүл бурулуп, текстологиялык иштердин түрлөрү саналып, «Манасты» бастыруудагы өзгөчө зарылдар белгиленген, мурда басылып чыккан китептер талдоого алынып, тексттерге кийлигишүү – ыр саптарын оңдоо, өзгөртүү, орун алмаштыруу, башка сөздөр кошуу ж. б. сыяктуулар мисалдар менен келтирилип, мындайга жол бербөө көрсөтүлгөн. Кыскартылып бириктирилген кошмо вариантты түзүүдөгү орчундуу мүчүлүштүктөр саналып, алардын зыяндуулугу белгиленүү менен жалпы эле «Манас» калыптанып бүткөн чыгарма болгондуктан бир нече вариантты бириктирип өзүнчө жаңы вариант түзүүгө жол бербөө керектиги айтылган жана бардык жарыялануулар адрестүү, өз-өзүнчө ар бир вариантты манасчы кандай айтса кийлигишүүсүз ошол түрдө басмадан чыгаруу зарылдыгы айтылган. Бирок, «Манас» эпосунун варианттарынын өзгөчө зор көлөмдүүлүгү эске алынып, аларды бүт бастыруу мүмкүн болбогондуктан айрым кыскартуулар киргизүүгө жол берилүү керектиги эскертилген. Кыскартууга боло турган саптар, эпизоддор катары чыгарманын сюжетине киргизилген айрым салттык белгиге жатпаган окуя-эпизоддор, ислам динин үгүттөө – бул динге кирүүгө чакырган окуялар, айрым ыксыз кайталоолор, өтө орой сөздөр ж. б. көрсөтүлгөн. Кыскартууга жол берилгени менен ошол кыскартуулар керексиз ыр сабы, саптар, окуялар жөнөкөй эле сызылып салынуу аркылуу эмес, чыгарманын окуяларынын композициялык бүтүндүгүнө, көркөмдүк касиетине, негизги теманын ачылышына доо кетпегендей түрдө иштелүүгө жетишүү талабы коюлган.

«Принциптерде» көңүл бурулган орчундуу маселенин бири катары Москвада жарыялана турган эки тилдеги тексттерди эпостун ошол кездеги илимге белгилүү болгон кырк ашуун варианттарынын арасынан эң татыктуусун тандоо иши экени эскертилип, туруктуу салттык окуяларынын толук камтылышы, көркөмдүк деңгээлинин бийиктиги боюнча башка тексттерден жогору турган Сагымбай менен Саякбайдын варианттары сунуш кылынып, бирок, ал эки үлгүнүн ар бири өз-өзүнчө эпостун алгачкы окуялары Сагымбай манасчынын айтканы, ага улана турган бөлүмдөр Саякбайдын варианты боюнча берилүү максатка ылайыктуу, туура экендиги көрсөтүлгөн.

www.bizdin.kg

«Принциптерге» ылайык 1967-жылдан тартып киришилген эпостун тексттерин басмага даярдоо көлөм өзгөчө көптүгүнө жана иштин татаалдыгына байланыштуу узакка созулган. С. Мусаев бөлүм башчысы катары уюштуруу иштеринен башка да теманын жетекчиси болгондуктан кабыл алынган принциптер ар бир аткаруучу тарабынан аларга тапшырылган бөлүмдөрдү даярдоодо туура багытта, талап кылынган деңгээлде так аткарылышына жетекчилик кылып, көзөмөл жүргүзгөн.

«Манас» бөлүмүнө келип иштей баштагандан тартып эле С. Мусаев ошол бөлүмдө иштеп, узак убактардан бери илимий даража ала элек кызматкерлерге диссертация жазууга шарт түзүп, көмөк көрсөтүп, Э. Абдылдаев, С. Бегалиев жана башкалардын илимдин кандидаты болуусуна жардам берген. Башка кызматтарда иштеген Р. Сарыпбеков, А. Жайнакова, К. Кырбашев, О. Сооронов ж. б. сыяктуу жөндөмдүү жаштарды кызматка чакырып, тарбиялап, жардам берип, натыйжада алар белгилүү адистерден болушту. Ошол аркылуу «Манасты» изилдөөчүлөрдүн кийинки муунунун даярдалып, камсыз кылынышы ишке ашты.

С. Мусаев 1967-ж. көптөн бери Илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда жарыяланбай жаткан белгилүү окумуштуулардын эмгектери жана көп жылдар мурун жарык көрүп, эл арасында табылышы кыйын болгон Ч. Валиханов, В. Радлов ж. б. сыяктуу белгилүү инсандардын «Манаска» таандык изилдөөлөрүн топтоп, жаңы материалдар менен толуктап, редакциялап, баш сөз жазып басмадан чыгарат. 1968-ж. «Манас» — героический эпос киргизского народа» — деген аталышта орус тилинде жарык көргөн ал китепке жазган «От редактора» — деген баш сөздө С. Мусаев дүйнө элдеринин маданий казынасында көрүнүктүү орун ээлеген уникалдуу эстелик «Манас» эпосу байыркы элдердин биринен болгон кыргыздардын рухий турмушунун, баатырдык тарыхый өсүш жолунун энциклопедиясы экендигин белгилеп, бул чыгарма бүгүн да активдүү жашоосун улантып жатканына көңүл бурат. «Манастын» узак жылдар бою кыргыздардын тарыхый жолун чагылдырып, бүт мыкты табылгаларын мазмунуна сиңирип, казыналык милдет аткарганын айтып, эл арасындагы өзгөчө кадыр-баркын, илимге 42 варианты бел-

www.bizdin.kg

гилүү экенин ар бир вариантынын зор көлөмгө ээлигин, жалаң ушул чыгарманы айтууну кесип кылган адамдардын бар экендигин, эпос көптөгөн окумуштуулардын көңүлүн буруп, натыйжада аны изилдөө аракеттери Октябрь революциясына чейин эле орус окумуштуулары тарабынан башталганын, бул чыгарманы системалуу түрдө изилдөө иштери азыр жолго коюла баштаганын ж. б. маселелер боюнча кыскача маалыматтар берилет, жыйнакка киргизилген Ч. Валихановдун, В. В. Радловдун, Г. Алмашинин, П. Фалевдин, Е. Поливановдун, К. Рахматуллиндин, А. Бернштамдын, П. Берковдун, С. Абрамзондун, Б. Юнусалиевдин эмгектерине мүнөздөмө берип, ар биринин эпосту изилдөөдөгү кошкон салымына көңүл бурат. Бул жыйнактын жарык көрүшү жакында эле катуу сынга алынган «Манас» эпосунун кадыр-баркын көтөрүп, аны туура баалап, туура мамиле кылуу багытында маанилүү роль ойногон, зарыл керектүү аракеттердин бири эле.

1968-ж. Республиканын Борбордук Партия Комитети «Манас» эпосунун мың жылдык юбилейин өткөрүү маселесин кубаттап, ага байланыштуу иш-чаралардын планын түзүүнү, юбилейди өткөрүүнүн датасын тактап, макулдук алуу үчүн Жалпы союздук Коммунисттер Партиясынын Борбордук Комитетине кеңири мүнөздөгү Справка жазууну С. Мусаевге тапшырат. Справка жазылып, Москвага жөнөтүлөт. 1969-жылдын баш чендеринде ошол справканын жыйынтыгы каралмак болуп, Б. Юнусалиев, Республиканын идеология боюнча секретары Б. Мураталиев, С. Мусаев Москвага барып, СССР КП идеологиялык бөлүмүндө жыйналыш өтүп, «Манастын» юбилейин өткөрүү демилгеси кубатталат, бирок, белгиленген иш-чараларда бул жыйынга көптөгөн чет элдик өкүлдөр чакырылары айтылганын, эгер андай чоң форум чогулса эпос боюнча азыркы иштелген иштер өтө жупунулук кылат ко, чыгарманы изилдөө, айрыкча тексттерин басмадан чыгаруу иштерине чукул көңүл буруу зарыл өңдөнөт — деген кеңеш берилет. Москвадан келгенден кийин бул маселе талкууланып, республиканын жетекчилиги тарабынан «Манасты» изилдөөнү, тексттерин бастырып чыгарууну тездетүү керек — деген көрсөтмө берилет.

1968-ж. С. Мусаев чоң манасчы Саякбайдын көзү тирүү кезинде анын айткан вариантын, жалпы эле оозеки чыгармачылыктан билгендерин бүт табигый шартта айтты-

www.bizdin.kg

рып магнитофондук лентага жазуу демилгесин көтөрүп, Илимдер академиясынын президенти К. Каракеевдин колдоосу менен бул иш-чарага өкмөттөн ири суммадагы каражат бөлүнүүсүнө жетишип, эки ай бою Ысык-Көлдүн жээгинде жайгашкан айылдарда угуучулардын катышуусунда «Манас» айттырып магнитофонго жаздырат (экспедицияга сектор кызматчысы С. Бегалиев катышкан). Жазылган материалдарды толук түрдө кагаз бетине да түшүрттүрөт. Бул эпосту табигый шартта жаздыруудагы 1-тажрыйба эле. Ошол эле жылдардан баштап көзү тирүү, белгилүү манасчылардан варианттарын жазуу ишин үздүксүз — жайы-кышы дебей жүргүзүүнү уюштуруп, натыйжада М. Чокморов, Д. Кочукеев, Ж. Жумабековдордун варианттары толук жазылып алынат.

1969-жылы «СССР элдеринин эпостору» сериясынын Башкы редакциясынын чакыруусу менен С. Мусаев Москвага барып, «Манас» эпосун басманын планына киргизүү маселесин талкуулаган жыйынга катышып, эпосту эки тилде жарыялоо ишинин жүрүшү боюнча баяндама-отчёт берет. Ошол жыйында «Манасты» басмага мурун пландаштырылгандай 250 миң сап көлөмүндө эмес, жүз миң сап ыр көлөмүндө даярдоо зарыл, анткени эгер 250 миң сап ыр кыргыз тилинде даярдалса ошончо эле сап орус тилиндеги котормо, аларга түрдүү комментариялар ж. б. кошулса жалаң «Манас» 24—25 том китеп болуп кетет экен. Башка элдерден, ошонун ичинде орус элинин мурастарынан бирден эле китеп чыгып жатса, кыргыз элинин эпосу канчалык кадырлуу болгону менен 25 эсе көп көлөмдө чыкса саясий жактан туура эмес болуп калат – делген чечим кабыл алынат.

С. Мусаев Москвадан клегенден кийин бул маселе бөлүмдө, Институттун Окумуштуулар Кеңешинде талкууланып, бөлүмдүн сунушу боюнча эпостун жалаң биринчи бөлүмү гана берилсин, «Семетей», «Сейтек» азырынча токтотула турсун — деген чечим кабыл алынат. Натыйжада иштелип жаткан иштер кайра бөлүнүп, кайра окуялар мурдагыдан кеңейтилген планда даярдалуу сунушталат.

Эпостун тексттерин басмага даярдоо иштери бир нече этаптардан турган: 1) жумушчу көчүрмө менен түп нусканы салыштырып, тактап, экөөнүн бирдейлигине жетишүү; 2) текстологиялык иштер жүргүзүү — түп нускада туура

www.bizdin.kg

эмес жазылган жерлерди тактап, туура үлгүсүн сунуштоо, окуя үзүлүп калган, же ыр саптары жазылбай түшүп калган жерлерди тактоо, кезиккен мүчүлүштөр боюнча өз сунушун айтуу; 3) грамматикалык каталарды, ар башка жазылган сөздөрдү оңдоп, тактоолор киргизүү; 4) кабыл алынган илимий принциптерге ылайык кыскартуулар жүргүзүп, кыскартуулардын мүнөзүн белгилеп, өз оюн далилдөө аракетин көрүү. Ушул түрдө даярдалган иш менен башка бөлүм кызматкерлери таанышып чыгып, иштин сапаты, кыскартуулардын негиздүү, же негизсиз экендиги боюнча жазма жүзүндөгү ой-пикирлери айтылып, андан кийин ошол пикирлердин негизинде тексттин акыркы үлгүсүн даярдоого тема жетекчисине берилген. Анын милдети жеке эле иштелген иштин сапат-деңгээлине көзөмөл гана жүргүзүп, коюлган талаптар так, туура аткарылганын текшерүү гана эмес, эң башкысы аткаруучу сунуштаган, башка илим кызматкерлеринин көпчүлүгү туура — деп тапкан кыскартууларды жүзөгө ашыргандан кийин калган тексттердеги окуялардын үзүлбөй, ырааттуу өнүгүп, чыгарманын көркөмдүк, мазмундук сапаттарына зыян келбегендей үлгүнүн болушун камсыз кылууга жетишүү болгон. Бул үчүн жеке эле аткаруучу илимий кызматкер сунуш кылган ыр саптарынан окуя-эпизоддордон башка да зарыл керектигине жараша эч зыяны жок саптарды, ал эле эмес чакан окуя-эпизоддорду да алып салууга-кыскартылган тексттерге кошууга укук берилген. Чыгарманын окуяларынын үзүлүп калуусу, карама-каршылыктуу учурлар кезикпеши үчүн мындай ишти баштан-аяк бир гана киши аткарып, ал эпостун бардык окуяларын дайым, майда деталдарына чейин, көз алдыга тутуусу-билүүсү зарыл болчу. Бул милдетти эпостун тексттерин Москвада бастырууга даярдоодо да, кыргыз тилинде өз-өзүнчө бастырууда да дайым С. Мусаев аркалаган.

С. Мусаев 1970-ж. «Манас» эпосунун миң жылдык юбилейине даярдыктардын алкагында «Манас» эпосунун Москвада бастырууга даярдалган кыргыз тилиндеги тексттерин республикада жарыялоо сунушу менен Борбордук Партия Комитетине кайрылат.

Борбордук Партия Комитетинин секретариатынын атайын чечими менен «Манасты» бастырууга уруксат берилет. Бирок, Москвада бастырылуучу текст бүт бойдон

www.bizdin.kg

эмес, ар бири 20 басма табактан турган үч китеп жарыялансын делет. Натыйжада орчундуу кыскартуулар менен текст кайра даярдалып, басмага тапшырылат.

«Советтик Кыргызстан» газетасынын 1977-ж. 24-июлдагы санына жарыяланган С. Мусаевдин «Манас» жөнүндөгү илим 60 жылда» деген көлөмдүү макаласында кыргыздардын улуу эстелиги, улуттук сыймыгы болгон «Манас» эпосу жөнүндөгү илим фольклористиканын атайын бутагы-бөлүмү катары советтик түзүлүш учурунда түптөлүп, пайда болгону, ал илимдин өз алдынча үч багыты бар экендиги көрсөтүлүп, ар бир багыттын өсүп-өнүгүш жолдору ирээти менен мүнөздөлгөн. Бул манастаануу илиминин негизин аныктоо багытындагы алгачкы аракеттерден эле. Москвада чыгуучу китептердин кыргыз тилиндеги тексттерин даярдоо негизинен бүтүп калгандыктан С. Мусаев СССР элдеринин эпостору сериясынын Башкы редакциясынын өтүнүчү боюнча алар түзгөн принциптерди карап чыгып, кыргыз эпосунун өзгөчөлүгүнө байланышкан айрым өзгөртүүлөрдү кошумчалап, анын негизинде даяр болгон кыргызча тексттерди сапма-сап орус тилине котортуу ишин уюштуруп баштайт.

С. Орозбак уулунун варианты боюнча басылган 1-китеп 1978-ж. жарык көрөт. С. Мусаев бул китепти басмага даярдап, сөздүгүн түзгөн. Андан башка ушул эле китепте тексттерден кийин берилген «Сагымбай манасчы жана анын варианты жөнүндө» деген аталыштагы С. Мусаевдин көлөмдүү макаласы бар. Макалада манасчынын өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө маалыматтар, айткан варианты боюнча берилген калыс баа бар. Бул варианттын көркөмдүк деңгээлинин жогорулугуна көңүл бурулуп, ой көптөгөн белгилүү окумуштуулардын баалары менен бекемделет.

Жарыяланган китеп республиканын коомчулугу тарабынан жылуу кабыл алынып, окурмандардын өтүнүч-талаптары боюнча бир эле жылда үч жолу кайра басылып чыгат.

1980-ж. жарык көргөн экинчи китепте С. Мусаевдин «Кириш сөз ордуна» — делген макаласы жарыяланып, анда китептеги окуялардын берилиш принциптери түшүндүрүлгөн — чыгарманын кирбей калганы, бирок, жалпы нук белгилүү болсун үчүн кыскарган окуя-бөлүмдөрдүн кыскача мазмуну кара сөз менен берилгендиги эскертилген жана

www.bizdin.kg

ошол тарихый шартта СССР менен Кытай мамлекеттеринин арасындагы курч кырдаалга байланышкан эпостогу «Кытай» маселесине көңүл бурулган.

1973-жылы Фрунзеде жарыяланган «Национальное и интернациональное в искусстве» деген орус тилиндеги жыйнакка С. Мусаевдин «Манас» эпосундагы жалпы адамзаттык идеялар» («Общечеловеческие идеи в эпосе «Манас») аттуу көлөмдүү макаласы басылып, анда «Манас» эпосундагы жалпы адамзаттык мүнөзгө ээ баалуу дөөлөттөр талдоого алынып, бул жактан кыргыз эпосунун дүйнөлүк маанисине көңүл бурулат.

1979-ж. С. Мусаевдин «Эпос «Манас» аттуу орус тилиндеги монографиясы, жарык көрүп, манастаануу илиминин ошол тарихый шарттагы бардык маалымат-кабарларын жалпылаштыруу, орчундуу проблемалары боюнча илгери-кийин айтылган ой-пикирлерди ирээттөө жана аларда орун алган туура жыйынтык ийгиликтер менен катар айрым мүчүлүштүктөрдү да белгилөө, илимдин чечилүү талап кылынган орчундуу маселелерине көңүл буруп, келечегин — өсүш багытын көрсөтүү максаты көздөлгөн бул эмгекте материалдар алты темага бөлүнүп жайгаштырылган. «Манас» эпосу кыргыз элинин улуу эстелиги» — деген биринчи бөлүмдө чыгарманын мааниси, эл турмушунан алган орду, жалпы адамзаттык маданий казынага кирген көрүнүктүү үлгү экендиги, аны башка ушул түрдөгү чыгармалардан айырмалантып турган негизги өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз болот. «Манастын айтуучулары жана алардын чыгармачылыгы» делген бөлүмдө манасчылардын башка көркөм сөз өнөрчүлөрдөн айырмаланган өзгөчөлүктөрү талдоого алынып, салттуулук маселесине көңүл бурулат жана эпостун өзөк окуяларынын, жалпы мазмунунун өзгөрүүсүз сакталышындагы салттуулуктун чечүүчү ролуна баа берилет. Андан кийинки бөлүмдөрдө эпостун варианттары түшүнүгүнүн аныктамасы берилип, «Манастын» варианттарынын түрлөрү талданып, негизги варианттардын мүнөздөмөлөрү, эпостун мазмуну, анда эл турмушунун түрдүү көрүнүштөрүнүн кенен чагылдырылышы талданат. Ошондой эле эмгекте чыгарманын идея-темасы, образдар системасы, негизги каармандардын образдары, акырында «Манас» эпосунун формалык белгилери — көркөмдүк касиеттери жөнүндө кенен сөз болгон.

www.bizdin.kg

Эмгек коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынып, республиканын Илимдер академиясынын президиуму «Манас» эпосун жалпы Союздук жана дүйнөлүк коомчулукка кенен таанытуу максатында китепти айрым кыскартуулары менен, чет тилдерге которуп бастырууга чечим кабыл алат. Китеп кыскартылып, кайра иштелип чыгып, англис, немец тилдерине которулуп, үч тилде 1984-жылы эки жолу, кийин да бир нече жолдору басылып чыкты. Ушул эле китеп Кытай Эл Республикасында, Японияда которулуп басылды.

Ушул жылдары С. Мусаев «Манас» эпосунун маанисин көтөрүү, чыгармага тиешеси бар ар кыл маалыматтарды бир жерге топтоп, каалоочулар оңой таанышууга жетишүү максатында «Манас» энциклопедиясын түзүү жана аны кыргыз жана орус тилдеринде бастырып чыгаруу демилгесин көтөрүп, бул сунуш бөлүмдө кубатталат. Энциклопедияга кайсыл багыттагы, кандай маалыматтар киргизилүү керек — деген С. Мусаев тарабынан даярдалган кыскача багыт — темалардын негизинде бөлүм кызматкерлери сөздүк, терминдер түзүү ишине киришип, статьялар даярдала баштаган. Бирок, республикалык энциклопедиянын Башкы редакциясынын ошол кездеги жетекчилиги мындай иштерди биз, жасашыбыз керек — деп, каршы чыгып, ишке тымызын жана ачык бут тосуулар болуп, «Манас» бөлүмүн, айрыкча Мусаевди бул иштен четтетүү аракети күч алып, иш жылбай калат. Бирок, Москвалык адистердин кийлигишүүсү, атайын келген адис-эксперттердин талабы боюнча китепти даярдоочу негизги иштерди «Манас» бөлүмү иштеп, бастырып чыгарууга байланышкан жумуштарды энциклопедиянын Башкы редакциясы бүтүрмөк болуп, өзгөчө татаал, жумушу көп, түрдүү адистердин катышы талап кылынган жумуш узак жылдарга созулду. С. Мусаев сөздүк-терминдерди бөлүштүрүү, туура багытта, көлөмдө, талап кылынган деңгээлде жазылышына көзөмөл жүргүзүү, бүткөн макалаларды талкуудан өткөрүү ж. б. сыяктуу көптөгөн иштерге жетекчилик кылган, көптөгөн орчундуу, татаал, чоң көлөмдөгү макалаларды өзү жазган.

Энциклопедиянын эки томдугу 1995-ж. жарык көрдү. Эмгек жогору бааланып, республиканын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгына татыды. Ишке ак-

www.bizdin.kg

тивдүү катышкан он кишинин бири катары С. Мусаевге Кыргыз Республикасынын Илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты наамы ыйгарылат. «Манас» энциклопедиясы оозеки чыгармалар, анын бир үлгүсү болгон жалгыз эпос боюнча чыгармага таандык ар кыл мүнөздөгү бардык белгилүү маалыматтар камтылып, ар бирине мүнөздөмө берилген, дүйнө элдеринин эч биринде жолукпаган уникалдуу, жаңы иш эле. Каражат жоктугунан бул иш орус же дүйнөлүк белгилүү тилдердин бирине которулуп жарык көрбөй тажрыйбасы да, кабары да бир республиканын чегинде калып калды.

С. Мусаевдин «Эпос — океан «Манас» аттуу көлөмдүү макаласы 1981-ж. «Украина» журналынын 33-санына жарыяланып, анда кыргыз эпосунун мааниси, мазмун-формасы, алган орду боюнча кеңири маалыматтар берилген.

1981-ж. С. Мусаев басмага даярдап, сөздүгүн түзгөн Сагымбайдын вариантынын 3-китеби жарык көрөт.

1983-жылы «Советтик Кыргызстан» газетасынын 5-марттагы санына С. Мусаевдин «Манастын» төрт тому чыкты» аттуу көлөмдүү макаласы жарыяланып, анда эпостун улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулу айткан вариантынын төрт китеби жарык көргөнү маалымдалып, көптөн бери жүзөгө ашырылбай келген бул аракеттин улуу эстеликтин кеңири калкка окуялары баштан-аяк системалуу түрдө тааныштыруудагы мааниси белгиленген жана Сагымбай манасчынын, ал айткан тексттердин баа-баркына көңүл бурулган. «Манастын» элге жетишиндеги бул кадамдын ролу айтылып, жарык көргөн китептердин кеңири журтчулук тарабынан кандай кабыл алынгандыгына басым жасалган.

С. Каралаевдин вариантынын 1984-ж. жарык көргөн биринчи китебине «Чоң манасчы Саякбай жана ал айткан вариант» — деген аталыштагы кеңири баш сөз жазган. Макалада Саякбай Каралаевдин өмүр жолу, чыгармачылыгы, ал айткан вариант, варианттын өзүнө таандык мүнөздүү белгилери боюнча маалыматтар берилип, теориялык, практикалык ынгайдагы ой-пикирлер айтылган.

С. Мусаев 1984-ж. Москвада эки тилде жарык көргөн эпостун «Манас» — Кыргызский георический эпос» — деген 1-китебине Б. Юнусалиев, К. Кырбашев менен бирге түзүүчү болуп катышкан жана ошол эле китепте С. Мусаев-

www.bizdin.kg

дин «Киргизский народный эпос «Манас» аттуу көлөмдүү илимий макаласы жарыяланып, анда чыгарманын маанизи, орду, айтуучулары ж.б. проблемалар боюнча кеңири сөз болуп, «Манастын» мазмун-формасы талдоого алынган.

«Манас» эпосунун негизги варианттары, алардын мазмуну, кыскача мүнөздөмөлөрүн орус тилдүү окурмандарга, жалпы эле дүйнө элдеринин өкүлдөрү, окумуштуулар дүйнөсүнө тааныштыра кетүү максатын көздөгөн С. Мусаевдин өтүнүчү жана активдүү катышуусу менен иштелген (А. Мирбадалова менен Н. Кидайш-Покровская катышкан) «Обзор записей вариантов эпоса «Манас» — делген темада ошол эле 1-китепте жарыяланган эпостун варианттарынын илимий сыпаттамалары да бар. Бул сыпаттамаларда «Манастын» негизги варианттарынын качан, кайсыл жерде, ким тарабынан жазылгандыгы жөнүндөгү жөнөкөй маалыматтардан тартып, ошол сөз болгон ар бир варианттын кыскача мазмуну башка варианттардан айырмасы, жакындыгы, көркөмдүк деңгээли ж. б. жөнүндө кабарлар бар.

Ушул эпостун Москвада эки тилде жарык көргөн китептеринин кыргызча тексттерин даярдоодо эле эмес, орус тилине которулууда жана китептердин кеченде бей өз убагында жарык көрүшүндө да С. Мусаевдин эмгеги, ойногон ролу, аткарган жүгү орчундуу. Себеби өзүлөрү сунуш кылган жүз миң сап көлөмүндөгү кыргызча тексттер даярдалып, сапма-сап орус тилине которулуп Дүйнөлүк адабияттар институтуна жиберилгенден кийин басманын планына киргизүү учурунда «Манастын» көлөмүнө байланыштуу талаш чыгып, айрымдар эмне үчүн бардык республикаларга бирдей мамиле кылбай, Кыргызстанга Россия республикасынан да алда-канча көп орун берилиш керек?— деп, бул маселени саясатка айландырып-буруп, натыйжада А. А. Петросяндын өзгөчө катуу киришүүсүнөн кийин кыргыздардын эпосу 2-3 китеп түрүндө бастырылсын — деген бүтүм болот. СССР элдеринин эпосу сериясынын Башкы редакциясы С. Мусаевди Москвага чакырып, мурда даярдалган материалдарды кайра карап, чечимдеги көрсөтүлгөн көлөмгө ылайыктап келүүнү тапшырат. С. Мусаев эки тилде жариялануучу тексттерди кыргыз тилинде жарык көрүп, коомчулуктун элегинен өткөн китептердин ченемине ылайык жариялай баштоону, эгер маселе оң че-

www.bizdin.kg

чилбесе кийин үч китеп басылган соң кайра кайрылууну сунуш кылат. А. А. Петросян Мусаевдин оюн туура таап, Мусаев кыргызча тексттерди да, алардын орусча котормосун да кайра карап, Фрунзеде жарык көргөн китептерге жакын үлгүнү даярдап берет жана эпостун тексттерин которуу ишинин башталышына катышат. Ошондон тартып эки тилде жарык көргөн китептердеги котормочулар так маанисин боюнча которгон тексттер менен кыргызча тексттерди салыштырып, эки тексттин бири-бирине маанисин жактан дал келишине көзөмөлдүк кылуу милдети С. Мусаевге жүктөлөт.

Биринчи китеп басмага даяр болгондо Москвадагы «Наука» басмасында кыргызча ариптердин үлгүсү жоктугуна байланыштуу китептерди Ленинградда бастыруу чечилет. Бирок, ал жакта СССРдин бардык республикаларынан келген түрдүү тилдердеги бастырылуучу материалдар өтө көп болгондуктан нөөмөттү бир нече жылдап күтүү керектигин айткандыктан С. Мусаев жардам сурап БПК кайрылып, ошол кездеги ККП БК 1-секретары Т. Усубалиевдин активдүү жардамы менен «Манастын» эки тилде жарык көрүүчү китептерин Кыргызстанда бастырып чыгарууга уруксат алынат. Ошентип, эпостун эки тилде жарык көргөн төрт китебинин алгачкы үчөө Кыргызстанда басмадан чыгып, бирок, титулдук бараста Москва шаары көрсөтүлгөн.

«Манастын» эки тилде жарыялануу ишинин башында туруп, бөлүм кызматкерлерине консультант катары активдүү жардам көрсөткөн акад. Б. Юнусалиев иш али баштала электе эле 1970-ж. кайтыш болгон күндөн тартып анын ордун ээлөөнү каалаган адамдар көп чыгып, кийин китеп басмага түшөр алдында редколлегия түзүү маселеси козголуп, бир нече адам ачык да, жабык да өз кандидатураларын сунушташкан. Ошол учурда С. Мусаев басылышка башкы редактор катары Б. Юнусалиевди көрсөтүүнү сунуш кылат. Бирок, көп жылы мурда кайтыш болгон адамды мындай жаңы ишке коюу мүмкүн эмес деп, анын сунушу өтпөй калганда жалпы эле бул ишке Юнусалиевден башка адамдын турууга акысы жок экенин айтып, чечкиндүү каршы чыгып, кеңири редколлегия түзүлбөй калат. Бирок, С. Мусаевдин сунушу боюнча Б. Юнусалиевдин ысмы ар бир жарык көргөн китепте түзүүчү катары көрсөтүлсүн — деген бөлүмдө чечим кабыл алынып, бардык жарыялан-

www.bizdin.kg

ган китептерде Башкы редактордун милдетин аркалаган, ишке негизги катышуучулардын бири катары Б. М. Юнусалиевдин аты түзүүчүлөрдүн эң алдына жазылып көрсөтүлгөн.

1985-жылы жарык көргөн С. Каралаевдин вариантынын 2-китебине С. Мусаев М. Мукасов менен бирдикте түзүүчү жана сөздүгүн даярдаган адам катары катышкан.

1984-ж. Кыргызстандын БПК 1-секретары Т. Усубалиевдин тапшырмасы боюнча С. Мусаев «Манас» эпосунун кара сөз түрүндө түзүлгөн үлгүсүн даярдоого киришет. Ошол эле жылы бүткөрүлгөн бул иш Кыргызстан Жазуучулар Союзунун ал кездеги жетекчилиги мындай ишти биз бүтүрүшүбүз керек — деп талаш чыгаргандыктан ишке ачык жана жабык бут тосуулар күч болуп, таанышуу үчүн жиберилген кол жазма эки жыл чамалуу ар кайсы жазуучунун колунда жүрүп, иштен натыйжа чыкпайт. Акыры иш «Манас». «Кара сөз түрүндөгү баяндама» деген аталышта Илимдер академиясынын басмасында аз нускада 1986-ж. жарык көргөн. С. Мусаев китепке жазган кириш сөздө өзгөчө зор көлөмдүү «Манас» эпосунун мазмуну менен кеңири калкты тааныштыруу багытында чыгарманын окуяларын кыскарган үлгүдө кара сөз түрүндө берүүнүн ыңгайлуулугун, бул ыкты Октябрь революциясына чейин эле белгилүү окумуштуу Ч. Валиханов пайдалануу аракетин көргөндүгүн эскерте келип, кийин да бул багытта бир канча иштер иштелгендигин айтып, бул жолку иште «Манастын» сюжетин кара сөздө берүүнүн негизги ыктарын чечмелеп түшүндүргөн. Текстте чыгарманын окуяларындагы негизги нук өзгөрүлбөй, бузулбай берилип, эпостун стиль бөтөнчөлүгүн да сактоо аракети көрүлгөн.

1988-ж. жарыяланган «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери» аттуу китепте С. Мусаевдин «Манасчылар» – деген темадагы көлөмдүү макаласы орун алган. Эки чоң бөлүмдөн турган китептин 1-бөлүгүндө кыргыз акын-ырчыларынын чыгармачылыгына тиешелүү маалыматтар орун алып, экинчи бөлүк манасчыларга арналгандыктан «Манасчылар» макаласы бул бөлүмдүн илимий-теориялык негиздемесинин милдетин аткарып, «Манас» эпосун жаратып, сактап, өстүрүп-өнүктүрүп келе жаткан көркөм сөз өнөрчүлөрүнүн атайын тобуна, алардын өнөр ээси катарындагы өзгөчөлүктөрүнө кеңири мүнөздөмө бе-

www.bizdin.kg

рилген. Ушуга байланыштуу манасчылар мектеби, түш көрүү жана анын мааниси, кесиптеги бирден бирге өтүү-үйрөнүү маселеси, эпосту айтуучулардын өз ич ара бөлүнүштөрү ж. б. багыттарда кеңири сөз болуп, чыгарманын алгачкы айтуучулары, бул кесип ээлериндеги негизги белги болгон салттуулук боюнча ойлор, эпоско тиешелүү жоромол-илимий гипотезалар айтылган.

«Манас» эпосунун 1988–1990–1995-жылдары жарык көргөн эки тилде Москвадагы басылыштарынын түзүүчүлөрүнүн бири.

С. Мусаев негизги аткаруучулардын бири, көптөгөн маселелерин уюштурууда активдүү роль ойногон бул төрт китеп окумуштуулар дүйнөсүндө да, коомчулук тарабынан да жылуу кабыл алынып, оң баага ээ болду. Алардын көркөм котормосу эки жолу англис тилинде жарыяланды. Төрт китепти кыскартып С. Мусаев түзгөн, баш сөз жазган үлгүсү хинди тилинде Делиде басмадан чыкты. Ал басылышка жазган кеңири баш сөздө С. Мусаев кыргыз эпосу жөнүндө көп кырдуу маалыматтар берүү менен «Манасты» инди элдеринин жалпы мурасы «Махабхарата», «Ромаянага» салыштырып, бул эстеликтердин эл турмушунан алган өзгөчө ордуна көңүл буруп, жакындыктарга басым жасап көрсөткөн.

1987-ж. «Манас» эпосуна байланышкан чыр кайра башталып, Республиканын Илимдер академиясынын жылдык чогулушунда, ага улай эле өткөн Кыргызстан Коммунисттер Партиясынын БК пленумунда эпостун реакциячыл, орус элине каршы улутчулдук маанай күчтүү варианты жарыяланып жаткандыгы, жарык көргөн китептерде Кытай мамлекетинин аймактык дооматтарын ырастай турган материалдар берилип калганы катуу сынга алынып, идеологиялык, саясий өтө оор күнөөлөр коюлган. Пленумдун материалдары бардык мезгилдик басма сөздөрдө жарыялангандыктан мындай оор күнөөлөр коюлуу Республиканын дээрлик бардык тургундарына маалым болуп тараган. Айтылган сындарда конкреттүү адам аты аталбаган менен башкы жүк ошол кезде «Манаска» байланышкан бардык иштердин башында турган жана «Манас» бөлүмүнүн башчысы, анда иштелген темалардын жетекчиси, басмадан басылып жарык көргөн китептер үчүн юридикалык да, моралдык да жактан жооп берүүчү адам болгон С.

www.bizdin.kg

Мусаевге түшкөн. Анын үстүнө негизги сынчы жана анын жардамчылары тарабынан республиканын Мамлекеттик Коопсуздук Комитетине жалпы эпостун, айрыкча Сагымбайдын вариантында орун алган советтик түзүлүштүн ченөлчөмүнө туура келбөөчү идеялар, окуялар боюнча маалыматтар берилип, ошол көрүнүштөр боюнча түшүнүк каттар жазуу талап кылынып, С. Мусаев тарабынан баш-аягы 7-8 кеңири түшүндүрмөлөр жазылган. Коюлган күнөөлөрдүн негизсиздигин көрсөткөн С. Мусаевдин макаласына басма сөздөн орун берилген эмес. Республиканын жетекчилиги Москвага билдиргенден башка эч аракет көрбөй койгон. А. А. Петросян жазган «Манаć» жөнүндөгү кеңири справка СССР КП БК идеология бөлүмүндө талкууланып, ошондон кийин гана С. Мусаевдин сынга жооп катарындагы макаласы «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын 1987-ж. 3-апрелиндеги санына жарыяланган. Макалада «Манас» эпосуна, Сагымбайдын вариантына коюлган күнөөлөр негизсиз экендиги далилдер менен көрсөтүлгөн.

1990-жылдардан тартып С. Мусаевдин «Манас» эпосунун негизги эки вариантынын тексттерин толук бойдон, академиялык бастырылыш түрүндө, кеңири илимий комментарияларды коштоосу менен бастырып чыгаруу сунушу кубатталып, планга киргизилип, Мусаев түзгөн «Негизги принциптер» боюнча иш башталат. Ошол учурга чейин даяр болгон Сагымбайдын вариантынын 4 китеби, Саякбайдан 3 китеп эпостун миң жылдык юбилейине карата 1995—1996-ж.ж. жарык көрөт. С. Мусаев Сагымбайдын вариантына кеңири кириш сөз жазган жана ал варианттын жарык көргөн китептери анын жалпы редакциясында иштелген. С. Мусаев бул китептердин негизги түзүүчүлөрүнүн, комментарияларын жазгандардын да бири. Ал жазган кириш сөздө манасчы, ал айткан варианттын өзгөчөлүктөрү, бастырылуунун мүнөздүү белгилери, тексттердин кагаз бетине түшүрүлүү тарыхы ж. б. кеңири сөз болот. Сагымбайдын вариантынын толук басылышынын басмага даярдалган ар бир китебинде «Киришүү ордуна» делген темадагы С. Мусаев жазган илимий макала да бар. Ал макалаларда басылып жаткан тексттердин мүнөздөмөсүнөн башка да сюжеттеги окуяларга байланышкан илимдик жоромол, пикирлер, эпостун курулуу, өсүп-өнүгүү жо-

www.bizdin.kg

луна тиешелүү теориялык маалыматтар ж. б. бар. Басылыштын жети тому басмага даяр.

Эпостун С. Каралаев айткан варианты боюнча С. Мусаев түзгөн «Семетей», «Сейтектин» кара сөз түрүндөгү үлгүсү 1995-ж. басмадан чыккан. Китепке жазылган кириш сөздө С. Мусаевдин аракет мурда басылган ушул түрдөгү чыгарманын 1-бөлүмүнүн уландысы катары иштелип, даярдалуу принциптери сакталганын чечмелеп, эки басылыштын аралыгында чоң айырма болуунун себептерин түшүндүргөн.

С. Мусаевдин А. Акматалиев менен бирдикте жазган «Манастын» жети осуяты аттуу көлөмдүү макаласы 1996-ж. «Эл агартуу» журналынын үч санына жарыяланган. Эмгек 1997-ж. өзүнчө китепче болуп басылган. Иште президент А. Акаев Кыргызстан элдеринин мамлекеттик идеологиясынын негизи катары сунуштаган «Манас» эпосунда орун алган орчундуу салттык түшүнүктөр чечмеленип, маанилери талдоого алынган.

Президент А. Акаевдин тапшырмасы боюнча С. Мусаев түзгөн «Манас», «Семетей», «Сейтек» аттуу эпостун кара сөз түрүндөгү кыскартылган үлгүсүнүн орусча М. Рудов менен бирге иштелген үлгүсү 1995-ж., ал эми кыргызча, орусча эки тилдеги үлгүсү 2003-ж. китепче болуп басмадан чыккан.

«Манас» эпосунун көрүнүктүү изилдөөчүлөрү Ч. Валихановго, В. Радловго арналып, алардын кыргыз эстелигине тиешелүү эмгектери жөнүндө кеңири сөз болгон атайын көлөмдүү макалалардын биринчиси «Манас» жана Ч. Валиханов» деген ат менен «Санташ-140» аттуу жыйнакта 1996-жылы, ал эми «Манас» жана академик В. В. Радлов өзүнчө китепче болуп 1997-ж. жарык көргөн.

«Эпос «Манас» аттуу сүрөтчү Т. Герцендин чыгармачылыгына арналган орус жана немец тилдеринде 1995-ж. Германияда жарык көргөн китепте эпостун мазмуну баяндалган. Ошол китепке жазылган кириш сөздө чыгармanын мааниси, дүйнөлүк маданий казынадан алган орду, белгилүү немец эпосу менен жалпы багыты, идеясы жактан жакындыктары сөзгө алынган.

С. Мусаевдин кыргыз жана орус тилдеринде 1999-жылы жарык көргөн «Согушта да адамгерчиликти жоготпоо — элдик салт» аттуу чакан китепчесинде «Манас» эпосунда

www.bizdin.kg

чагылдырылган адамдык асыл ойлор жөнүндө сөз болуп, айрыкча баатырдык салт, анын негизги белгилери, эпостун каармандары жогору баалаган жалпы адамзаттык маңызга ээ болгон чынчылдык, калыстык, кең пейилдик, адамгерчиликтүүлүк сапаттар талдоого алынып, чечмеленет.

Ошол эле 1999-жылы басмадан чыккан «Манас» эпосу уруу түзүлүшүнүн учурунда» аттуу монографияда чыгарманын сюжетин түзгөн окуялардын катмарлары, алардын мүнөзү талдоого алынат. Эпостун «өз» окуяларынан алдаканча мурунку тарыхый шарттарда пайда болуп, чыгармага киринди катары кошулган, алгач өз-өз алдынча айтылган байыркы катмар бар экендиги эскертилип, алардын мүнөздүү белгилери, тобу талдоого алынат. Андан башка эпоско уютку катары алынып, башат болгон катмарга кенен көңүл бурулуп, көптөгөн эпостогу мисал-далилдерге таянылган талдоолор жүргүзүлөт. Автордун ою боюнча жалпы эле баатырдык эпос, ошонун ичинде анын классикалык үлгүсүн түзгөн «Манас» элдин тарыхый өнүгүш жолундагы адамдар жапайы жылкыны колго үйрөтүп, унаа катары кеңири пайдалана баштаган учурлардагы шартында түптөлгөн чыгарма. Көчмөн турмушта жашаган кыргыздар үчүн чоң мааниге ээ болгон малдын, айрыкча жылкынын, жайытын талашып кармашуу алгачкы согуштук аракеттердин үлгүлөрү.

Китепте чыгарманын сюжетин түзгөн негизги окуялардын уруу түзүлүшүнүн шарттарына туура келүүчү топтору бир нече катмар катары бөлүнүп, кеңири талдоо жүргүзүлөт. Айрыкча эпостогу уруу түзүлүшүнүн жогорку этаптарына туура келүүчү катмарга кеңири орун берилип, баса белгиленет.

С. Мусаевдин «Манастаануу илиминин тарыхы» аттуу 2000-жылы басмадан чыккан монографиясы эпоско тиешелүү алгачкы кабар-маалыматтардан тартып, атайын илимге айлануу жана ал илимдин калыптануу жолун ирээти менен сыпаттоого арналган. Бирок, жарык көргөн эмгек пландаштырылган үч китептин биринчиси гана. Анда «Манас» жөнүндөгү Октябрь революциясына чейинки үзүлдү-кесилди мүнөзүндөгү айрым маалыматтар жана өткөн кылымдын 20—30-жылдар аралыгын кучагына алган, илимдин пайда болуудагы башатын белгилөөчү фактылар талдоого алынган. Кийинки 30—60-жылдар аралыгында-

www.bizdin.kg

гы түптөлүш жана 60-жылдардан бүгүнгө чейинки калыптаныш мезгилдери өз-өзүнчө чыкмакчы.

С. Мусаевдин А. Акматалиев менен бирдикте түзгөн «Калыгул акылман» аттуу жыйнагы 2000-жылы басмадан чыккан. Ошол эле эки адам иштеген китептеги кеңири илимий макалада көптөгөн жылдар бою реакциячыл катары күнөөлөнүп келген бул улуу инсандын өмүр жолу, чыгармачылыгы, көз караш-түшүнүктөрү терең талдоого алынып, калыс, негиздүү пикирлер айтылган. Китеп «Калыгул Бай уулу» — деген аталышта 2003-жылы кайра басылды.

А. Акматалиев, Ө. Шаршеналиев менен бирге иштелген «Манас» эпосу жана президент А. Акаев» аттуу жыйнакка С. Мусаевдин аталган авторлор менен биргелешип жазылып, мезгилдик басма сөздөр каражаттарынын беттеринде, атайын жыйнактарда жарык көргөн бир катар макалалары топтолуп берилген. Алардын арасында «Мамлекеттүүлүктүн түшүнүгү «Манас» эпосунда», «Мамлекеттик идеологиянын уюткусу «Маната», элдик салттарда, «Кыргыздар уюткулуу, нускалуу байыркы эл» ж. б. бар.

Китептин кириш сөзүндө республиканын биринчи президенти, окумуштуу А. Акаевдин «Манас» эпосун дүйнө элдерине кеңири таратуу, баа-баркын пропагандалоо багытындагы орчундуу иштери басым жасалып көрсөтүлөт.

С. Мусаев 2003-ж. жарык көргөн «Кыргыз адабиятынын тарыхы» аттуу 7 томдук фундаменталдуу эмгектин активдүү авторлорунун бири. Ал «Манас» эпосуна, анын изилдөөчүлөрүнө, кыргыз фольклоруна, айрым ырчы-акындарга арналган көлөмдүү бөлүмдөрдүн, макалалардын автору. Бул 7 томдуктун негизги катышуучуларынын бири катары С. Мусаевге 2004-жылы Илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыктын лауреаттык наамы экинчи жолу ыйгарылган.

1994-ж. С. Мусаевге өлкөнүн Президентинин Указы менен «Республиканын илимге эмгек сиңирген ишмери» — деген ардак наамы берилген.

С. Мусаевдин кыргыз, орус, башка тилдерде газета-журналдар беттеринде түрдүү мезгилдерде жарык көргөн кыргыз фольклорунун, акындар чыгармачылыгынын, айрыкча «Манас» эпосунун түрдүү проблемаларына арналган 250 ашуун макалалары бар.

www.bizdin.kg

БАЙКОЖОЕВ СЕЙИТКАЗЫ

(1929–1988)

Филология илимдеринин кандидаты, көрүнүктүү илимпоз, адабиятчы Сейитказы Байкожоев 1929-ж. Сокулук районунун Беш-Көрүк айылында туулган. 1985-ж. Кыргыз мамлекеттик пединститутун филология факультетин бүтүп, Ленинград-Москва шаарында дүйнөлүк адабият боюнча аспирантурада окуп, «Түгөлбай Сыдыкбековдун чыгармачылыгы» боюнча диссертация жактайт. 1953-жылдан баштап, өмүрүнүн акырына чейин Академиянын тил жана адабият институтунда эмгектенет. Эмгек жолун кенже илимий кызматкерден баштап ага илимий кызматкер, институттун директорунун орун басары, фольклор жана акындар секторунун башчылык кызматынын милдетин аткарат.

С. Байкожоев институтта иштеген мезгилинде алгачкы иликтөө ишин «Жазгыч акындардын чыгармаларынын» жыйнагын түзүүдөн баштап, ага Ысак Шайбеков, Токтораалы Талканбаев, Абылкасым Жутакеевдин ырларын киргизип, 1956-ж. жарыялайт. Илимпоздун чыгармачылык жүзүн окурмандарга алгач таанымал кылган, биринин артынан бири удаа жарык көргөн. «Эл ырчысы Калык» (1960), «Алымкул Үсенбаев» (1962), «Осмонкул ырчы» (1964) монографиялык эмгектери болду.

Айрым газеталык макалаларды, окуу китептериндеги мектеп программасына ылайыктуу кирген чакан материалдарды эске албаганда «Эл ырчысы Калык» ири төкмө акындардан болгон Калык жөнүндө жазылган алгачкы илимий эмгек эле. Алгачкы деп эсептеп отурушубуз жалаң гана анын чыгармачылыгы системалуу түрдө иликтөө алкагына алынгандыганда, эмес, жалпы эле Совет мезгилинин

www.bizdin.kg

ырчысы катарында атагы чыгып орден тагынып ардактаган акындын чыгармачылыгын реалдуу талдашында, өз мезгилиндеги ураалаган ыкмадан качып, илимий көз карашта иликтешинде турат. Кантсе да ушул төкмө акын жөнүндө жазган алгачкы эмгегинен автордун борбордо ири окумуштуулардын арасында болуп, илимий тажрыйбасы арткандыгы ачык сезилет. Эмгек акын басып өткөн катаал турмуштук жолду, чыгармачылык карама-каршылыктуу татаал кайчылаштарды реалдуу иликтеши менен өз мезгилиндеги төкмө акындар жөнүндө жазылган макалалардан өзгөчөлөнүп турат. Кыскасы, чоң акындын чыгармачылыгы бир жактуу изилденбестен жакшы жагы да, үзгүлтүгү да ортого түшөт «К. Акыевдин чыгармачылыгын бир жактуу мүнөздөө,— деп жазат автор,— атап айтканда чоң адашуулардан, идеялык үзгүлтүктөрдөн четтеп өтүү анын мурастарына адилеттүү баа берүүдөн баш тартуу менен чамалаш. Бир жактуулук акындын ырчылык талантын, анын чыгармачылык изденүүлөрүн туура түшүнүүдө окуучуларда чоң кайчы ойлорду тургузуп, ар кандай чаташууга алып келиши ыктымал»[1]. Ошондой эле эмгектин авторунун «Анын (акындын) жалаң гана элдин багытын, эмгекчилердин турмушун жана күрөшүн көрсөткөн патриоттук чыгармаларын жогору кармап, бийик көтөрбөстөн, акындын революцияга чейинки ырларындагы үзгүлтүктүү көрүнүштү да так белгилеп, себептерин туура ачууну»[2] иштин максатына киргизиши, же «Совет жылдарында түзгөн ырларын бардык жагынан тегиз катары далилдөөгө аракеттенишкен» айрым адабиятчы, жазуучулардын[3] бир жактуулугун да белгилеши өз мезгилинде маанилүү проблемалардан эле. Ал эми иликтөөнүн үзүрлүү чыгышына С. Байкожоевдин акындын архивдик – мемуардык материалы менен мурунтан жакын таанышгыгы да өбөлгө түзгөн жагдайлардан болгон. Эмгек сөз башы жана эки бөлүмдөн турат. Калыктын революцияга чейин чыгарган ырлары, колдон-колго өтүп, жашоонун кыйынчылыктарын башынан өткөргөн оор тагдыры, жакырчылыктын жанына батышы бир топ кенен баяндалып, ал реалдуу фактылардын тобунда талдоого алынып негизделет.

Ошондой эле акындын дареметинин калыптанышын шарттаган жагдайларды да кенен иликтөөгө алат. Анын алгачкы учурларда кыз-оюндарда, жоро-бозолордо ырдап,

www.bizdin.kg

өз теңдүүлөрүнүн арасында комуз чертип жүргөндүгү да ырчылык шыгынын артышына өбөлгө түзөт. Экинчиден «Токтогул, Эшмамбет, Курман, Жаңыбай, Жеңижок өңдүү, — деп жазат иликтөөчү,— эл оозуна алынган атактуу ырчылар Калыктын ырчылык жагынан көп таалим алган акындары эле. Өзгөчө Эшмамбет, Токтогул акындын ырчылык чеберчилигинин өстүрүүдө зор роль ойногон. Калыктын Эшмамбет, Токтогул менен жолугушуулары тууралуу ары кызыктуу, ары туура маалыматтарды берет. Бала ырчынын Токтогулга, айрым иликтөөчүлөр белгилеп жүргөндөй, 1912-жылы улуу акын Сибирден кайткандан кийин жолукпастан, алда канча мурун Караталга малай болуп жүргөндө «күнү-түнү сайрап чарчабаган» булбул үндүү чоң акынды көргөндүгү, баланын ырга ынтызар экендигин байкаган кылдат акын «Азыраак ырдап койчу» — деп кайрылгандыгын «Токтогул» аттуу ырын мисалга келтирүү менен далилдейт. Ал эми Караталда болочок акын 1897—1902-жылдары малай жүрөт. Кыскасы, Калык көп жылдар Токтогулду ээрчип жүрүп, таасир-таалимин алат. Токтогул Эшмамбетти да кой кайтарып жүргөн жеринен байына карызын төлөп куткарып алып, жанына ээрчитип жүрүп, ырчылык дареметин арттырат. Иликтөөчү Калыктын ырларындагы, оозеки ангеме-эскерүүлөрүндөгү маалыматтарга таянуу менен Токтогул жөнүндө көптөгөн фактыларды алып чыккан. Анын өз өмүрүндө Алымкул, Барпы, Атай, Коргол, Жаңыбай, Курман, Жолой өңдүү акындарга үлгү болгондугун башка акындар да ырастайт. С. Байкожоевдин иликтөөсүндө Калыктын акындын өмүр жолунун көп жактары ачылган. Саламдашуу, кордоо, мактоо, жар чакыруу сыяктуу салттуу ырларды чебер жараткандыгы мисалдар тобунда аныкталган. Ошондой эле Калыктын Эшмамбет менен айтышкан мезгилин ырчылык кудуретинин артышынын, төкмөчүлүктүн төбөсүнө көтөрүлгөндүгүнүн фактысы катарында карайт.

Монографиянын көлөмдүү бөлүгү акындын революциядан кийинки чыгармачылыгына, айрыкча Ата Мекендик Согуш мезгилиндеги калктын күжүрмөн эмгегине, тылдын бекемдигине, совет элинин кажыбас кайратын чагылдырган чыгармаларына арналат. Акын өз мезгилинин, өз доорунун идеологиялык көз карашы, талабы менен жашаган. 1936—1940-жылдардын аралыгында анын үч ырлар жый-

www.bizdin.kg

нагы жарыяланган. Иликтөөчү бул жыйнактар өздөрүнүн көлөмдүк, көркөмдүк, тематикалык өзгөчөлүктөрүнө карабастан, бир идея, бир сезимге баш ийдирилгендигин, заманга терең алкыш, чексиз сүйүүгө толгондугун, акындын ырлары өз заманынын нукура үнү экендигин баса белгилейт. Акындын чыгармачылыгындагы ийгиликтерин белгилөө менен анын салтанаттуу жагдайларда көп ырдагандыгына байланыштуу мактоо пафосунун да басымдуулугун, көбүнесе уйкаштык кубалоо, жамакчылык ыкмасынын орун алгандыгын чыгармачылыгынын кемчилиги катарында көрсөтүшү реалдуу.

Кыскасы С. Байкожоевдин Калык акын жөнүндөгү иликтөөсү таланттуу акындын чыгармачылыгына жасалган алгачкы системалуу чабыт. Эмгек азыркы күндө да өзүнүн илимий практикалык актуалдуулугун жоготкон жок.

С. Байкожоевдин дагы бир эмгеги — Осмонкул ырчы жөнүндө (1964-ж.) Бул акындын чыгармачылыгына да алгач системалуу түрдө С. Байкожоевдин иликтөө объектисине алынган. Албетте, Осмонкул Калык сыяктуу чоң окуялардын, катышуучусу эмес, көп аймакты аралап, байманаптардын зордук-зомбулугун башынан өткөргөн эмес, Токтогул сыяктуу чоң акындардын ырын өз оозунан угуп, таасир, таалимин да алган эмес. Калыктан үлгү алып, «Калык буура, мен тайлак, качып турам тайсалдап» деп аны өзүнүн устаты катарында эсептеп, ырчылык кудуретин жогору баалаган. С. Байкожоевдин иликтөөсү Осмонкулдун чыгармачылык өмүр жолунун ушул өзгөчөлүгүн туура баамдап, аны башка өңүттө изилдеши, окурмандарга анчалык белгилүү эмес кызыктуу факты материалдарды бергендиги менен айырмаланат. Натыйжада белгиленгендей, «Осмонкул Бөлөбалаевдин ырчылык талантынын курчушунда эл ичинде ооздон-оозго, муундан-муунга өтүп, кеңири белгилүү болгон, элдик ырлары чоң мааниге ээ», о.э. акындын атасынын сөзгө чебер, эл жомокторун, уламаларын «Манас», «Семетей» жакшы билген ышкыбоз адамдан болгондугу анын ырчылык шыгынын ойгонушуна таасири тийбей койгон эмес. Экинчиден, болочокку акындын энеси казак кызы болгондуктан, казак калкынын ыр, күүлөрүнө да кызыкчылыгы артып, «Кыз Жибек», «Козу Көрпөш», «Баян сулуу», «Кобланды баатыр» өндүү үлгүлөрү менен таанышат. Натыйжада анын Казак элинин оозеки

www.bizdin.kg

чыгармачылыгы да анын акындык таланттынын калыптанып, өөрчүп-өнүгүшүнө өз салымын кошот. Иликтөөдө акындын чыгармачылык өмүр жолунун ушул өзгөчөлүгү өз сөзүнөн, ырларынан алынган фактылар менен бекемделет. Осмонкул Совет доорундагы өзгөрүштөрдү, жаңы көрүнүштөрдү айтыш формасында калкка жеткирген акындын тобуна кирет. Бул 1926-ж. Бакуга барып келгенден кийин Калык менен айтышында бекемделет. Албетте, иликтөөчү белгилегендей, акындын ырларынын тематикасы өз өнөрлөштөрүнүн чыгармаларынан анчалык айырмаланбайт. Совет доорундагы өзгөрүш, эмгек темасы, колхоз түзүлүшү колхозчу, малчылардын турмушу ж. б. «Ашымжан», «Баатырдын баяны» аттуу поэмаларды да түзөт. С. Байкожоев акындын чыгармачылык өнүгүн. «Ал өз элинин суроосуна, таламына татымдуу кичинекей саясий лирикадан тартып, зор өсүш, өзгөрүштү таасын элестеткен эпикалык мазмундагы чыгармаларга чейин жаратты»[1] — деп жыйынтыктайт.

Эмгекте таланттуу акындын чыгармачылыгын бир системага салып баяндалгандыгына карабастан, иликтөө бир түрдүү түз сызык менен кетип калгандай ой туудурат. Иликтөөчү кантсе да өз мезгилинде кеңири тараган көз караштан кол үзө албай айрым фактылар көз жаздымда калгандай. Алсак, айрым эскерүүлөргө караганда Осмонкулдун жакын тууганы эл мыктыларынан болуп, анын акын болушуна тоскоолдук кылган. Атасы да оокаттуу адам болгондуктан, баласын молдого берип, кат сабатын жоёт. Эгерде сабаттуу болбосо, Казак, өзбек, Татар тилинде чыгып жаткан дастандарды кайдан окумак. Иликтөөчүнүн анын балалык мезгилин: «Осмонкул кичинесинен эле кой артына түшөт. Мээ кайнаткан ысыкты да, ызгаардуу катуу суукту да, бир үзүм нанга зор кылган жокчулукту да көрөт. Башкача айтканда, балалык чагы бей-бечараларды оор күндөрү менен күндөш, ыйлуу үндөрү менен үндөш өтөт»[2] — деп баяндашынан акынга да ошол мезгилдеги бардык өнөр адамдарына тагылган жарнаманын берилгендиги ачык көрүнүп турат. Анын үстүнө Осмонкулдун өзүнүн эскерүүсү боюнча бай тукумунан чыккандыгы, Шабдандын ашында жар чакырган Жаманкул ырчынын жакын тууганы болгону, Калмырза, Жаманкулду эскерип жыйнагына киргизгендиги үчүн үч тамга тарабынан эчен

www.bizdin.kg

жолу суралып кысмакка алынгандыгын, бир учурда сүргүнгө айдалып, карагай тилип, алтын тиштеринен ажырап, алда-алда деп араң элге аман кайтып, оозун басып, кылдат жашап калгандыгы баяндалат. Демек мындай кырдаал акындын чыгармачылыгынын табигый өнүт алышына кедерги болгон эмес деп ким айта алат. Ал эми иликтөөгө ушундай фактылардын камтылбагандыгы (балким ошол учурда айтууга болбостур) эмгектин бир аз тузу кемип калганына себеп болгон чыгар.

Акындык поэзиянын көрүнүктүү өкүлү, чебер комузчу Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгы жөнүндөгү алгачкы монографиялык эмгек 1962-жылы С. Байкожоевдин калеминен жаралды. Ушул эле акындардын — Калыктын, Алымкулдун, Осмонкулдун чыгармачылык портреттерин жаңы фактылар менен кеңейтип жазып, 1988-жылы жарык көргөн «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери» аттуу коллективдүү эмгекте жарыялады. С. Байкожоев акындар чыгармачылыгы боюнча түзүлгөн көлөмдүү эмгектин негизги авторлорунан болуп, «Эшмамбет Байсейит уулу», «Токтосун Боогачиев», «Сооронбек Чытбеков», «Ысак Шайбеков», «Абылкасым Жутакеев», «Токтогул Тыныбеков», «Эстебес Турсуналиев», куудул «Куйручук (Кудайберген) Өмүрзак уулунун» чыгармачылык портреттерин, «Жазгыч акындар» боюнча обзордук бөлүмдү жазды. Натыйжада автор тарабынан түзүлгөн портреттер өзүнүн илимий деңгээли, материалдарынын көлөмдүүлүгү, маалыматтарынын тактыгын, ой жүгүртүү, жалпылоо диапозонунун кенендиги менен айырмаланат.

С. Байкожоев ар түрдүү багытта иштеген илимпоздон болгон. Анын калеминен кыргыз фольклору боюнча «Кыргыз эл жомоктору», «Мендирман», «Ак Саткын менен Кулмырза», «Сейитбек», «1916-жылдагы улуттук көтөрүлүш элдик поэзияда», «Ата Мекендик согуш мезгилиндеги элдик поэзия» сыяктуу орчундуу темалардын үстүндө иштеди. Анын айрымдары «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки» (1973) аттуу коллективдүү эмгектин орчундуу бөлүмдөрүнөн болуп, китепке жарыяланды. Сөз чынына келсек, автордун «Кыргыз эл жомоктору», «1916-жылкы улуттук көтөрүлүш элдик поэзияда», «Ата Мекендик согуш эл оозеки чыгармачылыгында» аттуу эмгектери али күндө да толук козголбостон,

www.bizdin.kg

автор салган чыйыр боюнча калды. Эгерде эртерээк көз жуумп кетпегенде тема дагы кеңейтилип, бийиктикке көтөрүлүшүнө күнөм санабас элек.

Белгилей кетчү нерсе: илимпоз жазган акындардын портреттери өзүнүн жаңылыгы, мурун-кийин изилденбегени, биринчилиги менен бааланат. С. Байкожоев институтта иштеген мезгилинде илимди алга жылдырууга, аны уюштуруу ишине көп күч жумшаган илимпоздон эле. Эл арасынан фольклордук материалды жыйноого да көп күч жумшагандыгын айтпай кетүүгө да болбос.

С. Байкожоевдин өмүрүнүн акырында окурмандарга калтырып кеткен баалуу мурасы Эшмамбет Байсейит уулунун ырлар жыйнагы болду (1988). Окумуштуу тарабынан жазылган баш сөздө акындын чыгармачылыгы кенен иликтөөгө алынган. Жыйнак илимий комментарий менен жабдылган. Көлөмү чакан. Ошентсе да талантуу акындын ырлары аз болсо да колго тийгени кубандырбай койбойт. Анда Эшмамбеттин Найманбай, Токтогул менен айтышы, Токтогул менен Эшмамбеттин Кара Курманга жолукканы ж. б. баалуу материалдар топтолгон. Айрыкча Токтогул экөөнүн ар кандай кырдаалда ырдашууларына кеңири орун берилген. Акындын ырлары, айтыштары «Ата Журт ырлары», «Салттык ырлар», «Жаңы заман ырлары», делип тематикага бөлүнүп жайгаштырылган. Албетте чоң акын жөнүндө мындай чакан гана жыйнактын калганы өкүнүчтүү десеңчи. Ошентсе да илимпоздун изсиз калтырбай, болгонун терип-тепчип жыйнап, калкка тартуулап кетиши баалана турган эмгектен.

Адабиятчы – илимпоз С. Байкожоевдин илимий тармакта калтырган баалуу иликтөөлөрү кыргыз адабият тарыхында өз маанисин жоготмок эмес.

АДАБИЯТТАР

[1] *Байкожоев С.* Эл ырчысы Калык. — Фрунзе, 1960. — 5-б.
[2] Ошондо, 5-б.
[3] Ошондо, 5-б.
[4] *Байкожоев С.* Осмонкул ырчы.— Фрунзе, 1964 — 78-б.
[5] Ошондо, 7-б.

www.bizdin.kg

МАМЫРОВ МУНДУК

(1928)

Филология илимдеринин кандидаты жана фольклорист Мундук Мамыров 1928-жылы Ысык-Көл областына караштуу Тоң районунун Төрт-Күл айлында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1942-жылы Каракол шаарындагы педагогикалык училищаны бүтүргөн. 1947—1951-жылы Фрунзе шаарындагы педагогикалык институттун филология факультетин бүткөрүп, ошол эле жылдан тартып институттун кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын аспиранты болуп калган. 1954–1957-жылдары КМУнун филология факультетинде окутуучу болуп иштеген. 1957-жылдан тартып Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын «Тил жана адабият институтунун «Манас» секторуна кенже илимий кызматкер болуп кирген. 1962-жылы «С. Каралаевдин «Манас» эпосунун идеялык көркөмдүк өзгөчөлүгү» деген темадагы кандидаттык диссертациясынын негизинде монографиясы жарык көргөн. 1964-жылы бул диссертация ийгиликтүү корголгон. Буга чейин «Манас» эпосун изилдөөнүн тегерегинде мезгилдүү басма сөз беттерине жыйырмага чамалаш маанилүү илимий макалалары жарык көрүп турган. Алсак: «Таланттуу манасчы (кыргыз искусствосунун жана адабиятынын Москвада болуучу декадасына карата, Сов. Кыргызстан, 1958-ж. 1-август); «Памирдик кыргыздарда» («Манас» эпосунун памирдик кыргыздардагы варианты тууралуу. «Ала-Тоо», 1959, № 4); «Манас» эпосунун экинчи китеби». Мында «Манас» эпосуна байланышкан тажик тилинде жазылган Мажму-аттаварих кол жазмасында кыргыз уруулары, алардын тарыхый-этнографиялык таржымалы, ошондой эле «Манас» эпосуна байланыштуу тарыхый окуялар жөнүндө кеп козгогон. Бул макала 1960-жылы «Советтик Кыргызстандын»

www.bizdin.kg

7-январындагы санына жарыяланган. Ушул эле жылдын 23-сентябрдагы санына «Семетей» эпосу; 1961-жылы «Мугалимдер гезитинин» 25-августтагы санына «Карыя педагог манасчы жана фольклорист» деген макаласын Ы. Абдрахмановдун чыгармачылыгына арнаган; Мындан сырткары «Манастын мазмуну, идеясы, көркөм дүйнөсү тууралуу (1961-ж., 9-сент.) «Кыргызстан пионери» газетасына жарык көрөт. Дагы бир кызыктуу макала Токтогулдан чыккан семетейчи Сейдене Молдокееванын чыгармачылыгына арналган («Кыргызстан аялдары» журналы, 1961-ж. № 11). Эгерде «Саякбай Каралаевдин «Манас» эпосунун идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү» (1962) илимий монографиясына токтолсок, анда төмөндөгүдөй маселелер иштелгенин көрөбүз. Автор, изилдөөсүн «Манас» эпосунун жыйналышы, изилдениши тарыхынан баштайт. Эпостун сюжети, көркөм образдар системасы, идеясы, көркөм поэтикалык чыгарманын айрым бөтөнчөлүктөрүнө кеңири токтолот.

Кыргыз элинин тарыхый басып өткөн жолун маданиятын чагылдырган эпос көлөмдүүлүгү, татаал сюжеттик маңызы менен баатырдык эпостордон айырмалангандыгын көргөзүп мындай дейт: «Манас» эпосу идеялык мазмун жагынан жалпы баатырдык эпосторго таандык белгилери менен жеке өзүнө тиешелүү мүнөздүү өзгөчөлүккө ээ. Жаратылыш жагынан ар түрдүү мазмундагы окуяга бай. Бул эпостун идеялык мазмуну кеңири көп жактуу жана көркөмдүгүнүн ар түрдүү болушуна түрткөн. Эпостогу ар түрдүү мазмундагы окуялар композициялык түзүлүшү жагынан рааттуулук менен органикалык жагынан да бирдикти сактаган. Чыгармадагы ал көрүнүш башкы каармандардын ички дүйнөсүн, башкаларга кылган мамилесин, кубанууусун, жек көрүүсүн ачып берүүгө, патриоттук сезимди курчутууга, толуктоого баш ийдирген»[1] – деп көргөзөт.

Манастаануу жаатында изденген окумуштуулардын көпчүлүгү ошол учурдун талабына жараша белгилүү бир системанын чегинде сыяктуу эпостун жазылып алыш тарыхы, аны изилдөөчүлөр жөнүндө, эпостун жалпы сюжеттик курумун баяндоо менен эпостогу традициялуу мотивдерге, көркөм образдарга, системага кайрылышкан. Чындыгында мындай формадагы иликтөөнүн өзү зарылдык болчу анткени, эпосту ийне-жибине чейин билмейин, анын татаал политрадагы бай поэтикалык тилин өздөштүрмөйүн эпос-

www.bizdin.kg

таануунун проблемалары көтөрүлө алмак эмес. Демек, автордун иликтөөсү башка изилдөө эмгектери сыяктуу эле маанилүү болчу. Автор бул монографияда жалпы эпостун мыйзам ченеминде табияты көркөмдүгү, көлөмү туурасында үстүртөн баяндап койбостон, өз алдынча ой жүгүртүп, жеке пикирин сыйдыра билгени менен маанеге ээ. Айрыкча Кириш сөз ордуна деп, эпостун жазылып алыныш, изилдениш тарыхы жөнүндө сөз кылганында В. Радловдон тарта М. Ауэзов, Ч. Валиханов, венгер окумуштуусу Г. Алмашинин, П. А. Фалевдин, А. Бернштам, С. Абрамзон, К. Рахматуллин, В. М. Жирмунскийдин эпосунун котормосуна зор салым кошкон С. Липкин, Л. Пеньковский, М. Тарловскийлер жөнүндө. Ошондой эле профессор П. Берков, М. И. Богданова өндүү бир катар окумуштуулардын баалуу пикирлерине токтолуп, кыскача анонс берип өтөт. Ар бир окумуштуунун пикири, салымы, салмактуу ойлору изилдөөнүн жүрүшүндө толук пайдаланылган, ошол булактарга таянуу менен окумуштуу ишенимдүү ой пикирин чагылдырууга жетишкен.

Окурманга эбегейсиз зор эпопеяны тартуу кылып толук үчилтигин айткан, жараткан классик айтуучу С. Каралаевдин чыгармачылык дүйнөсү ачылып берилген. С. Каралаевдин манасчылык өнөрдү кандай жолдор менен өздөштүргөн, керемет түш көрүүнүн натыйжасында эле «Манас» айтып калуу мүмкүнбү деген сыяктуу көрүнүшкө өзүнүн пикирин билдирет.

Түш маселеси, манасчылардын түштүн сырдуу таасиринен айтып калдык дегени ошол учурдагы карапайым эл үчүн ынанымдуу көрүнүш болгондугун көргөзүп, «Илимий жагынан алып караганда түш көрүү – талантка талант кошо албайт. Ал манасчынын ишенүүсү менен болгон түштөгү болумуш, элес гана болуп саналат. Түштүн чыгармачылык иши менен эч кандай байланышы жок көрүнүш экени да жалпыга белгилүү. Түш көрүү манасчылардын өзүнүн ишенүүсү, элдин ишеничин алууга багытталган айтылып жүргөн көрүнүш. Манасчылардын даңкын чыгарган өз керт башына таандык талантынын күчтүүлүгү, төкмөлүгүнүн жогорку даражада өсүп жеткендиги» — деп кесе айтат[1]. Бирок дүйнөлүк фольклор изилдөөчүлөрдүн, философтордун[2], психологдордун[3] түш проблемасы жөнүндөгү изилдөөлөрү керемет түштүн чындыгында эле болорун, сей-

www.bizdin.kg

рек таланттардын күчүнө күч кошо тургандыгын, сырткы күчтүн таасиринде трансинтеллигибелдүү абалга кабыларын, андан чыгармачылык аффектацияга учурарын далилдешпедиби. Биздин оюбузча манасчынын тубаса таланты, шыгы анын эбегейсиз көлөмдүү чыгарманы кайсыл убакта болбосун төкмөлөп жана да көркөмдөп өздүк табылгасын сыйдыра универсалдуу түрдө ырдап айтып киришине аздык кылар, андыктан жогорудагы окумуштуулардын пикири бекер жерден ынанымдуу чыкпаса керек деген ой келбей койбойт.

Автордун манасчынын көп кырдуу талант экендигин айгинелеген фактылары, ойлору бир топ жеткиликтүү берилген. Чындыгында айтуучуда чечендик, жамакчылык, төкмөлүк, акындык өнөрү күчтүү. Кабыл алуу, эске тутуусу элдин кары-жашына (жаш өзгөчөлүгүнө карата айтышы) артисттик жөндөмү тууралуу айткандарында калет жок. Ал эми эпостун жалпы сюжетине анализ жүргүзүүдө автор С. Каралаевдин жетишкендиктери менен бирдикте айрым мүчүлүштүктөрүн да көргөзө кетет. Оозеки чыгармачылыкта кайталоо, стереотиптүү кайталоонун көп пайдасы бар, айтуучулар улам бир окуяга өткөндө угарманга мурдагы окуялардан кабар берүү, улам эске салып туруу максатында кайталоого мажбур болушкан. Ушул көз караштан келип окумуштуу С. Каралаевдин айрым мүчүлүштүктөрү эпостун көркөмдүк беделин түшүрбөйт деп айтканы негиздүү. Ал эми көркөм образдар боюнча талдоосунда С. Каралаевдин каармандын портретин жаратууда, ар биринин мүнөздүү өзгөчөлүгү, касиети менен өз алдынча ачып берген чебердигин баса белгилейт. Ал кыргыз баатыры болобу, же калмак баатыры болобу болгонун болгондой, бурмаланбай көркөм чагылгандыгы менен баалуу экендигин белгилейт. Адамдын мүнөзү баскан турганы анын жакшы сапаттарын ашкерелеп коёрун чыгармадан ачык көрөбүз дейт автор. Чындыгында көркөм чыгарманын баштапкы салттуу кырааты кандай сакталып келсе, ар бир мыкты айтуучу ошол салтты таяныч кылып келет эмеспи. Автор С. Каралаевдин мына ушундай мыкты сапаттарын ачык чагылдыра алган. Мындан сырткары эпостун көркөмдүк табиятына токтолуп поэтикалык жагдайы тууралуу бир топ туура жыйынтыктарды чыгарганы байкалат. Кыскасы монографиядан биз С. Каралаевдин вариантынын өзгө-

www.bizdin.kg

чөлүгүн, сюжеттик мазмунун, көркөмдүүлүгүн жана кандай жолдор менен айтып, салттуу поэзия үлгүсүн толуктап, өзү да жеке салымын кошкондугунан толук маалымат ала алабыз.

Хронологиялык тартип боюнча алганыбызда 1967-жылдан 80-жылдарга чейин аралыкта эпостун тегерегинде, адабият айдыңына арналган автордун макалалары, изилдөөлөрү тынымсыз мезгилдүү басма сөздөрдө, атайын жыйнактарда басылып чыгып турган экен. Алардын айрымдарына токтолсок: «Манастын» эпос болуп калыптаныш маселелери» деген макаласы. Мында автор эпостун жаралуу доорун болжолдоого аракет кылган окумуштуулардын пикирлерин камтып, белгилүү бир деңгээлде полемикага чыккан жерлери да бар.

Эпостогу мифологиялык белгилерди карап келип, анын эң байыркы мезгилдерде эле пайда болгондугу тууралуу ойго токтолгон. (Ала-Тоо. — 1982. — № 2. —138-бб.). Ошондой эле дагы бир макаласынын бири «Манас» эпосунун экинчи китеби» деп аталып, экинчи томго кирген эпостун бөлүктөрүнө, китепте кетирилген айрым мүчүлүштүктөргө мисалы «мөөсүл», «ширге», «коога», «басырык», «салбырын» ж. б. ушул сыяктуу сөздөргө түшүндүрмөлөрдүн берилбей калганына, же айрым главаларында профессионал жазма адабиятка жакын үлгүдө жазылып кеткендигин белгилейт. Ошону менен катар китептин жакшы жактарын да баса белгилейт. (Сов. Кырг. 1960-ж., 17-январь). Бул сыяктуу макалалар учурдун талабына толук жооп берген, илимий көз караш ой толгоо жана так далилдүү фактылар эпикалык чыгарманын элдин калың катмарына сиңишине оң таасирин берип тургандыгын белгилөөбүз керек. Жогорудагыдай макалалар цикли ондоп саналат. Окумуштуу эпостаануунун ар бир проблемасына кайдыгер эмес экени ачык көзгө урунат. Алсак автордун «Кыргыз адабиятынын тарыхынан» адабий сын макалалар жыйнагы. Бул китеп 1980-жылы жарык көргөн. Мында автор «Манас» эпосун алгачкы жолу айткан адамдардын чыгармачылыгынан маалымдаган. Маселен «Кыргыздын Фемийи жана Демодогу» деген бөлүгүндө адамзат коому түзүлүп, адам аң-сезими, дүйнө таанымы кеңейип жүрүп олтургандан берки дооролордо эле алардын арасында бөтөн-

www.bizdin.kg

чөлөнгөн адамдардын чыгышын, алардын бири акын-ырчылар болгондугун белгилейт.

«Бири — атадан балага мурас калган, укумдан тукумга айтылып келген коомдук мааниси аябай зор мифоэпикалык оозеки чыгармаларды өздөштүрүп, аларды өркүндөтүп айтууга дилгирленсе, экинчиси – кырдаалга жараша элдин өткөн-кеткени менен күнүмдүк турмушуна, каада-салтына, ишеним-түшүнүгүнө байланышкан ар кыл майда ырларды жаратып, ошолорду ырдоого ыңгайлашкан. Акын-ырчылардын жөндөмүнө, шыгына жараша бөлүнүшү алмуздактан бери эле жүрүп, ал элдин оозунда, айрыкча кыргыздын бирден бир байыркы сейрек мурасы «Манас» эпопеясында да сакталып келген» – дейт. Окумуштуунун бул пикири да тарыхый булактардын негизинде айтылган. Анткени ар бир улуттун элдик мурастарында «Манасты» айтып баштаган Ырамандын ырчы уулу Жайсаң сыяктуу аңыздары бар эмеспи. Автор эпостун байыркы элдерде эле жарала баштагандыгын аныктоо максатында тексттин өзүнө кайрылып талдоо жүргүзөт. Эмгектин бөлүнүшү, кулчулук доордун белгилерин чыгарманын кайсыл мезгилдерге таандык экени айгактайт деген оюн ортого салып, байыркы грек поэмаларын жараткан Гомер менен Гесиоддун, Фемий менен Демодоктун, Фамир менен Музанын айтыштарын мисалга алат. Булардын мисалында «Манас» эпосунун жаралуу дооруна түздөн-түз себепкер болгон Ырамандын ырчы уулу менен Жайсаңды көргөзөт. Бул ырчылардын маселен Фемий менен Демодоктун кайсы доордо жашап өткөнү тууралуу так маалымат болбогон сыңары эле Ырамандын ырчысы, же Жайсаңдын кайсы мезгилде болгондугу жөнүндө маалыматтын жоктугун көргөзөт. Мындан сырткары Тибеттеги монгол версиясындагы «Гэсэр», байыркы индустардын «Махабхаратасы», «Рамаянасы» мисалга алынып, аларды айткан Вьяса Валмики өндүү адамдардын ысмын Ырамандын ырчысы, Жайсаң ырчы менен салыштырат. Натыйжада «Манас» эпосундагы Ырамандын ырчысы куду эле Фемий, Демедок менен Чойбеби окшогон – аэд жомокчу» – деп белгилейт. Ырамандын ырчысы булар сыяктуу эле баатырды жандап жүргөн чоролорунун бири – баатыр баянын ырдаган ырчы экенин айтат. Албетте мындай салыштыруу абдан кызык пикир жаратат. Бул көрүнүш кандайдыр бир деңгээлде

www.bizdin.kg

эпикалык чыгармаларындагы жалпылык мыйзамченемди айкындайт көрүнөт. Айрым убактарда, (16-б.) маселен Ырамандын ырчысы тууралуу айткандары кандайдыр ойлонууга түртпөй койбойт. Анткени Ырамандын ырчысы тууралуу айтылгандардын баарысы божомол ойлор. Ошондуктан бул адамдын аткаруучулугуна сүңгүп кирип так айтуу кыйын го.

Изилдөөнүн экинчи бөлүгү «Кыргыздын байыркы Гомери» деп аталат. Мында эпосту баштоочулардын бири Жайсаң ырчы тууралуу ой сыйдырылган, Жайсаң деп аталып калышы тууралуу ойлору бир топ кызыгууну жаратат. Окумуштуу Жайсаңдын мыкты ырчылыгын даңазалаган

«Жайсаң деген ырчысы
Жалгыз үйдүн борумун
Жарым күнү ырдаган» –

деген ыр сабынын кандай, кайсы кырдаалдан, кайсы убакта айтылгандыгын чечмелеп берет. Эпостогу уруңттуу учурларды факты катары алып, илимий көз карашта талдоого алганы ынанымдуу чыккан. Мындай иликтөө илим үчүн өз пайдасын бербей койбойт. Мисалы «Ырамандын ырчы уулу менен Жайсаңга окшогон таланттуу эпик-жомокчулар кыргыздарда классикалык баатырдык эпос түзүлүп жаткан байыркы урукчулук коомдон кулчулук дооруна катташа баштаган өтмө мезгилдерде эле болгондугунда. Бири — «Манас» менен мезгилдеш келген мифтик ырчы болсо, экинчиси — ар кыл темадагы мифоэпикалык ырлардын негизинде «Манасты» кадимки классикалык эпос кылып түзгөн эпик-жомокчу аталгандыгында»[1] деп ишенимдүү белгилейт. Демек, Жайсаң менен Ырамандын ырчы уулу М. Мамыровдун ою боюнча эпосту жаратуучу айтуучу болуп саналат. Балким мындай божомолдун кандайдыр бир деңгээлде чындыгы барбы деген ойго келесиң.

Мындан сырткары бул жыйнакка «Элдик мурастарды тарыхый, маданий эстеликтерди жыйноо жана сактоо», кыргыз фольклорунун ар кыл жанрындагы чыгармалардын жыйналышы, аларды айтып элшге жеткирген комуз күүлөрүн черткен залкар чеберлердин салымы, ошондой эле Чоюкенин окуучусу Мамбетаалыдан жазылып алынган вариант, магниттик лентага жазылып алынган С. Ка-

www.bizdin.kg

ралаев ж. б. варианттары тууралуу кеп козголот. Элибиздин бай мурастарынын көөнөрбөс үлгүлөрүн болушунча жыйнап жазып алуу, аларды сактоо ар бир атуулду кайдыгер калтырбоосу керек экенин белгилейт. Ушул эле жыйнакка «Жоокер акын» деп аталган иликтөөсүндө кыргыз совет адабиятынын баштоочуларынын бири Жума Жамгырчиевдин чыгармачылыгы, анын замандаш калемдештери Мукай Элебаев, Касымалы Жантөшев, Жоомарт Бөкөмбаев өндүү акын, жазуучуларды камтый кеткен. Жума Жамгырчиевдин «Кайгылуу күн» деген ыры маселен мазмуну, жаралыш кырдаал шарты боюнча Аалынын «Октябрдын келген кези» же М. Элабаевдин «Зарыгам» деген эле сыяктуу ырларынын катарындагы төл башы чыгармалардан экендигин көргөзөт. Акындын ар кыл тематикадагы ырлары өзү жашаган доордун жарчысы катары көргөзгөндүгүн баяндайт.

Жыйнакка кирген акын, драматург Жусуп Турусбековдун «Ук, жер жүзү» ырына арналып, бул ырдын маанисинин тереңдиги акындын чыгармаларын бириктирип турган негизги тематикасынын өзөгү экендигин көргөзөт. Жусуптун ырынын курчтугу жаңыча формада, публицистикалык түрдө жазылганы да акындын чеберчилигин айкындагандыгын көргөзөт. Кыргыз элинин Октябрь революциясынан кийинки тагдыры, ага чейинки тарыхы ушул чакан ырда абдан ачык чагылдырылгандыгын дагы бир ирет жеткире талдаган. Муну менен катар акындын «Тилек» , «Ленин жолу» ж. б. ырларын жана «Ажал ордуна» драмасы тууралуу учкай сөз кылып кыргыз элинин таалайына Октябрдын жаңы атканын жаңыча үн менен ырдап чыккандыгын баяндайт. Ал эми «Кыргыз жергесиндеги алгачкы агартуучулар» деген макаласында В. В. Радлов, Ч. Ч. Валиханов баш болгон кыргыз маданиятына, мурасына алгачкылардан болуп чыйыр салган инсандардын эмгектерине токтолгон. Ошондой эле «Эпоско тарыхый мамиле жасайлык» деген сын макаласы окумуштуу Р. Сарыпбековдун «Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү» деген монографиясына карата жазылган. Мындан сырткары «Тажикстандык кыргыздарга арналган китеп», Жерге-Талдык кыргыздардан жыйналып алынган материалдын негизинде жазылган окумуштуу Ж. Мукамбаевдин жана К. Иманалиевдин «Памирдик-каратегиндик

www.bizdin.kg

кыргыздарда» («Кыргызстан, 1966) эмгеги тууралуу жазат. Эмгектин жетишкендиктери менен катар мүчүлүштүктөрүнө кайрылат. Ал эми «Бул кандай ыкмалар?» деген макаласында К. Сабаеванын «Манас» эпосун окутуунун ыкмалары» деген методикалык окуу куралы тууралуу пикирин билдирген.

Көрүнүп тургандай автор мейли элдик фольклордук чыгарма болобу, аны жазган, изилдеген окумуштуулардын иликтөөлөрүнө, профессионал адабиятында болобу, же окуу китептери болобу өзүнүн позициясынан туруп, даректүү фактыларды пайдалана билип өз оюн ачык айтууга, далилдөөгө аракет кылат. Албетте, илимге, көркөм чыгармага объективдүү мамиле кылуу ар бирибиздин милдетибиз. Анткени, илимде талаш-тартыштын, көз караштын негизинде чындык айкындалаары айтпасак да түшүнүктүүдүр.

Автордун кийинки жыйнагы «Адабият башаты» деп аталган. Мында да адабий сын жана адабият таануунун айдыңындагы иликтөөлөр камтылган. Алсак, «Манастын» эпос катары калыптаныш маселелери» деген иликтөөсүндө кыргыз фольклористика илиминде эпостун келип чыгышы, калыптаныш мезгилдерин, тарыхый булактарга таянуу менен аныктоого аракет кылган. Окумуштуулардын гипотезаларына токтолуп, дээрлик «Манас» эпосун изилдеп баштагандагы алгачкы ой-толгоолорлдон тартып, 80-жылдардагы мезгил аралыгын камтыган. Жалпыбызга белгилүү болгондой бул маселеге убагында адабиятчылар, жазуучулар, фольклористтер, тарыхчылар ж.б. көбү кайрылып, белгилүү бир мезгил аралыгында М. Мамыровдун иликтөөсүндө айтылгандай пикирлер жаралган. Маселен, эпостун келип чыгыш доорун Ч. Ч. Валиханов Ногой ордосу мезгилинде XIV—XV к. чыккан деп жазса, В. В. Бартольддун аныктмасы боюнча кыргыз мамлекети 840-жылдары уйгурлар менен болгон кагылыш мезгилине байланыштырат. Эгерде тексттин мазмунундагы фактыга караса 873-жылы эпостун уюткусу жаралган» деген сыяктуу иликтөөлөргө өз көз карашын билдирет. Манас тарыхый адамбы же мифпи деген суроолорго кайрылып, айрым окумуштуулардын гипотезаларына токтолот. Сөзүнүн акырында «Манас» өндүү жаралышы байыркы мүнөзгө ээ болгон баатырдык эпостун алгачкы башатын качан, кайсы мезгилде же кылымда дал келтирип аныктоо эч качан мүмкүн

www.bizdin.kg

эмес. Ал эпос катары калыптанганга чейин бир нече кылымдар бою өзүнчө ырлардын цикли түрүндө оозеки айтылып келген ж. б. Автордун пикири боюнча эпостун жаралуу доору эң байыркы мезгилдерден эле башталган, ал эми окумуштуулардын пикирлери эпостун стадиялуу өнүгүү катмарларынын ар бир доордун белгилүү бир тарыхый издерине туура келип калган шарттардан улам жаралган деген сыяктуу ойго түртөт балким эпостун баштапкы саптары качандыр бир мезгилдерде пайда болгону ырастыр, бирок эпос толук кандуу көркөм чыгарма болуп калыптануусу уруучулук доорго туура келген сыяктанат.

Дагы бир токтоло кетүүчү изилдөөсү «Манас» эпосу жана байыркы сүрөт өнөрү». Мында автор академик А. П. Окладниковдун, М. П. Грязновдун иликтөөлөрүнүн негизинде түрк элдеринин байыркы эстеликтериндеги калган сүрөт искусствосунун издери, Пазырык көрүстөндөрүндөгү татуировкалардын мааниси, «Манас» эпосундагы айрым бир сюжеттик кырдаалдардагы элестер менен жакындыгын көргөзөт. Татуировканы башкалардан бөтөнчөлөнгөн баатыр эр азаматтар койдурушкандыгы, алар үчүн татуировка кандайдыр сырдуу күч берип тургандай түшүнүмдө болгондугун боолголойт. Кыргыздарда маселен, тотем болгон жаныбарлардын элеси көмөкчү болорун көргөзөт. Андан ары эпостогу дегеле кыргыз элинин тотем жөнүндөгү түшүнүгү анын кенен жана терең мааниси бар экенин белгилеген. Бул иликтөөлөрү алтай, якут сыяктуу элдердин тарыхый маалыматтары менен бирге каралган. Маселен байыркы сүрөттөрдөгү аттын элесинин түшүрүлүшү, «Манастагы» жоого минген казат тулпарын, же башын жерге салып оттобой турганы аза күткөн сыяктанган тулпардын элестерин бергендигин абдан жеткиликтүү талдоого алат.

Кыскасы тарыхый эстеликтердеги сүрөт искусствосу «Манас» эпосунун тарыхый издеринен кабар берерин чагылдырган.

Кыргыз элинин айтыш өнөрүнүн чеберлери болгон Жеңижок, Калык өңдүү акындар жөнүндө кеп козгоп Жеңижоктун жалпы чыгармачылыгына аны түзгөн окумуштуулардын иликтөөлөрүнө карата жазылган «Мураска илимий мамиле жасайлы» деген иликтөөсү 1982-жылы жазылган. Бул иликтөөдөн Жеңижоктун чыгармачылыгы менен таанышуу эмес, ал жөнүндө жазгандардын көз

www.bizdin.kg

карашына, адабий мурасты элге жеткирүүдө илимий тактык керек экендиги тууралуу баяндаган.

Жалпылап айтканда, автордун көз карашы боюнча бөтөнчө манастаануу айдыңындагы изденүүлөрүнүн алкагын алганда, көп жылдардын жемиши катары көрүнгөн эмгеги купулга толорлук. М. Мамыровдун бүгүнкү күнгө чейин жүздөн ашык илимий макалалары салмактуу монографиялары жарык көргөн. Оозеки чыгармачылыкты, өзгөчө «Манас» изилдөөчү иретинде, адабият боюнча иликтеген эмгектери жогорку окуу жайларынын студенттерине, аспиранттарга, жалпы эле изилдөөчүлөргө көп пайдасын тийгизген, керектүү материал экенин танууга болбойт.

АДАБИЯТТАР

[1] *Мамыров М. С.* Каралаевдин «Манас» эпосунун идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү. — Фрунзе, 1962. 4-б.

[2] *Нечаенко Д. А.* Сон заветных исполнений знаков. — М.: Изд. Юридическая литература, 1931. 31-бет.

[3] *Вольперт.* Сновидения в обычном сне и гипнозе. — Л.: Изд. Медицина, 1966.

[4] *Фрейд З.* Тотем и табу. — М.: Изд. Олимп, 1997.

[5] *Мамыров М.* Кыргыз адабиятынын тарыхынан. — Фрунзе, 1980-ж. 41-б.

www.bizdin.kg

ТОКОМБАЕВА АНАР

(1929)

Кыргыздын оозеки чыгармаларын жыйнап, жарыялоо ишине олуттуу эмгек сиңирген окумуштуулардын бири Анар Токонбаева.

Ал 1929-жылы Ысык-Ата районунун Эпкин деген айылында туулган. 1947-жылы областык педучилищаны, 1953-жылы Москвадагы Ломоносов атындагы мамлекеттик университеттин тюркология бөлүмүн бүтүргөн. Аталган университеттин аспирантурасын 1958-жылы аяктап, «Олжобай менен Кишимжан» эпосунун идеялык көркөмдүк өзгөчөлүктөрү» аттуу кандидаттык диссертациясын 1970-жылы коргогон. Филология илимдеринин кандидаты. 1955-жылдан 1968-жылга чейин Кыргыз Улуттук илимдер Академиясынын Тил жана адабият институтунун «Октябрь революциясына чейинки адабият» бөлүмүндө кенже илимий кызматкер, андан соң ушул эле институттун Кол жазмалар бөлүмүндө илимий, ага илимий, жетектөөчү илимий кызматкер болуп кыйла жыл эмгектенип, 1981—1988-жылдары ушул сектордун бөлүм башчылык милдетин аткарган. 1992-жылдан тарта ардактуу эс алууда.

Көрүнүп тургандай, А. Токомбаеванын чейрек кылымдык өмүрү баштапкы Тил жана адабият институнун (азыркы Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун) Кол жазмалар бөлүмүндө үзүрлүү эмгектенүү менен өткөн. Натыйжада ал бул аралыкта өзү түзүп, комментариялаган, баш сөзүн жазган жана башка окумуштуулар менен биргелешип түзгөн көптөгөн китептерди басмадан чыгарган.

А. Токомбаеванын тунгуч эмгеги окумуштуу С. Закиров менен бирдикте түзгөн «Кыргыздын элдик лирикала-

www.bizdin.kg

рынын жанрдык өзгөчөлүктөрү» улуттук академиянын «Илим» басмасынан 1964-жылы чыккан. Бул чакан жыйнакка «Эмгек ырлары», «Бешик ырлары», «Дыйканчылык ырлары», «Тон чык», «Турмуштук үрп-адат, салт ырлары», «Сүйүү», «Армандар», «Санат-Насыяттар», «Табышмактар» топтоштурулуп, «Кошоктор» менен «Көрүшүү» бөлүмүн А. Токомбаева түзгөн. Калган бөлүмдөрүн жана баш сөзүн С. Закиров жазган. Жыйнактын өз учурунда журтчулук үчүн мааниси зор болгон.

А. Токомбаеванын кийинки эмгеги окумуштуу Б. Кебекова менен биргелешип түзүлгөн. Китеп «Октябрь революциясына чейинки элдик ырлар» жана «Компартия, Ленин, Совет өкмөтү жөнүндөгү ырлар» деген эки бөлүктөн турат. Мындагы:

Эмгек ырлары
Бешик ырлары
Балдар ырлары
Күүлөр
Сүйүү ырлары
Терме
Санат
Насыят
Коштошуу, амандашуу
Айтыш
Арман
Кыз узатуудагы ырлар
Көрүшүү
Кошоктон

туруп, кыйла кеңири материалдарды камтыган «Октябрь революциясына чейинки элдик ырлар» аталган биринчи бөлүм А. Токомбаева тарбынан түзүлөт. Ал эми китептин экинчи бөлүмүн жалаң эле «Компартия, Ленин, Совет өкмөтү жөнүндөгү ырлар» түзбөстөн, мында деле эмгек, сүйүү, балдар, сатиралык, согуш мезгилиндеги кат түрүндөгү жана ар түрлүү ырлар, «Айтыштар», «Санат-насыяттар» б. а. Совет мезгилиндеги чыккан ырлар жыйналган. Бул бөлүмүн Б. Кебекова түзгөн.

«Кыргыздын элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрүнөн» (1964) чыйырланган «Кыргыз эл ырлары» аталган бул көлөмдүү, ары маанилүү жыйнак окумуштуу-

www.bizdin.kg

лар З. Бектенов, Т. Байжиев тарабынан жазылган «Кыргыз адабиятын» (китеп 1949-жылы чыгып, «Октябрга чейинки фольклор» деген бөлүмүндө «Эмгек ырлары», «Ырым жана эм-дом ырлары», «Сүйүү», «Үрп-адат ырларынан» мисалдар келтирилген. Бирок көп өтпөй авторлоруна саясий айып тагылып, окуу китеп пайдаланууудан таптакыр алынып салынат А. О.) эске албаганда көп жылдар бою хрестоматиялык окуу китебинин ролун ойногон.

Аталышы эле айтып тургандай, «Кыргыз эл ырлары» элибиздин абалтадан берки жашоо-турмушунда кандай адат-салтта, тематикада, жанрда ырлар кездешсе, ошолор дээрлик (айрымдары бир нече вариантта) жолуккандыгы менен баалуу. Ошол себептүү мындагы материалдар 1973-жылы чыккан «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очеркине», кийинки жазылган «Кыргыз адабияты» окуулуктарына, «Кыргыз поэзиясынын эки томдук антологиясына» (1987) кеңири пайдаланылган.

Бул жыйнак учурунда аз чыккандыгына (1500 нуска) байланыштуу жана элдин суроо-талаптарына ылайык өздүк тематикаларына жараша бөлүнүп, «Кыргыз элинин сүйүү ырлары» (Совет мезгилине чейинки жана Совет мезгилинен кийинки болуп эки бөлүктөн туруп) 1974-жылы, «Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги эл ырлары» (1974) жана «Кыргыз эл ырлары» (Совет мезгилиндеги) 1978-жылы, өз-өзүнчө үч китеп болуп, А. Токомбаева тарабынан баш сөздөрү жазылып кайрадан жарыкка чыккан.

Жогоруда аталган үч китептин ичинен «Кыргыз элинин сүйүү ырларын» өзүнчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Эмне себептен өзүнчө жыйнак кылгандыгы туурасында өзү минтип жазат: «Кыргыз илимдер Академиясынын Тил жана адабият институтунун фондусунда ашыктык ырларынын көп үлгүлөрү топтолгон. Алардын айрымдары гана жарык көрүп, калгандары кол жазмалар түрүндө сакталып келген эле. 1925-жылы «Секетпай» деген ат менен кичирээк жыйнак чыккан. 1967-жылкы «Кыргыз эл ырларына» ашыктык ырларынын бир топ үлгүлөрү берилген. 1970-жылы басылган «Ала-Тоо таңшыйт» деген обондуу ырлардын жыйнагында массалык ырлар менен катар элдик сүйүү ырларынын үлгүлөрү да киргизилген. Бул материалдардын баары белгилүү даражада өзүнүн ролун ойноодо. Ошентсе да ашыктык ырларынын атайын толук жыйнагын түзүү зарылдыгы туулуп отурат.

www.bizdin.kg

Ашыктык ырлары махабат отуна кабылган жаштардын оргуштаган күчүнө, энергиясы ширелип, чын пейилинен чыккан канатуу ой тизмектер менен ырга айланган-дыгынан улам жан дүйнөңдү тепчип өтчү, кимди болсун кадимкидей ойлондурчу, толгондурчу кереметүү күчкө ээ. Ошол себептүү сүйүү ырлары мезгил тандабастан, кандай доор, кандай заман болбосун ар качан популярдуу».

Бул жыйнак тамсилдүү кыйытма, арман, күйгөн мотивиндеги арзуу лирикаларынан тарта Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жаралган кат түрүндөгү арноолорго чейин б. а. элибизде учураган ар кандай мотив, ситиль, формадагы ырлар түгөлү менен орун алган көп кырлуу, материалдарынын кеңирилиги менен баалуу. Мында, айтылуу эл ырчыларынын белгилүү ырлары да жана башында кыз же жигит тарабынан чыгарылып, бирок ушак-айындан коркуп тымызын ырдалып кеткен обондуу ырлар да, б. а. автору капкачан унутулуп элдик болуп кеткен ырлар жолугуп, жалпысынан фольклор жыйноочулар тарабынан эл ичинен жыйналган бай материалдар китептин негизин түзгөн. А. Токомбаева китепке кирген баалуу материалдар 20-жылдардан тарта Каюм Мифтаков, Сапарбай Сооронбаев, Чаки Каптагаев, Ыбрайым Абдыракманов, 40-жылдары Медина Искендеровна Богданова, Бүбү Керимжанова, Зияш Бектенов, Абдылдабек Тайкүрөңов жана институттун кийинки кызматкелери тарабынан чогултулганын атайы белгилеген.

Махабат ырларынын сыры эмнеде, кимдер тарабынан, кандай шартта жаралып, кандай маанайда ырдалгандыгы, бул багыттагы ырлардын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү туурасында түзүүчүнүн өз пикири бар: «Кыргыз элинин ашыктык ырлары көп убактарда адамдын махабатынан чыккан терең сырларын билдирет, асыл сезимдер, эмоция козголот. Ашыктык ырларында жаштардын бири-бирине болгон жакшынакай мамилелери, сезимдери поэтизацияланып, сүйүүнүн күчүнө суктануу, жаштык кезди сыйлап, аны баалай билүүгө үндөө мотиви басымдуу келет. Адамзаттын өмүрүндөгү эң кымбат, эң асыл жаштык кезди, чексиз сүйүүдөгү ички назик сезимди отко, жалынга салыштыруу менен өлбөстүгү, түбөлүктүүгү даңазаланат.

Революцияга чейинки укук келин-кыздарды эркектен ажыратып, мурун көрүп-билбеген, өзүнө тентуш эмес ки-

www.bizdin.kg

шиге калыңга сатуу, жигитти ата-эне, ага-туугандарынын эркин менен үйлөнтүү адаттары жаштардын эркин сүйүүсүнө чек койгон. Көп учурда колунда жок кедей-кембагалдар калың төлөй албагандыктан картайганча үйлөнбөй, так өткөн күндөрү да болгон. Мына ушул шартта кол жетпеген эркин сүйүүнү эңсеген жаштар сүйүүгө жете албаганын, же жолугушуп жүрөк черин жаза албаганын арман кылып, жүрөктү сыздаткан «Күйгөн» ырларынын агын суудай сабактарын жаратышкан» (1, 34-б.).

Баш сөз ордуна кеткен «Түзүүчүдөн» деген алгы сөздө махабат ырларынын эмне экендигине жалпы мүнөздөмө берилип, айрыкча түштүк аймагынан чогултулган ырларда өзүнчө көркөм ыкма, татаал метафора, салыштыруулар бар экендигин, о. э. бул ырларда «сүйгөнүнүн сымбаты, кыял-жоругу гана даңазаланбастан, алардын баскан-турганы, кийген кийими, ичкен ашына чейин шөкөттөлө, не бир түркүн ыргакта, обон коштоло аткарылары» кыскача бирок тыянактуу жакшы айтылган. Жыйнакты түзүүнүн маани, максаты да көрсөтүлгөн. Бирок баш сөздүн талабы башкача болгондуктан кандай ырлар «күйгөн», кандай ырлар «секетпайлар» деп аталат. Октябрь революциясына чейинки ырлар эмне себептен ар кыл мотив, формада, аталышы, булардын Совет мезгилиндеги ырлардан негизги өзгөчөлүктөрү, жалпылыкттары кайсында деген сыяктуу проблемалуу сроолордун башы ачылбай калган. Мунун негизги себеби, түзүүчүнүн сүйүү ырларын кеңири планда чечмелеп берүүнү атайы көздөбөгөндүгү деп боолголошко болот.

Ошентсе да аталган жыйнак ашыктык ырларынын эң кеңири маалыматталышы, материалдарынын байлыгы менен кундуу.

А. Токомбаеванын дагы бир көрүнүктүү эмгеги «Айтыштар». Бул жыйнак эки томдук болуп «Кыргызстан» басмасынан 1972-жылы чыккан. Акындардын чыгармаларынын айрым үлгүлөрү Республикалык эл чыгармачылык үйү тарабынан 50-жылдардан кийин өзүнчө жыйнак болуп жарыяланган. Ал эми бул томдуктарда эл ичинде кездешкен, акындар чыгармачылыгында учураган көрүнүктүү айтыштар толугураак камтылган. Биринчи китептин «Түзүүчүдөн» деп берилген алгы сөзүндө бул томдуктарды түзүүнүн негизги максаты, материалдарынын жайгаштыры-

www.bizdin.kg

лыш тартиби туурасында сөз болот жана айтыштарга учкай мүнөздөмө берилет.

Айтыштардын 1-китеби «Адат-салт айтышы» жана «Акындар айтышы» деген эки бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмүндө: «Байдын кызы менен жардынын кызы айтышкан» — акыл, «Бала менен кыздын», «Күйө менен колуктунун», «Кайнага менен келиндин айтышы» сыяктуу салттуу; «Бука ырчынын Айгандын уулун угузганы» сыяктуу абалкы формадагы; «Талым кыз менен Көбөктүн», «Байкабыл менен Чата кыздын айтышындай» — табышматуу; «Сары эчки менен ээсинин», «Куба кой менен ээсинин айтышындай» — тамсилдүү айтыштар орун алган.

Экинчи бөлүмү: «Акындар айтышы» деп аталып, мында Токтогул, Тоголок Молдо, Эшмамбет, Калык, Барпы, Коргол, Алымкулдун элге кеңири белгилүү айтыштарынан тышкары, буга чейин элге анча кеңири таанылбаган (кээси такыр белгисиз) Чоңду, Эсенаман, Жеңижок, Найманбай, Калмырза, Бекназар, Кулуке, Кара Курман, Шадыкан, Калбото, Назарбай, Сулайман, Нишан, Жолдош, Жумагул, Балкы кыз сыяктуу ар кылка эл шайырларынын айтыштарынан турат.

Береги айтыштар, айтыштын: Кордоо, Табышмактуу, Алым сабак, Тамашалуу түрүнө кирет.

А. Токомбаеванын: «Акындар айтышы өзүнүн коомдук турмуш маселелерин кеңири чагылткан денгээлине XIX кылымда гана жетти деп айтууга болот. Анткени, дал ошол XIX кылымда гана коомдук турмуштун бардык жагдайында социалдык өзгөрүүлөр болуп, коомдук мамилелер жандана баштаган, б. а. айтыш жанрынын кенен өнүгүшүнө шарт түзгөн эле» (2, 6-б.) дегенине ынанууга болот. Чынында эле, айтыш өнөрүндө кездешкен, ар тарабынан келген масштабдуу нукура класскалык айтыштар XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын баш мезгилине туура келет.

«Айтыштардын» II тому да «Адат-Салт айтышы» жана «Акындар айтышы» деген эки бөлүмдөн туруп, биринчи бөлүмү: «Жигит менен кыздын», «Эпкиндүү келин менен жалкоо жигиттин», «Чабан менен дыйкандын», «Зоотехник менен агрономдун», «Адвокат менен Сопунун» айтышындай»– советтик жаңы турмушка ылайыкташкан үгүтчүл маанайдагы жана «Чыйырчык менен таранчынын айтышындай» тамсилдүү айтыштан турат.

www.bizdin.kg

Экинчи томдун экинчи бөлүмүнө Токтогул, Калык, Алымкул, Осмонкул, Сарыкунан, Шаршен, Токтоналы, Ысмайыл, Токтосун, Эстебестердин совет мезгилиндеги тамашалуу алым сабак, жайынча айтыштары киргизилген. Китептин 20000 тираж менен чыгышы да элге канчалык керектүү китеп экендигинен кабар берет. Албетте, «Айтыштар» эки томдугу андагы эпкиндүү, күжүлдөп иштеген өздүк көркөм чыгармачылык топтору үчүн жана ырчылар поэзиясынын, анын ичинде айтыш өнөрүнүн жандануышына абдан зор көмөгүн тийгизген.

1973-жылы «Илим» басмасынан чыккан «Кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын тарыхынын очерки» оозеки чыгармачылыктын бүт жанрын камтыган кыргыз фольклористтеринин көзгө көрүнүктүү эмгеги катары айрыкча филология жаатындагы окумуштуулар, мугалимдер, студенттер үчүн узак жылдар бою колдон түшпөгөн баалуу китеп болуп келди. Аталган очерктин «Кошоктор» жана «Көрүшүү» бөлүмдөрү А. Токомбаева тарабынан жазылган.

Окумуштуу дал ушул 1970-жылдары үзүрлүү эмгектенген. 1975-жылы фольклорист окумуштуу Б. Кебекова менен бирдикте «Кыргыз эл жомокторун» түзгөн. Жөө жомоктун айрым үлгүлөрү 30-жылдардан тарта газета-журналдарда, кийинчерээк антологиялык жыйнактарда, кыргыз адабиятынын хрестоматияларында жарыяланып келген. Жомоктор өзүнчө жыйнак болуп эң биринчиси 1957-жылы чыккан. Толукталып экинчи жолу 1970-жылы жарык көргөн.

Бул жолку чыккан (1975) жыйнакка Кыргыз Илимдер Академиясынын Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусунда сакталып турган жомоктордун тандалган үлгүлөрү киргизилген. «Бул жомоктор бир нече жылдар бою Кыргызстандын бардык булуң-бурчтарынан, ар кандай адамдардан жыйналган, жомокчулардын айтуу манералары бирдей эмес, кээ бир жомоктор бири-бирине мазмун жагынан окшош, ошондуктан элдик өзгөчөлүктөрдү сактоо максатында аларды кандай айтылса ошондой бойдон калтырдык. Жыйнактагы архаикалык жана диалектологиялык сөздөргө, ошондой эле жомоктор кимден, кайсыл жерден, качан жазылып алынгандыгы жөнүндө түшүнүктөр тиркелди» — деп жазышкан түзүүчүлөр, бул жыйнак туурасындагы маалыматтамасында.

www.bizdin.kg

Жыйнак беш бөлүктөн турат:

1. Кереметтүү жомоктор.

Буга, акылдуу адамдардын фантазиясынан, бирок негизги турмуштук жагдай, көрүнүнүштөрдөн алынган укмуштуу, кереметтүү жомоктор топтолгон.

2. Айбанаттар жөнүндө жомоктор.

Буга, жалаң канаттуу куштар, түрлүү айбанаттар, жаңжаныбарлар туурансындагы жомоктор киргизилген.

3. Турмуштук жомоктор.

Буга, жашоо-тиричиликте боло келген не бир акылдуу, көрөгөч, ойчул, айлакер, өнөрлүү, «караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан»– чечен, мүнүшкөр, сынчы, саяпкер (булардын арасында Көсөө, Жээренче чечен, Акыл Карачач, Асан Кайгы бар) адамдар туурасындагы жомоктор иргелген.

4. Анекдоттор.

Буга, жалаң Апендинин күлкүлүү окуялары топтолгон.

5. Легендалар.

Буга, Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Карагул ботом ж. б. жөнүндөгү, о. э. Ысык-Көл, Чиркей, Чабалекей, Жылан боюнча айтылган уламыштар кирген. Буга чейинки чыккан «Кыргыз эл жомокторунан» айырмаланып, мында элдик ар кыл жомоктор кеңири берилген, ошону менен бирге «Анегдоттор» кошо киргизилген. Китеп 55000 тираж менен чыккан.

«Кыргыз эл жомоктору» 1985-жылы А. Токомбаева тарабынан түзүлүп, кайрадан басылат. Мында жомоктордун баштатадан бөлүнүп келген негизги үч түрү гана камтылган:

1. Айбанаттар жөнүндөгү жомоктор.

2. Кереметтүү жомоктор.

3. Турмуштук жомоктор.

Ушул жолку чыгарылышынын айырмасы мында: биринчиден, мындагы материалдар жалаң Академиянын Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар фондусунан алынып, мурунку чыгышындагы айрым материалдар кирбей, жаңы материалдар менен кыйла жаңыланган. Алсак, «Айбанаттар жөнүндөгү жомоктор» мурунку басылышында он үч болсо, мында он сегиз, «Кереметтүү жомоктор» башта отуз беш болсо, мында жыйырма жети. «Турмуштук жомоктор» отуз бир болсо, бул жолкусунда кырк жети.

www.bizdin.kg

Экинчиден, мурунку басылышында «Кереметтүү жомоктордун» катарына кирген «Зар менен Мээр», «Акылман вазир», «Жаман» деген жомоктордо кереметтүү көрүнүштөрдөн турмуштук жагдайлар басымдуулук кылгандыктан бул жолку чыгышында «Турмуштук жомокторго» киргизилген.

Үчүнчүдөн, баштакы басылышында кездешкен «Анекдоттор» менен «Легендалар» мында жок. Ошондой эле мында «Кыргыз эл жомокторунун» жазылыш, жыйналыш, жарыяланыш тарыхы туурасында сөз болот. Жомоктор, алардын бөлүктөрү жөнүндө мындайча кыскача түшүнүк берилет. Алгачкы убактарда айбанаттар жомогу адамдардын айбандар жөнүндөгү түшүнүгүн гана берсе, бара-бара тамсилдик мааниге өтүп кеткен. Түлкү митайымдын, карышкыр ачкөздүн, арстан баатырлыктын символу болгон.

Байыркы адамдар жаратылыштын ар кандай закондорун билишпегендиктен, аны өздөрүнө багынтып алууга кудурети жетишпегендиктен, кандайдыр бир купуя (жашыруун) күч бар деп ишенишкен. Ошондой болсо да жаратылыштын сырдуу күчтөрүн жеңип алууну ойлошуп, ошол убакта фантазиялык мүнөздө болгон (азыр иш жүзүнө ашырылган) асманда учуу, көлдө чөкпөө өңдүү нерселер жөнүндө жомоктор чыгарышкан. Эл эрдигин, калк даанышмандыгынын өлбөс-өчпөс элестери, эч качан маанисин жоготпогон көркөм типтери түбөлүккө сакталууда.

Кыргыз жомокторунун чоң тобун турмуштук жомоктор түзөт. Анда кереметтүү окуялар, каармандар кеңири орун албайт, турмушта боло турган окуялар гана көркөм сүрөттөлөт. Демек, анын каармандары турмуштун шарданындагы кезиккен акылдуу аялдар, же жетим, же кедей бала, же дыйкан ж. б. болот.

1987-жылы «Илим» басмасынан А. Токомбаеванын «Жергеталдык кыргыздардын эл оозеки чыгармалары» аттуу эмгеги чыккан. Китептин баалуулуктары «Баш сөзүндө» көрсөтүлгөн. Жергеталдык кыргыздардын эл оозеки чыгармаларын жыйноо иши 50-жылдардан тарта колго алынган. Ал жактан топтолгон материалдардын негизинде жазылган макалалар, китептер окумуштуулар Ж. Мукамбаев, М. Мамыров, К. Иманалиев тарабынан ар жылдары жарыяланып келген.

Жергеталдык кыргыздардын кыйла кызыкттуу, ары жагымдуулугу менен адамды өзүнө тарткан махабат ыр-

www.bizdin.kg

лары көрүнүктүү тилчи, окумуштуу Ж. Мукамбаев жана А. Токомбаеванын биргелешип түзүүсү менен өзүнчө жыйнакталып, «Ашыктык ырлары» деген ат менен «Кыргызстан» басмасынан 1988-жылы жарыкка чыгат.

1983-жылы «Кыргыз Илимдер Академиясынын Тил жана адабият институтунун кызматкерлери Ж. Төлөев, Э. Абдылдаев, Б. Сабыров, А. Токомбаева, А. Макмануров, Р. Мээрканова экпедиция менен Жергеталдык кыргыздарга барышып, олжолуу кайтышкан. Бул жыйнакка ошондо жыйналган бай материалдар топтоштурулган:

Ашыглык (*сүйүү ырлары*)
Ар түрдүү ырлар
Айтыштар
Өлөңдөр
Балдар ырлары
Санаттар
Кошоктор
Көрүшүү
Арман
Макалдар, лакаптар
Табышмактар
Элдик поэма (*«Ак Саткын менен Кулмырза»*)
Легендалар
Жомоктор

Тактап айтканда, бул жыйнакка Жергеталдык кыргыздардын дээрлик фольклордук чыгармалары киргизилген. Китеп ушунусу менен айрыкча баалуу.

А. Токомбаеванын дагы бир орчундуу эмгеги — «Каюм Мифтаков» аттуу (1991) көлөмдүү илимий-популярдык очерки. Каюм Мифтаков 1892-жылы Уфа губерниясынын Златаус уездиндеги, азыркы Башкырстандын Салават районундагы Насибаш айылында туулуп, 1948-жылы кыргыз жергесинде көз жумган. Бул татар улутундагы сабаттуу — асыл адам кыргыздын оозеки чыгармаларын жыйноо, классификациялоо ишинде эбегейсиз зор кызмат өтөгөн. Ал өзү сыртынан угуп жүрүп атайы кездешкен адамдардан фольклорго жаткан ар кыл жанрдагы эң баалуу чыгармаларды мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче жазып калганга үлгүргөн. Анын мындай артыкчылыгы бала күнүнөн тарта кадыресе адат катары калыптанган. Ошол себептен ал кайсыл жерде, кайсыл элде жүрсө да, алардын элдик

www.bizdin.kg

баалуу мурастарын чогултуп, жыйнай жүргөн. Каюм Мифтаков кичинесинде татар эл ырларын, кийин азга жашап калып казак оозеки чыгармаларын да кеңири өздөштүрөт. Бирок, кыргыз эл оозеки чыгармаларын жыйноо үчүн бүт өмүрүн зарптаган десек болот. Эмне себептен К. Мифтаковдун өмүрү, чыгармачылык таржымалына кайрылып калгандыгын окумуштуу берегиче маалыматтайт: «Жыйноочу катары Мифтаков кыргыз элинин оозеки чыгармаларынан кандай жанр менен түрлөрдү чогулткан» деген суроону койсок, фольклористердин болгон жообу «Сагымбайдан «Манас» эпосун жазып алууну баштаган, Тянь-Шань менен Талас, Түштүк өрөөнүнөн оозеки чыгармалардын көп түрлөрүн чогулткан — деген жалпыланган жоопторду беришкен. Бул бир жагы, экинчи жагынан Мифтаковдун жыйнаган чыгармалары жанры, же түрү жагынан, болбосо тематикасы, же мазмуну жагынан болсун аябай бай болгондугуна карабастан, ал материалдар бир системага келтирилип, такталып, өзүнчө жыйнак болуп чыккан эмес. Бул өкүнүчтүү. Анын жыйган материалдары Академиянын Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар фондунда гана сакталып турат. Оозеки чыгармачылык боюнча жазылган окуу китептеринде кеңири пайдаланылган. Ушуну эске алып, Мифтаковдун өмүр баянына, чыгармачылык иш-аракетине, жыйнаган чыгармаларынын жанры менен түрүнө атайы кайрылып, ар бирине өзүнчө токтолууну туура таптык».

Андыктан Каюм Мифтаков туурасында билбеген, анын ар кыл жанрдагы бай материалдарын пайдаланбаган кыргыз фольклористин табуу кыйын.

Бул илимий очеркте окумуштуу А. Токомбаева Мифтаковдун атайы мектептерди ачып, жаштарды илим-билимге, мугалимдикке үйрөткөн тунгуч педагогдук жана алгачкы сабаттуу фольклор жыйноочулук үзүрлүү эмгегин, талыкпаган ишкер, асыл адамдык сапатын толугураак түрдө ачып берген. Китепти окуган адам жеке эле К. Мифтаков боюнча эмес, ошол учурдагы алгачкы окумуштуулар, акын-жазуучулар, фольклор жыйноочулар жана бир катар эл шайырлары, алардын чыгармачылыгы туурасындагы көптөгөн маалыматтар менен тааныша алышат.

Ошентип, Анар Токомбаеванын олуттуу окумуштуулук жүзү элдик оозеки чыгармаларды кылдат иретке келтирип

www.bizdin.kg

жыйнап, жарыялоо ишинде көрүнгөн. Анан калса өмүрүнүн көбү Кыргыз Илимдер Академиясынын Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар бөлүмүндө өткөн. Айрыкча, 1980-85-жылдары «Алтын фондудагы» ондогон фольклор жыйноочулар көп жылдар бою топтолгон баалуу, бай материалдарды стандарттуу системага келтирүү иши дал А. Токомбаеванын түздөн-түз жетекчилиги менен (бул жылдары ал ушу секторду башкарган) эң сонун жүзөгө ашкан. Мындай жооптуу ишти аткарууда ал Ленинград университетинин китепканасынын кол жазмалар фондусунун, айрыкча Прибалтикалыктардын үлгүсүн пайдаланган.

Ал эми А. Токомбаева тарабынан (кээде авторлош болуп) жыйналып, комментарияланып, түзүлгөн «Кыргыз эл ырлары», «Айтыштар», «Кыргыз эл жомоктору», «Жергеталдык кыргыздардын эл оозеки чыгармалары» өңдүү баалуу жыйнактары адабиятчы, фольклорист, тилчи, педагог, тарыхчы, этнограф окумуштуулар, филология жаатындагы студенттер, октуучулар, жалпы эле эл үчүн абдан баалуу эмгектер катары ар убакта ак кызматын өтөй бермекчи.

АДАБИЯТТАР

[1] Кыргыз элинин сүйүү ырлары: Түзгөн А. Токомбаева. – Ф., Кыргызстан, 1974. 8-б.

[2] Айтыштар II томдук. Түзгөн А. Токомбаева. Баш сөз – Ф., 1972, 8-б.

[3] Кыргыз эл жомоктору. Түзгөндөр Б. Кебекова, А. Токомбаева. – Ф., 1975. 3-б.

[4] Кыргыз эл жомоктору. Түзгөн А. Токомбаева. – Ф., 1985. 8-10-б.

[5] *Токомбаева А.* Каюм Мифтаков Илимий-популярдуу очерк. – Ф.: Илим, 1991. 9-б.

www.bizdin.kg

СУВАНБЕКОВ ЖҮРСҮН

(1930—1974)

Адабиятчы жана фольклорист Жүрсүн Суванбеков 1930-жылы Ысык-Көл областынын Ак-Суу районуна караштуу Сары Камыш кыштагында туулуп, 1974-жылы Бишкекте көз жумган. 1952-жылы КМУнун филология факультетин бүтүрүп, аспирантурага калып, филология илимдеринин кандидаты, 1974-жылы «Кыргыз элинин баатырдык эпосторуу» деген темада докторлук диссертациясын коргогон.

Ж. Суванбеков 1955-жылдан өмүрүнүн соңуна чейин фольклорист окумуштуу катары КМУнун кыргыз филологиясы факультетинде окутуучу болуп эмгектенген. Анын алгачкы эмгеги «Колхоздук тема кыргыз совет адабиятында» (1958). Мында, автор А. Токомбаев, А. Осмонов, А. Токтомушев, Т. Абдымомунов, К. Жантөшев, Т. Үмөталиевдин 1945—1956 -жылдар аралыгындагы колхозтемасында жазылган ырлары, пьеса, прозалык чыгармаларын талдоого алат жана окумуштуунун ал максаты жакшы эле жүзөгө ашкан.

Ж. Суванбеков 1964-жылы белгилүү жазуучу, драматург К. Жантөшевдин өмүрү, чыгармачылыгын кеңири чагылдырган «Касымалы Жантөшев» аттуу адабий очеркин жазат. Бул, жазуучунун бүткүл чыгармачылык жолун камтыган баалуу эмгек. Ж. Суванбеков К. Жантөшевдин 20-жылдардын ичиндеги «Койчулар», «Биз комсомол», «Карачач», «Алым менен Мария» өңдүү бир катар пьесалары, «комедиясы» («Дардаш») анын драматург катары аздыр-көптүр элге таанытткан алгачкы кадамы экендигин, ал эми 1934-жылы жазылган «Эки жаш» повести жазуучунун прозадагы туңгуч репетициясы болгондугун туура белгилеген.

www.bizdin.kg

Адабиятчы К. Жантөшевдин драмаларынын ичинде согуш мезгилинде (1943) жазылган «Курманбекке» кеңирирээк токтолуп, К. Акиев айткан элдик эпостун драматургдун чеберчилигине баш ийип кандайча драмалык күчтүү композицияга ээ болгондугун, андагы драмалык образдардын, ар кыл мерчеми, көрүнүш деталдардын билгичтик менен ачылып берилгендигин кең-кесири чечмелейт. Албетте, эпос менен драмалык чыгарманын тили, баяндоо ыкмасы, мүмүкүнчүлүгү эки башка. Ал эми, ар нерсенин көзүн таба билүү да ошол чыгармачыл адамдын жөндөмдүүлүгүнө, өздүк чеберчилигине жатат. Сахнанын өзгөчөлүгүн эске алуу менен драматург эпостогу бардык деталдарды, ситуацияларды, эпизоддорду каттай бербестен, андагы орчундуу моменттерди, чыгарманын негизги идеялык багытын ача турган уруттууларын алат. Курманбектин балалык чагы, баатырдын душмандар тарабынан өлтүрүлүшү, Айганыштын өзүн өзү өлтүрүшү ж. б. эпоско мүнөздүү салттуу көрүнүштөр кыскартылган. Мындай иштөө эпостун идеялык негизин бүдөмүктөтпөстөн, тескерисинче тактыкка, окуяларынын жыйынтыктуу болушуна алып келген (3, 18—19-б.б.).

Драмадагы образдар системасы дагы ойдогудай чыккан. Курманбектин образы пьесада төрт жагы төп келип ачылган. Драматург элдик баатыр Курманбек аркылуу өз элинин боштондугу, көз карандысыздыгы үчүн ички, сырткы душмандарга каршы күрөшкөн чыныгы элдик баатырдын образын реалдуу түрдө чеберчилик менен берүүгө жетишкен. Айганыштагы кыргыз аялдарынан мүнөздүү эң сонун сапаттар элибиздин аялдарга болгон мамилесинен, үмүт-тилегинен келип чыккан сапаттар. Пьесадагы элдик баатырдын карама-каршысында турган терс образдары да так, ар кандай бөтөнчөлүктөрү менен эсте каларлык түрдө иштелип чыккан» (3, 23–24-беттер). Адабиятчы пьесанын ийгилик, кемчиликтерин бирдей белгилейт: «Пьесаны бийик көтөрүп турган касиеттердин бири анын тилинде. Ар бир персонаж өзүнө ылайыктуу, чыгармадагы өзүнүн алып турган ордуна, касиетине жараша сүйлөйт. Пьесада кыргыз элинин акыл-насаат, макал-лакаптары, учкул сөздөрү (афоризм) кеңири пайдаланылган. Пьеса айрым кемчиликтерден да куру эмес. Баатырдын душмандарга, баскынчыларга каршы күрөшүндө көпчүлүк массанын ролу жокко

www.bizdin.kg

эсе. Ошондой болсо да бул пьеса ата-мекенди сүйүүгө, керек болсо кашык канды аябоого, досту кадырлап, элдин душмандарын жек көрүүгө тарбиялоодо белгилүү роль ойнойт. Кыргыз элинин баатырдык «Курманбек» эпосунун мотивинде тарыхый окуядан алынып жазылган. К. Жантөшевдин бул пьесасы драматургдун согуш мезгилинде жазылган чыгармаларынын ичинде гана эмес, жалпы эле ошол учурдагы кыргыз драматургиясынын чокусунда турат» (3, 17–27-беттер). Чынында эле «Курманбек» К. Жантөшевдин таланттуу драматургдук жүзүн көрсөткөн, ошол эле учурда кыргыз драматургиясында орду чоң олуттуу чыгармаларыбыздын бири катары адабиятыбыздын тарыхында калды.

Бирок Жантөшевди Жантөшев кылып жалпы элге даңазасын чыгарган, жазуучу өзү көп жылдык тажрыйба, байкоолорун, бар күчүн, эмгегин жумшап жазган чыгармасы — «Каныбек». Ошол себептүү адабиятчы дагы бул чыгармага кең-кесири токтолгон. Адабиятчы ириде романдын кандай чыгармага жатаарын жана жазуучунун алдына койгон максатын ачып алат: «Каныбек» социалдык-тарыхый роман. Каармандарынын ичине көрүнүктүү тарыхый адамдарды көрбөйбүз. Ошондой болсо да автор айрыкча илимий тактык аркылуу революциядан көп мурдагы кыргыз турмушун, граждандык согуш, совет бийлигинин тоо айылындагы жеңиши өңдүү терең маанилүү тарыхый окуяларды, кыргыз турмушунун бүтүндөй бир доорун реалисттик боёктор менен сүрөттөйт» (3, 36–37-б.б.).

Ж. Суванбеков «Каныбек» туурасында айтылган адабиятчы, сынчылардын бул романды «жомок» катары көрсөтүүгө, болбосо ири ийгиликтерин байкамаксанга салышып, жалаң кемчиликтерин чукуп чыккан көз караштары менен келишпей, адилеттүү сынчы, адабиятчы катары чыгарманы мүмкүн болушунча калыс талдоого аракет кылат: «Роман чыныгы элдик чыгарма. Биз андан доордун үнүн, элдин күрөшүн, тилегин, үмүтүн көрөбүз. Тарыхты жасоочу, алга жылдыруучу көпчүлүк масса экендигин далилдөөгө аракеттенет. Жазуучу эл турмушунун сырткы жагын гана көрсөтпөстөн, көчмөн турмуштун спецификалык өзгөчөлүктөрүн, элдин улуттук-салтын, үрп-адатын билгичтик менен сүрөттөйт. Байыркы адамдардын жаратылыш алдында алсыз мезгилинде чыккан ырым-жырым-

www.bizdin.kg

дар, ар кыл тескери салттарды бай-манаптар эмгекчилердин үстүнөн болгон өз бийликтерин чыңдоо максатында кандайча пайдаланып жаткандыгын ашкерелейт. Романга мүнөздүү дагы бир нерсе, улуттук колоритти берет. Жазуучунун ири ийгилиги ошол каада-салттарды туура берүү менен катар эле уйтур, өзбек, казактардын да улуттук жакшы салттарын козгоп кеткендигинде турат» (3, 84–87-беттер).

Адабиятчы жазуучунун революцияга чейинки мезгилдеги кыргыз, уйгур, өзбек, казак кыздарынын эрксизден калыңга, малга сатылып, өзү каалаганына жете алышпаган оор тагдырларын чебер сүрөттөп бергенине, негизги каарман Каныбектин, анын тилектеш досторунун образдарын, кулк-мүнөздөрүн да бир топ мыкты чагылдырганын, жазуучунун таланттуу пейзажист экендигин, романдагы дагы башка ар моменттериндеги чеберчилигин белгилөө менен бирге анын негизги кемчиликтерин да жаап-жашырбайт: «Айрым учурларда К. Жантөшев кыргыз жеринин сулуулугун, асман мелжиген аскасын, өзүнөн өзү күңгүрөнүп сүйлөнүп турган кокту-колотун, билиарддын тактасы сыяктанган жашыл тегиздиктин кайталангыс кооз картинасын өчпөс кылып кагаз бетине түшүрөт. Мындай таланттуулук менен тартылган жаратылыштын бай картиналары туулуп өскөн жерин кокту-колотуна чейин жакшы билген, өз крайын жан дили менен сүйгөн бышык жазуучунун гана колунан келиши мүмкүн. Ушундай ийгиликтер менен катар айрым мүчүлүштүктөр кездешет. Сүргүнгө чейинки Каныбек акылман, чечен, акын, композитор кесипке ээ. Бул өңдүү жасалмалуулук, образдын реалдуулугуна шек туугуза турган кемчиликтер кийинки китепте жокко эсе. Экиичиден, романда композициялык чачкындуулук бар. Окуянын даярдалышына, же чечилишине эч кандай роль ойной албай турган айрым главалар күч менен киргизилген сыяктанат. Үчүнчүдөн, негизги кемчиликтердин бири айрым тарыхый чындыкты ачып бере албагандыгында. Мындан сырткары айрым главаларында көп сөздүүлүк, макаллакаптарды орунсуз колдонуу, же окуяларды ыксыз созуп жиберүү өңдүү кемчиликтер бар» (1, 97–100-б.).

Адабиятчынын соңку тыянагы да реалдуу: «К. Жантөшевди таланттуу прозаик катары таанытканын ушул роман.

www.bizdin.kg

Бул роман кыргыз совет адабиятынын тарыхында баалуу чыгарма катары кала бермекчи. Муну менен биз классикалык чыгарма деген пикирди таңуулабайбыз. Романда көп кемчиликтер бар. Бирок бул кемчиликтер чыгарманын ири ийгиликтерин көргөзбөй сала албайт. Тескерисинче, жакшы жактары басымдуулук кылгандыктан мүчүлүштөрү көп учурда сезилбей да кетет. Негизинен чыгарма таланттуулук менен жазылган. Эки доорду ичине алгандыктан, ошол доордо жашашкан сандаган персонаждардын турмушун жана тагдыры, алардын ар кандай мүнөздөрүн ар башка боёктор менен тартат. Роман ар түрдүү жана бай, көркөм каражат менен толтурулган» (3,35–100-беттер).

Чыгарманын ушундай тагдыр күтүп калышынын чынында эле ошол мезгилде объективдүү да, субъективдүү да негизги себептери, натыйжалары болгон. Муну адабиятчы өзү туура байкаган: «К. Жантөшев үчүн роман жазуу иши оңойго турган жок. Адабият таануу илимине байланыштуу эмгектерде айтылып жүргөндөй, жазма гана түгүл, реалисттик прозанын традициясы болбогон кыргыз адабияты үчүн таптакыр жаңы болгон роман жанрын өздөштүрүү бир катар татаал процесс менен жүрдү. Схематизм, окуянын чордонун ачык бере албоо, турмуштагы урунттуу, чечүүчү нерселерди да таба албай майда-чүйдөсүнө чейин каттай берүү (натурализм), каармандардын ички дүйнөсүн ар кандай татаал жактары менен ачып бере албай үстүртөн сүрөттөө, композициялык чачкындуулук сыяктуу кемчиликтер ошол учурдагы проза үчүн абдан мүнөздүү болгон. Бул өңдүү мүчүлүштүктөрдөн К. Жантөшев да куру эмес эле» (3, 33-6.).

Кыскасы, Ж. Суванбеков «Каныбек» романын ийнежибине чейин жиктеп, нукура көркөм чыгарма катары татыктуу ордун белгилеп, бир катар мүчүлүштүктөрдү кетиргенине карабай жазуучунун талантын, чебер сүрөткер катары негизги артыкчылыктарын калыстык менен туура белгилеген.

Адабий очеркте, адабиятчы К. Жантөшевдин аталган чыгармаларынан тышкары «Чолпонбай» очеркинен тарта, улуу Токтогулдун өмүрү, чыгармачылык жолун камтыган «Эл ырчысы» жана «Бир үйдө», «Каныбек», «Биз-

www.bizdin.kg

дин эне» деген пьесаларын, «Хан теңирлик чабан» романын, «Жалындуу жаштар» повестин, о. э. «Тилек», «Ашуу ашкан суу» аттуу фантастикалык, илимий фантастикалык повесттерин кең-кесири талдоого алган. Очеркти окуган адам Касымалы Жантөшевдин жалпы эле чыгармачылык өнөрканасы туурасында кеңири маалымат алып, бардык чыгармалар оң, терс жактары, сапаттары менен далилдүү жазгандыктан, анын канчалык деңгээлдеги көп кырлуу талант болгондугуна аныk ынанат. Бул адабий очерк Ж. Суванбековду билимдүү, калыс адабиятчы катары таанытуу менен бирге ушул бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготкон жок.

Ж. Суванбековдун кийинки эмгеги «Кыргыз адабиятындагы атеизм» (1965). Аталган китепти колубузга тийгизе албагандыктан ал туурасында пикир айта албадык.

Ж. Суванбековдун кыргыз фольклористикасында оорду чоң. Буга «Кыргыз элинин баатырдык кенже эпосу» (1963) далил. Китеп чоң-чоң үч бөлүктөн турат. «Кириш бөлүмүндө» кыргыздардын байыркы элдерден экендиги, алардын ар кыл түргө бай оозеки чыгармалары, ал чыгармалардын тармак жайышы, көп кырлуу жанр, түр күтүшү, элдерге тарашы, «Манас» өндүү эпосу о.э. кенже эпостору, аларды айтуучулардын өз ара жалпылыктары менен катар негизги айырмачылыктары ж. б. маселелер тыянактуу айтылат.

Биринчи главада «Эр Төштүк» эпосунун варианттары, айырмачылыктары жана сюжеттик биримдиги, кыргыз элиндеги үлгүлөрүнөн тышкары Түштүк Сибирде, Казактарда кездешкен варианттары менен салыштырыла иликтелет. Эпостогу ар кыл моменттер, салттуу мотивдер оруstун, о. э. тектеш элдердин эпостору менен салыштырыла тарыхый типологиялык метод менен илимий аспекте талданат. Окумуштуу «Эр Төштүк» туурасындагы элдик материалдарды кеңири салыштырып келип баатырдык эпостун деңгээлине чыгара айткан С. Каралаев экендигин адилеттүүлүк менен белгилейт.

Экинчи главада «эпостун идеясы жана образдар системасы» андагы айрым моменттер, «Манас» эпосу, о. э. тектеш элдердин, алсак, азербайжан элинин «Көр оглу», өзбек элинин «Алпамыш» жана «Курманбек» «Жаныш, Байыш»,

www.bizdin.kg

«Эр Табылды», «Эл Солтоной» о. э Алтай, Тува сыяктуу түрк тилдүү калктардын эпосторундагы окшоштуктар менен бирге каралат.

Корутундулап айтканда, «Эр Төштүк» эпосу кыргыз эпосторунун ичинен байыркы эң эски эпостордон болуп гана эсептелбестен, элдин байыртадан күткөн үмүтү, тилеги, күрөшү, айлана-чөйрөгө болгон түшүнүгү бирдиктүү түрдө чагылдырылган көрүнүктүү кенже эпостордун бири болуп саналат. «Манас» эпосу менен байланыштырууга жасаган аракетинен улам кирип кеткен айрым главаларды эске албаганда эпос композициялык бирдиги жагынан тыкан жана чың. Бири себепти көрсөтсө, экинчиси натыйжаны берген главалар орду-орду менен жайгаштырылган (2, 144-б.).

Үчүнчү глава «эпостун көркөмдүк бөтөнчөлүгү» делип, б. а. мында айтуучунун (С. Каралаев) баяндоо, диалог, монолог куруу ыкмасы, троптун түрлөрүн ж. б. ык, түркүмдөрдү колдонуп айта, аткара билүү чеберчилиги, эпостун музыкалуу, ыргактуулугу, көркөмдүүлүгү, аталган эпостон кордоо, коштошуу, узатуу, арман, керээз ж. б. кездешиши өңдүү бир топ проблемалар мисалдары менен ачылып берилген. «Эр Төштүктүн» онго жакын вариантынын ичинен (алардын баатырдык эпос формасына өсүп жеткен төрт варианты кыргыз элинде, калган жомок түрүндөгү варианттары тектеш элдерде) системалуу толук варианты С. Каралаевдики экендиги далилденген.

Ж. Суванбековдун мындан кийинки барандуу эмгеги «Кыргыз элинин баатырдык эпостору» (1970). Мында, кыргыздын «Кожожаш», «Эр Төштүк», «Жаныш, Байыш», «Курманбек», «Эр Табылды», «Жаңыл Мырза», «Эр Солтоной» сыяктуу эпикалык чыгармаларынын варианттары, алардагы баатырдык салт, тематика, мотивдердин берилиши, башка элдердин (айрыкча түрк тилдүү) эпостору менен болгон окшоштук, өзгөчөлүктөрү, жалпы эле алака катышы, аталган эпостордун поэтикалык тили ж. б. маселелер илимий-теориялык аспекте атайы кең-кесири талданат. Ошондой эле «манасчылар» менен кенже эпосту, дегеле эпосту айтуучулардын бири бирине үндөшкөн, айрым учурларда бөтөнчөлөнгөн өзгөчөлүктөрүн мыкты иликтеген. Бул эмгектер сөзсүз кыргыз фольклористика-

www.bizdin.kg

сынын эпос таануу жаатындагы жогорку деңгээлдеги көзгө көрүнүктүү иликтөөлөрүнүн катарына кирет.

Кыскасы, Жүрсүн Суванбеков аз жазса да саз жазган, ар нерсеге калыс ой жүгүртүп, жетик талдай алган мыкты адабиятчы, фольклорист окумуштуу катары өзүнүн татыктуу ордун ээлемекчи.

АДАБИЯТТАР

[1] *Суванбеков Ж.* Колхоздук тема кыргыз совет адабиятында. – Ф., 1958.

[2] *Суванбеков Ж.* Кыргыз элинин баатырдык кенже эпосу. – Ф., 1963.

[3] *Суванбеков Ж.* Касымалы Жантөшев. – Ф., 1964.

[4] *Суванбеков Ж.* Кыргыз элинин баатырдык эпостору. – Ф., 1974.

www.bizdin.kg

КЫДЫРБАЕВА РАИСА ЗАИТОВНА

(1930)

Азыркы кыргыз фольклортаануу илиминин беделдүү илимпоздорунун бири Кыргыз Илимдер Академиясынын корреспондент-мүчөсү (1989), Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Кыдырбаева Раиса Заитовна 1930-жылы Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. 1952-жылы КМУнун филология факультетинин орусча бөлүмүн бүтүргөн соң Москвадага А. М. Горький атындагы Дүйнөлүк адабият институтунун (ИМЛИ) аспирантурасына кирет. Бул жылдар ичи өркөнү өскөн дүйнөлүк маданияттын өрнөгүн мурастаган илим очогунан Союзга эле эмес, дүйнө адабият чөйрөсүнө таанымал устаттардан таалим алуу бактысына туш болгон. 1956-жылы аспирантураны аяктоо менен бирге эле «Алыкул Осмоновдун лирикасы» деген темада илимий ишин коргоп, филология илимдеринин кандидаты даражасын алат. Эмгек монография түрүндө 1957-жылы Кыргыз ИАнын басмасынан чыккан.

Илимий мүнөздө иликтенип жаткан предметтин адепки башаттарына үңүлүү, демек, генезисин аныктоо далалаты, анын көркөм идеясын тарыхый фон аркылуу чечмелөө ыкмасы окумуштуунун ушул алгачкы ишинен эле байкалат. Алыкулдун поэмаларын талдоодогу мындай ретроспективалуу пассаж автордун бир гана акын жашап жаткан мезгил-мейкиндик алкагына чектелбестен, анын акындык генийин азыктандырган улуттун улуу көркөм сөз жана тарыхый казынасынан кабардар экендигинин күбөсү. Бул көрөңгө даярдыкты кечээки аспирант, кенже илимий кызматкердин удаалаш жарык көргөн эки чакан илимий монографиясы тастыктайт: «Саринжи Бөкөй» эпосунун идея-

www.bizdin.kg

лык-көркөмдүк өзгөчөлүгү» (1959), «Жаңыл Мырза» эпосундагы элдик поэтикалык салттуулук» (1960) орус тилдеринде). Сталиндин тымызын тегирменинин барасы эми токтогону менен социалисттик өжөр идеологиянын али күчүндө кезинде эл оозеки көркөм сөз казынасынын «Манас» эпопеясы баш болгон чоң-кичине формалары реакциячыл, феодалчыл, улутчул, динчил ж. б. толгон жалаадан жаңы гана арылган (1952, 1954-ж.ж.)[1] али опурталдуу саясий жана маданий кырдаалда элдик эпостордун поэтикасын (ошол кездеги туруктуу теориялык «идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүк» деп аталган багыттын астында) талдоонун өзү да белгилүү деңгээлде батылдык болгон. Көпчүлүк учурда илимдин объективдүү жолуна чыга албай, чыгармачылык чектелген кырдаалдарда, акыл эс, ой чабыт эркиндиги жүрөксүгөн идеофобияга айланып кеткени да ачуу чындык эмеспи. Дегеле, советтик идеологиянын «камчысын чапкан» доордун ар-кыл илимий продукцияларында ыгы келген-келбеген жерден деле Марксты, Ленинди цитаталоо, көркөм тексттердеги идеяларды ошол алкакка шыкоо, ага сыйбаган учурда кесе четке кагуу мүнөздүү болгон.

«Саринжи Бөкөй» менен «Жаңыл Мырзаны» анализдөөдө автор учурдун саясатына чаташтырбастан алардын сюжеттик өзөгүндөгү, образдар системасындагы идеясын сүрөттөлгөн гана доордун чегинде илимий стилге ылайык жалпы маданият эталонунда кароого умтулган. Кыдырбаеванын фольклор таануудагы алгачкы изилдөөлөрүнүн артыкчылыгы удаалаш жылдарда жарыкка чыккан. С. Байходжоевдин макаласына С. Закировдун монографиялык изилдөөлөрүнүн ичиндеги айрым көз караш жыйынтыктарына салыштыруудан сезилет. Этерде С. Байходжоев «Курманбек» эпосуна жазылган баш сөзүндө М. Мусулманкуловдун вариантын «реалдуу турмуштун маңызын ачууга татыксыз мифологиялык, фантастикалык учурларда өтө басымдуу орун берет»[2] деп кине койсо, Р. З. Кыдырбаева: «Даже мифологические элементы в эпосе мы можем отнести к реальному освещению действительности. И к вопросу о реализме в эпосе мы должны подходить исторически. Ведь отношение народа к мифическим образом в момент создания произведения, в момент его зарождения было реальным подходом к действительности»[3] деген байкоолорун айткан. С. Байходжоев сыяктуу эле эл

www.bizdin.kg

чыгармачылыгынын тарыхыйлуулугун эске албастан, алардын мифтик сакралдуулугун тануу С. Закировдун изилдөөлөрүндө, бөтөнчө «Кожожаш» эпосун талдоодо арбын учурайт. Ал эми Кыдырбаева изилдөө предметине объективдүү баа берүү, алардын мазмунунда социалисттик реализмдин талаптарына туура келбеген идеялардын кездешүүсүн өткөндүн иши, тарыхтын фактысы экендигин далилдөө менен курулай жалаадан, ыксыз күнөө коюудан оолак болгон. Алсак, учурдун процессинде феодалдык, улутчул, динчил делинип жерилген Сагымбай жомокчунун чыгармачылыгына кайрылганда, Кыдырбаева төмөнкүдөй өз көз карашын айткан: «... идея магаметанства, как мы отмечали выше не всегда полностью затушевывают народную трактовку образов эпоса. Сагымбай Орозбаков и сам до конца не понимал сути пропагандируемой им идеи ислама. Он благодаря своему талантливому исполнению, невольно стал популяризатором ислама».

Эпостогу салттуулук менен жекече чыгармачылыктын бөтөнчөлүгүн сюжеттин жана поэтикалык элементтердин материалында иликтөөгө алган бул монография Кыдырбаеванын «Манас» эпосу боюнча изденүүлөрүнүн алгачкы жыйынтыгы болгон. Арийне, ушул адепки ишинен эле бүгүнкү-күнгө чейинки манастаануучу тарабынан чечмеленип келе жаткан теориялык маселелердин козголуу башаттары көрүнөт. Буга «манасчылардын типтери аймактык бөлүштүрүү», «айтуучулуктун феномени» «эпостогу куран мотивдери», «кайгы-муң поэзиясы», «адамзаттык касиеттеги дуалисттик башталыштар» деген чоң темалардын сөлөкөтү байкалуу менен бирге теориялык масштабы жана мазмуну боюнча өтө маанилүү «Манас» эпосунун тарыхый поэтикасын талдап үйрөнүүнүн баштапкы этабынын жаралышы десе да болот. Изилдөөчү «Манаска» багытталган кийинки орчундуу эмгектеринде эпостун жаралуу тарыхындагы стерждүү элемент, анын генезисиндеги типтүүлүктүн түртүлгүч жана таяныч күчү дал ушул тарыхый поэтикасында катылып жаткандыгын тастыктап чыгат. Бул — эпостун ыр түзүлүшүндөгү строфалык кош жарыштын (строфический параллелизм), Кыдырбаева «Манастын» ар кыл мезгилдеги ар түрдүү жомокчулардын — вариант-тарын жана кыргыз якут, алтай, монгол, огуз эпосторунун параллелдерин, эзелки рун-поэзиясын салыштырып илик-

www.bizdin.kg

төө аркылуу параллелизм — эпостун мотивин жаратуудагы эң көөнө форма экендигин, ал көркөм сөз маданиятынын улуу, типтешүү башатындагы поэтикалык элементтердин структура негиздеги өзөгүн түзүп тургандыгын далилдейт.

Эпостогу салттуулук жана жеке касиеттердин сакталышын, болбой дагы башка маселелеринин башын ачууда ар бир манасчынын вариантын эмпирикалык салыштырып үйрөнүү жолу менен же айрым бир идеялык-тематикалык мотив версиялардын жана сюжеттик катмарларды тактоо багытында гана эмес, андан да терең — сөздүн көркөм шөкөттөлүүсүнүн структуралык бүтүндүгүндө жүргүзүлүү принциби да ушул эмгектен байкалат. Бул принциптин далилдөөсү боюнча: «Сөз формуласынын негизинде эпизоддор биригет, монолог, диалогдор түзүлөт, масштабдуу майдандын окуялары жаралат, тулпарлар, куштар, буюмдар шөкөттөлөт, каармандардын портрети сүрөттөлөт». Демек, бул китеп айтуучулуктагы чеберчилик аркылуу эпостун поэтикасын илимий талдоого алган алгачкы монографиялык эмгек. «Манастын генезисинен» (1980) кийин жарык көргөн «Манасчынын айтуучулук чеберчилиги» (1984) (орус тилдеринде)[4] деген иликтөөсүндө Кыдырбаева дал ушул формулалык стилдин теориясын тереңдетүү аркылуу Асылбек, Сагымбай, Саякбай өңдүү залкар манасчылардын, Т. Молдо сыяктуу жазгыч манасчылардын чыгармачыл манерасын, сюжет куруу, психологиялык мотивдештирүү, жекече (трактовкалоо) мазмундаштыруу ар бир манасчынын өзүнө гана тиешелүү стили, манерасы, ички төкмөчүлүк мыйзамченемдүүлүккө ээ экендигин ачып чыгат манастаануу илиминин түптөлүш, калыптаныш тарыхына кеңири ракурстан көз таштасак, эпосту дүйнөлүк маданияттын «аренасына алгач аты чыккан Ч. Валиханов менен В. Радловдон кийинки ири масштабда илимий өңүттөн иликтеп өтүшкөн А. Бернштамды, М. Ауэзовду, В. Жирмунскийди, Б. Юнусалиевди биринчи кезекте анын тарыхыйлуулугу көбүрөөк кызыктырып, окумуштуулук потенциалдарын ошол багытта жумшашкан. Ушу таптагы төбөсү көрүнгөн кыргыз Манас изилдөөчүлөрү Э. Абдылдаев, Р. Сарыпбеков, Т. Абдракунов, да бул темага арбын кайрылышат[5]. Арийне, эпостун элдик оозеки көркөм чыгарма болуп жаралып-түптөлүү тарыхын, мазмуну жана

www.bizdin.kg

көлөмү боюнча улуттук поэзиянын классикалык үлгүсү таризиндеги бүгүнкү турпагына калыптанып жетилүү процессине байланышкан — байыркы Орхон-Энисей көөнө жазуу эстеликтери жана аймактык жакындыкта, тилдик тектештикте алакалаш элдердин маданият казынасындагы ишенимдүү фактылар таасын аныктамалар менен бекемдөө иши илимий деңгээлде жогоруда эскерилген «Генезис эпоса «Манас» аттуу фундаменталдуу эмгекте ишке ашты. Автор өзүнөн мурда манастаануу илимине өчпөс из салып, пайдубалын түптөп кеткен илимпоздордун коом алдына алып чыккан орундуу гипотезаларын негизги тезистерин белгилеп атап өтүү менен «кыргыздын залкар эпосун үйрөнүүнүн жаңы этабы башталганын» белгилейт; «... сейчас манасоведение вплотную подошло к тому «психологическому барьеру, преодолении которого должно открыть новую полосу, новую фазу фундаментального осмысления эпоса как историко эстетического феномена». Иликтөөнүн бул жаңы тилкеси кыргыз-алтай, кыргыз-якут, монгол-огуз эпикалык параллелдерин текстик тарыхый-типологиялык салыштыруунун аркасында уруулардын, генетикалык тамыры бирге экендигин тастыктайт. Автордун аныктоолору көөнө тексттердеги архаикалык мотивдердин жана сюжеттердин төп келүүлөрүн, түпкү тагдыры бирге байыркы элдердин көркөм ойломунун элдик поэзияда окшош-троптор, бирдей метафора, символдор аркылуу чагылышып көрсөтүп берет. Китепте эпостун бүгүнкү монументалдуу деңгээлге өсүп-жетилүүсүнө түрк-монгол элинин эпикалык сюжеттеринин жанашуу процессиндеги поэтикалык жалпылыгы, анын баштапкы мифтен тарыхый көркөм эпопея көлөмүнө чыгуу жолундагы көөнө катмарлар Борбордук Азияны жердеген хакас, якут, тува, алтай, шор, монгол элинин фольклорунун тектүү байланышы өбөлгө түзгөнүн ар бир аталган элдин оозеки көркөм казынасындагы чыгармалардан мисал тартуу менен белгиленет. Фольклортаануучу «Манастын» поэтикасын чыгарманын жеке сюжеттик курамынан эмес, кеңири мейкиндик алкагынан терең мезгилдик өлчөмдөн караган: «Южная, Сибирь, Алтай, Северная Монголия — арена непосредственных контактов различных генеалогичских преданий, легенд, раннего эпоса тюрко-монгольских народов» (с. 25). Демек, эпостун поэтикалык генезиси фольклор деп аталган

www.bizdin.kg

эл чыгармачылыгынын көп тарамдуу, ошол эле учурда синкреттүү казынасында уюп жатканын түшүнгөн иликтөөчү байыркы түрк тилин изилдеп жүргөн ири лингвист-этимологдордун эмгектеринен тартып, тиешелүү археологиялык, этнографиялык, тарыхый, диний, философиялык, мифтик изилдөөлөрдү ырым-жырым, ритуал, каада-салт, баштапкы ишеним туурасында жазылган түптүү булактарды кылдаттык менен өздөштүрүп, аларды «Манастагы» мерчемдүү мотивдерге салыштырууда таң каларлык таамай төп келүүлөрдү таап чыккан. Эпикалык баатырлардын поэтикалык образында зооморфтук эпитеттердин (мисалы, «көк жал», «кабылан» ж. б. колдонулушу тек гана экспрессивдүү көркөм салыштыруу болбостон, байыркы тотемдик ыйык тутуулардын архаикалык-мифтик мотивдер шекилинде чагылышы экендиги кең-кесири анализге алынат. Ошентип, «Манастын» генезисинде качандыр бир кылымдарда тарыхый жолу жалпы элдердин мифтик сакралдуу турмушунан тартып кийинки дооорлордогу башынан кечирген реалдуу тагдыры поэтизацияланганы белгилүү болот: «Если якутское олонхо — эпос первобытнообщинного строя, повествующий о подвигах богатырей, их борьбе с богатырями племени злых чудовищ (...) и относится фольклористами к древнейшим формам эпического сказания то алтайский эпос — уже последующий в стадиальном плане за олонго эпос (...) который в основном повествует о межродовой, межплеменной борьбе. «Манас» в стадиальном отношении — органическое продолжение двух предыдущих ступеней эпоса вобравшее в себя многие их элементы, однако уже качественно иная ступень в эволюции тюркомонгольского эпоса...» (с. 94).

Эпостун генетикалык тамырын, талдоодо абалкы ата-бабалардын дүйнө-таанымынан кабардар кылуучу эпиграфика, этнография жана башка археология табылгалары менен катар баа жеткис тарыхый булактардын ачкычы болгон тил феномени — поэтиканын көөнө көрүнүштөрүнүн салттуулугун сактап жеткирген туруктуу стилистикалык формулалар авторго көптөн көмөк эткен: «Устойчивая стилистическая формула характерная для монгольского, якутского, алтайского и киргизского эпосов, говорит о существовании в них единых протоэпических поэтических форм архаического порядка» (с. 227). Демек, изилдөө иши жа-

www.bizdin.kg

лаң гана тарыхый нукта салыштыруу ыкмасы аркылуу жүргүзүлбөстөн, көп тараптуу поэтикалык өңүттөн талдоого алынган тексттердеги этиштик моделдер фразеологиялык түрмөктөр, антитеза-салыштыруулар, мүнөздүү пейзаждык сүрөттөмөлөр сыяктуу ой-чабыттын символдук-метафоралык чагылышы түбөлүктүүлүк, бузулбас формулалуулук эпикалык поэзияда бекем тутунган салттуулук мыйзамынын күчү экендигине басым коюлат. «Память народа в искусстве слова поразительно, и не зря традиционны отношение временем «шаблонные» строки живут такой долгой, постоянной жизнью. Консервация отдельных сюжетных мотивов, поэтических строк — это своего рода иммунитет против забвения, сказитель эпоса лучше всех понимает эту особенность и никогда не позволит себя упустить или изменить до неузнаваемости традиционные места эпического повествования, (с.73) ... Сагымбай велик, когда пропускает через призму своего таланта древний сказ и следует народной традиции но он слаб и сер там, где пытается отступить от вековых традиций заключить в эпос чужеродные мотивы» (с. 256). Кыргыз эпосундагы туулук башкы фактор катары сюжеттин өзөгүндө эле эмес анын көп сандаган деталдарында да ар бир вариантта бекем сакталарын автор «Генезиске» чейинки «К проблеме традиционного и индивидуального в эпосе «Манас» (Ф. 1967) деген көлөмдүү эмгегинде ушундай эл көп пландуу салыштыруулар, поэтикалык анализдөөлөр аркылуу далилдеп чыккан.

Жалпысынан «Генезисте» «Манас» эпосунун тарыхый да, поэтикалык да тек-жайы илимий аспекте трактовкалануу менен эпопеядагы каармандар , алар аралашкан кереметтүү окуялардын тарых менен катмарланышы, диндердин айрым синкреттешүүсү жана эволюциясы айтуучулукта поэтикалык салттуулуктун сакталыш күчү жана өзүнчөлүктүн өзгөчөлүктөрү сыяктуу манастаануунун омоктуу ой-суроолору ортого салынат. Ошондой эле изилдөөнүн ичинде теманын логикалык ыңгайына жараша автор кайрылып өткөн аялдардын, тулпарлардын образы жана ролу айтуучулук феноменинин маселелери, мифтик мотивдердин транцформацияланышы, диний жана башка ишенимдердин бири-бирине сиңип жуурулушу, бүгүнкү аймактыкчачырандылыкка карабастан түрк тилдүү элдер ичинде байыркы ишенимдердин жаңырыгы, каргыш, алкыш, ма-

www.bizdin.kg

кал-ылакап түрүндө алигүнчө эл оозунда өзгөрбөй сакталып келе жаткан сыяктуу окумуштуунун ой-бүтүмдөрү жана байкоолору бар. Булардын бир тобу атайын илимий изилдөөлөрдүн обьекти катары илимпоздун шакирттери тарабынан иштелип келе жатса, айрымдары жана аталгандардан башка дагы далай идеялар келечек изденүүлөрдүн ачкычы болор эле.

Ошентип, «Манастын» генезиси» тарыхый-салыштырма критерийдин негизинде жазылган кеңири перспективалуу да. терең концептуалдуу да эмгектердин бири. Бул илимий иштин аркасында автордун жалаң гана фольклорго келген убагынан берки, болбосо түздөн түз «Манас» эпосун иликтеп-талдоо учурундагы тажрыйба изденүүлөрү эле жаткан жок. Окумуштуунун илимге келген жолу Алыкул Осмоновдун лирика дүйнөсүнөн башталганынан үстүрт кабардар болгон кезде профессионал жазма адабият менен элдик поэзиянын туу чокусу «Манас» эпосунун ортосуна коюлган аң-сезимге сиңген стереотиптүү ажырым ойго келүүсү мүмкүн. Арийне Р. З. Кыдырбаева «Лирика Алыкула Осмонова» (Ф.; 1957) аттуу алгачкы монографиясында поэзиябыздын классиги Алыкулдун акындык генийи да абалкы эпикалык поэзиянын салтына таасирленгенин байкайт. Ал гана эмес ошол эпикалык поэзиянын жаралыш себебинин түпкүрүндө да тарыхтын тамгасы түшкөнүн жаш иликтөөчү көрө билген: «Если бросит беглый взгляд на тысячалетную историю киргизского народа, то она представить картину, полную столкновений с соседними народами (...) такие условия жизни, связанные с бесконечными столкновениями за сохранения независимости, не могли не оставить своего отпечатка и на устной поэзии народа. Этим и объясняется эпичность киргизских поэм (с. 75).[1]

Адабиятчы алгачкы эле илимий изилдөө ишинде үйрөнүү объектин берилген гана доор-мезгилдин алкагында карабастан, чыгарманын жаралуу процессине таасирин тийгизген тарыхтын призмасын көзөп чагылган психологиялык, философиялык, коомдук-саясий фактор-мотивдерин аныктоого, ушул фактылардын фонунда поэтикалык анализ жүргүзүүгө көбүрөөк күч-аракетин жумшайт. Бул ретроспективдүү принципти илимпоз кийинки эмгектеринде карманып, ал өзгөчө фольклор жана манастаанууда олут-

www.bizdin.kg

туу илимий натыйжалардын өбөлгөсүн түзгөн. Алсак, «Алыкулдун лирикасына» дээрлик удаалаш жарык көргөн «Саринжи Бөкөй» (1959), «Жаңыл Мырза» (1960) өндүү кенже эпостордун поэтикасын иликтеген монографияда бул элдик чыгармалар кайсы доордо пайда болуп, кандай тарыхый кырдаалды баян кылаарына токтолуп, автор сөзсүз түрдө тарыхый ракурстан карап өтөт.

Автор «Генезисте» ийгиликтүү ишке ашырган тарыхый-текстологиялык салыштырма методун ушул адепки көлөмдүү иштеринде эле илимпоздук олуттуулук менен колдоно баштаган. Мисалы, «Жаңыл Мырзанын» варианттарын талдоодо «Манас» эпосунун кенже эпосторго сюжет жактан да, стилдик жактан да таасир этпей койбогондугун, анын салтка айланып канга-жанга сиңген рифмасы, көркөм каражаттары типтүү мүнөздө көчүп жүрүшүн көрсөтүп чыгат. Ошондой эле Жаңылдын образы дүйнөлүк фольклордо жалгыз эместиги, баатыр кыздардын эрдиги дүйнөлүк фольклордун тарыхында байыркы энелик доордон баштап кийинки амазонкалар баянына чейин арбын кездешерин эскерип, алардын ичинен каракалпак эпосу «Кырк кыздагы» Гүлайымдын образыннн ортосунда типологиялык гана окшоштук бар экендигин далилдеген.

Манастаануудагы эпостун тарыхый идеялык, поэтикалык, салыштырма типологиялык, генетикалык маселелеринен сырткары илимий изилдөө процессинде ушул темалар менен бир планкада турган, атүгүл үйрөнүп билүүгө оңой менен ык бербеген, ары татаал, ары табышмактуу бир көрүнүш — айтуучулук феномени. Чыныгы (чоң) манасчынын талантын тереңден караганда талант деп атоодон да ашып түшкөн, катардагы пенделер оңойлук менен сезип биле алгыс табияттан сырткаркы бир энергетика менен азыктанган гениалдуулук десе болор эле. Р. З. Кыдырбаеванын изилдөө башатындагы негизги темалардын бири ушул айтуучулук чеберчиликке арналат. Манасчылыктын касиети илимпозду 1967-жылы жарык көргөн монографиясында салттуулук жана индивидуалдуулуктун маселелерине карата аталган проблеманын экинчи суроосун чечмелөөдө манасчылыктын бөтөнчөлүктөрүн жана С. Орозбаковдун вариантындагы салттуулуктун сакталышын алардын жеке чыгармачыл өнөрканасы аркылуу илик-

www.bizdin.kg

тейт. Изилдөө кийинки жылдарда кеңейтилип уланып, алардын аймактык айырмачылыктары көрсөтүлүү менен, кандай вариацияда, кандай интерпретацияда болсо да эпостогу калыптанган өзөктүү сюжеттердин, белгилүү мотивдердин, стилистикалык, формулалардын, эпитеттик-метафоралык туруктуулугу салттуулугу ар бир манасчынын жекече чыгармачылыгында бекем сакталарын салыштырма анализ аркылуу көрсөтүп берет жалпы сөз менен ар бир айтуучудагы кайталангыс талант, ал канчалык бөтөнчөлөнүп турбасын, кылымдар бою бузулбас салттуулуктан четтөөгө кудурети жете албайт. Бул постулатты окумуштуу ислам идеологиясын киргизүүгө аракеттенген Сагымбайдын «Манасынан» жана башка варианттардан күбө тартуу менен далилдейт.

Манастаануучунун ушул күндөрдө жарык көрүүгө даяр болгон монографиясы дал ушул ислам дининин «Манас» эпосундагы мотивдерин талдоого арналган. Илимпоздун көңүл чордонунда эпосту башка тилдерге которуу деңгээли, алардын кайра жаралуусундагы көркөмдүк жана мазмундук сапаты да турат. Алсак, кеңири журтка маалым болгон Липкиндин котормосун чебер талдап чыккан. Бул маселе боюнча макалалар жарыяланып, докладдар окулуп келе жатат. «Манастын» кайсы гана маселеси болбосун окумуштуунун элегинен өтпөгөн, анын илимпоздук акыл-оюн түйшөлтпөгөн учуру жок. Ал — илим дүйнөсүнүн босогосун аттаган мезгилден баштап азыркы күнгө чейин кыргыз элинин тарыхы да, маданияты да ал тургай дини да болгон Манаска бүтүндөй акыл дитин багыттап келе жатат. Кечээ жакында 2000-жылы окумуштуунун маараке синде айтылгандай «Алыкул Осмоновдун лирикасы менен «Манас» эпосунун аралыгында Р. З. Кыдырбаева жасаган илимий изилдөөлөргө жүгүртсөк, анда бул окумуштуунун эң акырында келип «Манас» эпосуна токтогону табигый көрүнүш экени, ал турмак өзүнчө бир жазмыштагы тагдыр экени айкындалат. «Саринжи Бөкөй» эпосунун идеялык көркөмдүк өзгөчөлүгү (1957-ж.) , «Жаңыл Мырза» эпосунун элдик поэтикалык традициясы» (1960) аттуу эмгектер «Манас» эпосуна кириш үү алдындагы фундаменталдуу даярдык, өтмө көпүрө сыяктуу гана көрүнүш эмес, ал баарынан мурда кыргыз эпосунун ички табиятын андап-билүүнүн бирден бир туура жолу болчу (...).

www.bizdin.kg

Манастаануунун көрүнүктүү ишмери. Р. З. Кыдырбаева, бүгүнкү күндө талыкпай изденүүнүн үстүндө. Быйыл арбын жылдар ичинде ийленип иштеген эмгегинин түшүмү удаалаш жарыкка чыгуу менен фольклор илимибиздин казынасы бир далай орошон идеяларга толукталды. Булар «Мезгилдер, муундар жана манасчы» (Б. 2004), «Исторические предпосылки формирования устного словесного искусство киргизов-номадов» (Б. 2004), (Изображение человека в эпосе «Манас». Поэзия скорбин «Коранические мотивы в эпосе «Манас» деген аталыштагы монографиялык эмгектер. Бул эмгектер«тарыхый поэтика» деген аталыштын астындагы системалуу теориялык илимий изилдөөнүн тарамдары. Ушул эле тарыхый поэтиканын бирдиктүү системасына кирген «Салыштыруунун типтери жана түрлөрү», «Строфалык параллелизм» аттуу изилдөөлөр басмага даярдалууда. Р. З. Кыдырбаева жекече илимий ишмердигинен сырткары манастаануунун кеңири коомдук илимий аренага алып чыгууда орчундуу иш чаралардын, ишкердүү идеялардын автору.

Ошондой эле кыргыз профессионал поэзиясына, фольклор жана көбүнесе «Манас» эпосунун изилдениши, көркөм котормо жана башка маселелерине карата жүздөн ашык илимий-публицистикалык макалалардын автору. Алар бир гана Кыргызстан чегинде эмес, мурдагы союздук республикалардын, борбордук жана чет өлкөлөрдүн басмаларында жарык көргөн. Көп сандаган илимий конференциялардын катышуучусу. Ондогон жаш илим талапкерлеринин насаатчысы, бир нече илимдин кандидаты наамын алган жаш илимпоздордун даанышман устаты. Кыдырбаеванын жетекчилиги менен бүгүнкү күндө да кандидаттык жана докторлук диссертациялар даярдалууда.

АДАБИЯТТАР

[1] «Манас» эпосун изилдөөгө жана анын элдүүлүгүн аныктоого арналган Бүткүл союздук илимий конференция 1952-жыл, 6-10-июнь; «Кенже эпостордун элдиктигин аныктоого карата» Конференция, 1954-жыл.

[2] Курманбек. — Ф.: 1957, Байходжоев. Сөз башы. 3—4-бет.

[3] *Кыдырбаева Р.З.* Идейно-художественные особенности эпоса «Саринжи-Бөкөй». — Ф., 1958. с. 39-40.

www.bizdin.kg

[4] *Кыдырбаева Р.З.* «Генезис эпоса — «Манас». — Ф.: 1980; Сказительские мастерство манасчи. — Ф., 1984.

[5] *Абдылдаев Э.* «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары. — Ф., 1981; «Манас» эпосунун историзми. — Ф., 1987; Сарыпбеков Р. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы. — Ф., 1982; Абдыракунов Т. «Манастын» «Чоң казаты» жана тарыхый чындыгы. — Б. Известия АН Кирг. Респ. «Эхо науки». — 1985. — № 7.

[6] *Кыдырбаева Р. З.* Лирика Алыкула Осмонова. — Ф.: Изд-во АН Кирг. ССР, 1957.

www.bizdin.kg

ЗАКИРОВ САПАРБЕК

(1931—2001)

Кыргыз улуттук фольклористика илиминин жаралуу мезгили XIX кылымдын экинчи жарымынан чыйыр салып, жандануу, калыптануу доору XX кылымдын 40—50-жылдарынан башталган десек болот. 50-жылдарга чейин негизинен фольклордук чыгармаларды жыйноо, жазып алуу, басып чыгаруу иштери колго алынган. Андан соң изилдөө иштерине көңүл бурулуп, акындар чыгармачылыгы, элдик оозеки чыгармачылыктын бардык жанрлары боюнча ар тараптуу илимий изилдөөлөр жарык көрө баштайт. Мына ошол илим башатында турган илимпоздордун бири — белгилүү фольклорист-окумуштуу, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, Эл агартуунун отличниги профессор Сапарбек Закиров.

С. Закиров 1931-жылы Жайыл (Кемин) районуна караштуу Кызыл-Дыйкан айылында туулган. КМУнун филология факультетин (1953), аспирантураны (1956) ийгиликтүү аяктап, КРУИАнын Тил жана адабият институтунда кенже, илимий, ага илимий кызматкер, сектор башчысы болуп иштейт. 1962-жылы Кыргыз элинин макал-лакаптары боюнча кандидаттык диссертация коргогон. 1966-жылы «улук илимий кызматкер» наамын (Кыргыз адабияты фольклористика адистиги боюнча) алат. 1978-жылдан баштап КМУда мугалим, кафедра башчысы болуп эмгектенет. 1981-жылы Эл агартуунун отличниги, 1983-жылы профессор, 2001-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер деген ардактуу наамдарды алган.

Ал 1953-жылдан баштап илим жолуна түшүп, кыргыз улуттук адабият таануу илиминин түрдүү проблемалары боюнча иштеп келген. «Кожожаш» эпосунун кээ бир ма-

www.bizdin.kg

селелери» (Ф., 1960), «Эр Төштүк» эпосунун вариантары жана идеялык көркөмдүк өзгөчөлүктөрү» (Ф., 1960) деген илимий эмгектерди жазып, эпикалык чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүгүнө, идеялык мазмунуна көңүл бурган.

Кыргыз эпосторунун, поэмаларынын тексттерин басмага даярдап, илимий баш сөздөрү менен жарыялоодогу эмгеги зор. Атап айтсак, «Курманбек», «Жаныш, Байыш» (Ф., 1970), «Жоодарбешим», «Сейитбек» (Т. Абдракунов менен бирге Ф., 1971), «Ак Мөөр» (Ф., 1971), «Элдик поэмалар» (Ф., 1973), «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан» (А. Токомбаева менен бирге. Ф., 1974). Текст даярдоо, китеп түзүп чыгаруу иши татаал, көп эмгекти, илимий тажрыйбаны талап кылган түйшүктүү жумуш. Бул боюнча С. Закиров кыргыз фольклоруна көп акыл эмгегин сарптады. Фольклор жыйноо ишинде жыйырма жылдан ашык убакыт Илимдер Академиясынын илимий экспедициясынын курамында жүрүп, Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстандын аймактарын кыдырды. Элдик бай мурастарды жыйнады. Системага салды. Бүгүнкү күндөгү жыйналган, жарыяланган элдик оозеки чыгармачылыктын бардыгында анын үлүшү бар экенин баса белгилөө керек.

Кандидаттык диссертациясынын негизинде жазылган «Кыргыз элинин макал-лакаптары» (Ф., 1962), деген монографиясында макал-лакаптардын классификациясы, негизги идеясы, тематикасы, көрөкөмдүк өзгөчөлүгү, поэтикасы сыяктуу проблемалар комплекстүү түрдө изилденген. Андан кийин фольклорист А. Токомбаева менен бирге жазган «Кыргыздын элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү» (Ф., 1964), деген эмгеги жарык көрүп, лирикалык жанрды **эмгек ырлары, турмуштук үрп-адат, салт ырлары** деп эки бөлүккө бөлүп карашат. Эмгек ырлары кыргыз элинин жашоо шартына байланыштуу пайда болуп, турмуш зарылчылыгынан келип чыкканын анализге алышат. Мисалы «Бекбекей», «Шырылдаң» ырлары мал чарбачылыгына, «Оп майда», «Темин» ырлары дыйканчылыкка, «Тон чык» кол өнөрчүлүккө байланыштуу жаралганын, эмгек ырларынын түрлөрүн, негизги идеясын айтууга аракет кылышкан. 2-бөлүмдө турмуштук үрп-адат, салт ырларынын түрлөрүн көрсөтүп, алардын көркөмдүк өзгөчөлүгү, жанрдын тарыхый пайда болуу, өсүп өнүгүү процессине, этнография менен байланышына көңүл бурулган. Санат насыят, терме ырларынын тарбиялык

www.bizdin.kg

мааниси, көркөмдүк түзүлүшү изилденген. Эмгекте жалпысынан элдик лириканын жанрдык өзгөчөлүгүн анализдешкен. Албетте, изилдөөдө лирикалык жанрдын классификациясы өтө так илимий принципте иштелген эмес. Топторго ажыратканда да айрым түрлөр өз ордунда болбой калган. Мисалы дидактикалык чыгармаларды каада салт ырларынын бири катары карайт. Ошондой эле лирикалык жанрдын бардык түрлөрү толук камтылган эмес. Ушундай мүчүлүштүктөрүн эске албаганда, лирикалык жанр боюнча жазылган алгачкы саамалыктардын бири катары, илимдин өнүгүшү үчүн жасалган далалат катары салымы бар.

С. Закиров ар кайсы жылдарда жазылган адабий сын макалаларынын негиздүүлөрүн жыйнап, «Эл чыгармачылыгы — эл кенчи» (Ф., 1981) деген ат менен чыгарган. Ал кыргыз адабиятынын тарыхында олуттуу, фундаменталдуу эмгек катары таанылган «Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки» (Ф., 1973), «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерки» (Ф., 1 988) деген эмгектердин негизги авторлорунун бири. Элдик оозеки чыгармачылыктын бардык жанрларынын тарыхы жана акындар чыгармачылыгы боюнча жазылган орчундуу эмгек катары бул очерктер бүгүнкү күнгө чейин окумуштуулар да, дегеле адабиятка тиешеси барлардын бардыгы пайдаланып келе жаткан бирден бир омоктуу эмгек болуп калды.

С. Закиров өзүнүн мазмундуу жашаган өмүрүндө топтогон бай тажрыйбасын жаш муундарга тартуулап, 1978-жылдан өмүрүнүн акырына чейин студенттерди окутуп келди. Ал кыргыз фольклору боюнча теориялык жактан терең иштелген, мазмундуу лекцияларын акындар чыгармачылыгынын теориясы боюнча атайын курстарды окуп, жаш муундардын жан дүйнөсүнө ата журтту сүйүү, өз улутун сактоо, ыйман, адамгерчилик туурасындагы асыл сапаттарды синирди.

Илим изилдөө менен окутуучулук ишти айкалыштыра эмгектенип, «Кыргыз акындарынын чыгармачылыгы» (К. Артыкбаев, А. Абдыразаков, Л. Үкүбаева менен бирге. Ф., 1988) деген филология факультетинин студенттери үчүн окуу куралын жазышкан. Жогорку окуу жайларынын филология факультетинин студенттери үчүн «Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы» курсу боюнча Программасын (Ф., 1989), «Фольклордук практиканы жүргүзүү» боюнча типтүү Программаны иштеп чыккан.

www.bizdin.kg

С. Закиров өзүнүн бүт өмүрүн илимге, билимге арнаган акылга дыйкан, изденгич окумуштуу, тажрыйбалуу педагог. Ошол мол билимин жыйынтыктап «Кыргыз санжырасын» (Б.: КЭ, 1996) жазды. Сапарбек Закировдун санжырасы – бул кыргыз тарыхынын, кыргыз жеринин, кыргыз урууларынын санжырасы. Окумуштуу кыргыз элинин сан кылымдар бою башынан кечирген орчундуу окуялары санжыралап, ал аркылуу элдин тарыхы фольклордук планда изилденген. Илимий көз караш менен алганда санжыра – адамзат тукумунун ички байланышын, теги бирдигин үйрөтөт. Бул өтө масштабдуу проблема. С. Закиров илимпоз катары ошол маселеге үн кошуп, өз милдетин аткара алган. Кыргыз урууларынын туурасындагы уламыш, аңыз-аңгемелерди бир системага, бүтүндүккө баш ийдирип, элдин **санжырасын** жараткан.

Мындан сырткары окумуштуу кыргыз фольклористикасы, тактап айтканда, кыргыз жазмасы, акындар чыгармачылыгы, санжыра, миф, легенда, уламыш, жомок, эпикалык жанр, лирикалык жанр, элдик баатырлар, аңыз-аңгемелер боюнча 100дөн ашуун илимий макалаларды жана окуу-тарбия иштери боюнча методикалык макалаларды жарыялаган. Маселен, анын Тайлак, Үмөтаалы, Шабдан, Байтик баатырлар, казак төрөлөрү Кененсары, Ноорузбай туурасындагы материалдарынан кызыктуу тарыхый маалыматтарды алууга болот.

С. Закировдун кыргыз улуттук адабияттаануу илими үчүн жасаган эмгеги зор. Чоң окумуштуу катары жазган эмгектеринин мааниси, алган орду бар.

АДАБИЯТТАР

[1] *Закиров С.* Кыргыз элинин макал-лакаптары. – Ф.: Илим, 1962., 1972.

[2] Кыргыздын элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү (А. Токомбаева менен бирге). — Ф., 1964.

[3] Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки.– Ф.: Илим, 1973 (Коллектив).

[4] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф.: Илим, 1988 (сКоллектив).

[5] *Закиров С.* Кыргыз санжырасы. — Б.: КЭ, 1996.

www.bizdin.kg

КЫРБАШЕВ КЕҢЕШ

(1931—2004)

Кырбашев Кеңеш (1931, Ысыккөл району, Темир айылы — адабиятчы, «Манас» изилдөөчү, жыйноочу). Филология илимдеринин кандитаты (1968). КМУнун филология факультетин бүтүргөн (1956). Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясындагы Тил жана адабият институтунда лобарант (1958), кенже илимий кызматкер (1959—69), улук илимий кызматкер (1969), жетектөөчү илимий кызматкер (1990) болуп иштеген. Манастаануу, фольклористика жана кыргыз профессионалдык адабиятка кошкон илимий эмгектери бааланып, ага «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген ардактуу наам ыйгарылган. Мындан сырткары» Манас – 1000» юбилейлик, «Эмгек ардагери» медалдары, УИАнын жана ЛКСМБКнын грамоталары менен сыйланган. 1969—1985-жылдарда жарык көргөн «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүн» түзүүгө катышкан. 1968-жылы «Алыкул Осмоновдун поэзиясынын тили» аттуу темада кандидаттык диссертация коргоп, ал иши өзүнчө монография болуп жарык көргөн.

К. Кырбашев «Манас» эпосуна арналган бир нече эмгектердин автору. Ал «Манас» эпосунун стили» (Ф., 1983) аттуу монографиясын жарыялап, анда С. Орозбаков менен С. Каралаевдин варианттарын салыштыруу аркылуу эпостун стилин ачып берүүгө аракет жасаган. Мында эпостун композициялык структурасынын өзгөчөлүгү, сюжет куруунун ыктары, образдардын жана көркөм каражаттардын пайдаланылышы, ошондой эле «Манас» эпосундагы эпикалык ыр түзүлүшүнүн жалпы маселелерине көңүл бурулган. Булардан сырткары ал «Эл акындарынын чыгармачылыгынын тарыхынын очерки» (1988) аттуу коллек-

www.bizdin.kg

тивдүү эмгекте манасчылар С.Орозбаковдун, Ш Рысмендеевдин, М. Чокморовдун, Ж. Сарыковдун, Ж. Кожековдун, А. Рысмендеевдин чыгармачылыгы боюнча портреттик макалаларды жазган. «М. Чокморовдун айтуусундагы «Семетей» эпосунун өзгөчөлүгү» аттуу эмгеги «Манас» эпосунун варианттары» (1988) аттуу коллективдүү эмгекте жарыяланган. СОВ, СКВ боюнча «Манас» эпосунун тексттерин орус жана кыргыз тилинде даярдоо, чыгаруу иштерине, «Манас» энциклопедиясынын жарыяланышына да активдүү катышкан авторлордун бири. Кызылсуулук манасчы Ж.Мамайдын чыгармачылыгына арналган «Манасчы Жусуп Мамай» (Бишкек, 1997) аттуу монографиясы бар. Мындан сырткары «Эл адабияты» сериясынын 40 томдугуна, «Кыргыз адабиятынын тарыхы» аттуу 7 томдон турган коллективдүү эмгекке бир катар илимий макалаларды жарыялаган. Ал жарым кылымга чамалаш эмгек жолунда адабияттын ар кыл проблемаларына арналган 200дөн ашуун илимий эмгектердин, макалалардын автору.

* * *

Эми К. Кырбашевдин бирин-эки монографиялык эмгектерине кыскача токтолуп, алардын кыргыз адабияттаануу илиминдеги орду, маани-маңызы туурасында сөз кылмакчыбыз. Жогоруда эскерилгендей К.Кырбашев 1983-жылы «Манас» эпосунун стили» аттуу фундаменталдуу эмгегин жарыкка чыгарып Манастаануу илимине сезилерлик деңгээлде салым кошту.

«Манас» эпосу татаал сюжеттүү, эбегейсиз зор көлөмдүү жана көп варианттуу чыгарма экендиги баарыга маалым. Ал — кылымдардан-кылымдарга, муундардан-муундарга мурасталып, аста-секин эволюциялык өнүгүүнү башынан өткөргөн. Эпос — Манас айтуучулардын улам жаңы муундарынын чыгармачылыгы, күч-аракети менен өзүнө улам бир жаңы окуяларды, каармандарды сиңирип, сюжет куруму улам татаалданып отуруп, азыркы турушундагы зор эпопеяга өсүп жеткен. Б.а. бул эпопея кыргыз элинин миң жылдык баатырдык тарыхынын көркөм чагылдырылган формасы. «Кыргыз турмушунун энциклопедиясы» деп аталган уникалдуу эпосубуз чындыгында эле дүйнөлүк маданиятта ээлей турган татыктуу орду бар чыгарма. Ошон-

www.bizdin.kg

дуктан бир жарым кылымдан бери жергиликтүү жана европалык окумуштуулар ага кызыгышып, бир кыйла изилдөө иштерин жүргүзүшсө да, «Манасты» изилдөө ишинин али чети оюла элек» (Р. З. Кыдырбаева). «Манас» эпосунун «таза» фольклордук маселелеринен сырткары андагы тарыхтык, этнографиялык, философиялык, лингвистикалык багыттарда терендетилген эмгектердин жарала турган убакты-сааты да алдыда. Мына ошондой көп тармактуу изилдөөнү талап кылган уникалдуу эпосубуздун «дың» боюнча жаткан бир тармагы — анын стилине байланышкан маселе. Муну өз мезгилинде Мухтар Ауэзов да «Окумуштуулар тарабынан аз көңүл бурулган проблемалардын бири — эпостун стилдик бөтөнчөлүктөрү» — деп баса белгилеген эле. (Ауэзов М.О. Мысли разных лет. — Алма-Ата, 1959). Чындыгында биздин жалпы эле адабияттаануу илимибизде стиль проблемасына арналган эмгектер аз. Тек гана айрым макала, монографияларда тигил же бул проблемаларды чечүү учурунда керегине жараша, учкай айтылган пикирлер кездешет. Мына ушундай өксүктү сергек байкаган окумуштуу аталган темада иш жазууга киришет. Ириде ал орустун белгилүү окумуштуулары: В.М.Жирмунский, В.В.Виноградов, В.Я.Пропп, Е.М.Мелетинский, А. Н. Веселовский, И. В. Стеблевалардын илимий-теориялык эмгектерине, методологиялык багыттарына таянат. Ошондой элеказак окумуштуусу М. Ауэзов, кыргыз окумуштуулары К. Рысалиев, Б. Керимжановалардын ыр түзүлүшү боюнча айткан илимий жыйнактары да эмгектин иштелишинде өз көмөктөрүн тийгизген.

Элдик чыгармалар, анын ичинде эпостор композициялык курулушу, баяндоо жолу, тарыхый шарты, образдарды сүрөттөө ыктары, сюжеттин өөрчүтүлүшү сыяктуу көркөм компоненттердин мезгилге карата окуянын берилиши жагынан реалисттик чыгармалардан бир кыйла өзгөчөлөнөт. Андыктан, автор эпостун стилдик бөтөнчөлүгү туурасында маселе козгогондо, эпикалык сюжеттин композициялык курумуна, образдардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө, көркөм поэтикалык каражаттарына жана ыр түзүлүш маселерине көңүл бурган. Ушул маселелерди ырааты менен чечүүдө К.Кырбашев жогоруда аталган эмгекти: «Окуяларды куруунун көркөм ыктары», «Эпикалык каармандарды сүрөттөө каражаттары» жана «Манастын» ыр түзүлүшү»

www.bizdin.kg

аттуу главаларга бөлүштүрүп, С. Орозбаков, С. Каралаевдердин вариантарын салыштыра карап, кеңири планда жүргүзүлгөн анализдердин негизинде иш алып барган. Натыйжада, эпостун жалпы жана айтуучулардын индивидуалдуу стилдик бөтөнчөлүктөрү жиктелип, алардын ажырымдары, жалпылыктарын таасын чечмелеп бере алган. Эки айтуучунун жалпылыктары — «Манас» эпосунун традициялуу окуяларынан, көркөм каражаттарды колдонушунан жана ыр куруу техникаларынан көрүнөрүн ишенимдүү, далилдүү фактылар менен тастыктоого жетишкен.

Эмгектин биринчи бөлүмүндө автор эки варианттагы окуялар кандайча көркөм ыктар менен чыгарманын тулкусун түзүп турушу жана алардын орун алмашып, биринде кеңири сүрөттөлгөн эпизод экинчисинде учкай гана эскерилип калышы сыяктуу айтуучулуктун чеберчилигине, мектептик таасирлерге байланышкан маселелер көтөрүлөт. Автор С. Орозбаков жана С. Каралаевдердин вариантарына мүнөздүү болгон айрым эпизоддор, мотивдер, окуялардын берилиши, манасчынын баяндоо манерасы, эпизоддор арсындагы айырмачылыктар сыяктуу белгилери менен алар бири экинчисинен өзгөчөлөнүп, өзүлөрүнүн стилдик бөтөнчөлүктөрүнө ээ экендигин ишенимдүү далилдеп чыккан. Тексттерди салыштырып, анализ жасоонун натыйжасында: «Баатырдык жүрүшкө арналган эпизоддордо негизинен баатырлардын монолог-речтери басымдуу орунду ээлей турган болсо, ал эми элдин жай турмушун баяндаган эпизоддордо көбүнчө эпикалык баяндоолор, сүрөттөмөлөр жана пейзаждык сүрөттөөлөр, ошондой эле айрым диалог речтерди кездештиребиз»–деген пикирин билдирет. («Манас» эпосунун стили»–74б.). Белгилүү болгондой эпостун сюжеттик өзөгү борбордук каармандын тегерегине топтолуп, экинчи баскычтагы кошумча окуяларды өз ичине камтып, баатырдык мүнөз алган окуялардын илме-кайып ширелишинен эпостун негизги стилдик мазмуну түзүлөт. Эпостордун сюжеттик курулушу, окуянын жүрүшү жана берилиши борбордук каармандарга бекем байланып, экинчи пландагы каармандар алар менен карым-катышта болгон окуялардын сериялары өнүгүп отурат. Автордун баамы боюнча ушул өзгөчөлүк «Манас» эпосунда да сакталып, башка эпосторго караганда алда канча кеңири планда берилген.

www.bizdin.kg

Уникалдуу эпосубуздун дагы бир стилдик өзгөчөлүгүн автор төмөндөгүчө белгилейт: «Эпосту айтуучулар көпчүлүк учурда сүрөттөлүп жаткан окуянын сырткы элестик көрүнүшүнө көңүл бурат. Анткени чыгарманын мазмунына мындай ыкманын колдонулушу окуянын кызыктуулугун, эпикалык предметтердин элестүүлүгүн арттыруу менен угуучунун поэтикалык сезимин козгойт. Сүрөттөлүп жаткан эл турмушу, каармандардын ички дүйнөсү, айрым деталдык көрүнүштөр анчалык тереңдетилип берилбесе да, негизги окуянын жүрүшүнө зор көңүл бурулат. Эпостогу баяндалып жаткан бардык нерселер, окуялар объективдүү түрдө реалдуу турмуштагыдай болуп айтылат»(«Манас» эпосунун стили, 6-бет).

Эмгектин экинчи главасы «Манас» эпосундагы каармандардын образын ачууда пайдаланылган сүрөттөө каражаттарынын көркөм функцияларын белгилөөгө арналат. Эпостогу каармандардын кыймыл-аракеттерин, аткарган иштерин, эпикалык планда жүргүзүлгөн согуштарда баатырлардын көрсөткөн эрдиктерин сүрөттөөдө пайдаланылган көркөм каражаттар жана ыктар чыгарманын жалпы стилдик бөтөнчөлүгүн аныктоочу критерийлердин бирине жатат. Андыктан, ушул маселеге кайрылып, өтө машакаттуу ишти ийине жеткире иштеген. Элдик поэзиянын көркөм каражаттары, профессионалдык поэзиядагыдан бир кыйла өзгөчөлүктөргө ээ. Ушул жагдайдан алганда эмгектин ушул бөлүмү («Эпикалык каармандарды сүрөттөө каражаттары») илимий-теориялык жана фактылык материалдардын негиздерине таянып машакаттуу эмгек этүүнү талап кылат. Автор эринбестен эки варианттын (С. Орозбаков, С. Каралаевдин) тексттерин кылдат карап, аларда пайдаланылган троптун түрлөрүн (салыштыруу, эпитет, метафора ж.б.) конкреттүү мисалдардын жардамы менен анализден өткөргөн. Натыйжада, алардын көркөм деңгээлди көтөрүп турган жүгү, аткарган функциялары белгиленген. Ошондой эле башка чыгармаларга караганда алардын өтө жыш колдонулаары далилденген.

Белгилүү болгондой манасчылар угуучуну эпиканын керемет дүйнөсүнө киргизүү үчүн каармандарга ылайыкташтырып, көркөм стилистикасылык каражаттарга жана ыктарга маани беришип, аларды өз чыгармаларына кеңири пайдаланышат. Себеби, эпостун спецификалык бөтөнчө-

www.bizdin.kg

лүктөрүнө байланыштуу бул каражаттар чыгарманын идеялык мазмунун, каармандардын образын толугураак ачып бере алгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Муну автор: «Каармандардын образдарын ачууда алардын кыймыл-аракеттерин, баатырдык жүрүштөрүн көрсөтүүдө, психологиялык абалдарын берүүдө эпосто поэтикалык каражаттар катары салыштыруунун, эпитеттин, метафоранын, гиперболанын жана башкалардын алган орду чоң. Анткени, көркөм каражаттар борбордук каармандын эпикалык жүрүшүндөгү, жеке кармаштагы аракетин, баатырдык сапатын, мүнөздүк өзгөчөлүгүн ачып турат. Ошондой эле бул каражаттарды пайдалануу менен манасчы жүрүп жаткан окуядагы жалпы эпикалык орундарды жана клишелерди, баатырдын курал жарактарын, тулпарын, баатырдык жүрүштөрүн жекемежеке кармашын ж.б. көрсөтүүгө аракет кылат»,— деп белгилейт. («Манас» эпосунун стили, 131-б.).

Эмгектин акыркы — үчүнчү главасында автор «Манас» эпосунун ыр түзүлүшүнө кайрылат. Эпостун стилдик бөтөнчөлүгүн белгилөөдө анын ыр түзүлүшүн кыйгап өтүүгө мүмкүн эмес. Ар бир чыгарманын, жанрдын формалык көрүнүшү ар дайым мазмун менен алакада болуп, бирисиз биринин болбошу жалпы илимде небактан бери белгилүү. Эпостордун ыр курулушун, анын табиятын чечмелөөдө автор өзүнө чейинки И. В. Стеблева, З. А. Ахметов, К. Рысалиев, Б. Керимжанова сыяктуу ыр түзүлүшү боюнча адис окумуштуулардын илимий эмгектерине таянып иш алып барган. Кылдат иликтөөнүн жана теориялык, методологиялык туура багыттын айкалышынан жаралган иштин жыйынтыгы боюнча «Манас» эпосунан эпикалык ырдын структурасына мүнөздүү болгон төмөндөгүдөй эпикалык ыр формаларын байкайт. Биринчиден, «Маната» ырдын, элдик оозеки поэзиянын материалдарында кеңири пайдаланылган жети жана сегиз муун өлчөмүнүн архаикалык формасы сакталган. Экинчиден, «Манас» ырын башка оозеки поэзиянын түрлөрү сыяктуу эле строфалык бөлүкчө мүнөзүндөгү топторуна ажыратууга болот. Анткени, эпостор ыр саптары өз ара топторго бөлүштүрүлүп, уйкаштык менен жабдылат да, атайы бир бүткөн ойду түшүндүрөт. «Манас» ырынын ал топтору эки же андан көп ыр саптарынан курулуп, негизинен триадалык бирдикти түзөт. Үчүнчүдөн, психологиялык паралеллизм ыкмасы, каармандардын ички

www.bizdin.kg

дүйнөсүн ачып берүүчү ыр түзүлүшүндөгү негизги формалардан болуп саналат. Төртүнчүдөн, эпикалык ыр формаларынан сырткары, «Манас» ырынан дабыштык үндөштүк жагынан болгон окшоштукту уюштуруунун ыкмалары учурайт. Мунун өзү улуттук тилдин өзгөчөлүгүнө байланыштуу жана үндөштүк законуна ылайыкташуу менен ыр түзүлүшүндө көркөм поэтиканын негизги белгиси болгон уйкаштыкты түзөт. Элдик поэзияда үндөштүк окшоштуктун бул көркөм-ритмикалык ыкмасы структуралык жактан ыр жолдорунда башкы, ортоңку жана аяккы уйкаштыкты уюштурат.

«Манас» ырынан уйкаштыктын байыркы түрлөрүнө жаткан, ырга маанилик жана мазмундук жагынан айтылган ойду күчөтүүчү сөздөрдү кайталануусунан пайда болгон редифтик уйкаштыктар да кездешет.

Автор мына ушундай илимий жыйынтыктарды айтып келип, эпостун өзү сыяктуу андагы ыр түзүлүштөрдүн байыркы формалары бекем сакталгандыгын баса белгилейт. Кыргыз элдик поэзиясында ассонанстык жана аллитерациялык уйкаштыктар өтө жыш колдонулары белгилүү. Алар ырдын угумдуулугун, ритмикалык жактан болгон музыкалык үндөштүк тактысын күчөтөт. Андыктан, манасчылар ушул ыкманы өз чыгармачылыгына кеңири пайдаланышкан. Окумуштуу ушул сыяктуу байыркы учурларда пайда болгон ыр куруу техникасынын азыркыга чейин тексттерде бекем сакталгандыгын ынанымдуу фактылык материалдар менен далилдей алган.

www.bizdin.kg

СЫДЫКОВ АКБАРАЛИ

(1932—1983)

«Манас» эпосун окуп-үйрөнүү, изилдөө иши фольклористика илиминде негизги проблемалардын бири болуп келген жана изилдөө тарыхы да салыштырмалуу түрдө бир топ мезгилди камтып калды. «Манас» эпосун изилдөө боюнча алгач Ч. Валиханов, В. В. Радловдор чыйыр салып, алардын артынан бүгүнкү күнгө чейин окумуштуулардын жоон тобу эмгектенип, эпостун түрдүү проблемаларын ар тараптуу изилдөө иштери жүрүп, манастаануу илими калыптанган. Алардын арасында залкар, теңдешсиз «Манас» эпосун изилдеп жана кыргыз элинин бул руханий улуу мурасы түурасында окуучуларга, студенттерге отуз жылдан ашуун сабак өтүп, лекция окуп келген педагог-илимпоз Акбарали Сыдыков болгон.

А. Сыдыков 1932-жылы 13-октябрда Кара-Суу районуна караштуу Мады кыштагында туулган. Эмгек жолун Оштогу педагогикалык окуу жайын аяктап, 1950-жылы Ош районундагы «Кызыл-Дыйкан» мектебинде кыргыз тили жана адабиятынан сабак берүүдөн баштайт. Билим деңгээлин жогорулатуу үчүн, чоң максаттарга умтулуу менен 1952-жылы Оштогу педагогикалык институтка кирип, кыргыз филология факультетин артыкчылык диплому менен бүтөт. Ошондон баштап 1968-жылга чейин Араван районундагы Карл Маркс атындагы мектепте директор, Ош районунун «Баш-Булак» жети жылдык мектебинде завуч, директор, Кара-Суу районунун М. В. Фрунзе атындагы орто мектебинде директор, райОНОсунда окуу бөлүмүнүн башчысы, мектепте директор, Ош областтык элге билим берүү бөлүмүндө инспектор болуп иштейт. 1968-жылы Кыргыз ССРинин эл агартуусунун отличниги деген наам алат. Ошол жылы Москвадагы М. Горький атында-

www.bizdin.kg

гы Бүткүл дүйнөлүк адабият институтунун аспирантурасына кирет. 1972-жылы «Манас» эпосундагы эрдиктин идеалдары» деген темада кандидаттык диссертация коргойт. Ошондон өмүрүнүн аягына (1983ж.) дейре ОшПИде кафедра башчысы, сырттан окуу бөлүмүнүн деканы болуп эмгектенет.

А. Сыдыков көчмөн турмушта жашаган элдерде элдик оозеки чыгармачылык эң негизги ролду ойноп, элдин тарыхы, маданияты, искусствосу, каада-салты, этнопедагогикалык эрежелери, философиялык түшүнүгү, дүйнө таануунун типтүү белгилери, андап билүүсү көркөм сөз өнөрүндө синтезделип, жашоо эрежесинин комплекстүү мыйзамына айланганын эртелеп түшүнгөн, зирек, тубаса аалым.

Анын «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдер»[1] (Ф.: Илим, 1982) деген монографиялык эмгеги «Манас» эпосун баатырдык эпос катары көрсөтүүчү негизги проблемаларга арналып, эпостогу салттуу баатырдык мотивдер, туруктуу формулалар, композициялык түзүлүшү, көркөмдүк өзгөчөлүгү изилдөөгө алынган. Биринчи главада байыркы кыргыздардын коомдук аң-сезиминин өсүшүнө, калыптанышына таасирин тийгизген тарыхый шартка экскурс жасалып, дал ошол көп катмарлуу тарыхый-коомдук өнүгүш, эл болуп, мамлекет болуп калыптануудагы тарыхый окуялар «Манас» эпосунун сюжетинин жаралышына өбөлгө болгонун аргументтүү ой-пикирлери менен далилдейт. Баатырдыктын, каармандыктын идеалдарына токтолгондо Манастын жана башка баатырлардын образдарына көңүл буруп, каармандардын минген аттары, курал-жарактары жана жаратылышты сүрөттөө сыяктуу атрибуттардын комплекстүү ролун ачып берген. Ошондой эле согушту поэтизациялоодогу баатырлардын сырткы көрүнүшү, жоокерлер, тулпарлар, аттар, курал-жарактар, казатка аттанардагы даярдык, кан суудай агып, эр өлүгү тоо болгон согуш алааматы тиешелүү окуялардын мисалында анализденген.

Экинчи главада Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин варианттарындагы согушту сүрөттөөнүн, баяндоонун салттуу композицияларын жети, сегиз бөлүмгө бөлүп, салыштыра изилдеп, алардын варианттарындагы баатырдык кармаштын, текстик типтүүлүктүн, туруктуу формулалардын, окшош фразалардын берилишин жана

www.bizdin.kg

айырмачылыгын көрсөтүп, «Как для С. Орозбакова, так и для С. Каралаева характерно стремление к развернутому, детальному описанию картины богатырской битвы. Сказители пользуются при этом богатым запасом изобразительных средств, готовыми формулами и конструкциями, подчиняя основной идее такие элементы поэтики, как пейзажные, портретные описания, монологи, диалоги и др.»[2], жана мындай ыкма айтуучулардын муундан муунга өтүү салтында да өтө чоң өзгөрүүгө учурабай, типтүү окуялар, эпизоддор, туруктуу формулалар, салттуу мотивдер так сакталып калганын бул өзгөчө баатырлардын (терс да, оң да каармандардын) образын ачып берүүдө, эрдигин мүнөздөгөндө көп колдонулганын баса белгилейт.

Эмгектин 3главасында «Манас» трилогиясындагы кыргыздардын уруучулук коомундагы бирин-бири улап, бирин-бири толуктап отурган чыңжыр сыяктуу социалдык мамилелердин эволюциялык өсүшү анализге алынган. Ошол коомдук өнүгүштүн алкагында жаралган «Манас» эпосунун сюжеттик курамындагы баатырдык мотивдер тууралуу «Эволюция героического мотива в «Манасе» обусловлена объективными социально-экономическими причинами, дальнейшим историческим развитием сознания людей. Это наглядно прослеживается на эволюции родовых чувств и взаимоотношений персонажей эпоса»[2] деп туура белгилеген. Окумуштуу А. Сыдыков «Манас» трилогиясынын сюжетин анализдеп, «В героических мотивах эпоса «Манас» нашли отражение типические черты поэтики киргизского эпического искусства. Поэтому идеалы героического в «Манасе», являясь лишь одним из многочисленных аспектов изучения этого грандиозного памятника поэтического искусства, позволяют увидеть то главное, что составляет своеобразие киргизского эпоса и его отличие от эпических сказаний других народов.

Последовательное изучение героических мотивов эпоса «Манас» на всем протяжении его развития показало значение традиционных компонентов сюжетосложения и устойчивых форм поэтического языка для устного бытования эпоса. Именно традиционные формы поэтики способствуют сохранению в памяти многих поколений эпического произведения»[3], деген жыйынтыкка келет.

www.bizdin.kg

Ошентип, эпикалык жанрдагы композиция, поэтика, айтуучулардын чыгармачылыгындагы салттуулук, баатырдык мотивдердин эволюциялык өсүшү сыяктуу эң негизги проблемаларды изилдеп, кыргыздын баатырдык эпосторунун жанрдык өзгөчөлүгүн ачып берген. Ошондой эле эрдиктин өлчөмү жалаң гана согуштук иштер менен түшүндүрүлбөстүгүн, эрдик-тынч, бейпил турмуштагы башкаруучулук иш аракеттер менен да өлчөнөрүн айткан.

А. Сыдыковдун «Манас» эпосундагы эрдиктин идеалдары» деген темадагы кандидаттык диссертациясына (1972-ж.) айтылган жүйөөлүү сын-пикирлерди (официалдуу оппоненттери ф.и.д. В.М. Сидельников, ф.и.д. С.С. Суразаков, жана М.В. Ломоносов атындагы мамлекеттик университеттин профессору, ф. и. д. Н.И. Кравцовдордун) эске алып, ишти кайра ондоп монография чыгарган. Бирок, монографиянын корутундусу жакшы иштелбей, главаларда айтылгандарды жалпылап жыйынтыктоочу пикир айтылбай калган экен. Бул анын колунан келбей калгандыгынан эмес, ошол мезгилдин духуна, идеологиянын талабына ылайыктаганы го. Монографиянын кол жазмасына да Москвадагы бир топ абройлуу окумуштуулар пикир жазып беришкен. Биз сөз кылып жаткан эмгек мындан 35 жыл мурда жазылып, «Манас» изилдөө илиминдеги алгачкы монографиялык эмгектердин катарында туруу менен бүгүнкү күндө да актуалдуу проблемалардын үстүндө иштелген, теориялык жана практикалык мааниси зор эмгек катары пайдаланылып келе жатат. Мисал катары кийинки мезгилдерде жазылган фольклористика илиминдеги, анын ичинде манастаануудагы илимий, диссертациялык иштердин дээрлик бардынынын колдонулган адабияттарынын тизмесинен көрүүгө болот. Китеп фольклорист окумуштуулар арасында жылуу кабыл алынып, рецензиялар[4] жарык көргөн. Жакында эле азербайжан окумуштуусу Адиль Салаван оглы Джалиловдун «Эпос «Манас и традиции тюркских сказаний» (Баку, 2002) деген китеби менен таанышып, андагы А. Сыдыковдун эмгегинин баасын көрүп, дагы далай илимий эмгектер жазылбай кеткенине өкүнүп калдым.

Изилдөөчү кандидаттык диссертация менен эле чектелип калбай, докторлук диссертация жазууга камынып, пландуу иштерди баштагандыгын архивдик материалдар далилдейт. 1977-жылдын башында элге Билим берүү Министри А. Каниметовдун атына жана ОшПИнин ректору

www.bizdin.kg

Р. Кулуевге «Обращаюсь к Вам с убедительыюй просьбой положительно решить вопрос о командировании доцента Ошского пединститута Сыдыкова Акбарали в Москву. Его работа над докторской диссертацией по проблемам эпоса «Манас» близко соприкасается задачами подготовки киргизского тома Академической серии «Эпосы народов СССР». Это обстоятельство имеет весьма важное, обоюдно плодотворное значение, — Главный редактор Петросян» — деген официалдуу кат келет. Ал мезгилдин тартиби боюнча Министрлик тактоо иретинде ИАнын Тил жана адабият институтуна кат жөнөтөт. ...Ошол бойдон бул маселе токтоп, А. Сыдыков Москвага барбай калат.

Убагында илимий чөйрөгө сүнгүп кирип, конференцияларда доклад окуп, «Эволюция героического в эпосе «Манас» (Всесоюзная конференция «Жангар и проблемы эпического творчества тюркомонгольских народов. 1978, Элиста), «О некоторых типических чертах в творчестве кайчи и манасчи» (III Всесоюзная конференция фольклористов Сибири и Дальнего Востока. Горно-Алтайск1983), илимдеги адабияттагы бардык жаңылыктар менен кабардар болуп, керек болгон учурда өзүнүн пикирин кошуп, «Гражданиндин жетилиши жөнүндөгү баян» («Ленин жолу» газетасы, 1976, 30-октябрь, № 219) Ч. Айтматовдун «Эрте жаздагы турналар» аттуу повестине, «Жемчужины мысли народной» («Литературный Киргизстан» журналы, 1981, № 6), калмык окумуштуусу Б. Окоповдун «Калмыцкие народные пословицы и поговорки» (Элиста, 1980) деген монографиялык эмгегине, Э. Абдылдаевдин «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшү» деген монографиясына, окуу китептерине рецензияларды жазган. Э. Абдылдаев менен Б. Окоповдун эмгектерине жазган пикирлеринен ал кишинин фольклордук чыгармалардын ички закондорун, фольклористика илиминин теориялык маселелерин терең билгенин жана жазуу эрежелерин, тилдин грамматикасын жакшы өздөштүргөнүн окуган адам дароо баамдайт. Окумуштуунун «Манас» эпосундагы эрдиктин идеалдары» («Ала-Тоо» журналы, 1970, № 10), «Ата журттун келбети» («Кыргызстан маданияты» газетасы, 1970, 2-сентябрь), «Традиционные формулы в творчестве киргизских народных сказителей» (журнал «Советская тюркология», 1974, № 4), «Ленин жана элдик оозеки поэзия» («Ленин жолу» газетасы, 1970, 29-июнь), «Ленин и фольклор» («Мугалим-

www.bizdin.kg

дер газетасы», 1970, 1-Май), «Традиционная композиция описаний похода в эпосе «Манас» (варианты С. Орозбакова и С. Каралаева)» (В кн.: Типология и взаимосвязи фольклора народов СССР (Поэтика и стилистика. М.: Наука, 1980. С. 135) сыяктуу илимий деңгээли жогору макалалары жарык көргөн. Айрыкча акыркы макаласында эпикалык жанрга мүнөздүү типтүүлүктүн белгилерин ачуу менен согуштук сценалар, жоокердик жүрүштөр, казаттар, баатырдык кармашуулар баатырдык эпостордо кеңири планда сүрөттөлүп басымдуу орунду ээлеп, композициялык түзүлүшүн жана поэтикасын аңдап билүүдө мааниси зор экенин белгилеген. Ошондой эле С. Орозбаков менен С. Каралаевдин варианттарын салыштырып, көрсөтмөлүү болуу үчүн чоң-чоң согуштук жүрүштөрдүн традициялуу композициясынын таблицасын түзүп чыккан. Бул таблица эпостун поэтикасын анализдөөдө көмөкчү материал боло алат.

Ал эми бүгүнкү күндө актуалдуу, глобалдуу иш-чара катары коомчулукка алынып, кыргыз мамлекетинин идеологиясынын негизи деп таанылып жаткан эгемендүүлүк, мамлекеттүүлүк, биримдик, адилеттүү башкаруу сыяктуу маселелер биздин уникалдуу эпосубузда эчак эле айтылганы жана Манастын осуяттары кайсы бир окуянын мисалында толугу менен айтылып өтүптүр. Аял затына мүнөздүү асыл сапаттарды анализдеп, Каныкейдин образын аялдык абийирдүүлүктүн, тазалыктын, кыйышпастыктын, чыдамкайлыктын, сарамжалдуулуктун, кыраакылыктын үлгүсү катары көрсөтөт. Ал эми Бакайдын образы аркылуу «Карынын сөзүн капка сал», «Кары билгенди пери билбейт», «Карысы бардын ырысы бар» деген акылман кептердин чындыгын далилдейт. Автордун мына ушундай мазмундуу, теориялык жактан терең иштелген, эпостун нукура философиялык маңызын сууруп чыккан макаласында5 бүгүнкү күндөгү турмуш талап кылган маселелер чагылдырганын айтпай коюуга болбойт.

Жогоруда айтылгандардан сырткары А. Сыдыков көптөгөн жылдар (1950—1983) бою мектептерде, жогорку окуу жайында педагог болуп иштегендиктен билим берүүнүн жана «Манас» эпосун окутуунун түрдүү проблемалары боюнча да иш жүргүзүп, «Сырттан окуунун зарыл проблемалары» («Эл агартуу» журналы, 1973, № 2, Б.Мурзаибраимов менен бирге), «Манас» эпосун мектепте үйрөнүүнүн айрым маселелерине карата» (Китепте: Кыргыз тил жана

www.bizdin.kg

адабият мугалимдеринин иш тажрыйбалары. Ф.: Мектеп, 1971), «Өндүрүштөн ажыратпай жогорку билим берүүнү жакшырталы» («Эл агартуу» журналы, 1977-ж. № 5, Ош пединститутунун проректору, доцент К. Жумабаев менен бирге), «Жоопкерчиликти унутууга болбойт» («Ленин жолу» газетасы, 1968-ж. 16-ноябрь), «Калча эже» («Мугалимдер газетасы», 1967-ж.,7-ноябрь), «Любовь к детям — основа успеха» («Мугалимдер газетасы, 1966-ж. 12-апрель) сыяктуу бир топ методикалык макалаларын жарыялаган.

Мугалим демекчи, анын **элдик оозеки чыгармачылык** жана **адабияттын теориясы** боюнча окуган сабактары азыркыга чейин легендага айланып, өзүнүн кесиптештеринин да, студенттеринин да эсинен чыкпас жандуу окуя сымал сакталып калган. Акбарали Сыдыков өзүнүн терең билими, адамдык касиет-сапаты менен чыныгы педагог-лектор болгон. Ал «Манастын» рухун, духун элге жеткирүүдө болгон күч-аракетин жумшаган. Анын котормочулук, жазуучулук, акындык, сүрөтчүлүк, музыканттык өнөрүн да айтпай коюуга болбойт. Аңгемелери, ырлары мезгилдүү басма сөз беттерине, «Учкун» сыяктуу адабий жыйнактарга жарыяланып турган. Кийин аңгемелерин, ырларын, айрым каттарын маркумдун жан досу, профессор Бектурсун Алымов жыйнап, жыйнак түзүп, жакшынакай баш сөздүн коштоосу менен 1993-жылы «Бүтпөгөн дастан» деген ат менен жарыкка чыгарган. Акбаралы агайдын ушундай көп кырдуу таланты бири-бири менен гармониялуу түрдө айкалышып, чыныгы чыгармачыл, өзгөчө жаралган инсан катары да, илимпоз катары да биздин эсибизде сакталып кала бермекчи.

АДАБИЯТТАР

[1] *Сыдыков А.* «Героические мотивы в эпосе «Манас». – Ф.: Илим, 1982. — С. 79.

[2] Ошондо. С. 104.

[3] *Сыдыков А.* «Героические мотивы в эпосе «Манас». – Ф.: Илим, 1982. — С. 129.

[4] *Туратов Д., Б. Абдурашидов.* «Манас» эпосу жөнүндө татыктуу изилдөө//Ленин жолу. — 1983. — 19-февр.

[5] *Сыдыков А.* «Манас» эпосундагы эрдиктин идеалдары...». — Ала-Тоо. — 1970. — № 10. — 151-б.

www.bizdin.kg

АБДЫЛДАЕВ ЭСЕНАЛЫ

(1932—2003)

Абдылдаев Эсеналы — «Манас» изилдөөчү, жыйноочу жана түзүүчү. Филология илимдеринин кандидаты (1967). Пржевальск (азыркы Каракол) шаарындагы мугалимдер институтунун физика-математика факультетин бүтүргөн (1951). 1951—55-жылдары Ысыккөл районундагы мектептерде физика-математика мугалими болуп иштеген. КМУнун кыргыз тили жана адабияты факультетин артыкчылык диплому менен бүтүргөн (1960). 1960-жылдан Кыргыз Республикасынын УИАнын Тил жана адабият институтундагы «Манас» секторунда кенже жана улук илимий кызматкер. «Манас» эпосунун эволюциялык өнүгүшү жөнүндө» деген темада кандидаттык диссертация (1967) коргогон. «Манас» эпосун үйрөнүү, таануу, изилдөө боюнча «Манас» эпосунун алтайлыктардын баатырдык поэмалары менен болгон эпикалык катышы»(1966), «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары»(1981), «Кыргыз фольклорунун тарыхынан»(1983), «Манас» эпосунун историзми» (1987), «Манас» эпосунун эпикалык формулалары» (1991), «Манастын» тарыхый баатырдык эпос катарында калыптануу жана өнүгүү этаптары» сыяктуу монографиялык эмгектери бар. Аталган монографияларында «Манас» эпосун тарыхый-салыштырма методу менен түрк-монгол элдеринин оозеки чыгармаларын үйрөнүүнүн негизинде кеңири салыштырып изилдейт. Айрыкча түштүк Сибирдеги элдердин (алтай, хакас, тува, шор ж.б.) фольклорун оригиналы боюнча салыштырып иликтөөлөрдү жүргүзгөн. Өзгөчө, анын «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары» аттуу фундаменталдуу эмгеги манастаануу илиминде жогорку профессионалдык деңгээли менен

www.bizdin.kg

өзгөчөлөнүп турат. Автор бул монографиясында «Манас» эпосунун жаралышынын жана анын тарыхый өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүгүнүн белгилөөгө арналган баалуу илимий пикирлерди айткан. Салыштырма-тарыхый методдун негизинде «Манас» эпосунун составындагы архаикалык элементтер аныкталып, андагы эпикалык душмандардын жана эпикалык окуялардын тарыхы жөнүндөгү маселелер аныкталат. Ошондой эле «Манас» эпосунун Орто Азия, Казакстан элдеринин эпикалык традициялары менен болгон айрым жалпылыктары жана өзгөчөлүктөрү изилденет. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптарын жаңыча бөлүштүрүп илимий анализдер жүргүзүлгөн. Мындан сырткары «Манас» эпосу жана кыргыз фольклористкасы боюнча бир кыйла илимий жана илимий-популярдуу макалаларды жазган. Э. Абдылдаев манасчы Мамбет Чокмор уулунан 100 басма табак көлөмүндөгү «Манас» бөлүмүн жазып алуу ишине активдүү катышкан. Москвадан орус тилинде жарык көргөн төрт томдуктун төртүнчү томун түзгөн (көлөмү – 30 басма табак, «Чоң чабуул» эпизоду) СКВ боюнча «Семетей» бөлүмүн басмага даярдоого катышкан (1989). Ошондой эле СОВ боюнча жарык көргөн «Манас» эпосунун 4-китебине «Чоң казат» эпизодун даярдаган. 1995-жылы жарык көргөн «Манас» энциклопедиясына бир катар баалуу макалалары кирген. Э. Абдылдаевдин көп жылдык илимий ишкердүүлүгү бааланып, ага Илим жана техника боюнча ыйгарылуучу Мамлекеттик сыйлыктын ээси деген ардактуу наам ыйгарылган.

Э. Абдылдаевдин «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары» (1981) аттуу монографиясы – манастаануу илиминде өзгөчө баага татыган, өтө салмактуу эмгек. Ал «Манас» эпосунун жаралышынын жана анын тарыхый өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүгүн белгилөөгө арналган. Эмгекте салыштырма-тарыхый методдун негизинде «Манас» эпосунун составындагы архаикалык элементтер аныкталат, андагы эпикалык душмандардын жана эпикалык окуялардын тарыхы жөнүндөгү маселелер каралган. Ошондой эле «Манас» эпосунун Орто Азия жана Казакстандын элдеринин (казак, өзбек, каракалпак) эпикалык традициялары менен болгон айрым жалпылыктары жана өзгөчөлүктөрү изилденген. Автор манастаануудагы эң бир орчундуу проблемалардын бири болуп эсептелген «Манас»

www.bizdin.kg

эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптарына кайрылып, аларга илимий мүнөздөмөлөрдү берген.

Э.Абдылдаевдин бир монографиясы анын эмгектеринин ичинен эң ирилеринен болуусу менен бирге, жеке кыргыз фольклористкасында гана эмес, жалпы эле түрк-монгол элдеринин эпикалык чыгармаларын (түрк-монгол элдери эпикалык чыгармаларынын байлыгы менен дүйнө элдеринин бирин да алдына салбайт) соңку учурларда изилденишинде көрүнүктүү орунду ээлейт. Бул эмгегинде автор «Манас» эпосунун башкы проблемаларынын бири – анын чыгышы менен тарыхый өнүгүшүнүн законченемдүүлүктөрүн ачууга аракет жасаган. Ырас, кезегинде бир катар: М.Ауэзов, А. Н. Бернштам, В. М. Жирмунский, Б.М.Юнусалиев, А. Маргулан сыяктуу чоң окумуштуулар ушул проблемага кайрылышкан. Алардын көз караштары тезис түрүндө болуп, кээ бирлеринин пикирлери бир-экинчисине кайчы келип, маселе ийине жеткириле иштелбегендиги белгилүү эле. Автор аты аталган окумуштуулардын ийгилик-кемчиликтерин эсепке алуу менен бирге (айрым учурда тикеден-тике полемикага чыгып), өзүнүн ишенимдүү аргументтерине таянып, жаңыча көз караштарын ортого салган. Мунусу менен ал манастаануу илиминдеги ушул проблеманын чечилишин жаңы этапка көтөргөн.

Илимпоз «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптарын төмөндөгүдөй конкреттүү мезгилдерге бөлүштүрө караган. Биринчи: Эпостун эволюциялык өнүгүүсү тууралуу кенен илимий түшүнүк алуу үчүн алгач түрк-монгол элдеринин эпикалык традицияларынын өнүгүшүнүн алгачкы этабындагы баатырлык эпостордун формалары кандай болгондугу жөнүндө, б.а. алардын тематикасы, традициялык белгилери кандай болгондугу жана алардын жаралган доорунун мүнөзү жөнүндө жондото болсо да туура илимий маалымат алыш керек. Ушул максатты ишке ашырыш үчүн автор, байыркы мезгилдерден бери маданий, экономикалык, этникалык карым-катнашта жашап келишкен жана чарбалык-маданий тиричилиги боюнча бир типтеги коомдук жалпылыкты түзгөн түрк-монгол элдеринин эпикалык традицияларынын алгачкы формаларына мүнөздүү болгон традициялык белгилер «Манас» эпосунда сакталганбы, эгер сакталып келген болсо, алар кайсылар деген суроолор чечмеленген. Мына ушул максатта

www.bizdin.kg

түрк-монгол эпикалык чыгармалары менен «Манас» кеңири планда салыштырылып, алардын составындагы алгачкы традициялык элементтер аныкталган да төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарган: «Түрк-монгол элдеринин эпикалык традицияларынын алгачкы формалары алгачкы общиналык түзүлүш бузула баштаган мезгилде пайда болуп, ошол доордун кырдаалындагы коомдук мамилелерге, анын олуттуу карама-каршылыктарына шартталышкан. Түрк-монгол элдеринин коомунун жана чарбалык-маданий турмуш-тиричиликтеринин окшоштугу дүйнөгө болгон көз караштарынын бирдейлигин шарттаган да, бирдей типтеги эпикалык традициялардын пайда болушунун чечүүчү фактору болгон. Ошондуктан Орто Азия менен Борбордук Азиянын территорияларында жашаган түрк-монгол көчмөн уруулары өзүнчө бөлөк-бөлөк эл болуп калыптанганга чейинки алардын эпикалык традициялары өтө жакын жалпылыктарды түзгөн». Мына ушундай тыянак чыгарууда автор «Манас», «Гесер», «Жангар», «Алпамыш», «Коркут Атанын китеби» ж.б. сыяктуу эпикалык чыгармалардын фактылык материалдарын мисалга тартып, теориялык жактан бекемделген ишенимдүү пикирлерди айткан.

Экинчи: «Манас» эпосунун сюжеттик составы баарыга белгилүү болгондой өтө татаал. Ошол эпикалык окуялар белгилүү бир магистралдык идеяга баш ийдирилип, композициялык бирдикте борбордук каармандын (Манас) иш аракеттерине байланыштырылган. Андыктан, Э.Абдылдаев чыгарманын композициялык түзүлүшүнө кайрылып, «Бул эпостун чыгышы жана анын тарыхый өнүгүшү жөнүндөгү негизги проблемаларды объективдүү чечүү үчүн анын эпикалык циклизацияланышы жөнүндөгү маселенин туура чечилиши зарыл» — деп белгилейт. Бул маселени териштириш үчүн ар түрдүү формадагы традициялык сюжеттердин биригишинин негизинде татаал формадагы эпикалык чыгарманын жаралышына коомдун кайсы баскычы, кандай тарыхый шарты өбөлгө болгондугу талап кылынат. Андыктан автор «Манас» эпосунун циклизацияланышынын тарыхый шартына жана кыргыз элинин этникалык тарыхы менен байланыштуулугу жөнүндөгү маселелерге кеңири токтолгон. Эмгектин ушул бөлүмүндө эпикалык Манастын тарыхы жөнүндө да өз пикирин билдирип, «Ма-

www.bizdin.kg

нас» эпосундагы эпикалык доорго мүнөздөмөлөр берилет. Ал эпостун конкреттүү кырдаалда пайда болгон алгачкы тарыхый ядросун Караханиддер доорунун учуруна (X-XIIк.) байланыштуу караган. Мында автордун пайдасына кызмат кылуучу бир катар кызыктуу тарыхый фактылар бар. Бирок башка окумуштуулардын аргументтери менен салыштыра келгенде Э.Абдылдаевдин жыйынтыгы аларды жокко чыгарып, бардык тарабынан ынандыра алат деп айтыш кыйын. Автор эпикалык Манастын тарыхы жөнүндөгү маселеге да токтолуп, ал каарман Караханид мамлекетинин мезгилиндеги (10-12к.) тарыхый кырдаалда пайда болгон деген корутундуга келет. Албетте, бул пикир – окумуштуунун жеке пикири. Бул маселе боюнча бир нече версиялардын бар экендигин эске алсак, анда ал проблема акыр-аягына чейин чечилди дешке болбойт.

Үчүнчү: Эмгектин ушул главасы «Манас» эпосундагы эпикалык душман маселесине карата» деп аталып, мында көптөгөн тарыхый фактылардын негизинде, элибиз кайсы душмандар менен жоолашып келгендиги тастыкталат. Эпостун идеялык мазмунун, тарыхый өнүгүшүн туура түшүндүрүүдө эпостогу конкреттүү душмандар: каракытай, калмак, манжу, кытай ж.б. душмандардын тарыхын изилдөө талап кылынат. Бул маселе боюнча да карама-каршы, полемикалуу көз-караштар айтылып келген. Андыктан автор бул главада ар түрдүү концепцияларга сын мамиле жасоо менен, эпосто чагылдырылган эпикалык душмандардын тарых менен болгон катышын терең талдоого алган. Натыйжада автор төмөндөгүдөй жыйынтыкка келген: «Манас» эпосундагы эпикалык душман катарында кыргыз эли тарыхта болгон кидандардын (11—12 к.к.), монголдордун (13—15 к.к.), ойрот-жунгарлардын (16—18 к.к. акырында манчжурдук Цин империясынын (18—19 к.к.) агрессивдүү баскынчылыктарына каршы өздөрүнүн көз карандыгы болбостугу, биримдигин сактап калуу үчүн нечен кылымдар бою жүргүзүп келген патриоттук күрөштөрү закон ченемдүү түрдө катмарланып чагылдырылган». Ушул главада дагы эскерте кетүүчү жагдайлардын бири – Бээжин маселеси. Мында, Э. Абдылдаев М.Ауэзовдун «Ошентип кыргыздардын уйгурларга каршы чабуулу жана Бейжин шаарын басып алышы (840-ж.) эпостун борбордук булагы жана сюжеттик ядросу болуп эсептелет» – деген

www.bizdin.kg

жобону жана ушул жобону ар тараптан өнүктүрүүчүлөрдүн (Бернштам А.Н., Маргулан А.Х. ж.б.) концепциясы – чындыкка туура келбейт деп, аны фольклористкадагы тарыхый школанын методологиясынын таасиринин негизинде сырткы окшоштуктар боюнча гана айтылган концепция экендигин далилдейт. Төртүнчү: «Манас» эпосунун казак, өзбек, каракалпак жана башка элдердин эпикалык традицияларынан өзгөчөлүгү жана айрым жалпылыктары» – деп аталган главасы Орто Азия, Чыгыш Түркстанда жашаган элдердин алкагында өнүккөн кыргыздардын руханий маданиятындагы жалпылыктар иликтөөгө алынат. Албетте конкреттүү бир элдин оозеки поэтикалык чыгармаларынын өнүгүш тарыхы, закон ченемдүүлүгүн туура аныктоодо, карым-катышта жашап, маданий алакалары болуп келген чөйрөлөрдүн өз ара таасир алышуусун, жалпылыктарын эсепке албастан, өзүнчө ажыратылган абалында илимий анализ жүргүзө берүү менен анын эң негизги маселелерин туура чечүү мүмкүн эмес. Ушуну туура баамдаган окумуштуу салыштырма тарыхый методду колдонуп, элдердин эпикалык традицияларындагы жалпылыктарды жана өзгөчөлүктөрдү таап чыккан. Автордун пикири боюнча, курчап турган чөйрөнүн маданий таасири эпостун монументалдуу түрдө өнүгүшү үчүн негизги факторлордун биринен болгон деп эсептөөгө болот. Отурукташкан чөйрөнүн маданияты, көчмөн элдердин жалпы маданиятынын, тышкы дүйнөнү түшүнүү системасынын жана коомдук аң-сезиминин өнүгүшү үчүн маанилүү таасирин тийгизип келген жана ошого ылайык элдик оозеки поэтикалык чыгармачылык да өркүндөө абалында болуп келгендиги талашсыз. Бешинчи: Бул глава «Манас» эпосунун эпикалык окуяларынын тарыхы жөнүндө» — деп аталат. Баарыга белгилүү болгондой, ушу күндөргө чейин «Манас» эпосу үзгүлтүксүз өнүгүү процессин башынан өткөрүп келгендиктен, анын тутумундагы эпикалык окуялар, ар түрдүү идеялык мотивдер өзгөрүп өнүгүп келиши менен бирге, жаңы эпизоддор менен да улам толукталып отургандыгы шексиз. Э. Абдылдаев негизги варианттардагы орчундуу окуялар туурасында иликтөө жүргүзүп, алардын кайсы тарыхый окуялардын негизинде пайда болгондугун чечмелөөгө аракет жасаган. Эпикалык окуяларга тарыхый жактан талдоолорду жүргүзүү менен «Манас» эпосунун тары-

www.bizdin.kg

хый өнүгүшүнүн абалы тууралуу белгилүү даражада түшүнүк берген. Окумуштуунун ою боюнча «Манас» эпосундагы эпикалык окуялардын түзүлүшүнө ар кандай факторлор түрткү берген. Алсак, тарыхый окуялар, традициялык сюжеттер, жөө жомоктор, уламыш-аңыздар, легендалар эпикалык окуялардын пайда болушун шарттаган. Автордун жыйынтыгы боюнча эпикалык окуялар «Манас» эпосунун составына ар түрдүү мезгилдерде киргендигин, композициялык жактан Манастын эпикалык биографиясына ылайыкталып бир мезгилде болгон эпикалык окуялар сыяктуу жалпысынан бир бүтүн чыгарманы туюндуруп калган.

Алтынчы: «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары» делген бул глава эмгектин жалпы аталышына б. а. китептин атына берилген. Бул бекеринен эмес. Э.Абдылдаев ушул акыркы бөлүмчөдө эң негизги концепцияларын, оригиналдуу пикирлерин айтып, жалпы иш боюнча жыйынтык тыянактарын чыгарган. Ушул маселе боюнча, эпостун өнүгүшүн этаптарга бөлүштүргөн В.М.Жирмунскийдин гана көз карашы болуп келген. Окумуштуу анын көз караштарына макул болбой, тикеден-тике полемикага чыгат. Эпостун татаал составында үч катмардын орун алгандыгын айткан В. М. Жирмунскийдин көз караштарын сынга алып, өз пикирлерин ишенимдүү факторлор менен далилдөөгө жетишкен. Мисалы, тарыхый реалдуу катмар катарында калмактар менен болгон согуштарды эсептеген пикирин четке кагып: «Андай болсо, эпостун өзүндө традициялуу түрдө айтылып келген «солон», «шибе», «манжу кытай» сыяктуу тарыхый душмандар кайда калат? Ошондой эле үчүнчү катмарда, б.а. 17—19 кылымдардын аралыгында эпос эч кандай тышкы жана ички өнүгүүгө дуушар болбой эле, жалаң гана мусулмандашуу процесси болгон деген пикирине да кошулууга болбойт» деген оюн айтат. Автор «Манас» эпосунун составындагы архаикалык элементтерин салыштырып, мамлекетке чейинки, уруулук доордогу баатырдык жомок түрүн (9 кылымга чейинки) – алгачкы башат катары эсептеген. Экинчи этабына – караханиддер доорундагы(10—12 к.к.) тарыхый окуялар катмарын айтат. Үчүнчү – Монгол доору (12—15-к.к.), төртүнчү – Ойрот Жунгар доору (15—18-к.к.), бешинчи – Кытай Цин (манчжур) доору (18-к. 2-жарымы – 19-к.1-жарымы), алтынчы — Россияга кошул-

www.bizdin.kg

гандан кийинки мезгил (19-к. 2-жарымынан бери тарта) – деп бөлүштүрүлөт. Окумуштуунун мына ушундай этаптарга бөлүштүрүүсү манастаануу илиминде ири ачылыштардын бири болуп калды.

Өтө көп машакатты талап кылган бул монография кыргыз фольклористка илиминде ири жетишкендигин даңазаланган баалуу эмгек.

* * *

Э. Абдылдаев табиятында эрудициясы күчтүү, аналитикалык ойго маш, эстутуму өзгөчө жаралган нагыз окумуштуу болгон. Илимий-теориялык даярдыгынан сыртқары ал жеке кыргыздын эле эмес, Орто Азия, Түштүк Сибирь, Борбордук Азиядагы түрк-монгол элдеринин оозеки чыгармалары (айрыкча, эпикалык чыгармаларынын өз тилиндеги түп нускасы), тарыхы, этнографиясы, тилдик фактылары менен терең тааныш болгон. Окумуштуу өзүндөгү бул мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууусу – эпосту тарыхый салыштырма методдо (бул метод – элдик оозеки чыгармачылыкты изилдөөдө азыркы учурдагы эң алдыңкы, тандамал метод, аны Э. Абдылдаев кыргыз фольклористикасында биринчи болуп колдонгон) терең изилдөөсүнө мүмкүнчүлүк ачкан да, анын проблемаларын фольклористика илиминин бүгүнкү күндөгү талабына жараша чечүүсүнө шарт түзгөн. Илимпоз бул методду биринчи монографиясы – «Манас» эпосу менен алтайлыктардын баатырдык поэмаларынын эпикалык катышында» эле пайдаланган. Э.Абдылдаев эпосту жогорудагыдай метод менен иликтөө максатында жана «Манастын» тексттерин эл арасынан чогултуу үчүн, Кыргызстандын территориясын узун-туурасынан түгөл кыдырып чыккан. Ал гана эмес, быягы байыркы кыргыздардын мекени Энесай бою (азыркы Хакасия), Алтай, Туваны аралап, коңшулаш Казакстан, Өзбекстан, тыягы Тажикстан, Ооганстан өлкөлөрүнө чейин барган, чарчабас-чаалыкпас илимпоз экенин билебиз. Ошентип ал «Манас» жөнүндөгү даректерди өз кулагы менен угуп, өз колу менен кармалап, андагы сүрөттөлгөн тарыхый жерсууларды, элдерди өз көзү менен көрүп, белгилүү ишенимынанымдарга ээ болгондон кийин гана илимий эмгектерди жаратууга киришкен. Илимдеги мындай дыкаттык анын иштеринин сапаттуу, баалуу болушун шарттаган. Э. Аб-

www.bizdin.kg

дылдаев «Манасты» изилдеп эле тим болбостон, анын тексттерин жыйноочу, китеп түргүнө келтирип, жарыялоочу катарында да көп эмгектерди жасаган. Ал «Манастын» жарык көргөн С.Орозбаковдун вариантын (4том) С. Караалаевдин вариантын (5 том) түзүүгө катышкан.

«Манас» эпосунун академиялык басылышына активдүү катышып, тексттерде кездешкен архаикалык жана чет тилдерден кирген сөздөргө, антропоним, этноним, топонимдерине илимий комментарийлерди ийине келтире жазып берген. Э.Абдылдаевдин манастаануу илиминдеги өлчөөсүз зор эмгегин белгилөө менен, анын даяр докторлук диссертациясы корголбой калгандыгын өкүнүү менен эскербей коюуга болбос...

www.bizdin.kg

БЕГАЛИЕВ САПАР

(1934)

Бегалиев Сапар 1934-жылы Ысык-Көл областында Ысык-Көл районунун Орто-Өрүктү айылында туулган. Орто мектепти аяктагандан кийин Ленинград шаарындагы Герцен атындагы педагогикалык институтка кирип, аны 1958-жылы бүтүргөн. 1959—1961-жылдары (Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын мурдагы) КИУАнын Тил жана адабият институтунун аспирантурасында уланткан. Ошол эле жылы институтка кенже илимий кызматкерлик орунга алынган. 1967-жылы «Манас» эпосунун поэтикасы» деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон. 1970-жылга чейин улук илимий кызматкер болуп иштеген.

Ал эми 1970-жылдан тартып Кыргыз Мамлекеттик университетинде улук окутуучусу, доцент болуп эмгектенген. 1983—89-жылдары «СССР элдер адабияты» кафедрасынын башчысы, 1990-жылдан азыркы күнгө чейин Каракол шаарындагы К. Тыныстанов атындагы университеттин «Кыргыз адабияты» кафедрасынын башчысы, доцент болуп эмгектенип келди. Автордун бул жылдар аралыгында фольклор илиминин айдыңындагы бир топ илимий макалалары, илимий изилдөөлөрү, монографиялары, методикалык окуу куралдары жарык көрдү. 1984-жылы Кыргыз ССР Эл агартуусунун отличниги деген наам алган. Автор илим чөйрөсүндө кандай изденсе, практика жүзүндө педагог катарында жогорку окуу жайларында студенттерге билим берүүдө талыкпай иштеп келет.

Автордун 1969-жылы «О поэтике эпоса «Манас» деген монографиясы жарык көрөт. Мында автор «Манас» эпосунун айрым традициялуу сюжеттерине, мотивдерине кайрылып поэтикалык жагдайын анализге алган. Ошондой эле эпитет, салыштыруу, гипербола өндүү тропторго кеңи-

www.bizdin.kg

ри токтолуп, ынанымдуу оюн билдирет. Автор поэтикалык тропторду жөн гана анализдебестен, анын байыркы мезгилдерден берки калыптанып келген салттуулугун ачып көрсөтүүдө стадиалдуу түрдө өнүгүп, калып танып келген эпостун туруктуу формаларына, формулаларына токтолот. Изилдөөдө көркөм образ жөнүндө маселени козгоп жүйөлүү пикирлерин ортого салган. «Проблема художественного образа в фольклоре является прежде всего проблемой жанра и его исторического развития, поэтому необходимо разработать теорию фольклорных жанров»[1] деп эң туура белгилеген. Азыркы учурда манастаанууда эпосту комплекстүү түрдө изилдөө иши жолго коюлуп, андагы жанр проблемасы, так айтканда, айрым жанрлары изилдөөнүн объектисине алынып, тиешелүү баасын алды десек да болор. Ошону менен катар көркөм образ проблемасына кайрылып, көркөм образ жазма профессионал адабиятында эле универсалдуу образ болбостон, эпикалык чыгармада да каралуусу керек, анткени фольклордогу образдар системасында элдин тарыхый улуттук белгилери, өзөгү жатат деп көргөзүп келип фольклордогу образдардын спецификасы да анын көп вариантуулугунун негизинде салыштырып изилдөөгө муктаж экенин белгилейт.

Фольклордук чыгармадагы (эпостогу) элдин тарыхын, маданиятын, мифологиялык белгилерин, философиялык дүйнө таанымын синкреттүү түрдө караган кезде эпикалык баатырдын же каармандын образын ачуу, ал эпостун маңызын ийне-жибине чейин кароого мүмкүндүк берерин туура баамдаганы байкалат. Тарыхый булактарга таянуу менен, ошондой эле эпостун сюжеттик өзөгүн мыкты өздөштүрүүсүнүн натыйжасында автор эпостун жаралуу доору уруу общиналык коом учурунда жаралып, калыптана баштагандыгына кошулат. Ошол эле учурда эпостун байыркы элементтерди да ала жүргөндүгүнө байланыштуу эпостун байыркы катмары бул уруучулук доорунан мурда эле бар болгондугун көргөзөт.

Эпос узак убакыт мейкиндигинде өсүп өнүгүп, стадиялдуу катмарды чагылдырып турганы башка түрк тилдүү (алтай, якут ж. б.) элдердин эпикалык чыгармаларынан болгон ажырымын айгинелейт дейт. Анткени, эпосто мифологиялык, реалдуу көрүнүштөрдүн арсеналын жолуктырууга болот. Окумуштуу белгилегендей эпостун сюжеттик курумунун татаалдыгы да ушунда эмеспи.

www.bizdin.kg

Андан ары автор эпостогу каармандардын типтүү образдарын, традициялуу бөлүктөрүн, мотивдерин кеңири талдоого алганын көрөбүз. Автор варианттарды салыштырып, андагы индивидуалдуу жана традициялуу көрүнүштөрдү, портреттерди тарыхый булактардын негизинде карап текстгин көркөм табиятын талдаган жерлери бир топ жеткиликтүү жыйынтык берген. Өзгөчө салыштыруу, гипербола, эпитет өндүү троптун түрлөрүн анализдегени жалпы эле эпос таануучулар үчүн, жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн керектүү изилдөө болгону, бул монографиянын маңызын толук кандуу кабылдоого мүмкүндүк берет.

Ал эми автордун 1988-жылы жарык көргөн «Манас» эпосунун көркөм каражаттары» деген окуу куралы «Манас» эпосунун поэтикасын иликтеп-үйрөнүү үчүн студенттерге абдан керектүү материал болгон. Мында автор эпостогу салттык мүнөзгө ээ болгон поэтикалык салыштыруу, көркөм эпитет, гипербола, метафора өндүү бир катар көркөм каражаттарды талдоого алган. Изилдөө ишинде «Манас» эпосунун тематикасы жана жомоктук-традициялык мотивдери, ошондой эле эпостун поэтикалык ыкмалары, көркөм троптор, көркөм эпитет, поэтикалык гипербола, метафора өндүү маселелер ар бири өз алдынча талдоого алынган.

«Фольклордун бирден бир негизги өзгөчөлүгү — аны жараткан, түзгөн, ошондой эле аткарган, массага тараткан, көп кылымдар бою көркөм лабораториядан өткөргөн коллектив болгондугунда, эпостун традициялык туруктуу сюжети негизинен көпчүлүк массаларда сакталат»[2] — дейт. Мындай традициялуулук чындыгында эпостун көркөм табиятын баштапкы үлгүсүндө эле сакталышына түрткү болбостон, өз доорунун ар бир мыкты «Манас» айтуучусунун, жаратуучусунун жеке салымы менен улам кеңейип тереңдеп, толукталып, келгени белгилүү. Анткени эпостун классикалык үлгүсүнүн калыптанышына, Сагымбай, Саякбай өндүү гениалдуу манасчылардын чыгышына өбөлгө болгон аларга чейинки күчтүү манасчылардын агымынын таасири азыркы күнгө чейин сакталып калды. Сагымбай, Саякбай эпостун ошол доордогу гүлдөп өсүп турган мезгилинен азыктанып калганы жалпыга белгилүү. Эпостун тарыхый басып өткөн доорун кароодо автор анын жазылып алыш тарыхынан тартып башка улуттардын классикалык чыгармаларга салыштырып келип, эпостун ал чыгарма-

www.bizdin.kg

ларга болгон үндөштүгүн, алардан айырмаланган бөтөнчөлүгүн да көз жаздымда калтырган эмес. Автордун көз карашы боюнча поэтика жагдайындагы үндөштүктүн болушу ыр түзүлүшү жагынан, көркөм троптордун арсеналынын колдонулушу, чагылышы традициялуу үлгүлөрдүн түбөлүк сактала турганы да түрк элдеринин түпкү тегинин бир экендигин айгинелегенин көргөзүүгө жетишкендигин билдирет. Ал орус элинин былиналарынан, эпикалык чыгармаларынан тартып, алтай, казак, якут элдеринин эпикалык чыгармаларына чейин мисалдар келтирип келип, жалпы эле оозеки поэзия үлгүсүндөгү жалпылык белгилерди жана бөтөнчөлүктөрдү, ар бир чыгарманын мүнөздүү белгилерин карайт. Натыйжада оозеки чыгарманын жалпы бир мыйзам ченемге баш иерин ошол салттуу келе жаткан көрүнүшкө өтө кылдат мамиле кылгандыгын көргөзөт. Бул саамалык эпостун сюжеттик өзөгүн гана терең түшүнүүгө түрткү болбостон, анын поэтикасын кеңири, терең-ден түшүнүүгө көмөк болот.

1971-жылы («Мугалимдер газетасы». 18-март) «Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу» деген макаласы жарыяланган. Мында «Манас» эпосунун дүйнөлүк адабияттын тарыхында алган орду жөнүндө кеңири сөз кылат. «Манас» эпосунун басылыш тарыхы жөнүндө кеп козгоп, анын зор көлөмү, варианттуулугу эпосту толук басмадан чыгарууга кыйынчылык туудурганын белгилейт. «Манастын» төрт томдугу жана андан мурда жарык көргөн бириктирилген вариант азыркы кезде сейрек учураган библиографиядан болуп калгандыгын көргөзгөн. Андан ары 1979-жылы чыккан С. Орозбаковдун вариантынын баалуулугу жөнүндө С. Каралаевдин вариантынын маңызына токтолгон. «Манас» өндүү татаал мазмундуу зор эпопеяга кылдат мамиле кылган айтуучулардын салымын, алардын кыргыз фольклорунда алган ордун белгилейт.

«С. Орозбаковдун вариантында «Манас» эпосунун мүнөздүү поэтикалык өзгөчөлүктөрү, көркөм эстетикалык сапаты, тарыхый этнографиялык белгилери толук сакталып, айрыкча көркөм сүрөттөлөт. С. Орозбаков таланттуу манасчы катары жеке өзүнө мүнөздүү стили, айтуу манерасы менен башкалардан айырмаланат» ж. б. Автор негизинен ошол төрт томдуктун кыргыз фольклорунун тарыхындагы эң маанилүү басма болгондугун баса белгилеп С. Орез-

www.bizdin.kg

баковго таандык сапаттарды ачып, оюн ортого салат. Чындыгында көркөм чыгарманын элге тартуу болушунда, анын жазылып алынган тарыхы, аны изилдеген окумуштуулардын салымы, айтуучунун ролун талдап берүүсү кыргыз эпосунун маани-маңызынын тереңдеп кабылданышына көмөк болгон. Ушул эле маселеге дагы бир ирет кайрылып, 1985-жылы «Эпос — элдин сыймыгы» аттуу »Манас» эпосун басмадан чыгаруу иши тууралуу көлөмдүү макаласы «Ала-Тоо» журналынын сентябрдагы санына жарыяланган. Ооба, эпостун бай тарыхын изилдөө, көркөм текстин басмадан чыгаруу, калктын калың катмарына жеткирүү илим айдыңында олуттуу проблемаларын ишке ашыруу, ар бир фольклор таануучу үчүн көйгөйдө турган маселе го. Автор ушул проблемаларды көкүрөгүндө сезе билип эпостун ар бир мезгил учурунда ошол учурга таандык талап жоопкерчиликти талап кыларын белгилеген ойлору алгылыктуу көрүнүш. Бул сыяктуу салмактуу ойлору, изилдөөлөрү эпос таануудагы жеке принциптеринин болушу окумуштуунун эпосту изилдөөгө кошкон салымын, үнүн көргөзүп турат.

Дагы бир сөз кыла кетчү макаласынын бири «Манас» эпосу көркөм чыгармабы, же тарыхбы?» деген макаласы. Мында автор ошол кырдаалдагы айрым бир «Манаска» кызыккан» инсандардын ортосундагы талаш-тартыш маселенин козголгонуна пикирин билдирген, Азыркы убактарда жалпыбызга белгилүү болгондой эпостаануучулардан сырткары дилетанттардын бет келди окурманга тануулаган ойлору көп учурап келет. Айрыкча мындай ойлор «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесин өткөрүү учурунда абдан арыш алып кеткен. Алардын Манасты тарыхый инсан катары карап, ал тургай туулган жылына чейин айтып жибергенге чейин баргандары албетте иренжитпей койбойт. «Манас» элдин дүйнөсүнөн жаралган, тарых издерин чагылдырган көркөм чыгарма экенине маанилүү ойлорун сыйдырган макаласынын маңызы да ошол көйгөйлүү оюн ортого салууга түрткү болгондугун көргөзөт.

Автордун дагы бир маанилүү изилдөөсү «Кыргыз оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очеркине» кирген. Бул көлөмдүү эмгекти жараткан ошол учурдагы кыргыз оозеки чыгармачылыгын изилдеп, өз салымдарын кошуп, терең теориялык иликтөөлөрдү сыйдырган окумуштуулары-

www.bizdin.kg

быздын агымы экени жалпыбызга белгилүү. Азыркы учурда бул чоң эмгек өтө сейрек кезиккен библиографиялардан. Бегалиев Сапар да ошол күчтүү агымдын тобунда болгон Бул чакан портреттик изилдөөбүздө автордун фольклор илимине кошкон салымын жалпы эле эмгектеринин бардыгын камтый албасак да, салмактуу изилдөөлөрүнүн маани маңызын сыйдырууга аракет кылдык.

АДАБИЯТТАР

[1] *Бегалиев С.* О поэтике эпоса «Манас».– Фрунзе, 1968. Стр. 6.

[2] *Бегалиев С.* «Манас» эпосунун көркөм каражаттары (окуу куралы). — Фрунзе, 1988. 5-б.

www.bizdin.kg

КЕБЕКОВА БАТМА

(1935)

Бүгүнкү күндөгү көрүнүктүү фольклористердин бири Батма Кебекова Кемин районунун Чоң Кемин айылында 1935-жылы туулган. «Кыргыз совет аңгеме жанрынын өсүш жолдору» аттуу темада диссертациялык ишин (1964) жактаган. Филология илимдеринин кандидаты.

Б. Кебекова алгачкы чыгармачылыгын фольклористикадан баштаптыр. Тунгуч эмгектери «Курманбек» эпосунун варианттары (1961), «Эр Табылды» эпосунун (1963) жана «Кедейкан эпосунун идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүнө (1964) кайрылып, бул иликтөөлөрдө айтуучулардын өздүк чеберчиликтери, эпикалык чыгармалардын идеялык түйүнү, көркөмдүк наркы, негизги өзгөчөлүктөрү талданат.

Окумуштуунун «Кыргыз совет аңгеме жанрынын өсүш жолдору» (Ф.: Илим, 1967) аттуу монографиясы автордун жөндөмдүү адабиятчылык жүзүн көрсөткөн олуттуу эмгектерден болуп саналат. Мында, кыргыз профессионал жазма адабиятынын алгач чыйыр сала баштаган 20-жылдардан 60-жылдарга чейинки мезгилдеги аңгеме жанрынын кантип башат алып, өсүп, калыптанышына чейинки процесстердеги ийгиликтер менен бирге кетирилген кыйла мүчүлүштүктөр ошондогу уруннтуу аңгемелерге объективдүү кылдат анализ жүргүзүүнүн негизинде илимий-теориялык аспектиде мыкты чечмеленип берилген. Адабиятчы: «Проза жанры жаралыш, калыптаныш, өсүш эволюциясын ондогон жылдар бою басып өттү. Ошол аралыкта жетилди, сүрөттөө чеберчилигин арттырды. Натыйжада, оозеки чыгармачылыктын нугунда түзүлгөн кыргыз совет аңгеме жанры ириде орустун классикалык адабиятынын бай тажрыйбаларына таянуу менен алгачкы саякат, баштапкы тажрыйба болгон газеталык макалага же аңгемеге окшо-

www.bizdin.kg

богон орто заар чыгармадан «Асма көпүрө», «Бото көзгө» чейинки узак жолду басып өттү»[1] — деп туура белгилеген.

Б. Кебекова А. Токомбаева менен бирдикте «Кыргыз эл ырлары» (1967) жана «Кыргыз эл жомокторун» (1975) түзүүгө катышат. Окумуштуунун кийинки көрүнүктүү эмгеги «Кыргыз-казак фольклордук байланышы».

Ириде тарыхый-этнографиялык тарыхый-топонимикалык тарыхый-санжыралык, фольклордук, тилдик жана тарыхташ, тагдырлаш болгон тектеш элдердин фольклорундагы аналогиялык фактыларды салыштырып, айкалыштырып кароо гана комплекстүү изилдөөнү түзмөкчү. Б. Кебекованын «Кыргыз-казак фольклордук байланышы» (Ф.: «Илим», 1982) аттуу көлөмдүү эмгеги дал ушундай максатты көздөйт.

Эмгектин баалуулугу эки элдин фольклордук карымкатышын, жалпылыгын белгилөөдө, аналогиялык фактыларды ачууда гана эмес, мүмкүн болушунча кыргыз адабиятынын тарыхын кеңейтүүдө, анын келечектеги перспективаларын белгилөөдө, көпчүлүк түрк элдерине таандык Орхон-Енисей (VI—VIII к.). «Девону-лугат ат-түрк» (XI. к.), «Кодекус Куманикус» (XIII к.) эстеликтериндеги адабий фактылардын (макал, лакап, табышмак, миф, уламыш, легендалардын) кыргыз адабиятынан алган тарыхый, турмуштук ордун көрсөтүүдө турат.

Дегеле, тарыхтын бир кезеңинде тарыхташ, тагдырлаш, территориялаш жашаган бир канча элдерде бир нуктан тараган чыгарманын жашап калышы закондуу көрүнүш. Ал эми изилдөөчүнүн максаты алардын бир канча элде айтылыш фактысын санап коюуда гана эмес, алгачкы генезисин белгилөө менен кийинки айтылыш, таралыш, өсүш өзгөчөлүктөрүн, кыргыз, же казактын конкреттүү тарыхый-турмуштук, тарыхый-топонимикалык, этнографиялык, нраво-психикалык өзгөчөлүктүү жактарын көркөм ойлоодо чагылдыруу айырмачылыгын ачып берүү болуп саналат. Бул болсо, изилдөөчүдөн өтө тактыкты, этияттыкты талап кылат. Анткени. бир элдин маданий байлыгын башкалардыкы менен чаташтырып жиберүү, же калыстыктан тайуу, материалды толук өздөштүрбөй, бир жактуу корутунду чыгара коюу, жалпы элдик маданий казынага залакасын тийгизип, талаш-тартыштарды туудурушу мүмкүн. Ошондой эле автордун негизги таянычы

www.bizdin.kg

катарында оозеки гана материалдардын эсептелиши изилдөөнү бир топ татаалдатат.

Бирок, жогоркудай оор милдет бул эмгекте бир топ үзүрлүү чечилген. Буга негизги себеп Б. Кебекованын башка түрк, монгол элдеринин фольклорундагы аналогиялык фактыларга да кайрылышы, эмгектин жалпы эле фактыматериалдарга байлыгы жана ар түрдүүлүгү. Мисалы, изилдөөдөгү бир-эки фактыга кайрылалы. XIV—XV кылымдарда өмүр сүргөн Асан Кайгы жөнүндө жазууда автордун жалаң кыргыз казак эмес, каракалпак, ногой фольклорундагы материалдар менен да толук таанышгыгы, жарыяланбаган архивдик (фондулук) чыгармаларды да камтыгандыгы эмгектин салмагын бир топ арттырган. Натыйжада бир канча тектеш элдердин фольклорундагы аналогиялык фактылар менен салышытырып изилдөөдө автор агрументтүү, далилдүү жыйынтыктарга келген. Кыскасы, Б. Кебекова Асан Кайгы окуяларынын, ырларынын тарыхтын бир кезеңинде бир канча тектеш элдерге (ногой, казак, кыргыз, кара калпак) бир нуктан тарашын, кийин ар бир элде өз өзгөчөлүгү, айырмачылыктары менен жашап, ошол тарыхый-турмуштук, этнографиялык, турмуш-тиричилик шартында өсүп-өнүгүшүн, кийинки учурларда да өсүү процессинин токтолбогондугун бир топ ишенимдүү көрсөтөт.

Же болбосо Жээренче чечендин окуяларынын таралыш аймагы бир топ кенен. Эмгекте Крым, Астрахань, Тобол (түмөн) татарларынын жана ногой, алтай, кыргыз, казак, кара калпак фольклорундагы аналогиялык фактылар кеңири камтылган. Бул материалдардын негизинде Жээренче чечен чыгармасынын байыркы учурда бардык элге бир нуктан тарагандыгын, анын таралыш аймагын, айтылыш өзгөчөлүгүн ачык көрсөтө алган. Кыскасы, мындай фактылар көп. Ал эми иштин бай материал менен жабдылышы эмгектин пайдасына чечилген. Натыйжада автордун жыйынтыктары, ойлору, башка изилдөөчүлөр менен келишпестиктери далилдүү чыккан.

Монография эки чоң бөлүмдөн турат. «Кыргыз-казак фольклордук байланышынын алгачкы катмары», «Орто кылымдагы окуялардын кыргыз-казак фольклорунда чагылышы». Автор туура белгилегендей. кыргыз, казак элдеринин этникалык составы, эл болуп түзүлүш процесси канчалык узак, татаал жана ар түрдүү болсо, элдик чы-

www.bizdin.kg

гармачылыкта да ошончо доордун, бир канча муундун изи жатат. Биринчи бөлүмдө изилдөөнүн негизги объектиси катарында мифтик, чыгармаларды, уламыш, улама, легенда жана сыйкырдуу жөө жомокторду алат да, бир канча тематикага бөлүп жайгаштырат: космогониялык, этимологиялык, тарыхый-генеалогиялык, демонологиялык ж. б.

Казак, кыргыз мифтериндеги аналогияны биз алгач космогониялык темада көрөбүз. Космогониялык аймакта аналогиялык фактылардын (Жетиген, үч аркар жылдыздары, айдын түзүлүшү жөнүндө) тектеш (алтай, тува, ж. б.) жана тектеш эмес монгол урууларында да айтылышы кеңири каралат. Мунун себеби байыркы түрк монгол урууларынын эстетикалык көз карашынын, дүйнөнү, жаратылышты таануу, баамдоо, кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнүн жыйындысы катарында туура көрсөтөт.

Кыргыз, казак фольклорунан жан-жаныбарлардын, канаттуулардын пайда болушун, жаратылыш дүйнөсү менен адамдардын ортосундагы карым-катышты, байланышты, чагылдырган чыгармалар да кеңири орунду ээлейт. Сөзсүз мындай окуяларда байыркы адамдардын баёо түшүнүгү, көз карашы көркөм ойлоонун негизин түзөт. Эмгектин бир жакшы жагы мифологиялык түшүнүктөрдүн, көз караштардын көркөм ойлоонун объектсине айланыш процессин, экөөнүн карым-катышын үзгүлтүксүз көрсөтүп отурат. Мисалы, суур эки элдин түшүнүгүндө тең бирдей бааланган, аны адамдар менен тектеш деп эсептешип, этин жээгө, терисин пайдаланууга тыюу салынган. Бул көз караш ал жөнүндөгү эки элдин уламышында ачык чагылдырылган. Бирок алгачкы мазмундук негизги жакын болгону менен өсүш жолунда айырмачылыктары, өзгөчөлүктөрү менен жашаган. Алсак, кыргыз чыгармасы анчылык доору менен байланышсыз айтылат, анын алгачкы окуяларынын трансформацияланышын байкоо анчалык кыйын эмес.

Көпчүлүк түрк элдери сыяктуу эле кыргыз, казактардын да көчмөндүү турмушта жашап, негизги кесиби мал чарбачылыгы болгондуктан, аларга карата ар кандай ишенимдер, уламыштар келип чыккан. Мунун мисалы катарында төрт түлүк малдын пирлери жөнүндөгү түшүнүктөрдү көрсөтүүгө болот. Жыл эсебинин да жан-жаныбарлар, айбанаттардын аттарынан аталып калышы, ал жөнүндө кы-

www.bizdin.kg

зыктуу уламыштын Махмуд Кашгари тарабынан XI кылымда кагазга түшүрүлүшү тотемдик түшүнүктүн байыркы түрк урууларында кеңири орун алгандыгын көрсөтөт. Автор жогоркудай культтук пирлердин айрымдарынын көркөм образга айланып тереңдешин (Чалкуйрук, чаар иңген, ботосун жоктогон төө ж. б.) туура белгилейт. Б. Кебекова бул же тигил фольклордук мурастын ар башка аймактарда, бир канча тектеш элдерде айтылып калуу себептерин, таралыш өзгөчөлүктөрүнө кеңири токтолот. Ар бир элдин фольклордук чыгармасы өз өзүнчө баасын алат, ал эми түрк уруулары көчүп-конуп, аралашып жүргөн мезгилде түзүлгөн маданий мурастар орток деп таанылат. Буга «Коркут-ата» чыгармасынын азербайжан, түркмөн, башкыр, казак, кыргыздарда орун алышы күбө.

Эмгекте «Искендер Зулкарнайн», «Көбөк», «Кубайкус», «Ак Көбөк», Кара Көбөк», «Талым кыз менен Көбөктүн айтышы» сыяктуу чыгармалардын окшоштуктары, бөтөнчөлүктөрү да каралат. Чыгармалардагы жалпылык Б. Кебекова тарабынан элдердин байыркы учурда бир аймакта жашап, турмуш-тиричилик шартынын, географиялык чөйрөсүнүн, этникалык түзүлүшүнүн, этнографиясынын, тилинин, көркөм ойлоосунун жакындыгы менен түшүндүрүлөт. Автор казак эли өз аты менен 15-кылымда гана тарыхта белгилүү болгондугуна карабастан, көп фактылардын негизинде фольклордук байланыштын алгачкы катмары байыркы доордо эле түзүлгөн деген бүтүмгө келет. Б. Кебекованын бул ою белгилүү даражада айрым тарыхый эмгектерде (К.А. Пищулина. Юго-Восточный Казахстан в середине 15 начале 16 веков. — Наука, 1977), жазма археологиялык табылгаларда бекемделет. Анткени казак тарыхы боюнча кийинки изилдөөлөрдө айрым Жаныбек, Кирей сыяктуу султандардын Дешт — Кыпчактан, өзбек уруусунан бөлүнүп чыгып, 15 кылымда Казак хандыгын, негиздегенине карабастан, азыркы Казакстандын Түштүк-Чыгыш бөлүгүн байыртадан эле казак урууларын ээлеп келген деген пикирди далилдөө аракети орун алып келе жатат. Бирок мындан автор эки элдин тарыхын бир текчеге коюп караган, бири-биринен айырмачылыгын көрө алган эмес деген жыйынтык чыкпайт. Айрыкча кыргыздардын тарыхынын ар түрдүүлүгү, ар башка аймактарда өтүп, ар кандай тагдырга дуушар болуп, бир канча элдер менен

www.bizdin.kg

байланышта болушу ар дайым белгиленип, мүмкүндүгүнө карата тарыхый, адабий фактылар менен бекемделип жүрүп отурат.

Иштин экинчи бөлүмүндө шарттуу түрдө алганда XIII-XV кылымдардын аралыгындагы окуялардын кыргыз, казак фольклорунда чагылышы баяндалат. Шарттуу дегенибиз фольклордук чыгармаларда байыркы, же кийинки катмарлардын орун алып калышы мүмкүн. Бирок ошондой болсо да чыгармалардын мазмунундагы негизги өзөктү Чынгыз хандын жана анын мураскорлорунун бийлик жүргүзгөн мезгили түзөт. Мисалы эмгекте Чыңгыз хандын баласы Жуучунун (Жучи) өлгөнүн Улуг-жырчынын (ырчынын аттары вариацияланган: угузган адам биринде Улуг-жырчы жана Кет Бука (Кет Буга), бир вариантта Тума аталат) атасына (баласы өлгөн хан биринде Чыңгыз, экинчисинде Айган, бир материалда – Жаныбек аталат) угузушуна кайрылат да, байыркы түрк ырынын (XIII кылымда парс авторлору тарабынан катталган) жана ногой, казак, кыргыз фольклорунан орун алган бир канча варианттарынын адабий фактылардын негизинде чыгарманын жанрдык спецификасын (кара сөз жана ыр формасында) окуялардын, топономикалык аттардын интерпретацияланышын, айрым катмарлануунун орун алгандыгын, анын бир канча элге бир булактан тарагандыгын далилдейт. Поэтикалык угузуунун чыгыш шарты, айтылыш, таралыш аймагы жана фольклор менен тарыхтык карым-катышы окуяны чагылыштыруу бөтөнчөлүктөрү сыяктуу теориялык маселелерди бирге карайт.

Автор көп фольклордук фактылардын, тарыхый санжыралардын негизинде Алтын Ордо, Ногой ордосунда түзүлгөн тарыхый окуяларга, маданий мураска белгилүү даражада кыргыз урууларынын да катышы болгондугун далилдейт. Изилдөөчүнүн фольклордук материалдарды тарых менен байланыштырып анализдөөсү иштин сапатын жогорулатып, ары кызыктуу кылып отурат. Илимий эмгектин кыргыз, казак маданий коомчулугу үчүн пайдасы зор.

Биздин оюбузча, автор өз алдына койгон негизги максатты орундата алган, ал эми айрым маселелерди тереңдетүү, тактоо келечектин иши экендиги законду көрүнүш.

Ушуга удаа эле Б. Кебекованын «Кыргыз-казак акындарынын чыгармачылык байланышы» (1985) деген экин-

www.bizdin.kg

чи китеби жарык көрөт. Монографияда эки элге кеңири таанымал кези келгенде айтыша, тартыша кетип, бирок бири бири менен алака катышта, сый мамиледе жүрүшкөн Чөжө, Катаган, Сүйүмбай, Эсенаман, Мыйкөт, Калмырза, Сарбас, Жамбыл, Токтогул, Калык, Кенен, Осмонкул, Ысмайыл ж. б. көптөгөн көрүнүктүү эл ырчылары жөнүндө айтылат. Чынында эле тили, дили жакын коңшулаш бул эки элдин жеке эле салттык эмес маданий, адабий байланышынын да тамыры тереңде.

Бул эмгекте казак менен кыргыздын эл шайырларынын 19-кылымдан 20-кылымдын 60-жылдарына чейинки аралыктагы чыгармачылык байланышы, тактап айтканда: акындык чеберчиликтери; эпосторду айтуучулуктагы бири бирине өткөн таасирлер (кыргыз эпосторунун казактарда, казак эпосторунун кыргыздарда айтылып жүрүшү ж.б.); айтыш өнөрүндөгү устаттыктары; акындык-күүчүлүктөгү (домбурачы), жалпы эле шайырдык өнөрдөгү биринен экинчисине өткөн нускалуу салт туурасында кеңири сөз болот.

Китеп эки чоң главадан туруп, жогоруда айтылгандай биринчи главасы жалаң акындар чыгармачылыгына арналып, экинчи главасында «Төштүк» чыгармасынын кыргыз-казактардагы айтылышы» туурасында иликтөө жүрөт. Бул глава өзүнчө үч бөлүккө бөлүнүп, биринчиси, «Төштүктүн» кыргыз-казак, түмөн (тобол) татарларына бир башаттан тарашы (мазмун, окуя, образдык жалпылыгы), вариантык өзгөчөлүгү, айтылыш, таралыш аймагы, экинчиси, «Байыркы традициялык мотивдердин жана архаикалык окуялардын «Төштүктө» чагылышы», үчүнчүсү «Төштүктүн» кыргыз, казактарда айтылыш өзгөчөлүгү» деп аталып, «Төштүктүн» жөө жомоктук мазмундан баатырдык эпоско өтүп жеткенге чейинки эволюциялык абалын, андагы архаикалык мотивдердин чагылышын, ар элдеги (кыргыз, казак, татарлардагы) көп вариантуулукка өтүшү өңдүү көптөгөн проблемалар көрүнүктүү түрколог, этнограф, тарыхчы, фольклорист окумуштуулардын илимий-теориялык эмгектерине, далил, фактыларына, о.э. фондулук, архивдик материалдарга таянуу менен жогорку деңгээлде чечмеленип берилет.

Окумуштуу: «Кыскасы, «Төштүктүн пайда болушу, калыптануу, өсүп-өнүгүү процесси өтө узак. Анда байыркы

www.bizdin.kg

уруучулдук коомдогу адамдардын жаратылыш кубулуштарынын стихиясын түшүнүүгө жасаган баё түшүнүктөрүнөн, мифологиялык көз караштарынан, кереметүү кыялданууларынан тартып, 15—18-кылымдардагы тарыхый реалдуу окуялардын, элдин конкреттүү турмуш жагдайларынын изи жатат. Айрым варианттардын мазмунуна караганда чыгарманын түзүлүү, калыптануу процесси 16, 17,, ал эмес 19-кылымда токтобогон өндүү. Ошондуктан, «Төштүктүн» көп варианттуулукка өтүшү, топонимикалык, тарыхый турмуштук, тарыхый-этнографиялык жана фольклордук катмарлануунун сакталышы табигый көрүнүш» – деген тыянакка келет.

Монография эки элдин фольклордук о.э. акындык чыгармачылыгындагы мурдатан келаткан көп кырлуу адабий-маданий байланышына өзүнүн калыс пикирин билдирип, илимий негизге салып биринчи ирет жазып чыккандыгы менен абдан баалуу.

Б. Кебекова өз күчүн ар тармакта көрсөтө билген окумуштуу. Анын мындай артыкчылыгы буга чейин сөз болгон профессионал адабият тармагындагы, фольклордук жанрлар, о.э. акындар чыгармачылыгынын ар өңүтү тууралсындагы олуттуу эмгектеринен эле ачык байкалып турат. Ал эми, академиянын көрүнүктүү окумуштуулары тарабынан чыккан элге кеңири белгилүү «Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын очеркине» (1973), «Миф», «легенда» жана «Жаныш, Байыш», «Эр Табылды», «Курманбек», «Кедейканды» (Б. Кебекова тарабынан аталган эпосторго «Баш сөздөр» жазылган), о.э. «Илим» басмасынан чыккан (1988), «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктерине» Б. Кебекова тарабынан «Легендарлуу акындар» (С. Закиров менен бирдикте), «Куудулдар», Ш. Токтобаев, А. Бердибаев, Жоошбай, Бекназар, Карачунак, Көкөтөй өндүү чечен, куудулдардын портреттери жазылган.

Б. Кебекова кийинки учурларда акындар чыгармачылыгы боюнча үзүрлүү иштеди. Натыйжада, Кыргыз адабиятынын тарыхы аттуу 7 томдуктун (Б., 2002) 4-томуна Алдар Көсөө, Чөжө, Калыгул, Арстанбек, Эсенаман, Солтобай, Сартбай, Жаныш, Найманбай, Ботобай, Наркүл, Калмырза, Жаманкулга окшогон ондогон акындардын көлөмдүү портреттерин, 3-томуна эпостор баштаган баалуу бир катар фольклордук иликтөөлөрдү жазып берди. Ушул

www.bizdin.kg

эле иштер кыскача жазылып «Кыргыз адабиятынын тарыхына» (Энциклопедия) кирди.

Башта «заманчыл», «байчыл»,»динчил» деп иликтөө ишинен таптакыр четтетилип, оозго алынбай келген акындар туурасында 90-жылдардан кийин гана сөз болуп, чыгармалары эл ичинен жыйналып, архивдик материалдары пайдаланыла баштагандыгы белгилүү. Окумуштуунун ушул мезгилдеги эң көрүнүктүү эмгеги «Кыргыз эл ырлары» (Б., 1994). Буга ал легендарлуу ырчылар Асан Кайгы, Токтогул ырчы, Кет Бука туурасындагы көптөгөн жылдар бою жыйнап келген баалуу материалдарын, портреттик, иликтөөлөрүн кийирген. Китепке о.э. Калыгул, Байгабыл, Балык, Арстанбек, Солтобайдын сейрек кездешүүчү чыгармалары архивдик материалдар менен бирге текстологиялык жактан такталып (минтүү мүлдө түйшүктүү, чоң жумуш А. О.) иретке түшүп, кеңири баяндамалары менен жакшы иликтенген.

Ушул эле жылы Б. Кебекованын «Арстанбек» аттуу маанилүү илимий иликтөөсү жана ырчынын 170 жылдык мааракесине карата чыккан «Арстанбек» деген ыр жыйнак (Т. Саманчиндин иликтөөсү кошо кирген) өзүнчө жарык көрөт. Башта, Арстанбек эл оозунда легендарлуу мүнөзгө өтүп канчалык даңазаланганы менен анын көп кырлуу төкмөлүк кадыр-баркын көтөрүп кете турган чыгармалары жокко эсе болсо, бул жыйнакка Б. Кебекова Кемин жергесинин тургуну Кабай Абдыракман уулу тарабынан эл ичинен жыйналган көптөгөн баалуу материалдарды киргизип Арстанбектей залкар талантка экинчи өмүр берген. Чындыгында, ушул жылдардан тарта өз мезгилинде алдына акын чыгарбаган даанышман ойчул бир катар адабиятчы, тилчи, жалпы эле филолог, философ окумуштуулар тарабынан көбүрөөк кеп сөзгө алынып, натыйжада Н. Бегалиева атайы диссертациялык иш жазып, бул күндө акындар поэзиясындагы өзүнүн татыктуу ордун ээлеп калды.

Фольклористтин дагы бир көрүнүктүү эмгеги «Кыргыз элинин каада-салт ырлары» (2001). Китеп негизги үч бөлүктөн туруп, биринчи бөлүгүндө каада-салт ырлары классификацияланып, экинчи жана үчүнчү бөлүмүндө алар кеңири талданат. Каада-салт ырларын терең талдап, классификациялоо ар кимдин эле колунан келе бербеген өтө

www.bizdin.kg

оор иш. Бул татаал маселенин башын ачып берүүдө окумуштуу көптөгөн фундаменталдуу илимий-теориялык эмгектерди карап чыккан. Ал туурасында өзү мындай дейт: «Натыйжада айрым славян жана тектеш түрк окумуштуулларынын тажрыйбасына таянуу, о.э. кыргыз иликтөөчүлөрүнүн классификациялоодогу ийгилик, кемчиликтерин эске алуу менен каада-салт ырларын алгач эки чоң топко бөлдүк, алар өз ара бир канча түрлөргө ажырайт. **Үйлөнүү үлпөтүнө, үй-бүлөчүлүккө байланыштуу каада-салт ырларына:** той баштар – той ээлерин куттуктоо, той түшкөндүгүн жарыя кылуу, кыз оюндагы ырлар, көрүшүү, жар-жар, кыздын коштошуусу кирет. Келинди отко киргизүү, балага ат коюу, бешик ыры, тушоо кесүү да үй-бүлөчүлүккө байланыштуу түзүлүп, булардын ар бири салттык жөрөлгөлөр, ырым-жырымдар менен коштолуп аткарылат.

Экинчи чоң тобуна: **керээз, угузуу, кошок-жоктоо, көңүл айтуу** сыяктуу өлүк узатууга байланыштуу ырлар кирет да салттык жөрөлгөлөр жана диндик ырым-жырым, үрп-адаттар менен коштолот»[4].

Каада-салт ырларынын ар бир жанры, бөлүкчөсү тээ абалкы башатынан тарта илимий-теориялык анализге алынып, ой-пикир, чыгарган тыянактары бир эле адабий фольклордук материалдарга негизделбестен, керек учурда тарыхый-этнографиялык баалуу эмгектерге, өз мезгилинде казак, ногой жергесинде болуп топтолгон арбын материалдарга таянуу менен жыйынтыкка келген терендиги, тактыгы, пайдаланган материалдарынын байлыгы менен көңүлдү өзүнө бурат. Китеп ушунусу менен кундуу.

Окумуштуу ушул күндө да фольклор жана акындар чыгармачылыгынын көп тармактуу жанрларынын үстүндө байсалдуу эмгектенүүдө. Анын кайсыл гана эмгектерин албайлы ошол проблеманы башатынан тарта чечмелеген олуттуулугу, материалдарынын мазмундуу, байлыгы, текстологиялык жактан такталган иреттүүлүгү, ой жүгүртүүлөрүнүн, чыгарган тыянактарынын калыстыгы менен айырмаланат.

Б. Кебекованын ири устат окумуштуулугу өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Анын жетекчилиги астында бир нече жаштар кандидаттык диссертацияларын ийгиликтүү жакташтыы, эми да жактоо алдында тургандары бар.

www.bizdin.kg

Жыйынтыктаганда, Батма Кебекованын көрүнүктүү фольлорсит, акындар чыгармачылыгы боюнча албан иштерди жасаган адис окумуштуу катары кыргыздын фольклористика илиминдеги орду чоң.

АДАБИЯТТАР

[1] *Кебекова Б.* Кыргыз совет аңгеме жанрынын өсүш жолдору. – Ф., 1967. — 12-б.

[2] *Кебекова К.* Кыргыз-казак фольклордук байланышы. — Ф., 182.

[3] *Кебекова Б.* Кыргыз-казак акындарынын чыгармачылык байланышы. – Ф., 1985. — 139-б.

[4] *Кебекова Б.* Кыргыз элинин каада-салт ырлары. – Б., 2001.— 11-б.

www.bizdin.kg

ЖАЙНАКОВА АЙНЕК

(1940)

Жайнакова Айнек 1940-жылы Жетиөгүз районуна караштуу, Тосор айылында төрөлгөн. 1969-жылдан бери тарта Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясындагы Тил жана адабият институтунда, «Манас» бөлүмүндө эмгектенип келе жатат. А. Жайнакованын «Манас» эпосунун ар кыл проблемаларына арналган бир катар эмгектери жарыкка чыгып, манастаануу илиминин өнүгүшүнө тийиштүү салымын киргизе алды. Алсак, «Семетей» эпосунун тарыхый генеологиялык негизи» (1982), «Сейтек» – «Манас» трилогиясынын корутунду бөлүмү» (1984), «С. Каралаевдин айтуусундагы «Семетей», «Сейтек» эпосторунун бөтөнчөлүгү (1988), «Манас» эпосунун маселелери» (1999) сыяктуу бир катар эмгектери жарыяланып жалпы окурмандар, окумуштуулар тарабынан жылуу кабыл алынган. Ошондой эле СКВ боюнча «Манастын 1-томун, «Сейтекти» (Р. З. Кыдырбаева менен бирдикте) түзүп, баш сөзүн жазган.

Эки томдон турган «Манас» энциклопедиясынын негизги авторлорунун бири А. Жайнакова ушул коллективдүү эмгекти жаратуудагы эмгеги учун Кыргыз Республикасынын Илим жана техника боюнча ыйгарылуучу Мамлекеттик сыйлыгын алууга татыктуу болгон. Анын манастаануу илими боюнча 100дон ашуун илимий макалалары мезгилдик басма сөз беттеринен жарык көргөн.

* * *

А. Жайнакованын негизги эмгектеринен болуп эсептелген «Семетей» эпосунун тарыхый генеологиялык негизи» аттуу монографиясына токтолуп, маани-мазмундарын,

www.bizdin.kg

автор тарабынан айтылган баалуу пикирлерин таржымалдамайынча, анан манастаануу илимдеги орду ачык көрүнбөй калмакчы. Андыктан, биз аталган эмгекке токтолууну туура көрдүк. Албетте, жогоруда белгиленгендей А. Жайнакованын мындан башка: «Манас» трилогиясынын корутунду бөлүгү» (1984), «К. Маликовдун чыгармачылык портрети» (1981), «С. Каралаевдин айтуусундагы «Семетей», «Сейтек» эпосторунун бөтөнчөлүктөрү» (1988), «Манас» эпосунун маселелери»(1999), « Современность и устно-поэтическая традиция в творчестве К.Маликова»(2000) сыяктуу бир катар монографиялары, макалалар жыйнактары жарык көрүп, сапаттык салмактары боюнча биз сөз кыла турган монографиядан кем эмес.

«Манас» эпосу дегенде биз трилогияны (« Манас», «Семетей», «Сейтек») чогуу түшүнүшүбүз керек. Эпостун биринчи бөлүмү туурасында кудайга шүгүр эле изилдөөлөр болду жана ал иштер дале улантылып жатат. Ал эми кийинки бөлүмдөрү боюнча Г. Алмаши «Прощание героя Манаса с сыном Семетей», Б. Керимжанова («Семетей» и «Сейтек»), М. Мамыров «Семетей» эпосу — «Манас» трилогиясынын экинчи бөлүгү») сыяктуу окумуштуулар тарабынан бирин-экин гана изилдөөлөр жарыяланып, биринчи бөлүмгө караганда өтө аз көңүл бурулуп келе жаткандыгы байкалат. Манастаануу илиминдеги мына ушундай өксүктү туура баамдаган окумуштуу трилогиянын кийинки бөлүмүн изилдөөгө бел байлап, жогоруда аты аталган эмгекти жаратты.

«Семетей» эпосунун тарыхый-генеологиялык негизи» аттуу эмгекти жазууда автор өзүнө чейинки окумуштуулардын илимий эмгектери жана «Семетей» эпосунун ар кыл вариантгары менен кеңири таанышып, өзүнө чейинки окумуштуулардын эпос боюнча айткан баалуу пикирлерин адилеттүүлүк менен эскерип өткөн. «Семетейдин» текстинен үзүндүнү алгачкылардан болуп академик В. В. Радлов жазып алган. Андан кийин Г.Алмашинин жазып алган тексти 1911-жылы «Восточное обозрение» журналынын № 12 санынан жарык көрөт. 1914-жылы «Түркстан талааларында» аттуу китепке В. В. Смирновдун жазып алган тексти жарыяланат. Мына ушул тексттерден бөлөк 1922-жылга чейин «Семетей», «Сейтек» жазылган материалдар учурабайт». Ушул сыяктуу фактылык материалдарды эринбес-

www.bizdin.kg

тен бирден терип, аларга мүнөздөмө берип олтуруп, 1922-жылдан бери тарта жалпы эле «Манас», анын ичинде «Семетей», «Сейтектердин» тексттеринин жазылыш тарыхы туурасында кеп козгойт. Автор негизги «семетейчилердин катарына: С. Каралаевди, Ж. Кожековду, Ж. Сарыковду, Ш. Рысмендеевди жана М. Чокморовдорду коёт. Чындыгында эле ушул семетейчилердин варианттары не көлөмү, не көркөм түзүлүшү жагынан толук кандуу чыккан чыгармалар.

Кандай гана чыгарма болбосун, ага тиешелүү баа берүүдө, идеялык багытын тематикасын туура белгилөөдө ошол чыгарма чагылдырылган тарыхый шарттын мүнөзү чечүүчү маанеге ээ. Оозеки сакталган чыгармалар дамамат өзгөрүп, алымча-кошумчаланып тургандыктан ага карата бөлгөн мамиле да фольклордук илимдин талаптарына жараша болушу абзел. Эпостордун мазмунунда конкреттүү бир гана учур чагылдырылбастан көптөгөн дооорлордун тарыхый окуялары жуурулушуп, ал түгүл алмашышып берилип калышы да ыктымал. Автор мына ушундай көрүнүштөргө фольклордук жанрлардын табиятына, закон ченемдүүлүктөрүнө ылайык мамиле жасаган. «Семетей» эпосу чагылдырган доор» деп аталган биринчи бөлүм «Семетей» эпосундагы элементтер жана «Традициялуу сюжеттик канва жана ал чагылдырган доор» деген эки главага бөлүштүрүлгөн. Азыркы учурда фольклористикада коп пайдаланылып жүргөн тарыхый –салыштырма методдун жардамы менен тексттерге анализдер жүргүзүлүп, эпос чагылдырган доор жөнүндө пикирлерин ортого салат. А. Жайнакованын көз карашы боюнча: «Манас» эпопеясынын «Семетей» эпосунда негизинен патриархалдык-феодалдык доордун типтүү традициялары реалдуу мүнөздө чагылдырылса да, байыркы түшүнүк, көз караштардын, образдардын ичиндеги байыркылары (жөө жомоктук, мифологиялык-фантастикалык) орун алган: «Манас» сыяктуу эле «Семетей» эпосу да узак мезгилди басып өткөн өтө көлөмдүү чыгарма». Автор чыгарманын тулкусуна ар кыл доордун окуялары киргендигин баса белгилеп, далилдеп олтуруп, эпос чагылдырган доордун негизги чордонун табууга аракет жасайт да, «Семетейдин» мазмунунда негизинен үч катмар: 1) байыркы элементтер; 2) эпостун негизги окуялары чагылдырылган доор; 3) чыгармага кийинчерээк киргизилген толуктоолордун бар экендигин

www.bizdin.kg

көрсөтөт. Ушул бөлүштүрүү боюнча ар бирин тексттердеги мисалдар менен далилдейт.

Эпостун негизги темасын, идеялык багытын аныктап турган негизги окуялары, традициялык сюжет куруму болот. Ошол өзөк окуялардын уюткусу мурунку калыбында жана үлгүсүндө сакталуусу менен, ага жаңы тарыхый шарттын талабына ылайык «толуктоолор» кошулуп, улам кийинки замандын таламдарына карата ылайыкташа берет. Мына ушу сыяктуу эпостордун өнүгүшүндөгү законченемдүүлүктөр ишти аткарууда автор тарабынан туура колдонулган. Бир нече вариантарды салыштырып, «Семетей» эпосунун өзөгүн түзгөн традициялык туруктуу окуялар катары – атасы өлгөн жаш баатырдын качып барып таятасынын колунда өсүп, тарбияланышы; эр жеткен соң өз элин таап, атасынын ордун ээлеши; Айчүрөккө үйлөнүшү; атасынын өчүн алышы; Канчоронун кастыгы менен Кыястан жеңилишин атоого болот. Ушул эпизоддор «Семетей» бөлүмүн толук айткан семетейчилердин вариантарында кездешет. Автор аталган өзөк мазмунга карата басым жасап, иликтөө ишинде кимдир бирөөнүн вариантына артыкчылык берүүдөн качат. Мунусу-фольклористика илиминде, өзгөчө эпосторго карата изилдөө ишинде пайдаланылып жүргөн туура позиция. Автор коңшулаш түрк элдеринин эпосторуна салыштырып, окуялардагы чагылдырылган доор туурасында бир топ анализдерди жүргүзгөн да: «Мазмунунда негизинен тапсыз уруу түзүлүшүнүн эң жогорку баскычын, анын кыйроого бет алган учурун, таптык мамилелердин алгачкы көрүнүштөрүн чагылдырган «Манастан» айырмаланып, «Семетей» эпосу феодалдык уруу түзүлүшүнүн шартын, болгондо да феодалдык мамилелердин бытырандылыкка баш койгон мезгилин чагылдырат» — деген жыйынтыкка келген.

Эмгектин экинчи бөлүмү «Семетей эпосундагы генеологиялык циклизациянын өзгөчөлүгү» деп аталат, ал эки главага бөлүштүрүлгөн.

«Генеологиялык циклизация жана анын негизги белгилери» деген биринчи глава негизинен илимий теориялык багытта иштелген Е. М. Мелетинский, В. В. Радлов, Ч. Валиханов сыяктуу окумуштуулардын «Манас» эпосунун жаралышы жана анын өнүгүү эволюциясы туурасындагы илимий көз караштары талдоого алынып, алардын пикирин

www.bizdin.kg

фактылык материалдар менен бекемдөөгө аракеттер жасалат. Окуялардын, сюжеттердин жеке адамдынбы, же бир жердин атынанбы, же бир тарыхый окуягабы байланыштырылышына карата түрдүү циклдеги чыгармалар жаралат. Мисалы, «Көр-Уулу» цикли, «Жангар» цикли, Владимир цикли, Киев цикли д.у.с. Ал эми генеологиялык циклизация процесс жалпы эле эпикалык циклизациянын жогору чекити катарында көбүнчө монументалдуу эпикалык чыгармаларга таандык көрүнүш. Эпикалык циклизация башкы каарманга таандык окуяларды эле камтыса, генеологиялык циклизацияда негизги баатырдын өзүнөн кем калышпаган баласы, ал түгүл небере-чөбөрөлөрү жөнүндөгү чыгармалар жаралат. Ушул көрүнүш фольклористика илиминде генеологиялык циклизация принцибине жооп берип, өзүнчө иликтөө жүргүзүүгө арзыйт.

Кыргыз эпосторунда буга мисалдар арбын эле учурайт. Ошолордун бири катары А. Жайнакова «Манас» эпосун мисалга тартып өз көз караштарын айта алган. Анын пикири боюнча биографиялык циклизация өнүкпөгөн же начар өнүккөн (шор элинин эпостору, орус былиналары сыяктуу) эпикалык чыгармаларда генеологиялык циклизация дээрлик жок болот. Анткени, генеологиялык циклизация биографиялык циклизациянын өсүп жетилгенден кийинки экинчи этабы сыяктуу нерсе. Айрым учурларда андай эпостордо ата менен баланын кагылышуусу, алардын ар кандай конфликтиси орун алат. Бирок аны генеологиялык циклизациянын үлгүсү же ошого жасалган аракет катары түшүнүү жеткиликсиз. Качан гана баатырдык өмүр баяндын тематикасы деталдык түрдө толук иштелип чыкканда гана генеологиялык циклизация принциби талап кылынат. Эпостогу логикалуулук бир эле муундун иш-аракетин эмес, бир канча мууну сүрөттөө шарт түзөт. Генеологиялык принциптин мыкты үлгүлөрүнөн болуп эсептелген классикалык «Манас» трилогиясынын уландысы – «Семетей» эпосунун композициялык курулушу ага далил боло алат.

«Семетей» – «Манас» эпосунун генеологиялык уландысы» — деп аталган экинчи главада «Манас» трилогиясынын ички табиятын терең иликтеп, генеологиялык принциптин эпосто сакталган себептерин таржымалдап, ачып берген.

Баатырдык эпостордун мазмуну – негизги каармандын торолушу, үйлөнүшү эл-жер үчүн жортуулдарга чыгышы,

www.bizdin.kg

акыры эрдик менен курман болушу өндүү традициялык схемадан турган окуялардын тизмегинен курулат. «Манас», «Семетей» эпосторунда да негизинен ушундай схема сакталган. Муну автор эки бөлүмдүн окуяларын салыштыруу аркылуу жүзөгө ашырган. Эпикалык чыгармачылыктын белгилүү законченемдүүлүгүнө жараша сюжеттин генеологиялык уланышы айрыкча улуу муундагы баатырдын трагедиялык бөлүмүнө байланыштуу. Мына ушуну белгилөө менен автор элдин өзүнүн идеалынан жаралган эпикалык баатырдын иштеген иштери, жетишкен жеңиштери анын өлүмү менен кошо ың жынсыз жок болуп кетүүгө тийиш эмес. Баатырдын кегин кууп, өчүн алуу, закондуу мурасты калыбына келтирүү — экинчи шартта, жаны планда өнүгүп-өөрчүтүлүшү зарыл» — деген тыянакка келет. Ушул пикирин белгилөө максатында, автор кыргыздар менен бирдей коомдук формацияларды башынан өткөргөн монголдордо, туваларда жоо колунан өлгөн баатырдын өчүн алуу үчүн алардын артынан чаккан эр жүрөк уулдары туурасында айтылган элдик чыгармаларын мисалга тартат. Генеолологиялык принцип жалаң эле Манас менен Семетейден көрүнбөстөн алардын чоролорунан да кезигээри б. а. Алмамбеттен — Мажик, Чубактан-Турсунбек, Серектен — Тыныстан, Ажыбайдан —Үрүстөм, Кыргылдан — Ороз, Сыргактан — Серек, Калкамандан — Чынаш сыяктуу баатыр уулдардын чыгышы менен да бекемделген. Эл тарабынан башкы каармандар өтө кадыр баркка ээ болуп, айтуучулар аларды «эр », «шер», «кабылан», «арстан» өндүү гиперболалык маанидеги эпитеттер менен сүрөттөөнү талап кылат да циклдин тутумунда турган баатырлардын бардыгына карата бирдей айтыла берээри чыгармандагы фактылар аркылуу далилденген. Мындан, «Манас», «Семетей» эпосторунда пайдаланылган көркөм каражаттар бири-бирине өткөндүгү байкалат. Ал түгүл:

Өрттөй көзү жайнады,
Кан ичмеси кармады.
Каалгадай кашка тиш
Качырата чайнады —

сыяктуу традициялуу саптар Манастын портретинде пайдаланылса, эми жаңы, бөлүмдө жаш баатырга карата колдонулары белгиленип, чыгармалардын көркөм поэтикасын-

www.bizdin.kg

да да көптөгөн жалпылыктардын болоору аныкталган. Академик Радловдун пикирине кошулуп автор төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет: «...Өткөн кылымдардагы узакка созулган кыргындуу согуштар көчмөн кыргыз элин саясий биримдикке болбосо да, жалпы умтулушу жана идеалы боюнча аларды бекем бир бирдиктүүлүккө келтирген болчу. Мына ушунун жаңырыгы катары жаралган элдик эпостун ар бир жаңы баатырдын торолушун талап кылган. Бул татаал, сөзсүз, «Манас» сыяктуу генеологиялык принциптүү классикалык эпопеянын өнүгүшүнө шарт түзгөн. «Манас» бөлүмүнө караганда үйлөнүү темасы менен ички душмандарга каршы күрөштөрдүн күчтүү көрсөтүлүшү аркылуу оригиналдуулукка жетишкен «Семетей» – генеологиялык планда да, типологиялык жактан да жашыраак келип, коомдук түзүлүштүн кийинки дооорлордогу элементтерин көбүрөөк сактап калган».

Жыйынтыктай айтканда, Айнек Жайнакова манастаануу илиминде мурда-кийин изилдене элек проблемалуу маселелерге кайрылып, «Семетей» эпосундагы чагылдырылган доордун мүнөзүн терең илимий негизде таржымалдап берген. Бул ишти жүзөгө ашыруу учун ал, эпостогу байыркы элементтерге, жомоктук – мифологиялык катмарлардын орун алмашып калуусуна кеңири токтолот да, аларды тиешелүү фактылардын жардамы менен ажыратып берет. Генеологиялык циклизациянын классикалык үлгүсү болгон «Семетей» эпосунун айрым сюжеттик мотивдери, образдары, поэтикасы алгачкылардан болуп системалуу, кенен талданган баалуу эмгек жараткан.

www.bizdin.kg

СООРОНОВ ОМОР

(О. Соорон — сону 1940)

Акын жана адабиятчы Омор Сооронов 1940-жылы 28-февралда Жалал-Абад областындагы Базар-Коргон районуна караштуу Гөлөгөн айлында дыйканчылык менен күн өткөргөн сопунун үй-бүлөсүндө туулган. 1958-жылы Базар-Коргондогу № 1 орто мектепти, 1961-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн.

Эмгек жолун 1958-жылы Базар-Коргон райондук басмаканасында тамга терүүчү болуп баштаган. 1959-жылы Совет айлында жаңыдан ачылган №6 орто мектепке улук пионер вожатый болуп иштеп, 1959—62-жылдар аралыгында Советтик Армиянын катарында кызмат кылган.

Университетти бүткөн 1967-жылдан тартып 1969-жылдар аралыгында Жалал-Абад шаарындагы А. С. Пушкин атындагы Педагогикалык окуу жайында окутуучу болуп иштейт. 1969-жылдан бери карай Кыргыз Илимдер Академиясындагы Тил, адабият институтунда кызмат кылып келатат. Анын аралыгында эки жыл (1979—81) «Кыргызстан» басмасында Көркөм адабият бөлүмүнүн жетекчиси, Кыргыз Мамлекеттик Педагогикалык университетинде ага окутуучу (1992—95) болуп иштеди. Азыр Улуттук Илимдер Академиясынын Кол жазмалар фондусунда улуу илимий кызматкер.

Омор Сооронов он төрт жашынан баштап ыр жазууга киришиптир, аны «1954-жылдын майы. Ушул жылы чөп жакшы чыкса керек эле. Күн ысып турган, бир дептерди көтөрүп чоң жаңгактын жанындагы өрүктүн түбүнө барып отурдум. Өскүлөң чөп кулагыма тийип кетсе, чочуп аттым. Ошол көк чөптүн ичинде отуруп «Мектебиме» де-

www.bizdin.kg

ген ыр баштадым»[1] — деп күндөлүгүнө жазып койгон. Алгачкы ыр жыйнагын «Тоолорумдун зыйнаты» атап (1971), ага үч поэма, он ыры жарыяланган. Китепти ачкандагы биринчи «Жолдо» поэмасында эле: «Өмүр — жол. Жол кызыгы арта берет, Турмушуң туура бас деп тарта берет. Мезгилдер жолдош болуп тең жүрө албай, Бири үшүп, бири акактап кайта берет. Убакыт улам эски боёк менен өзүнө өз сүрөтүң тарта берет»[2] — деп, өмүр, турмуш, убакыт тууралуу образдуу ой жүгүрткөнү көрүнөт. Аны «Жаргылчак» поэмасынын «Музейде» бөлүмүнө киришүүдөгү: «Тарых — музей далай жылкы эмгектер, Кыйла-кыйла кылым кезген берметтер. Кайра иштелип канча адамдын акылы, Буюмдашып акыл сөздөр, сер, кептер, Таш булчуңдар таалай жасап, таш болуп, Жайга айланган жалпы адамдар эмгектээр»[3] — деген саптары да күбөлөп турат. Ырлары негизинен согуш, сүйүү темаларына арналган. Китепке кирген «Эне» деген ыры жөнүндө 1964-жылы эле журналдык нускасы боюнча «Ленинчил жаш» газетасына: «Жаш акындар: О. Султановдун («Согуш»), Т. Алыбаевдин («Нандар келди»), О. Сооронovдун («Эне») ырларында өткөн согушту болтурбоо үчүн жасаган не деген ыйык иштер, не деген тунук тилектер жатат»[4] — деп жазылган.

Ошол биринчи жыйнак жарык көргөндөн бери «Жүз» (1975), «Жараат сыры» (1977), «Тазалыкка чакырам» (1979), «Ырларым – менин сырларым» (1983), «Аруу дүйнө» (1985), «Кайрылуу» (1990), «Эки тоголок» (1993) деген поэтикалык жыйнактары жарык көрдү. Аталган жыйнактардын ичинде 22 поэма, 2 жомок болуп О. Сооронovдун поэзиясында эпикалык жанр басымдуулук кылып, поэтикалык дарамети да ушул жанрда көрүнгөн. Ал өзү адабият изилдөөчү жана сынчы катары белгилүү болуп калганынан уламбы, же поэзия иликтөөчүлөрдүн кароолуна илинбей жатабы, айтор, жеткиликтүү сөз боло элек.

О. Сооронovдун райондук масштабдагы басма бетине биринчи чыккан ыры «Саанчы келин Тотукан»[5] – деп аталса, республикалык басма сөзгө «Эски адат»[6] – деген ыры жарык көргөнүн автор өз күндөлүгүндө белгилеп койгон[7]. Ал эми көркөм адабият менен адабият изилдөөчүлүктү «Жазуучунун эскерүү»[8] – деп аталган, атактуу жазуучу Касымалы Жантөшев менен болгон жолугушууну «Кыргызстан маданиятына» жарыялоо менен баштаптыр. Ан-

www.bizdin.kg

дан кийин адабият таануу жана көркөм сын багытында: «Мезгил жана талап» (1981), «Манас» трилогиясындагы эпикалык окуялардын сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү» (1981), Согуш темасындагы кыргыз поэмаларынын сюжеттик мотивдери (1982) деген жыйнак жана монографияларды жарыялаган. Булардын биринчисине алгачкы макаласы чыккандан (1969) баштап, он жыл аралыгында жазган сын макалаларынын уруңттууларын киргизсе, экинчисинде Тоголок Молдонун вариантындагы үчилтик «Манасты» С. Орозбаков, С. Каралаевдердин варианттарына салыштыра иликтөөгө алып, «Чоң казат», «Кичи казат» эпизоддорун майда мотивдерге чейин бөлүп, алардын ар бирин үч манасчыда кандайча мотивировкалангандыгына чейин тактап, «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүнө келгенде Тыныбек, Мамбет Чокморовдордун варианттарын да эстей кетүү менен бирге «Тоголок Молдонун «Манасы» С. Орозбаковдун вариантына караганда С. Каралаевге бир топ жакындыгы бар экендигин белгилеген.

Үчүнчү китепте согуш темасында жазылган кыргыз поэмаларынын сюжеттерин майда бөлүкчөлөргө-мотивдерге бөлүп, алар кыргыз поэмаларында гана эмес, казак, өзбек, түркмөн, азербайжан ж. б. элдердин ушул темада жазылган поэмаларында да кайталанып отурарын факты материалдар менен бышыктап берген.

Академиянын Тил, адабият институтунда кенже илимий, илимий, улуу илимий кызматкери болуп иштеген мезгилдеринде бир нече макалаларды жарыялоо менен «Илим» басмасынан чыккан «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» аттуу фундаменталдуу 2 томдон турган эмгектин[9] негизги авторлорунун бири катары 1-томдогу «Калыптануу жана жетилүү жолунда» (2-глава) деген киришмени, «1. Поэзия» деген бөлүмдү; 5-главадагы «Поэзия» деген бөлүмдүн «Поэма» жагын, «Балдар адабияты» деген главаны жазган. 2-томдогу «Мукай Элебаев», «Абдрасул Токтомушев», «Кусейин Эсенкожоев» аттуу адабий портреттер да О. Сооронов дун калемине тиешелүү.

Тазабек Саманчин 1946-жылы түзүп чыгарган «Иргелген казалдарынан» кийин чыгармалары чыкмак турсун атын атагандар тынч калбаган атактуу жазгыч акын Молдо Кылычтын «Казалдар» (Ф.: «Адабият», 1991) китебин О. Сооронов араб арибиндеги тексттерин иликтеп, азыркы

www.bizdin.kg

тамгага көчүрүп, ар бир чыгармага кеңири түшүндүрмө жазып жарыкка чыгарды. Аны чыгаруу мезгилинде да Молдо Кылычка карата жасалган чабуул бирде күчөп, бирде басаңдап турган учур экен, аны окумуштуу «Китептердин жасалыш тарыхы» деген даректүү баянында: «...1986-жылдын декабры го, Кеңешбек Асаналиев мени чакырып алып: «Институтта сенден башка ылайыктуу киши жок экен, анын үстүнө араб тамгасын окуй аласың, Молдо Кылычтын китебин сен түз!» – деп калды. Бул акындын жазмаларын окууну илгертен самап жүргөн мага, кудай мындай бербеспи, Кекем айтып бүтүп-бүтпөй эле фондуга карай жөнөдүм. ... «Андан да көбүрөөк тынчсыздырганы Кыргызстан КП БКсынын бюро мүчөлөрү тексттердин ичиндеги орус баскынчыларына, динге байланышкан жерлерин окуганда секирип кетишеби, зыяны тийип калабы деген күдүктөнүүлөр болду. Ошону ойлонуп өзүмчө эле, эч кимге билдирбей туруп эле (туура болдубу, туура эмеспи, билбейм) чечкиндүү иш жасадым – ошондой жерлеринин баарын кыскартып туруп машинкалаткан нускаларын жибердим... Борбордук Комитеттен китепти чыгара берүүгө уруксат болгондон кийин ошол мурда кыскарткан саптардын баарын ордуна келтирип туруп анан басмага жибердим»[10] – деп жазган. Ошентип, Молдо Кылычтын казалдары толукталган калыбында жарым кылымдан кийин окурмандардын колуна тийди.

О. Сооронов кыргыз адабият таануу илиминде элге жетпей жаткан кол жазмаларды изилдеп, текстологиялык иш жүргүзүп, эски жазма тилдерден которуп, араб, латын тамгаларынан азыркы тамгага көчүрүүдө зор салым кошуп, өзүнчө жол таап алган окумуштуу. Буга айрыкча классик жазуучубуз Мукай Элебаевдин кол жазма мурастарына жасаган эмгектери күбө болуп берет. Анын араб, латын ариптеринде жазылып, Колжазмалар фондусунда маалымсыз жаткан кол жазмалары жана жазуучунун өмүр-тагдыры туурасында ондогон макалалар жазып, «Мукай»[11] аттуу даректүү баян чыгарып, «Жарыяланбаган чыгармалар» (1990) деген китебин жарык көрсөткөнү адабий изилдөөдөгү, текст таануудагы жаңылык катары кабылданды.

Мукайдын «Жарыяланбаган чыгармалары» китебин чыгарыш үчүн О. Сооронов жогоруда аталган «Китептердин жазылыш тарыхы» деген даректүү баянында Мамле-

www.bizdin.kg

кеттик Басма Комитетинин председатели Барпы Рысбаевге планда турган өзүнүн ырлар жыйнагынын ордуна кийирүүнү өтүнүп үч жолу кат жазганын көрсөткөн. (1987-жылы 19-октябрда, 1989-жылы 29-сентябрда жана 23-октябрда). Ошол каттардын биринен үзүндү: «... мен Мукай Элебаевдин 50–60-жылдан бери колго алынбай басылып жаткан чыгармаларын «таап», тикирейе көзүмдү тешип отуруп араб, латын тамгаларындагы кол жазмалардан көчүрүп даярдаган «Жарыяланбаган чыгармалар» деген Мукайдын китебин өзүмдүн 1988-жылдын планындагы ырлар жыйнагымдын ордуна кийирүү жөнүндө (...) өтүнүп Сизге 1987-жылы 19-октябрда кат жазган элем. Бул менин жазылган ырларымдын жогунан же экономикалык жактан байып-сайрап кеткенимден улам жасалган иш эмес эле (...), Өмүр бою ыдык көрүп көп чыгармаларын жарыялай албай, согушта курман болгон Мукайдын арбагын сыйлап, зор адам, зор жазуучулугуна таазим кылып, 83 жашта ыргалып араң турган кемпири – Бурулча апанын көзү барында, ушул китепти көрүп кетсин деген ниетте, адамдык ариетим чыдатпай өз китебимдин ордуна кийирүүнүздү суранып кат жазган элем. Ошол 1987-жылдын ноябрынан 1989-жылдын апрелине чейин редакцияда жатты. Эми сураштырсам, эмдиги жылга кала тургандай, анан дагы эмне болоорун ким билет. Сизге дагы кайрылууга аргасыз болуп турам»[12]. Бул экинчи каттан кийин да ары кетип, бери кетип отуруп, 1990-жылы араң жарык көрүптүр. Китеп чыккандан кийин Шүкөм (Ш. Бейшеналиев) бир жактан жөөлөсө[13] экинчи жагынан, Асанбек Стамов болсо «Мукайдын дневнигин бекер ачтык, эртерээк ачтык. Аны дале болсо А. Токомбаевди жаманатты кылыш үчүн атайын иштедик көрүнөт»[14] – деп... күйбөгөн жерди күл кылып атпайбы!» – деген жазууну О. Сооронов-дун аталган даректүү баянын окууга болот[15].

Улуу окумуштуу, лингвист жана адабиятчы Болот Муратаалы уулу Юнусалиев: «... анын жазмасы өзү жашап өткөн тарыхый жана саясий окуяларды чагылдырган азырынча жападан жалгыз факты-сөз болгондуктан адабиятчылардын гана көңүлүн бурбастан тарыхчылар үчүн да баа жеткис болуп саналат. Лингвистикалык илимдин көзү менен караганда бул кол жазма эстелик катары, анын бир жарым кылым илгерки абалын чагылдырып турган жа-

www.bizdin.kg

падан жалгыз документ болгону менен баа жеткис маанига ээ»[16] – деп айткан Молдо Нияздын кол жазма мурастарын араб тамгасындагы эски жазмадан азыркы алфавитке көчүрүп, окурман журтуна тааныштырууда О. Сооронов баа жеткис иш жасады. Кол жазма мурасты азыркы тамгага көчүрүү, аны жарыялоо ж. б. иштердеги оош-кыйыш, оң-терс учурларды окумуштуу «Китептердин жасалыш тарыхы» деген даректүү баянын 38—71-беттеринде кеңири баяндап, сөзүн: «... улуттун фундаменти, окуучу, студент жаштардын окуулук азыгы боло алчу китептерди мамлекеттик корукка алып, мамлекеттик деңгээлде жарыялап жана өз калкыбызга жеткирүү планын биринчи кезекте колго алуу керек болчу. Бул биздин өлкө жетекчилеribиздин түштөрүнө да кире элек»[17] – деп бүтүргөн. Демек, Молдо Нияздын мурастары көркөм сүрөт жасалгасы, полиграфиялык-техникалык жактары боюнча да өз деңгээлине жеткире китеп болуп чыга элек дегенди түшүнүү керек.

О. Сооронов академик Б. М. Юнусалиевдин иликтөөсүн улай Молдо Нияздын өмүрү, чыгармачылыгы менен санаттарынын ички курулушун, поэтикалык кудуретин изилдөөдө да бир топ эмгектер менен макалаларды арнаган. Түркиядан чыга турган акындар китебине, жети томдон турган «Кыргыз адабиятына», акындын өзүнчө жарык көрүп аткан китептерине ж. б. басмаларга адабий портрет же макала түрүндөгү бир нече иштери жарыяланган. Натыйжада ар кимден «табылган» үч кол китептеги кол тамгалар Молдо Нияздын өзүнүкү экенин далилдеп, анын бир кол китептеги кээ бир ыр саптарын көңүлүнө туура келбей калгандыктан улам экинчисине көчүргөндө оңдоп, редакциялап кеткендигин, Молдо Нияздын профессионал акындарга[18] тиешелүү касиеттерден да куру эместигин «Кошумча сөз» деген макаласынан баштап бир нече жолу далилдеп көрсөттү.

Кыргыз тарыхы жана улуу «Манас» эпосу туурасындагы кеңири жазылган эң алгачкы жазуу-тарых болуп эсептелген «Мажму атут-таворих» (Тарыхтардын жыйнагы) кол жазмасы XVI кылымдын башынан бери карай бир нече нускада араб арибинде, фарсы тилинде колдон колго өтүп келгенине, 1968-жылдан баштап Академиянын Кол жазмалар корунда жатканына карабастан кыргыз окурмандарына жетпей келген. Ушул баа жеткис эмгекти жалпы журтка

www.bizdin.kg

жеткирүү жагын көздөгөн О. Сооронов Молдо Сабыр Досболов менен бирдикте которушуп «Тарыхтардын жыйнагы»[19] делип китеп болуп чыгышы кыргыз журтчулугуна, тарыхчылар менен «Манас» изилдөөчүлөрүнө табылгыс тартуу болду. Кол жазманын котормосун түп нускага салыштырып окууга жеңил болсун үчүн кыргызча текстке түп нускасынын ар бир бетин көрсөтө кеткен. Ошондой эле О. Сооронов кеңири кириш сөз берип, кол жазма текстин көлөмүнө жакын түшүндүрмө жазып, өтө зор илимий иш жасаган. Беш кылым бою «жабык» турган сандыктын ачылышы б.а. жазма мурастын кыргызча «сүйлөшү» жалпы элибиз үчүн жаңыдан өздөштүрүлгөн дыңдай эле болду. Аны окумуштуу: «Тарыхтардын жыйнагы» («Мажму атут-таворих») көбүнчө оозеки сөз менен жашап келген кыргыз эли үчүн жазма мурас катары, мындан бир нече кылым мурдагыларды камтыган тарых китеп катары аябагандай зор мааниге ээ болоору түшүнүктүү» — деп алдын ала сезген. Андан ары: «Бирок, кыргыз коомчулугу адатка айланган кенебестигине, ыкшоолугуна, жазма адабияттын маанисин фольклордон ажыратып көрүүгө кызыкпаган мүнөзүнө, акырында келип дайыма чыңалтып отурбаган патриоттуулугунун үзүл-кесилдигине жараша алардын бул улуу эмгеги күн сайын көрүп аткан ортозаар сазуучунун же эптемей тарыхчынын китебиндей эле мамиле жасап, көз жумуп коёрун да күтсө болот»[20] — деп, жазма мурастарга кайдыгер кароо салтыбыз бар экенине тынчсызданган жайы да бар.

Омор Сооронов жогоруда биз сөзгө алган жазма мурастарды жарыялоо салтын андан ары улантып, Актан Тыныбек уулунун «Актан» (1991), белгилүү ырчы Коргол Досу уулунун «Коргол» (1993), Молдо Багыштын «Абак дептери» (1998), Белек Солтоноевдин «Кыргыз тарыхы» (2003) китептеринин түп нуска тексттерин араб, латын арипterинен көчүрүп, жыйынтыктап, ыраатка келтире жасап китеп кылып чыгарды.

2003-жыл О. Сооронов үчүн китеп чыгаруудагы жемиштүү жыл болуптур. Б. Солтоноевдин «Кыргыз тарыхын» улай, Кытай императорунун кыргыз каганына жазган каттарын (кытай тилинен кытайлык кыргыз аалымы Карымшак тегин Макелек Өмүрбай которгон) араб арибинен азыркы кыргыз тамгасына көчүрүп, «Кыргыз мамле-

www.bizdin.kg

кеттүүлүгү жөнүндө байыркы кытай тарыхый булактары» (б. з. III к. – б. з. IX к.) – деген китепке кийирди. Ошондой эле Нурмолдонун «Чыгармалар» – деген бир томдугун редакторлоп[21], Жоомарт Бөкөнбаевдин «Тандалган чыгармалар»[22] томдугун түзүүгө жана редакторлоого катышкан. 1855-жылы Кокондун ханы Кудаяр жаздырган «Насаб-Наама» аттуу адамзат санжырасын өзүнчө китеп кылып чыгарган жана Молдо Сайпидиндин айтылуу «Мажму атуттаворих» кол жазмасынын негизинде өзүнүн «1503-жылы жазылган «Манас»[23] аттуу китебин тартуулаган. 2002-жылы тарых менен адабиятты айкалыштырып «Мундуздар» аттуу китеп чыгаргандан берки эмгектеринин көпчүлүгү тигил же бул деңгээлде кыргыз тарыхына тиешеси бар болуп чыгат.

Омор Сооронов дун түйшүкчүл окумуштуу экени китеп, жыйнак, газет, журнал беттеринде жарыяланган үч жүзгө жакын эмгек, макала, рецензияларынан да көрүнүп турат. Мындай үзүрлүү эмгеги үчүн ал 1979-жылы 13-февралда «Онунчу беш жылдыктын алдыңкысы», 1993-жылы 28-сентябрда «Кыргыз Республикасынын элге билим берүү отличниги» значоктору менен сыйланган. 1995-жылы 29-декабрда адабиятка сиңирген эмгеги үчүн «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген ардактуу наамга татыктуу болгон. 2003-жылы 20-ноябрда О. Сооронов ду Кыргыз Улуттук университетинин Окумуштуулар кеңеши бир добуштан «Ардактуу профессор» наамын ыйгарды. 2004-жылы 13-августа Кыргыз Республикасынын Илим жана техника жагындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты деген наам берилди.

АДАБИЯТТАР

[1] *О. Сооронов дун* өздүк архиви. Архив №88, 90-бетте.

[2] *Сооронов О.* Тоолорумдун зыйнаты. Поэмалар жана ырлар. — Ф.: «Мектеп», 1971.

[3] *Сооронов О.* Жогоруда аталган китепте. 18-бет.

[4] Иманалиев К., Камалов А. Жаштардын жаңы ырлары//Ленинчил жаш. — 1964. —31-янв.

[5] *Сооронов О.* Саанчы келин Тотукан// Ленин жолу. –1957.–6 окт.

[6] *Сооронов О.* Эски адат//Ала-Тоо. — 1958.— № 12.

www.bizdin.kg

[7] *О. Сооронов* архивдик фондусу, Архив № 88, 135, 174-б.

[8] *Сооронов О.* Жазуучуну эскерүү//Кыргызстан маданияты.– 1969. — 19-февр.

[9] Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. Эки томдук. I том. — Ф.: «Илим», 1987; 2-том; — Ф.: «Илим», 1990.

[10] Омор Сооронов Мукай. — Б.: Кыргызстан, 1998.

[11] Омор Сооронов архивдик фондусу. Архив №646, 16—18-б.б.

[12] *Омор Сооронов* архивдик фондусу. Архив № 646, 16—18-б.б.

[13] *Бейшеналиев Ш.* Акыйкатка ишенген акын//Эркин-Тоо. — 14.07., 21.07., 4.08.1993. 14, 21-июль, 4 авг.; Дагы Аалыке менен Мукай//Эркин-Тоо. — 1994. — 16, 23-февр.

[14] *Стамов А.* Бүгүнкү бөдөнөлөр//Кыргыз туусу.– 1992.–17-сент.

[15] *О. Сооронов* арх. Фонд. Архив. № 646. 9—10-б.б.

[16] *Юнусалиев Б. М.* Отражение диалектных особенностей в санатах Молдо Нияза. Китепте: Тюркологические исследования. Сборник статьей посвященный 80-летию академика К. К. Юдахина. — Ф.: 1970, 50-б.

[17] *О. Сооронов* арх. Фондусу. Архив. № 646, 71-бет

[18] Молдо Нияз. Санат дигарасттар. — Б.: «Учкун», 1993. 147—157-б.б.

[19] Сайф-ад-дин дамулло Шах Аббас Аксикенти (Молодо Сайпидин) жана анын уулу Нурмухаммед. Тарыхтардын жыйнагы. (Мажму атут-таворих»). — Б.: «Акыл», 1996.

[20] Кыргыз каганына Кытай императорунун каттарынын кыргызча котормосу (кол жазманы араб арибинен кирилицца көчүргөн О. Сооронов). Китепте» Кыргыз мамлекеттүүлүгү жөнүндө байыркы кытай тарыхый булактары жана кыргыз каганына Кытай императорунун каттары (б. З. Ч. III к. – б. З. IX к.). — Б.: «Архи» инновациялык борбору, 2003. 28—120-б.б.

[21] Нурмолдо. Чыгармалар. — Б.: Сүрөт-Басма салону, «ЖЧК», 2003.

[22] Насаб-наама. (1985-ж. Кудаяр хан жаздырган адамзаттын санжырасы). — Б.: Мамлекеттик тил фонду, 2003.

[23] *Омор Сооронов.* (Соорон-сопу) 1503-жылы жазылган «Манас». — Б.: «Аят» басмасы, 2003.

www.bizdin.kg

САРЫПБЕКОВ РАЙКУЛ

(1941—2004)

Сарыпбеков Райкул 1941-жылы Кочкор районуна караштуу Чоңалыш айлында колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Улуу Ата Мекендик согуштун оор жылдарына туш келген анын балалык чагы жалпы элдин тагдыры менен байланышта болуп, кыйла кыйынчылыктарды башынан өткөрүүгө туура келген. Турмуштун ачуу-таттуусун көрүп калган өспүрүмдүн дүйнөгө болгон көз карашы эрте калыптанып, эрте жетилет. Орто мектепти ийгиликтүү аяктаган соң, 1964–жылы Кыргыз Мамлекеттик университетиндеги филология факультетине кирүү сыноосунан өтүп, ал окуу жайын да жакшы бүтүрөт. Жогорку билимдүү адистик алгандан көп өтпөй, 1986-жылы Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясындагы Тил жана адабияты институтунун «Манас» бөлүмүнө кызматка орношот. Ошол бөлүмдө ошо күндөн өмүрүнүн аягына чейин «Манас» изилдеп, арыбай да, талыбай да эмгек этип келди. Чыгармачылыгын студенттик күндөрүндө эле баштаган ал, кыргыз адабиятынын ар кыл проблемаларына арналган жүздөгөн макалаларды жазды. Алардын айрымдарын топтоштуруп макалалар жыйнагын жарыкка чыгарган. («Мезгил жаңырыгы»). Мындан сырткары Р.Сарыпбеков ыр жазган. Анын поэзияга болгон ышкы оту мектеп жашынан башталып, өмүрүнүн акырына чейин ыр жазып жүрдү. Мезгилдик басма сөздөрдө анын жан дүйнөсүн бейпайга салган оң, терс көрүнүштөр поэзия тилине айланып, дембедем жарык көрүп турган. Натыйжада «Кызыл аска», «Турмуш сабактары» аттуу ырлар жыйнактары жарык көрүп, өз окурмандарын таап, ага карата жылуу пикир-рецензиялар жазылган. Окумуштуунун адабияттагы жана илимде-

www.bizdin.kg

ги эмгектерин баалоо үчүн үч негизги жагдайга: биринчи–негизги илимий эмгектерине («Алманбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү», «Манас» эпосундагы баатырдык мотивтердин эволюциясы»); экинчи — адабий-сын макалалар жыйнагына («Мезгил жаңырыгы»): үчүнчү — поэтикалык чыгармаларына («Кызыл аска» «Турмуш сабактары») кайрылуу керек. Р. Сарыпбековдун мына ушул үч багыттагы чыгармачылык иштерин толук баалап, анализден өткөргөндө гана анын адабияттагы чыныгы бейнеси көрүнөт. Ошондой болсо да, максатыбыздын чектелүү экендигине байланышкан себеп менен биз анын илимий иштерине, б.а. «Манас» эпосуна байланыштуу жазылган илимий эмгектерине басым жасап, калган чыгармачылык иштерине учкай гана токтоло кетмекчибиз. Андыктан, Р. Сарыпбековдун чыгармачылык портиретин толук ачып бердик деген ойдон алыс экенибизди алдын-ала эскерте кетмекчибиз. Андай толук кандуу ишти аткаруу-бери болгондо дипломдук иштин жүгүн көтөрүп, жалпы ишибиздин талабына жооп бербейт жана андай көлөмдүү иштин аткарылышын милдеттендирбейт. Эми, манастаануу илиминде салмактуу орду бар окумуштуунун бирин эки эмгектери туурасында сөз кылсак.

«Манас» эпосу кыргыз элинин эң улуу жаратуулары-нын бири. Ал кыргыздардын өткөндөгү руханий дүйнөсүндө зор роль ойноп келсе, бүгүн да өз таасирдүүлүгүн жоготпой, элдин жан дүйнөсүнүн күзгүсү болуп турганы турган. Экинчиден, жер шарындагы эл чыгармачылыгынын башка мыкты үлгүлөрү сыяктуу эле ал, жалпы адамзаттын руханий маданиятынын жалпы казынасын толуктап турган улуу мурас. Ошондуктан, аны изилдөө иши жеке кыргыздардын милдетине жатпастан, дүйнөлүк маданият үчүн мааниси эске алынып чет элдик окумуштулар да белсенип изилдеп келе жатышат. «Манас» эпосунун сюжеттик структурасынын татаалдыгы, темасынын көп кырдуулугу, тарыхый өсүп-өнүгүүсүнүн көп этаптуулугу анын изилдөөчүлөргө түмөн түйшүккө кириптер кылып анын көптөгөн проблемалары бүгүнкү күнгө чейин чечилбей, актуалдуу маселе боюнча калып олтурат. Мисалы, эпостун эволюциялык түрдө өнүгүп калыптанышы сыяктуу кырдаалдык проблема бузулбаган дың боюнча келе жатат. Мына ушундай орчундуу маселе туурасында кыргыз окумуштуу-фолькло-

www.bizdin.kg

ристеринин арасынан суурулуп чыгып, алгачкылардан болуп ал «Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү» (Фрунзе, «Илим» басмасы, 1977) аттуу монографиялык эмгек жаратты.

Алмамбет «Манас» эпосунун эң негизги башкы каармандарынын бири. Экинчиден, ал бүгүнкү турушунда классикалык формадагы тарыхый баатырдык эпостун типтүү каарманы болуу менен бирге, анын образы «Манас» эпосунун өнүгүшүнүн алгачкы стадиясына таандык мифтик-фантастикалык белгилерди камтыган маданий каармандын рудиментин терең сактаган. Демек, бул образдын эволюциясын анализдөө «Манас» эпосунун стадиялдык өнүгүшүнүн мүнөзүн конкретүү материалга таянып ыраттуу кароого мүмкүнчүлүк берет. Ырас, мындан мурунку изилдөөлөрдө бул маселе боюнча таптакыр сөз болгон эмес дешке болбойт. Буга чейин «Манас» эпосу боюнча В. Радлов, Ч. Валиханов, В. Жирмунский, М. Ауэзов, Б. Юнусалиев сыяктуу көрүнүктүү окумуштуулар тарабынан жазылган эмгектер бул эпикалык образдардын эволюциялык өнүгүү проблемасын конкреттештирип, атайы изилдөө жүргүзүү үчүн кыйла жардам берген. Р. Сарыпбеков ал эмгектердин тажрыйбаларына, илимий жыйынтыктарына такаат кылуу менен бирге, өз изилдөө ишине тарыхый салыштырма методду пайдалана билиши — алынган проблеманын ийгиликтүү чечилишин шарттаган. Тарыхый салыштырма метод демекчи, ал ыкма фольклорду изилдеп үйрөнүүгө эффективдүү усулдук жол-жобо болуусу менен бирге, өзгөчө максималдуу эмгекти да талап кылат. Бул жерде окумуштуунун теориялык даярдыгы бар фольклорист болушу жана изилдөөгө алган объектисинин материалын жакшы билиши б. а. эбегейсиз зор көлөмдөгү «Манас» эпосунун колдо болгон варианттары менен толук тааныш болушу аздык кылат. Изилдөөчү ошол эпосту жараткан элдин тарыхы, этногрфиясы, эл чыгармачылыгынын баардык түрлөрү менен мүмкүн болушунча кеңири кабардар болушу зарыл. Андай болбогондо, тарыхый салыштырма методдун универсалдык мүнөзү үчүн, берген жыйынтыктарына доо кетип калышы ыктымал. Муну жакшы түшүнгөн автор «Манас» эпосунун бүгүнкү күндө колдо болгон материалдарынын дээрлик баардыгын пайдаланып, алардын жалпысына таандык типтүү салттык мотивтерди дүйнөлүк

www.bizdin.kg

жана боордош элдердин чыгармачылыгы, тарыхый-этнографиялык материалдары менен кеңири планда салыштыра изилдегени — иштин олуттуулугун артырып турат. Р. Сарыпбеков Алмамбеттин образынын уюткусу эзелки доордогу элибиздин мифтик-фантастикалык ишенимдердин күч алып турган мезгили менен байланыштырат. Мындай пикирге келишинин белгилүү даражада илимий негизи бар. Себеби, эпостун колдо болгон баардык варианттарында Алмамбеттин окуясы өзүнчө кеңири сюжет катарында берилгендиги белгилүү. Бул окуяда дүйнөлүк эпостордо салттык мотивдерге ээ болгон баатырдын эпикалык биографиясы берилет. Андыктан Алмамбет жөнүндөгү сюжет узак убакыттын аралыгында калыптанган, өзгөчө тарыхый эволюциялык өнүгүү жолун басып өткөндүгү баамга урунат. Ошол себептен улам анын образындагы айрым салттык эпикалык белгилерди байыркы архаикалык эпостордун каармандары менен паралель караш жөндүү.

Көптөгөн эпостордун сюжеттеринде ата менен баланын ортосундагы карама-каршылык чагылдырылып, ал эң байыркы б. а. энелик доордон аталык доорго өтүү мезгилиндеги социалдык конфликтинин натыйжасында пайда болгон. Эр бүлөөнүн бийлиги күчүнө кире башташы, мурда баланын кимден боюна бүткөндүгүнө маани бербеген энелик коомдун укуктарына каршы келип, эми баланын закондуу атадан туулушун талап кылган. Тескерисинче болгон учурда ата менен баланын ортосунда карама-каршылыктын келип чыгышын шарттаган. Мындай көрүнүштөр байыркы адамдардын оозеки чыгармачылыгына катуу таасир этип, ар кандай сюжеттердин пайда болушуна өбөлгө түзгөн.

Алманбеттин окуясындагы баш каармандын бойго бүтүшүнөн тартып эр жеткенге чейин, андан өз атасы Эсенкан менен каршылашуусу жогоруда сөз болгон социалдык өзгөрүштүн натыйжасынан келип чыккандыгын Р. Сарыпбеков дүйнө элдеринин элдик чыгармаларындагы ушул типтеги традициялык мотивдер менен салыштырып олтуруп ынандырат. Алмамбеттин образынын байыркылыгынын далили катары автор каарманга таандык мифтик-фантастикалык элементтердин көп сакталышы менен да түшүндүрөт. Илимде белгилүү болгондой маданий каармандардын образдары байыркы адамдар уруулук доордо жашап,

www.bizdin.kg

табият сырларын жаңыдан аңдап, аны өзүнө багынта баштаган мезгилде пайда болгон. Алтымыш баштуу ажыдаарга каршы туруп аларды багынтуусу, аларды өзүнө кызмат кылдыруусу эпикалык чыгармаларда маданий каарман (культурный герой) аткаруучу функциялардан. Р. Сарыпбеков буга Алмамбет менен Ааруукенин үйлөнүшүн кошуп ал мотивдер эпостун өсүп-өнүгүүсүндөгү кийинки стадиялардында өзгөрүүгө учурагандыгын далилдейт. Мифологиялык, фантастикалык эпостун баатырдык эпос болуп кайрадан түзүлүшү баатырдык үйлөнүү темасына таасир этип көп өзгөртүүлөргө кирептер кылган. Окумуштуунун бул эмгегинде байыркы каармандардын тиби «Манас» эпосунун калыптануу, өсүү процессинде өзүнүн эски белгилеринин айрым жактарын сактоо менен бирге, жаңы белгилерге ээ болгонун көрсөтөт. Алсак, мурдагы табигаттын стихиялык алааматы менен каршылашкан баатырлар жеке уруунун кызыкчылыгын коргоп келген маданий каарман болушса, кийинчерээк өз ата мекенин эркиндигин талашып чет элдик баскынчыларга күрөш ачкан баатырларга айлангандыгын илимий анализден өткөрүп, ишенимдүү далилдей алган.

Ар кандай эпостук чыгарманын пайда болуу доорун тактоодо анын каармандарынын аттарынын этимологиясы да көмөкчү кызмат аткара алат. «Манас» эпосундагы көпчүлүк каармандардын ысымы түрк-монгол элдерине таандык. «Алманбет» деген ысымды азыркыга чейин ислам дини менен байланыштырып келишкен. Ал эми Р. Сарыпбеков көптөгөн элдердин эпикалык чыгармаларынын материалдарына таянып, ошондой эле тилдик фактылардын негизинде ал ысымды «аяр», «жадыгөй», «айлакер» деген түшүнүктөрдөн келип чыккандыгын далилдеп, ал ысымдын ислам дини менен эч кандай байланышы жок деп эсептейт. Окумуштуу Алмамбеттин образынын пайда болгон доору туурасында да өзүнчө кызыктуу пикир айта алган. Ал Алманбеттин образына тиешеси бар окуяларды караштырып олтуруп, кыргыздардын уйгур кандыгы менен кагылышуу мезгилиндеги кыргыздар тарабына өткөн уйгур князы Күлү Баганын Алманбеттин образына прототип болуп кирген учурун тарыхый булактын башталгыч точкасы катары санайт. Ал эми анын элдик идеалга жооп берген образынын калыптанган мезгили кыргыздардын

www.bizdin.kg

жунгар-калмактар менен болгон согуштардын учуру менен байланыштырат. Албетте, Алманбеттин образына прототип болуп ар бир адам же бир болуп өткөн окуя эмес, ошондой типтеги бир нече адамдардын образдарынын элементтери топтоштурулган. Мындай татаал маселени чечүүдө Р. Сарыпбеков орус фольклористеринин тажрыйбасына таянып методологиялык жактан туура багытта иштеген.

Мына ошентип, автор көп сандаган материалдардын негизинде тарыхый салыштырма методду колдонуп, Алманбеттин образына байланышкан окуялар матриархаттын кулоосу менен патриархат жаңыдан өнүгүүгө бет алган доордон баштап, улам кийинки дооорлордо коомдук мамилелердин, идеологиянын өзгөрүшү менен мейли сюжет, мейли образдар жагынын болсун улам жаңы өзгөрүүлөргө туш болгонун ачып берген. Натыйжада, Алманбеттин образы өзүнүн архаикалык формасында мифтик-фантастикалык элементтерди камтыган маданий каарман болсо, кийинчерээк тарыхый доордо реалдуу каарманына айланган — деген жыйынтыгы ары ишенимдүү, ары далилдүү экендигинде шек жок.

Р. Сарыпбековдун «Манас» эпосунун проблемалуу маселелерине арналган «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин «эволюциясы» атуу эмгеги — өзүнүн оргиналдуу иликтөө ыкмасы, олуттуу пикирлердин далилдүү бере билиши менен аны дасыккан окумуштуу экендигин көрсөткөн фактыга айланды. Автор бул эмгегинин баш жагында «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшү туурасындагы маселеге кеңири токтолот. Анкени, «Манас» эпосунун пайда болушу жана өнүгүшү жөнүндөгү маселеге эпосту изилдеген көрүнүктүү окумуштуулардын көпчүлүгү токтолушуп, өздөрүнүн ар түрдүү, көпчүлүк учурда бири- бирине карама-каршы келген ой-пикирлерди ортого салып келишкен. Р. Сарыпбеков да мурда айтылган пикирлерге, гипотезаларга бүгүнкү күндөгү фольклористика илиминин жетишкен бийиктигинен туруп аларга баа берет да, ал маселеге карата өздүк көз караштарын ортого салат.

«Манас» эпосунун пайда болуу мезгили туурасында окумуштуулардын арасында негизинен эки көз караш болуп келген. Биринчилери эпосту жомоктук, мифтик эпостордон алгачкы башатын алган дешсе (В. В. Радлов, П. Н. Бер-

www.bizdin.kg

ков, В.М. Жирмунский, Э. Абдылдаев); экинчилери эпостун чыгышына белгилүү тарыхый окуялар түрткү болгон дешет (Ч.Ч. Валиханов, М.О. Ауэзов, А. Н. Бернштам, А. К. Маргулан, Б. М. Юнусалиев ж. б.), Р. Сарыпбеков бул көз караштарга бир жактуу мамиле жасабайт. Ал фольклористика илиминин бүгүнкү күндөгү жетишкен жоболоруна, такталган теориялык жыйынтыктарына таянып эки көз караштын тигинисине да мунусуна да объективдүү баа берүүгө аракет жасайт. Ушул маселе боюнча орустардын былиналарындагы ушуга окшош маселелерди карап, салыштырып илимий жагынан өтө жогорку деңгээлде чечмелеген. Натыйжада «Манас» эпосу өзүнүн алгачкы формасында баатырдык жомок (фантастикалык) — мифтик болуп, кыргыз коомунун өнүгүшү менен бирге бара-бара монументалдуу баатырдык тарыхый эпоско айланган деген корутундуга келген.

Р. Сарыпбеков теориялык негизде айтылган бул көз карашын иштин «Эпикалык каармандарды идеализациялоочу мотивтердин эволюциясы» деген экинчи главасында конкреттүү кеңири анализдердин негизинде тереңдеткен, бекемдеген. «Элдин духун, элдин умтулуусуң, анын үмүт-тилегин» алып жүрүүчү эпикалык оң каарманды идеализациялоочу мотивдердин, б. а. элдин башына түшкөн кыйын кезеңди жок кылып, бейпил турмушту орнотуу үчүн атайын жаралган элдик баатырдын керемет менен бойго бүтүшүнөн тартып эл иши үчүн күрөшүп жүрүп курман болушуна чейинки мотивтердин ар бирине конкреттүү токтолот, алардын түпкү чыгышынан тартып бүгүнкү күнгө чейинки эволюциялык өнүгүшүн иликтейт. Ал мотивтердин көпчүлүгү түпкү чыгыш теги жагынан байыркы уруулук доордогу адамдардын ишенимдерине, мифтик түшүнүктөрүнө байланыштуу чыгып, бирок коомдун алга өнүгүшү, көз караштардын алмашылышы менен далай өзгөрүүлөргө туш болгон мифтен, ойдон чыгарылган фантастикадан реалдуу турмушка, элдин башынан өткөн тарыхый окуяга жакындашканын, натыйжада баатырдык жомоктук (фантастикалык-мифтик мотивтер алгачкы туусун көп өзгөртөнүн айрымдары рудимент түрүндө сакталса, айрымдары жаңы белгилерге ээ болуп кеңигенин, фольклористикада азыркы мезгилде кеңири колдонулган тарыхый методго салып далилдей алган. Сарыпбеков ишин тарыхый салыш-

www.bizdin.kg

тырма планда жазгандыктан түрк-монгол ж. б. элдердин фольклордук, тарыхый- этнографиялык, тилдик материалдарын өз ишинде өтө кеңири жана ыктуу колдонгон. Таянган, пайдаланган материалдарынын молдугу иштеги жыйынтыктардын, аргументтердин ишенимдүү далилдүү болушун шарттаган. Ал Каныкей, Айчүрөк, Аруuке, Кошой сыяктуу бир катар каармандардын образдарынын өсүп өнүгүсүнө өз алдынча токтолгон. Айрыкча Айчүрөк, Каныкейлердин прообразларынын (түпкү образдарынын) алгачкы булактарын жана алар кийинки дооpлордо туш келген эволюциялык өнүгүштөрүнө жасаган талкуулары оригиналдуу чыккан.

«Манас» тирлогиясынын ономастикасы, анын ичинде антропонимге анча көңүл бурулбай, иштелбей келе жаткан темаларды бири. Р. Сарыпбеков «Манас, Каныкей, Айчүрөк, Семетей, Сейтек, Бакай, Аруuке» ж. б. каармандардын ысымдарына этимологиялык анализ жасап бир катар өтүмдүү пикирлерди айта алган.

Иште каармандардын образы менен бирдикте алардын ат-тонунун, курал-жарактарынын таржымалдары да берилген. Мисалы, кыргыз коомчулугунда алгачкы темир куралдардын, кылычтардын пайда болушу жөнүндөгү археологиялык изилдөөлөргө таянып да «Манас» эпосунун алгачкы түзүлө баштаган мезгилин божомолдоого боло тургандыгын көрсөтөт. Ошентип, ал археолог окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянып, «Манас» эпосунун айрым мотивдери биздин эрага чейинки V—III кылымдарда, скиф доорунан бери карай пайда болгон — деген жыйынтыкка келиши да бир топ кызыктуу жана оригиналдуу. Жыйынтыктай айтканда, автор бул эмгегинде элдин духу, умтулуусун, анын үмүт-тилегин алып жүрүүчү эпикалык оң каармандарды идеализациялоочу мотивтердин, б.а. элдин башына түшкөн кыйынчылыктарды жок кылып, бейпил турмушту орнотуу үчүн атайын жаралган элдик баатырдын төрөлүшүнөн тартып эл иши үчүн күрөшүп жүрүп курман болушуна чейинки мотивтердин ар бирине токтолот да, аладын түпкү чыгышынан тартып бүгүнкү күнгө чейинки эволюциялык өнүгүшүн иликтейт.

Биз жогоркуда сөз кылган фундаменталдуу эмгектеринен сырткары ал «Манас» эпосунан ар түрдүү проблемаларына арналган макалалардын автору. «Манас» энцклопе-

www.bizdin.kg

диясына көптөгөн баалуу илмий макалаларын жарыялоо менен ага баш редакторлук да кылган. Ал «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери» (Ф., 1988) аттуу коллективдүү эмгекте манасчылар Тыныбек Жапый уулу, Ыбырайым Абдырахманов Дункана Кочуке уулунун чыгармачылык портреттерин жазган. Кийинчерээк ушул макалалары толукталып, алымча-кошумчаланып, «Кыргыз адабиятынын тарыхы» аттуу 7 жети томдуктун биринчи томунда жарыяланды. Аталган 7 томдуктун башка бөлүмдөрүнө, «Эл адабияты» сериясынын 40 томдугунда жана Кыргыз мамилекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына карата чыгарылган «Улуу инсандар» сериясына да бир катар макалалары жарык көргөн.

«Мезгил жаныруктарында» Р. Сарыпбеков ар кыл мезгилдерде мезгилдик басма сөздөрдө жарыяланган адабийсын макалалары топтоштурулуп, кыргыз адабий процессиндеги орчундуу проблемаларга карата өз позицясын билдирген. Ал эми аталган поэтикалык жыйнактарына көбүнесе жаштык, махабат, өскөн жер темалары чагылдырылып, акындын татынакай романтикалуу кыялдары окурмандарды кайдыгер калтырбайт. Көрүнүктүү фольклорист-окумуштуу, адабий-сынчы акын Р. Сарыпбековдун эмгеги баалануп, Илим жана техника боюнча ыйгарылуучу Мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон.

www.bizdin.kg

РЕМИ ДОР

(1946)

Франциялык белгилүү түрколог, Париждеги Түркологиялык изилдөөлөр институтунун директору. Филология, этнография илимдеринин доктору. Илимий изилдөөнүн негизги багыты – кыргыздардын ж-а өзбектердин фольклордук жана этнографиялык материалдары. Р. Дордун белгилүү эмгектерине төмөнкү чыгармалары кирет: «Ооганстандын Памириндеги кыргыздар» (1975), «Ооганстандын памирлик кыргыздарынын диалектиси» (1981), «Ооганстандын Памирлик кыргыздарынын макал-лакаптары» (1982), «Ооганстандын Памирлик кыргыздарынын табышмактары» (1982). «Манастын» Памирдеги үзүндүсү» (1982) ж.б. Кытай окумуштуусу Ху Чженхуа менен бирге «Шиңжан кыргыздарынын «Манасы» аттуу очеркти жарыялаган. Р. Дор Ооганстандагы памирлик кыргыздардан Ашым Афес деген манасчыдан үзүндү жазып алган. Кыргыздардын оозеки чыгармаларынын үлгүлөрүн латын арибинде кыргызча жарыялап, француз тилине которуп, комментарий, түшүндүрмөлөр менен жабдып, изилдөөлөрү менен кошо «Дүйнө кыл чокусунун ырлары» (1982) деген изилдөөсүндө жарыяланган[1]. Ушул чыгармасында Р. Дор[2] кыргыздардын тарыхына кыскача токтолуу менен (Енисейден тартып, Жетисууга чейин) бирге 17-кылымда калмактар менен салгылашкандарынан баштап, кыргыздардын Тянь-Шань тарапта, Ысык-Көлдө, Фергана өрөөнүндө, Каратегинде, Памирде көчмөн турмушта жашаганына түшүнүк берип кетет. 1825-жылы англичандар менен орустардын чек ара тактоолору боюнча болгон келишимде Памир үч зонага бөлүнгөнү (орус, ооган, кытай) жөнүндө эскере кетет. Совет учурунда Россия жактагы чек ара жабылып калганына байланыштуу Оогандагы кыргыздар өзүнчө изоляцияда калганы тууралуу сөз кылат. Бирок, изоля-

www.bizdin.kg

цияда калган кыргыздардын Р. Дор бир утушун памирлик кыргыздардын оозеки чыгармачылыгы даана жаралган өзгөчөлүктөрүн сактап калганы жөнүндө эскере кетет. Памирлик кыргыздардын оозеки адабиятынын түрлөрүн иликтөөгө алып, Р. Дор «Ырчы» деген терминдин этимологиясына түшүндүрмө берет, ал термин 19-к. баштап «перс тилдүү элдердин таасири аркылуу «ахунд» деген терминди кыргыздар «акынга» айлантканын айтат, памирлик кыргыздарда «Бейт айт» деген термин такшалган акындарга гана колдонуларын көрсөтөт. Ошону менен бирге Р. Дор памирлик кыргыздардын ыр түзүлүшү жөнүндө байкоолорун келтирет, ал ырларды 7—8 муундагы ырларга кошот. 11 муундагы ырлар да айтылат. Ошондой эле аллитерация менен паралеллизмдин жыш кездешери жөнүндө сөз болот. Памирлик кыргыздардын вокалдык ыр, макалалары төлгө иретинде ырды баштаганда эң бир эски байыркы ыкманы пайдаланганы, бир топ күнгүрөнүп, толгонуп, кандайдыр бир жапайы үндөр менен күүлөнүп, анан гана ырдай баштарын белгилейт. Памирликтердин ырларына ислам сөзүнүн терең таасирин тийгизгени жөнүндө да сөз болот, ырчылар көбүнчө кедей катмарлардан чыкканы айтылат. Социалдык тепкичте өйдө тургандар эл алдында ыр аткарбагандыгын белгилейт.

Р. Дор бизге кылымдардан бери кичинекей памирдик кыргыздардын тобунун байыркы руханий дүйнөсүн сактап, жоготпой келатканын ачып берди. Булардын мурасында «Олжобай менен Кишимжандай» дастандарды, «Жайдар», «Жеңе ай», «Макам чай», «Мастана», «Моло уул», «Сулуу жан» өндүү лирикалык ырлар, «Чоң теке», «Ханги Сахаб» (Рахманкул хан жөнүндө), «Курманбек датка» деген поэмалар, «Ажи Сатар», «Арыкбай», «Кыргызбай» деген кошокторду сактап келгенин баса айтып, мындай жыйынтык чыгарат: «бул ырларда оройлук менен каардуулук, наристе балдарга тийиштүү назиктик менен тазалык айкалышкан сезим берилет, менин оюмча, бул кичинекей элдин эң акыркы өчүп бараткан үнү», деп муңдуу жана өкүнүчтүү оюн айтат.

АДАБИЯТТАР

[1] «Манас» энциклопдеиясы. Бишкек, 1995, 162 б.

[2] Peme Dor. Chants du Toit Monde. Paris, Editions Maisonnewe et Larose, 1982.

www.bizdin.kg

ХАТТО АРТУР ТОМАС

Лондондогу Оксфорд университетинин профессору, фольклорчу,тилчи, текстолог окумуштуу иретинде дүйнө элинин көпчүлүгүнө таанымал. Өзгөчө Орто Азия элдеринин ичинде кыргыз журтчулугуна манастаануучу катары бир топ жылдар аралыгындагы илимий текстологиялык иштери маалым. Автор жалаң «Манас» эпосу боюнча өткөн кылымдын 60-жылдарынан тарта изилдеген жыйырмадан ашуун илимий эмгегин арнаган. Бул илимий изилдөөлөрү, текстологиялык иштери, макалалары В. Радловдун жана Ч. Валихановдун жазып алган «Манас» эпосунун сюжетине, анын көркөм поэтикасына кызыгып калуусуна Ч. Валихановдун варианты боюнча «Манас» эпосунан үзүндү тууралуу» деп жазган А. Маргуландын 1965-жылы Казак Илимдер Академиясынын «Кабарлар» журналына чыккан илимий макаласы болгон. Көп узабай 1969-жылы автор «Манас» эпосу тууралуу алгачкы макаласын жазат. Ал макала: «Көкөтөй жана Бокмурун: Кыргыз элинин баатырдык эпосунан үзүндү» деп аталып Лондон университетинин Чыгыш жана Африка мектебинин бюллетениндеги атайын бөлүмдөн жарык көрөт. Анда автор Ч. Валихановдун кыргыз элинин улуу мурасы болгон «Манас» эпосун жазып алгандыгы жөнүндө кеңири маалымат берип келип, А. Маргуландын 1965—1968-жылдары «Манас» героический эпос киргизского народа» деген жыйнакка кирген макаласына жеке пикирин билдирген. Анда Хатто «Манас» эпосунун алгачкы жолу англис тилине которулушу тууралуу төмөндөгүдөй маселелерге токтолот. Англис тилине сөзмө-сөз которулган текстке атайын принциптердин негизинде мамиле кылынды дейт автор. А. текстке илимий комментарий берилип, эпостун поэтикалык тилине формасына ошондой эле тилдик нормадагы айрым жал-

www.bizdin.kg

пылыктары белгиленип, грамматикалык жагынан англис тилинин грамматикасына окшош белгилери көргөзүлүп, англисче эквиваленти жөнүндө кеңири токтолгон. Кийинки макаласын «Көкөтөй жана Бокмурун», «Көзкамандар окуясы» жана «Көкөтөйдүн ашы» илимий монографиясын жазган кезде окумуштуунун эпоско кайсы багыттан мамиле кылганы ачык көрүнөт. Маселен, бул үч макаланын мазмуну жөнүндө таанышканда эпостун өзөгүндөгү окуянын мазмунуна, элдин тарыхый басып өткөн жолуна, этникалык катмарга, көп улуттардын өз ара мамилесине анализ берип келип, кыргыз эли жалпы түрк урууларынын ичинен эң байыркы уруу экенин белгилеп кетет. «Британия элине кыргыз элинин көөнөрбөс искусствосун «Манас» эпосу чагылдырат. Бул эл байыркы бир убактарда калмак, жунгарлар тарабынан запкы көрүп, кысымга алынып, өз туулган жеринен Алтай, Саян, Кангай тарапка куулган. Кыргыз элинин этникалык катмарында көп түрк уруулары бар. Алардын маданий жашоосу, бир-бирине болгон мамилеси, каада-салты бар. Ал салт азыр да түрк элдерин бир бутактан тараганын ырастап турат. Алардын тилдик лексикасы, грамматикалык белгилери буга күбө деп айтып келип муун, муунга уланган мүчөлөрдүн өзгөрүшүн талдоого алып, англис тилине салыштырып айрым жалпы нормативдерди белгилеген.

1971-жылы «Борбордук Азия журналынын 15-сериясынын № 2 санына «Көкөтөйдүн ашы» тууралуу жазылган кыргыз эпосунун түп нускасынан» деген ат менен жазылган макаласында В. Радловдун 1862-жылы жазылып алынган (жылы Т. Хаттонун жазганы боюнча берилди. Бизде 1864-жылы Радлов жазып алган деп жүрөбүз) «Көзкамандар окуясынын» сюжетине анализ жүргүзүлөт. Автор «Манас» эпосу, анын циклдик бөлүктөрү болгон «Семетей», «Сейтек» бөлүктөрү жөнүндө билген маалыматтары тууралуу учкай сөз кылган. Негизинен бул илимий макалада

1) Семетейдин төрөлүшү.

2) Элдин каада-салты, үрп адаты.

3) Чыгыш элдеринин түпкү байланышы, катышы тууралуу маселелерге токтолот. Макаланын экинчи бөлүгүндө архаикалык сөздөргө, түшүнүксүз сөздөргө комментарийлер берилип, кыргыз элинин тарыхый жолун чагылдырган эпос экенин дагы бир ирет кеңири айтып өтөт. Кыр-

www.bizdin.kg

гыз эли чакан эл болгон менен анын өтө бай тарыхы жана бай лексикасы, ошондой эле абдан кенен географиялык аймакты ээлеп көчүп-конуп жашаган тоолук эл экендигин жазып, бир нече географиялык топонимдерди мисалга келтирет, алсак: Бар-Көл, Төр-Көл, Талас, Алтай, Самарканд, Ташкент, Анжиян ж.б. Ал эми 1972-жылы «Көз командар окуясы» үзүндүсүнө дагы бир ирет кайрылып эки бөлүктөн турган чоң көлөмдүү илимий макаласын жазган. Ал макала «Борбордук Азия» журналынын 6-сериясына, № 4 санына жарык көрөт. Биринчи бөлүгүндө кыргыз элинин социалдык шарты, эпостогу каармандардын типтүү образдары, салттык жөрөлгөлөр деген подтемаларга бөлүнүп жазылган. Экинчи бөлүгүндө өзүнө белгилүү болгон көркөм текстке текстологиялык анализ берилген. Мында авторго көбүнчө Ч. Валиханов, В. Радлов, В. Бартольд, В. М. Жирмунский, А. Маргуландын «Манас» эпосу тууралуу айткан пикирлери, (Ч.В., В.Р. варианттары) чоң таяныч, өбөлгө болуп бергени көрүнөт. Автор кыргыз элинин тарыхын да, маданиятын да, искусствосун да жогорудагыдай маалыматтар аркылуу тааныган. Өзгөчө кубаттай турган көрүнүш, англис окумуштуусунун тексттин өзү менен жакындан таанышкысы келгени, колуна тийген текстти оригиналдын өзүндөй мазмунда которууга аракет кылганы, ошондой эле текстологиялык иш жүргүзгөнү. Бул кыргыз эпосунун Европа элинин катмарына маалым болушуна түздөн түз себепкер болгон көрүнүш. Анткени англис тилиндеги сүйлөгөн эл кыргыз элинин бай узак тарыхын эпос аркылуу таанып, анын түрк уруусундагы элдер менен болгон жакындыгын, түпкү тамырын кошо билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Айрыкча автордун эмгегин жогору баалап, ошол учурдагы Чыгыш менен Африка бөлүгүндөгү кызмат өтөгөн окумуштуулар профессор К. Р. Бавден, В. Левс жана башкалар жеке пикирлерин билдирип, кубаттоого алышкан. Бул тууралуу толук маалымат «Борбордук Азия» журналынын 1972-жылкы 15-санына жарык көрөт. Мындан сырткары автордун 1971, 1972, 1976-жылы жарык көргөн макалалары серия түрүндө Францияда, Парижде француз тилине которулуп, элге таанылган.

Автордун Манастын төрөлүшү тууралуу баяндаган «Рождения Манаса» сравнения двух ветвей георического эпоса» (на киргизском языке: с переводом//Журн. Цент-

www.bizdin.kg

ральная Азия-Лондон. 1969. — Т. XIV часть 21. Ошондой эле «Көкөтөй хандын өлүмү жана анын ашы») макаласындагы иликтөөлөрү өзүнчө чоң эмгек жаратууга түрткү болгондой сезилет. Натыйжада автордун эмгеги 1977-жылы кыргызча «Көкөтөйдүн ашы» деген ат менен Лондондо Оксфорд университетинен басылып чыккан.

Монография «Көкөтөйдүн ашы» бөлүгүнүн толук текси боюнча иштелген. Баш сөзүндө эпостун триллогиялык бөлүгү, көлөмү, поэтикалык традициясы жана поэтикасындагы уникалдуу өзгөчөлүктөр тууралуу сөз кылып, биринчи жолу ким жазып алган жана англис тилине алгач кандай жолдор менен которулганы тууралуу маалымдап, монографиянын негизги жүгүн көтөрө турган проблемалары туурасында баяндаган. Негизги проблемалардын бири адегенде латын арибиндеги кыргызча текст берилет жана анын англисче котормосу, ал котормодо тилдик грамматикалык салыштыруу методу менен иштелген текстологиялык изилдөө, илимий комментарийлер.

Атайын белгилеп айта кетүүчү нерсе Т. Хаттонун илимий макалаларынын кыргызча котормолорунун жоктугу. Автордун изилдөөлөрүнүн маанисн тууралуу бизде анча так информация жок экени өкүндүрөт. Жогоруда биз токтолуп өткөн маалыматтар орусча булактардан Кыргыз улуттук илимдер академиясынын китепканасынын «Чет элдик адабият» бөлүмүнүн кызматкерлеринин кыскача маалымат котормолору, ошондой эле Казак илимдер Академиясынын кол жазмалар фондусунан жазылып алынган айрым маалыматтардын негизинде берилди. А. Т. Хаттонун изилдөөлөрүнүн он үчүн КРИУАнын китепканасынын «Чет элдик адабият» бөлүмүнөн таанышууга болт. (англис тилинде).

«Манас» эпосу бүгүнкү күндө айрыкча акыркы он жыл ичинде дүйнө элинин көп тилдеринде которулду (толук эмес вариантта) бирок, А. Т. Хатто сыяктуу жыйырма жыл бою эпосту таанууга өз өмүрүн, калемин, чаалыкпас изденүүсүн арнаган окумуштууну табуу кыйын болсо керек.

Автордун эң акыркы макалалары 1980, 1982, 1988, 1990-жылдары «Борбордук Азия» журналына жарыяланып турган.

www.bizdin.kg

ИРИСОВ ПАЙЗИЛДА

Ирисов Пайзилда – филология илимдеринин кандидаты, Ош мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасынын доценти.

Биз анын чыгармачылыгын негизги беш аспектиден караганыбыз жөндүү болгудай: биринчиси, ал кыргыз элдик оозеки чыгармаларына профессионалдык деңгээлде мамиле кылып, жыйнап, чогултуп, жазып келген, ушул эң керектүү ишке он жылдай жаштык курагын арнаган атуул; экинчиси, ал элдик оозеки чыгармачылыкты дүйнөлүк фольклористиканын, философиянын, педагогика-психологиянын жетешкендиктерине таянып изилдөөгө алган фольклортаануу багытындагы адис; үчүнчүсү, окумуштуу катары гана калбай ал өзүнүн билимин, практикасын, тажрыйбасын Ош мамлекеттик университетинин (мурда пединститутун) студенттерине отуз жылдан бери жеткирип, үйрөтүп келе жаткан устаз; төртүнчүсү, түздөн түз анын жетекчилиги, үйрөтүүсү менен ОшМУда отуз жылдан бери студенттер фольклордук экспедицияларга катышып, эл оозундагы көркөм мурастарды ушу бүгүнкү күнгө чейин чогултуп, тарыхка калтырып келет; бешинчиси, ал кыргыз оозеки чыгармачылыгын жыйноо, жаңыча изилдөө, сактоо, элге жеткирүү боюнча көйгөйлүү маселелерди көтөрүп, мезгилдүү басма сөздө, ар кандай жыйындарда публицистикалык ойлорун ортого салып келе жаткан улуттук өнөрдүн күйөрманы.

Пайзилда Ирисов 1940-жылы 4-сентябрда Ош областынын Ноокат районундагы Төөлөс айыл өкмөтүнө караштуу Торутай кыштагында (мурдагы Салиева атындагы колхоз) катардагы колхозчулардын үй-бүлөсүндө туулган. 1957-жылы райондогу Күрөңкеев атындагы орто мектеп-

www.bizdin.kg

ти бүтүргөн. 1958-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине кыргыз тили жана адабияты адистиги боюнча окууга кирип, аны 1963-жылы аяктаган.

Студенттик жылдарда кеменгер кыргыз окумуштуулары Х. Карасаевдин, К. Юдахиндин, Б. Юнусалиевдин Ж. Мукамбаевдин окуткан сабактары, инсандык касиеттери, илимий көз караштары түздөн-түз таасир этип, анын изилдөө иштерине болгон бекем кызыгуусу калыптанат. Ал эми белгилүү философ, коомдук ишмер Карыбек Молдобаевдин жетекчилиги менен 1963-жылы Орто Азия жана Казакстан республикаларынын студенттеринин В. И. Лениндин 93 жылдыгына арналган VI илимий конференциясында «Поэзиянын көркөм каражаттары, анын улуттук формасынын компоненттери» деген темада доклад жасап, ал жакшы таасир калтырып, I даражадагы диплом менен белгиленет. Бул докладдын илимий сапаты тууралуу сөз кылууга азыр колдо материал жок, канткен менен ошол эл алдына чыгуу жана анда эмгеги жогору бааланышы анын илим жолун тандап алышына биротоло түрткү берген сыяктанат.

1964—1965-жылдары Алабука (мурдагы Жаңыжол), Ноокат райондорунун мектептеринде мугалим болуп иштейт.

1966-жылы Кыргыз Илимдер Академиясынын Тил жана адабият институтуна кыргыз адабияты боюнча аспирантурага кирип, аны 1969-жылы бүтүрөт. Бул мезгил ичинде белгилүү адабиятчы Сейитказы Байкожоевдин жетекчилиги менен «Айтыш ырларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү» деген темада кандидаттык диссертациясын жазып бүтөт. Бирок талкууда изилдөөчүнүн көз карашына кайчылаш келген ойлор, терс пикирлер айтылып, изилдөөчү убактылуу кыйынчылыктарга кабылат. Анткени изилдөөчү ырчынын ой жүгүртүүсүнө, чыгармачылык психологиясына, интуитивдик жөндөмдүүлүгүнө жана дискурсивдик-эрудициялык коруна көбүрөөк көңүл бургандыгы сынга алынып, Токтогулдун, Эшмамбеттин, Калыктын, Барпынын, Алымкулдун айтыштарын көбүрөөк талдоо сунуш кылынды. Сунушту туура кабыл алып, бул эки маселе бири-биринен ажырагыс биримдикте экенин, алардын экөөн тең изилдөө зарыл экендигине ынанган изилдөөчү республи-

www.bizdin.kg

канын жаш окумуштууларынын 1968-жылы өткөн илимий конференциясында орус тилинде «Психология мышления акынов-импровизаторов» деген доклад менен чыгып, өз көз караштарынын тууралыгын далилдеген болду.

Салттык изилдөөлөрдөгү бир жактуулук, фольклордук чыгармаларды, ырчылык өнөрдү изилдөөдө чыгарманын мазмунун айтып берүү менен чектелгендик сыяктуу көрүнүштөрдүн жаңыча изилдениши, аткарылма поэзияны өзүнө таандык касиеттеринин негизинде изилдөө зарыл экенин изилдөөчү «Ала-Тоо» журналынын 1969-жылдагы № 3 санында жарык көргөн «Фольклор жана ага биздин мамилебиз», 1973-жылы ошол эле журналдын № 1 санына жарык көргөн «Улуу сөзгө саякат» деген макалаларында кенен иликтеп чыккан.

1971-жылы аталган диссертациялык эмгегин коргоп, кандидаттык наам алгандан кийин, изилдөө менен бирге көркөм тексттерди басмага даярдоо, жарыкка чыгаруу иштери да илимий-практикалык терең мааниге ээ экенин туйган изилдөөчү 1972-жылы «Илим» басмасынан «Балдарга арналган элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнөн» деген жыйнакты, 1975-жылы «Карач-Көкүл баяны» деген эпикалык дастанды (айтуучу Досу Ташматов) жарыкка чыгарат. Мында өзүнүн эң жакын устаттары болгон Сапарбек Закировдун, Жээнбай Мукамбаевдин түздөн-түз таасири жана колдоосу астында илимий-изилдөө жөндөмдүүлүгүн андан ары өнүктүрөт. Фольклор изилдөөчүлөр чыгарган «Кыргыз эл оозеки чыгармачылык тарыхынын очерктери» деген эмгек жөнүндө Москвадан чыга баштаган «Общественные науки в СССР. Литературоведение» деген маалымат журналынын 1975-жылы № 4 санына макала жарыялайт. Жаңыдан чыга баштаган «Кыргыз совет энциклопедиясына» 1976–1977-жылдары «Адабий мистификация», «Импровизация» деген иликтөө-маалыматтарын чыгарат. Бул багыттагы анын натыйжалуу иштери жана жандуу аракеттери окумуштуунун түшүнүктөрүн кеңейтип, жаңы-жаңы багыттарга шыктандырат. Фольклордук мурастарды изилдөө жана жарыкка чыгаруу менен бирге аларды жыйноо ишине да окумуштуу активдүү катышат. Ал Сапарбек Закировдун жетекчилиги менен 1966-жылдан 1975-жылга чейин ар жылы республиканын көптөгөн райондорунда бир ай-

www.bizdin.kg

лык фольклордук экспедицияда болуп, далай материалдарды жыйнап тапшырган. Өз демилгеси менен жыйналган маалыматтары жана текстеринде өз кезегинде белгилүү болгон баткендик Шоорук ырчынын, ноокаттык Ботобай ырчынын, аравандык Мамасейит ырчынын ырлары жана алар жөнүндө баалуу маалыматтар бар. Ал 1975-жылы Илимдер Академиясынан Ош педагогикалык институтуна окутуучулук ишке которулат. Оозеки чыгармаларды, белгисиз ырчылардын чыгармаларын, бүткүл фольклордук жанрдын өнүгүшүн, өзгөчөлүктөрүн, буга чейинкиден же көнүмүш стереотиптерден акырындап кыргыз менталитетинин, тарыхынын негизинде изилдөөгө өтүүнүн тарапкери бойдон калып, азыркы шартта көркөм мурастарды жогорку окуу жайларда, мектептерде окутууда андан кем эмес мааниге ээ экенин белгилейт. Окутуучулук жолго түшүп, П. Ирисов өз ишмердигин ырчылар чыгармачылыгын окутуу жана изилдөө багытына бурат. Мында да ырчылар чыгармачылыгын реалисттик адабияттагы профессионал акындар менен бирдей, айталы, Токомбаев менен Токтогулду бирдей ыкма менен изилдөө бери эле болгондо туура натыйжа бербейт. Башкача айтканда, алардын ар биринин өзүнө таандык чыгарма жаратуу ыкмасы бар, айталы, фольклордо туруктуу (статикалык) фольклордук-эпикалык элестетүү, ал эми реалисттик адабиятта образдык ой жүгүртүү бар, демек, Токомбаев аракеттеги жандуу образ түзүп, окурмандар окуп гана кабыл ала турган, ал эми Токтогулдар көзү көрүп турган, же эсине түшүп, элестеткен окуя (адам) жөнүндө оозеки төгүп ырдоо менен чыгарма жаратышат. Ошол эле учурда алардын ортосундагы айырмачылык бири-бирине коошпогон айырмачылык эмес. Аларды ыкма катары колдоно берген учурлар да бар. Мисалы, Райкан Шүкүрбековдун, Байдылда Сарногоевдин термелери жана Калыктын, Алымкулдун, Осмонкулдун жазып жараткан поэмалары буга мисал боло алат. Мындай түшүнүктөрдү талдап көрсөтүү жолу менен башталган демилгелерин изилдөөчү басма сөздөгү, илимий конференциялардагы макалаларында жана докладдарында чагылтып келген.

Жогорку окуу жайындагы лекциялык сабактар – илимий идеяларды, жаңыча түшүнүктөрдү жаратуучу булак-

www.bizdin.kg

тар. Окутуучу лекциялык курска таандык көптөгөн темаларды, маселелерди түшүндүрүү, талдоо, далилдөө жана ынандыруу абалында, демек тынымсыз изденүү абалында болот. Ошондой эле башка изилдөөчүлөрдүн ошол темаларга байланыштуу айтылган көз караштарын да иликтеп, алардын аныктамаларын, илимий аргументтерин тактоо, баалоо аракеттеринде, болот. Бул багыттагы изденүүлөрү менен П. Ирисов эң оболу ырчылык өнөрдүн функционалдык өнүгүшү жөнүндөгү түшүнүк-аргументтерин системага салып, жалпы эле ырчылык өнөрдүн пайда болушу, өнүгүү доорлору, уруунун рухий турмушу, андагы ролу жөнүндө өз көз караштарын жарыялаган. Ал функционалдык өнүгүүгө кирген маселелер төмөнкүлөр»:

1. Ырчылык өнөр таанып-билүүнүн булагы экендиги.

2. Ырчылардын турмуштук-концептуалдык идеялары же ойлору.

3. Ырчылык өнөрдүн тарбиялык функциясы.

4. Ырчылык өнөрдүн эстетикалык-көркөмдүк функциясы.

5. Ырчылык өнөрдөгү гедонисттик же жашоо жыргалы жөнүндөгү идеялар.

Изилдөөчүнүн пикиринче бул биротоло чыгарылган бүтүм эмес, башка изилдөөчүлөр тарабынан жаңыланып, толуктала бериши талашсыз. Кийинки мезгилде эгемендүүлүктүн шартында жогорку окуу жайларында «Кыргыз философиясы» деген сабак өтүлө баштады, ушундай наамдагы кафедралар ачылды. Аларда, негизинен, макал-лакаптардагы, ырчылардын санат-насыят, терме ырларындагы адеп-ахлакка байланышкан идеялар окутулат. Ал идеялар тарбия, мораль, нравалуулук жөнүндөгү идеялар болуп, турмуш-тиричиликтик философияны (бытовая философия) түзөт.

Ошол эле учурда ал идеялар макал-лакаптарда айтылып, ырчылардын ырларында ырдалат. Ошол себептен ал идеяларды байыркы грек, кытай, араб, еврей философиясы менен бир катарга коюп баалоого болбойт. Анын ордуна кыргыз философиясын өзүнө таандык өзгөчөлүктөргө негиздеп, аналитикалык изилдөө менен турмуштук философиянын алкагында чен-өлчөмдөрүн аныктоо зарыл. Ал эми турмуштук философия байыркы философтор сыяктуу

www.bizdin.kg

изилдөө жолу менен эмес, ар бир ойчулдун (ырчынын) белгилүү бир ойду көркөм жана угуучулар угуп канааттана турган формада жашайт. Мында иштелип чыккан же аныкталган категориялар да жок. Бирок белгилүү ченде стихиялык материализмге окшош көрүнүштөр, ар бир нерсенин эки жагын таанып дуалисттик түшүнүктөр ырчылардын ырларында көп ырдалып келген. Көп учурда ырчылар андай кош түшүнүктөрдүн ашкере өзү көрүп-түшүнүп турган жагын ырдаса да, анын экинчи, көмүскө маанисин адатта ырдалбайт. Дагы бир ырларда ырчылар бир түшүнүктүн өтө ынанган тарапкери болсо да, экинчи же ага карама-каршы идеяны ырдай берет. Маселен, Молдо Нияз менен Барпынын диний мазмундагы ырларында бул дүйнө жакшылык менен соопчулук иштерди жасап, тиги дүйнөдө бейишке кирүүгө камынуунун дүйнөсү катары ырдалат да, ал үчүн дин эрежелерин бекем тутуп, күнөө иштерден алыс болууга үндөшөт. Ошол эле ойлорду ырдап баратып, ушул эле реалдуу дүйнөдө жашоодон, тирүүлүктөн улуу нерсе жок, мүмкүн болушунча жыргап өт деп ырдашат.

Дагы бир ырчылар көбүрөөк ырдаган философия багытындагы ырлар — форма жана мазмун жөнүндөгү ырлар. Мисалы, айтылуу

Осмо кетет, каш калат,
Оомат кетет, баш калат.
Бетеге кетет, бел калат,
Бектер кетет, эл калат,—

деген формула мунун ачык далили. Ошондой эле ырчылар билимдүү болуунун зарылдыгы жөнүндө:

Көкүрөк сокур болгон соң,
Көзү көрүп не кылат?,

бийликтеги кишинин адилет болуусу жөнүндө: Туура бийде тууган жок, Туугандуу бийде ыйман жок,— деген туруктуу бүтүмдөр чыгарышкан.

Ал эми заман жөнүндө ырчылар дайыма эле ырдап келишкен. Анткени алар дайыма эле эл арасында, элге ырдап берип жүрүп, коомдук турмуштагы кыйынчылыктарга, жагымсыз өзгөрүүлөргө, анын ичинде табигый кырсыктарга да кайдыгер болушкан эмес. Мындай мазмундагы

www.bizdin.kg

ырларды алар көбүнчө картая баштаганда жаштык кезиндеги жашоосуна, ошол эле учурда элдик санжыра, жомок, болмуштардагы идеал катары сүрөттөлгөн жыргал замандарга учурдагы заманды салыштырып ырдашкан да, дайыма өткөндөгүнү даңазалоого умтулушкан.

Мындайча иликтөөлөр жана ойлор изилдөөчүнүн жалаң ырчылар чыгармачылыгына байланыштуу жүзгө жакын макалаларында айтылган. Ушул жагынан алып караганда ал кыргыз фольклористтеринин ичинен жалаң гана чыгармаларга талдоо бере берген адабиятчылык деңгээлден бийигирээк көтөрүлүп, акын-жаратуучунун психологиялык абалын, чексиз ааламдагы анын философиялык, этнопедагогикалык ойлорун дүйнөлүк маданияттын, көркөм өнөрдүн призмасы аркылуу карай билген.

Ал өзүнүн көп жылдык окутуу-изилдөө тажрыйбасынын негизинде 2001-жылы «Ырчылар чыгармачылыгы» деген окуу китебин чыгарды. Ал эмгек толукталып Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги тарабынан 2004-жылы кайрадан жарыкка чыкты. Анда ырчылык өнөрдүн өзгөчөлүктөрү, тарыхый өнүгүшү каралган жана көрүнүктүү кыргыз ырчылары жөнүндөгү көп багыттуу маалыматтар, бул өнөргө таандык терминдер, ар бир ырчынын учкул саптары келтирилген.

Бул китептер — ырчылык өнөрдү изилдөөдөгү олуттуу эмгектерден болуп саналат. Анда ырчылык өнөрдүн өзгөчөлүктөрү, бул өнөрдүн тарыхый өнүгүшү жана психологиясы, ырчылар чыгармачылыгынын функционалдык өнүгүшү (таанытуучулук; коомдук-социалдык; философиялык; информациялык-коммуникативдик; таалим-тарбиялык кызматтары) ар тараптан кызыктуу жана жеткиликтүү изилдөөгө алынып, Калыгул, Молдо Нияз, Арстанбек, Женижок, Эшмамбет, Молдо Кылыч сыяктуу элдик өнөрпоздордон тартып, Эстебес акынга чейинки элдик ырчылардын адабий портреттери жаңыча көз караш менен саясатташтырылбай ачылып берилген.

П. Ирисов кыргыз ырчылар поэзиясынын терминологиялык сөздүгүн биринчилерден болуп өз алдынча түзөөгө аракет кылып, бул китептерине тиркеме катары-киргизген.

Изилдөөчүнүн пикиринче мындан ары фольклорду, ырчылар чыгармачылыгын изилдөөгө көбүрөөк көңүл бурулуп, тарыхый-теориялык, жанрдык-структуралык жана

www.bizdin.kg

функционалдык багытта изилдөөлөр жүргүзүлүшү өтө зарыл. Мындай изилдөөлөрдүн илимий мааниси, улуттун эл аралык деңгээлде таанылышы жагынан да мааниси эбегейсиз чоң.

Окумуштуунун өз оюн айтып гана койбой, аны иш жүзүндө иликтөөгө киришкенин мындан көрөбүз: жакында анын орус тилинде жазылган «Эпическое мышление в истории кыргызского фольклора (Историко-теоретическое размышление)» деген макаласы интернеттин Kyrgys ru wed сайтына салынып, азыр анын архивинде сакталып турат. Бул кыргыз фольклористикасынын жаңы этабы — электрондук этабынын башталышын белгилеген факт болуп саналат.

www.bizdin.kg

ИБРАИМОВ КУТТУГАЛЫ

(1948)

К. Ибраимовдун 48 илимий-методикалык эмгеги жарыяланган, алардын 37си илимий, 11и окуу-методикалык мүнөздөгү эмгектер. Ал 1988-жылы Казак мамлекеттик университетинин алдындагы адистештирилген Кеңеште кандидаттык диссертациясын жактаган. Диссертациясынын темасы «Ыбырайым Абдрахмановдун жыйноочулук ишмердүүлүгүнүн жана жомокчулук өнөрүнүн тарыхый өз ара шартташуусу» деп аталат. Илимий ишинин негизги мазмуну «Ыбырайым Абдырахманов» деп аталган монографиясында чагылдырылган.

Төрт китеби басмадан чыккан. Аларды санай турган болсок төмөнкүлөр: Табышмактар (жыйнак). – Фрунзе: Илим, 1985; Ыбырайым Абдырахманов (монография). – Фрунзе: Илим, 1987; Боогачы (жыйнак). – Кант: 1994; Табышмактар (жыйнак). Эл адабияты сериясы. 14-т. – Бишкек: Шам, 2002.

К. Ибраимов негизинен элдик салттуу адабияттын үлгүлөрү туурасында эмгектер жаратып келген. Андан сырткары кыргыздын аты унутта калган чыгармачыл инсандарына, алсак, Боогачы менен Казыбекке, кайрылып да макалалар жазган.

«Ыбырайым Абдырахманов» «Манас» эпосунун С. Орозбаков, С. Каралаев ж. б. манасчылардын ооздорунан жазылыш тарыхы, Ыбырайым Абдырахмановдун эпосту жазып алуудагы сиңирген эмгеги, жазуу учурундагы тарткан кыйынчылыктары, ал тарабынан жазылып алынган эпостун тексттеринин сапаты, ошондой эле «Манастан» башка фольклордук материалдарды жазып алууга да катышканы, сабаттуу жана таланттуу адам катары жазып

www.bizdin.kg

алуунун өзүнө таандык системасын, ыгын иштеп чыккандыгы, эгер жазылып алынган текст кайра окуганда айтуучуга жакпаса кайра жазуудан качпаганы, ал жазып алган тарыхый-этнографиялык материалдардын илим үчүн мааниси жана ролу каралат. Фольклорист К. Ибраимов Ы. Абдырахмановдун элдик салттуу адабияттын үлгүлөрүн жыйноодогу үзүрлүү эмгегин эле белгилебестен, ал фольклорду жазып алуу ишинде айрым бир мүчүлүштүктөргө жол бергенине да көңүлдү буруп, жыйноочу материалды паспорттоштурууга такай эле маани бербегендигин, о.э. кээ бир учурларда эч бир маалымат келтирбегенин, кээде паспорттоштурууну толук жүзөгө ашырбагандыгын, бир канча чыгармалар топтоштурулган айрым дептерлерде паспорттоштуруу конкреттүү, так даректерсиз жалпылай жасалгандыгын, бул жумушту киши эстутуму боюнча жүргүзгөн учурлар да кездешерин айтат.

Окумуштуу өз китебинде Ы. Абдырахмановдун фольклористтик ишке киришүүсү, анын түйшүгүн аркалоосу, кайсы окумуштуулардан кеп кеңеш алгандыгы туурасында да маалымат берип, илимий-теоретикалык иликтөөлөр жасабаса да кыргыз фолькористикасынын өнүгүшү үчүн, өзгөчө «Манас» эпосунун тексттерин басмага даярдоодо, архаикалык сөздөр менен терминдерди талдоодо, ар кандай варианттарды салыштырып түшүндүрүүдө көп эмгек кылгандыгын акыйкат баалайт. Ал Ы. Абдырахмановдун «Манас» эпосунун тарыхыйлыгы, анын жаралуу мезгили тууралуу өз ойлорун билдирип макалалар жазганына да токтолуп, жарыяланган-жарыяланбаган макалаларына илик кылат. Ы. Абдрахманов кыргыз фольклорунун жанрларын классификациялоого да аракет жасаганын көрсөтүп, жалпысынан анын бул аракети айрым бир методологиялык мүчүлүштөрдү эске албаганда ийгиликтүү чыкканын айтат.

К. Ибраимов Ы. Абдырахмановдун өзү да «Манас» айтуу кудуретинен кур калбаганын бизге эскертип, анын манасчылык шыгынын ойгонушуна түрткү болгон өзгөчө жагдай-шарттар, улуу манасчылардын оозунан эпосту жазып алуу үлүшүнө ээ болуусу, эпосту өздөштүрүп айтуусуна көмөгү тийген поэтикалык маанайдагы эстутуму тууралуу баян кылат. Окумуштуу Ы. Абдырахманов «Манас» үчилтигинин өзүнө таандык вариантын жазып калтырганын

www.bizdin.kg

белгилейт. Албетте, Ы. Абдырахманов элдик эпикалык салттарды да сактап, ошол эле учурда «Манас» эпосуна жасалган коньюнктуралык-социалдык чабуулдардын таасири астында айрым бир өзгөртүүлөргө барганын, мисалы, ал өз вариантында «кытай» этнонимин «калмак» деп, «Чоң казат», «Кичи Казат» эпизоддорунун аталыштарын «калмак-кыргыз Кагылышы», «Коңурбайдын кол салуусу» деп алмаштырганын да жаземдебей белгилеп кетет. Ы. Абдырахманов түзгөн «Манас» эпосунун варианты кыргыз элинин эпикалык мурасынын жаңы мезгили келгенин күбөлөндүргөн өзүнчөлүктүү көрүнүш болгону окумуштуунун көңүлүн бурат.

Ал Ы. Абдырахмановду кыргыз фольклорун изилдеп-үйрөнүүгө жана анын «алтын фондусун» байытууга баа жеткис салым кошкон фольклор жыйноочу жана манасчы-айтуучу деп карайт.

Эми К. Ибраимовдун кыргыз элдик салттуу адабиятынын жанрлары тууралуу жазган айрым макалаларына, конференцияларда жасаган билдирүүлөрүнө кыскача токтоло кетели. Ал 1991-жылы И. Арабаев атындагы КМПУ-инде өткөн конференцияда «Табышмак – тапкыч гимнастикасы» деген билдирүү жасаган. Мында ал кыргыз эл табышмактарынын генезисине жана эволюциясына, дидактикалык ролуна, варианттуулугуна, тематикалык бөлүнүшүнө, жанрдык өзгөчөлүгүнө, түрлөрүнө токтолуп, бир кыйла ынанымдуу ойлор айткан. Окумуштуу бул жанрдын үлгүлөрүн жыйнап, эки жыйнак түзгөн (Табышмактар (жыйнак). — Фрунзе: Илим, 1985; Табышмактар (жыйнак). Эл адабияты сериясы. 14-т. — Бишкек: Шам, 2002). Ошол эле окуу жайда 1994-жылы өткөрүлгөн конференцияда «Жаңылмачтардын жанрдык касиети» деген билдирүүсүн окуптур. Мында болсо жаңылмачтын табияты, дүйнө элдеринде, анын ичинде түрк элдеринде кездешүүсү, жанрдык өзгөчөлүгү, эл турмушундагы мааниси сөз кылынат.

«Казыбек — казалчы» аттуу макаласында автор Казыбектин ырлары совет мезгилинде бийлик тарабынан тыюу салынып, оозго алынбай келгенин, бирок, эл ичинде анын казалдары жашыруун тарап турганын, акындын казалдарынын арасында совет бийлигине каршы маанайдагылары да болгондуктан Кыргызстан Компартиясынын Бор-

www.bizdin.kg

бордук Комитети советтик-партиялык жетекчи кызматкерлерден, окумуштуу-адабиятчылардан атайын топторду түзүп, Казыбектин чыгармачылыгына каршы түшүндүрүү иштерин жүргүзүү үчүн Атбашы, Нарын аймактарына жиберип тургандыгын, өзү да 1980-ж. башында ушундай топтордун бирине кошулуп, ал кездеги Пограничник, азыркы Казыбек айылында (акын туулуп-өскөн айылда) болгондугун белгилеп, Казыбектин чыгармачылыгынын оор тагдырга кириптер болуш себептерине талдоо жасап, заманды өзгөрүшү менен Казыбектин ырларынын элдик асыл нарктардын ичиндеги татыктуу ордуна ээ боло баштоосуна кубангандыгын билдирет. Экинчи макаласы «Элдик тамсилдердин жанрдык табияты» деп аталып, ал Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналып, НМУда өткөрүлгөн илимий конференцияда апробацияланып, жарык көргөн экен. Бул макаласында окумуштуу кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы тамсил жанрына иликтөө кылып, тамсил жанрынын келип чыгыш теги, анын жанрдык формалары тууралуу белгилүү окумуштуулардын айткан — деген пикирлерин анализдөө менен салттуу элдик адабияттын өзүнчөлүктүү формасы болгон тамсилдин табиятын ачып, кеңири сөз кылат. Ошентип, К. Ибраимов фольклорист катары бир катар мазмундуу илимий эмгектери менен кыргыздын илим чөйрөсүндө өзүнө тиешелүү орунду камсыз кыла алган.

www.bizdin.kg

МУКАСОВ МУРАТАЛЫ

(1950)

Мукасов Мураталы Чүй өрөөнүнүн Онбиржылгасындагы Кайырма айлында 1950-жылы туулган. КМУнун филология факультетин 1973-жылы ийгиликтүү аяктагандан кийин, эмгек жолун мугалимдик кесип менен баштаган. 1980-жылдардан бери КРсынын УИАсынын алгач «Манас», андан кийин «Фольклор жана акындар поэзиясы» бөлүмүндө илимий кызматкер болуп иштеп келген. Филология илимдеринин кандидаты, Тыныстанов атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. Азыр Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусунун башчысы.

Эпостордун текстин түзүп, басмага даярдоо боюнча тажрыйбалуу адис катары ал алгач С. Каралаевдин варианты боюнча «Манастын» II томдугун басмага даярдаган. М. Мукасов араб, латын арибин эркин окуй билгендиктен С. Орозбаковдун варианты боюнча «Манастын» академиялык басылышынын I, II томунун текстин түп нуска менен салыштырып басмага даярдаган.

КР УИАнын МКУБнун күчү менен даярдалып жаткан «Эл адабияты» сериясына (40 томдукка) «Эр Төштүк», «Сейитбек», (Р. Сарыпбеков менен бирдикте), «Олжобай менен Кишимжан» эпосторун түзүшүп, баш сөзүн жазышкан. Ошол эле серияга «Толубай сынчы», «Женижок», «Дин, «Арман», ырлары) ж. б. ондогон ашык макалаларды жазган. «Залкар акындар» сериясын I томдугуна Эсенаман ырчынын, II томдугуна А. Акматалиев менен бирдикте Женижок ырчынын чыгармаларын басмага даярдап, баш сөз жазган.

М. Мукасовдун «Жаныш, Байыш» эпосунун поэтикасы» аттуу монографиясы, «Эпостор дүйнөсү», «Дин жана

www.bizdin.kg

арман ырлары», аттуу макалалар жыйнагы өзүнчө китеп болуп жарык көргөн.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында эң орчундуу орун «Манас» үчилтиги башында турган эпикалык чыгармаларга, анын ичинде, баатырдык эпосторго таандык. Бул бекеринен эмес. Фольклористтер арасында афоризм катары: «Баатырдык күрөштү башынан өткөрбөгөн элде, баатырдык эпос жаралбайт» – деп айтылып келе жаткандай, кыргыз эли өзүнүн эки миң жылдан ашык тарыхында нечен кандуу кагылыштан турган баатырдык күрөштө өсүп-өнүгүп келди. Ал күрөштөр элдин эсинен эч изсиз, ың-жыңсыз чыгып кеткен жок. Ал күрөштөрдүн элдин тарыхында урунтуктууларынын айрымдары мурунтан жаралган эпикалык чыгармаларды толуктап, жаңы катмар катары кирсе (мисалы, «Манас» үчилтигинде), айрымдары өзүнчө жаңы эпикалык чыгармалар болуп жаралды (мисалы, «Курманбек», «Эр Табылды», «Эр Солтоной», «Жаныш, Байыш» ж. б.). Демек, элибиздин күрөшчүл тарыхын жана анын чагылдырылышы — көркөм маданияты – эпикалык чыгармаларды илимдин жаңы жетишкен ийгиликтерин пайдаланып жазылган «Жаныш, Байыш» эпосунун поэтикасы»,— деген монографиясы өтө актуалдуу.

Эмгектин баш жагында, «Жаныш, Байыш» эпосунун тарыхыйлуулугу, тарыхый прототиптери, анын варианттары, изилдөөчүлөрү каралат. Монографиянын биринчи бөлүмү «Салттуу мотивдердин «Жаныш, Байыш» эпосунда чагылдырылышы» деп аталып, ал эпос өзүнүн өсүп-өнүгүүсүндө татаал жолду басып келгенин, анын колдо болгон варианттарынын бардыгын салыштырып карап, андан эпикалык чыгарманын стадиялык өнүгүшүнүн ар кыл баскычтарын: баатырдык эпос, ашыктык эпостордун катмарларын табууга болорун ынанымдуу белгилейт. Бул үчүн М. Мукасов «Жаныш, Байыш» эпосунун сюжетин шарттуу түрдө үч эпизодго: «Пролог» («Башталыш»), «Баатырдык үйлөнүү», «Күйөөсү аялынын үйлөнүү тоюнда» бөлүп карайт да алардын ар биринин эволюциялык өсүп-өнүгүшүн жана бири-бири менен контаминацияланып бир бүтүн чыгарма болуп түзүлүшүн азыркы учурда фольклорду изилдөөдө эң алдыңкы метод-тарыхый салыштырма методдо карайт. М. Мукасов өзүнчө эпизод катары бөлүп караган «Прологдо» фольклористикада (дегинкисин айтканда жал-

www.bizdin.kg

пы эле филологияда) дүйнөлүк атакка ээ В. М. Жирмунскийдин «Народное воображение стремившееся к поэтической идеализации образа эпического героя, охотно основанными на мифологических представлениях и веровниях более древней эпохи, но утративших с развитием общества свое первоначальное мифологическое содержание»,— деп айткан теориялык жыйынтыгына таянуу менен башкы оң каармандардын кереметтүү бойго бүтүшүнөн тартып, эрезеге жетишине чейинки өмүр баянын кабардаган мотивдердин эң көбү алгачкы мифологиядан алып, трансформацияланууу жолу менен баатырдык эпикалык мотивке айланганын тарыхый, этнографиялык жана элдик оозеки чыгармалардын материалдарын пайдаланып, илимий жагынан ишенимдүү ача алган. Мында автор көптөгөн жаңы табылгаларга ээ болгонун баса белгилей кетүүгө туура келет. Мисалга, Жаныш, Байыштын алтын көкүлчөн туулушу жөнүндөгү мотивди алалы. Колго түшүп, канчалаган кыйноону тарткан Байыштын: «Кылычтын мизи өтпөгөн, сууга салса чөкпөгөн, отко салса күйбөгөн» жанынын бекемдигин, атап айтканда, анын алтын көкүлүндө экенин эпостун азыр колдо бар варианттарында күүгүм тартып, үстүрт гана эскерилип, унутуулга өткөн. Мукасов илимий эмгектерге, фольклордук материалдарга (мисалы, жер жүзүндөгү эң байыркы китептердин «Библиядан» алынган мисалга) таянып, Байыштын өлбөстүгү жөнүндөгү мотивдин алгачкы булагы матриархаттык доордогу жан менен чачтын байланыштуулугу жөнүндөгү мифологиялуу-магиялык ишенимден келип чыгып, ал кийин фольклордук чыгармаларга өзүнчө мотив болуп трансформацияланганын далилдей алган.

Автор «Жаныш, Байыш» эпосунун эң алгачкы ядросун «Баатырдык үйлөнүү» түзүп, «Пролог», «Күйөөсү аялынын үйлөнүү тоюнда» ага кийин контаминацияланып, бир чыгармага айланганын илимий аргументтердин негизинде чечмелей алган. Кыргыздын бир катар баатырдык эпостору (мисалы, «Курманбек», «Эр Табылды», «Эр Солтоной», «Жаңыл Мырза» ж. б. прототиби бар, кайсы бир тарыхый негизинде өнүксө, «Жаныш, Байыш» ушулардын тибиндеги баатырдык тарыхый эпос болсо да, башка жол менен өнүккөн. Муну «Баатырдык үйлөнүү» эпизодунун мисалында байкаса болот. Түрк-монгол элдеринин фолк-

www.bizdin.kg

лорунда эпикалык каарман алыстагы колуктуну атайы издеп чыгып барып, көп кыйынчылыктарды өткөрүп (мисалы, жер алды-өлүктөр дүйнөсүнө түшүп кетип же каардуу душманы тарабынан амал менен орго таштатып) үйлөнүшү салт. Ушул эң башкы булагын мифтик-фантастикалык баатырдык жомоктон баштаган мотив эволюциялык жол менен өнүгүп олтуруп, акырында эпоско, андан баатырдык тарыхый эпоско трансформацияланган. «Жаныш, Байыш» эпосунун ушундай жол менен өнүккөнүн өзүнүн аргументтери менен монографиясында көрсөтө алган. М. Мукасовдун кызык байкоосу – матриархаттык доордогу улуу кудай эненин образынын доорлор өткөн сайын өзгөрүлүп, элдик оозеки чыгарманын каарманы – улуу кудай энеден ылдыйлап, кадимки жердик аялга айланганда улам жаңы типке өтүшүн көрсөтүшү болуп саналат. Автор бул үчүн образдын стадиалдык өнүгүшүнүн ар кыл баскычын чагылдырган кыргыздын үч эпосунун «Кожожаш», «Эр Төштүк», «Жаныш, Байаштын» мисалына кайрылат.

«Күйөөсү аялынын үйлөнүү тоюнда» мотиви дүйнө элдеринин фольклорунда, ошондой эле Европа элдеринин орто кылымдагы жазма адабиятында, өтө кеңири тараган сюжет болуп саналат. Ушуга ылайык М. Мукасов бул эпизоддуу дүйнө элдеринин эпикалык чыгармалары менен, мисалы, орустардын «Садко», байыркы гректердин «Одиссей», өзбектердин «Алпамыш», «Юсуп Ахмет», алтайлыктардын «Алып-Манаш», казактардын «Кобланды баатыр» эпостору менен тарыхый салыштырма методдо талдаган.

Экинчи бөлүм «Жаныш, Байыш» эпосунун көркөм каражаттары» — деп аталып, ал: 1. «Жаныш, Байыш» эпосунун ыр түзүлүшү», 2. «Троптун түрлөрүнүн колдонулушу» — деген эки параграфка бөлүп каралат. I параграфта эпостун айтуучулар тарабынан колдонулган ыр куруу ыкмаларына токтолуп, «Жаныш, Байыш» эпосу кыргыз эпосторуна жалпы орток салттуу формада, б. а. ритм, рифма, аллитерация, ассонанс жана строфалык түзүлүшү типтеш, окшош курулары анализге алынат. Анын ритми жеке кыргыз эмес, жалпы эле түрк тилдүү элдердин поэзиясына мүнөздүү 7—8 муундуу (редиф кошулганда 9—11 муундуу) силабикалык ыр түзүлүштөн турары жана бул форма алардын поэзиясындагы негизги жана эң байыркы форма экени туура белгиленет.

www.bizdin.kg

Ритмдин экспрессивдүү-эмоционалдуулугун күчөтүп турган башкы элементтердин бири рифма экени, «Жаныш, Байышта» ал ар түрдүү формада (аллитерация, ассонанс жана саптын аягындагы уйкаштыктын ар түрдүү түрлөрү) чебер колдонулуп, көркөмдүктүн эң бир бийиктикке жеткени (айрыкча, К. Акиевдин классикалык вариантында) аргументтүү мисалдар менен далилденет. Автор өзүнүн аргументтерин тактоодо, бышыктоодо өзүнөн мурдагы белгилүү окумуштуулардын В. В. Радлов, Е. Д. Поливанов, В. М. Жирмунский, Б. М. Юнусалиев, Б. Керимжанова, К. Рысалиев ж. б. пикирине ыктуу таянат.

2-параграфта «Жаныш, Байышта» колдонулган тропту негизги түрлөрүнүн бардыгына (метафора, салыштыруу, эпитет, гипербола ж. б.) токтолуп, ар биринин эпостогу орду, колдонулуш жолдору, аткарган функциясы, айрымдарынын чыгыш теги каралып, илимий жыйынтыктар чыгарылат. Ошондой эле автор өзүнөн мурунку окумуштуулардын алгылыктуу пикирине кошулушу менен бирге, кезеги келгенде алар менен полемикага чыгып, өзүнүн көз карашын илимий аргументтер менен далилдөөгө аракеттенет. М. Мукасов «Эпостор дүйнөсү» аттуу макалалар жыйнагы китебинде «Олжобай менен Кишимжан», «Сейитбек», «Эр Төштүк» эпостору жогорудагы «Жаныш, Байыштын» поэтикасы» монографиясынын тибинде илимий талкууга алат. «Кыргыз эпосторун жараткан кыргыз эли. Демек, ал бири-бири менен өтмө катар байланышта болуп, бирдиктүү системаны түзгөн, бирдиктүү поэтикалык аң-сезимдин туундусу. Элдин аң-сезиминин улам өнүгүп алга жылышына ылайык, мейли сюжет жагынан болсун, мейли образдар системасы жагынан болсун трансформацияланууу, кайрадан ойлонуштурулуу жолу менен жаңы багыттагы мазмунга ээ болуп, таанылгыс болуп өзгөрүп, эпос жанрынын адеп пайда болушунан тартып, өсүп-өнүгүп, апогейине жетип, андан басаңдап акыркы стадиясына жеткен бардык этаптарын өз кучагына камтыган эпосторду пайда кылды. Мындай өзгөрүү эпостордун улам кийинкиси мурункунун туундусу, жаңыча улантылышы болгон. Жогоруда аталган үч эпостун үчөө тең ушул өңүттө каралган.

«Дин жана арман ырлары» макалалар жыйнагы китебинде аталган ырлардын келип чыгышы, жанрдык өзгөчөлүгү, эл арасында таралыш орду жөнүндө кеңири сөз болот.

www.bizdin.kg

ТАНАЕВ ТОКТОШ

(1942)

Т. Танаев кыргыз фольклорун изилдөөчү, филология илимдеринин кандидаты, доцент.

Доцент Т. Танаев 1985-жылы Алма-Ата шаарында «Санат-насыят, терме ырларынын функционалдык аткарган өзгөчөлүгү» деген темада кандидаттык диссертация коргогон. Бул изилдөөдө «Санат», «Насыят», «Терме», «Үгүт», «Үлгү», «Нуска» терминдердин синонимдик маанисин, лексикалык өсүп өнүгүү тарыхын, мазмун менен форманын, айкалышын жана ал дидактикалык эмес философиялык жанрга мүнөздүү экенин илимий жактан далилдөөгө алган.

Анын чыгармачылык-окумуштуулук баскан жолуна назар салганда негизинен кыргыз фольклористикасы боюнча көптөгөн илимий-теориялык изилдөөлөрдү жараткандыгын өзгөчө баса белгилөөгө болот. «Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын жанрдык бөлүнүшү» (Ош-1991) аттуу изилдөөсүндө айрым мурдатан жашап келген «жанр», «тек», «түр» түшүнүктөрдүн так илимий системага салынгандыгы далилденет. Эгерде мурунку мезгилдерде кыргыз фольклору эки гана текке — лирикалык, эпикалык, үч жанрга — лирикалык, дидактикалык, эпикалык болуп башаламандыкка жол берилсе, эми бул изилдөөчү алгач үч текке: лирикалык, эпикалык, элдик театрга; тектер өз ара жанрларга — эмгек, сүйүү, кайгы, философиялык, балдар, табият, социалдык, дин, салт лирикаларына. Эпикалык текке: жөө жомок, миф, легенда, уламыш, эпос, санжыра, макал-лакап, табышмак, тамсил, элдик поэмаларды кошот. Элдик драмага (көркөм өнөр): манасчылык, төкмөлүк, чечендик, куудулдук, элдик музыка, куурчак, жаңылмач ж.б.

www.bizdin.kg

Фольклор изилдөөчү Т. Танаев «Кыргыз фольклорундагы лирикалык жанрлар» (Ош-1998) деген монографиясы негизинен студенттерге, мектеп мугалимдерине, аспиранттарга, жалпы кыргыз окурман журтуна багытталып, башкысы ата-бабалардын нечен кылымдап жаралган, эл сактаган, белгилүү жөндөмдүү инсандар өнүктүргөн элдик лириканын жанрларын изилдөөгө алган. Анда эл арасында өтө кеңири таркалган он бир лирикалык ырларга: эмгек ырлары, ырым-жырым ырлары, сүйүү ырлары, кошоктор, арммандар, айтыштар, үйлөнүү-салт ырлары, оюн ырлары, балдар ырлары, дин ырлары илимий-филологиялык анализге түшкөн.

Кыргыз фольклористикасы илиминин тарыхында эпикалык текке кирген жанрлар негедир ушул мезгилге чейин арымдары боюнча ар кандай талаш-тартыштарды жаратып келүүдө. Алсак, көп жылдар бою макал-лакаптар, табышмактар, тамсилдер, жаңылмачтар, чечен сөздөр дидактикалык жанрга кошулуп окутулса, санжыра, миф, легенда-уламыштардын тагдыры көмүскөдө калып кетишкен. Ушундай кыргыз фольклористикасындагы баш-аламандыкты туура илимий тартипке салууда автор тарабынан жаралган «Эпикалык жанрлар (Ош-1999) аттуу окуулук чындыгында окурмандын көзүн ачты. Алгач «эпика» терминин далилдеп, анын ички структурасын түзүшкөн жанрларга: макал-лакаптар, табышмактар, тамсилдер, миф, легенда-уламыштар, санжыра, жөө жомоктор, элдик поэмалар, эпостор кирерин тактаган.

Эпикалык чыгармалардын лирикалык ырларга салыштырганда айырмачылыгын ачып берүүдө — эпикада элдин өткөн тарыхы же бул-тигил окуя баяндалып, көркөм сюжеттик курулушту талап кылган, ар бир чыгарманын өзүнө гана тиешелүү образга ээ, прозада кээде поэзияда жашоого боло турган чыгармалар кирери аныкталат.

Макал-лакаптар, табышмактар, калптар көлөмү же сюжети канчалык кыска, айтылышы элпек, ритм, рифма, уйкаштык жагынан лирикага жакын турганына карабай, эпикалык касиети үстөмдүк кылары илимий тактоолорго айланткан. Көптөгөн кыргыз окумуштуулары санжыра жанрын фольклордук чыгармаларга кошпой келишүүдө, ал эми Т. Танаев устаты, фольклорист С. Закировдук — тарыхый жанр экендигин көптөгөн илимий фактыларга таянып, чындыкка чыгарат.

www.bizdin.kg

90-ЖЫЛДАРДАН БЕРИ ЖАКТАЛГАН ДИССЕРТАЦИЯЛАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА ОБЗОР

В. И. Шаповаловдун (2) эмгегинде биринчи ирет кыргыз адабий үлгүлөрүнүн башка тилге, тактап айтканда кыргыз поэзиясынын орус тилине которулушунун тарыхы, методологиясы, поэтикасына байланыштуу тактоону, илимий анализди талап кылган маселелер аныкталган. Изилдөө объектиси катары башка тилге которуунун алгачкы этабы болгон 30—50-жылдардагы кыргыз поэзиясынын орус тилине котормолору алынып, которуунун деңгээли, которуудан кийинки алардагы идеялык-көркөмдүк мазмундун сакталышын шарттаган тарыхый адабий, коомдук маданий өбөлгөлөргө кеңири илимий анализ берилген. Эмгекте биринчи жолу кыргызчадан орусчага которуу тарыхынын адабий доорлорунун мазмунун жана этаптарынын алмашууларын шарттоочу методологиялык доминанттары аныкталды; котормо традицияларынын калыптануу процессинде этномаданий факторлорго жараша түзүлгөн котормо принциптерин жана алардын бири-бирине таасир этүү өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүү, котормо кыргыз поэзиясынын орус маданий чөйрөсүндө кабыл алынышы жана бир эле чыгарманын (мис., «Алымкан») бир нече котормосун салыштырма-типологиялык анализдөөнүн негизинде кыргыз ырынын поэтикасынын орус ыр түзүү каражаттары аркылуу түрдүү трансформацияланууу мүнөзүн ачып берүү жумуштары аткарылды.

В. И. Шаповаловдун котормо боюнча изилдөө иши кыргыз поэзиясынын бардык катмарларын: улуу дастан «Манастын» котормолорунан (С. Липкин, Л. Пеньковский, А. Тарковский, М. Тарловский, М. Петров) тартып, «Кедейхан» (А. Тарковский, 1940), «Эр Төштүк» (В. Потапо-

www.bizdin.kg

ва, 1957 жана С. Сомова, 1958), «Кожожаш» (М. Тарловский, 1957; С. Сомова 1958), «Курманбек» (А. Тарковский 1957, 1961-жж.) ж. б.; элдик лирика – «Песни скотоводов», ««Проводы невесты» (М. Тарловский, А. Глоба, А. Шпирт, В. Бугаевский) импровизациялык поэзиялык өкүлдөрү Токтогул, Барпы, Тоголок Молдо, Калык ж. б. акындардын поэзиясынын котормолору жана 20— 50-жылдары чыгармачылыгын өнүктүргөн профессионал (жазма) акындардын чыгармачылыгын камтыйт. Фактылык материалдар тал-доого алынуу менен катар кыргыз поэзиясын орус тилине которуунун теориялык методологиялык моделдери иштелип чыккан.

И. Д. Лайлиева (5) өзүнүн эмгегинде кыргыз прозасынын өнүгүш эволюциясын дүйнөлүк адабий контекстке карап, баа берүүгө умтулган. Кыргыз жазма адабий салты көпчүлүк чыгыш, батыш адабияттарынын көркөм жазма традицияларына салыштырмалуу өтө жаш. Анткен менен XX кылымдагы кыргыз адабияты башка элдердин адабияты, маданияты менен болгон ургаалдуу өз ара карым-катыштарынын натыйжасында ошол өнүккөн элдердин бай традициялуу жазма адабиятынын мыкты үлгүлөрүн терең өздөштүрүп, ага теңтайлаш накта профессионалдык, жогорку көркөмдүүлүк деңгээлдеги көркөм туундуларды да бере алды. И. Д. Лайлиева өзүнүн изилдөөсүн мына ушул көрүнүштү шарттоочу негизги өбөлгөлөрдүн бири болгон орус жана дүйнөлүк адабияттын кыргыз адабиятына болгон таасиринин этаптарын — алгачкы жөнөкөй механикалык тууроодон адабий эстетикалык жактан тереңдетип өздөштүрүлгөн татаал формаларын, адабий таасир маселесинин көп кырдуу проблемаларын, теориялык жагдайларын аныктоого арнаган. Адабий байланыш, таасир проблемасы М. Элебаевдин чыгармачылыгынан тартып Ч. Айтматовго чейинки кыргыз прозаиктеринин тажрыйбаларынын мисалында иш жүзүнө ашырылган.

Г. А. Айтбаеванын диссертациялык иши (7) кыргыз романдарындагы романдык жанрдык системанын талабына ылайык сюжеттин өнүктүрүлүшүндөгү диний мотивдерин идеялык-көркөмдүк кызматы кеңири анализге алынган.

Романда адам коомунун турмушу өзүнүн бардык татаал байланыштары менен берилет. Доор, мезгил мүнөздө (каарманда) камтылган повесть жанрынан айырмаланып,

www.bizdin.kg

романда көркөм каарман доор, мезгилде аныкталат, такталат. Ошол себептүү кыргыздардын коомдук аң-сезиминдеги диний катмарды улуттук романистиканын т. а. романдык ой жүгүртүүнүн идеялык-көркөмдүк маанилүү булактарынын бири катары илимий объектиге алынышы мыйзамченемдүү жана практикалык жактан маанилүү.

Л. Укубаеванын (8) диссертациясынын негизги максаты — Ч. Айтматовдун чыгармаларынын поэтикасындагы фольклордун ордун, аткарган кызматын бүгүнкү күндөгү көркөм-эстетикалык көз караштын бийиктигинен изилдөө. Диссертациялык иш Ч. Айтматовдун адабий эстетикалык кез карашын мүмкүн болушунча толук жана терең изилдеп окуунун, жазуучунун фольклорго карата чыгармачылык мамилесинин адабий эстетикалык принциптерин, концепцияларын анын коомдук-саясий, философиялык дүйнө таанымдык көз караштары менен тыгыз биримдикте кароонун негизинде жазылган.

И ш т е: Ч. Айтматовдун көркөм көрөңгөсү улуттук эпикалык дөөлөттөр менен терең тамырлаш, жазуучу элдик акыл-эс жараткан байыркы сөздөгү гуманисттик, философиялык ойлорду бүгүнкү күн проблемасына жуурулуштуруп берет. Бирок ал эч убакта байыркы жомокту баштапкы абалында бузбай пайдаланбайт, жазуучулук эркиндик ал жомокторду эркин синкреттештирүүдөн, трансформациялап пайдалануусунан көрүнөт; элдик эпосторду, миф, легендаларды өздөштүрүп пайдалануунун жогорку чеберчилигине жетишкен жазуучу турмуш чындыгын аллегориялык метафоралык чагылдыруу зарылдыгынан улам өздүк жомогун, философиялык притчасын жаратууга жетишкен деген сыяктуу теориялык-концептуалдык жыйынтыктар чечилишке ээ болгон. Жазуучунун фольклорго кайрылуу, пайдалануу чеберчилигин изилдөө теориялык жактан эзелтеден изилденип келаткан жазма адабият менен фольклордун өз ара карым-катнашы маселесин улуттук эле адабиятта эмес, дүйнөлүк адабияттагы өнүгүш мыйзамченемдүүлүктөрүн, өсүш перспективасынын жолун тереңдеп окуп-үйрөнүүдө методологиялык кызмат аткарат.

С. Байгазиевдин (9) докторлук иши 20—50-жылдардагы араб, латын жана азыркы графикадагы бардык пьесаларды, учурунда сая-сий айып коюлуп, колдонуудан алынган, унутулуп көңүл бурулбай келген драмаларды, жалпы

www.bizdin.kg

эле драматургиялык процессти, аталган мезгилдеги сын, рецензия, изилдөө иштерин, адабий тарыхый документтерди, архивдик материалдарды, эскерме мемуардык адабияттарды, элдик драмалык-театралдык чыгармачылыкты, көчмөндүк жамааттагы коомдук аң-сезимдин өзгөчөлүктөрүн жана кыргыз кыртышында личностук-индивидуалдык аң-сезимге негизделген драманын жаратылышына негиз болгон тарыхый өбөлгөлөрдү, тарыхый адабий процессти азыркы күндүн адабий коомдук түшүнүгүнүн контекстинен карап талдоонун, баалоонун негизинде жазылган.

Жыйынтыгында 20—50-жылдарда драматургия жаралуунун, торолуунун, телчигүүнүн, өсүүнүн кыйын-кезеңдүү, карама-каршылыктуу татаал жолун басты. Социализмдин социалдык маданий жакшылык шарапаттарынын да, акимчил-буйрукчул кесепеттеринин да шарттарында жетилди. Драматургия адегенде драма өнөрүнүн техникасын сыртынан тууроодон, акырындап анын спецификалуу ички түрдүк-жанрдык технологиясын өздөштүрүүнү көздөй, сырткы кагылыштардан ички психологиялык коллизияларга, жалпыланган көркөм типтерден адам дүйнөсүнүн нравалык-психологиялык татаалдыгын талдоого, кооз речитативдерден, каармандын декларативдүү тирадаларынан драматизмге тепчилген монологко, жөнөкөй тиричилик сүйлөшүүлөрүн натуралисттик репродукциялоодон чыйралган драмалык диалогдорго, ремарканын статикалуулугунан анын функционаддык ийкемдүүлүгүнө, кандайдыр бир турмуштук тенденцияны, социалдык сапатты, этикалык принципти персонификациялаган образ-схемалардын күрөшүнөн, индивидуалдуу личностук башталмаларга, жеке эркке негизделген конфликтгерге карай өсүп келди, драматургиянын кийинки 60-жылдардагы сапаттык баскычы үчүн, Ж. Жакиевдин, М. Байжиевдин, Б. Өмүралиевдин, М. Тойбаевдин, Т. Абдумомуновдун социалдык-психологиялык драмалары үчүн омоктуу эстетикалык база түзүлдү деген корутунду чыгарылган.

А. Мусаевдин (10) эмгегинде бүгүнкү күндүн бийиктигинен, идеологиялык диктаттан бошонгон адабият таануунун проекциясынан даркан романист Т. Сыдыкбековдун романдарына кайрылып, аларга идеологиялык, социалдык көрүнүш катары эмес, адабий эстетикалык көрүнүш катары мамиле жасалып, алардын нукура көркөм наркын аныкт-

www.bizdin.kg

тап-тактоого, сүрөткердин реализм принциптерин өздөштүрүү багытындагы оош кыйыштуу жолун, ийгиликтери менен кемчиликтерин мүнөздөө жумуштары аткарылган. А. Мусаевдин ишинде Т. Сыдыбековдун роман жаратуу жаатындагы ары бай, ары кызыктуу жана көп кырдуу көркөм тажрыйбасы өзүнчө бир эстетикалык система катары ар тараптуу жана комплекстүү иликтенген. Ошону менен катар иште бир катар адабий-теориялык проблемаларда камтылган. Алар: коомдук социалдык турмуш жана көркөм чыгармачылык; социалисттик реализм жана сүрөткер; турмуш чындыгы жана көркөм ойдон чыгаруу; прообраз жана персонаж; реалдуу турмуш жана идеялык канон ж. б.

Г. М. Мурзахметова (3) өзүнүн илимий ишинде 60—80-жылдардагы тарыхый жана тарыхый-биографиялык романдарынын мисалында биринчи жолу көркөм сюжет курууда тарыхый чындык менен көркөм ойдон чыгаруунун өз ара алака-катышы, ушул жагдайдагы романист жазуучулардын индивидуалдык-стилдик өзгөчөлүгү туурасындагы адабий теориялык, адабий тарыхый проблемалар иликтенген. Белгиленген теориялык проблеманы чечүү үчүн У. Абдукаимов, Ш. Бейшеналиев, К. Каимов сыяктуу көрүнүктүү жазуучулардын романдары илимий анализге алынган.

Ошол эле 60—80-жылдардагы кыргыз аңгеме жанрынын абалы, андагы поэтикалык изденүүлөр, жаңылануулар, аңгеменин жанрдык мүмкүнчүлүгү, идеялык-тематикалык көп кырдуулугу, аңгемелердин которулуш абалы сыяктуу проблемаларга арналган эмгек С. К. Урманбетовага (5) таандык. Диссертант кыргыз аңгемеси аталган мезгил ичинде жанрдык көп түрдүүлүккө жана көркөмдүк бийиктикке жетишкендигин М. Байжиевдин, М. Гапаровдун, К. Акматовдун, А. Саспаевдин аңгемелеринин мисалында далилдөөгө аракет кылат.

Кыргаз аңгеме жанрынын поэтикасын изилдөө ишинде ошондой эле **А. Медетовдун (9)** диссертациялык ишин баса белгилей кетсе болот. А. Медетовдун ишинин өзгөчөлүгү ал кыргыз аңгемесинде сюжет, композиция сыяктуу поэтиканын негизги категорияларын өздөштүрүү учуру болгон 1920—60-жылдардагы аңгемелерди изилдөөгө алып, чеберчилик жактан эволюциялык планда караштыргандыгында. Бул эмгекте теориялык аспект менен тарыхый аспект бекем биримдикти түзүп турат.

www.bizdin.kg

Диссертациянын биринчи главасы «Кыргыз аңгемесинде сюжет жана фабула» деп аталып, анда аңгеме жанрынын калыптануу учурундагы сюжет, фабула проблемасы жана жанрдын жетилүү мезгилиндеги сюжет куруу эволюциясы, ал эми экинчи главада адабий композициянын диалог, портрет, пейзаж сыяктуу компоненттеринин кыргыз аңгемелеринде өздөштүрүлүшү, анын өзгөчөлүктөрү кеңири талдоого алынган.

И. А. Жумабаевдин (10) диссертациясында Т. Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романынын жаралыш тарыхы изилденет. Романдын алгачкы варианты — «Кең Суунун» жазылышына түрткү берген жеке мотивдер, коомдук козутуулар, адабий чөйрөнүн ролу, чыгарма жаратуудагы жеке турмуштук байкоолордун жана өнүккөн адабияттардын таасири каралат. Варианттардын тексттерин салыштыруунун негизинде романды кайра иштеп чыгууда чыгармачылык процесстин жүрүшү изилденип, чыгарманын мазмунунун жана поэтикасынын, атап айтканда, стиль, сюжет, композиция жана образдардын эволюциясы көрсөтүлөт. Диссертант «Тоо арасында» романынын чыгармачылык тарыхы кыргыз романистикасынын калыптанышынын чыгармачылык тарыхынын жекелештирилген модели деген жыйынтыкка келет.

Чет өлкөлөрдөн келип бизде аспирантурада окуп, кыргыз адабиятчы-окумуштуулары менен тыгыз байланышта иш алып барышын, диссертация жактагандар да бар. Алардын бири Пен Мэй (12). **Пен Мэйдин** диссертациялык иши залкар жазуучубуз Ч. Айтматовдун чыгармачылыгынын Кытайда кабыл алынышына жана изилдениши деңгээлине илимий анализ берүүгө арналган. Изилдөөчү Ч. Айтматовдун дээрлик бардык чыгармалары кытай тилинде жарык көргөндүгү, республикалык жогорку окуу жайларынын филологиялык факультеттеринде жазуучунун чыгармачылыгы окутулаары, атайын курстар өтүлөөрү, мектеп окуучулары, карапайым окурман калк кеңири тааныш экендиги жана Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча көптөгөн макалалар, илимий китептер жарык көргөндүгү, диссертациялар жазгандыгын билдирүү менен кытай айтматовтаануучулары менен кыргыз, советтик, дүйнөлүк айтматовтаануучулардын адабий илимий интерпретациясындагы окшоштуктар жана айырмачылыктарга кеңири токтолот.

www.bizdin.kg

Айтматовдун чыгармаларына болгон кытай окурмандарынын кызыгуусун ачык, далилдүү берүү үчүн диссертанттын анкеталык сурамжылоонун жыйынтыктары да берилген. Пен Мейдин изилдөөсүнө айтматовтаануу илимине кошулган көрүнүктүү салым катары баа берүүгө болот.

Көркөм котормо проблемалары боюнча илимий иштерин да теориялык-практикалык мааниси жогору. **К. А. Биялиевдин** диссертациялык иши (13) С. Эралиевдин кормочулук чеберчилигин баалоого арналган. Акындын кормочулук ишмердигинин дурус жана буруш жактарын анализдөө аркылуу анын жеке чыгармачылык эволюциясындагы таасир маселесинин деңгээли жана мааниси жөнүндө; теориялык жагдайда поэтикалык тексттин тутумундагы имплициттүү эстетикалык-концептуалдык мазмунду «которуудагы» прессуппозиция маселесинин айланасында фактылык материалдардын мисалында кеңири талдоо жүргүзүлгөн.

С. Эралиевдин А. Твардовскийдин «Василий Теркин» поэмасынын котормосу диссертант тарабынан кыргыз көркөм котормосундагы бийик чек, акындын чыгармачылык чоң жеңиши катары бааланган.

Ал **эми Э. А. Ниязованын** ишинде (14) А. П. Чеховдун чыгармаларынын кыргыз тилине которулушу, өздөштүрүлүшү каралган. 1930—1980-жылдар аралыгындагы ар түрдүү авторлордун котормолору конкреттүү — аналитикалык, салыштырма — типологиялык иликтөө принцибинин негизинде талдоого алынган.

Б. Т. Темирова (15) тарабынан Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романын тарыхый чыгарманын дефинициясына туура келген жанрдык табиятын көрсөтүү менен романдын идеялык-тематикалык мазмунун ачып берүү, образдар системасын талдоо, жазуучунун жекече стилдик чеберчилигине баа берүү аракети жасалган.

Романдын тарыхыйлуулугунун негизи катары VI—VIII кылымдар аралыгындагы Орхон-Енисей эстеликтериндеги «Кичүү жазуу», «Улуу жазуу» баяндарындагы урунттуу окуялар эсептелип, ошол мезгилдеги согуш аракеттери борбордук орунду ээлеп, кыргыздардын улуттук калыптануусу жана өзүнчө каганат түзүшү чыгарманын сюжеттик лейтмотивин түзгөн деген жыйынтык чыгарылган.

www.bizdin.kg

Тарыхый жанрга ошондой эле изилдөөчү Д. М. Чокоева (18) да кайрылган. Д. **Чокоева** Т. Касымбековдун «Сынган кылыч», «Кел-кел» тарыхый романдарындагы тарыхый чындык, маалыматтардын көркөм интерпретацияланышын илимий иликтөөгө алган. Иште тарыхый чындык менен көркөм чындык изме-из салыштырылып, теориялык жактан романдар тарыхый жанрдын критерийлерине канчалык деңгээлде жооп бере ала тургандыгы, жазуучунун сюжет өнүктүрүү, образ түзүүдөгү чеберчилиги аныкталды. Т. Касымбеков өзгөчө «Сынган кылыч» романы аркылуу улуттук прозадагы тарыхый жанрдын мыкты үлгүсүн жарата алганы белгиленди.

Д. Ж. Асакеева (16) менен **И. Б. Айтбаеванын (19)** диссертациялык иштеринин темалары Ч. Айтматовдун чыгармачылыгына байланышта. Д. Асакеева Ч. Айтматовдун сюжет куруу чеберчилигин иликтөөгө алса, И. Б. Айтбаева жазуучунун котормочулук чеберчилигин изилдөөнү объект кылып алган. Биринчи учурда жазуучунун «Ак кеме», «Эрте келген турналар», «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт» повесттеринин мисалында сюжеттин өнүктүрүлүшүндөгү миф менен реалдуулуктун, түш менен турмуштук чындыктын өтмө катар, илме-кайып байланыштары такталат.

Н. Айтбаеванын диссертациясында Ч. Айтматов тарабынан орус тилине которулган Т. Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романынын экинчи китебинин котормосу жана өз чыгармаларынын автокотормолору талдоого алынат. Котормону талдоо жазуучунун сөз менен иштөө чеберчилигин өздөштүрүү ишине түздөн-түз кол кабыш этет. «Тоо арасында» Айтматов тарабынан ийгиликтүү которулгандыгын конкреттүү мисалдар менен далилдөө аракети көрүлөт.

Акын-жазуучунун индивидуалдуу чыгармачылыгын изилдөө улуттук адабий процесстин өсүп-өнүгүү тенденцияларын аныктоо-го өзүнчө салым кошот. Диссертациялык советте ушул багытта бир топ иштер корголду. Ушундай иштердин бири **К. Жумабекованын** «К. Каимовдун чыгармачылыгы» (20) деген темадагы диссертациясы. Иштин максаты К. Каимовдун бүткүл чыгармачылыгын изилдеп, анын жазуучулук жүзүн толук ачып берүү. Диссертант тарабынан жазуучунун алгачкы үйрөнчүк аңгемелеринен тартып кийинки «Акырын күтпө» романына чейинки эво-

www.bizdin.kg

люциялык чыгармачылык жолуна кеңири анализ берилет. К. Каимовдун стилиндеги кыскалык, тактык мазмундуулук, жазуучунун троптук деталдарды пайдалануусуна абдан чебер экендиги, сатиралык куйкум сөздүүлүгүн жазуучунун чыгармачылыгындагы табигый ошону менен бирге жакшы өздөштүрүлгөн көркөм ыкмалардан экендиги фактылык материалдардын негизинде талданып, жыйынтыктар чыгарылат.

Р. У. Исмаиловаңын (22) акын Ж. Мамытовдун чыгармачылыгына арналган диссертациялык ишинин жаңылыгын акындын чыгармачылык жолу биринчи ирет системалуу жана комплекстүү каралып, кеңири изилденгендиги, акындын лирикалык дүйнөсүнүн өзгөчөлүгү өзүнө таандык табылгасы, улуттук поэзияга кошкон салымын аныктоо аракети жасалгандыгы жана көпчүлүк чыгармалардын конкреттүү адабий талдоолордон өткөрүлгөндүгү түзөт.

Ушундай эле мүнөздөгү изилдөөлөр катары **К. М. Эдилованын** (25), **М. Ы. Токтогулованын** (38), **А. А. Эгембердиванын** (39), **С. К. Ёгимбаеванын** (43), **К. Исаковдун** (40) диссертациялык изилдөөлөрүн атоого болот. Изилдөөнүн материалдары улуттук адабияттын өсүп-өнүгүү тенденцияларын аныктоодо, чыгармачыл личносттун көп кырдуу поэтикалык изденүүлөрүнүн маселелерин, идеялык-тематикалык ар түрдүүлүгү менен чеберчилик оригиналдуулугун тааныл-билип, үйрөнүүдө филология факультеттеринин студенттери, адабиятчылар жана жалпы эле акын-жазуучунун чыгармачылык лабораториясына кызыккан окурмандар үчүн теориялык-практикалык зарылдыгы бар.

Тигил же бул акын жазуучулардын чыгармачылыгын мүнөздөп анализ берүүдөн сырткары адабият теориясынын ар кандай проблемаларына байланыштуу жазылган эмгектер да арбын.

В. К. Сабировонын (26) диссертациялык иши адабияттын формалык мазмундук категорияларын, адабий текстин поэтикасын түшүнүүнүн ачкычтарынын бири болуп эсептелген көркөм мезгилди жана мейкиндикти анализдөөгө арналган. XX кылымдын 30-жылдарында көркөм чыгарманын проблемаларын хронотоп аркылуу анализдөөнү М. Бахтин ачкан, 80—90-жылдары Д. С. Лихачев, М. Ю. Лотман, Н. И. Конрадцын иштери багытталган. Белгилүү прозаиктер Ч. Айтматов, М. Байжиев, М. Гапаровдун чы-

www.bizdin.kg

гармаларындагы мезгилдик, мейкиндик категориялар жанрдык аспекттин негизинде талданган.

Б. Т. Дюшебекова (28) кыргыз прозасындагы романтикалык тенденцияларды изилдеди. Изилдөөнүн максатына ылайык иште кыргыз прозасындагы романтикалык тенденциясы бар чыгармаларды аныктоо; алардагы романтикалык жана реалисттик элементтердин өз ара катышын жана таасирин талдоо милдеттери аныкталган. 20—80-жылдардагы кыргыз прозасындагы романтикалык тенденциялардын орду жана мааниси, турмушту чагылдырууда эстетикалык мүмкүнчүлүктөрү, кыргыз прозасынын байышына жана өнүгүшүнө кошкон салымы аныкталган.

Диссертацияда кыргыз прозасындагы романтикалык тенденциялар стилдик көрүнүшкө гана байланышпастан, анын башатында дүйнөнү романтикалык ыңгайда кабылдоого, романтикалык каражаттарга басымдуу таянган улуттук фольклор, байыркы Чыгыш адабияты жана дүйнөлүк романтикалык адабияттын традициялары тураары айтылат. Диссертант кыргыз прозасындагы романтикалык тенденциянын көрүнүшүн өзүнө чейинки жалпы дүйнөлүк романтикалык традицияларды өздөштүрүү жана анын мүмкүнчүлүктөрүн ача билүү, байытууга кошкон салымына карап эки этапка: (1) 20—40-жылдардагы алгачкы мезгил жана (2) 50—80-жылдардагы өнүктүрүлгөн романтикалык көрүнүштөр деп экиге бөлөт.

А. К. Кадырмамбетованын диссертацисы (29) көркөм чыгарманын мазмунунун терендигин, полифондуулугун шарттоочу подтексттин көркөм ыкма катары кыргыз прозасына катышын 50—60-жылдардагы повесттердин мисалында илимий теориялык негизде ачып берүүгө арналган.

Иште негизинен эки проблема изилденген. Биринчиден, чындыкты көркөм чагылдыруунун каражаты катары подтекстгин чыгармадагы функциясы, композициялык-структуралык өзгөчөлүгү биринчи жолу системалуу жана комплекстүү изилденди. Экинчиден, көркөм подекст адабий процесстин ички эстетикалык өнүгүшүнө өзгөчө сапаттык кубулушту аныктоочу белги катарында кыргыз повесттеринин мисалында талданды.

Акматова В. (35) диссертациялык эмгегинде кыргыз комедия жанрынын көркөмдүк жактан эволюциялык өнүгүшүн изилдеди. Иште кыргыз элинин комедиялык

www.bizdin.kg

түшүнүгүнө кенен токтолуу, комизмдин улуттук өзгөчөлүгүн чечмелөө, элдин оозеки чыгармачылыктан кездешкен комедиялык элементтердин жанрдык форманын уюткуланышына, өнүгүшүнө болгон таасирин жана жанрдын профессионалдык деңгээлге өсүп чыгышына түздөн-түз көмөкчү болгон сырткы адабий факторлордун таасири туурасында кеңири сөз болуп, комедия жанрынын мыкты чеберлери катары Т.Абдумомунов, М.Байжиевдердин чыгармалары кеңири адабий анализге алынган.

Э. А. Карыпкулова (44) кыргыз поэзиясындагы эркин ыр формасын изилдөөдө анын өзгөчөлөнгөн негизги белгилерин, эркин ырдын үндүк жактан (эвфония, ритм, метр), композициялык жактан уюшулушун, эстетикалык-поэтикалык табиятын толук мүнөздөп, ачып берүүгө жетишкен.

20-жылдардын башында эле кыргыз калемгерлеринин ырларын-да традициялуу уйкаштыктан сырткары уйкашсыз, муун сандары да бир кылка эмес, негизги көңүлдү айта турган ойду образдуу, элестүү берүүгө, басым жасалган учурлар кездешет. Диссертант теманын учугун көркөм мурастардан баштап, башка адабияттардын таасирин өздөштүрүү ыкмаларына чейин теориялык негизде, фактылык материалдар аркылуу аргументтүү-аналитикалык талдоо жүргүзүүгө жетишкен.

Н. Б. Омурзакова (45) кыргыз профессионал жазма адабиятыбыздагы сонет формасынын калыптаныш процессин ар тараптуу иликтеп-изилдөө ыңгайына жараша дүйнөлүк жана боордош адабияттардын контекстинен карайт. Кыргыз поэзиясында сонет формасынын алган ордун, аны өздөштүрүүдө акындардын ийгиликтери менен мүчүлүштөрүн, батыш адабиятынан алган таасирлерин, сонет котормолорун анализдөө иштин жаңылыгын түзөт.

Б. Т. Койчуев (51) диссертациялык ишинде азыркы философиялык-психологиялык жанрдагы романдарды Ч. Айтматов менен Т. Пулатовдун чыгармаларынын негизинде талдоого алган. Диссертант бул эки жазуучунун XX кылымдын акыркы чейрегиндеги романистиканын өнүгүшүнө кошкон зор салымдарын белгилөө менен Орто Азия, Казакстан элдеринин адабиятында философиялык-психологиялык роман жанрынын өнүгүшүн тарыхый теориялык жактан негиздөөгө аракет кылат, жазуучулардын романчылыгына таандык типтүү жана индивидуалдуу өзгөчөлүктөр

www.bizdin.kg

такталат. Изиддөө багытына ылайык Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн», «Кыямат» роман кеңири адабият талдоодон өткөрүлгөн.

Акындар поэзиясы боюнча Н. Бегалиеванын (23), А. Обозкановдун (24) темадагы диссертациялары жакталды. Арстанбектин чыгармачылыгы узак мезгилге чейин саясий-идеологиялык көз караштардын алкагында гана каралып келди. Арстанбек — биринчи иретте акын, демек анын чыгармалары саясий идеологиялык планда сөз кылуудан мурда адабияттык, көркөмдүк жактан талдануурга, үйрөнүлүүгө тийиш. Ишти жазуудагы максат — адабияттык талдоого алуу; өмүрү жана чыгармачылыгына байланышкан фактылык жана адабий материалдарды жалпылоо; чыгармачылыктын жанрдык-тематикалык составын иликтөө, идеялык багытын аныктоо. Диссертацияда акындын чыгармачылыгын өзү жашаган доордун контекстинде карoo, б. а. акын чыгармаларын жараткан конкреттүү тарыхый коомдук шарттарды эске алуу менен анын акындын, личностук мүнөзүн ачуу аракети жасалган. А. Обозкановдун (24) диссертациялык ишинде К. Акиевдин чыгармачылыгын ачып берүү менен катар дегеле ырчылык өнөрдүн жөнү, башаты, калыптаныш процесстери, көп кырдуу тармактары өңдүү бул өнөр менен тыгыз байланыштагы бир катар проблемалуу маселелер каралган.

Диссертациялык советте фольклористика адистиги боюнча, анын ичинде «Манас», эпосу боюнча Г. Жамгырчиева (7), Ж. Орозобекова (4), Н. Бекмухамедова (11) Р. Сарыпбеков (27), Доан Гүрпынардын (41) диссертациялары улуу мурасыбыз «Манас» эпосун изилдеп үйрөнүүгө, манастаануу илимине кошулган жаңылыктар катары атасак болот.

Г. Жамгырчиева (7) өзүнүн илимий эмгегинде эпостогу салттуу эпикалык формулалардын поэтикалык өзгөчөлүгүн кыргыздын бөлөк эпос, дастандары жана түрк тилдүү башка элдердин эпостору менен салыштырма-типологиялык планда комплекстүү изилдөөнү иш жүзүнө ашырган. Натыйжада эпостун формалык мазмундук өзөгүн түзгөн салттуу сюжеттердин тизмеги, салттуу мотивдер, салттуу көркөм сөз каражаттарынын үлгүлөрүнүн иллюстративдүү шарттуу схемалык элеси түзүлгөн.

Орозобекова Ж. (4) эпостун жаратылышындагы жана өнкүтүрүлүшүндөгү аттын образынын катышын, алардын

www.bizdin.kg

эпостон алган ордун, эпостун калыптанышынын ар түрдүү этаптарындагы жылкы баласынын поэтикалык сүрөттөлүшүндөгү айырмачылык-тарды ачып берүүнү өз ишинде максат эткен. «Манас» эпосундагы аттарды поэтизациялоонун ар кандай көркөм ыкмаларын ар бир айтуучунун жеке чеберчилиги менен тыгыз байланышта талдап берүү — бул иштин жаңылыгын түзгөн.

Н. Х. Бекмухамедова (11) тарабынан «Манастагы» аялдардын эпикалык образдарын поэтизациялоо ыкмаларындагы законченемдүүлүктөрдү аныктоо варианттарды, образдарды салыштырма-типологиялык аспектте талдоонун негизинде иш жүзүнө ашырылган.

Баатырдык эпостун стадиалдык эволюциясын чагылдырган аялдардын образынын типологиялык системасын аныктоо, Каныкейдин борбордук трилогиялык образынын жаралышындагы эпикалык-поэтикалык зарылдыктын белгилениши иштин жаңылыгын түзөт.

Р. Сарыпбековдун (27) «Манас» эпосунун негизги каармандарынын бири Алмамбеттин образынын эволюциясын иликтөө ар-кылуу фольклордук, тарыхый этнографиялык жана лингвистикалык материалдардын негизинде, Алмамбеттин образы — эпостогу эң байыркы образдардын бири экенин жана социалдык-тарыхый, турмуш-тук шарттардан улам алмашылышы менен ал узак эволюцияны башынан өткөрүп, байыркы кереметтүү формадагы тарыхый баатырдык эпостун каармана трансформацияланышын генетикалык жана типологиялык тарыхый салыштырма планда ачып көрсөтүп берүү ишке ашырылган. Изилдөөчү Алмамбеттин образына байланыш-кан окуялар өзүнүн алгачкы булагын кыргыз элинин эң байыркы доорлорунан матриархат кулоосу менен патриархат жаңыдан гүлдөөгө бет алган доордон баштап, биздин күндөргө чейинки өзүнүн узак өсүп-өнүгүүсүндө улам кийинки коомдук мамилелердин, идеологиянын өзгөрүшү менен анын чагыддырылышы катары мейли сюжет жагынан болсун, мейли образдар жагынан болсун, улам кайра өзгөрүүлөргө, курууларга туш болгон; натыйжада, Алмамбеттин образы өзүнүн архаикалык формасынан, мифтик-фантастикалык элементтерди камтыган маданий каармандан биз-дин күндөргө жакын турган тарыхый доордун конкреттүү, реалдуу каарманына айланган деген жыйынтыкка келген.

www.bizdin.kg

Түрк изилдөөчү Доан Гүрпынардын (41) илимий изилдөөсү улуу мурасыбыздагы жалпы адамзаттык мааниге ээ касиеттерди «Давид Сасунский», «Илиада», «Калевала» сыяктуу эпостор менен салыштыруу аркылуу ой айткан чет өлкөлүк окумуштуунун көз карашы катары кызыктуу.

Элдик оозеки чыгармачылыктагы чечендик сөздөрдүн идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө алган **А. С. Ибраимованын (21)** ишинде оозеки чыгармачылыкта чечендик сөздөрдүн көркөм жанр катары калыптанышын, чечендердин бөлүнүшүн, «кыргыз турмушунун энциклопедиясы аталган «Манас» эпосундагы чечен сөздөрдүн көркөм функциясын, белгилүү тарыхый инсандарды жана айтылуу куудулдардын чечендик сөздөрүнүн идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн системалуу илимий аңдоого алган.

Чечендик сөздөр элдик таланттардын өзгөчө тиби аркылуу жаралган өзгөчөлүү көрүнүш. Чечендер кырдаалдарга жараша өздөрүнө гана мүнөздүү ой жүгүртүүгө, ошого ылайык таасын, курч сөздөрдү таба билген чеберчиликке эгедер болушкандыгы белгилүү. Чечендик өнөрдүн мына ошондой өзгөчөлүктөрүн ачып берүү менен катар чечендиктин «акыл чечен», «тил чечен», «кургак чечен», «оромо чечен» деген сыяктуу түрлөрүнүн ар бирине кеңири анализ берилген.

Г. Ж. Орозованын (30) диссертациясында изилдөөгө объект болуп элдердин ортосундагы тарыхый, маданий адабий тыгыз карым-катыштыктын жемиши — көпчүлүк түрк элдерине орток же чыгыш элдеринен кыргыздарга оошкон поэмалар алынган. Түрк тилдүү элдерде айтылган орток поэмалар: «Муңдук, Зарлык», «Кыз Дарыйка», «Нарикбай» ж. б. поэмаларынын кыргыздарга таралыш айтылыш өзгөчөлүгүн изилдөөгө багыт алган. Мындагы проблема бул же тигил чыгарманын ар кайсы элде айтылыш фактысын, мазмундук окшоштугун, окуялык, эпизоддук айырмачылыгын белгилөөдө гана турбастан, ар бир элдин үрп-адатына, көркөм ой жүгүртүү деңгээлине, фольклордук салтына карата өлчөнө турган конкреттүү улуттук белгилерди аныктоо менен алардын жаралуу тарыхына, таралуу аймагына көңүл буруу, айтуучулардын эпикалык чыгармаларды айтуудагы чеберчилиги, жаратуучулук шыгына мүнөздөмө берүү, конкреттүү адабий талдоодон өткөрүү.

www.bizdin.kg

М. Мукасовдун (32) илимий ишинин максаты «Жаныш, Байыш» эпосунун идеялык-көркөмдүк наркын аныктоо.

«Жаныш, Байыш» кыргыздын шарттуу түрдө «кенже» деп аталган эпосторунун ичинен окуясы кызыктуу, көркөм деңгээли жогору, эл арасына кеңири тараган чыгармалардын бири. Андагы салттуу мотивдердин пайда болушун, өнүгүшүн жана сюжет курууда аткарып турган функцияларын фольклористиканын азыркы деңгээлине жооп бергидей анализден өткөрүү зарылчылыгы бар болучу.

Диссертацияда «Жаныш, Байыш» эпосунун салттык мотивдеринин эволюциялык өнүгүү жолу чечмеленүү менен байыркы баатыр-дык жомоктон азыркы абалындагы тарыхый баатырдык эпоско өсүп жеткендиги илимий негизде далилденет.

Эпостун образдар системасы кеңири талданып, алардын түпкү мифологиялык-жомоктук башатына экскурс жасалган. «Жаныш, Байыш» эпосунун негизги окуялары «Пролог», «Баатырдык үйлөнүү», «Күйөөсү айлынын тоюнда» деген дүйнө элдеринин көпчүлүк эпосторуна мүнөздүү темалардан түзүлүп, «Баатырдык үйлөнүү» чыгарманын негизги өзөгүн кармап турат; эпосту тарыхый баатырлык эпостун деңгээлине жеткирген К. Акиев, С. Дыйканбаевдерди эпос жаратуучулар деп таанууга негиз бар деген жыйынтыктар чыгарылат.

К. Талиева (33) Семетейчи Сейдене Молдокееванын айтуучулугундагы салттуулук менен өзүнчөлүктүн карымкатышын изилдеген. С. Молдокееванын «Семетей эпосуна кошкон салымы, салттуулуктун чегинде эпикалык окуяларды вариациялоо мүмкүнчүлүгү аныкталган.

А. Т. Саттарованын (46) эмгегинде кыргыздын оозеки балдар фольклорунун жанрдык жиктелиши, тематикалык өзгөчөлүгү, башка жанрлар менен байланышы, карым-катышы, ошондой эле жанрдык-көркөмдүк кубулушу, метаморфозасы изилденет.

Изилдөөдө балдар фольклорунун идеялык жана көркөмдүк бөтөнчөлүгү, образдык системасы конкреттүү талдоого алынып жалпылаштырылат, синтезделет. Айрыкча бешик ырлары, оюн ырлары, калптар, жаңылмачтар, табышмактар, жомоктор, кеңири иликтенет, балдар жомоктору жанрдык, тематикалык топко жиктелип, бөлүштүрүлүп, алардын пайда болушуна жана өнүгүшүнө көңүл бөлүнгөн.

www.bizdin.kg

Ж. С. Байтерекованын (48) диссертациялык ишинде арман ырлары биринчи жолу диссертациялык деңгээлде системалуу-комплекстүү изилденген. Иште оозеки поэзияда арман ырларынын кеңири таралышы, социалдык-коомдук турмуштун ар түрдүү жактарын камтышы, өз алдынча жанрдык статустан тартып элдик эпоско, акындык индивидуалдуу поэзияга чейин көркөмдүк трансформацияга дуушар болушу кеңири талданган. Арман жанры үч деңгээлде: элдик оозеки поэзия, акындар поэзиясы жана эпостук чыгармалардын негизинде адабий анализге алынган.

КОРУТУНДУ

Коомдогу өзгөрүүлөр, өзгөчө бурулуш моменттер илимдин башка тармактарына салыштырмалуу коомдук илимдердин өнүгүү багыттарына таасири күчтүү болоору ырас. Кыргыз Республикасы өз алдынча мамлекеттүүлүк алышы менен коомдук илимдердин алдына чоң илимий милдеттерди жана максаттарды койгон эле. Коомдук системанын өзгөрүшү биринчи иретте, коомдук, саясий, маданий ориентациялардын өзгөрүшүнө алып келди. Мамлекеттин негизги өзөгүн түзгөн элдин, кыргыз улутунун тарыхына, маданиятына, адабиятына, философиялык көз караштарына кайрадан жаңыга багыттан кайрылып, өткөн системанын мүдөө-талаптарына ылайык тарыхтын, албетте анын ичинде адабият тарыхынын бурмаланып интерпретацияланган, актай калган, тыюу салынган баракгарын кайрадан ачып, изилдеп, объективдүү баа берүү күн тартибине коюлган олуттуу маселелерден болду. Себеби, мамлекеттик идеологиянын кыртышын түзүү үчүн биринчи иретте аны мамлекеттин өзөгүн түзгөн элдин тарыхы, маданияты, көркөм сөз мурасы, философиясына кайрылууга туура келет.

Ал эми сөзүбүздү түздөн-түз жеке өзүбүздүн адабият таануу илиминин проблемаларына, анын акыркы он жыл ичиндеги өнүгүш багыттарына бура турган болсок, жогоруда кыскача сөз кылынып өткөн коомдук, гуманитардык илимдердин өнүгүү багытындагы жалпы белгилер ошондой эле адабият таануу илимине да таандык болду деп айтсак болот.

www.bizdin.kg

Кыргыз эли көркөм сөздүн бай мурасына ээ. Советтик коом учурунда да улуттук адабиятыбыз күрдөөлдүү өнүгүп, таланттуу акын, жазуучулардын ысымдары журтчулугубузга кеңири белгилүү болду. Бирок, бүгүн эч кимге жашырын эмес, ошол бай көркөм сөз мурастарыбызды (аларда көркөмдүк менен катар нечен кылымдык акыл-эс элегинен эленген акыл берметтери, дүйнө таанымы, тарыхы камтылган, эл ырчыларынын, акын, жазуучулардын чыгармачылыгын изилдеп үйрөнүүдө, баалоодо элге кеңири жайылтууда саясатташкан белгилүү чен-өлчөмдөрдүн, чектөөлөрдүн болгондугу баарыбызга маалым. Демек, биздин Диссертациялык Советте корголгон көпчүлүк диссертациялык иштердин актуаддуулугу, жаңычылдыгы жана практикалык мааниси дагы ушул жагдайлар менен, тактап айтканда ошол кемкетиктерди толуктоо, ар бир көркөм кубулушка өзүнүн объективдүү баасын берүү аракеттери менен шартталган.

Бирок биз муну менен адабият таануу илиминин бута чейинки жемиштерин жокко чыгаралы же адабият таануу илимин кайра жаңыдан түптөп жатабыз деп мактаналы деген ниеттен таптакыр алыс экендигибизден баса белгилей кетмекчибиз. Себеби, ар кандай илим сыяктуу эле адабият таануу илиминин коомдук таасирлерге көз карандысыз өнүгүүгө ээ ички мыйзам-ченемдери, спецификалык багыттары, теориялык проблемалары болот.

Бүгүнкү илимий техникалык, маданий интефация, коммуникациянын болуп көрбөгөндөй өнүгүшүнө жараша таталдашкан турмушка ылайык көркөм адабият да, адабият таануу илими да татаалдашып барат. Кечээ эле адабиятыбызды да, адабият таануу илимибизди да соцреализм принциптеринен тап жылдырбай, «корукка алып» өнүктүрүүгө аракет кылып, акын, жазуучуларыбыздын чыгармачылык турпатына бирдей чапан кийгизүүгө аракет кылып жүргөн учурубузда дүйнөлүк адабият, адабият таануу илимине модернизм, постмодернизм, сюрреализм, экзистенциализм, структурализм ж. б. толуп жаткан «измдер» аралашып, эбак жаңылык болуудан калган. Адабият тарыхы, адабият теориясынын тигил же бул маселелерине арналып жазылган айрым бир эмгектер өзүнүн илимий практикалык, тарыхын милдетин өтөп бүтүп, бүгүнкү күндө жаңыча көз карашты, жаңыча илимий деңгээлди талап

www.bizdin.kg

кылып турат. Маселен ошол эле эпосторубуз, лирикалык жанрдагы элдик чыгармалар, Арстанбек, Калыгул, жазгыч акындар, Токтогул, Барпынын чыгармачылыгы, А. Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романы ж. б. у. с. адабий фактылар, теориялык маселелер. Мындан сырткары адабий процесстин өнүгүш эволюциясына ылайык илимий изилдөөгө объект болуп алынчу айрым адабий фактылардын эми бышып жетилгендери. Маселен, мурда профессионалдык жазма адабияттын көпчүлүк проблемалары негизинен он беш — жыйырма ысымдын, б. а. «Кыргыз эл акындары, жазуучуларынын» айланасында гана болуп, кийинки чыккан М. Байжиев, К. Акматов, Т. Кожомбердиев ж. б. таланттуу акын-жазуучулардын чыгармачылыгы жөнүндө илимий иш жазуу бир учур-да диссертабелдүү эмес, бышып жетиле элек маселедей туюлчу.

Илимий иштердин жакталышына байланыштуу белгилей кетчү дагы бир маселе, диссертацияны апробациялоо максатында диссертанттар тарабынан көптөгөн макалалар, жыйнактар, монографиялар жарык көрүп жатат. Бул жарык көргөн эмгектер окуу куралдары жетишпей, жаңы материалдарга муктаж болуп турган жогорку окуу жайдын студенттери, мугалимдери үчүн өтө зарыл.

Азыркы учурда адабият таануу илимибиздин көптөгөн проблемалары изилденгендиги, изилденип жаткандыгына карабастан дагы деле болсо анын «дың» жерлери арбын. Кыргыз фольклору, кыргыз адабияты башка жерде изилденбейт, ал биринчи иретте кыргыз маданияты үчүн керек.

Бир карасаң кыргыз филологиясы боюнча илимдин доктору, кандидаттары жетиштүү санда эле даярдалып жаткандай, бирок ошол эле учурда бизде, филологияда илимдин кандидаттары, докторлору көп деп айта албайбыз. Муну биз республикабыздын булуң бурчтарындагы жогорку окуу жайларынын кыргыз адабияты адистиги боюнча иштеп жаткан илимий даражасы бар окутуучулардын болжолдуу эсеби аркылуу деле айта алабыз. Мисалы, ОшМУда филология илиминин бир доктору бар, Ысык-Көл, Нарын, талас, Жалал-Абад мамлекеттик университеттеринде кыргыз адабияты боюнча бир дагы илимдин доктору жок, ал эми областтык университеттерде, өзгөчө Талас, Нарын, Жалал-Абадда эгер болсо бир, эки, үчтөн гана илим-

www.bizdin.kg

дин кандидаттары эмгектенет. Бишкек шаарындагы жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринде, адабиятчы адис талап кылган филологиялык эмес факультеттерде жогорку квалификациялуу адистердин жетишпегендиги байкалат. Маселен, «Элдик оозеки чыгармачылык», «Адабият таанууга киришүү», «Адабият теориясы» деген сыяктуу зор илимий эрудицияны, тажрыйбаны, адистик такшалууну талап кылган олуттуу лекциялык курстарды тажрыйбасы аз, окууну жаңы эле бүткөн жаш адистерге тапшырууга аргасыз болуп жатышкандыктарына көп эле күбө болуп жүрөбүз.

Илим жолу татаал, түйшүктүү жол. «Билим алуу ийне менен кудук казгандай» деп бекеринен айтылбаса керек. Өткөөл мезгилдеги башыбыздан өткөргөн экономикалык кыйынчылыктар айрым окумуштуулардын илимий потенциалдарынын толук ачылышына, илим менен алпурушуугa буямасын келтирбей тоскоол болгон учурлар да болду. Кандай болгон күндө да биз илимге тар көз караштан карабашыбыз керек. Эч убакта илимде чоң ачылыш бир күндө, бир жерде чогуусу менен болбойт. Адцыда болчу зор илимий табылгалар, илимдин келечеги үчүн ар бир илим адамы бүгүн өзүнүн адал ниети, ак кызматы менен үлүш кошушу керек.

Гуманитардык илимдин коомчулук үчүн пайдасы эч убакта материалдык чен өлчөмдөр менен өлчөнгөн эмес, бирок ал дайыма коомдун, элдин руханий уюткусун түзүп, келечек үчүн зор маанилүү кызмат өтөп келет.

ДОКТОРЛУК ДИССЕРТАЦИЯЛАР

1. Жолдасбеков М. Жамбыл и его поэтические традиции, 1993.

2. Шаповалов В.И. Киргизская поэзия в русских переводах (30-50-е годы). Методология. История. Стихотворная поэтика. 1993.

3. Шамурзина Р.С. Современная советская повесть. Проблема истоизма, 1994.

4. Толмачев Б.Я. Исторический роман в современной литературе Средней Азии и Казахстана, 1994.

5. Лайлиева И.Д. Традиции мировой литературы в кыргызской прозе, 1995.

6. Карибаева Б.К. Поэтика современной казахской лирики, 1995.

www.bizdin.kg

7. **Айтпаева Г.А.** Языческие и мусульманские мотивы в кыргызском романе, 1996.

8. **Укубаева Л. Ч.** Айтматовдун поэтикасы жана кыргыз элдик фольклорлору, 2001.

9. **Байгазиев С.О.** Кыргыз драматургиясы: тарыхы, конфликттер жана образдар эволюциясы (20-5—жылдар), 2002.

10. **Мусаев А.И. Т.** Сыдыкбековдун романдары: адамдын көркөм концепциясы, 2002.

Кандидаттык диссертациялар

11. **Калчаева А.** Эпостук мотивдердин кыргыз драматургиясында идеялык-көркөм иштелиш маселеси, 1993.

12. **Ахметов М.З.** Концепция теоретической личности и трактовка эстетического своеобразия песенно-поэтического искусства (на материалах художественной литературы), 1993.

13. **Мурзахмедова Г.М.** Историческая действительность и художественный вымысел в кыргызских исторических и историко-биографическихроманах (60-80гг.), 1993.

14. **Орозобекова Ж.К.** Культ коня в художественном составе эпоса «Манас», 1994.

15. **Урмамбетова С.К.** Поэтика современного кыргызского рассказа (60-80 годов), (проблемы жанра и перевода), 1994 .

16. **Укуева Б.К.** Кыргыз поэзиясындагы лирикалык каармандын активдүү турмуштук поэзиясынын тарыхый өнүгүш маселелери , 1995.

17. **Жамгырчиева Г.Т.** Традиционно-эпическая формула в эпосе «Манас», 1995.

18. **Чочкина М.П.** Алтайский детский фольклор, 1995.

19. **Медетов А.С.** Кыргыз аңгемесинин поэтикасы (сюжет композиция маселелери), 1995.

20. **Джумабаев И.А.** Творческая история романа «Среди гор» Т.Сыдыкбекова, 1995.

21. **Бекмухамедова Н.Х.** Эволюция женских образов эпоса «Манас», 1995.

22. **Пэн Мэй** Изучения творчества Чингиза Айтматова в Китае, 1996.

23. **Биялиев К.А.** Переводческое мастерство поэта С.Эралиева, 1996,

24. **Ниязова Э.А.** Переводы и освоение творчества А.П.Чехова в Кыргызстане (1930-1980годы), 1996.

25. **Темирова Б.Т.** Т.Сыдыкбековдун «Кок асаба» романынын корком наркы, 1997.

26. **Асакеева Д.Ж.** Ч Айтматовдун чыгармаларында сюжет куруу проблемасы, 1997.

www.bizdin.kg

27. **Султаналиев И.Ш.** Мидин Алыбаевдин поэзиясы жана анын стилдик өзгөчөлүктөрү, 1997.

28. **Чокоева** Д. М. Касымбековдун тарыхый чыгармаларында тарыхый чындыкты көркөм оңдоо проблемалары, 1997.

29. **Айтбаева Н.Б.** Ч. Айтматовдун котормочулук чеберчилиги, 1998.

30. **Жумабекова К.** К. Каимовдун чыгармачылыгы (көркөм образ проблемасы), 1998.

31. **Ибраимов А.С.** Элдик оозеки чыгармачылыктагы чечендик создодон идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, 1998.

32. **Исмаилова Р.У.** Ж. Мамытовдун чыгармалырндагы поэтикалык изденүүлөрдүн маселелери, 1998.

33. **Бегалиева Н.А.** Арстанбектин чыгармачылыгында эл тагдыры жана доор маселесинин корком чагылдырылышы, 1998.

34. **Обозканов А.** Калык Акиевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик, 1999.

35. **Эдилова К.М.** Мырза Гапаровдун чыгамаларында адамдын көркөмдүк сүрөттөлүшү, 1999.

36. **Сабирова В.К.** Проблема времени и пространства в творчестве писателей Кыргызстана 60-90-х годов (на материале произведений Ч.Айтматова, М.Байджиева, М.Гапарова, 1999.

37. **Сарыпбеков Р.** Алмамбеттин образынын эволюциясы, 1999.

38. **Дюшебекова Б.Т.** Романтические тенденции в кыргызской прозе: истоки, художественное своеобразие, 1999.

39. **Кадырмамбетова А.** Кыргыз повесттериндеги подтекст проблемасы (50-60-жылдар), 2000.

40. **Орозова Г. Ж.** Түрк элдеринин поэмаларынын кыргыздарга таралышы жана айтылыш өзгөчөлүгү, 2000.

41. **Жумалиев К.** «Манас» эпосундагы «жакшылык», «жамандык» маселесинин корком чагылышы, 2000.

42. **Мукасов М.** «Жаныш, Байыш» эпосунун поэтикасы, 2000.

43. **Талиева К.** Семетейчи Сейдене Молдокееванын чыгармачылык өнөрканасындагы салттуулук жана өзүнчөлүктүн карым-катышы, 2000.

44. **Турдукожоев Т.** Ч. Айтматовдун чыгармаларынын стилдик өзгөчөлүктөрүн мүнөздөгөн корком соз каражаттары, 2000.

45. **Акматова В.** Кыргыз комедиясы: жанрдын эволюциясы, 2001.

46. **Акматов Б.М.** Кыргыз-казак адабий байланышынын жаны доору, 2001.

47. **Турдубаева Н.Ш.** Ж.Баласындын «Кутадгу билиг» дастаны жана анын түрк тилдериндеги котормолору, 2001.

48. **Токтогулова М.Ы.** К.Жусубалиевдин чыгармачылык изденүүлөрү, 2001.

www.bizdin.kg

49. Эгембердиева А.А. Турар Кожомбердиевдин поэтикалык чеберчилиги, 2001.

50. Исаков К.А. Б.Сарногоевдин поэтикалык дүйнөсү, 2001.

51. Доан Гурпынар «Манас» эпосундагы жалпы адамзаттык мааниге ээ мүнөздөр жана сапаттар, 2001.

52. Мукамбетова А. 70-8—жылдардагы кыргыз повесттеринин поэтикасы (жанр, стиль маселелери), 2001.

53. Егимбаева С.К. О.Даникеедин чыгармачылык эволюциясы, 2001.

54. Карыпкулова Э.А. Свободный стих в кыргызской поэзии, 2001.

55. Омурзакова Н.Б. Кыргыз поэзиясындагы сонет формасын калыптанышы жана өнүгүшү, 2001.

56. Саттарова А.Т. Кыргыз балдар фольклору: жанрдык түзүлүшү жана корком өзгөчөлүктөрү, 2001.

57. Карымшаков С. Качкынбай Артыкбаевдин илимий сынчылык ишмердиги, 2001.

58. Байтерекова Ж. Кыргыз арман ырларынын көркөмдүк кубулушу, 2001.

59. Абдыраманова А.Ш. Поэтика современной кыргызской повести, 2002.

60. Садыров М.Т. Кыргыз драматургиясында тарыхый жанрдын калыптанышы, өнүгүшү, 2002.

53. 61. Койчуев Т. Особенности современного философского психологического романа, 1994.

www.bizdin.kg

МАЗМУНУ

Редколлегиядан 3
Кыргыз адабият таануусунун илим катары пайда болушу жана калыптанышы 5
Фольклористика илиминин калыптанышы жана өнүгүшү (1-макала) 11
Акындар поэзиясы илиминин калыптанышы жана өнүгүшү 23
Манастаануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү 35
Валиханов Чокан 57
Радлов Василий 83
Алмаши Дёрдь 127
Мифтаков Каюм 137
Абдырахманов Ыбрай 154
Жирмунский Виктор 176
Поливанов Евгений 180
Берков Павел 187
Ауэзов Мухтар 193
Рахматуллин Калим 206
Маргулан Алкей 216
Абрамзон Саул 222
Богданова Медина 230
Байжиев Ташым 246
Бернштам Александр 259
Бектенов Зияш 266
Юнусалиев Болот 275
Таштемиров Жаки 290
Мамытбеков Заир 302
Мусаев Самар 316
Байходжоев Сейитказы 342

www.bizdin.kg

Мамыров Мундук 349
Токомбаева Анар 360
Суванбеков Жүрсүн 372
Кыдырбаева Раиса 380
Закиров Сапарбек 392
Кырбашев Кенеш 397
Сыдыков Акбар 403
Абдылдаев Эсенаалы 410
Бегалиев Сапар 419
Кебекова Батма 425
Жайнакова Айнек 436
Сооронов Омор 443
Сарыпбеков Райкул 452
Реми Дор 461
Хатто Артур 463
Ирисов Пайзылда 467
Ибраимов Кутугалы 475
Мукасов Мурат 479
Танаев Токтош 484
90-жылдардан бери жакталган диссертациялар жөнүндө кыскача обзор 486

www.bizdin.kg

КЫРГЫЗ АДАБИЯТ ТААНУУ ИЛИМИ ЖАНА СЫНЫ

VIII том

Илимий басылыш

КЫРГЫЗСКОЕ ЛИТЕРАТУРОВЕДЕНИЕ И КРИТИКА

Научное издание

Чыгарууга жооптуулар филология илимдеринин кандидаттары:
М. Мукасов, Г. Орозова, А. Кадырмамбетова
Компьютерде тергендер: *А. Абдыкалыкова, Ж. Медералиева*
Верстkалаган жана тех. редактор *А. Абдыкалыкова*

510

www.bizdin.kg

Терүүгө 15.11.11. берилди. Басууга 12.01.12. кол коюлду.
Форматы 84x108$^{1}/_{32}$. Кагазы офсеттик № 1. «Мектеп» ариби.
Көлөмү 31,0 басма табак. Нускасы 500. Заказ № 250.

Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору.

www.bizdin.kg

Бишкек шаары, Индекс 720011
«Полиграфбумресурсы» басмасы,
Сүйүмбаев көчөсү 144/23
Тел.: 43-20-75, 43-19-51.